**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**Кыргыз филологиясы факультети**
**Кыргыз адабияты кафедрасы**

# Кыргыз эл оозеки чыгармалары

**(Санат-насыяттар,термелер, айтыштар, дастандар, санжыралар, болумуштар, казалдар, макалдар, табышмактар, таамай сөздөр,тарыхый сөздөр,өлөңдөр, анегдоттор, куудулдук өнөр)**

**(1950-2010-жж.)**

## Хрестоматия

## II том

**Филология илимдеринин кандидаты, профессор Курманбек**

**Абакировдун жалпы редакциясы астында**

**Бишкек – 2017.**

**УДК**
**ББК 84 Ки7-5**
**К 97**

Хрестоматия Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Илимий-техникалык Кеңешинин 2016-жылдын 22-июнундагы №3 чечими жана кыргыз адабияты кафедрасынын 2016-жылы 19-февралдагы №6-токтому менен басмага сунуш кылынган.

**Басылманын демилгечиси жана уюштуруучусу**
**ф.и.д., профессор Артыкбаев Качкынбай**

**Редколлегия:**

**Абакиров Курманбек**
**Абдыразаков Абдыкерим**
**Даутов Кадыркул**
**Тиллебаев Садык**
**Турдубаева Назгүл**
**Баймырзаев Бактыбек**
**Садыров Муратбек**
**Исаева Сайрабүбү**
**Сатыбеков Муктар**

**Баш сөзүн жана түшүндүрмөлөрүн жазып,басмага даярдаган: Доцент Бактыбек Баймырзаев .**

**Тексттерди компютерге терген: Шайлоо Айтбаева .**

**Рецензиялагандар: Жумаев М.К. ф.и.д., профессор;**
**Мурзахмедова.Г. ф.и.д., профессор**

**Кыргыз эл оозеки чыгармалары. II том:**
**(Санат-насыяттар,термелер, айтыштар, дастандар, санжыралар, болумуштар, казалдар, макалдар, таамай сөздөр,тарыхый сөздөр, табышмактар, өлөңдөр, анегдоттор, куудулдук өнөр)**

**Хрестоматия: II том**
**Ф.и.к.,профессор Курманбек Абакировдун жалпы редакциясы астында.**
**- Бишкек: «Ucolor». 2017. II том. -428 бет.**
ISBN 978-9967-32-217-2

Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы боюнча түзүлгөн бул хрестоматиялык жыйнактын II тому өзүнө 1950-жылдан 2010-жылга чейинки фольклордук материалдарды камтыйт. Мында негизинен санат-насыят ырлары,термелер, айтыштар, дастандар, санжыралар, болумуштар, казалдар, макалдар,табышмактар, таамай сөздөр,өлөңдөр,анекдоттор, куудулдук өнөр орун алды.Кыргыздын оозеки өнөрүнүн соңку ал-абалы, келечеги жөнүндөгү тыянак-бүтүмдү ушул иргелген материалдардан да билсе болот. Жыйнак филолог-окутуучуларга, кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине, аспирант-изденүүчүлөргө, жалпы эле кыргыз рухий маданиятына кайдыгер карабаган китеп окурмандарына арналат.

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**
**© Түзгөн Бактыбек Баймырзаев**

**К 4702300200-17**
**ISBN 978-9967-32-217-2**

## ЭЛ СӨЗҮ - ЭЛГЕ

Жусуп Баласагынатындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасы тарабынан жарыяланып жаткан «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы» деген аталыштагы көп томдуу хрестоматиянын бул П томуна өткөн кылымдын 50-60-жылдарынан бери эл оозунан жазылып алынган көп жанрдагы материалдар (санат-насыяттар, термелер, айтыштар, дастандар, санжыралар, болумуштар, казалдар, макалдар, таамай сөздөр,тарыхый сөздөр, табышмактар, өлөңдөр, анекдоттор жана куудулдук өнөр)топтоштурулду. Чындыгында калкыбыздын рухий казынасы катары бааланып келген оозеки чыгармачылыктын байыркы жанрларынан тартып кечээки жаңы табылгаларга чейин өзүнө камтыган бул көркөм өнөрдүн бай үлгүлөрү канча кылым өтсө да, өз өңү-түсүн, ички сапат-белгисин өчүрбөгөн улуттук өзгөчөлүктөргө ээ экенин айтпасак да көпчүлүккө белгилүү. «Алтынды дат баспаган» сыңары арадан элүү-алтымыш жыл агылып, ортодо олчойгон зор мамлекет (мурдагы СССР-Б.Б.) урап, бүтүндөй доор, система алмашып жатса да, өзүнүн табигый ички эн-тамгасын качан болбосун качырбай, өз боюна тутуп, рухий куту менен кунун жоготпой келаткан мындай элдик кенч жер үстүндөгү бардык эле азыркы улуттардын рухий шыбагасына, маданий мурасына айланып олтурган жери жок. Колдогу материалдар өзү тастыктап тургандай, мындагы оозеки чыгармачылыктын жанрдык, тематикалык, тилдик өзгөчөлүктөрү мезгилдик жана мейкиндик аралыктан алганда да өз кучагына өтө чоң масштабды камтып тургандыгы бекер жеринен эмес. Мындай өңүттөн көңүл бурууну талап кылган жагдай бул жыйналган материалдардын узак жылдар бою эле (элүү-алтымыш жылдын аралыгы –Б.Б.) жарык көрбөй жатышы менен түшүндүрүлбөйт. Маселе алардын ички маани-маңызында, рухий-эстетикалык күчүндө, көп аймакты өз кучагына алгандыгында. Бизге маалым болгондой, кыргыз эл оозеки чыгармаларын жыйноо, изилдөө, жарыялоо иштери X1X кылымдын ортосунан башталып, көпчүлүк адистер чет жактан келип, кыргыз фольклоруна кызыгуу менен мамиле жасап, алгачкы илимий көз караштар, тыянактар айрым гана аймактар боюнча чыгарылып келген болсо, соңку Улуу Ата мекендик согуштан (1941-1945-жылдар –Б.Б.) кийинки мезгилдерде, т.а. 1945-1950-жылдар аралыгында окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн жаңы мууну өсүп чыгып, алардын илимий арымы кыйла жерлерге жетти десек болот.

Академиктер: М.О.Ауэзов, В.М. Жирмунский, Б.М.Юнусалиев, К.К.Юдахин, Х.К.Карасаев;окумуштуу-адистер: П.В.Берков, М.И.Богданова,А.Валитова,Т.Саманчин,Т.Байжиев,З.Бектенов,А.Тайгүрөңов, Ы.Абдрахмановдун(ж.б.) аракеттери менен СССР Илимдер Академиясынын Кыргызстандагы филиалынын тил, адабият жана тарых институту менен М.В. Фрунзе атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун биргелешкен экспедициялары уюштурулуп, аталган окумуштуу-адистердин айрымдары Кыргызстандын түндүк-түштүк аймагынан орун алган алыскы райондоруна чейин барышып, ал жактан фольклордук жаңы материалдарды жыйноого, аларды басма жүзүндө жыйнак кылып жарыялоого жетишишкен. Мындай алгылыктуу иштердин айрымдарын атай турган болсок, 1946-1947-жылдары Кыргыз пединститунун (азыркы улуттук университет) кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын аспиранты Абдылдабек Самүдүн уулу (Тайгүрөңов) тарабынан түзүлүп, жарык көргөн «Кыргыз советтик фольклору», «Октябрь революциясына чейинки кыргыз фольклору» деген аталыштар менен удаа-удаа жарык көргөн жыйнактарды эске сала кеткенибиз жөндүү болмокчу.

«Манас» баш болгон кыргыз эл оозеки чыгармаларын изилдеп, өткөн доорлордун тарыхый өңү - түсүн алда канча элестүү чагылдырып, ага сын көз менен караган акын-ырчылардын жүзүн адабий-теориялык жактан элге жеткиликтүү деңгээлде ачып берүүгө көп күч жумшашкан кыргыз илимпоздору Т.Байжиев, Т.Саманчин, З.Бектенов, А.Самүдүн уулу (Тайгүрөңов) сыяктуулар ак жеринен айыпталып, «улутчул» катары камалышкан. Булардын айрымдарынын адамдык жана окумуштуулук тагдырлары кайгылуу аяктаса, айрымдары өмүрүнүн аягына чейин дагы эле болсо моралдык-психологиялык жактан басмырланып жүрүп, ден- соолугунан ажырап, акыры бул жарык дүйнө менен кош айтышып кетишти.

Согуштан кийинки жылдардагы түзүлгөн саясий-идеологиялык кырдаал биздин өлкөдө (СССРде-Б.Б.) бардык тармактарга өзүнүн оор залакасын тийгизди.Репрессиянын экинчи этабы 1946-1954-жылдарга чейин созулуп, Кыргызстандын гуманитардык илими да аябай эле аксады. Натыйжада бул жылдарда адабият таануу жана фолькьористика илиминде диссертациялык иштер корголбой, жыйнактар, китептер жарык көрбөй, мындай тукулжуроо мезгили 1960-жылдарга чейин созулду. Ал эми эл оозунан жыйналган фольклордук материалдарды өзүнчө китеп кылып чыгаруу иши 60-жылдардын П жарымына туура келүү менен фолкьористтер: Б.Кебекова, А.Токомбаева, Т.Абдракуновдор тарабынан көлөмдүү жыйнактар ар кайсы жылдары жарык көрдү. Тактап айтканда, «Кыргыз эл ырлары» ф.и.к., фольклорист А.Токомбаева тарабынан 1967-жылы, «Кыргыз каада-салт ырлары» ф.и.к., фольклорист Б.Кебекова тарабынан 2001-жылы, «Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги эл ырлары», ф.и.к., фольклорист Т.Абдракунов тарабынан 1974-жылы өз-өзүнчө китеп түрүндө жарыялангандыгынайта кетүү керек. Ал эми «Кыргыз элинин сүйүү ырлары», «Санат-насыят, терме ырлары», «Жерге-талдык кыргыздардын ашыктык ырлары», «Кыргыз элинин макал-лакаптары, табышмактары, жаңылмачтары, калптары»; «Кыргыз эл жомоктору», «Айтыштар» 1, П том; «Кошоктор» сындуу элдик фольклордун түрлөрү, негизги жанрлары да акырындык менен жарык көргөн. Эл арасынан жыйналган фольклордук материалдардын негизинде илимий ой-пикирлер айтылып, жанрлар боюнча адабий талдоо иретинде макалаларды жазып, коомчулукка жарыялаган окумуштуу-адистер: Ж.Таштемиров, Ш.Үмөталиев, С.Закиров, Ш.Айтбаевалардын аты-жөнүн, аткарган иш-аракеттерин белгилөөгө болот.

Ал эми XX кылымдын 70-жылдарынын П жарымынан тартып «гүлдөгөн социализм» доору өкүм сүрүп, элдик оозеки чыгармаларга көңүл бурулуп, аларды жыйноо, жарыялоо иши уланмак тургай жалаң гана «алдыга карай алып учуп», башка «маанилүү» маселелер менен алектенип калдык. Натыйжада, 1980-жылы жарык көргөн «Кыргыз поэзиясынын антоло- гиясын» (1-том) эске албаганда улуттук фольклористика, өзгөчө жыйналган материалдарды өзүнчө китеп кылып чыгаруу жагы тилчи-окумуштуу Ж. Мукамбаевдин түзүүчүлүгү менен жарык көргөн «Ашыктык ырларды» (Жерге-талдык кыргыздардан чогултулган материалдар, -Фрунзе, 1988-жыл) бетке кармап, ал эми мурда топтолгон материалдарды иргөө, жарактууларын элге тааныштыруу иштери кечеңдей берген. Качан гана элибиз эгемендүү өлкө статусуна ээ болгон соң, 1990-жылдардан тартып улуттук тил, тарых, маданият маселелери кайрадан каралып, аларга жаңыча мамиле жасала баштаган. Өзгөчө, 1995-жылы болуп өткөн «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына байланыштуу «Эл адабияты» сериясы менен жарык көргөн 30 томдук академик А.Акматалиевдин жалпы редакторлугу менен ишке ашырылган. Мында кыргыз

элдик оозеки чыгармаларынын классикалык үлгүлөрү бардык варианттары менен кайра басылса, айрым чыгармалар алгачкы жолу жарык көргөн эле. Албетте, материалдар Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил, адабият институтуна караштуу кол жазмалар фондусунда сакталган материалдар болучу. Ал аталган илимий «казынадан» элибиздин келечекте алчуусу дагы эле болсо арбын.

Ошондой эле көп көлөмдөгү фольклордук материалдар азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасында сакталып келген. Жогоруда сөз болгондой, ал материалдар 1950-жылдардан бери жыйналып, алар аталган кафедранын эң баалуу байлыгына айланган. Алардын толук кандуу сапаттык деңгээлде кармалып, ушул убакка чейин келип жетишине аталган кафедранын мурдагы жетекчилери: профессор К.Иманалиев, доцент Б.Маленов, профессор К.Артыкбаевдер зор аракет жасашып, ошондогу лаборантка М.Н. Фахруддинова менен азыркы улук окутуучу-методист Шайлоо Айтбаева кол жазмаларга номер коюп, машинкага, компьютерге терип, басмага даярдашкан. Бул топтолгон элдик мурасты ирееттөө, жарактууларын иргеп, аларды басмага даярдоо иштери өткөн кылымдын аягында колго алына баштап, кафедранын ал кездеги башчысы профессор К.Артыкбаевдин демилгеси жана жалпы жетекчилиги менен жүргүзүлүп келген. Колдо сакталып турган бул материалдарды жогоруда айтылгандай максатта карап, аларды жанрлар боюнча бөлүү, ар бир кол жазма менен иштөө, түп нускадан (жазылган дептерден – Б.Б.) өзүнчө кагазга көчүрүү, түшүндүрмөлөрүн тактап жазуу, кайра таза кагазга көчүрүү сыяктуу машакаттуу иштер (ал убакта азыркыдай заманбап техника жетиштүү эмес эле –Б.Б.) бир топ колду байлап, кыйла көп убакытты талап кылган. Кафедра мүчөлөрүн бул багытта ишке салып, аларга тийиштүү жанрларды бөлүштүрүүгө келгенде кафедра башчысы, профессор, маркум К.Артыкбаев экөөбүздүн ортобузда пикир келишпестик да пайда болгон. Анын бөлүштүрүүсү боюнча кафедранын бир мүчөсүнө бирден жанр, айрым жанрды эки адамга (мисалы, жөө жомоктор доцент С.Карымшаков менен ага окутуучу М.Сатыбековго бөлүнгөн –Б.Б.) ылайыктап бөлүп, мага 10 (он) жанр туура келген. Мен мындай бөлүштүрүү туура болбой тургандыгын, бир кишиге он жанрды үйүп коюу менен иш ойдогудай натыйжа бербесин, дагы көп жанрлар (табышмактар, жаңылмачтар, калптар, учкул сөздөр, эпостор, элдик поэмалар, чечендик сөздөр ж.б.) эч кимге бөлүнбөй калганын, ушул жанрларды да кафедра мүчөлөрүнө ылайыктап бөлүп, иш көлөмүн теңдөөнү талап кылгам. Мени түйшөлткөн нерсе, биринчиден мага бөлүнгөн жанрлардын көптүгү болсо, экинчиден, жогоруда саналып өткөн жанрлардын эч кимге бөлүнбөй, алардын көңүл борборунан сыртта калып, эч бир жанга кереги жок болушу эле.Үчүнчүдөн, ал фольклордук жанрлар бир беткей каралып, жарактуулары иргелип, окурмандардын колуна өз убагында тийип калмак. Болбосо, аларга кайра кайрылып, ошончо дептерди окуп олтуруу зарылчылыгы туулмак. Тилекке каршы, иштин келечек натыйжасы, жалпы сапаты эске алынбастан ал кездеги кафедра башчысынын кол алдында иштеген айрым окутуучу-профессорлорго жасаган туура эмес мамилесинин бир далили катары сакталып калды.Албетте, бул маселе биздин ортобуздагы принципиалдуу иш катары министрликтин деңгээлине чейин коюлуп, аягында айрым адамдардын кийлигишүүсү менен басылган болчу. Жыйынтыгында, ошол жыйналган материалдарды толугу менен элге жеткирүү иши өз деңгээлинде болбостон, көп материалдар жоопкерчиликсиз мамиленин, ишти уюштуруп, аны жүзөгө ашыруудагы одоно кемчилдиктердин жана ички куру дымактын курмандыгына айланып олтурганы

бизди өкүндүрөт. Ошондой болсо да колдо турган жан дүйнө азыгынын берекесин учурбай, бекем сактап калуу максатында ошол эч кимге ( кафедра мүчөлөрүнө) бөлүнбөй калган элдик жанрлардын айрымдарын (таамай сөздөр, тарыхый сөздөр, табышмактар, өлөңдөр) кошумча мээнет катары кошо карап, аларды да болушунча иргеп, элде айтылгандай «ийлеп-ийлеп итке салды» кылбастан ушул жыйнактан орун берилди.

Эми ушул кол жазмалардын чоо-жайына келсек, булардын ичинде өзүнүн топтолгон көлөмү, тематикалык көп түрдүүлүгү боюнча башка жанрлардан айырмаланган материалдар – **санат-насыят ырлары** десек болот. Бул жыйнакка кирген оозеки чыгармачылыктын үлгүсү катары 73 (жетимиш үч) аталыштагы санат-насыят ырлары мурда жарык көргөндөрдөн аздыр-көптүр айырмалана тургандыгын эске алуу менен басмага сунушталды. Бул материалдар Кыргызстандын көпчүлүк райондорунан эле эмес, алды алыскы Алтай, Тажикстандын Жерге-Тал, Мургаб райондорунан, Өзбекстандын Жизак областына караштуу Жалал-Кудук, Заамин, Бахмал райондорунан, Ташкент областынын Бөкө районунан жазылып келингендиги менен баалуу. Аларды жалаң эле адабий-фольклордук жактан баалап, илимий талдоо жүргүзбөстөн, эң ириде тилдик-диалектологиялык жана тарыхый-этнографиялык аспектиде карoo алда канча маанилүү экенин айтпаса да түшүнүктүү. Алардын айрымдарына токтоло кетсек, Нарын районунун Учкун айлында жашаган 59 жаштагы Жапарова Нуркыз ападан жалпы көлөмү 576 саптан турган «Насыят» ыры (жазып келген адамдын аты-жөнү окулбайт), Кочкор районунун Комсомол айылынын жашоочусу Өмүрбаев Салык аксакалдан ( эл жазуучусу Сагындык Өмүрбаевдин бир тууган агасы) жалпы көлөмү 150 саптан ашык материал («Эмне жок», «Сонун да», «Жашоодон зээни кейиген») А.Белекова тарабынан жазылып алынган. Мындан тышкары Бакай-Ата районуна караштуу Калинин колхозунун Түйтө айылынын тургуну Казакбай Шүкүралиевден 1989-жылы жалпы көлөмү 153 сап ыр («Казакбай карыянын сөзү», «Санат ыр») КУУнун ага окутуучусу Мухтар Сатыбеков тарабынан жазылып алынган. Ал эми Таластын Кара-Буура районунун Аманбаев айылынын жашоочусу Досмат кызы Маржанбү ападан 2004-жылы КУУнун студенти Бейшенбаева Роза жалпы көлөмү 159 сап ырды («Кыргыздын уулдары укса» 115 сап, «Таштандыга таштабагын баланы» 44 сап) өз оозунан жазып алган.

Алыскы Мургаб районунун Кара-Көл кыштагынын жашоочусу Айтбүбү Айтахуновадан (43 жашта) 1990-жылы Адилбекова Хатима жалпы көлөмү 133 саптан турган «Санат» ырын жазып алган. Буга салыштырмалуу Жерге-Тал районунун Дувана айылынын жашоочусу Азанова Дүрданадан (жашы 65те) 1989-жылы студент-практикант Орунбаева Жанара көлөмү 34 саптан турган «Не пайда» деген санат ырын жазып келген. Албетте, көлөмү кыска болсо да, көңүлгө нуска экени эске алынды… Алты уул уруусунун өкүлү Ысманалиева Алимбүбү ападан (69 жашта) көлөмү 172 саптан турган «Насыят ыры» жазылып алынып, ал да көңүлдү өзүнө бурбай койбойт. Булардан тышкары Баялы деген аксакалдан көлөмү 70 саптан турган ыр «Баялынын сөзү» деген шарттуу аталыш менен басууга сунушталып олтурат. Бул ырды 1979-жылы Талас районунан Жангазиева Тотугүл жазыл келген. Ал эми ушундай эле мүнөздөгү материал катары Жумамүдүн деген аксакалдан көлөмү 61 саптан турган «Жумамүдүндүн насыяты» жазылып алынган. Ким тарабынан жазылып алынганы көрсөтүлбөгөн. Тескерисинче, айтуучусу белгисиз болгон бир топ материалдар сакталып тургандыктан алардын айрымдарына, албетте, талапка жооп берет дегендерине бул жыйнактан орун берилди.

Атап айтсак, студент-практикант Байбагышова Зайна жазып келген «Насыят» ыры көлөмү 76 сапты түзөт. Айтуучу адам көрсөтүлбөгөн. Ошондой эле, студент К.О.Бердибаева жазып келген материалдардын арасында көлөмү 98 саптан турган санат ыры да айтуучусу белгисиз болуп калган. Ал эми «Адам мүнөзү» деген аталыштагы көлөмдүү ыр (110 сап) айтуучусу да, жазып келген ээси да көрсөтүлбөй, белгисиз бойдон кала берген. Айрымдары окулбай турган абалга келген. Колдо сакталган материалдарды жанрлар боюнча иргеп, тактаган учурда айрым материалдарды кайсыл жанрга кошуу кыйынчылыгы туулду. Мындай чайналуу алардын эскирип, окууда кыйынчылык жаратканы болсо, экинчиден, жазып келген адамдар аларды жанрдык белгилери боюнча так ажыратып көрсөткөн эмес. Мунун башкы себеби, бизде санат менен насыят ырларынын жанрдык белгилери, ички өзгөчөлүктөрү көп чаташуулар менен жашап келгендигинде. Мындай көрүнүш бүгүнкү күндө да уланып жатканын байкоого болот. Ошондон улам мындай материалдар түп нускада кандай аталса ошол турушунда берүүнү туура көрдүк. Ал эми айрымдарын ички маани-мазмунуна карап ылайыктап, ага туура келгидей аталыш менен атоону да табигый зарылчылык катары ишке ашырдык. Албетте, жыйналган санат-насыят ырларынын ички жанрдык өзгөчөлүктөрүн, жеке чыгармачылык белгилерин, айтылыш максат-милдеттерин эске алуу менен мамиле жасаган учурда колдогу материалдардан байкалгандай санат ырларына караганда насыят мүнөзүндөгү оозеки чыгармалар эл арасында басымдуу орунду ээлей тургандыгы ачык көрүндү. Ушунун өзү эзелтен элибизде насыят мүнөзүндөгү чыгармалар көп ырдалган менен анын ички таасири, рухий күчү санат ырларына жетпегендигин айгинелейт. Ошондон улам санат ырлары эл арасында өзгөчө бийик деңгээлде кабылданып, ага атайын даярдык талап кылынган. **Дастандарга** соңку убактарда кыргыз ырчы-аткаруучулар тарабынан көп көңүл бурулуп, эл арасында ар түрдүү темада ырдалууда. Колдогу жыйналган материалдардын ичинен айрымдарын ушул жанрга туура келет деген ой менен бул жыйнакка киргизилди. Алардын ичинде «Жумаш менен Рангүл» дастаны биздеги кол жазмадан улам байкалгандай Теңир-Тоо өрөөнүнүн Ак-Сай, Арпа жайлоолорунда болуп өткөн илгерки окуядан улам айтылып калгандыгын белгилөөгө болот. Текст биринчи жолу басма жүзүндө элге тааныштырылып олтурат. Бул дастан кимдин оозунан жазылып алынганы да так көрсөтүлбөгөн. Ал эми муну жазып келген кыргыз филологиясы факультетинин студенти **Т.Кыдыров** болуп эсептелет. Көлөмү кол жазма түрүндө 9 (тогуз) бетти түзөт. Ал эми Республиканын түштүк аймагынан, т.а. ташкендик кыргыздардын арасынан жазылган **«Айгүл кыз менен Козулан баатыр»** дастаны көлөмү жагынан аз болсо да, өзүнчө өң-түскө ээ десек болот. Мурда эч жерде жарыяланбаган. Бул материалды 1999-жылы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин студенткасы Бермет Манасова жазып келген. Айтуучу: Ташбүбү Карим кызы. Бул эне 1988-жылы 82 жаш курагында дүйнөдөн кайтса да, ал айткан дастан соңку муун өкүлдөрү тарабынан ошол калыбында бизге жетип олтурат. Көлөмү кол жазма түрүндө 5 (беш) бетти түзөт.

«**Карыянын өмүр дастаны**» болсо соңку мезгил шартка, турмуштук көрүнүштөргө байланыштуу болуп, биздин арабыздагы карыя адамдын жашоого, коомго карата жеке көз карашы катары берилген. Бул дастанды 1999-жылы уюштурулган практиканын жетекчиси, улук окутуучу Айтбаева Шайлоо менен бирге КУУнун кыргыз филологиясы

факультетинин студенткасы Назгүл Баякеева Ысык-Ата районунун Карагай-Булак айылынын жашоочусу, 70 жаштагы Касымалиева Батыйдан жазып келген.

Эл оозунда көп айтылып, тарыхый чындыкка үндөшкөн жанрлардын катарында **болумуштар** да бар. Биздеги материалдардын мүнөзү аларды эки багытта кароону шарттап турат. Биринчи багыттагылары дээрлик жер-суу аталыштарынын келип чыгышы, кыскача тарыхы менен үндөшсө, экинчи багыт жалаң эл ичинде өзүнүн табигый орду бар тарыхый инсандардын өмүр-таржымалдары сыяктуу кабылданат. Айрымдары жөнүндө мурда да азын-оолак маалыматтар айтылып, алардын чоо-жайы менен элибиз кабардар десек да болот. Айталы, «Коной-Шургуй баяны», «Чулум баатыр», «Бердике баатыр», « Кабанын баласы Шыкмамат», «Галий бий», «Шапак атанын касиети», «Жумалы, Бөлтүрүк балбандар», «Кабатайдын төрт уулу жөнүндө баяндар» буга чейин да эл оозунда айтылып, айрымдары басма жүзүндө жарыяланса да, ошолорго толуктоо, тактоо багытында пайдасы болоор деген ишеним менен бул жыйнакка сунуштадык. Калгандары жер-суу аталыштарынын келип чыгуу тарыхына, айрым өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу экенин окурмандар өздөрү да күбө болуп, калыс баа беришээр…

Эл арасында дагы эле болсо активдүү өмүр кечирип жаткан оозеки жанрлардын катарын кадимки **элдик жана ырчылар (төкмө) айтыштары** түзөөрүн биздеги айрым материалдар далилдеп турат. Болгону 13(он үч) аталыштагы айтыштардын үлгүлөрү менен жакындан таанышканда алардын арасында кадимкидей жанрдык чен-өлчөмдөргө, көркөмдүк табит-талаптарына азын-оолак төп келгендери да бар экенин айта кетүү керек. Булардын ичинде «Ажыбек менен Тейтинин айтышы», « Нурмолдо менен Кызыл аттын айтышы», « Матрайым менен Маткасымдын айтышы», «Алымкул менен Молдобагыштын айтышы», «Кулмырза менен Кайып ырчынын айтышы», «Калмамбет менен Бекназардын айтышы», «Бала менен кыздын айтышы», «Эчки менен тоо текенин айтышы», «Өлөң айтыш» сыяктуулары көлөмүнүн өтө эле чектелүү экенине карабастан, буларда айрым туруктуу салттык белгилер да башбактап тургансыйт. Албетте шар аккан суунун демин берип, шатырап төгүлүп кетпесе да, айтыштардын эзелки эреже тартиби сакталуу менен эки тарап тең өзүндөгү артыкчылык сапаттарын ачууга жасаган далалаттары анык эле сезилип турат. Ал эми ушул материалдардан улам аты-жөнү айтылып, алар жөнүндө көпчүлүк элибиз эми гана кабардар болуп жатышкандыгын эске алсак, анда Кайып ырчы, Калмамбет, Ажыбек, Тейти ж.б. «чымындуу» адамдардан дагы эмне кошумча маалымат, өнөр-өзгөчөлүктөрдү билүүгө болот? Демек, мындай өнөр адамдарынын өрнөктүү жолу, өзүнө тете чыгармачылык чыйыры эл арасынан кылдат иликтенип, ар жерде чачылып кала берген сөз берметтерин эринбей жыйноо, ирээтке келтирип жарыялоо иши келечек муундун милдети.

Эл ичинде дагы эле болсо ырдалып, күндөлүк жашоо-турмуштун түркүн түстүү ой-кырын чабыттоо, ошого жараша өзүнүн жеке көз караш, түшүнүгүн ыр менен айтып жеткирүүгө ылайыктуу болгон элдик көлөмдүү жанрлардын дагы бири –**термелер**. Биздеги материалдардын жалпы көлөмү 2392 сап ырды түзсө, алардын ичинен айрымдары толук мүнөздөгү бүткөн чыгарма катары көрүнсө, айрымдары бир учурда ырдалып келип, бирок бизге ошол көлөмдүү чыгарманын (терменин –Б.Б.) кыска үзүндүсү гана келип жеткендей элес калтырган толук жана толук эмес (үзүндүсү) үлгүлөрүн кошуп эсептегенде жалпы -19 (он тогуз) аталыштагы материалды бул хрестоматиялык жыйнакка сунуш кылдык. Көлөмү кыска, үзүндү түрүндөгү термелердин бул жыйнактан орун

алынышынын дагы бир негизги себеби, алардын эл арасынан толук, бүткөн көлөмдө жыйналышына ыңгайлуу шарт түзүү менен, ошого оңтойлуу өбөлгө болуп береби деген ой-максатта ишке ашырылды. Мындагы өткөн доорго салават сыяктуу ырдалып, жанрдын табиятына туура келгидей деңгээлде жаралып, толук көлөмдөгү материалдардын ичинде студент-практикант Медералиева Жылдыз тарабынан Жумгал районунун Жумгал совхозунун жумушчусу (Доскулу айылынын тургуну, 42 жашта) Иманалиев Айдарбектенжазып алынган терменин көлөмү 337 сапты түзөт. Ал эми Ысык-Ата районунун Карагай-Булак айылынын тургуну, 75 жаштагы Казак Ахунбаевден 1999-жылы уюштурулган практиканын жетекчиси, улук окутуучу Айтбаева Шайлоо менен бирге КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин студенткасы Назгүл Баякеева жазып келген.Терме 227 саптан турат. «Чүйүбүз - куттуу үйүбүз» деген аталыштагы термени (көлөмү 186 сап) Кемин районунун Кызыл-Байрак айылынын жашоочусу Абдыкайыр Керимкуловдон 2003-жылы КУУнун практикант-студенти Э.Сулайманова жазып келген. Таалим-тарбия багытында ырдалган терме жалпы көлөмү 173 сапты түзүү менен ал 1992-жылы Өзгөн районунун Кашка-Терек айылынын жашоочусу Абдыкаар Карабаевдин оозунан (67 жашта) практикант-студент Абдыкадырова Мээрбү жазып алган. Ал эми дептерде (№58) айтуучу адамдын аты-жөнү көрсөтүлбөгөн материал жалпы көлөмү 164 сапты түзүү менен ал 1969-жылы июль айында 1-курстун студенти Эгиналиева тарабынан Ош областынын Фрунзе районунан жазылып келген. Ушундай эле маани-мазмуну дурус дегидей терменин бир үлгүсүн ал кездеги студент, азыркы ф.и.д., профессор Турусбек Маразыков Ысык-Көл районунун Корумду айылынын жашоочусу Калмамбет Эркебаевден (көлөмү 148 сап) жазып келген. Бир кылымга чукул мезгилден бери элибиз ачуу арактын азабын тартып келет. Ушул темада («Арактын азабы») көлөмү 138 сапты түзгөн термени 1960-жылдын аягында Ош областынын Акман сельсоветине караштуу «Кайырма» участкасында Абжамил Пармановдон (1913-жылы туулган) ал кездеги студент, бүгүнкү филолог-окумуштуу Кыргызбек Ибраимов жазып алган. Өткөн доордун элесин көңүл чордонунан кетире албаган мекендештерибиз арбын. Өзүнүн жеке көз карашын көпчүлүк менен тең бөлүшкөн Айсабекова Кубулай (74 жашта) өзүнүн «Кайран союз» деген термесин (көлөмү 120 сап) айтып, жаздырган. Бирок, студенттин аты-жөнү көрсөтүлгөн эмес. Материалдын ички маани-маңызынан улам, ал соңку 1990-жылдардан кийин жазылганы ачык байкалат. Ал эми мурдагы Совет (азыркы Кара-Кулжа) районунун Ульянов айылынын жашоочусу Кенжебай уулу Аматтан (61 жашта) «Аралаш терме» деген аталыштагы көлөмү 111 саптан турган чыгарманы студент-практикант Г. Турдумаматова жазып келген. Ал эми калган аталыштагы термелер («Чабанга» - 84 сап, «Терме» - 70 сап, «Терме»- 68 сап. «Казакбайдын термеси» - 60 сап, «Эл, жеримди сагындым» - 40 сап, «Өткөндү эскерип» - 39 сап, «Жерибиз кенен, малга жай»- 32 сап) жогоруда белгилегендей чоң маселеге чөк таштаган кейипте андан ары уланбай, ой, көз караш үзгүлтүккөучураганы сезилип турат. Бул элдик мүнөздөгү материалдарды толуктап, кагазга түшүрүү иштери келечекте жасалууга тийиш. Айрым материалдарды бир эле адамдын оозунан ар кайсыл жылдары, ар башка адамдар жазып келгени көрүнүүдө. Ал материалдардын бири-биринен болгон айырмачылыктарын эске алуу менен ошол эки үлгүсүн тең берген учурлар болду.

Өткөн кылымдардан бери эле кыргыз эли өзүнүн баскан жолун, баяндуу тарыхын оозеки формада **санжыра** түрүндө айтып, укумдан тукумга мурас, анан калса аманат

катары калтырып келген. Элдик санжыра биздин элде өткөн совет доорунда эскинин калдыгы, элди бөлүп-жаруучу зыяндуу көрүнүш (трайбализм) катары каралып, аны кеңири жайылтып, кенен-кесири айтууга чек коюлган. Улуттук тарыхыбызды өзүнө камтыган санжыра (чежире) айтуу өнөрү 1990-жылдардын башында жанданып, 2000-жылдардан кийин дагы дымып калды. Бизде сакталган фольклордук материалдардын арасында бирин-эки санжыралар да орун алганы кубантат. Алар көлөмү жана ички көркөмдүк кунары, маани-маңыз кудурети жагынан өтө эле жакшы деп айтууга да болбойт. Иргелген бул санжыра түрүндөгү материалдар өзүнүн маалымат берүүчүлүк касиет-белгисине карап, канча мезгилден бери кадимки көңүл назарынан четтеп келген санжырачылык өнөрдүн өрүшүн кеңейтип, өксүк жагын толуктайбы деген илгери үмүт менен 13 (он үч) аталыштагы, көлөмү машинкага терилгенде 23 беттен турган кол жазма бул жыйнакка сунушталды. Алардын арасында алыскы Лейлек районунда жашап жаткан майда урууларды‌н (уруктар десе да болот - Б.Б.) келип чыгышы, бул аймактарды жердеп калуу себептери,өткөн тарыхы көпчүлүктү кызыктырат деген ой менен көлөмү кыска экенине карабастан берилген маалыматтары жаңы болгону үчүн тандалып алынды. Бул материалды («Тогуз-Булакта» жашаган уруулардын келип чыгышы» ) Лейлек районунун Исфана колхозунун №8-бригадасынын мүчөсү Мусаев Кудайберген аксакалдан (1903-жылы туулган) студент А. Райымбердиев жазып келген. Ал эми «Беш бала жөнүндө баянда» - «Орозбактын беш уулу» жөнүндө сөз болот. Чындыгында кыргыз санжырачылары буларды ар түрдүү нукта чечмелеп жүрүшөт. Алардан аздыр-көптүр айырмаланганы үчүн бул кыска баянды да окурмандарга сунуш кылдык. Түбү Тынымсейит деп эсептелинген «Токтомуш уруусу жөнүндө», анын урук-тукумдары туурасында айрым маалыматтар айтылган материалды 1994-жылы КМУнун студенткасы Төлөмүш кызы Айжамал Тоң районунун Большевик айылынын жашоочусу, 70 жаштагы Жакшылык Урманбетовдон жазып келген. Мындагы маалыматтар мурунку айтылып, жарык көргөндөрдү толуктайт деген максатта бул жыйнакка киргизилди. Ушул эле Төлөмүш кызы Айжамал тарабынан «Черикчи баяны» кыска көлөмдө 62 жаштагы Аралбаев Эсенден жазылып алынган. Мында Жакшылыктан тараган Черикчи уругу жөнүндө сөз болот. Кийинки урпактар үчүн кереги тийер деген ойдо бул жыйнактан орун берилди. Байыркы кыргыз, казак элдеринин келип чыгышы, алардын бири-бирине болгон байланышы жөнүндө узун сабак санжыра-тарых эзелтен бери айтылып келет. Албетте, бул багытта ар түрдүү талаш пикирлер бар. Ушул багытта КМУнун студенти С.Оторов Манас районунун Кара-Ой айылынын жашоочусу Төрөбек уулу Өскөндөн көлөмү машинкага терилгенде 2,5 бетти түзгөн материал жазып алган. Жанболот, Жолдубай деген майда уруулардын келип чыгышына байланыштуу материалды («Жанболот уруусу кайдан тараган?») 2003-жылы КМУнун студенткасы Султаналиева Таалайкүл Жусупов Шамшыбек деген адамдан жазып алган. Ал 1932-жылы туулган. Бул маалыматтарды Ш.Жусупов атасы Жусуптан уккан экен. Көлөмү кол жазма түрүндө 10 бетти түзөт. Ал эми «Жетиген уруусунун бир тарамынын «жалаң найза аталышы»(көлөмү 1,5 бет) жана «Сабатар уруусу жөнүндө» жогорку дептерде, көлөмү 2 бет) КМУнун студенткасы Эрмек Аттокуров Кара-Буура районунан жазып келген. Айтуучу–белгисиз. «Каработодон тарагандар» («Жети ата баяны», көлөмү 3 бет), «Чотондон тарагандар» (Эсирке, Чыныке, Ормотойдун балдары, көлөмү 3 бет) жөнүндө КМУнун студенткасы Токтогүл Көчөрбаева Кара-Буура районунун Кайнар айылынын жашоочусу Айтбаева Инаяттан (65 жашта)

жазып келген. «Тынымсейит уруусунун Нарын өрөөнүнө көчүп келиши» жөнүндө Нарын районунун Кара-Бук айылынын жашоочусу Мукаш Найманбай уулунан (1923-жылы туулган) 1996-жылы КМУнун студенткасы Назира Сартмамбетова көлөмү 7 бет материал жазып алган. Кыргыз санжырачылары тарабынан бул маселе ар кандай жагдайда айтылат. Ошолорду толуктоо иретинде берилди. Ошондой эле мүнөздө «Чериктер жана Өмүрзак баатыр баяны» Ак-Талаа районунда жашаган Эшимбаев Нааматтан жазылып алынган. Черик элинин өткөн доорунан кабар берген мындай материалды ушул жыйнакка кошууну туура көрдүк. Ашык-кеми болсо келечек муун толуктаар деген ойдобуз. Көлөмү кол жазма түрүндө 2,5 бет. Жазып келген адамдын аты-жөнү окулбайт. Байыркы уруулардан болгон, «Жедигердин тарыхы» жөнүндө да аздыр-көптүр маалымат учураттык. Анан калса, жедигер уруусу жөнүндө кыргыз санжырачылары бир пикирге келише элек. Ошол өңүттөн алганда бир кереги болобу деген ой менен ушул жыйнакка сунуштадык. Бул маалымат иретиндеги материалдарды ким, качан, кимден жазып алгандыгы жөнүндө так көрсөтүлбөгөн. Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында эпикалык жанрлардын катарында турган санжыралардын соңку ал-абалын ушул биздеги топтолгон материалдардын мисалынан да боолголоп билсек болот. Бул багытта иштиктүү аракет жасоо бүгүнкү элибиздин негизги милдеттеринин бири болмокчу.

Кыргыз эл оозеки чыгармаларынын ичинде өзүнчө жанр катары белгиленип, бирок кеңири өнүгүп кеталбагандарынын бири **казалдар**болуп эсептелет. Мунун башкы себеби деп обьективдүү жана субьективдүү жагдайлар роль ойноп келгендигин айтмакчыбыз. Маселенин обьективдүү жагына аталган жанрдын оозеки формада эмес, негизинен жазуу жүзүндө жаралып, кол жазма түрүндө элге тараганын кошконубуз оң болот. «Казал» түшүнүгү (чыгыш адабиятында «газел»- Б.Б.) биздин элде алда канча кийинки мезгилдерде (ХҮШ-Х1Х кылымдарда), т.а. коңшулаш элдердин таасири менен окуу, адабият өнөрү жолго коюлган чакта алгачкы агартуучулар, жазгыч акындарыбыз пайда болгону казал жанры жанданып, тунгуч чыгармалар кол жазма түрүндө элге тарай баштаган. Демек, казал жанр катары биздин оозеки чыгармачылыкка караганда жазма адабиятка жакын экенин эч ким жокко чыгарбайт. Ал эми өткөн кылымдарда (ХҮШ-Х1Х кылымдарда) кыргыз эли баары эле жапырт кат таанып, жетиштүү билимге ээ боло калган эмес. Ушунун өзү эми жаңы жаралып, ойгонуп, толгоно баштаган адабий өнүмчөнүн (казалдар) үнүн элге угузуп, өң-түсүн ачык таанышка оңтойлуу мүмкүнчүлүк берген эмес. Түзүлгөн мындай турмуштук маданий кырдаал маселенин обьективдүү жагын айгинелеп турат. Ал эми маселенин субьективдүү жагы катары совет доорунда ошол тунгуч акын-жазуучулардын жараткан чыгармаларынан ар кандай идеялык-саясий каталарды издөө, өздөрүн ак жеринен негизсиз айыптап, оор жазаларга кириптер кылуу, жаралган чыгармаларды узак жылдар бою кара сандыктан чыгарбай катуу, үнүн угузбай басуу сыяктуу саясаттын сасык «оюндары» ошол кездеги сабаттуу абамдарды (молдокелерди- Б.Б.) кыйла эле сестентип турган. Ошого карабастан элибизде Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нурмолдо, Тоголок Молдо, Алдаш молдо өңдүү таланттуу акын-агартуучулардын чыгармалары бизге жетип, соңку муун жаштар алардан адабияттын тунгуч түшүнүктөрүн, таасирлерин алууга жетишишти. Казалдар бизде ушул чыгармачыл адамдар аркылуу түптөлүп, жанр катары калыптанды десек болот. Буга мисал катары айтылуу Молдо Кылыч Шамыркан уулунун, Молдо Нияздын, Нурмолдонун ж.б. айрым

чыгармаларын көрсөтмөкчүбүз. Ал эми элге өзүн казалчы катары тааныткан кадимки Казыбек Мамбетимин уулунун чыгармалары ички жанрдык, көркөмдүк чен-өлчөмдөрү боюнча алганда жазма адабиятка караганда оозеки же төкмөлүк поэзияга жакын экенин көпчүлүк эл өзү да жокко чыгарбайт. Казыбектин калың элге алынышы анын казалчы же сабаттуу жазгыч акын экендигинде эмес, анын төкмөлүк өнөргө көбүрөөк ыктагандыгы десек туура болот. Анын бизге жеткен көпчүлүк чыгармаларынан оозеки адабияттын же төкмөлүктүн күчтүү илеби уруп турат. Бул аталган адабий-чыгармачылык жагдайларды биздеги материалдар да ырастап тургансыйт. КУУнун студенткасы Тантарова Гүлзира 2001-жылы Ташкент областынын Паркент районунда жашоочу Урманов Эргештен көлөмү 240 саптан турган материал («Ак Чий баяны») жазып келген. Э.Урманов 1933-жылы туулган, кесиби- мугалим.Өзбекстандагы кыргыз боордошторубуздун элдик оозеки чыгармачылыгы бүгүнкү күндө бизди кайдыгер калтырбайт. Бул текст негизинен көлөмдүү лирикалык ырга жакын. Ошондой болсо да айрым жанрдык белгилерине карап, аны казалдарга коштук. Ал эми 1979-жылы Кемин районунун жашоочусу Жакыпбек уулу Жумамидинден кыргыз филологиясы факультетинин студенткасы Мусаева Айгүл «Өткөндөр жөнүндө» деген аталыштагы көлөмдүү чыгарманы (223 сап) жазып келген. Мында падышалык Россиянын убагында жашаган кыргыз элинин турмуш шарты жана дүйнөдөн өткөн белгилүү манаптар жөнүндө сөз болот. Булардан тышкары жогоруда айтылгандай бул жыйнактан кадимки Казыбек казалчыга таандык делген айрым материалдарга («Казыбектин казалдарынан», 58 сап) орун берилди. Бул үзүндү түрүндөгү материал 1990-жылы Кочкор районунун Кара-Күңгөй айылында (Фрунзе атындагы колхоз) жашоочусу Сыдыбай уулу Керим аксакалдан (пенсионер, 80 жашта) 1- курстун студенткасы Жаркын Осмоналиева жазып келген. Негизинен, жанрдык талаптарга, чен-өлчөмдөргө туура келет делген бул материалдар болгону 3 (үч) аталышта жалпы көлөмү 520 ыр сабын камтуу менен бул жыйнактан орун алды.

Элибиздин эс-акылын камчылап, ой жүгүртүүсүн өргө сүрөгөн эзелки жанрлардын бири- **табышмактар.** Бул жанр журтубуздун жашоо-турмушу менен байланышса да, күн сайын эле күлө багып, күргүштөп төгүлүп, оңой эле оозго келе калчу өнөр эмес. Табышмактардын пайда болушу, эл арасына сиңип, жашап кетиши өз кучагына узак мезгилдерди камтый тургандыгы анын өмүрүнүн узактыгын шарттайт. Эл оозунан жыйналган материалдардын ара**сында буга чейин** жарык көргөн табышмактарга көп да окшошо бербеген, өтө аз сандагы (32 табышмак) «акыл кутучасы» биздин үлүшүбүзгө тура келгенсийт.Бул табышмактардын айрымдарын 1972-жылы КМУнун кыргыз филологиясы факультетинин ошол мезгилдеги студенти Ч.Орозакунова (№531-дептер) Ысык-Ата районунун Сан-Таш совхозунда жашоочу Имаш Мергенбаевден жазып келген. Ал эми алыскы Аксы районунун (Жаңы-Жол району) Ворошилов атындагы колхозунун (Крупская айылы) мүчөлөрү Айдаров Стамбек (65 жашта) жана Калмурзаева Гази (40 жашта) апалардан да бир топ табышмактар (№247-дептер) азыркы эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси Анатай Өмүрканов тарабынан 1966-67-окуу жылындагы фольклордук практика учурунда жазылып алынган. Ушул эле жылы (1966-67-окуу жылында) практикант-студент А.Кулматова (№254-дептер) Кочкор районунун Москва колхозунун мүчөсү Ибрай Тултемировдон жана Ош областынын Өзгөн районуна караштуу «Кара Таш» поссоветинин жашоочусу Райхан Калмурзаевадан жана Ысык-Көл

районуна таандык болгон Балыкчы шаарынын Ысык-Көл көчөсүндө жашоочу Кемел деген аксакалдан да кыйла дурус табышмактарды таап, жазып алууга жетишкен. Бул жыйнактан орун алган табышмактардын басымдуу бөлүгүн жогоруда саналып өткөн кадырман адамдардын оозунан жазылган баалуу материалдар түзөт. Ал эми айтуучусу көрсөтОшондон үлбөгөн аз сандагы табышмактар алыскы Ак-Таала районунун борбору саналган Баетов айлынан практикант-студент Темирова Батма Токтоназаровна тарабынан жазылып алынган (№374-дептер) экен, сапаты талапка жооп берерин эске алып, ушул жыйнакка сунуштадык. Бул жыйнактан орун алып жаткан аз сандагы (32 табышмак) табышмактардын айрымдары эски малдын көзүндөй болуп Сиздерге тааныш көрүнөт.Анткени, аларды Сиздер айыл арасында жашаган эски адамдардын оозунан уккансыздар. Кээ бирлери мурда, мындан көп жыл илгери жарык көргөн атайын жыйнактардан орун алышы да мүмкүн. Анткен менен алардын саны өтө эле аз. Ошондон улам оозеки сүйлөө речибизден, күнүмдүк жашоо-турмушубуздан четтеп, деги эле кыргыз аң-сезиминен өз өмүрүн өчүрүп бараткан түшүнүктөрдү ушул айрым табышмактар аркылуу кайра элибиздин энчисине ыйгаруу максатында мындай кадамдарга баруу бүгүнкү күндүн талабына, азыркы абал-шартка ылайык жасалгандыгын унутпоого тийишпиз.

Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында өзүнчө жанр катары өмүр сүрүп келген өнөр- **өлөң айтуу**.Албетте, өлөңдөр улуттук оозеки чыгармачылыгыбызда кеңири жайылып, өнүгүп кетпегени менен айрым аймактарда кадыресе жашап, эл оозунан түшпөй айтылып келгендигин байкоого болот. Журт ичинде «өлалбай жатып өлөң айтат» деген накыл сөздүн айтылып калышы эле көп нерседен кабар берет. Элдик лириканын табиятына төп келген өзгөчө жанр катары өлөңдөр өткөн XX кылымдын I жарымына чейин жигердүү жашап, кийин советтик турмуш образы өзүнчө өң-түс, көз караш, түшүнүк аркалаганы оозеки чыгармачылыктын башка жанрлары сыяктуу эле өлөңдөр да өз өмүрүнүн гүлдөгөн мезгилин артка таштап, соңку заман шартына, адам пейил-куюна аргасыз баш ийгендей элес калтырат. Калың кар менен тоңгон муздун илеби ички жан дүйнөңдү кандай ичиркентип, каардуу кыштын ызгаары көпчүлүктүн көңүл кушун кайт кылган жашоо маанайы ала баар жаздын келиши менен жер бетине өлөң чөп, байчечекей баш багып, гүлдөр жайнап, куштар сайрап демекчи, башкача нукка түшүп, ажайып көрккө бөлөнгөн сыңары өлөң жанрынын ички табияты, айтуу же ырдоо шарты лирикалык фондо ачылып, адамдарга рухий-эстетикалык ырахат тартуулаганы үчүн эл эсинде эми да жашап келет. Өлөңдөрдүн ошондой жанрдык өзгөчөлүгү көпчүлүк учурларда эл көп чогулган жерлерде, аш-тойлордо, жоро-бозолордо, кыз оюндарда, негизинен жаштар басымдуулук кылган чөйрөдө кеңири ырдала берген. Аны эркек-аял, кыз-жигиттер, жеңе-кайни, кайынага-келин болуп ырдашып, жаштар катышкан сармерден оюндары өлөңсүз өз көркүн ача алган эмес. Өлөңдөр Кыргызстандын түштүк райондорунун айрым аймактарында, канатташ казак калкына жакын жайгашкан айылдарда кеңири айтылып, эки элге тең орток өнөр катары өз өрүшүн кеңите берген. Албетте, бул фольклордук жанрдын түпкү белгилери, биздин оозеки чыгармачылык салтыбызга айланышы, ички түзүлүш формасы, аткарылыш же ырдоо өзгөчөлүгү ж.б. бөтөнчөлүктөрү бүтүндөй

алганда бүгүнкү күндө казак элине таандык болгону менен негизи түпкү теги бир эл катары кыргыз-казак журтунда өлөң айтуу өнөрү эркин өмүр кечирген. Болбосо, соңку советтик түзүлүш, Орто Азия элдерине өз-өзүнчө Союздук республика макамын ыйгарган учурда гана кыргыз менен казак экиге бөлүнүп, өзүнчө мамлекет катары таанылган мезгилден тартып өлөң айтуу өнөрү казак калкына гана таандык түшүнүк катары кабылданып калган. Чындыгында, өлөңдү казактар гана айтпастан мурдагы Орто Азия чөлкөмүнө кирген түрк тилдүү көп элдер үчүн өлөң айтуу мүнөздүү көрүнүш болгон. Бул жагынан алганда кадимки кыргыздар өлөң айтууга келгенде боордош казак агайындардан кем калбай, айрым учурларда алардын өзүн шаштырып, бир эсе таң калтырган учурлар көп эле болуп келген. Демек, өлөңдөр кыргыз элинин өткөн доору, байыркы маданияты, рухий-эстетикалык дүйнө таанымынын бир бутагы же салаасы катары кабылданып, ар убак аздектелип, терең изилденүүгө муктаж. Өлөңдөрдү эл оозунан жыйноо, колдогуларын өзүнчө жыйнак кылып чыгарууга келгенде УИАсынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун илимий кызматкери, белгилүү фольклорист ф.и.к. Г. Орозованын иштиктүү аракетин баса көрсөтүүгө болот.

Ал эми биздеги (КУУнун кыргыз адабияты кафедрасындагы) жыйналган материалдарга келсек, көптөгөн дептерлерди аңтарып, андагы эл оозунан жазылып келген фольклордук материалдардын арасында өлөндөр аздыр-көптүр көлөмдө жыйналганы бизди кубантат. Аларды окуп, бир баштан таанышып чыкканда эл арасындагы төмөнкү айтуучулардын (информаторлор) оозунан жазылып алынган өлөңдөргө өз ылайыгына жараша бул жыйнактан орун берилди. Алыскы Чаткал районуна караштуу Терек-Сай айылынын (мурда Ала-Бука районуна караган-Б.Б.) жашоочусу Мусабек Бекмуратовдун (77 жашта, уруусу-багыш) оозунан бир топ өлөңдөрдү 1975-жылы 11-июлда Д.Нусупов жазып алган болсо, аларды иргеп, салыштыруулардан кийин болгону 26(жыйырма алты) сап өлөң жарактуу катары тандалып, бул жыйнакка сунушталды. Ошол эле жылы (1975-жыл, 15-июль) ал мезгилдеги стулент-практикант, бүгүнкү күндөгү окумуштуу-адабиятчы, филология илимдеринин доктору Бекташ Шамшиев Чаткал районунун Каныш-Кыя айылынын жашоочусу Бөрүбек Ысмайыловдон (уруусу-багыш) да айрым өлөңдөрдү жазып, алардын ичинен аз гана бөлүгү (22 сап) тандалып алынды. Ал эми студент-практикант Анара Байзакова 1967-жылы Кулбай Эсенбаев деген адамдан (кайсыл жерден экени көрсөтүлбөгөн) бир нече өлөң жазып алса, алардан талапка жооп берет деген ишеничте 36 (отуз алты) сап өлөң жыйнакка киргизилди. Ошол эле жылы республикабыздын азыркы эл акыны, Токтогул атындагы сыйлыктын ээси Анатай Өмүрканов Аксы районунун Ворошилов колхозунун Крупская айылынын жашоочусу, 68 жаштагы Айымкан Кубатовадан бир нече сап өлөң жазып келген экен, алардын болгону 15 (он беш) сабы гана ушул жыйнакка сунушталды. Калган өлөңдөр алыскы Тажикстанга караштуу Жерге-Тал районунун «Коммуна» колхозунун мүчөсү Атанбек Шадиевден КМУнун сырттан окуу бөлүмүнүн I курсунун студенти Макабай Зуурбеков тарабынан азыраак өлөң жазылып, андан болгону 8 (сегиз) гана сап алынды. Ушул эле районго караштуу «Кошой» колхозунун мүчөсү Киёш Хамитовдун оозунан студент-практикант Исмаил Назаров бир топ өлөң жазып алган болсо, алардын арасынан жалпы 64 (алтымыш

төрт) сап материал ушул жыйнактан орун алды. Баары 171 (жүз жетимиш бир) сап өлөң жарык көрдү.

Кыргыз элинде кеңири айтылып, көпчүлүктүн көңүлүн бурган элдик өнөр- **куудулдук жана куйкум сөз өнөрү**. Эл оозунда ар убак айтыла келген Апендинин жоруктары, арабызда жашап жаткан сөзү өзүнчө ашкерелөөчү күчкө ээ болгон көпчүлүктү күлкүгө бөлөп, көңүлүн ачып, көйгөйүн чечүүгө көп себепкер болгон «Сарыбайдын жоруктары», «Өтө акенин жоруктары», «Бозгунчунун жоруктары», «Кочкорбайдын жоруктары» жана «Осмонаалынын айткандары», «Исаалынын айткандары» сыяктуу бирин-экин окуялар, куйкумду сөздөр эл арасында ар убак оозлон-оозго көчүп, ар түрдүү кырдаалдарда айтылып, өзүнчө күлкү жарата келген. Куудулдук же күлкү өнөрү кыргыз эли үчүн бөтөн түшүнүк эмес. Элибиз эзелки доорлордон бери эле күлкүгө чоң маани берип, анын жардамы менен коомдук-социалдык маселелерди чечүүгө жетишишкен. Кыргыз элинин жашоо-турмушунда, көз караштарында демократиялык түшүнүктөрдү, принциптерди жайылтып, сын жана өзүн-өзү сындоонун негизги жоболорун өздөштүрүшкөн. Натыйжада, хан-бектердин алдында алардын эл башкаруудагы одоно кемчиликтеринин бетин ачуу,көпчүлүктүн көңүлүн ошол ишке буруп, калк алдында күлкү менен мыскылдын кызыл чогуна кактоо, шылдыңдоо аларды кадимкидей сестентип, журт мүдөөсүн эске алып, аны орундатуу, аткаруу зарылчылыгы келип чыккан. Ошондой мүнөздөгү материалдардын айрымдарын («Апендинин жоруктары» 15 бет) азыркы адабиятчы, академик А.Акматалиев 1974-жылы Кара-Буура районунан Аманбаев Шаршен аксакалдан (63 жашта); 1987-жылы 2-курстун студенти, маркум Маткабылов Абдразак Кадам-Жай районунан (айтуучу белгисиз); студентка Ж.Абасова Аламүдүн районунун Арчалы айылынан; студент Калчоро Көкүлов Кара-Буура районунун Бакайыр айылынын жашоочусу Кадырова Айжамал (72 жашта) энеден жазып келишкен. Ал эми студентка М.Осмонова Кадыракун Үсөновдун оозунан «Сартбайдын жоруктарын» (көлөмү 1 бет , «Өтө акенин жоруктары» (көлөмү 1,5 бет, Киров (Кара-Буура) районунун жашоочусу Акбар Жээнбаевден (химия мугалими, Кара-Сай орто мектеби), «Исаалынын айткандарын» (көлөмү 3 бет). Кочкор районунун Семиз-Бел айылынын жашоочусу, 87 жаштагы Алмаш Мамытова энеден жазылган. Бул материалдар мурда-кийин эч жерде жарык көрбөгөндүгү менен кызыгууну пайда кылат. Ал эми эл арасында «Бозгунчунун жоруктары» деген жалпы аталыш менен көп окуялар, күлкүлүү жорук-жосундар айтылып келет. Азыркы бизге жеткен маалыматтарга караганда бул адам Тянь-Шань районунун Миң-Булак айлында жашаган. Бозгунчу Жумагул уулу болжол менен 1829-жылы туулуп, 1905-жылы дүйнөдөн кайткан. Бул материалдар Бозгунчу атанын чөбөрөсү Бейше Сулаймановдон 1985-жылы Ибраев Сейтек жазып келген. Көлөмү 2 бет. Ушул эле С. Ибраев тарабынан Ош областынын Совет (Кара-Кулжа) районундагы «Ленинчил жаш» колхозунун Чалма айылында ( дептердеги маалымат боюнча) туулган «Кочкорбай куудул жөнүндө» 3 беттик материал ошол райондун жашоочусу Жусуева Кимиядан жазылып алынган. Аталган куудул жөнүндө Жумгал районунун Беш-Терек айылынын жашоочусу Жамансариевдин оозунан 1 беттик материалды Жамал Шамшиева жазып келген. Негизинен, анекдоттор жана куудулдук өнөр боюнча жалпы 27 (жыйырма жети) беттик материал (кол жазма түрүндө) бул жыйнактан орун алды. Соңку мезгилде Сартбай, Кочкорбай өңдүү куудул, оозунда кеп-

сөзү бар адамдар жөнүндө айрым маалыматтар жарык көрүп келсе да, ошолорго кошумча жардам болобу деген ой менен бул жыйнакка сунушталды.

Эл оозунда кеңири айтылып, улам мезгил өткөн сайын өз баасын арттырып, кунун жоготпой келаткан тема- **тарыхый окуялар** же **тарыхый сөздөр.** Бул багытта кыргыз фольклор изилдөөчүлөрү соңку мезгилдерде гана белгилүү бир тыянакка келгендей болсо, XX кылымдын I жарымында изилдөө иштерин баштаган окумуштуулар жана жыйноочулар: К.Мифтаков, Ы.Абдырахманов (Ак молдо), К.Рахматуллин, М.И.Богданова, А.Самүдүн уулу (Тайгүрөңов), Т.Саманчин, Т.Байжиев, З.Бектеновдор алгач мындай өткөн тарых менен байланышкан окуялар жана тарыхый инсандар жөнүндөгү эл оозунда айтылып келаткан баяндарды тарыхый сөздөр деген аталыш менен кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын классификацияларына киргизе баштаган. Албетте, аларда деле тарыхый сөздөр өзүнүн так ордун таба албай келген десек болот. Ар кайсыл бөлүштүрүүдө ар кандай орун тартипте жайгаштырылган. Кыргыз фольклористика илиминде али да болсо илимий жактан тактоону, изилдөөнү талап кылган жагдайлар жок эмес экендиги ушул маселеден да айкын болууда. Кандай десек да, оозеки формада жашап, бүгүнкү күнгө чейин өз өмүрүн эл ичинде улантып келаткан тарыхый окуялар, инсандар жөнүндөгү таасын баяндар улуттук фольклор илиминде эпикалык чыгармалардын түрүнө кирип, өзүнчө өң-түс, аныктама алууга толук укуктуу. Муну эл оозунан жыйналып бизде (КУУда) сакталган айрым материалдар да жокко чыгарбайт. Ушул материалдардан дайын болгондой, тарыхый сөздөр айтылыш формасы боюнча ар кандай (ыр, кара сөз, жорго сөз, казал, эскерүү, санжыра түрүндө) абалда айтылып келатканын байкоого болот. Бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда элибиздин байыркы доорлордогу баскан жолу, баяндуу тагдыры, XVI-XVIII кылымдардагы кыргыз-калмак кагылышы, Кокон ордосу, XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын башындагы падышалык Россиянын Орто Азия элдерине болгон баскынчылык саясаты, 1898-жылкы Анжиян көтөрүлүшү, 1916-жылкы Улуттук боштондук көтөрүлүш, 1920-1927-жылдардагы биздеги жер-суу реформасы ж.б. тарыхтагы урунттуу учурлар, кандуу окуялар эл эсинде бекем сакталып, ушуларга байланыштуу тарыхый адамдардын эл-жер үчүн жасаган эрдиктери, жеке көз караш, аракеттери да көз жаздымда калган эмес. Бул жыйнактан ошол тарыхый окуяларга аздыр-көптүр катышы бар жаңы материалдарга орун берилди.

1. Анжиян облусуна караштуу Жалал-Кудук районунан КМУнун II курсунун студенткасы Касиет Бекназарова 1960-жылдардын аягында көлөмү 7 беттен турган (терилгенде) Анжиян көтөрүлүшү жөнүндөгү материалды жазып келген. Айтуучусу көрсөтүлгөн эмес.

2. Өткөн кылымдардагы (XIX кылым) Кокон ордосунун кыргыз элине, анын ичинде Чаткал өрөөнүнө болгон таасири, тарыхта айтыла келген Полот хан (Исхак), Мусулманкул, Кудаяр, Нүзүп, Шералы ж.б. жөнүндө, ушул аймакка катышы бар Ибрагим бий, Шер датка, Абдымомун бек, Кожомурат датка, Ажыбек (Хаджи) бий, Жайлоо бий ж.б. жөнүндө, өзгөчө Чаткал өрөөнүнөн чыккан Нурумбет батыр, Сарымсак датка, Айдараалы бий, Момун бек, Курманбай бий, Эшаалы болуш, мөөрсүз бий Кочкораалы, Кастору эне, Чөкөбай мерген, Стам таап, Ыманалы барак ж.б. баяны Чаткал районунун

Айгыр-Жал айылынын тургуну, санжырачы жана тарых изилдөөчү Жапаркул Бексариевден 2010-жылы июль айында жазылып алынган. Айтуучу Ж.Бексариев бул тарыхый баянды өз атасы Бейшен, Ыманаалы бporактын уулу Масалбектен, айылдагы Нурдин абалардан уккандыгын жана бул мезгил 1950-жылдардын аягы, 60-жылдардын башына туура келерин белгилейт. Бул жазылып алынган материалдардын көлөмү компьютерге тергенде 16(он алты) бетти түзөт. Айланасы ак тоолордон курчалган бул өрөөндүн бүгүнкү күндө алтыны баш болгон кен байлыктары эле баалуу болбостон, алтынга алмашкыс байлык- улуу сөз өнөрү экенин унутпасак.

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасында сакталган фольклордук материалдардын арасында аз да болсо **макалдар**, айрым **лакаптар** орун алган. Булардан тышкары **учкул сөз** же **идиомаларга** түспөлдөш бир нече сандагы сөз айкаштары (**таамай сөздөр**) да өзүнчө бөлүнүп берилди. Өзгөчө, макал менен лакаптарды жанрдык жактан так ажыратып таануу менен аларды өз-өзүнчө бөлүп көрсөтүү мүмкүнчүлүгү бир топ кыйынчылык жаратты. Ошондон улам айрым лакаптык белгилерди өзүнө камтып (маани-мазмуну боюнча –Б.Б.), бирок аны жанрдын талабы боюнча чечмелөөгө келгенде натыйжалуу жыйынтыкка ээ болоалбагандыктан улам айрым материалдар дагы эле болсо илимий-практикалык жактан тактоону талап кылууда. Бул макал-лакаптар эл оозунан чогултулган материалдардан иргелип алынды. Албетте, буга чейинки жарык көргөн макал-лакаптар менен салыштырылып, колдон келишинче аларда жарыяланбаган макал- лакаптар гана бул жыйнакка сунуш кылынды. Бул макал-лакаптар эл оозунан жазылды деген менен аларды айткан адамдар жөнүндө маалыматтар да болууга тийиш. Буларды айтып, жаздырган адамдардын эскерүүсү боюнча алып караганда бул материалдар эл ичинде сөзгө чечен, чукугандай таап сүйлөгөн айрым адамдардан калганын эскерте кеткенибиз жөндүү болоор. Андайлардын катарында Түп районунун Көөчү айылынын жашоочусу Жумабеков Кызай (1916-жылы туулган) 1972-жылы КМУнун студенткасы Г.Дунгановага Көрпө макалчыдан уккандарым деп бир нече макалды айтып, жаздырган экен. Ал эми Ош шаарынын жашоочусу Абдылдаев Абазбек да жалпы саны 60дан (алтымыштан) ашык макал-лакап жазып келген. Айтуучусу- белгисиз. Ош областынын Өзгөн районунун Куршаб совхозунун жашоочусу Кулунова Бүбүш апа да бир нече макалдарды оозеки айтып, студентка А.Закировага жаздырган. Ошондой эле таамай айтылып, санат-насыяттарга жакындашып кеткен материалдарды 1990-жылы Кочкор районунан Медетбекова Шааркүл Кулбаш уулу Аскарбектен жазып келген. Ал эми Түп районунун Корумду айылынын тургуну Калый Талды уулунан (67 жашта) бир нече макал студент Куткелдиев тарабынан жазылып алынган. Жети-Өгүз районунун Саруу айылынын жашоочусу Н.Жумабековадан (1902-жылы туулган) да бир топ макалдар жазылып алынган. Анан калса, Саада Эгембердиева, Сарыбай Дөөткулов, Асанова өңдүү адамдардын оозунан да бир кыйла жаңы, мазмундуу материалдар жазылган. Ошондой эле Ысык-Көл районунун Корумду айылынын тургуну Макеева Айсалкын энеден (70 жашта) да көп макал-лакаптар 1989-жылы практикага барган студентка Бурмакүл Чекирова тарабынан жазылып алынган. Кочкор районунун Ак-Учук айылынын жашоочусу Кадыр Жанай уулунан 1985-жылы 6-курстун студенткасы С.Аликеева бир нече көлөмдүү материал жыйнаган. Сөздү сөзгө кынаган, ойду ойго улаган сөзмөр, чечен адамдардын бири Чүй районунун Мичурин колхозунун тургуну

Жанузаков Кадыр аксакал деп билсек болот. Анын оозунан 1982-жылы студент Жамашева Асыл, 1990-жылы Токтомушев Макештер жалпысынан 20дан ашык макал жазып келишкен. Айрым маалыматтарга караганда Жанузаков Кадыр карыя Кочкор районунун Чолпон айылынын тургуну деп да көрсөтүлгөн учурлар бар. Мүмкүн бир убактарда Кочкордо жашаган болуу керек. Манас районунун Чоң-Капка айылынын тургуну Бекенов Барпектен (1940-жылы туулган) 2003-жылы Таабалдиева Гүлзат да бир нече макал жазып алган. Ошондой эле Ысык-Көл районунун Бостери айылынын тургуну Рысбаев Осмонаалы аксакалдан (82 жашта) А.Сакманбетова бир нече макал жазып келген. Ал эми Ак-Талаа районунда жашаган С.Казакбаев да кыйла эле көлөмдүү материалды К.Өмүралиевага айтып берген. Жаңы-Жол районунан Турсунбаева Сурмадан Асанбек Иманбаев тарабынан да бир нече макал жазылып алынган. Алыскы Ала-Бука районунун 1-Май колхозунан Жакатов Жапар (58 жашта) 1992-жылы Раева Зулфияга бир нече макал жаздырган. Бул сунуш кылынган материалдардын баары алфавиттик тартипте берилди.Ар бир бөлүмдүн аягынан андагы айрым түшүнүксүз сөздөргө кошумча тактоолор орун алды.

Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы боюнча жарык көргөн хрестоматиянын бул 2-томдугу жогоруда сөз болгондой бир нече жанрларды (санат-насыяттар, термелер, дастандар, айтыштар, болумуштар, санжыралар, казалдар, макалдар, анекдоттор, таамай сөздөр,тарыхый сөздөр, табышмактар, өлөңдөр, куудулдук өнөр) өз ичине камтыйт. Аталган жыйнак филолог-студенттерге, аспирант-изденүүчүлөргө, адис мугалимдерге жана жалпы эле китеп окурмандарга арналат.

**Бактыбек Баймырзаев**
**Жусуп Баласагын атындагы КУУнун**
**кыргыз адабияты кафедрасынын доценти**

# 1-БӨЛҮМ

# САНАТ-НАСЫЯТТАР

## 1. КЫРГЫЗДЫН УУЛДАРЫ УКСА!

**Айтып берген:** Досмат кызы Маржанбү( уруусу беш маңка). Кара-Буура району, Аманбаев атындагы айыл. 2004-жыл.

**Жазып келген:** Бейшенбаева Роза. 2186-дептер.

Бардык эне жыйылып,
Чоң Аллаагасыйынып,
Жаман иштер токтолсо,
Кан буугандай тыйылып.
Алла берген ак жолго,
Кирсек кантет чууруп,
Арам, жаман көп иштер,
Арадан кетсе куулуп.
Арак ичип, мас болуу,
Ар бир жанга максатпы?
Ар бир эне жүрөгүн
Муз жегендей какшатты.
Кудай колдоп жер жүзүн,
Сактай берсин ар качан.
Ыймандуу болсо жаштар деп,
Энеатынан жар салам.
Карыларым, жаштарым -
Көбөйүп кетти мастарың.
Ак жолунду биле албай,
Шайтанга кирдиң тил албай.
Карылар өтөөр жалгандан,
Сеждеге[1] башын койбостон,
Урпактарың не болот?
Көргөнүн кылат эмеспи.
Көпкөлөңөскөн жаштарым,
Көбүнчө жолду көрсөткөн,
Көкала сакал мастарым.
Аларды көргөн жаштарым.
Аркасын кайдан ойлошту,
Арактын түшүп түбүнө,
Арстандай болуп жойлошту.
Арыстандай арыштап.
Эки буту чалыштап.
Көчөдө жүрөт баса албай.

Жол жээгин карыштап.
Не болду? - деген адамга,
Сүйлөгөн сөзү билинбейт.
Шишимик тартып беттери.
Ойунда ойлойт өздөрүн.
Ойго-тоого тең кылып.
Намыстантат балдарды
Курбусунан кем кылып.
Уят менен намысты
Мастар эчак жеп койгон.
Артык болот аларга
Ачуу сууга бир тойгон.
Карабайт мастар турпатың,
Жолугат ага шор катын.
Кимге барып айта алат,
Жүрөгүндө көп дартын!
Кетейин десе бала бар,
Кейитет бала жүрөгүн.
Кечке жүрүп көчөдө
Түндө табат түнөгүн.
Түндө келип үйүнө
Кызыксыз ага дүнүйө
Үстү-башы кара ылай
Чаңдатат үйдү бир далай.
Толтуруп үйдүкойгонсуп,
Семиз койду сойгонсуп,
Оокат мага кана деп,
Үй-бүлөнү толгонтуп.
Таасирин үйдүн кетирип,
Тамтаңдап сүйлөйт элирип.
Кубалап уруп аялын,
Түндөүйүнөн кетирип.
Аялы чыкса эшикке,
Шимшип издейт оокатын.
Куйуп койгон жугунду
Таап алып сугунду.
Ит менен мас бирдей го,
Даамын такыр билбеген.
Көрүп турган балдары,
Көөнү ооруп кирдеген.
Балдарга баш ийбеген,
Мас киши ооруп зилдеген.
Мастарга даары табылбайт,
Мастардан шор арылбайт.

Уят-сыйды унутат -
Бар болгонду курутат.
Ичсе тойбойт аракка,
Көп тийет үйгө залака.
Сасык болот денеси,
Саргайат өтө энеси.
Энеден артык көрүнөт,
Маска жөргөмүштүн желеси.
Желедей көрсө мейличи,
Тазаланса денеси,
Кудайдан тилейт ар убак,
Ак сүтүн берген энеси.
Бей үмүт - шайтан дейт экен.
Кайрылып өмүр келбейт го,
Өмүрүн кор кылбаса,
Өзөрүн эне тилейт го!
Тилегин бала билеби,
Же байкабай жүрөбү?
Алыстаса арактан,
Эненин согот жүрөгү.
Кудайым топук берсин де,
Мастар тообого[2] келсин де,
Ак жолго көрүп түшкөнүн
Ыймандуу эне өлсүн де.
Энелер айткан кеп-кеңеш
Чыгарбай эске сактагын.
Түшүп кетсең ак жолго,
Урматтуу болоор баштарың.
Ушундай болот мастарым.
Уудай ачуу дастаның.
Ушул жолго кирбестен,
Узак болсун жаштарың.
Түшүп кетсең аракка,
Тирүүлөй жетим балдарың,
Тирүүлөй жесир алганың,
Өмүрүңдү коркылып,
Өлүмдөн кыйын ал-жайың.

## 2. Таштандыга таштабагын баланы

**Айтып берген:** Досмат кызы Маржанбү, 81 жашта (уруусу беш маңка).
Талас областы, Кара-Буура району, Аманбаев атындагы айыл.2004-жыл.
**Жазып келген:** Бейшенбаева Роза. 2186- дептер.

Ардакталган аялдар,
Төрөп берет жаш балдар.
Алардан урпак уланар,

Ата-энелер кубанар.
Урпак улап миң жетер,
Уланышса кылым өтөр.
Ушул жарык жалгандан,
Сан жеткис далай жандар өтөөр.
Бул жалганда ырыскысын терип жеп,
Бул дүйнөдөн пендеси өтөөр, кетээр.
Бул дүйнө - өтө жарык,
Бул дүйнө - балдай таттуу
Бул дүйнөдө жашайбыз.
Жүрөбүз го күлүп-жайнап,
Ар бирибиз азык жыйнап.
Кудай берген таттуу өмүрдү,
Алып жүрсөк кор кылбай,
Ардактап таза кармап.
Он сегиз миң Ааламда
Адамдарды артыгыраак жаратты.
Баарысынан башкача,
Акыл берип таратты.
Ошол акыл бирөөлөргөжукпастан,
Аталарды-энелерди жадатты.
Жадаса да айла канча ал ишке.
Ата-эненин ичтенчыккан баласы.
Айыкса деп өлгөнүнчө тилейт го,
Уул-кыздын жаман жосун жарасы.
Жаман жорук-жосундарын,
Көрүп-билип жүрөбүз
Тууп эле таштап кеткен баланы.
Мындай жорук болду беле кыргызда,
Ачарчылык, беш жыл согуш болгондо,
Кыйналса да,таштабаптыр баланы.
Кыргызыма бул бир наалат,
Дарысы жок, айыкпаган бул жара.
Кыргыз эли улук көрчү баланы,
Тарткан эмес оор андай санааны,
Ата-баба нарк, нускалуу эл эле.
Көргөн эмес андай шумдук балээни.
Ушул жаман жорукту,
Кыргыз эми калтырабы тарыхка?
Эмне деген атты алат- .
Урпактары таштандыда калышса!

**3.САНАТ ЫР**

**Айтып берген:**Шерматова Наз. Баткен району, Жалаң-Дөш айылы.
**Жазып алган**: Кадыров Аззамбек. 18-дептер. 1972-жыл.

Элде нечен жигит бар,
Элдин сөзүн сүйлөгөн.
Ыксыз ишти сүйбөгөн,
Ээликкенди тим эле,
Күлүн көккөүйлөгөн.

Көөдөнү бош жигит бар,
Өзүнүн баркын билбеген.
Анча-мынча адамды,
Назарына илбеген.
Акыл айткан адамды,
"Ары тур" деп тилдеген.
Беш күндүк жарык дүйнөдө,
Бардык элге бирдей бол.
Адамдарды кубантып,
Ачылган кызыл гүлдөй бол.
Мүңкүрөп жүргөн элиңе,
Тийип турган күндөй бол.

## 4. САНАТ ыры

**Айтып берген:** Айтахунова Айтбүбү, 43 жашта. Мургаб району, Кара-Көл кыштагы. 1990-жыл.
**Жазып келген:**Адилбекова Хатима. 74-дептер.

Олтурган гүлдөй өңдүүлөр,
Жамаат гүлдөй жакшылар.
Ырдап берем Сиздерге,
Ырга кулак салыңар.
Барга момун барыңар,
Узак деп уктап калбаңар,
Аз деп арман кылбаңар.
Баш-ырыскы, бар - дөөлөт,
Тиш-ырыскы, тил-дөөлөт.
Баш жастыктан тайганда,
Барчылыгың татыбайт.
Тил гүрмөөдөн өткөндө
Тирүүлүгүң татыбайт.
Көз ирмөөдөн өткөндө.
Көргөн күнүң татыбайт.
Буудайдай тилиң буулуп,
Нур чырайың кубулуп,
Кара  көзүң сүзүлүп,
Жан алкымга келгенде,
Жаныңда күйөөр туралбайт.
Ыраат кылып шахарда[3],

Бейнасип кылды кудайым.
Жакшылардын барыдан,
Жаратып бизди кыр жерге
Жамаат намаз окубай,
Жашыбыз жетти бир жерге.
Узатса жетет ар жерге,
Узун кылып кудайым.
Бабалардын колуну.
Кайры-эсен кылалбай.
Карыгакетти жашыбыз.
Сапарын катып ыраакка.
Өлүп барсам бир күнү,
Периште карай суракка,
Жообуңду бербесең,
Жаның калар куракка.
Жан эгем койгон маанап[4],
Жалынсаң койбойт буякка.
Жан-күйөрдөн айрылып,
Жайлашасыңшо жакка.
Жайланбай жаниң не кетер,
Жаккан отуңбир өчөр.
Гүлбаардын  талаасы,
Айтып го адам баласы.

Ар жерде тозуп корболот.
Саядаарды[5] козгогон,
Сары жапыс кыр болот,
Адесе сабак ыр болот.
Насибасы [6]үзүлүп,
Алы тайып, жан кетет.
Аргымактан жал кетет.
Адамзат бирдей турабы,
Айдап  алыс  ач кетет.
Эт жүрөгүн дилгиртип,
Кыл куйругун түйдүрүп,
Кыздай жасап өрдүрүп.
Айдаса алыс ат кетет,
Өтө кызык бат кетет.
Карап-коюп каш кагып
Какшатат экен жигитти.
Калам каш сулуу жар деген.
Кушту учурат пар деген,
Эрди учурат зар деген.
Эшекти тартып "хар" деген,

Жыланды көрсө "мар" деген.
Чын байдан кетет туз деген.
Эчкини тажик "бүз" деген.
Чырайлуу сулуу кыз деген.
Аны пулдуу жандар издеген.
Санат кылган кебимден
Нарк мааниси эмине?
Адал менен арамдын
Нарк мааниси эмине?
Дилинде калат купуя
Сыр мааниси эмине.
Бетинде болот адамдын
Нур мааниси эмине?
Азыр айтаар санатым
Ыр мааниси эмине?
Билбеген шайтан сөзү дейт
Машуруптан баш багып,
Магдырап карап ай кетет.
Индустан карап күз кетет.
Уул-кыз үйдүн урматы
Кемишкен пайда көрүүчү
Келин келсе, кыз кетет.
Токсон чыкса тоң кетет.
Бул дүйнө каптарханадур
Бири учуп бириси -
Конуп кетип барадур.
Жолдо жүргөн адамдын
Жовангысы[7] нас болот.
Болуштан адам дос болот,
Жамандын пейли пас болот.
Жаманга дөөлөт  жар болсо,
Көтөрө албай мас болот.
Жакшы зайып алгандын
Убактысы чак болот.
 Жаман зайып алгандын
Пулу күйүп дак болот.
Жакшы зайып алгандын
Алганы сулуу кашында,
Береке бар ашында.
Давлати  кетпейт башынан.
Акылы жок акмактын,
Катыны бийлеп баш болот.
Куш жыйылып таш болбойт,
Кул жыйылып баш болбойт.

Кыд[8] пычкан тон болбойт,
Экөөнө бирөө баталбайт.
Аттууга жөө жеталбайт.
Эки жаман бириксе,
Ээн жерде жата албайт.
Жериң талаа болбосо,
Кунан, тай кайдан чабылсын.
"Саркардан «[9]үйдө болбосо,
Сарамжал кайдан табылсын.
Алганың жакшы болбосо,
Абийириң кайдан жабылсын.
Ичинде суусу болбосо,
Кумганды арман кылбаңар.
Ынтымагы болбосо,
Тууганды арман кылбаңар.
Бир парзанти болбосо,
Сулууну арман кылбаңар.
Даны толук болбосо,
Буудайды арман кылбаңар.
Жакса табы чыкпаса,
Куурайды арман кылбаңар.
Баарын арман кылгандан
Пайда жок экен туугандар.

**Айтып берген:** АзановаДүрдана, 65 жашта. Тажик ССРи, ЖергеТалрайону,Дуванаайылы.1989-жыл.
**Жазып келген:** Орунбаева Жыпара. 74-дептер.

**5. НЕ ПАЙДА?**

Көк желек кийип чалкалап,
Аккары [10]кийип кайкалап.
Миң кара бооз кой айдап,
Байлыктын доорун сүрбөдүм.
Боз караган белиден.
Быйыл ашып өтпөдүм.
Дехоти [11]мектеп ичиден,
Билим алып жүрбөдүм.

Бир көпүрө салбадым,
Соопту сатып албадым.
Элге кайыр кылам деп.
Медиресе-мектеп салбадым.

Медиресе - мектептин.
Ичи толгон ожура[12].
Ожуранын ичинде,
Жумшак кылган бария[13]
Көптү көргөн карыя.
Назим Кокон шаарыны.
Ават[14] кылган дарыя,
Ал дарыя үстүдөн
Кеме сүзүп өтөбү.
Ал кеменин астыдан,
Чычкан келип тешеби?
Чыбыр ала ак жылан.
Ага тыганч болдубу?
Түбүнө пайда жеткен жок.
Төө байлап көчкөн жок.
Адатын ар ким койгон жок,
Арамза бакыл тойгон жок.
Жылан сойлойт буту жок,
Парзантсизде бешик жок.
Топуксузда кешик жок,
Парзанттин белин бууган жок.
Бейнамаз жүзүн жууган жок.

## 6.САНАТ ЫРЫ

**Айтып берген:** Деркембай уулу Садык. Жети-Өгүз району, Жеңиш айылы.
**Жазып алган:**Байтикова Тилек. 1993-жыл. 275-дептер.

Жаман айткан суук сөз,
Жаакка койгон мушка тең.
Асмандан буйрулса,
Үйүңдөн тамчы куюлса,
Үй да болсо тышка тең.
Алганың жакшы жар болсо,
Кылыгы артык кызга тең.
Алганың жаман бир болсо,
Жамбаштан өткөн сызга тең.
Сарамжал үйдө болбосо ,
Көтөрүп койгон ышка тең,
Жигитте бир ат болбосо,
Минип чаты толбосо.
Чалгыны сынган кушка тең.
Азаматтар, жигиттер,
Жакшыга салгын ишиңди,
Жакшыга салсаң ишиңди.
Аркандап коет узатпай,

Касташкан душман кишиңди.
Азаматтар, жигиттер,
Жаманга салба ишиңди.
Жаманга салсаңишиңди
Ишиң кетет талаалап,
Дайрага талкан чалгандай.
Ар ишиң кетет жалгандай,
Аңгырап куру каласың,
Койнуңдан катын чангандай.
Ашуусу бийик дабандын,
Акылы барбы жамандын.
Кечүүсү бийик дабандын,
Кеңеши барбы жамандын.
Башы-куусаң, түбү-как,
Байтерек кайдан бүрдөсүн,
Жаак, тили жаңылбас.
Кан алдына барганда,
Чечендер кайдан сүрдөсүн.
Кыя тартып суурсаң,
Кылоосу бардыр кылычтын.
Кызыл чеке урушсаң,
Залалы бардыр чыр иштин.
Шириге катып тай баксаң,
Кубаты бардыр жүрүштүн.
Мааниси менен мал баксаң,
Майын салып кайнатсаң.
Ширеси бардыр күрүчтүн.
Алгыр болсо тайганың,
Алтындан алып каргы так,
Адырдагы аңга чап,
Адырда аңга жетпесе,
Айлансын аштан башка чап.
Аалымдан издеп ардактап,
Акылмандан бирди тап.
Күлүк болсо тайганың,
Күмүштөн алып каргы так.
Күңгөйдөгү аңга чап,
Күңгөйдө аңга жетпесе,
Айлансын аштан башка чап.
Кылымдап издеп кыргый бак,
Кылымдап кыргый күткүчө,
Жигиттер, кылыктуудан бирди тап.
Жорго жолдун барманы[15],
Жокчулук элдин арманы.

Күлүк жолдун барманы[1],
Күйүт элдин арманы.
Жорго жолду арбытат,
Күлүк жолдударбытат,
Күйүт эрди карытат.
Аргымак аттан жал тайса,
Түз аркасы кыр болот.
Азамат эрден мал тайса,
Азат башы кул болот.

## 7. Санат-насыят ырлары

**Айтуучу:** Шүкүралиев Казакпай (уруусу –түйтө). Ленинполь району, Калинин колхозу, Киров айылы.

**Жазып келген:** Сатыбеков Муктар. 343-дептер.

Күлүк чуркайт жем менен,
Эр жигит жашайт эл менен.
Кадырлаш көөнү сен деген.
Акылы бар эр жигит,
Айткан сөздү жөндөгөн.
Жаман адам керкайыш,
«Жак» дегенин бербеген.
Ар кайсы сөздөн термелеп,
Балдарым -
Баштайын эми термеден.
Эки жакшы баш кошсо,
Бирин-бир сыйлаган.
Эки жаман баш кошсо,
Бир төшөктө сыйбаган.
Алганың жаман жолукса,
Айтканыңды кылбаган.
Алганың жакшы жолукса,
Ал эки жаштын багы бар.
Өмүрлөрү өткөнчө -
Ойноп - күлүп жыргаган,
Жаздын гүлү гүлкайыр.
Бүрү түшсө куураган,
Ушул өмүр күнүмдүк,
Бул жалганга турбаган.
Акылың болсо жаштарым,
Айтканымды тыңдасаң.
Жаш убакта жадырап,
Балдарым -
Ойноп- күлүп жыргасаң.

Эки дүлөй баш кошсо,
Жайын бири билбеген.
Эки жакшы баш кошсо,
Сиз, биз деп сүйлөгөн.
Адам болсоң сыйың тарт,
Өтөөрсүң -
Опоосуз жалган дүйнөдөн.
Жаманга айткан кайран сөз,
Адам жашайт эми бул.
Жаркыраган күн менен,
Жалкоо жер кадырын билбеген.
Жаман жаныңа жолдош жүрбөгөн,
Алышып ойнойт эр жигит.
Алганың менен ар убак,
Жаштар ойноп, күлгүлө.
Өтөөрсүң бир күн дүйнөдөн,
Акындын сөзүн тыңда акылыңда.
Ал жигиттин сөзүн сында,
Бирөөлөр туулуп, бирөөлөр,
Кетип жатыр дүйнөдөн.

Бул дүйнө уйгу-туйгу сапырылган,
Жаман болсо балдарым ай,
Алыс болгун жакыныңдан.
Кан болосуңбу, бек болосуңбу,
Ажал жетсе алмадай башың,
Кара жерге жашырылган.

Бул жалганда адам жок тегизделген.
Алганың жакшы жолукса,
Колуңда алма багы жемиш берген.
Тулпардын туягындай тегизделген,
Асмандагы шумкардай жем издеген.
Алганың жаман жолукса,
Сен да өтөөрсүң дүйнөдөн.
Керегенин башында оймок турар,
Кедейчилик жигитке кой бактырар.
Алганың жакшы жолукса,
Алдыңдан атыңды алып ойноп турар.
Жокчулук, жоомарттык да мойнуңда,
Жетишпеген ар нерсе ойдо турар.

## 8.Баялынын сөзү

**Айтуучу:**Баялы аксакал**.** Талас району **(**курман кожонун ичинен, мойнок уруусунан). 1979-жыл.

**Жазып келген:** Жангазиева Тотугүл. 232-дептер.

Уулуң жаман болсо,
Урматың кетет.
Улуу-кичүү курдашың кетет.
Тууганың жаман болсо,
Ыйманың кетет.
Аялың жаман болсо,
Жыйганың кетет.
Кызың жаман болсо,
Жети атаңын ыйманы кетет.

Ураар болсо кудайың
Уулуң душман жудайың.
Келиниң туруп кер айтат
Кемпириң бутуңан тартып сырайтат.
Дос, курдашың жолобой кетет,
Курган башың кимге жетет.
Кызың салат кыйынга
Сөзүң өтпөйт тыйынга.
Кайран башың кор болуп,
Түшөсүң күндө жыйынга
Карыганда катын жоо,
Кашыңа келбейт жакын жоо.
Эңкейгенде элиң жоо,
Эки тизе, белиң жоо.
Эң жаманы келин жоо.

Орто-Токой, Көтмалды,
Ойлонсо болот бул жанды.
Орулбай аштык чөп калды,
Короо толгон кой калды.
Сандыктагы пул калды,
Жалдап алган кул калды.
Дастаркондо нан калды,
Самооруңда чай калды.
Борколдой деген ашуу бар,
Боорун бүтүн таш басып,
Чарыгы менен жөө басып,
Кемпир – чал ыйлап жөө басып.
Ашууну ашпай төө калды,
Азаматтар жөө калды.
Кыяны ашпай төө калды,
Кыз – келиндер жөө калды.
Кулансарык, Сапарбай,

Куруп калдык бата албай,
Куурап жүрөт далай эл,
Ачкасынан жата албай.
Таалимин кантип тартабыз,
Тар жерге кантип батабыз.
Арсыз тууганың болгончо,
Эшик алдынан шылдырап
аккан суу болсо -
Масты уккандан көрө,
Бир тоокко жем чачып
алаксыган өөдө.
Басып жүрсөң тишиңдин кирин соруп,
Барбы ошондон артык кордук.
Аялы ашынган эр доодогу чоң,
Эри ашынган аял эсепсиз эле кор.
Жолдо чөптүн жогунан,
Жорго калды басалбай.
Короосу менен кой калды,
Кээ бир балдар кыялбай.
Малайы менен бай калды.
Беделди көздөй бет алдык,
Беш боо чөптү бир койго,
Жетелеп барып салганы,
Кадыр көңүл калганы,
Какшаал бизге жай болду.
Канча бир мыкты ойонго,
Карайган черик бай болду.
Карагайдан жыгачты
Кесейин десем керким жок
Какшаалдагы черикке
Айтайын десем эрким жок.

## 9. Насыят ыры

**Айтуучу:** Исманалиева Асылбүбү, 69 жашта (алты – уул уруусунан).
**Жазып келген**: Баймырзаев Бактыбек.

Жайлоонун баары бош калды,
Жайылып жаткан от[16] калды.
Эмгекке тартса болбойбу,
Көчөдө баскан жаштарды.

Кыштоонун баары бош калды,
Мал барып ага кыштабайт.
Бош жүрүп балдар көнүштү,
Үйрөнгөн адат ташталбайт.

Улуу – кичүү баарысы,
Жашы менен карысы.
Топтошуп алып ичишет,
Арак болду дарысы.

Союз болуп бөлүнүп,
Жалкоолор калды көрүнүп.
Арак ичет жаш балдар,
Абийирлери төгүлүп.

Жашы менен карысы,
Жалпы иштесе баарысы.
Суу акпайбы мелтиреп,
Тазаланса арыгы.

Эмгек кылып эгинди,
Ак пейил менен сугарса.
Буудайын алып мол кылып,
Жаш – карысы кубанса.

Калпыса көлдүн көбүгүн,
Эмгекке келет көңүлүм.
Окуп-билим алсам дейм,
Бак - дөөлөт берсе теңирим.
Жашы менен карыңа,
Жалпы айтамын баарыңа.
Иштебесең акча жок,
Иче турган дарыңа.
Айдама жалкоо болбосо,
Адамдын пейли оңолсо.
Калыбына келер дейм,
Алла – таалам колдосо.

Жайкы бир чилде ысыкты.
Көргөздү турмуш кызыкты.
Ар кайсы жерден суу каптап,
Көргөздү далай кырсыкты.

Жалкоо болбой иштегин,
Табасың жерден акчаны.
Гүлдөтүп иштеп баккыла,
Айдатып алып бакчаны.

Аба-ырайы кубулуп,
Ар кандай кырсык угулуп.
Андан дагы коркпостон,
Дыйкандар жүрөт жулунуп.

Топтошуп басып көчөдө,
Ичкени арак аңдышып.
Эмгек кылып иштебей.
Бирин – бири сатышып.

Бирин – бири оңдосо,
Арамза, жалкоо болбосо.
Эл кантип баары оңолот,
Уурулукту койбосо.

Улуу – кичүү баарысы,
Сыйлуу болсо карысы.
Тилин угуп ушунун,
Жаштардын болчу намысы.
Азыр укпайт сөзүңдү,
Уят кылат өзүңдү.
Бир паста коёт жазалап,
Бадырайтып көзүңдү.
Төрөдүк бала кубанып,
Чоңойду алар буралып.
Акылдуу болсо балабыз,
Калабыз анда кубанып.
Кыздарым болсо чоюлган,
Чыкпаса экен оюмдан.
Бактылуу болуп жашасын,
Чыкканда менин колумдан.

Жер – суунун баары бөлүнүп,
Ырыскы жерге төгүлүп.
Ырыскыны алалбай -
Жалкоолор калды көрүнүп.

Керилип кетмен чабалбай,
Эмгегин жерден алалбай.
Басып жүрөт көчөдө,
Жаңы үйлөнгөн баладай.
Эненин тоотпой көңүлүн,
Азайтат жашоо өмүрүн.
Катасы жок ойлосоң,

Карылардын кебинин.

Карылар айтса акылды,
Какпастан аны угуп ал.
Колду шилтеп кетпегин,
Карынын сөзү: ыйык ал.
Агы менен карасы,
Ыймандуу болсо баласы.
Айыгат эле эненин.
Жүрөктөгү жарасы.

Жаркыраган жаз келсе,
Жалкоолор жатат жайылып.
Иштеткин  жатпай жер десе,
Үйүнөн качат таарынып.
Белсенип кетмен чаппайбы,
Береке жерден таппайбы.
Эмгек табам жерден деп,
Жалкоо болбой жатпайбы.

Огородун бакпайбы,
Керилте арык чаппайбы.
Жалкоо болуп жатпастан,
Үй - бүлөөсүн бакпайбы.

Арык чапса кыйналып,
Сугарат экен кубанып.
Эмгекти такай жер жебейт,
Өсүп турат буралып.

Буудай менен арпаны,
Аралата айдаса.
Чөп басып калат көрүнбөй,
Жалкоолонуп барбаса.

Үй - бүлөөсүн бакканга,
Тынымы жок болбойбу.
Көчөдө жүрсө жалжайып,
Анын ишин бирөө оңойбу.
Көкөлөп чыккан бактарды,
Карабай көзүн кыйышты.
Жалкоолугун мындан бил,
Отун кылып тынышты.

Кыйсаң да ордун жөн койбой,
Бак тигип койсо болбойбу.
Басып кетсе кол шилтеп,
Анын ишин бирөө оңойбу.

Бак –дарактар гүлдөсө,
Айылдын көркү турбайбы.
Жаш бутагын калтырып,
Куураганын кыйбайбы.

Күз мезгили болгондо,
Эгин алып жыйнашат.
Тынымы жок кишилер.
Үй - бүлөөсүн сыйлашат.

Айдаганын чабалбайт,
Буудайын оруп алалбайт.
Тапканын салат аракка,
Майына акча табалбайт.

Кызылча айдап талаага,
Отоо чөпкө бастырат.
Оюна түшкөн кезинде,
Кетмен алып колуна,
Ичинде жүрөт аралап.
Күзгү шамал башталды,
Жалбырак түшөт шуудурап.
Жер албаган жүгүрүп,
Жалкоолор жүрөт түңүлүп.
Бөлгөн жерин алалбай,
Оокаттын эбин табалбай.
Көчөдө жүрөт жалдырап,
Жаңы өспүрүм баладай.

Кары дебей, жаш дебей,
Ар дайым эгин жанында.
Ысыгыбы, суугубу,
Чыдайт анын баарына.

Ысыгыбы, суугубу,
Кетмен алып чабышат.
Береке берсе кудайым,
Эмгекти жерден табышат.

хх хх

Кызыл гүл менен жашыл гүл.
Айырмасын тандап бил.
Кызыл гүл деп кызыкпай,
Сүйгөнүң менен доорон сүр.

Араласаң ар гүлдү,
Өзүңдүн баркың кетпейби.
Тандап алсаң бир гүлдү,
Кадырыңа жетпейби.
Асманда учкан ак – куунун.
Агала болот баласы.
Жакшы менен жамандын.
Жер менен көктөй арасы.

## 10. Жигиттин жети түрү бар

**Айтуучу:** Ибраева Айна, 52 жашта(уруусу- жантай).
**Жазып келген:** Бекбоева Анара. 1459-дептерден.

Сырт кейпинен байкасам,
Жигиттин сымбат гүлү бар.
Ич кейпинен байкасам,
Жигиттин жети түрү бар.
Биринчи жигит гүл жигит,
Адамдын түшөт оюна.
Кандай жигит туш болот,
Бактылуу жандын колуна.
Экинчиси жигиттин -
Асмандагы шумкардай.
Көзүнөн оту жалындап,
Ал көздөгөнүн куткарбай.
Үчүнчү жигит борумдуу,
Сүйлөсө сөзү орундуу.
Акылга толук даанышман,
Ал айттырбай табат оюңду
Төртүнчүсү жигиттин,
Төрө пейил зыңкыйган.
Сыздасаң да ал үчүн,
Сырыңды билбей чыртыйган.
Бешинчиси жигиттин,
Орой – орой сүйлөсө
Жакпайт го ага эч адам,
Жактырганын сүйбөсө.
Алтынчысы жигиттин,
Кебиңдин көркүн биле албайт.
Алганына ээ болуп,

Ал көпчүлүк менен жүрө албайт.
Жетинчиси жигиттин,
Адамдын шагын сындырат.
Акылына ээ болбой,
Ал ар кимге барып урунат.
Асманда учкан соноосуң,
Айланып учуп коносуң.
Ошол жети жигиттин,
Кайсынысы болосуң?

## 11. Насыят

**Айтуучу:** Турдуш Ырыскелдиев. Өзгөн району. 1964-жыл.
**Жазып келген:** Мавлянов Майрамбек . 1545-дептер.

Санап – санап иш кылсаң,
Самаганыңа жетесиң.
Санабастан иш кылсаң,
Сапырылып кетесиң.
Ойлоп – ойлоп иш кылсаң,
Ойлогонуңа жетесиң.
Ойлонбостон иш кылсаң,
Омурулуп кетесиң.

Элиңде жакшы болгон соң,
Эсепке башың кошулат.
Калкыңда жакшы болгон соң,
Катарга башың кошулат.

Эл эскертет өлбөгөн,
Эч нерсе билбейт көрбөгөн.
Калк эскертет өлбөгөн,
Кааданы билбейт көрбөгө.

## 12. Эркектер тууралуу эки ооз сөз

**Айтуучу**: белгисиз. Ак-Суу району, Зындан айылы. 1998-жыл.
**Жазып келген:**Болотов Д.1765-дептер.

Ышкыбоз айрым адамдар,
Ыр уксак деп ашыгат.
Ырдаса ырдап берейин,
Ырчынын көөнү ачылат.

Акылдуу болсоң эр жигит,
Ар бир сөздү байкагын.
Азыркы менин айтаарым,
Күлүккө таптоо жарашса,
Күч алып чуркайт ан сайын.

Байкап көрсөң турмушта,
Жашашат түрлүү адамдар.
Адамдардын ичинде -
Жакшы да бар , жаман бар,
Акылы жок наадан бар.

Эркектин кээ бир эсеси,
Эртеңки күнүн ойлобойт.
Эптеп-септеп жан багып,
Эмгектен качып коргонот.
Мындайлардын башына,
Эзели бакыт орнобойт.
Пайда чыкчу жер болсо,
Башкадан мурун жүгүрөт.
Күнүмдүк тойсо курсагы,
Күлүп – жайнап сүйүнөт.
Түш жарым ачка болгондо,
Тирүүлүктөн түңүлөт.
Эмгектен качкан эркектер,
Эл журтунан чыгышат.
Оңой оокат табам деп,
Ууру кылып тыбырап.
Ошентип жүрүп бир күнү,
Ал зөөкүр оң жолунан жыгылат.

Айтайын кээ бир эркекти,
Арактын түшкөн артынан.
Алкымын тыйып жүрө албайт,
Ажыраган баарынан.
Адам болбой калды деп,
Угасың сөздү жалпыдан.

Ичкилик саткан дүкөндүн,
Ичинен кетпейт ар дайым.
Таанышын көрсө жакалап,
Такылдатып таңдайын.
Азапка салат карабай,
Аялы менен балдарын.

Түңүлүп анда й эркектен
Ажырашат алганы.
Тирүүлөй жетим калышат
Чиедей жапжаш балдары.
Жок эмес мындай эркектер,

Же сөзүмдүн барбы жалганы?

## 13. Арактын тартпа азабын

**Айтуучу:**белгисиз.
**Жазып алган**: Аширалиева Э. 1479-дептер.

Абийири менен коштошкон,
Ал арак менен достошкон.
Таап алат шеригин,
Дал өзүнө окшошкон.
Кандай жеңил ичкилик,
Убара кылбай тез кошкон.
Эки сом эле ортодо,
Эптеп – септеп топтошкон.

Бир шише келиш кыйын да,
Дагы бир сом кошпостон.
Максатка жетет ойлонсом,
Бөлүп ичет үчөөсү,
Бир тамчысын койбостон.

Алганда айлык акчасын,
Ал күнү ичет тапканын.
Жанында калбай бир тыйын,
Карызына берет канчасын.

Акылы тайкы адамдар,
Ичкиликке берилет.
Жолдо калып кийими,
Ар жерден бирден терилет.
Көрүнгөн жерден мушташып,
Ал акмак сотко берилет.

Сот чакырат акырын,
Ал акмак келет бакырып,
Өзү жалгыз келбестен,
Күбөлөрүн чакырып.
Аз келгенсип мунусу,
Көрүнгөндөн пул сурайт.

## 14.Адамга эмне керек?

**Айтуучу:** Кыдыргыч уулу Жапар(уруусу- абыке).
Кочкор району, Исакеев атындагы совхоз. 1985-жыл.
**Жазып келген:** Аликеева С. 155-дептер.

Адамга жумшак сөз жакшы,
Айнектей эки көз жакшы.

Адамдын боюн эриткен,
Алтындай ширин сөз жакшы.

Көрө албаган душмандан,
Күйүнө турган өз жакшы.
Кереги тиет мол жакшы,
Кемпири бар чал жакшы.
Келин – уулу сыйласа,
Баарысынан ал жакшы.

Тегиздеп тиксең көчөгө,
Терек менен тал жакшы.
Аары баксаң челекке,
Таттуулугу бал жакшы.

Жигиттерге кыз жакшы,
Мүнүшкөргө куш жакшы.
Тамакты тапка келтирип,
Таттуу кылган туз жакшы.

Уйку уктасаң түн жакшы,
Оокат кылсаң күн жакшы.
Уккандын боюн эритип,
Обону бийик үн жакшы.

Дыйкандарга жер жакшы,
Каз - өрдөккө көл жакшы.
Ташбака менен жылаанга,
Какыраган чөл жакшы.

Кадырды билген азамат,
Кары жашка тең жакшы.
Карыларга кеп жакшы,
Казатка барсаң чеп жакшы.
Казаты жок жап жарык ,
Гайзыга [17] болсо бек жакшы.

Балдарга минсе тай жакшы,
Ичкенге кызыл чай жакшы.
Кайсыны болсо көрөсүң,
Караңгыда ай жакшы.

Ар аялга эр жакшы,
Атадан калган жер жакшы.

Кандай  да болсо кыйбаган,
Кадырың өткөн эл жакшы.

Ар адамга мал жакшы,
Акылдуу кары чал жакшы.
Атакелеп артыңдан,
Балдарың турса  ал жакшы.

Эң бирнчи жан жакшы,
Экинчиси мал жакшы.
Бар тамактын баарынан,
Танбай жеген нан жакшы.
Малың семиз болушка,
Жайыты тулаң чөп жакшы.
Жалгыз өзүң калгандан,
Жардамдашкан көп жакшы.

Бычакка сап, кын жакшы,
Мыктыга көркөм сын жакшы.
Билбейт деп калп айтпагын,
Биринчи туура чын жакшы.
Кургакка нымдуу кар жакшы,
Жигитке сулуу жар жакшы.
Кор болосуң жок болсо,
Колуңда болсо бар жакшы.
Ар жерге барса таанымал,
Акылы бар ал жакшы.

Биринчи жыргал той жакшы,
Майда акчадай кой жакшы.
Алганың болсо билимсиз,
Андан көрө бой жакшы.
Жаткың келсе кыйшайып,
Жантайма эмес түз жакшы.
Жан жаныбар баарына,
Жадыраган күз жакшы.
Түлкү ууласаң түз жакшы,
Өткүр курчка миз жакшы.
Тамактын даамын келтирген,
Татынакай тиш жакшы.
Келин – уулуң, кемпириң,
Кеңешип кылган иш жакшы.

## 15.  Санаттар

**Айтуучу**:   Жумек, 54 жашта.Чаткал району, Калинин  колхозу,  Сары-Булак

сельсовети.1967-жыл

**Жазып келген:** Дүйшөналиева Райкан. 1545 -дептер.

Ат жүгүрөт чуу менен,
Түлкү качат уу менен.
Чечендерди козгогон,
Чечилбес кара доо болот.
Баатырларды козгогон,
Маңдайлашкан жоо болот.
Усталарды козгогон,
Кара темир дат болот.
Молдолорду козгогон,
Ала кагаз кат болот.
Жол арыткан ат болот,
Эл тааныткан кат болот.
Эр учурган зар болот,
Күрткү учурган кар болот.
Жаманга жакшы жолукса,
Асыл бир жаны кор болот.

Шагылдуу жерде түлкү бар,
Шайыр элде күлкү бар.
Жер караган жетимдин,
Жүрөгүндө мүлкү бар,
Жетимди жетим дебеңер,
Жетимден акы жебеңер.
Жетимден акы жесеңер,
Чын бейиш көрөм дебеңер.

Койду баксаң ирик болот,
Коргон салсаң мүлк болот.
Элиңде дөөлөт бар болсо
Эгиздин оту[18] жошулат.
Элиңде жакшы бар болсо,
Эсепке башың кошулат.
Элиңде дөөлөт жок болсо,
Эгиздин оту жошулбайт.
Элиңде жакшы жок болсо,
Эсепке башың кошулбайт.
Алма сабак жылаңбаш,
Пендеси минсин буракты[19].
Жанатта жаксын чыракты,
Мингениң жылкы бурагы,
Перзент эрдин чырагы.
Кош өгүзүң болбосо,

«Өш!» деп, арман кылбаңар.
Асмандан учуп түшпөсө,
Кайыптан арман кылбаңар.
Жакшысынан болбосо,
Зайыптан арман кылбаңар.
Кыл тегирмен болбосо,
Калаадан арман кылбаңар.
Кабылынан бербесе,
Баладан арман кылбаңар.

Жабдыктап минсең жакшы атты,
Жашыңда сүрсөң максатты.
Улуу Алай  чыга жайласаң,
Анжиянга кыштасаң.
Кайирдеги мейманды,
Хан уулундай куштасаң[20].

Жат санаган душманды,
Как дөбөгө уштасаң[21].
Күндө күлүк мингендин,
Алкынткандан булкунтуп,
Эки колу дал болот.
Күндө чобур мингендин,
Темингенден кагынып,
Согончогу чор болот.
Бир акуру [22] кем болот .
Атты минсең аркага,
Такалабай таш басат.
Тонду кийсең жакадан,
Чыпчырга бойду чып тутат.
Кылычты алсаң курчтан ал,
Кындан чыкпай лап[23] тартат.
Бирди алсаң жакшыны ал -
Айтканыңдан чыкпайт.
Сөөгү таза сөктүрбөйт,
Акимзаада айттырбайт.
Кыя бычпай тон болбойт,
Кыялы жаман оң болбойт.
Жоруксуз келин жүгүнбөйт,
Жоруксуз келин жүгүнсө,
Жотолору бүгүлбөйт.
Келиниң жаман болгон соң,
Керүүдөгү ташка тең.
Уулуң жаман болгон соң,

Апийим ичкен сартка тең.
Кызың жаман болгон соң,
Айыкпас оору дартка тең.
Алганың жаман болгон соң,
Алдыңдан өткөн сызга тең.
Алганың жакшы болгон соң,
Кары да болсо кызга тең.

## 16. Санат ыры

**Айтуучу :** Турдуш Ырыскелдиев. Өзгөн району.1964-жыл.
**Жазып ке** Мавлянов Майрамбек . 1545-дептер.

Чайнекте чайы болбосо,
Чыныны арман кылбаңар.
Колуңдан ишиң албаса,
Инини арман кылбаңар.
Кош өгүзүң болбосо,
Кошту[24] арман кылбаңар.
Барыш – келиш болбосо,
Доско арман кылбаңар.
Маңдайлашып жоо келбесе,
Баатырды арман кылбаңар.
Сарамжалдуу болбосо,
Катынды арман кылбаңар.

******

Арманың канбайт ат барда,
Кумарың канбайт куш барда.
Ар ишти кылгын күн барда,
Тишиң менен таш чайна.
Тиш – ырыскы, тил - дөөлөт,
Баш – ырыскы, бар - дөөлөт.
Баш барда келет мыйманың[25],
Баш жаздыктан тайган соң.
Балаңа калат жыйганың,
Ичпей – жебей чогултсаң.
Ал ырыскыңды кыйганың.

******

Акылдуу болсоң бат сүйлө,
Эсиң болсо балдар ай.
Этиат кылып сөзүңдү,
Жаман – жакшы көп сүйлөп.
Адам – заада айттырбай,
Акылың менен төп сүйлө.

******

Эптеп айтсаң ырчылык,
Эптебесең чырчылык.
Отун алып от жагып.
Балам, үйүңдө кылгын кулчулук.

Таап айтсаң ырчылык,
Табалбасаң чырчылык.
Абзал[26] кармап, кош айдап,
Балам, үйүңдө кылгын кулчулук.

## 17. Ушакчы

**Айтуучу:** Үсөнов Мутан. Тажик ССРи, Жерге-Тал району.2000-жыл.
**Жазып алган:**Бадирова Марифат.1429-дептер.

**Мутан Үсөнов**

1981 – жылы Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, тажик совет поэзиясынын корифейи Мирзо Турсун Заденин туулган күнүнүн 70 жылдыгына арналган республикалык конкурста «Акынга» аттуу ырын комуз менен кыргызча аткарып, лауреат болгон жана ага жумурияттын маданият министирлигинин Грамотасы ыйгарылган. Мутан Үсөнов**«Ушакчы»** деген ырын комузун күүлөп төмөнкүчө ырдаган.

Элдин ичин жойлогон,
Жоолошконун койбогон.
Кармашканын капшырган,
Эне сүтүн тапшырган.
Арман кылбас катылган,
Арстан чыкты ушакчы.

Ушак кепке тойбогон,
Уктуруп койбогон.
Ак кишини каралап,
Арамдыгын жойбогон.
Көп адамды күйдүргөн,
Түлкү чыкты ушакчы.

Чоңду көрсө жойпулап,
Кошамат кылып жандаган.
Көрүшкөнү кол сунса,
Колтугунан кармаган.
Күлө сүйлөп жалынып,
Балдай сөзүн арнаган.
Кошоматтык жагынан.
Алдына адам салбаган.
Күлүк чыкты ушакчы.

Тийишкенди чайнаган.
Тилин кесип жайлаган.
Жок кылсам деп ушуну,
Түнү – күнү тынбаган.
Белдүү чыкты ушакчы.
Жагымдуу анын сөздөрү,
Ойноок келет көздөрү.
Менин сөзүм туура деп,
Калайыкка бакырат.
Жакын барсаң жанына,
Шилекейи чачырайт.

Ушак таппай калганда,
Ооруп жүрөт ушакчы.
Бөдөнөдөй өзүнү,
Коруп жүрөт ушакчы.
Кармашууга бирөөнү,
Тооруп жүрөт ушакчы.

Жорток эмес чайпалган,
Жорго чыкты ушакчы.
Чагылгандай тараткан,
Жалын чыкты ушакчы.

Чегирткедей секирип,
Ыргып жүрөт ушакчы.
Сөз ичинде катылып,
Былгып жүрөт ушакчы.

## 18. Санат ыры

**Айтуучу:**Анарбаева Бурул.
**Жазып алган**: Мамасадыкова Гүлбарчын. 1948-дептер.

Ак ниеттүү адамдын,
Айткан кеби шар болот.
Эки сөздү калп айтыш,
Эр жигитке ар болот.
Кызгалдактар гүл ачкан,
Кызык мезгил жаз болот.
Таңдайдан ырын чубурткан,

Акындар сөзгө бай болот.
Карагер атты булкунткан,
Карчытта казы май болот.
Карынын черин таркаткан,
Канттап ичкен чай болот.
Кыз  он сегиз жашында,
Кыраңдан чыккан ай болот.
Ай асмандан жаркырап,
Айнектен нуру тийбейби.
Айдай сулуу жаш жарын,
Армансыз жигит сүйбөйбү.
Жарыштан озгон бууданды,
Жарашып эрлер минбейби.
Капталдан качкан калтарды,
Кадиктүү барчын илбейби

Алты жыл жерде жатса да,
Алтындын өңү кирдейби?
Алтынга сары жез окшош,
Асылдын баркын билбейби?
Сүйгөн менен жалганды,
Сүйүүсүз өмүр гүлдөйбү?
Жазында жамгыр болбосо,
Жашарып гүлдөр жайнайбы?
Тамыры  суuga тойбосо,
Бутагы мөмө байлайбы?
Жыйылып келсе бардыгы,
Жылдыздын нуру айдайбы?
Күлкүгө бөлөп койсо да,
Гүлсүз булбул сайрайбы?
Корунун күчү болбосо,
Көмүргө темир кайнайбы?
Элге жагып эрдигиң,
Эмгек менен жайнагын.
Эмгекти талбай иштесен,
Эгинге кабың толбойбу.
Баркына жетип бакпасаң,
Бакчада гүлүң соолбойбу.
Алтын деп сары жез алсаң,
Аз эле күндө оңбойбу.
Аяздуу ак кар  кыш болсо,
Арыкта суулар тоңбойбу.
Жибекти каттап кийсен да,
Жылуулук баркы тондойбу.

Чарчабаган кызыл тил,
Чалгынында калаттыр.

## 19. Насаат ыры

**Айтуучу:** Абдылдаев Абдил аксакал. Ысык – Көл областы,
Ак-Суу району,Өгүз-уул айылы. 1991-жыл.
**Жазып келген:** Теңизбаева Жанара.**1**762-дептер.

Байка кары алыңды,
Байбичең билет табыңды.
Кокус андан айрылсаң,
Балдарың билбейт алыңды.

Ден-соолуксуз адамга,
Ашык ичкен аш болбойт.
Абийири бар карылар,
Арак ичип мас болбойт.
Салабаттуу карылар,
Санжырадан сөз козгойт.
Баркын билбейт кээ бири,
Сакалына ээ болбойт.

Эскертемин баарыңа.
Эркек – аял, карыңа.
Жаш эңкейип барганда,
Этият бол жаныңа.

## 20. «Эмне жок»

**Айтуучу**: Абдылдаев Абдил аксакал. Ысык – Көл областы,
Ак-Суу району, Өгүз-Уул айылы.
**Жазып алган:** Теңизбаева Жанара. 1991-жыл. 1762-дептер.

Кыйкырбасаң үнүң жок,
Сүйлөбөсөң тилиң жок.
Окубасаң билим жок,
Үйлөнбөсөң үйүң жок.
Аялың жок – күнүң жок,
Курабасаң малың жок.
Тикпей койсоң талың жок,
Жасабасаң тамың жок.
Ойлобосоң камың жок,
Колуңдагы барың жок.
Бере турган даамың жок,
Жүгөн болбойт арың жок.
Арак ичсең байлык жок,
Алып келген айлык жок.

Ашаа[27] тартсаң акыл жок,
Алмак болгон макул жок.
Тамеки тартсаң өпкөң жок,
Тапкан жыйган көпкө жок,
Таңшыган үн төкмө жок.
Тамашалуу көпкө жок,
Азыр акылы жок дөдөй жок.
Эмгектенсе кедей жок,
Акыры түшөт колу шок.
Ак эмгектин карды ток,
Ооруулу болсоң табың жок.
Басымы кем каның жок,
Өөдө болоор алың жок.
Өлүп калсаң жаның жок,
Кимден калбайт бул жалган,
Айла болбойт арга жок.
Артта калат дүйнө бок.
Болсо болду эл журтум.
Тынччылыкта кийми бүтүн, карды ток,
Капа – кайгы, санаа жок.

## 21. Насыят ыры

**Айткан:** Өмүрбаев Салык, пенсионер. Кочкор району, Комсомол айылы.
**Жазып алган:** Белекова А. 1761-дептерден

Жаманы болбойт адамдын,
Жазагы билет калемдин.
Эркеги болбой эл болбойт,
Эмгеги болбой эл тойбойт.
Өйүзү болбой жер болбойт,
Өзөнү болбой суу болбойт.
Жокчулугуң сурантат,
Берсе жаман кууратат.
Мөңгүсү болбой зоо болбойт.
Жамандыкты ойлосоң,
Акыры ишиң оңолбойт.
Ашуусу болбой бел болбойт,
Асуу сайбай ат болбойт.
Адыры болбой тоо болбойт,
Аскасы болбой зоо болбойт.
Адал иштеп, ак жүрсөң,
Асили[28] сага доо болбойт.
Түзөңү болбой эл конбойт,
Түйшүгү болбой эл болбойт.
Тамыры болбой тал болбойт,
Пейли оңолбой эл болбойт.

Береке болбой эл тойбойт.
Дан көп болсо,сый да көп
Берекени дан оңдойт.
Ушак айтып уулантат,
Өспөй турган азамат,
Өзүн-өзү макташат.
Өз пайдасын сакташат.
Көрбөйт деп ууру кылбагын,
Көрүнүп ууруң табылат.
Бар тапканың чачылат.

## 22. Сонун да

**Айткан:** Өмүрбаев Салык, пенсионер. Кочкор району, Комсомол айылы.
**Жазып алган:** Белекова А. 1761-дептерден

Улуу тоонун боорунда,
Уларын атсаң сонун да.
Урматтап баккан уулуңдун,
Үзүрүн көрсөң сонун да
Кызараган тоонун боорунан.
Кекилик атсаң сонун да,
Керилтип баккан балаңдын,
Кызматын көрсөң сонун да.
Адырлуу тоонун боорунда,
Аркарын атсаң сонун да.
Ардактап бакан балаңдын,
Акылын көрсөң сонун да.

Тектирлүү тоонун боорунда,
Текесин атсаң сонун да.
Тирелип өскөн кызыңдын,
Тиккенин кийсең сонун да.
Чар жайыт тоонун боорунда,
Чатырын тигип оюнда.
Күзгүгө жүзүн каранып,
Эненин ийнин таянып.
Эркелеп жүргөн чүрпөңдү,
Эрмектеп сүйсөң сонун да.

## 23. Насаат ыры

**Айтуучу:** Жанузаков Кадыр, 85 жашта. Чүй району, Мичурин айылы. **Жазып келген**: Эдилбаева Нарынкүл. 1508-дептер.

Акылы бар жигиттер,
Сымга тарткан күмүштөй.
Айткан сөзү ширелүү,
Демдеп койгон күрүчтөй.

Өнөрү бар азамат,
Үзүлбөгөн тасмадай.
Сыйлашпаса бир – бирин,
Бир тууганың башкадай.
Элге дайын азамат,
Ат башында кашкадай.
Сөз маанисин билбеген,
Жолу туюк аскадай.

Азаматтын жакшысы,
Асабалуу желектей.
Саяласаң көлөкө,
Шоодураган теректей.
Адептүүнүн белгиси,
Сүйлөгөнү жибектей.
Кайраты бар азамат,
Кар күрөгөн күрөктөй.
Кебетелүү кыз бала,
Тамга тарткан сүрөттөй.
Кең пейилдүү азамат,
Мөмөлөгөн алчадай.
Топ жыйында сакалдуу,
Тоого чыккан арчадай.
Ишенимдүү азамат,
Ат байлаган акырдай.
Дөөлөтү бар карылар,
Дөбөдөгү чатырдай.
Карындагы сары май,
Жыты жакшы атырдай.
Кичи пейил азамат,
Киргили жок тазадай.
Кара көңүл дем кыял,
Тим жүргөнү кападай.
Жарык жүргөн азамат,
Жакшы урулган такадай.
Карыганда ким болсо
Көркөмү жок бакадай.
Байбиченин жакшысы,
Ийи майда матадай.
Пейли жакшы кең болсо,
Майы калың учадай.
Абышканын жакшысы,
Үйрү өскөн букадай.
Уул – кызы көп болсо,

Упа салган супадай.
Кыз баланын жакшысы,
Күзгүсү бар айнектей.
Жакшы кийим жарашат,
Жашыл моюн өрдөктөй.
Карап турсаң чырайы,
Таза жууган көйнөктөй.
Ашык болот көргөн жан,
Күкүк менен Зейнептей.

Ар ким өзү тилесин,
Таңдайында насибин.
Боору ачып карабайт,
Бир туушкан жакыныӊ.
Өлгөнчө кыйбайт өзүңдү,
Өмүрлүк жолдош катыныӊ.

Жаман болсо балдарың,
Багууга бир күн жарабайт.
Канчалык тилдеп жатсаң да,
Катындан башка карабайт.
Жашоочу жалгыз өмүрүн,
Эч качан бөлөк санабайт.

Оорусаң да  кошо ооруйт,
Кейисең кейип жаны ооруйт.
Аманын тилеп Алладан,
Арбын ойлоп баш ооруйт.

Сагынат сени көргөнчө,
Кызматың кылат өлгөнчө.
Кеткиси жок үйүңдөн,
Алпарып жерге көмгөнчө.

Күлүктүн табы тер менен,
Дыйкандын күнү жер менен.
Алтын баштуу болсо да,
Аялдын күнү эр менен.
Аттын көркү жал менен,
Айылдын көркү чал менен.
Ар кимдин көзүн карабай,
Адамдын көркү мал менен.
Кыркалап тиксе көрктөлүп,
Кыштактын көркү тал менен.

Ириктин көркү жүн менен,
Ырчынын көркү үн менен.
Он сегиз миң ааламдын,
Оокаты жарык күн менен.

Акылдуунун баарысы,
Артын ойлоп сактанат.
Акылы жок жел өпкө,
Айылга барса мактанат.
Кылмышы турса көрүнүп,
Кылбадым деп актанат.
Өлө турган жерине,
Өзү барып чапталат.
Билимдүү элди башкарат,
Милдетин толук аткарат.
Адал иштеп кызматын,
Артын ойлоп шаттанат.
Эси бар мындай жигиттер,
Эл ичинде мактанат.
Ишине мунун баа берип,
Элдин көөнү шатталат.
Баш ийип элиң ишенет,
Барган сайын түзөлөт.

Колунан келбес каалабайт,
Корсулдап үйдө күчөнөт.
Бир кызматка орношсо,
Бир айга жетпей түшүрөт.
Сырыңды айткын сырдашка,
Сыныңа толгон  курдашка.
Жамандык жакка жибербейт,
Жакшынын жөнү бир башка.
Койдун көркү семизде,
Козунун көркү эгизде.
Ичкиликке берилип,
«Ит экен ушул» дегизбе.
Адашасың жолуңдан,
Алдамчыга  келишпе.
Ак жолунан тайбаган,
Ал адамдан чыккан периште.

Өйдөсүнүп бирөөгө,
Өкүмчүлүк кылбагын.
Азаматтын жакшысы,

Убададан жылбаган.
Улуу киши сөз айтса,
Угуп сөзүн тыңдаган.
Улуусунуп сөз айтса,
Уят кылып койбогун.
Өзүңдөн башка жоксунуп,
Өтүгүңдүн кончун чойбогун.
Бир келген жыргал турмушта,
Энчиңден балдар кур кылба.
Эмгектүү жыргал турмушта,
Ичкиликке берилсең -
Илинесиң кылмышка.
Карап туруп таң калам,
Катарлап салган курулушка.
Үй - бүлөңдөн куулуп,
Ырыскыңды теппегин.
Башыңа бир күн  иш түшсө,
Басынып коодой чөкпөгүн.
Картайганда билесиң,
Канча иштер баштан өткөнүн.
Ичкиликке берилип,
Эл ичинде мактанба.
Кылмыш кылсаң чының айт,
Жалган айтып актанба.
Акыры бир күн түшөсүң,
Тосуп койгон капканга.
Ошондо келет эсиңе,
Шыйрагыңан чапканда.
Капталып калба каманга,
Кошомат кылба жаманга.
Туруксузга ишенбең,
Туура өлөсүң арамда.
Бактың кетсе башыңдан,
Тууганың келбейт саламга.

## 25. Санат ыры

**Айтуучу:** Жанузаков Кадыр, 85 жашта**.**Чүй району, Мичурин айылы.
**Жазып келген:**Эдилбаева Нарынкүл1508-дептер.

Кептеркана дүнүйө,
Толуп кетип баратат.
Бири учса бирөөсү,
Конуп кетип баратат.

Арпа жебей аргымак,

Арып кетип баратат.
Азамат эрлер көөнөрүп,
Карып кетип баратат.

Кар эрисе суу болот,
Карыса сакал куу болот.
Муз эрисе суу болот,
Муңайса сакал куу болот.

Жардам берген устага,
Жалындуу ысык чок болот.
Кайраты бар жигиттин,
Көкөйүн кескен жок болот.
Мүнүшкөрдүн колунда,
Бозумук түлөк куш болот.
Эр жигиттин башында,
Эчен түркүн иш болот.

Балалуу өрдөк талпынса,
Балапандары  куу болот.
Баласыз өрдөк талпынса,
Жез канаты суу болот.

Кум куюлган зоо болот,
Кум айланган тоо болот.
Жаман менен жандашкан,
Арылбаган   доо болот.

Көрк кошуп турган кыздарга
Өрүлгөн кара чач болот.
Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай мас болот.

Жакшыга дөөлөт келгенде,
Бой көтөрбөй пас болот.
Акылмандын айтканы,
Асем китеп сөз болот.

Алтыны болот куйманын,
Арманы болот дүйнөнүн.
Күмүшү болот түймөнүн,
Күйүтү болот дүйнөнүн.
Алыстан караан көрүнсө,
Аргымак жетет жүгүрүп.

Барыш – келиш кылбасаң,
Тууганың кетет түңүлүп.

Ыргытсаң ыраак таш кетет,
Токтобой жашка жаш кетет.
Пейили кеткен пенденин,
Казанынан аш кетет.
Тозоң болуп сай кетет,
Өткөрүп көптү ай кетет.
Канаат кылбай дүйнөгө,
Кайыры жок бай кетет.

Кум чачылат дайрадан,
Гүл чыгат жазда жайнаган.
Жаштыктын көркү, ыраатьы,
Кылт этсе келбейт кайрадан.

Жер тандабай жүгүргөн,
Баасы кымбат күлүктүн.
Өзү келип түшпөсө,
Табы катуу бүркүттүн.

Канаты кайкы шумкардын,
Жааны болот булуттун.
Тили ширин бүркүттүн,
Көңүлү жарым муңдуунун.

Кошумча болуп жашашка,
Колу узарат уулунун.
Каерге барса жарашат,
Отурушта пулдуунун.

Коргондуу жердин орду бар,
Улуктун майда чоңу бар.
Бай-манаптын тушунда,
Кембагал элдин шору бар.

Агарган тоонун боорунда,
Кайып болот турбайбы.
Атаңдын жакшы көргөнү,
Зайып болот турбайбы.
Айдап жүргөн мал кантет,
Аманат турган жан кантет.
Эки колдон иш кетет,

Ээктен кашка тиш кетет.
Беремин деген бекилбейт,
Бек байланган чечилбейт.
Пендеңди кудай кечирбейт.

Кыска жип жетпейт байлоого,
Кембагал чыкпайт жайлоого.
Бакпаса багың жетилбейт
Баспай туяк чор болбойт,
Арам болсо ниетиң.
Баары бир ишиң оңолбойт,
Бейсаат күнү жол болбойт.
Аргымак озот чуу менен,
Ак өрдөк ойнойт суу менен.
Саратан учат жаз менен,
Теңелбегин мас менен.

Жамандын жайы чап болот,
Жалган айтпа эч качан.
Иш алып, иш билгендин,
Пайдасы дайым так болот.

Жорголор жолдун фарманы[29]
Жокчулук элдин арманы.
Жаныңда чака[30] болбосо,
Куруйт го жигит дарманы.

Чарчап арып бир минсең,
Ак тумшук эшек ат болот.
Ач калып туруп бир жесең,
Загара нандар кант болот.
Дыйкандын көркү жер менен,
Күлүктү чабат тер менен.
Кадырлаш болсо өлгөнчө,
Катындын көркү эр менен.
Отурганың турганың,
Курсантчылык эмеспи.
Жүрөгү таза жигиттин,
Ниети ак дебеспи.

## 25. Насыят ыры

**Айтуучу:** Гайбуллаев Андакул, 54 жашта. Бакмал району, Бакмал совхозу.
**Жазып келген:**Наркулов Азизбек. 1990-жыл.983-дептер (50-дептер).

Ажал жетсе амалсыз,
Биз да бир күн өтөбүз.

Ниетибиз жакшырып,
Иштеп турсак дайыма.
Тилегибизге жетебиз.

Көп бириксе көл болот,
Көл каптаса сел болот.
Бирде дүйнө бар болот,
Бирде дүйнө жок болот.
Боло турган жаш бала,
Жаш чагында  шок болот.

Боло турган жигиттер,
Эл башкарып журт түзөт.
Он бешинде баш болот.
Акылы жок жигиттер,
Жаш  гөөдөктөй[31] тыйтаңдап,
Карыганча жаш болот.

Акылмандын айтканы,
Асыл китеп сөз болот.
Эл сүйгөндү ким сүйбөйт.
Акылы толук азамат,
Алдоо сөзгө баш ийбейт.
Жаман менен баш кошсоң,
Таң атпайт да, кеч кирбейт.

Козголоңдуу жигит бар,
Арак ичип шер болгон.
Коңшусу менен тынч жүрбөйт.
Ырыс алды ынтымак,
Береке менен бак конот.

Кайраты бар жигиттер,
Душманынан сак болот.
Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай мас болот.
Кайраты бар жигиттер,
Калың элге баш болот.

Ырыс алды ынтымак -
Карыганда кол кармаш.
Билими бар азамат,
Бириңе бириң жардамдаш.

## 26.Каалоо ыры

**Айтуучу:** Орокова Бейшегүл. Ат-Башы району, Калинин айылы. **Жазып келген:**Ашырбекова Рима. 24-дептер).

Той болсун тойдун артынан,
Токчулук болсун калкымда.
Ушундай шартты баштаган,
Кагылам кыргыз салтына.

Кеңештен болсо үй ээси,
Кең пейил болсо бүлөсү.
Кеңешип бирге жашаса,
Кем болсо мейли дүйнөсү.

Акылман болсо үй ээси,
Ай пейил болсо бүлөсү.
Акылдашып жашаса,
Аз болсо мейли дүйнөсү.

Бал татыган ширин сөз,
Баладан укса кеңешти.
Барктап турса ар дайым,
Баарынан сонун эмеспи.
Кебездей жумшак жылуу сөз,
Келинден укса кеңешти.
Кейитпей жакшы жашаса,
Эң эле сонун эмеспи.

Алтымыш ашып барганда,
Алдан тайып карыганда.
Ардактаса балдары,
Армансыз өтсөк жалганда.
Карылык келип калганда,
Кадырласа балдар да.

Каадалуу келип карылык,
Кор болбой өтсөк жалганда.
Балалык кез, жаш убак,
Баа бербей кетти алыстап.
Бактылуу кары дедирип,
Баркыбыз менен карысак.
Кызыл гүлдөй жаш убак,
Кылчайбай кетти алыстап.
Ырыстуу кары дедирип,
Ыймандуу болуп карысак.

Келин алып, кыз бермек,
Кең пейил кыргыз салты да.
Кеңештеш болуп ардайым,
Келиндин жетсек баркына.
Уул үйлөнтүп, кыз берген,
Урматтуу кыргыз салты да.
Убайын көрүп ар дайым,
Уулдун жетсек баркына.
Уулдун барсаң үйүнө,
Уулуң бир чыкса жүгүрө.
Урматтаса, сыйласа,
Убай эмей эмине.
Кызыңдын барсаң үйүнө,
Кыз балаң чыкса жүгүрө.
Кызматын көрсөң ар дайым,
Кызык  го эмей эмине.

## 27. Санат ыры

**Айтуучу:** Күлчоро уулу Махтен, 68 жашта (уруусу-бугу).
Тоң району, Бөкөнбаев айылы.
**Жазып келген:**Шакирбеков Бекбоосун. 1302-дептер.

Ак бараңдын кундагын,
Аталбасаң сунбагын.
Атаң жаман болсо да,
Насыятын тыңдагын.
Атырылып мактанбай,
Акылдуусунуп жөтөлбөй,
Ээ, акмагым,
Өзүңдү өзүң сыйлагын.
Адамдыгың чыңдагын,
Атың арык баспаса,
Акрындык менен таптагын.
Атаң жаман болсо да,
Айтканын ойго сактагын.
Акылдуусунуп бирөөнүн,
Оозунан сөзүн какпагын.
Нааразы кылып бирөөнү,
Ачууланып чаппагын.
Абийирин ачып бирөөнүн.
Жамандык ишин айтпагын.
Убада кылсаң бир ишке,
Ошондон кайра тартпагын.
Адамдыгын сатпагын.

Ошондой жаман иштерди,
Акылы жок айбандар.
Өзүңдү- өзүң сатпагын.
Адамга жаман көрүнүп,
Абийириң күлдөй төгүлүп.
Уят болуп калбагын.

Анда жокко төп берип,
Ыйманыңды сатпагын.
Кудайга жаман көрүнүп,
Кепераэтин[32] тартпагын.
Алың келсе эмгек кыл,
Бекер карап жатпагын.
Береке толуп үйүңө,
Бейиштин даамын татканың.
Арам ойду жолотпой,
Келтирбей аны какканың.
Эмгектенип тер төгүп,
Бактыны издеп тапканың.
Эмгек сени жыргатат,
Эсесин көрбөй запкынын.
Битирленбей көп эле,
Берарман бол баарына.
Ошондо гана береке,
Бапестеп сени чакырат.
Арам болсоң эгерде,
Жараткан сени катырат.
Өрттөп сени тозокто,
Күлүңдү бийик сапырат.

## 28. Насаат ыры

**Айтуучу:** Орунова Жамийла, 67 жашта (уруусу – сарт).
Алай району, Гүлчө айылы.
**Жазып алган:** Касымов Бакир. 1314-дептер.

Боло турган азамат,
Жүрөгүндө оту бар.
Тамды тешер угуму,
Сабы кыска чоту бар.
Боло турган азамат,
Болоттон кылыч байланат.
Жоого чыгаар түрү бар.
Тайлактын таза жүнү бар,
Бир ишти эки кылбаган,
Кембагал элдин сүрү бар.

Жакшы менен дос болсоң,
Бул жылкымды алгын дейт.
Жаман менен дос болсоң,
Баягы миңди бергин дейт.

Жакшы менен дос болсоң,
Жалгыз жаның кор болбойт.
Жаман менен дос болсоң,
Акыры бир күн доо болот.

## 29. Санат ыры

**Айтуучу:** Ногоева Элвира, 58 жашта (баатыр эне, уруусу - черик).
Ат-Башы району. 2000-жыл.
**Жазып алган:** Аясова Нургүл. 918-дептер.

Акылман болсо үй ээси,
Ак пейил болсо бүлөсү.
Акылдашып жашаса,
Аз болсо мейли дүйнөсү.
Кеңештеш болсо үй ээси,
Кең пейил болсо бүлөсү.
Кеңешип бирге жашаса,
Кем болсо мейли дүйнөсү.

Келин алып, кыз бермек,
Кең-пейил кыргыз салты да.
Кеңешип бирге жашасаң,
Келиндин жетип баркына.

Уул үйлөп, кыз бермек
Урматтуу кыргыз салты да.
Урматын көрүп уулуңдун,
Уулдун жетсең баркына.

Балалык кез, жаш убак,
Баш бербей кетти алыстап.
Бактылуу кары дедирип,
Баркыбыз менен карысак.

Кызыл гүлдөй жаш убак,
Кылчайбай кетти алыстап.
Ырыстуу кары дедирип,
Ыймандуу болуп карысак.

Тумандуу жерде кар жатат,

Тунарып барып таң атат.
Туйгундай болгон жаш убак,
Туюнтпай өтүп баратат.

Кашаттуу жерде кар жатат,
Карарып барып таң атат.
Кайран өмүр жаш убак,
Кайгыртып өтүп баратат.

## 30. Дүнүйө

**Айтуучу:** Караева Акжуурат, 74 жашта. Өзгөн району.
**Жазып келген**: Бекмурзаев М. 940-дептер.

Замана кандай, заң кандай,
Жарды кандай, бай кандай.
Жалгыз кандай, көп кандай,
Өтүп барат бул дүйнө,
Ачып көздү жумгандай.
Эл башына мүшкүл иш,
Түшөт экен ар кандай.
Келээриңде дүнүйө,
Килем жапкан төөдөйсүң.
Кетээриңде дүнүйө,
Карып калган жөөдөйсүң.
Келээриңде дүнүйө,
Каркыралуу кыздайсың.
Кетээриңде дүнүйө,
Таманы муздак сыздайсың.
Тураарыңда дүнүйө,
Туткалаган айнексиң.
Турбасыңда дүнүйө,
Түбү түшкөн чайнексиң.

## 31. Санат

**Айтуучу:** Эшимбетов Батыр. Фрунзе району. 1967-жыл
**Жазып алган:** Асанов А. 796-дептер.

Белиңде куруң болбосо,
Мен дегениң бекер иш.
Чапканың күлүк болбосо,
Дегдегениң бекер иш.

Колуңда кушуң болбосо,
«Куу!»- дегениң бекер иш.

Кудайым илим бербесе,
«Сув» дегениң бекер иш.
Кызгалдактар гүл ачкан,
Кызыл мезгил жай болот.
Таңдайдан сөздү чуурутуп,
Акындар сөзгө бай болот.

Карагер атты булкунткан,
Карчытта казы май болот.
Кыз он сегиз жашында,
Кыраңдан чыккан ай болот.
Ай асманда жаркырап,
Айнектен нуру тийбейби.
Айдай сулуу жаш жарыңды,
Армансыз жигит сүйбөйбү.
Жазында жамгыр болбосо,
Жашарып гүлдөр жайнайбы.
Тамыры суугa канбаса,
Дарактар мөмө байлайбы.
Жайылып келсе бардыгы,
Жылдыздын нуру айдайбы.

Күнгө бөлүп койсоң да,
Гүлсүз булбул сайрайбы.
Көөрүктүн күчү болбосо,
Көмүргө темир кайнайбы.
Элге жакса эмгегиң,
Эркиндик менен жайнайлы.

## 32. Санат ыры

**Айтуучу:** Салиев Төлүбай, 91 жашта. Кочкор району, Ак-Жар кыштагы. 1982-жыл.

**Жазып келген:** Осмоналиева Ж. 796-дептер.

Мен айтамын бир казал,
Уккан жандар билип ал.
Баштан аяк сөз узун,
Баарысына кулак сал.
Эсен болсо алтын баш,
Сөзүм кетет далайга.
Убадаңды кетирбе,
Үйүңдө жүргөн аялга.

Эр жигиттер мен айтам.
Кыяны кыялай баспай жол болбойт,

Уз бычмайын тон болбойт.
Этекти кессең жең болбойт,
Эзелде зыян эл болбойт.
Көбөйүп жылдыз ай болбойт,
Аары, гүлсүз бал болбойт.
Белгилүү жигит жоголбойт,
Баатыры жок эл болбойт.
Ичи кара бузуктун,
Эзелде иши оңолбойт.
Бекем байлоо чечилбейт,
Арсардын айы жаңырбайт.
Акындар сөздөн жаңылбайт,
Ат аяган жөө баспайт.
Көпчүлүктүн ичинде,
Сөзгө чечен киши бар.
Акылмандын ар качан,
Көпчүлүк менен иши бар.

Давыр-дувур жүгүргөн,
Тулпар аттын туягы.
Төгөрөккө тең тийген,
Ай менен күндүн чырагы.
Менин айткан кептерим,
Шарият сөзгө жараша.
Имам болбойт намазга,
Сакалы жоктон кунаса[33].

Каада бир кыл ургаачы,
Айтканымды тыңшачы.
Күйөөдөн мурда сөз айткан,
Кишиден эч тайманбас,
Ыйманы кеткен ургаачы.
Адат да болбос үйүндө,
Жакшы сөз укпас өмүрдө.
Жакшы болсо алганың,
Агарганы жакаңдын.
Капалыктан кол үзүп,
Ачык болоор кабагың.
Кыз – келиндин жакшысы,
Кылда акыл нускадай.
Кыз – келиндин жаманы,
Өтпөс мокок ороктой.
Үй-бүлөсүн жүдөтөт,
Үшүк урган көнөктөй.

Азамат ырга салынар,
Элимде дайым айтылаар.
Жакшылык келбейт жамандан,
Деп айткан элде бир сөз бар.

Энең- атаң бар болсо,
Мекедеги курмадай.
Эне-атасыз жетимдин.
Көргөн күнү бир далай.
Жаман адам суук сөз,
Сөөккө баскан тамгадай.
Жакшы адамдын бир сөзү,
Ооруга берген дарыдай.

Алганың жакшы болгон соң,
Килемди согуп түр кылат.
Келген үйдү гүл кылат.
Алганың жакшы болгон соң,
Кирдүү көйнөк кийгизбейт.
Жер каратып күйгүзбөйт.
Алганың жакшы болгон соң,
Камчыңды алып төргө илет.

Кадырыңды зор билет,
Душманыңды дос кылат.
Атың кетет алыска,
Балдарың болот кашыңда.

Алганың жаман болгон соң,
Мейман келсе мурчуят.
Коңшу келсе тырышат,
Кой сойдурбай урушат.

Нан сурасаң ун жок дейт,
Үй кайтарып отурган,
Кара бет мендей жок дейт.

## 33. Насыят ыры

**Айтуучу:** Султан уулу Ахмат ырчы, 60 жашта. Тажик республикасы Жерге-Тал району,Мөк (Сары-Кенже ) айылы. 1992-жыл.
**Жазып келген**: Махмудбек уулу Хуштарбек. 1536-дептер.

Беш алты ооз гап[34] айтам,
Ар жерден алып термеден.

Акылы даана жоомарттар,
Намызды колдон бербеген.

Өксүгөн менен пайда жок,
Өлгөндөр кайтып келбеген.
Маңдайлашып жоо келсе,
Баатырлар чуркап дегдеген.

Амалдар болсо жакшы адам,
Ач арыкты колдогон.
Келсе дөөлөт сүйүнбөй,
Кетишин жана ойлогон.
Өтүп кетээр беш күндүк,
Давлатка мавдур[35] болбогон.
Жакшы уул калса атадан,
Атанын жолун жолдогон.
Кумар ойноп, бозо ичип,
Хулиган атка конбогон.
Ат кадырын не билсин,
Алты айлап багып минбеген.
Хадын-хаада биле албайт,
Жакшыдан нүспат [36]тийбеген.
Хазирети Лухмандай, (Улукман )
Бандаси[37] миңге кирбеген.
Жети күндүн биринде,
Өлөөрүн банда билбеген.
Чечилбеген доолорду,
Чечендер чечип сүйлөгөн.
Хардарга келген бандалар,
Кыз берип, уул үйлөгөн.
Кыямы келсе бахарда[38],
Кызыл гүл, ак гүл гүлдөгөн.
Күн чалыш келген майданда,
Мавжурук [39]дарак гүлдөгөн.
Халкын сүйгөн банданин,
Балдары өсүп барктаган.
Жахандо[40] сыра бар бекен,
Жаш болуп суудай акпаган.

Жани үчүн келген касалга[41],
Дары-дарман жакпаган.
Кадырлуу башың өткөн соң,
Карындаш ыйлап таппаган.
Жабырсыдан өткөн соң[42],

Улукка барып даттанган.
Жазбай жүрүш каттаса,
Дербиштер түндө жатпаган.
Акылы даана чечендер,
Акырет ишин эстеген.
Өлүмдүн барын ойлобой,
Дүнүйөнү сүйүп дос деген.
Дүнүйөнү чандап көп жыйса,
Тойбогон көзгө аз келген.
Бардык менен жоктукту,
Не билсин көрүп өспөгөн.
Саяпкер кадырын не билсин,
Заарлап [43]саят тоспогон
Саарлап жолду торобойт,
Коного бедов[44] кошпогон.
Алыстан бедов жүгүрсө,
Жел куюнга окшогон.
Узактан аркар көрүнсө,
Мергендер мылтык октогон.

Урматтуу кетсе журтуңдан,
Убайымдуу күн түшсө.
Урук-тууган жоктогон,
Түбү ышкыбоз банданин,
Тулпары тойдо туйлаган.

Жарыя жакты сүйгөндөр,
Жаханда жанын кыйнаган.
Жахандын жанын куш көрбөй,
Жалбарып хакка[45] ыйлаган.
Элиңде болсо дүнүйө боз,
Эки сомго көзү кыйбаган.
Эскиден калган бир сөз бар,
Экөөгө бирөө сыйбаган.
Өтүлгөн ишти не билсин,
Эртеңки сөздү туйбаган.
Аргымак минип ойнотуп,
Эрлер өттү дүйнөдөн.
Хан ат минип ойнотуп,
Калгандыр дүйнө кыйладан.
Халкыга болот арманы,
Карегинде кыйраган.

Кадимтен калган накылды,

Халыстан ырчы ырдаган.
Давлатти насип кылгандар,
Доорун сүрүп жыргаган.
Аяздуу катуу кыш келсе,
Агын суу тоңуп муздаган.
Адис кыя мергендер,
Ак аркар атып тушдаган.
Акылдуу журтта чечен көп,
Бирөөнүн ишин бузбаган.
Куштун табын билалбайт,
Ак шумкар таптап салбаган.
Мусапыр кадырын не билсин,
Алыска сапар барбаган.
Беш күндүк өтөөр дүнүйө,
Ойлогун кимден калбаган.
Азалии[46] чатак жигиттин,
Кутулбайт башы галвадан[47].
Пардаш[48] кылып отуруп,
Пахырлар[49] чыкпайт далдадан.
Аргымак бедов жүгүрсө,
Алыстан кунан чаңдаган.
Азамат өткүр иш кылса,
Аламан көрүп таң калган.
Ооматы кайткан жигиттин,
Үйүнө мейман аңдаган,
Башыны кесип кан төксөң,
Баатырлар сөздөн танбаган.

Ич күйдүрүп гап айтсаң,
Тантып көп сөзгө канбаган.
Не «мен» деген эрлерди,
Газ[50] берип дөнүйа алдаган.
Ишаарат кылсаң бир гапти,
Дааналар сөздү аңдаган.
Ибират алгын өткөндөн,
Дүнүйа калат хаммадан[51].
Хаталык өтпөй калабы,
Хам[52] сүт эмген бандадан.
Аз өмүрдүн ичинде,
Хар иштер өтөт калладан[53].
Мейличе банда чыга албайт,
Молдолор жазган тамгадан.

Душманды тутуп баш кессе,
Баатырлар туун камдаган.
Халкты эскиртет өлбөгөн,
Хааданы билбейт көрбөгөн.
Карыздар кылсаң жаманды,
Каргаша кылбай өнбөгөн.
Каргашалуу жаңжалди,
Хаадалуу эрлер оңдогон.
Жакшыга берсең мамиле,
Жайига[54] коюп ишини.
Жанар ишин ойлогон.
Дүнүйанин малын топтосоң,
Пассыздык көөнү тойбогон.
Дардисар [55]пулун уткузса,
Дарткам[56] деп кумар ойногон.
Максаты көптүр банданин,
Айтканидай болбогон.
Аягың жолдон тайгылса,
Азамат тууган колдобойт.

## 34. Санат ыры

**Айтуучу:**Турдубаев А. Ат-Башы району, Пограничник колхозу.
**Жазып келген:** Жумабаева С. 161-дептер.

Алың жетсе алып мин,
Алтындан жабдык салып миң.
Күчүң жетсе, күлүк мин,
Күмүштөн жабдык салып мин.
Күрөшүп өт күч барда,
Алышып өт ал барда.
Тишиң барда таш чайна,
Тал көгөрөт бир жайда.
Таш тараза ар жайда,
Эли бар көөнү эгизде[57],
Касапчы көөнү семизде.

Самоордо чай кайнаса,
Чайдын көөнү жазылат.
Салкын жерди жайласа,
Малдын чери жазылат.

Арпа, буудай , от жесе,
Аттын чери жазылат.
Алганың жакшы жар болсо,
Жигиттин чери жазылат.

## 35. Санат ыры

**Айтып берген:** Майрыкова Алма. Жумгал району, Түгөл- Сай айылы.
**Жазып алган:** Муратбекова Гүлзина. –дептер.

Жазда чыккан көк шибер,
Жайга жетпейт не пайда.
Жаркылдаган кайран жан,
Күзгө жетпейт не пайда.
Добогерчи [58]доо сурайт,
Кылыч тийген алсырайт.
Көптү көргөн жан сурайт.

Азаматтар жигиттер,
Эзели жаманга салба ишиңди.
Ишиң кетет далалап,
Дайрага талкан чалгандай,
Ак ишиң кетет жалгандай.
Аңгырап куру каласың,
Койнуңда аял чангандай.

Жакшыны мээнет басаарда,
Кас болосуң элиңе.
Аялды мээнет басаарда,
Каяша берет эрине.
Сартты мээнет басаарда,
Жатаак болот төөсү.
Кызды мээнет басаарда,
Жаман болот күйөөсү.
Жайкалган шибер болбосо,
Жай ысыгы кышка тең.
Жаман айткан суук сөз,
Жаакка койгон мушка тең.
Асмандан туман туюлса,
Үйүңдөн тамчы куюлат.
Үй да болсо тышка тең.
Алганың жакшы жар болсо
Кылыгы артык кызга тең.
Алганың жаман жар болсо,
Жамбаштан өткөн сызга тең.
Сарамжал өйдө болбосо,
Чалгыны сынган кушка тең
Ачпай буудан арыбайт,
Арам пейил жарыбайт.
Жекендүү көлдүн бал камыш

Жылкы салсаң от[1] жанат.
Уул жаман болгон соң,
Төөдөй болгон ит кабат.
Уулу жакшы болгондун,
Атасы жаман болсо да,
Төрдө олтуруп сый табат.
Кечүү кечсең мурун кеч,
Кийин калсаң жол тайгак.
Алышыңды бек байла,
Эшип кетсе[59] ал жетпейт.
Кеткендерди бат чакыр,
Узап кетсе үн жетпейт.
Малыңды эрте көздөп ал,
Караңгы кирсе көз жетпейт.
Журтум жакшы дебегин,
Берекеси болбосо.
Тууганым жакшы дебегин,
Ынтымагы болбосо.
Зайыбым жакшы дебегин,
Сарамжалы болбосо.
Уулум кыйын дебегин,
Топко аттанаар болбосо.
Эрим жакшы дебегин,
Токтоолугу болбосо.

## 36. Санат ыры

**Айтуучу:** Качкынбаев Мөкүшаалы. Кемин району, Алмалуу айылы.
**Жазып келген:** Ниязова Г. 77-дептер.

Боз баланын жакшысы
Кайнап турган казандай,
Боз баланын жакшысы
Жүк көтөргөн атандай.
Боз баланын жаманы -
Чатак болот, кыялы
Урушкандай сыягы.
Бекер минтип мактанат
Куру бекер таптанат.
Акылы бар азамат -
Мындай иштен сактанат.

## 37. Насыят

**Айтуучу:** Калчаке баласы Бошкой, 77 жашта( уруусу – чүрүм). 1972-жыл.
**Жазып келген**: Тынчыбеков К.119-дептер.

Ат жакшы аргымактан алыс болсо,

Жат жакшы агаинден тааныш болсо.
Душманындай тууганың табалайды
Аягың бир нерседен чалыш болсо -
Жардыдан ат албагын жалдуу экен деп,
Жаман менен жолдош болбо малдуу экен деп.
Арытып аргымактын жаш таманын,
Аягына жем түшүп [60]калды экен деп.
Жакшынын көңүлүн калтырбагын,
Колунда эч неме жок жарды экен деп,
Ат көркү - айгыр сындуу жалы менен.
Баш чечен, баатыр өтөт багы менен
Бардар туруп жок болгон жаман экен,
Алсын кудай кишини табы менен.
Дүнүйөң ойлоп турсам бекер экен,
Кадырга жакшы курбу жетээр экен.
Бир көөдөндөн жан чыксын деген курбум,
Бир күндө таштап алыс кетер экен.

Дүйнөдө өлбөй тирүү жүрүп турсаң,
Башыңдан түрдүү иштер өтөт экен.
Дүнүйөң ойлоп турсам чолок экен,
Ар кимге конуп кеткен конок экен.
Жайнаган жашыл гүлдөй кайран баштар,
Карарбай күнгө күйбөй калаар экен.

Дос болуп арас [61]болдуң жалган [62]менен,
Кай пенде муратына жеткен тегиз
Көңүлгө ар нерсени алган менен.
Алды -үмүт,арты – өкүнүч алдамчы өмүр,
Бир күнү желип өтөөр арман менен.
Акылың алдыңдагы аскар тооң,
Жакының жаман болсо күндө жооң.
Эгерде башыңа мүшкүл, кайгы түшсө,
Денеңдин биле албайсың оору-соосун.

Беш жашта бешиктеги майрам күнүң,
Он жашта жаш улактай ойноор күнүң.
Бир жаш бар он үч деген ойноктогон,
Жылаңач тайган минип жайдакталган.

Бир жаш бар он беш деген ойноктогон,
Оюнга орто улактай тойбой турган.
Бир жаш бар –
Жыйырма деген шыңкылдаган.

Закымдай мүнөз бүтөөр кылтылдаган.

Эсирип жыйырма жашты көтөрө албай,
Муунуң жаш козудай былкылдаган.
25 жаштан кайтпас деген күнүң,
Ылгабай баарын алып жеген күнүң,
Жаш чиркин көз алдында элестейди,
Жашчылык жан кадырын билгизбейди.

Бир жаш бар отуз деген ойноктогон,
Оюнга тоо текедей тойбостугум.
35 кетер сенин талгак күнүң -
Бир жаш бар 40 деген кылыч экен.
Кыргыздар ошол 40ка келген кезде,
Аллага кылган тобоң дурус экен.
45иң кыйып өтөөр көңүл топтоп,
Өткөнгө өкүнбөгүн бекер жоктоп.
Ар нерсе кыска жаптык күрмөсүндөй,
Айтылып мурункудан калган жомок
Элүүдө эбиң кетээр эңкейген менен
Бийикке колуң жетпес койкойгон менен,
Колуңда ата дөөлөт, ал жок болсо,
Өз сөзүң өргө баспас керсейген менен.
Элүү бешиң эбиң кетээр эскиргендей,
Бой тартып жаман иштен жиркенгендей.
Элүү бештен кийинкиге эч неме жок -
Таттуу уктап, куш төшөктө түш көргөндөй.

Алтымышың алыс эмес аркан болоор -
Омурооң топчусу жок салкын болоор,
Ооздон маржан тиштин баары түшүп,
Жаагың шол убакта талкан болоор.

Алтымыш беш кыйын тоонун ашуусундай,
Алыңыз анда келбес жашушундай.
Шо күндө көрө турган ыракатың -
Болбоорсуң жетим кыздын чачучундай.
Жетимиште жер таянбай туралбайсың,
Колуңа таяк албай жүрө албайсың.
Колуңда жакшы оокатың жок болсо эгер,
Сандыкты төрдө олтуруп кура албайсың.
Жетимиш беш чидерленген ат болоорсуң,
Ар нерседен шол убакта жат болоорсуң.
Бир жаш бар сексен деген селпилдеген,

Агарып ээк, сакал желпилдеген.
Балага, келинге  экчеп кадырың кетип,
Чер бүтөөр көкүрөктө килкилдеген.
Сексен беш уядагы балапандай,
Кең дүйнөң тарылады  алакандай.
Адамга, баарына өткөн кадырың жок,
Болоорсуң аны тууган жумурткадай.
Токсондо сен болоорсуң омурткадай -
Сөзүңө суусун канбас миң уккандай,
Балага, келинге айтып кадырың кетип,
Болоорсуң жаңы сууган  ботокойдой.
Бир жаш бар жүз деген уктатпаган,
Кийинки азып тууган эр азамат -
Биздерге жүз деген жаш уштатпаган.

## 38. Санат ыры

**Айтуучу:** Ногоев Иманаалы, 48 жашта (уруусу – аалы). 1972-жыл.
Жазып келген:   Дуңканова Г.     6-дептер.

Ойлоп, ойлоп сөз айтсам,
Улуу кишиге жакпайбы.
Оймоктой оозум тим жүрсө,
Оруска киши жакпайбы.

Кыябы менен сөз айтсам,
Кыраан кишиге жакпайбы
Кылган ишиң оң болсо,
Кытайга киши жакпайбы?

Бул  жалганда  не карып,
Ак калайлуу бөз карып.
Жаман тууган укпаса -
Насыят  айткан  сөз карып.

Ата-энеден айрылган,
Бечара болгон кыз карып.
Көтөрөөр тууган жок болсо,
Кайраттуу тууган эр карып.
Бабын таап чаппаса,
Ашкере күлүк  ат карып.
Сыйлап, конок болбосо,
Алыстан келген өз карып.

## 39. Чоң атанын айтканы

**Айтуучу:**белгисиз.
**Жазып келген:** Сейталиева Гүлайша.    7-дептер.

Бузулуп барат басканым,

Бутуна окшоп башканын,
Буурул аттай булкунган -
Каякта калды жаш чагым.

Баратат көзүм бозорум,
Койгонсуп бирөө которуп,
Келин алып, кыз берип,
Казандан калдык бошонуп.

Кемеге, казан кут болсун
Кары бар үйгө кут консун,
Кейитпей багаар карганда
Ыймандуу келин туш болуп.
Какпагын жаштар карыны,
Карылар тапкан баарыңы.
Кары бар жерде ыйман бар -
Ал кары үйдүн жарыгы.

## 40. Санат ыры

**Айтуучу:** Мүсүралиев Ыйаз,72 жашта. 1972-жыл.
**Жазып алган:** Дуңканова Г. 6-дептер.

Зар-заманым, заманым
Сабак берчү канатым.
Баарын мындан табасың.
Кызыл тилим сүйлөчү,
Кызык сабак уккандай.
Кыз-келиндин жаманы
Үй бүлдүргөн чычкандай.
Сыр айтпаган тууганың,
Арасташкан душмандай.
Кайыры жок балдарың -
Карагайсыз жылгадай.
Эске түшөт капалык -
Көп ооруган талмадай.
Аке чечен бар болсо,
Мекедеги курмадай.
Акыл кошсоң жаныңа
Себеп болот нускадай.
Акылга бай жигиттер -
Дарс окуган молдодой.
Таалим алсаң сөзүнөн

Теңир берген олжодой.
Жакшы болсоң канчалык
Кудайым берет болжобой.
Залим дебей не дейбиз
Сөзгө кантип теңейбиз.
Коко куурай, чөп чыгып,
Шыргый болгон замана ай.
Жаман аял эрине -
Кыргый болгон замана ай.

Коко тикен көп чыгып,
Байбичесин какшатып,
Токол болгон замана ай.
Кайненесин какшатып
Келин билген замана ай.
Каяшаны көп айтып,
Эрин билген замана ай.

Атты мээнет басаарда,
Аягынан басынат.
Төөнү мээнет басаарда,
Кара чымын асылат.
Эрди мээнет басаарда,
Эгини чыкпайт жерине.
Жерди мээнет басаарда,
Малы оттобойт кериге.

## 41. Санат ыры

**Айтуучу**: Шаршенбаев Орозбай , 68 жашта. Өзгөн району, Адыр айылы.
**Жазып келген**: Курманалиев Азимбек. 1967-жыл. 924-дептер.

Ат жүгүрөт чуу менен,
Түлкү качат уу менен.
Чечендерди козгогон -
Чечилбес кара доо болот.
Баатырларды козгогон -
Маңдайлашкан жоо болот.
Усталарды козгогон -
Кара темир дат болот.
Молдолорду козгогон -
Ала кагаз кат болот.
Жол арбыткан ат болот.
Эл тааныткан кат болот.
Куш учурган зар болот,
Кутту учурган кар болот.
Жаманга жакшы жолукса,

Асыл бир жаны жар болот.

Шагылдуу жерде түлкү бар,
Шайыр жерде күлкү бар.
Жер караган жетимдин -
Жүрөгүндө мүлкү[63] бар.

Жетимди жетим дебеңер,
Жетимден акы жебеңер.
Жетимден акы жесеңер -
Чын бейиш көрөм дебеңер.

Койду баксаң ирик болот,
Коргон салсаң бийик болот.
Элиңде жакшы бар болсо,
Эсепке башың кошулат.
Элиңде дөөлөт бар болсо,
Эгиздин[2] оту жошулат.
Элиңде дөөлөт жок болсо,
Эгиздин оту жошулбайт.
Элиңде жакшы жок болсо,
Эсепке башың кошулбайт.

Алма сабак жылаң баш
Пендеси минсин буракты.
Дүнүйөсү түптүгөл -
Жаннатка [64] жаксын чыракты.

## 42. Санат ыры

**Айтуучу:** Ордобаев Матыбай, 78 жашта (уруусу – шапак).
Жылуу-Булак айылы.
**Жазып келген:** Тынчыбеков К. 1972-жыл. 119-дептер.

Жакшы болсо азамат,
Жайдары деп аталат.
Жаман болсо азамат,
Жүргөн жерде чыр салат.
Берессесин көбөйтүп,
Дүнүйөгө алданат.

Кудай салса башына,
Малайлыкка жалданат.
Келиндердин жакшысы,
Кездеменин жибиндей.

[2] Эгиз – бийик, тоо деген маниде.

Оозу жаман бош болсо,
Эч өнөрү билинбей,
Оңуп кетер чырайы -
Кызыл жардын гүлүндөй.
Кыз баланын жакшысы,
Жүзү жарык айнектей.
Кийсе кийим жарашкан.
Жашыл моюн өрдөктөй,
Жетпей жүрөт далай жан,
Күкүк менен Зейнептей.

## 43. Санат ыры

**Айтуучу:** Нурдинов Камал, 1939-жылы туулган. Мургаб району, Мургаб кыштагы.

**Жазып алган:** Каримов Исмаил. 198-дептер.

Айдаса асыл ат кетет,
Өтө кызыл бат кетет.
Тоңуп жаткан муз кетет,
Чымындай жандын дарты үчүн,
Элине карап март кетет.

Кабактын көркү каш болот.
Жолдо эриккен адамдын,
Жандаганы мас болот.
Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай жаш болот.

Беремин деген бекибейт,
Бек байлаган чечилбейт.
Жетелеген жетилбейт,
Ондо-мында басаарда,
Бутум жакшы көрүнөт.
Айланып ойноп күлгөнгө,
Журтум жакшы көрүнөт.
Киндик кесип кир жууган,
Жерим жакшы көрүнөт.
Кичинемден бирге өскөн,
Теңим жакшы көрүнөт.
Төөнү сулуу көрсөтөт,
Мойнундагы жөгдөрү[65].
Мылтыкты сүрдүү көрсөтөт,
Ичиндеги ок-дары.
Байды жаман сүйлөткөн,
Короодогу койлору.
Анжиян, Алай көп каттап,

Соодагер тапкан пайданы.
Алыскы жерге жүгүрүп,
Аргымак алган байгени.

Шаардын болот шарбаты[66],
Жакшынын болот сөөлөтү.
Берген менен түгөнбөйт,
Эмгегиңдин дөөлөтү.
Бала чактан көп дешет,
Эненин кылган кызматы.
Уул үйлөп, кыз бермек,
Бул дүйнөнүн урматы.
Асман менен ай жүрөт,
Саар менен таң сүрөт.
Өлүш келбей оюна,
Оокатым деп эл жүрөт.

Айдын болот жарыгы,
Сууда болот балыгы.
Суунун бою саз болот,
Суксур моюн кыз болот.
Кыз он бешке келгенде,
Көйнөгү кызыл шайы болот.
Чырайы сулуу кара каш,
Чилтендер көрсө маң болот.

Жуугандын бети сур болот,
Кыздын бети нур болот.
Дарыя кетет сай менен,
Ат жүгүрөт пай[67] менен.

Окуунун иши ой менен,
Оттогон оту кыяктай.
Жүнү майин жибектей,
Тиши тизген берметтей.
Сүтү ширин шербеттей.

Койдон жакшы бар бекен,
Дүбүрөтүп ат чапса -
Тойдон жакшы бар бекен.
Чабандестер бириксе.
Улакта чери жазылат,
Келин-кыздар бириксе.
Булакта чери жазылат.

Жарыштырып ат чапса,
Тулпардын чери жазылат.
Көлдө өрдөк көп болсо,
Шумкардын чери жазылат.

Кийсең кыяк соотту,
Байлансаң кылыч, шамшарды.
Качырган жоону кеспейди,
Жигиттин көөнү өспөйдү.

Калканың калса мис болот,
Катардан жакшың кеткенде,
Калганга кыйын иш болот.
Туулгаң калса мис болот,
Тутунган жакшың кеткенде,
Тууганга кыйын иш болот.

## 44. Насыят ыры

**Айтуучу:** белгисиз.
**Жазып келген:** Байбагышова Зайна. 214-дептер.

Жакшы да жүрсөң сүйүнбө,
Жаман да жүрсөң күйүнбө.
Таразадай жылыштайт,
Оомалуу- төкмөл дүнүйө.
Аларда баарын жазгырат,
Адамды шайтан азгырат.
Акылы жок адамды -
Аз күндүк дөөлөт мас кылат.

Аргымак тапсаң эр жигит,
Аябай бекем кишенде.
Бул дүйнө күнүмдүк,
Дөөлөтүңө ишенбе.

Колуңда болсо дүнүйө,
Коногуң келет үйүңө.
Колуңда кокус жок болсо,
Кошунаң кирбейт үйүңө.

Бар болсо сенин колуңда,
Алыстан келип достошот.
Колуңда кокус жок болсо,
Кыямат досуң коштошот.

Достун да далай түрү бар,

Ойлонуп аны билип ал.
Жаманды досум дегенче,
Жакшы атты сылап минип ал.

Аргымак аттын куйругу,
Бирде жибек, бирде кыл.
Эр жигиттин турмушу,
Бирде мырза, бирде кул.
Төө мингенде жигитти,
Төө минди деп сүйүнбө.
Жөө калса кокустан,
Жөө калды деп күйүнбө.

Төө мингенде жигитти,
Тегеректеп эл жүрөт.
Жөө жүргөндө жигитти,
Бирди көрмөк деп күлөт.

* * * * *

Эркек бала жөлөгүм,
Эңкейген кезде өбөгүм.
Калтырба балам көөнүмдү,
Бир күнү мен да өлөмүн.

Адам деген ушундай,
Кайгынын уусун тиштепсиң.
Бир күнү алат шум ажал,
Же мүрөктүн суусун ичпепсиң.

Төрөлгөндөн бул күнгө,
Жаралган пендем убайга.
Жаратпай койсо бу көрө,
Таарынат белек кудайга.

Ардагым балам, ардагым,
Кереке жарап ар дайым.
Көтөрүп багып чоңойткон,
Сыйласа болду балдарым.

Өкүнбөймүн өткөнгө,
Кейибеймин кеткенге.
Ыраазы болуп жүрөмүн,
Эр жетип балдар өскөнгө.

Баланын болсо кеңеши,
Болбосо келин жемеси.
Баласын багып сооротуп,
Садага болоор энеси.

Эстүү болсо баласы,
Эне-атанын жыргалы.
Жакшы чыкса келиниң,
Кемпир-чал бутун сунганы.

Коногуң келсе үйүңө,
Балдарың турса жүгүрө.
Келиниң турса чай куюп,
Бул жыргал эмей эмине.

Күлүп бир ойноп алалык,
Үлпөттүү тойдо каткырып.
Көчөгө чачса жаштыкты,
Мен алат элем жактырып.

Адамзат жеңил турбайбы,
Ичсе шарап мас кылып.
Жаратса эмне табигат.
Жүз жылга чейин жаш кылып.

## 45. Санат ыры

**Айтуучу**: белгисиз.
**Жазып келген:** Бердибаева К.О. 105-дептер.

Кээ бирөөдө жок болсо,
Кээ бирөөдө тууган бар.
Жалгыздыктан жабыркап,
Көз жашка бетин жууган бар.
Өз тууганын батырбай,
Жатыркап алыс кууган бар.
Туура жүрбөй мас болуп,
Туугандын жолун бууган бар.
Көп көрүп тууган кордугун,
Көңүлү калып сууган бар.
Ынтымактуу туугандар,
Улуусун айтат «аке» деп,
Кичүүсүн айтат «үкө» деп.
Ынтымаксыз туугандар,
Өз тууганын жат көрөт,
Өзгөлөрдүн бири деп.
Кара мүртөз адамдын,

Жүрөгү катуу таш болот.
Акылы жок абышка,
Алтымышта жаш болот.
Айдай жүзгө жарашкан,
Акактай иймек каш болот.
Акылы жетик жигиттер,
Журт үстүнө баш болот.
Эр жигиттин белгиси,
Ар өнөргө маш болот.
Жеңил жигит желпинип,
Дөөлөтүнө мас болот.
Наадандыктын белгиси,
Өз калкына кас болот.
Айдың көлдүн сөөлөтү,
Өрдөк менен каз болот.
Тамшандырып далайды,
Таттуу нерсе  аз  болот.
Тагдырдын жолун жолдосо,
Тайгылсаң  жыкпай колдосо.
Таалай – бактың сыз болот.

Матанын башы бөз болот,
Тил күрмөлсө - сөз болот.
Ширин сөз, урмат – сый болсо,
Жат киши дагы өз болот.
Даана баарын көргөзгөн,
Жарык нуру көз болот.
Өкүндүргөн адамды,
Өткөн өмүр кез болот.
Боолгоп болбойт кайдан деп,
Күтүүсүз кырсык тез болот.
Санаага баткан адамдын,
Саргайып өңү жез болот.

Жел жүрсө кайра ачылат,
Асманды булут каптаса.
Чегинен ашып дардактайт,
Акылсыз жанды мактаса.
Күйүкпөй күндүз жол чуркайт,
Күлүктү мыктап таптаса.
Арабөк калат ташыркап,
Болоттон така какпаса.

Эки тууган жат болот,

Бирине-бири жакпаса.
Душманына баш салат,
Тууганына батпаса.
Сыйлаарын билбейт бирөөнү,
Сый тузунан татпаса.
Тузак коёт өзүнө,
Душмандан сырын катпаса.
Эр жигитке ыракмат,
Атанын даңкын сактаса.
Алкышын алат элинин,
Ишеничин актаса.
Ак эмгектин нанын жейт,
Жалкоолор бекер жатпаса.

Жаз келгенде жадырап,
Сулууланат жер бети.
Тал- терек тегиз бүрдөсө,
Табийгаттын бермети.
Суктандырат ар кимди,
Сулуулардын келбети.
Кайраттуу болсо уулдары,
Сүрдүү болот эл чети.
Жүргөнү жаман жол болот,
Атадан наалат алгандын.
Убара кылат адамды,
Убадасы жалгандын.
Кадыры болбойт пендеге,
Абийирден тайып калгандын.
Достугу көпкө созулбайт,
Ортого мүлкүн салгандын.
Жайык көөдөн, кең далы,
Белгиси болот палвандын.
Каруу - күч болбойт алсызда,
Каада сөз болбойт арсызда.
Карыпка катуу сөз айтпа,
Карайлап турат ансыз да.
Кадыр - көңүл түз болбойт,
Ыйманын жеген жансызда.
Тойдум дебейт өмүрү,
Топугу болбойт ач көздүн.
Тууган турмак душмандан,
Доомату болбойт ак сөздүн.

## 46. Жигиттердин жакшысы

**Айтуучу:**Ашырбеков Салморбек(Мурат). Кочкор району,

Дөң-Алыш айылы.

**Жазып келген:**Ашыралиева Э.1866-дептер.

Жигиттердин жакшысы,
Мырза болот турбайбы.
Мурункудан жакшыраак,
Курда [68] болот турбайбы.

Эл ичинде эпкиндүү,
Эмгек кылат турбайбы.
Эсирип калса кокустан,
Кечирим сурайт турбайбы.

Катарыңы кадырлап,
Сыйлап жүрөт турбайбы.
Пайда менен залалды,
Ойлоп жүрөт турбайбы.

Ат жакшысы аргымак,
Буудан болот турбайбы.
Жигиттердин жакшысы,
Жакын, алыс дебестен,
Тууган болот турбайбы.

Куш жакшысы асманда,
Шумкар болот турбайбы.
Жакшы жигит эл үчүн,
Курбан болот турбайбы.
Жигиттердин жакшысы,
Гайыр[69] болот турбайбы.
Көпчүлүктү күлдүргөн,
Шайыр болот турбайбы.

Эмгек кылсаң эр жигит,
Кор болбойсуң ар жерде.
Иштесең абийир табасың,
Ден соолугуң бар кезде.

Кылбаган ишти кылдым деп,
Уялып калба тар жерде.
Окубай диплом албаңар,
Иш буюрса кылалбай,
Жерди карап калбаңар.
Айылыңда аш болсо,
Чакырбаса барбаңар.

Ариет каттын [70] адамы,
Элди колдоп кармаңар.
Иштебей акча албаңар,
Чатагы чыгып ишиңдин.
Кайрадан төлөп калбаңар.
Барам деген мейманга,
Келбесе койуң сойбоңор.
Келе албай калса кокустан,
Өзүңдү өзүң жойбоңор.
Эркексинип балдарым,
Аялыңды урбагын.
Кетип калса келин жан,
Пушайман болуп турбагын.
Ойлоп көр, балдар хайалга[71],
Иштин баары аялда.
Мейман келсе үйүңө,
Эпчил келет аялдар.
Этият болуп сүйлөгүн,
Кекчил келет аялдар.
Аялдын болот пакыры.
Пакыр депону корлобо,
Баш ийесин акыры.
Көбүнү көрдүм зорлордун,
Көргөнүндө кайтпаймын.
Зорлор да бир күн багынган,
Аттарыны айтпаймын.
Өмүр шерик аялың,
Туш тарапка кетпесин.
Тувгандар сени аясын.
Алтын күмүш алганың,
Аялга үйдө палбаның.
Айтканыны кылбасаң,
Чатак күнгө калганың.
Жер салмагы тав[72] деген,
Желип өткөн сув [73]деген.
Туура жол менен жүрбөсөң,
Өзүңдүн балаң жав[74] деген.
Ашыгыңдын ичине,
Коноргосун[75] сака кыл.
Ташыркатып койбогун,
Атка минсең така кыл.
Эсиңе салып койоюн,
Адамдын баары бир эмес.
Акылманын ака[76] кыл.

## 47. Насаат ыры

**Айтуучу:** Асанов Парман, 59 жашта (уруусу – бөксө). Бөкө району, Мичурин колхозу.
**Жазып алган:** Пардабаева Назира. 45 -дептер.

Эл ичинде эси жок,
Балдарды көрдүм мээси жок.
Арак ичип айныган,
Чалдарды көрдүм көз менен.
Алдыга барып отурсаң,
Мээңди кагат сөз менен.
Бир-эки сөзүн кайтарсаң,
Урушуп кетет Сиз менен.

Өзүңү көрбөй күзгүгө,
Сүйлөштүм дейт кыз менен.
Ак сакалга аш берсе,
Кошулуп барат биз менен.
Жаштигинди жоготуп,
Кашка болуп калгансың.
Тырыш кирип бетиңе,
Башка болуп калгансың.
Алтымышка жаш жетип,
Белиңден кайрат-күч кетип.
Өлөөргө жакын калгансың,
Кайран башың шылк этип.
Уктай албай калыпсың,
Узун түндө кылт этип,
Ажал келсе алдыңа,
Качып көрчү былк этип.
Жаштигинди бекитип,
Алалбайсың аксакал.
Катарыңдан бөлүнүп,
Калалбайсың аксакал.
Жаштарга өзүң теңебе,
Жарашпайсың аксакал.
Ажал жетпей, күн бүтпөй,
Өлө албайсың аксакал.
Өлсөң кайтып үйүңө,
Келалбайсың аксакал.
Кайсы күнү өлөөрүң,
Билалбайсың аксакал.
Жолдошторуң сөз айтса,
Тил албайсың аксакал.
Абийриңдин кеткенин,

Билалбайсың аксакал.
Бавалап [77]турса неберең,
Уялбайсың аксакал.
Алкаш болуп калыпсың,
Тыялбайсың аксакал.
Ичпеймин дейсиң сөзүңө -
Туралбайсың аксакал.

## 48. Жаштарга насыят

**Айтуучу:** Шүкүралиев Казакбай. Талас областы, Ленинполь району, Түйтө айылы.

**Жазып келген**: Сатыбеков Муктар. 349-дептер.

Келипсиң балдар элге,
Тынчтык болсун силерге.
Жамандык жаштар көрбө,
Жакшылык жагын жөндө,
Нечендер өткөн элде.

Баштайын энди Таластан,
Өткөн ата-бабам Манастан.
Ошонун эми бардыгын,
Бир кудайым жараткан.
Ошолорду бизге тараткан,
Көңүлдү ачат абасы.
Балдарым эми жол жүрүп,
Таласым кенен жер экен.
Бар экен сенин берекең,
Уул-кызды төрөгөн.
Алдейлеп баккан энекең,
Нан берип баарын өстүргөн.
Карап көрсөң жер экен,
Кыргыздын намысын коргогон.
Деги баатырым Манас эр экен,
Асманда Чолпон жылдызым.
Таласым Манас туурусуң,
Манас, Каныкейдин жолун жолдоп,
Өсө бергин уул-кызым.
Жарыкка эми чыгарып,
Жардам берген Чыңгызым.

Узак өмүр көп жашап,
Кылымга жетсин турмушуң.
Айчүрөк учкан Таласым,
Айтайын Кошой абасын.
Токсон жашка келгенде,

Жолой менен күрөшүп.
Аны жыгып алгансың.
Карма деп ураан чакырып,
Кан Манас тосуп абасын.
Күзгүдөй тунук тептегиз,
Кең Таластын талаасы.
Жердеп келген жери экен,
Жакыптын уулу Манастын.
Бакай, Алманбет карачы,
Ортосунда орногон,
Кара-Кашат калаасы.
Семетейди жактырып,
Айчүрөк -
«Ак куу» киймин кийинип,
Көрүп кеткен Таласты.
Күлчоро, Алманбеттин баласы,
Аралаар Ала-Тоонун арасын.

Камышым бар, көлүм бар,
Анын ичинде жойлогон.
Кара кулак шерим бар,
Айтып турган сөздөрдү,
Жаштарым бүгүн көңүлгө ал.

Жеңип баарын алам  деп,
Жеримди калмак талашкан.
Батынып калмак келе албай,
Кечөө качып кеткен Манастан.
Асемдеп токуп ат минсең,
Кайраттуу эрге жарашкан.
Көркөмү сонун Таластын,
Көрсөтүп эми мен айтсам.
Манас деп ураан чакырып,
Кечээ,
Чолпонбай чыкты Таластан.

Абилетим, Чаткалдан,
Сур эчки менен Кожожаш.
Биринен бири ант алган.
Кубалашып бул экөө,
Кең Таластан чарчаган.
Арманын айтып Кожожаш,
Ушул Кара-Канаттан кайтарган.

Кана эмесе Казакбай,
Азалдан  ырды баштасаң.
Тозо турган кар тоо,
Карап көргүн эчкини.
Эркиндик берип партия,
Баарына эми жеткирди.
Дүйнөдө тынчтык бар болсо,
Бул элимдин менчиги.
Жаштарым сыйлап жүргүлө,
Кечээги менен эскини.
Жараткан берет өмүрдү.
Жаман ачпайт көңүлдү,
Казекемдин сөзү деп,
Жаштарым –
Айта жүргүн кебимди.
Жаманга айткан кайран сөз,
Укпайт энди кебимди.
Жалындап жүргөн кайран жаш,
Жандан кетип бөлүндү.
Бириңди-бириң сыйлашып,
Өткөргүлө  өмүрдү.
Айтпаймын сөздүн бекерин,
Өткөрдүм өмүр неченин.
Жакшы менен бир жүрсөң,
Жаныңа болоор жетегиң.
Байкап эми отурам,
Өмүрдүн узап кеткенин.
Жакшыга кызмат кылгының.
Жаманга кызмат сен кылсаң,
Билбейсиң белдин сынганын.
Көөдөндөгү кызыл тил,
Көргөнүң  айтып ырдагын
Жакшы жүрсөң эр жигит,
Көрөсүң өмүр жыргалын.
Жаман жүрсөң эр жигит,
Көрбөйсүң анда жыргалын.
Жаман болсо жаныңа,
Анда биринчи душман –
Тууганың.
Ар кимдин башы өзүндө,
Кулак сал журтум сөзүмө.
Ынтымагың бар болсо,
Көрүнөт элдин көзүнө.
Ынтымагы жок болсо,

Айтылып элдин сөзүндө.
Азыраак ырдап берейин,
Жалпы тууган баарыңа.
Кадырласаң эң жакшы,
Алмадай башың барында.
Сүйлөөргө сөз жакшы,
Ыйлаарга өз жакшы.
Алып тынат бул дүйнө,
Чиркин алмадай болгон -
Бир башты.
Карасам сонун заман бар,
Жаралар түркүн адамдар.
Кары-жашта сый жок ай,
Кандай болот адамдар.
Өзүңдү өзүң кадамда,
Жолобогун жаманга.
Турмушту туура билбесе,
Тууган жигит талашаар.
Тактыны берсе жараткан,
Анда бардык жерге жарашаар.
Жайлоонун көркү ачылат,
Жайкалып жайлоо гүлдөрү.
Жакшы балам не керек,
Жарыгың элге тийбесе.
Жаман тууган кор кылат,
Ар-намысты билбесе.
Тууган болуп не керек,
Бирине-бири күйбөсө.
Жаман киши кор кылат,
Анын айтканыңа жүрбөсө.

Дарактын көркү ачылат,
Таранып булбул үндөсө.
Жаман катын кор кылат,
Эр кадырын билбесе.
Арманда жүрүп өтөөрсүң,
Алганың жакшы жүрбөсө.
Темирден болот эриткен,
Жайлоого чыккын эриксең.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Эр жигитти кейиткен.
Күнүмдүк ичкен оокатка,
Эр жигитим кубанба.

Аштык менен оокатың,
Тойгонуңа чыгарба.
Сөздү айтат эмеспи,
Балдарым, кулак салып угаарга.
Айткан сөзүң укпасаң,
Анда жигит бекерсиң.
Жакшылыкка бет алсаң,
Акыры түбү жетээрсиң.
Жамандыкка бет алсаң,
Жарыбай түбү өтөөрс үң.
Сулууга жигит  суктанба,
Сөздү айткын укканга.
Колуңа түшкөн душманды,
Кое берип, куткарба!
Сайрайт экен кызыл тил,
Салмагын энди өзүң бил.

Адам болом десеңер,
Жакшы менен бирге жүр.
Абалым байка колуңду,
Көрөсүң анан сонунду.
Алганың жакшы жолукса,
Билгизбейт баары-жогуңду.
Эркиндик азыр элимде,
Көөдөнүңдү көтөрүп.
Жаштарым куру бекер теминбе,
Сый-сыпаа эң-жыргал.
Сыйлашып өтсөң өмүрдө,
Ырыскы, байлык,ынтымак.
Кыргызым бүгүн жериңде.

## 49. Казакпай карыянын сөздөрү

**Айтуучу:** Шүкүралиев Казакбай. Бакай-Ата району, Калинин колхозу, Түйтө айылы. 1989-жыл.

**Жазып алган**: Сатыбеков Муктар. 439-дептер.

Сыйласаң энди карыны,
Кудайым сыйлайт баарыңы.
Сыйлабасаң карыңды,
Кудай урат баарыңды.

Ырыстуу элдин карысы,
Ынтымактуу баарысы.
Балдарга акыл сөз айтса,
Карынын экен парызы.
Өтүп кетти элинде,

Сөз айта турган карысы.

Кулагы жокко куйганың менен болбойт.
Жалкоого жел кадыры болбойт.
Жаманга эл кадыры болбойт .
Жаман балага атанын -
Кадыры болбойт,
Жаман тууганга жакшынын -
Кадыры болбойт.
Баарын чогултуп келсек жарманын -
Катыгы болбойт.

Кээ бир киши билип сүйлөйт,
Кээ бир киши күлүп сүйлөйт.
Жамандын колун карасаң -
Жарыгы сага тийбейт.
Жакшынын колун карасаң -
Сага эч ким тийбейт.
Жамандын колун карагыча,
Жакшынын жолун кара.
Дүйнөдө эң кызык- көтөрүп
Сүйгөн бала.
Анын акыл сезимин өстүр –
Ошону кара.
Эл үчүн өлүп кетпедиби,
Алманбет, Манас кана?
Жакшыга жанаш,
Жамандан адаш.
Жерим – Талас,
Болгон –Манас.
Атың жакшы болсо,
Кууганыңа жеткизбейт.
Катының жакшы болсо,
Тууганың кетпейт.
Балаң жаман болсо,
Жыйганың кетет.
Алганың жаман болсо,
Абийириң кетет.
Чөптүн чайыры кетти,
Элдин кайыры кетти.
Аялың теңдикке жетти.
Жесириң алтын тиш салып көптү.
Жакшыдан жаман өттү,
Жаш балдар карыны сөктү.

Укпай калды кепти,
Абийирин сатып кетти.
Келсе алдаган этке туш,
Өзү  турган карынын
Тил жагы өсүп кетти.
Жакшы жанга ынак.
Жакшы бири-биринен акыл сурап,
Өтөөрсүң, куурап.
Жамандын жанына турба,
Жакшыдан акыл сура.
Өмүрүңдө  билсең сен,
Бирөөгө жамандык кылба.
Жамандан акыл чыкпайт,
Жаныңан жакын чыкпайт.
Жакшылык кылсаң жукпайт,
Акыл айтсаң, укпайт.
Жатып алып, уктайт.
Жамандын акылы жок,
Жакшынын пейли ток.
Жамандын колу шок.

Оңолбоско айткан сөздүн,
Таасири тийбейт.
Жетекке жүрбөйт,
Же өзү билбейт,
Акыл айтсаң тилдейт.

## 50. Жумамүдүндүн насыяты

**Айтуучу**: Жумамүдүн  аксакал. Талас району, Аманбаев айылы. 1979-жыл.
**Жазып келген:**Жангазиева Тотугүл.                 349-дептер

Баштап айтам казалды,
Аргендей кылып булатып.
Ак эркечтей чуратып,
Жарым акыл боз балдар
Калаарсың бириң үйрөнбөй.
Акылы бар боз балдар,
Абайлап ичке түйгөндөй.
Ырас, Кудай ураарда,
Бир тууган бербейт акыңды.
Кантип ызаат кылабыз,
Ал өңдөнгөн жакынды.
Иним деп ага чоң сүйлөп,
Кетирбечи баркыңды.
Сылыгыраак болбосоң,
Кармап бербейт атыңды.

Тамаша сөз айтса да,
Көтөрө албай, кектемей.
Абийирсиз болгон соң,
Сүйлөй көрбө катынга.

Көтөрмө байлап белине,
Көрсөтөм деп ээлиге.
Жүрүп берер турбастан,
Өзүнүн өскөн жерине.

Кармайын деп барышса,
Бычак такаар кардыңа.
Тажаалданып кыйкырып,
Ар кимди салаар жолуна.

Ун, талканы чачылаар,
Урушу кайдан басылаар.
Аш-тамагы жыйылбас,
Айылдан ушак арылбас.
Айылдагы балдарга,
Алдап берээр майыңды.

Теңтуштарың келгенде,
Кабагын ачып сүйлөбөй,
Кетирээр сенин шайыңды.
Аялым качан күлөт деп,
Кадимкидей жүрөт деп.
Убайым менен өткөзөр,
Бу дүнүйө жалганды.

Жардыны мээнет басаарда,
Аштыгың чыкпай  аз болот.
Байды мээнет басаарда,
Козу-улагы көп болот.
Кокуйу кетпей оозунан,
Жаман катын белгиси.
Чатак болот кыялы,
Айтса сөзү адамга,
Урушчудай кыябы.

Жазгы конгон коноктой,
Ушак айтып жолотпой.
Бузук салып арага,
Үй-бүлөөсүн жүдөтөт.

Кыз баланын жакшысы,
Кылга тарткан күмүштөй.
Айткан кеби ширелүү,
Демдеп койгон күрүчтөй.

Келиндердин жакшысы,
Кездеменин түрүндөй.
Айткан сөзү ширелүү,
Бал, шекердин өзүндөй.

## 51. Санат ыры

**Айтуучу:** Аширбеков Кошой, 70 жашта. Алай району, Гүлчө айылы.
**Жазып келген:** Касымов Бакир. 1314-дептер.

Кезегинде адамзат,
Керүүгө тийген айдайсың.
Кезегиң жетип келгенде,
Керексиз калган сайдайсың.
Жатык болсо үй-бүлөң,
Жайлоого барып калгандай.
Жайыңды билбес жан болсо,
Караңгы үйгө конгондой.

Жан-жаныбар баарысы,
Эне-атанын баласы.
Орто жетпей жаралса[78],
Пенденин барбы чарасы.

Дөөлөт деген тоголок,
Бак берсе адам оңолот.
Бак бербесе ар адам,
Уйпаланып жоголот.
Адамдан адам кем эмес,
Байкап карап отурсаң,
Бешенеси тең эмес.
Уулу бардын мууну бар,
Кызы бардын изи бар.
Кылымдан калган сөз эмес,
Кыйналып багып чоңойтуп,
Булар жетиштиби өзү эле?
Жакшы адам белгиси,
Адал жүрүп тандалат.
Мүнөзү жаман адамдар,
Аягында сандалат.
Жалпы жашка айтаарым:

Таза жүрүп, так баскын.
Таамай сүйлөп, көз ачкын,
Кара  өзгөйгө кабылба,
Сасык тери жамынба.

Адал  жүрүп  иштесең,
Өзүңдөн болоор табылга.
Ойлогула жаштар,  ай.
Алкып-жулкуп түшкөндөй,
Асмандагың ай болот.
Сымбат кылып жөлөнгүн,
Өзүңө мендик терекке.
Сабырдуу болуп түз жүргүн,
Акыры үйүңдө болот береке.

Асманга жарык нур берген,
Ай  турат  го  ордунда.
Азыркы жаштын жарымы,
Аябай тентек болдуң да.
Экини коюп, үчтү айтам,
Эне-атаны сыйлабай.
Эби кетип баратат,
Эсирген жаштар, сени айтам!
Суу көбөйөт булактан,
Жамандык келбейт ыраактан.
Сабырдуу болуп, түз жүргөн,
Акыры маңдайга күйгөн чырактай.

Суу агат да сай менен,
Шам жанат экен май менен.
Өз орду менен жүрүшсө,
Күн тийет экен ай менен.

Байлык деген эмине -
Баары бирдей төп болсо.
Жардылык деген эмине -
Жалаарга талкан жок болсо.

Адам деген кандайсың,
Күйүп  турган  шамдайсың.
Нуруң  кетип  калганда,
Анда, урап калган тамдайсың.

Кээ бир жашты карачы,

Кара өзгөй болуп жаралды.
Алыстатып таштатат,
Ичинен чыккан баланы.

Ичиңен чыккан балага,
Көңүлүң бирге, жан бөлөк.
Жаның чыгып кеткенче,
Кыбырап эптеп күн көрөт.
Жаман ишке киришпе,
Акылы жок боз бала.
Адал ишти козгосо,
Акылдууга дос бала.
Акылсызга жолобо,
Жолугасың тайгакка.
Бир кезекте байкуш жан,
Жылаажындуу кири жок.
Адам деген ушундай,
Таразалап сүйкөнүп.
Таразадан жаңылсаң,
Тардыгын айтпа дүйнөнүн.

Жаман иштен качып өт,
Жакшылыкка жетесиң.
Кокусунан жаманга,
Жолукпагын нааданга.
Арманда болуп кетесиң,
Аманат жандан кечесиң.

## 52. Санат ыры

**Айтуучу:** Бейшеналиев Токтосун, 50 жашта. Жумгал району, Кызарт айылы. **Жазып келген:** Сарыгулова Жылдыз. 173-дептер.

Карыган адам болбосо,
Айтыла турган сөз карып.
Алаарга адам болбосо -
Артынып жүргөн бөз карып.
Сырдашаары болбосо,
Бойго жеткен кыз карып.
Байлаарга бээң болбосо,
Бетегелүү бел карып.
Бийиң адил болбосо -
Болот экен эл карып.
Бересинде кудайы –
Белен кылат жудайы.
Уулуң болот урматтуу,
Кызың болот кылыктуу.

Келиниң болот келбеттүү.
Анын байбичеси сөөлөттүү.
Бай отурат ошондо –
Төрдө отурат дөөлөттүү.

## 53. Адамдын мүнөзү

**Айтуучу:**Бейшеналиев Токтосун, 50 жашта. Жумгал району, Кызарт айылы. **Жазып келген:** Сарыгулова Жылдыз. 173-дептер.

Адамдан адам таралып,
Ар түрдүү мүнөз жаралып,
Жаман менен жакшынын
Мүнөзү калган саналып.

Жамандар эпчил алганга,
Көнүп калган жалганга.
Кээ бирөөнүн мүнөзү,
Эпчил болот таңганга.

Жаман адам курусун,
Оңдобой такыр жүрүшүн.
Койбойт такыр өлгөнчө,
Кошомат айтып күлүшүн.
Билгенге айтып коеюн,
Бейжай өмүр сүрүшүн.
Бала-чака жесин деп,
Бар жерден сурайт буудайды.

Биринчи барган бергин деп,
Жайын айтып муңайды.
Сүйрөп жүрүп акыры,
Танып кетет турбайбы.

Катуу айтсаң араңдан,
Арага салат кудайды.
Карызым жок сага деп,
Алгансың такыр менден деп.

Кайра сурайт шылдыңдап,
Чайга теңге бергин деп.
Ойлоносуң ушерде,
Артыкпы бу менден деп.
Зээниң кейип айтасың,
Кечтим сендей «эрден» деп.

Чыдабай калат өз бетиң,
Кайта, кайта барганга.
Акыры шону кечесиң,
Албадым деп карганса.

Кээ бири болот - азамат,
Иш түштү деп башыма.
Берип тургун бир кой деп,
Аласың анда ашыга.

Иши бүтүп калганга,
Катуу айтсаң бергин деп.
Убада кылып койдум го,
Эртең эрте келгин деп.
Жалган айтып кашайып,
Убара кылып жанды жейт.
Жалган айтып карганып,
Бекер сөзгө алданып.
Жалганчыда уят жок,
Калбады такыр карманып.

Ниетин туура тута албай,
Жалгандар өтөт дүйнөдөн.
Ар кылышпайт турбайбы,
Ойлонуп ичтен жүргөндөн.

Жакшынын жакшы мүнөзү,
Көп болот сөздүн жүйөөсү.
Көөнүңдү сенин оорутпайт,
Жумшак болот мүнөзү.
Жамандык жандап жүрбөстөн,
Аз болот кылган күнөөсү.
Иштейли жаш убакта,
Жалганга жанды сатпайлы.
Иш убакта эринип -
Шылкыйып бекер жатпайлы.
Мамилеге бел байлап,
Чындык турат жакшыда.
Эшиги такыр куру эмес,
Жок кылбайт малды какшыта.

Сурасаң берет малынан,
Пул үзүлбөйт жанынан.
Балдары анын ток болуп,

Ун бөксөрбөйт кабынан.
Эринебиз бир кезде,
Айылга басып баруудан.
Кылбайлы намыс жаз келсе,
Иштеп эмгек табуудан.
Ажырабай жүрөлү,
Колдо кубат каруудан.
Жакшылар намыс кылбайт го,
Эгинден олжо алуудан.
Токтосун  адам баласы,
Жамандык ишке баруудан.
Кандай да болсо иштейли,
Киреше кирбейт жатуудан.

**54. Карылык**

Айтуучусу: Белгисиз.Жазып келген: Дадаева.Г.
Ала-Бука району, Октябрь совхозу. №694-дептер.

Карылык келди камынып,
Жаман тонун жамынып.
Сакал-мурут, чач чыгып,
Аппак болду жабылып.
Карылыктын белгиси,
Ар мүчөңдөн таанылып.
Ар кандай сөздү бир айтып,
Акылынан жаңылып.
Өткөн жашың ойлонуп,
Олтурасың сабылып.
Экинчи келбейт жашчылык,
Туралык азыр камынып.
Акырет десе карылар,
Кетпегиле чамынып.
Ойноо бала жаш чагым,
Оюма түшөт баштагым.
Оройлонуп карылык,
Кандай жолго баштадың?
Кайкайган түптүз белимди
Бөкчөйтүп ийип таштадың.
Муундун баарын бошотуп,
Аркы-терки басканым.
Жашчылык түшүп оюма,
Жамактап сөздү айтканым.

**55. Карылык ыры**

Айтуучу: Таласбаев. Ж. 1927-жылы туулган. Кесиби: Топозчу. Чаткал району. Каныш-Кыя айылы. Жазып алган: Баймырзаев .Б.А. 1987-жыл. №593-дептер.

Алтындай болгон жашчылык,
Адашып барат шаштырып.
Аса байлап койсокчу,
Арактан берип мас кылып.
Берметтей болгон жашчылык,
Бел ашып барат шаштырып.
Баса байлап койсокчу,
«Бермуттан» берип мас кылып.
Ойлосом оюм океан
Жаш кезде жүрөк толкуган.
Өткөн күндү эстесем,
Канаттуу куштай кулпунам.
Асманда , жерде жүрсөм да,
Айныбайм үмүт, жакшы ойдон.
Жүзүмө бырыш кирсе да,
Жүрөгүм али жаш бойдон.
Өмүрүм өтөт шамалдай,
Үндөсөм келбейт кайрылып,
Кайран алтын жашчылык,
Калдык го, калдык айрылып.

## П. Аялдар адеби жөнүндө

## 56. Жашоодон зээни кейиген

**Айтуучу:** Өмүрбаев Салык. Кочкор району, Комсомол айылы.
**Жазып келген:**Белекова А. 1761-дептер.

Эки начар баш кошсо,
Эртели кеч урушат.
Кереги жок каткырып,
Кайта күлүп жазылат.
Алардын баккан балдары,
Так өзүндөй болушат.
Кер ооздонгон аялдар,
Өз күйөөсүн жамандап,
Жаман атка кондурат.
Долуланып кээ бирөө,
Жолдошун тилдеп күч кылат.
Аялым тилдеп койду деп,
Кимге барып даттанат.
Кийимди таза кийсечи,
Тамактын табын билсечи.
Көкүрөгүн өргө айдап,
Үй ишинен дайын жок.
Күйөөсүнө күч келет.

Таалайсыз элдин багына,
Тажаал аял туш келет.
Капкайдагы калпты айтып,
Ишенгин деп док урат.
Бейжай болсо жолдошу,
Турмушуна наразы.
Аргасыз болгон ал адам,
Өз башын өзү койгулайт.
Адамдык парзын билбеген,
Өз билгенин бербеген.
Мындай адам элде көп.
Жаралган пенде бирдейсиң,
Өзүңдү алып жүрбөйсүң.
Жүргөнүңдү билбейсиң.
Эмне деп элди тилдейсиң.

## 57. Жакшы аял

**Айтуучу:** Кулдаев Кулаалы, 73 жашта.Талас областы, Коммунизм колхозу, Арал айылы.

**Жазып келген:** Шабданова. 1817-дептер.

Жакшы аял суналып,
Жайдары болот кылыгы.
Күйөөсүнө гүл тагат,
Түгөнбөс анын сылыгы.
Ак камыштай кымпыйып,
Азилдешсең жылмайып.
Кирпигине кир жукпайт,
Түлөгөн куштай зымпыйып.
Көтөрүлүп түспөлү -
Душмандары шылкыйып,
Кекиликтей чыкчыйып.
Аны көргөн адамдар,
Ичи жылыйт кымпыйып.
Сыпаалык менен сынашып,
Сылап айтсаң ынашып.
Малы, башың - дөөлөтүң,
Барган сайын уланып.
Көргөндө адам кубанып,
Артык болот бу башы.
Аксакалдан дуба алып,
Тарсылдап барып аягы
Тазаланган суу алып.
Азык-түлүк сарамжал,
Барысына кубанып.
Эри келсе эшикке,

Үйдөн чыгат буралып.
Жакшы аялдын мүнөзү,
Жаратып кебин угалык.
Бата  берип жакшылар,
Баарыбыз чуулап туралык.
Мактанат мунун күйөөсү,
Маңдайында жалгыз деп.
Абалдан  акыр тирилик,
Оокат кылган малым деп,
Эли – журту жактырат,
Абал баштан маалим деп,
Кайнатасы кубанат,
Жүк көтөргөн нарым деп,
Кайненеси кымылдайт.
Балким, малым сеники,
Маңдайдагы багым деп.
Күлүңдөйт мунун күйөөбү,
Күндө таткан балым деп.
Алал  экен кудай, ай,
Буга берген малым деп.
Жаратканга миң шүгүр,
Жакшы чыкты жарым деп.
Эзелтен эстүү ургаачы,
Эстеп  жүрүп жаңырат.
Кыйын ишке көнүгөт,
Акыл – эси, баамы,
Айдан айга өнүгөт.
Айылымда жаман аялдар,
Аны көрүп жөнүгөт.
Мен да ушундай болсом деп,
Кумарланып жээлигет.
Койлук буюм бүтүрөт,
Үйүңдү курап отурат.
Ар кызматын шайма- шай,
Астында аты токулуп.
Арбактарың ыраазы,
Ай аптада куран окулуп.
Ар тамагың береке,
Барган сайын киреше.
Мурунтадан өстөнүп,
Сөз айтпаган оозунуп.
Киреше кирет кошулуп,
Солкулдаган жан болуп.
Сонодой гана созулуп.

Айлындагы душмандар,
Артынан кетет тосулуп.
Шамдагай болот жүргөнү,
Шашпай кийет көйнөгүн.
Алган жарын ардактап,
Артыкча доорон сүргөнү.
Эл билгени болбосо,
Жаратпайт өзгө билгенди.
Жыла басып шыңкылдап,
Жылмайыңкы күлгөнү.
Токтолбостон иш кылып,
Томолок жипти түргөнү.
Бура салып сүйлөгөн,
Бузуку тилге кирбеди.
Жаман менен жакшыны,
Ажыратып иргеди.
Куштай болуп агарып,
Кайсы жери кирдеди.
Капилет уктап, көп жатпай
Карагат көзүн ирмеди.
Шакектери шаркылдап,
Шыңкылдап назик күлгөнү.
Алган жары ырыстуу,
Ойноп – күлүп от жагат.
Кызыл кылып нан жабат.
Жолдошу иштеп, өзү үйдө,
Эптеп жүрүп мал табат.
Бей-бечара карыпты,
Пейли менен көп багат.
Күл чыгарат күлүңдөп,
Түк карабайт үлүңдөп.
Алган жарын бел кылып,
Ошол үчүн жүрүм деп.
Биринчи жакшы аялдар,
Пайда болот коомго.
Кайнага менен кайната,
Тартып алат бооруна.
Жеңе-желпи – абысын,
Мингизгендей жонуна.
Кайнилерин, коңшусун,
Алып коёт колуна

Таанышпаган адамды,
Алган жаны семирип,

Батпай калат жонуна,
Кирип турат өңүнө.
Өзүнүн ишин бүтүрүп,
Башкалардын камын жеп.
Үйүнө келген адамга,
Жаркылдап сырын алдырбайт,
Жалган-жазык сөз айтып,
Жамандык жакка бардырбайт.

## 58 . Аялдар

**Айтуучу:** Капаев Мукаш, 66 жашта. Жумгал району, Куртка айылы.
**Жазып алган**: Үркүнчиева Л.Т 37-дептер

Болсо да ишмер туубаса,
Эптештирип эскисин.
Үзүлгөнүн уласа,
Бапестеп багып баласын.
Өөдө-төмөн үйдө ишти,
Билип турса аялы.
Ачык болот эринин,
Үңүрөйбөй кабагы.

Чырайын чылап ичеби,
Серт болсо мейли жанагы.
Айдама болбой аялы,
Балаңдын болсо апасы.
Айдама аял курусун,
Оңдойбу үй жумушун.
Көчө таптап кетсе эгер,
Жерге түшөт жылдызың.
Көзүнүн чаарын чыгарып,
Айкырып турса аялың.
Кылмышы жок тил уксаң,
Кыйындай түшөт абалың.
Сырты жылма, ичи тар
Эки жүздүү аял бар.
Калп айтпаса жан чыгып,
Өлүшөбү аялдар.

Кагылайын аялдар,
Үйдө үлкөн баркыңар.
Калп айтпасаң элиңе,
Чыкпайбы өз атыңар.

Калптын дагы чеги бар,

Сөздүн дагы эби бар.
Айтып алып жок сөздү,
Аңдап  сүйлө бачагар.

Үй - бүлөнүн камын көргөн,
Назик болот аял деген.
Барда- жокто бапырашып,
Болушса дейм пейли кенен.
Туура ишти, туура деп,
Биз чыкпайбыз эркиңерден.

Айыгаарын ким билет,
Калп айтуу оору ал илдет.
Каратып туруп калп айтып,
Жанына эмне күч келет.
Арылуу үчүн  илдеттен,
Адамдык сапат, эрк керек!

## 59. Айтайын сырын жеңенин

**Айтуучу:**Ашырбеков Салморбек (Мурат). Кочкор району, Дөң-Алыш айылы.
**Жазып келген**:  Ашыралиева Э.   1479-дептер.

Бир баштан айтып  кетейин,
Ар түркүн сырын жеңенин.
Ачайын бетин жашырбай,
Айласы  күчтүү неменин.
Көчөгө байлап койгондой,
Көргөзүп айтып келейин.

Адамбы же айбанбы,
Мейли башка жандарды.
Төрт буту менен басканды,
Мейли асманга учканды.

Көрсөңөр байкап экиден,
Теңи менен жаралган.
Ургаачы, эркек болгондон,
Дүйнөгө жандар таралган.

Аял турмуш жана эне,
Аялдан чыгат бүт дене.
Аял эркек кошулбай,
Жаралыптыр ким эле.

Өмүрдүн  ушул ырааты,
Денеңдин чыңы, кубаты.
Турмушка жетип туруунун,
Сүйүүнүн учкул канаты.
Махабаттын  даны,
Бакыт, таалай баары.
Кош баш болуп жашоого,
Турмуштун тунук маалы.

Балдарымдын энеси,
Тарбиячы элеси.
Жетелеп турмуш жолуна,
Өткөзүүчү - кемеси.
Эң ардактуу,  эң кымбат,
Чын ушундай эмеспи.
Бирок мөмөсүнөн алганда,
Аялдын баары бир болот.
Тарбияга  жараша -
Ар кандай акыл ойлонот.

Так өткөн ким бар дүйнөдөн,
Ыраспы ойноп күлгөндөн.
Таалай - багың ачылаар,
Тандап жетсең сүйгөнгө.

Алданасың баш кошсоң,
Аягы суюк жүргөнгө.
Эскертемин бул ырды,
Эригип жатып жүргөндө.
Кезеги келди айтайын,
Келиндердин мүнөзүн.
Жазыксыз ойноп күлгөндөр,
Кечет деп жаштын күнөөсүн.
Көрүнгөн менен сүйлөшөт,
Күйгүзүп  алган  күйөөсүн.

Тарбия  алыш өзүндө,
Таалайга бүткөн сезимде.
Бузулгандар  эң  эле -
Гүлдөөчү жаштык кезинде.

Аялдын бар дилгири,
Акылы жетет баарына.
Бала кезден болмоюн,

Пейли жакын жарына.
Ыйманы ысык моймолжуп,
Ызаат кылат карыга.
Жаркырап ачык кабагы,
Жолобойт ушак жагына.

Жогорулайт мартабаң,
Жолукса мындай багыңа.
Жол кетсең кокус күнчүлүк,
Жолуңду карайт сагына.

Жакшы болсо сүйгөнүң,
Жыргалын көрдүң дүйнөнүн.
Бейиштей күтөт үйүңдү,
Ачкандай бейиш гүлдөрүн.

Кээ бир түрдүү көйрөңү,
Кош этек болот көйнөгү.
Кары – жаштан  уялбай,
Карабайт ылдый-өйдөнү.

Бийлик кылат эрине,
Билгенсип бардык чөйрөнү.
Төшөгү калат жыйналбай,
Төшөлгөн бойдон төрдөгү.

Саамай  жагы  сапсайып,
Колу тийбейт өргөнгө.
Бузуку - ушак сөз болот,
Бул дүйнөдө көргөнү.
Кызына калат акыры,
Кылык, жорук  өрнөгү.

Эси жок болсо алганың,
Ачылбас кабак ар дайым.
Баладай  көрөт  өзүңдү,
Баркыңды билбейт андайың.
Ошондуктан бир баштан,
Айтайын  деп ойлодум,
Жакшы, жаман жагдайын.

Кымбат баалуу келин бар,
Кызыл алтын алчадай.
Көңүлүңдү сергитет,

Көлөкө майдан бакчадай.
Балбылдап көзү панардай,
Бир үзүм болгон пахтадай.
Ак ниет көңүл жанында,
Арамдык пикир сактабай.
Адамзат кантип туралат,
Андайды ырдап мактабай.

Аялга жаппай күнөөнү,
Абалы өзүң жакшы бол.
Турмушту алга жүргүзүп,
Аял – эркек эки кол.
Алганың ою түз болсо,
Арбымак анан бакыт жол.

Бир түрү бар келиндин,
Мурдун чүйрүп тырышкан.
Башкага күлүп койдуң деп,
Күйөөсү менен урушкан.

Артынан ушак ээрчитип,
Алгандын көөнүн чөктүрүп.
Айтканды жалган дебеңер,
Арабызда көп жүрөт.

Барчылык  болсо мактанбайт,
Жокчулук  болсо зарланбайт.
Жамандык болсо башында.
Жат  душманга  алданбайт.

Маңдайы жарык жагымдуу,
Маңкая баскан маралдай.
Дүйнөдө  аял  ар түрдүү,
Ушундай баары жаралбай.

Жоругу башка бир тобу,
Жүдөмүш жүрөт таранбай.
Өмүрдүн билбейт жыргалын,
Өз боюна каранбай.

Бир тобу бар чоюлган,
Бетине упа коюнган.
Жарашып аппак алкымга,
Жылтылдайт мончок моюнда.

Күлүмсүрөп сыланып,
Күзгүсү түшпөйт колунан.
Кечке чейин зерикпейт,
Кетпеген суунун боюнан.
Чынында бар го ушундай,
Чыгарган жокмун оюмдан.

Тунук суу аккан арыктай,
Көңүлү жумшак мындайга.
Көп балдар жетет зарыкпай,
Акылдуусун тандап сүй.
Ак мончок жашты карытпай.
Түрмөдө жатып Сүйүнбай,
Ушул ырды ырдаган.
Акыл-эстүү келиндер,
Жамандык ишти кылбаган.
Жакшы менен жаманды,
Салыштырып сындаган.
Куру доомат жамынып,
Касиетти бузду деп,
Сот ишине барбаган.

Чындыгында туугандар,
Өмүрүндө Сүйүнбай.
Мындай ишти кылбаган,
Андай жаман иштерге,
Эч качан көңүл бурбаган.
Өзгөчө барып басылат,
Өзүндө турса күнөөсү.
Эч качан мындай болбосун,
Эр жигиттин бүлөсү.
Келинде болот керме каш,
Кээсинде болот узун чач.
Дагы бирөө шыңкылдап,
Жасанып чыгат жаркылдап.
Керооз деген дагы бар,
Кеп түгөтпөс шалпылдап.

Жасалма сулуу деген бар,
Өзүнүн камын жеген бар.
Эп көрүнүп башкага,
Эрине болот тили заар.
Сылыгы болот келиндин,
Сен дебей эрин Сиз деген.

Сергек болот мындайлар,
Сездирбестен иштеген.
Аз-аздан айтып жөндөрүн,
Бир тобун мен да көргөмүн.
Көрбөсөм да көз салып,
Көңүлүмдү бөлгөнмүн.
Түшүнгөнмүн кээ бирин,
Эл айткандын жөн-жөнүн.

## 60. Аялдар тууралуу азыраак сөз

**Айтуучу:** Ак-Суу району, Зындан айылы. 1998-жыл.
**Жазып келген**: Болотов Д. 765-дептер.

Азыраак айтып берейин,
Кээ бир аял жөнүндө.
Адамдын баары бир эмес,
Айрымдарын сынасам,
Албасаңар көңүлгө.

Суйкайган сулуу келиндин,
Суктанабыз өңүнө.
Сулуу аял бат жагат,
Эркектердин көөнүнө.
Эси жок болот: кээ сулуу,
Сүйлөгөн сөзү дөөрүмө.

Кээ бир аял ушакчы,
Алы жетпейт оозуна.
Ач көз да болот андайлар,
Көз артып кийим коозуна.
Эбин таап баш кошот,
Эркектердин жоошуна.

Жоош эркек унчукпай,
Аялын эркин жүргүзөт.
Жоолук, көйнөк, пальтону,
Жок жерден таап кийгизет.
Барамын десе базарга,
Такси жалдап мингизет.

Айтса да тилдеп жактырбайт,
Азапка салат күйөөсүн.
Талкалап казан-аякты,
Тажатат үй-бүлөсүн.
Түрлүү акыл айтсаң да,
Түшүнбөйт сөздүн жүйөөсүн.

Кээ бир аял бактысын,
Көтөрө албай  кутурат.
Көчөгө чыкса көйкөлүп,
Көп таанышы учурап.
Акчалууга  алданып,
Ал дагы антип бузулат.

Байкасаң кээ бир аялдын,
Түлкүдөн укмуш амалы.
Сыр алдырбай ээрчитет,
Зыңкыйган жапжаш баланы.
Жибектей болуп чоюлган,
Жигитке тийет залалы.

## 61. Аялдар жөнүндө

**Айтуучу:  Белгисиз.**
**Жазып келген**: Бердибаева К.О. 105-дептер.

Айдыңдуу көлдү көрктөгөн,
Ак куу деген паранда.
Ак  куу сындуу аялга,
Армансыз жигит туш болот.

Караңгы түндү көксөгөн,
Алганынын тиреги.
Алганын көрсөң чамалап,
Чалкыган көлдөй береги.
Куурасаң акыл табышып,
Ар убак тиет кереги.

Акылсызы аялдын,
Чалкыган суудай акпаган.
Адам  эмес айбанга,
Ууртап  койсо жакпаган.

Көлтөйүп турат ар дайым,
Көлөштөй бутка батпаган.
Максатсыз жашайт айбанча,
Ою жок башта сактаган.
Бышпаган көмөч өңдөнүп,
Табы жок отко кактаган.

Акылсыз болсо алганың,

Ажырайт өмүр көркүнөн.
Арылбай жүрүп өтөөрсүң,
Армандын күйгөн отунан.
Кем акыл болсо алганың,
Кейисең бүтпөйт арманың.
Кейишти тартып ичиңден,
Кемий берет дарманың.

Алганың аксым жан болсо,
Көк шибер кечип, гүл терип.
Аралап бирге баспайсың,
Жаш өмүрүң кор болуп.
Жабыгып көңүл ачпайсың,
Тымызын ичтен ой тартып.
Санаага чөгө баштайсың,
Ачылбай кабак түнөрүп.
Шайырлыкты таштайсың,
Эл көрбөс жерде муңканып.
Эки көзүң жаштайсың,
Түн ортосу болгончо.
Асманга жылдыз толгончо,
Уйку болбой өзүңдө.
Бир кезде сүйгөн кызыңдын,
Элеси турат көзүңдө.
Ай ошондо арман күн,
Ар түрлүү ойлор жаралат.
Туш болдум кандай жанга деп,
Кызыл чок бойго таралат.
Кыйноосун тартып сүйүүнүн,
Чече албай турмуш түйүнүн.
Кылчайып өткөн күндөргө,
Эскерүү менен каралат.
Кыйылган менен адамзат,
Кылчайып кайдан бара алат…

## 62. Аялдарга акыл сөз

**Айтуучу**:Белгисиз.
**Жазып келген**: Жумабаева . 1624-дептерден.

Жакшы ургаачы элге жагат,
Эркелетип эрин багат.
Жаманы жылаандай чагат,
Эл көзүнчө эрин кагат,
Ызаланып көзүңдөн жашың агат.

Жакшы ургаачы оокат кылат,

Өзүңдү кыйбайт.
Өлөөрчө сыйлайт,
Өлсөң өкүрүп ыйлайт.

Жаманы жанды кыйнайт,
Идиш-аягын эринип, жыйбайт.
Элден уялсаң ичиң кайнайт.
Эси жоктун маңдайына,
Ошол жыргал сыйбайт.
Оорудум деп оокат кылбайт,
Отурган жеринен бир да жылбайт.
Тамак бер десең -
«Таап кел!»- деп, кыйнайт.
Анын кайда жүргөнүн адам туйбайт,
Көзүнө көрүнгөндү алып бер деп кыйнайт.
Жакшы жалтырап жүрөт,
Жаркырап күлөт.
Ичиңде эмине бар,
Айттырбай билет.

Коңуздан корккон коркоктун иши,
Иш билбеген чоркоктун иши.
Билип жүрөт баарысын,
Билимдүү киши.
Жакшы колуңа - кол,
Бутуңа - бут.
Үйүңө кирген түгөнбөгөн кут.
Жаман болсо балдарың,
Багууга бир күн да жарабайт.
Канчалык тилдеп жатсаң да,
Катындан башка карабайт.

Жашоосу жакшы өмүрдүн,
Эч качан бөлөк санабайт.
Кастарлайт кемпир болгончо,
Анын ысыктыгы тарабайт.
Көрбөс тоону көрбөйт,
Көпкөн жоону койбойт.
Эл мактасын «жакшы» деп мактасын,
Сөзүңдү айт колун сунуп жатканга.
Кылмыш кылсаң чыныңды айт,
Карганып сүйлөп актанба.
Көп жойлогон түлкү капканга түшөт,
Ошондо келет эсине, шыйрагын чапканда.

Көргөндү уккан жеңет,
Көйрөңгө күлкүң келет.

Эрегиштен эр өлөт,
Этегинен жалгаса эркек бала төрөлөт.
Алдей-алдейлеп, ак бешикке бөлөнөт.
Жыгылган күрөшкө тойбойт,
Акмак үйрөнгөн адатын койбойт.
Чакыргандан калба,
Өзүң басып барба.

Алдыңда бирөөнүн алтыны жатса да алба,
Жаман ишке чалынып талаада калба.
Адамдагы көрк мол болот,
Алтымыш жашта чөл болот.
Ынтымак болсо үй болот,
Кайгысыз ичкен кара суу,
Кадимки ширин суу болот.

Койду «кош» деп,
Уйду «өш» деп,
Эчкини «чек» деп,
Төөнү «чөк» деп,
Жылкыны «айт» дейт.
Ким ынтымакта жашаса,
Ошону айтабыз «бай» деп.
Бул карыянын мурас сөзү,
Кийинки муундарга көрктүү сөз.

## 63. Аялдардын санаты

**Айтуучу:** Султанов Акмат. Фрунзе району, Кадамжай совхозу, Кызыл-Булак айылы.

**Жазып келген:** Баатирова З. 1557-дептер.

Байыркынын мисалы,
Баштап айтсам бизде бар.
Байыңдан алдым мынчаны,
Байбиче акым Сизде бар.
Урматтуу тойду сен кылсаң,
Сенден бөлөк кимде бар.
Сапатын жактап ырдасам,
Сандыгың толо дүнүйө бар.
Азамат эрдин кызысың,
Арнаган жөнүң үйдө бар.
Алганың менен сүйлөшүп,

Тапканың чачып гүлдөп ал.

Ак көмөкөй, кызыл тил,
Армансыз гавиң[79] сүйлөп ал.
Кызыл таңдай көмөкөй,
Кынабың келди гувлап [80] ал.
Азалгинин [81] санаты,
Айтувда катар менде бар.
Билбесең сура билгенден,
Кадиминен нуска элде бар.
Эринден алдым бир чепкен,
Эмдиги акым Сизде бар.
Баракалла байвиче,
Өзүмдө битта жегде[82] бар.
Харчылыкты[83] көрвөйсүн,
Хайыр эксанин[84] колдо бар.

Байвишени ырдашим,
Баятан бери ойдо бар.
Башка жакта акым жок,
Баккырам акым тойдо бар.
Балаң үчүн той кылдың,
Барыңды берип дувлап ал.
Капкыңда колу карындаш,
Калтырвай барып жыйнап ал.

Алтындан сырга тагынып,
Хурсандык кылып дувлап ал.
Жеткизиптир бу тойго,
Өзүнчө  жетиш кыйла бар.
Карындаш менен уругуң[85],
Барынды бер да, сыйлап ал.

## 64. Аялдар санаты

**Айтуучу:**Кожош уулу Бөкөш, 74 жашта.      Өзгөрүш айылы.
**Жазып келген**: Талипов Сыргабай.  85-дептер.

Кыз баланын жакшысы,
Кызыл манат макмалдай.
Кармаганы таптаза,
Кара суулар аккандай.
Таап калса жаңылбайт,
Сартар болсо баскандай.
Сайма сайса жымылдайт,
Усталар күмүш чапкандай.
Кармаганы шамдагай,

Машинкени баскандай.
Ал өңдөнгөн жакшы кыз,
Кызыл манат макмалдай.
Боосу алтын, бой тумар,
Бак четине  барбасын.
Өөнү жок жакшылар  -
Өз теңинен калбасын.
Ала көөдөк  жигиттер,
Аламын  деп  оолугат.
Алып барсаң жаныңа,
Алыс качып корунат.
Жаман катын белгиси,
Какылдап, какшап  көп сүйлөйт.
Жаман – жакшы  ылгабай,
Туура, билем деп сүйлөйт.
Кайаша айтат аркырап,
Камчы чапсаң кокустан,
Жашырбайт үнүн чыркырап.
Жамаачылуу айрык жең,
Этек - жеңи самтырайт.
Күнү-түн ачка жүргөндөй,
Жаман  болот тамагы.
Караңгы күйгөн чырактай,
Бүркөлүү болот кабагы.
Жапкан  наны  карала,
Жакшыдан кетсин садага.
Жакшы катын ооруса,
Жаман катын садага.
Беш-алты малды айда деп,
Арзанына караба.
Жалгыз  күлчө  кылса да,
Бети - башы агала.
Беш эчкиси тууса да,
Бел курчоодон сарала.
Жан-жоруңуз[86] келгенде,
Нан барбы десе  ун жок дейт.
Жашырбайт жалгыз айбыңды,
Жаныңда жарым пул жок дейт.
Башайы макмал табылса,
Баркы болбойт жаманга.
Тумалатып[87] жок кылат,
Топурак менен саманга.
Жакшы катын алгандар,
Дастаркону сулуу ак болот.

Чоң-кичине баарына,
Бычкан кийми чак болот.
Жакшы болсо алганың,
Жаңы тиккен кийимдей.
Жамаачылап салганы,
Жаман болсо алганың,
Жайдыр-кыштыр бир далай,
Жарыбай ачка калганың.

## 65. Жаман кыздын белгиси

**Айтуучу:** Орокова Бейшегүл. Ат-Башы району, Калинин атындагы айыл. **Жазып келген:** Ашырбекова Альмира. 50-дептер.

Жаман кыздын белгиси,
Айылдан айыл жүгүрөт.
Жаман кыз десе күйүнөт.
Кашына көөнү сүрткөн кыз,
Элдин баары үрккөн кыз.
Идиш-аяк жуу десе,
Сом темирдей турган кыз.
Жаман сөздү жантайып,
Жата калып уккан кыз,
Эжеси акыл айтканда,
Каяша берип каккан кыз.
Бирге бирди кошо албай,
Мээси айланып жаткан кыз.
Көчө таптап көнгөн кыз.
Ата-энеге тил албай,
Оюн десе өлгөн кыз.
Маңдайдагы тиштерин,
Ырсайтып ачып күлгөн кыз.
Жалкоолуктун айынан,
Элге жакпай жүргөн кыз.

## 66. Кыз бала

**Айтуучу:** Асанов Парман ,1925-жылы туулган. Ташкент областындагы Бөкө району, Мичурин атындагы колхоз.
**Жазып келген:** Исраилова Райхан. 1865-дептер.

Колуңдан эч нерсе келбей,
Энеңден тарын кыз бала.
Билгенини айтпаган,
Жеңеңден тарын кыз бала.
Айтканыны кылбаган,
Өзүңдөн тарын кыз бала.
Ойлобостон сүйлөсөң,
Сөзүңдөн тарын кыз бала.
Азил кылып сүйлөсө,

Катуу тийбе кыз бала.
Сынамакка келгендир,
Ойлоп көргүн кыз бала.
Ойноп айтса бир бала,
Ойлоп сүйлө кыз бала.
Барган жерден бак тапсаң,
Кийин сүйлө кыз бала.

Бойго жеткен кыз бала,
Адамды көзгө илбейсиң.
Кай тарапка кетесиң.
Тагдырыңды билбейсиң.

Пландап жүрүп турмуш кур,
Кайтып үйгө келбейсиң.
Кайтып келген кыз бала,
Арийетти билбейсиң.

Жаш баласың мүнөзүң,
Арыктагы аккан сув.
Аңдап көргүн сөзүмдү,
Акмак кылат айрым кув[88].
Институтту бүттүм деп,
Мактанбаңар кыз бала.
Бир акмакка алданып,
Даттанбаңар кыз бала.

Арманың аттын башындай,
Төгүлүп калып жүрбөсүн.
Абийириң сайдын ташындай,
Көрүнүп калып жүрбөсүн.

Көзүнө карап иш туткун,
Бирөөнүн берген акылы,
Тар болбосун жолуңа.
Сүйдүм деген жигиттин,
Шар болбосун багыңа.
Дарак болсоң айнысаң,
Чымчык конбойт шагыңа.

## 67. Аялдарга сын

**Айтуучу:**Жапарова Нуркыз, 59 жашта.Нарын району, Учкун айылы.
**Жазып келген:** Үкүбаева Лайли. 1549-дептер. 1998-жыл.

Аялдардын жакшысы
Айрыкча болот поруму.

Сүйлөгөн сөзү митайым,
Кымбатпы кыял жоругу.
Аялдардын жаманы,
Адамга жакпайт поруму.
Чоркок болот сөздөрү,
Чочугандай жоругу.

Аялдардын жакшысы,
Жаңыдай септейт эскини.
Жоктон курап бар кылат,
Жакшы аялдын эпчили.
Жакыныдыр, жатыдыр,
Жаман көрбөйт эч кимди.
Жаңылыш айтып койбосом,
Жалпы аял бирдей жакшыбы.
Аялдардын жаманы,
Элең-селең жүргөнү.
Эки эле күндө сөгүлөт,
Эптеп-септеп илгени.

Жайы-кышы ийрилбейт,
Аярланып турушат.
Абийир сактап жаман сөз,
Айтпоого бекем тырышат.
Абысын-ажын, теңтушка,
Ардактап аяк сунушат.

## 68. Насыят

**Айтуучу:** Жапарова Нуркыз, 59 жашта. Нарын району, Учкун айылы. 1998-жыл.
**Жазып келген:** Үкүбаева Лайли. 1549-дептер.

Алганың жакшы болгон соң,
Кирген бир үйүң ордодой.
Көңүлүңдү куш кылат,
Кымбат баа жоргодой.
Ачууланып камчы урсаң,
Адеп сактайт молдодой.
Таза болот сымбаты,
Алганыңдын бир башы.
Жаркыраган айнектей,
Кармаган казан, тулгасы.
Ачык болот кабагы,
Барды-жокту байкатпай,
Берекелүү тамагы.
Алмадай камыр аш кылат,

Адамдын көөнүн куш кылат.

Алганың жаман болгон соң,
Кирсең үйүң кепедей.
Кийимиң сасып кир болот,
Тамтыгы чыгып текедей.
Тапканыңдын бардыгы,
Быркырап сынат көзөөдөй.
Айыл десе кам урат,
Элечегин пар кылат.
Уулуң жакшы болгон соң,
Кымбат баалуу жакут таш,
Кызык базар көргөндөй.
Ар жыйындан гап[1] урса,
Ар кандай пенде көнгөндөй.
Көңүлү ачык жаркырап,
Жолу болгон мергендей.
Уулуң жаман болгону,
Киши келсе кенебейт.
Айылдап жүрөт дардайып,
Кайсы жерде аш бышса.
Ар дайым анын ээси,
Кулагына илинбейт,
Айткан акыл, жемеси.
Агаң жакшы болгон соң,
Күндө кызык, күндө той.
Айлыңдан кетпейт топ жыйын,
Ишиң жакшы болгон соң.
Кымбат баа, жакут таш,
Кызыган шаар, базардай.
Жара сүйлөп жымыңдап,
Тараза ташы басаңдай.
Иниң жаман болгон соң,
Жан сактоосун кыла албайт.
Жамаачылуу чапандай,
Иним бар деп ойлонбой,
Жата бер жалгыз жапандай.
Жакшы менен жаманды,
Жараткан Теңир эрикпей.
Жамаатың жаман болгон соң,
Он сегиз болсо пайда жок,
Чуркураган көп иттей.

## 69. Санат ыры

**Айтуучу:** Досматов Абды, 88 жашта. Нарын району, Куланак айылы.
**Жазып келген:** Айдаралиева Гүлзаада. 1511-дептер.

Жакшы аялдын белгиси,
Жашаган үйүн гүлдөтөт.
Жалкоолуктун пайдасы,
Жарыбай жүрүп күн өтөт.
Ак мээнеттин пайдасы,
Акыры барып ирденет.
Эрте туруп иш кылсаң,
Элден ишиң бат бүтөт.
Эр жигиттин жакшысы,
Эгин эгип, мал күтөт.
Ээликтирбес бузуку,
Элинин көөнү жай болот.
Эгин бүтсө ыргалып,
Эмгекчи көөнү шай болот.
Кара малдай-токчулук,
Катарга батпайт жокчулук.
Кызыл манат-токчулук,
Кыйын болот жокчулук.
Баш барда келет мейманың,
Алтындай башың өткөн соң,
Балаңа калат жыйганың.

Күмүштөй башың өткөн соң,
Каралбай калат жыйганың.
Өмүрү бүтпөйт тирилик,
Өткөндөр келбейт тирилип.
Карыган адам эмгектен,
Жарышып иштеп түрүнүп.
Каптаса журтуң бүлүнүп,
Кара жер тартат сиңирип,
Жоргону минсең базарга,
Жолдо кумар жазаарга.
Жол алысы билинбейт,
Жал-жал көз болсо катарда.
Күлүктү минсең базарга,
Күндө кумар жазаарга.
Күйүтү жолдун билинбейт,
Күлүңкөз болсо катарда.
Токойго койду үйүргүн,
Токтусун базар кийиргин.
Чарбакка койду үйүргүн,

Чарбысын базар кийиргин.
Ак чатыр тиккен жайлоого,
Акыл менен шык керек.
Ар жыйында сайроого.
Көк чатыр тиккен жайлоого,
Көп акыл менен мээ керек,
Көпчүлүккө сайроого.

## 70. Санат ыры

**Айтуучу:** Жапарова Нуркыз, 59 жашта. Нарын району, Учкун айылы.
**Жазып келген:** Үкүбаева Лайли. 1998-жыл. 1151-дептер.

Айтамын аял белгисин,
Айып көрбө жолдоштор.
Айтамын мен да эмкисин,
Уй сааганда челеги,
Белчесинен тепселет.
Уруш болсо үйүндө,
Мунун берекеси жок болот.
Ынтымаксыз болсо жигиттер,
Кызганчаак аял кошулат.
Катыныӊ өз башыӊа сот болот.
Акылы бар эр жигит -
«Соттон» коркуп тим болот.
Конок келсе урушат,
Чай кайнайт десеӊ: суу жок дейт,
Теӊтуштарыӊ ичинде,
Өлүгүӊдү көрөйүн,
Журтта бир сендей кул жок дейт.
Керегенин үстүнө,
Түйдөк-түйдөк жүн коет.
Чечекти кайдан таптым деп,
Балдары менен сабашат.
Айылга кетет шалпактап,
Баласын төрдө уктатат.
Бул өӊдөнгөн ойрондор,
Иттерин байдөбөт деп чакырат,
Өзү билгендей талтактап.
Жабуусуз койбо айгырды,
Балдар, жайсыз койбо кайниӊди.
Тынгысыз кылат айлыӊды.
Бейтаалай эрдин багына,
Бейбак бир аял жолугат.
Бешимде тогуз сөз айтып,
Беш күнгө жетпей оолугат.
Тим эле койсоӊ жин уруп,

Өзү эле туруп соолугат.
Аксым болсо алганың,
Балдар, өзүңдөн кетпейт арманың.
Акылдуу болсоң жаш балдар,
Жакшы кыз албай тынбагын.
Жаштыктын көргүн үзүрүн,
Жарманкелүү базардай.
Армандуу кылбай өмүрдү,
Ойноп бир күлүп жаркылда.
Байбиченин жакшысы,
Майы калың учадай.
Келин-кыздын жакшысы,
Кездеменин жибиндей.
Кайраты бар азамат,
Армиянын түрүндөй.
Келиниң жаман болгон соң,
Чегесиз тарткан таш менен тең.
Кызың жаман болгон соң,
Ичкениң арам аш менен тең.
Уулуң бир жаман болгон соң,
Арак ичкен мас менен тең.
Агаң жаман болгон соң,
Өзү өлтүргөн кас менен тең.

## 71. Байбачанын айтканы

**Айтуучу**: Байбача Аксүп, 72 жашта (Жоошбайдын бир тууган иниси). Тоң району, Ак-Терек айылы.

**Жазып келген:**Молдосанова А. 1269-дептер.

Ат башы менен эр башы,
Анын кайда жүрбөйт бир башы.
Акылман болсоң ар убак,
Адамзаттын курдашы.
Айткан сөздүн маанисин,
Абайлап байкап сындачы.
Акылман болсо алганың,
Аманат жандын урматы.
Абийириңди кетирип,
Акылсыз болсо ургаачы.
Кор кылдың кайран бир башты,
Калың эл сендей алтынды.
Кайгырсам кайдан табаармын,
Көп эле адам жүрбөйбү,
Келишимдүү, сымбаттуу.
Дөөлөттүү кылган жигитти,
Калың элдин урматы.

Акыры адам баласы,
Акылдан көрөт урматты.
Оо, жараткан дүнүйө,
Адамдын акылын тегиз кылсачы.

**72. Жамакташтырылган санат ыр**

Айтуучу: Чөкчөева Карала, уруусу- шапак, 69 жашта.
Жазып алган: Алымбекова. С . 1973-жыл, №191-дептер.

Зар заманым, заманым
Сабак берчү канатым.
Баарын мындан табасың
Кызыл тилим сүйлөчү
Кыйытып сабак уккандай
Кызып сөздү айтканда
Кызык айтып мыскылдай
Кыз-келиндин жаманы
Үй бүлдүргөн чычкандай.
Сыр айтпаган тууганың,
Арасташкан душмандай.
Кайыры жок байларың,
Карагайлуу жылгадай.
Эске түшөт капалык,
Көп ооруган талмадай.
Аке чечен бар болсоң,
Мекедеги курмадай.
Асыл тууган жаныңа
Себеп болот кыйнабай.
Акылга мол жигиттер,
Дарс окуган молдодой.
Таалим алсаң өзүнөн,
Теңир берген олжодой.
Жакшы болсоң канчалык
Кудай берет болжобой.
Арбак конуп кетпейби
Арзан болсо жакшылык,
Ар ким өзү мактанат,
Жакшы болуп албайбы,
Залим дебей не дейбиз,
Сөзгө кантип теңейбиз.
Көк куурайы көп чыгып,
Шыргый болгон заман ай.
Жаман аял эрине,
Кыргый болгон заман ай.
Байбичесин какшатып,

Токол билген заман ай.
Кайын энесин какшатып,
Келин билген заман ай.
Каяшаны көп айтып,
Эрин билген заман ай.
Атты мээнет басаарда,
Алдыңкы буттан басынат.
Төөнү мээнет басаарда,
Кара чымын асылат.
Эрди мээнет басаарда,
Эгини чыкпай жерине.
Баланы мээнет басаарда,
Башы-көзү таз болот.
Келинди мээнет басаарда,
Кайын энеси кас болот.

**73. Аялдар жөнүндө**

Айтуучу: Ыйаз Мүсүралиев, 80 жашта, Түп району, Көөчү айылы. Жазып алган: Дуңканова. Г. №6- дептер.

Жакшы катын белгиси-
Булгаары кылат терини,
Мырза кылат эрини.
Жаман катын белгиси-
Калдырак кылат терини,
Карып кылат эрини.
Жакшы аял белгиси-
Жадырап-жайнап аш кылат,
Жаман эрди баш кылат.
Жаман аял белгиси-
Бала туудум деп коёт,
Баштыктагы талканды
Колун салып жеп коёт.
Баладай камыр жууруп,
Четинен кылын суууруп,
Баласын ичин өткөрүп,
Туткучу менен көмкөрөт.
Жакшы аял белгиси-
Күмүш шаңгыр жамбыдай[89],
Кайда болсо кымча бел,
Жигит качпай алгыдай.
Жаман аял белгиси-
Жазгы маал көнөктөй,
Үй-бүлөсүн жүдөтүп,
Мизи мокок ороктой.

Азаматтын жакшысы-
Жүк көтөргөн атандай.
Өңү жарык эл болсо,
Ыкыбалдуу[90] жакшылар,
Эл көзүндө мазардай.
Кайырлуу болсо байларың,
Карагайлуу жылгадай.
Ырыскысы өзүнө,
Бышып турган курмадай.
Кайыры жок байларың,
Малы тоодо кырылган,
Кыялай баспай жол болбойт,
Кыл[91] бычмайын тон болбойт.
Арам көңүл жаш балдар,
Буйдалганда эр болбойт.
Кара карга курусун,
Каркылдап учуп каз болбойт.
Катын болбой курусун,
Кыңылдап сүйлөп кыз болбойт.

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр**

1. Сежде- араб сөзү. Намаз окуу учурунда эңкейип чекени жерге тийгизүү.
2. Тообого к**елүү**- Кудайды таануу, күнөөсүн сезүү.
3. Шахарда- шаарда.
4. Маанап- буйрук, маанилеп деген таризде.
5. Саядаар- көлөкө, калканыч.
6. Насибасы- ырыскысы, насиби.
7. Жовангы- жаштыгы.
8. Кыд- ашатылган теринин өтө так, кээде тар өлчөмдө тигилиши.
9. Саркар- башчы.
10. Аккары-Аземдеп тигилген өтүк. Бут кийим.
11. Дехоти мектеп- чоң, белгилүү мектеп маанисинде.
12. Ожура- Хужура- бөлмө, үй.
13. Бария(араб )- Каалоо.
14. Ават, абад- көрктүү шаар.
15. Барманы, фарманы- кудурети, күчү.
16. От- чөп.
17. Гайзыга-кайсыга, эмнеге болсо да .
18. Эгиздин оту- бийик тоонун чөбү.
19. Бурак- аргымак,күлүк ат.
20. Хан уулундай куштасаң- өтө урматтап сыйласаң деген мааниде.
21. Уштасаң(диалект.)- мында «муштасаң» деген мааниде.

22. Акур- жылкы чөп жечү атайын орун.Аштоо деген түшүнүккө жакын.
23. Лап- өзүнө тартуу, кан күсөө.
24. Кош- жер айдоо.
25. Мыйманың- мейманың, конок маанисинде.
26. Абзал- жабдык. Ат жабдыктары.
27. Ашаа(диалект. сөз)-нашаа. Наркотик.
28. Асили-эзели.
29. Фарманы, барманы-күчтүүсү,кудуреттүүсү.
30. Чака- тыйын, Акча.
31. Гөөдөк- мактанчак,
32. Кеперээтин тартуу- күнөөсүн тартуу.
33. Кунаса- кунарсыз, көрксүз.
34. Гап- сөз.
35. Давлатка мавдур болбогон-дөөлөткө, убактылуу жыргалга, жашоого магдырабаган.
36.Нуспат-насаат, сапат маанисинде.
37. Бандаси-пендеси.
38. Бахарда- ала жазда.
39. Мавжурук- мажүрүм тал, дарак.
40. Жахандо- тозок жай.
41. Касалга- ооруга.
42. Жабырысыдан өткөн соң- жабыры жанына өткөн соң.
43. Заарлап- эрте менен.
44. Бедов- күлүк ат.
45. Хакка-Акка. Өлүмдүн анык экенине.
46. Азали- эзели. Эзелтен, башынан, негизи деген мааниlerде колдонулат.
47. Галва-Чатак. Ызы-чуу.
48. Пардаш- сабыр кылуу, чыдоо.
49. Пахирлер- бакырлар. Бакыр адам .
50. Газ- ойт берүү, буйтоо.
51. Хамма- баары.
52. Хам- чийки.
53. Калла- баш.
54. Жайига- жайына,ордуна.
55. Дардисар- ой-санаага батуу, күмөн саноо.
56. Дарткам-кумар ойноочулардын оозунан түшпөй айтылуучу сөз. «Дартың болоюн» деген мааниде.
57. Эгизде- бийикте.
58. Добогерчи- доочу.
59. Эшип кетсе-алып кетсе. Суу алышты(тукту) агызып ,жууп кетет.
60. Жем түшүү- Жылкынын бутунан аксоосу. Туягына жем түшүү.
61. Арас болуу- алыстоо, бөлүнүү, тарынышуу.
62. Жалган менен- бул жарык дүйнө менен.

63. Жүрөгүндө мүлкү бар- ичинде сыры, чоң өнөрү бар.
64. Жаннат- бейиш.
65. Жөгдөрү- төөнүн моюнундагы жумшак жүнү.
66. Шарбаты- шарапаты, оң таасири.
67. Пай- жылкынын бутунун эң төмөнкү бөлүгү.
68. Курда- куракта деген мааниде.
69. Гайыр- кайыр. Кайрымдуу деген мааниде.
70. Ариет каттын адамы- билимдүү адам. Молдо киши.
71. Хайалга- бир азга. Аялда, байка.
72. Тав- тоо.
73. Сув- суу.
74. Жав- жоо.
75. Конорго- дайым конуучу (айкүр) чүкө.
76. Ака- аке.
77. Бавалап- бубалап.
78. Орто жетпей жаралса- ара төрөлсө, акыл-эси, кыймыл-аракети толук жетилбесе.
79. Гавиң- сөзүң.
80. Гувлап ал- күүлөп ал.
81. Азалги- эзелки, байыркы.
82. Жегде- жекте. Көйнөк (эркектер үчүн) маанисинде.
83. Харчылыкты- кордукту.
84. Хайыр эксаниң- кайрымдуулук кылганың.
85. Уругуң (карындаш-уругуң)- тууганың, куда-сөөгүң.
86. Жан-жоруңуз- жоро-жолдошуңуз, досторуңуз.
87. Тумалатып- кулатып, жерге түшүрүп.
88. Кув- куу, митайым.
89. Жамбыдай- уютулган алтындай.
90. Ыкыбалдуу- көңүлдүү, ниеттүү.
91. Кыл- так, кылдат, абдан, өңчөй деген маанилерде .

## II бөлүм:Термелер

### 1. Чүйүбүз - куттуу үйүбүз

**Айтуучу:** Абдыкайыр Керимкулов.Кемин району, Кызыл-Байрак айылы. **Жазып келген:** 1989-дептер.

Ажарын айтсак түгөнбөйт,
Сары-Өзөн Чүйдүн, Кеминдин.
Мекендеген кең Чүйдү,
Бактысы тоодой турбайбы.
Айтылуу кыргыз элимдин,
Кең Чүйдүн төрү Keминди.
Жараткан экен татына,
Айланайын жараткан.
Дача кылам дегенби,
Жарашып турат атына.
Башы Чүйдүн Көк-Ойрок,
Аяк жагы Ала-Арча.
Суусамырга созулуп,
Алтындай жерлер бир канча.
Белес-белес төө өркөч,
Сулуулугу башкача.
Тоолорго тоолор кошулуп,
Ушундай жерди жердеген.
Эмгектенип тердеген,
Ак буудайын өстүрүп.
Коон, дарбыз, кызылча,
Арпа, таруу, жүгөрү.
Алп урушуп жер менен,
Жолоочуну «кел» деген.
Дастаркондуу элибиз,
Жашылчасын камдаган.
Жамандык жакка барбаган,
Иш туралуу сүйлөгөн.

Калп айтканды сүйбөгөн,
Эмгектенип талбаган.
Кетменин ишке камдаган,
Дунган деген элибиз.
Орус, казак, өзүбек,
Татар, немец көп улут,
Бир тууган кылып батырган,
Атактуу кең Чүй жерибиз.
Акылдашып, кеңешип,
Жерди тилип дың бузган.
Асмандатып үй салып,
Куруучу чыкты кыргыздан.
Архитектор, илимпоз,
Албан үйлөр тургузган.
Балдар окуп чоңойсо,
Бактысы деймин кыргыздын.
Имаратын карасаң,
Сүрөтү турат жылдыздын.
Булары болсо куруучу,
Чын жашоонун нугу ушу.
Картасын карап тегиздеп,
Бирөөсү геолог кен издеп.
Кардарлар келип жатпайбы,
«Кениңерден бериш»- деп.
Саймалуу төрдү жайлашып,
Фермери тоодо мал багып.
Эт, сүт, майын камдашып,
Жеткирип элге арнашып.
Биринин колу жетпесе,
Бири берип жалгашып.
Ынтымактуу биздин эл!
Касиетин көргөндө,
Туралбас акын ырдабай.
Ак калпак кийген башына,
Ак шумкар тууган тушуна.
Тоолорун айтсак бир далай,
Керилип жаткан төрлөрү.
Келтирип сайган саймадай,
Тоо жылына карата.
Жер көрүш үчүн атайы,
Keминден чыгып жөнөдүк.
Аттардан минип тандалган,
Он чакты күндү болжошуп.
Саякатка арналган,

«Тору – Айгыр» өрдөп түш ченде.
Чыгып бардык ашууга,
Калем алып киріштим,
Көргөнүмдү жазууга.

Кымыздан жутуп эс алып,
Кайта аттанып жөнөдүк.
Кыпкызыл кум куюлма,
Муз жаткан тоону бет алып.
Ылдый жагы кызыл чап,
Кадимки көлдөр мелтирейт.
Тасмага тарттык келбетин,
Көл үстүндө кубулжуп.
Чыбырчык тарткан берметин,
Көз артып турдук таңыркап.
Жашырып сырын тургансыйт,
Жердебей адам сабыркап.
Үзүрүн көргөн эл барбы?
Бул өзүбүзгө табышмак.
Араң чыктык чокуга,
Деңгээлинен деңиздин.
Үч миң метр бийикте,
Эки мерген бар эле.
Алардын көзү кийикте,
Аба жетпейт бийиктен.
Бышкырып аттар баса албайт,
Өзүбүз дагы чочудук.
Сокконсуп жүрөк басаңдайт.
Жоосун алат көзүңдүн,
Сулуулугу бөтөнчө,
Мынакей жердин соорусу.
Кийиктен башка эч ким жок,
Кыртышын жердин аңтарып.
Көбөйгөн экен доңузу,
Кара кыяк, жашыл төр.
Көзүңө жакшы көрүнөт,
Ата-баба жайлаган.
Ар кайсы жерде конушу,
Токтой калып кээ жерден.
Видеого тартып алабыз,
Төрлөрүндө түрлүү гүл.
Жыттаса кумар тарагыс.
Болжогон жер «Жинди-Суу».
Дегеле алыс арабыз,

«Челекке» чейин алыс жер.
Ар кандай кыр, белди ашып,
«Дөрөгө» жеттик кечинде.
«Тоодой таштар чоң кургуй,
Кантип өтөөр экенбиз?» -
деген ойлор сезимде.
«Ылдый жакта  өткөөлү
Болуш керек эле деп».
Каттообек деген мергендин,
Калган экен эсинде.
Корумга жеттик, түн кирди,
«Калдыр-күлдүр таш кулайт.
Эмне экенин ким билди,
«Сактай көр, Кудай өзүң!»- деп.
Ыйык жалдан бек кармап,
Кыскарта тартып тизгинди.
Эптеп өттүк кургуйдан,
Далай жер экен арасы.
Ток пейил тартып өзгөчө,
Тоолордун бүтпөйт санаты.
Кыялап түштүк ылдыйлап,
Жинди-Суунун төшүнөн.
«Үч-Эмчектин» өзүнөн
Ал жерге жетип, эс алып.
Айдатып ийип аттарды,
Машина менен жөнөдүк.
Көрө элек жакты бет алып,
Барып түшкөн жерлерде.
Палатка тигип жайма-жай,
Тосуп турган мейманын.
Төрүнө төшөк салынып,
«Проходной Алматы»
«Таранчы»,«Кой суусу» катарлаш,
Ортолору бел,  башат,
Күркүрөп аккан суулары,
Көккө атылып буулары.
Төрүнөн согуп желаргы,
Кереметтүү «Көк – Ойрок»
Көрүнүшү момундай.
Жолугуп калат туристтер,
Машинесинен жөөсү бар.
Алма-Атадан чыгышкан,
Кыргыздын жери керемет.
«Ысык –Көл» деп угушкан,

Алма-Атадан күңгөйлөп.
Үч жарым саат жол жүрүп,
Атчан бардык Челекке.
Көк-Ойроктун башаты
Кең –Чүйгө кенен суу барган,
Көрсө, ушул жерде экен береке.

## 2.ТЕРМЕ

**Айтуучу:** Иманалиев Айдарбек, 42 жашта. Жумгал району, Доскулу совхозу.
**Жазып келген:**Медералиева Жылдыз. 1876-дептер.

Жергеме турду себелеп,
Жер Эне ага балкыды.
Жемишин берип ме-мелеп,
Жеримде согуш болбосун.
Жергеме тынчтык орносун,
Жетишкен мында бай элим.
Жылдызга сунуп кош колун
Жел менен кошо желбиреп,
Желеги турсун борбордун.

Жетимиш жыл илгери,
Жеткизип бизге кадамын.
Жакырдыктан куткарган,
Жашасын Октябрь заманым.

Ал кездеги ымыркай,
Ак сакалдуу чал болду.
Улуу Октябрь нуруна,
Бөлөнгөнүн ырдайын.
Өзүң менен бир кошо,
Төрөлгөнүн ырдайын.
Алпештеп Ленин атабыз,
Жөлөгөнүн ырдайын.
Бардык элди тең көрүп,
Жер бөлгөнүн ырдайын.
Какшып жаткан чөлүңдүн,
Көлдөгөнүн ырдайын.
Кубарып жаткан боз талаа,
Көгөргөнүн ырдайын.

Улуу эл менен биригип,
Акыл насаат, кеп-кеңеш.

Чечишкенин ырдайын,
Бизге келип бул заман.
Бекиткенин ырдайын,
Он беш союз республика.
Кол кармашканын ырдайын,
Партия бизге жол баштап,
Баратканын ырдайын.
Ушул ишти көрсөткөн,
Октябрь сага ырахмат.

Улуу Октябрь кут болсун,
Элиме кетпес кут консун.
Жетимиш жылдык ийгилик,
Жергемде турат билинип.
Кеменгерибиз партия,
Көрсөтүп жолду түз чийип.
Ааламда согуш болбосун,
Ааламга тынчтык орносун.
Жерде жатсын былк этпей,
Атылбай ок коргошун.

Эми уккула жолдоштор,
Жаңыча иш тездетүү.
Жалпынын иши эмеспи,
Жарыгын чачып Кремль.
Жаңыча иштөө дебеспи,
Кеменгерибиз партия.
Жалпыга коюп кеңешти,
Жаңыча иш тездетүү.
Жалпы калк колдойлу,
Октябрдын кеңешин,
Жалпы союз колдойлу.

Он беш союз республик,
Кол кармашып биригип,
Октябрдын жолунда.
Желбиретип желегин,
Түбөлүк турсун көк чийип.
Октябрь ачкан таң менен,
Октябрь ачкан шам менен,
Баратабыз кол булгап,
Кенен таштап арыштап.
Айды көздөй кол сермеп,

Биз ушунда төрөлгөн,
Биз бактылуу бөлөнгөн.
Октябрдын нуруна,
Жашылданып көгөргөн.

Эми Октябрь сүргөн таң менен,
Элим барат шаң менен.
Улуу көсөм партия -
Жол көрсөтүп кеп-кенен.
Элим болуп билимдүү,
Эми болуп илимдүү.
Дүйнөгө тынчтык орносун,
Эгерим согуш болбосун.
Элиме жыргал орносун,
Элимде кайгы болбосун.

Ээрчитип эгиз энеси,
Бешикте бала ойносун.
Бейкапар бала чоңойуп,
Беймаза согуш болбосун.
Там-туң баскан бөбөктү,
Тай-тайлап эне жетелеп.
Асман ачык күн болсун,
Ар бир үйгө шаң толсун.

Бак берген бизге партия,
Бактылуу биз адамдан.
Өзүбүзгө беш орден,
Борбордо турат кадалган.
Карап көрчү кыргызды,
Күн санап өрүш жаңырган.
Борбордогу көп үйлөр,
Көп кабаттап  салынган.
Илимпоз чыгып өзүнөн,
Өз эсебин таба алган.
Пахтачы, чабан, жумушчу,
Баатырлар чыкты алардан.
Жазуучу жана акындар,
Жарыша калем кармаган.
Элге уят болбойм деп,
Чындык ишти жалгаган.
Халтура менен какшыкты,
Сыйрып таштап тазарткан
Ысык-Көл көлдүн сонуну,

Ысык-Көл болуп форуму.
Башында Чынгыз бек турган,
Дүйнөгө тарап шоокуму.
Биз да совет элден деп,
Биз да кыргыз жерден деп.
Октябрь берген таң менен
Кеп-кеңешин бек салып,
Бекитти Ысык-Көл форумун.
Алакандай кыргыздын,
Дүйнөгө даңкын көтөрүп.
Октябрга кол булгап,
Чынгыз чыкты кыргыздан.

Төлөгөндүн бергени,
Сөздүн айтып жөн-жөнүн.
Октябрда камтылган,
«Сынган кылыч», «Келкели»
Андагыны бүт камтыйт,
Ата-бабам көргөнүн.
Төкөм жөнгө салыптыр,
Кара сөздүн чебери.
Татынакай «Келкели»,
Башында туруп Фрунзе,
Кыргыз жерде төрөлгөн.
Октябрь менен жарышып,
Келкел менен көгөргөн.
Улуу акын Токтогул,
Келкел менен жар салган.
Тарыхты бүт камтыган,
Касымбектин Төлөгөн.

Сарногойдун Байдылда,
Элүүнүн мына айлында.
«Ашуудан берген отчету» -
Жалпы журтка дайында.
Жана каректе калган кайрыктын,
Саптарын тизе баштады,
Андагы ак кол, «ак чүчтүн»,
Пардасын сыйрып таштады.
Таласта туулуп чоңойгон,
«Тай сары эле торсойгон.
Таалимин алып Мидиндин,
Таза акын болду колдогон.
Таасирдүү чыгып таланты,

Таанылып элге билинди.
Сыйлыгын алып Алыкулдун,
Сыймыгы болуп бул учурдун.
Биринчилерден илинди,
Кут болсун ошо сыймыгың.
Кут консун ошо сыйлыгың.
Куттуктоо айтат жүрөктөн,
Айдар аттуу бир иниң.
Эми калемиңде кынтык жок,
Дүрмөттүү анын жазганы.
Таамай тийип бутага,
Кошаматчы, кууларды,
Кокуйлатып атканы.
Эми Байдыкеге айтаарым,
Кол жетпеген кызыл гүл,
Элиме арна айтаарым.
Акындарга үн берген,
Акындарга дем берген,
Октябрь сага рахмат.

Эми кыргыз элим даңкталган,
Эмгексиз карап жатпаган.
Эт, май, сүт, жумуртка,
Пландан ашык аткарган.
XXVII съездге,
Делегат оңдоп шайланган.
Кубанбай кантип турасың,
Мен да буга шаңданам.
Жүрөгүмдөн ыр курап,
Октябрь сага кубанам.

Эми курчап турган боз талаа,
Жалпысынан суу баскан.
Орто-Токой суу сактагыч,
Күрдөөлдүү иш жараткан.
Тездетүү темп жолуна,
Элим түшүп бараткан.
Мына Ильич шамы жаркырап,
Үч-Коргон  ГЭС аркырап.
Күрп Сай менен Токтогул,
Каскаддан суу шаркырап.
Жакшы шаар Таш-Көмүр,
Жалал-Абад сурмасы,
Өчпөөчү нур калтырат.

Майлы-Сайдын лампочка,
Ар бир үйдө жаркырайт.
Миң-Куш, Кара-Кечеден,
Таш көмүрү ташылат.
Жалал-Абад, Жыргалаң,
Өмүргө дары табылган.
Фрунзе атындагы заводдон,
Машиналар чубашат.
Октябрдын фабрик,
Сапаттуу кийим чыгарат.
Карап турсаң кыргыз эл,
Кантип көңүл кубанбайт,
Октябрь колун булгалайт.

Эмгекчи элге келгенде,
Көргөндө чеке тердеген.
Кызылча тоодой үйүлүп,
Шекери менен колдогон.
Челекке батпай бал аары,
Айран, жуурат көлдөгөн.
Ушунун баарын бай элим,
Эмгеги менен жөндөгөн.
Мен менсинип басыгы,
Соң-Көл чалкыйт көл деген.
Ош жактын аппак пахтасын,
Көргөндө көңүл кубанды.
Жөөк-жөөктө жүрүшкөн,
Кара тору кыздары.
Боркокторун томпойтуп,
Пахта терген убагы.
Баткен, Лейлек, Сүлүктү,
Башкадан озуп билинди.
Ардак ошо тактага,
Биринчилерден илинди.
Жыйым-теримге келгенде,
Салмагын таппай карашып.
Кайта-кайта санашып,
Таразага так болуп.
Тоодой болгон пахтаны,
Аныгы менен жөнөттү.
Планын ашык аткарып,
Октябрда шатталып.

Тянь-Шань болсо мал менен,

Мал киндиктүү жер деген.
Суусамыр жайлоо чалкыйт го,
Төрт түлүк баскан жер кенен.
Барып калсаң көрөсүң,
Торсойтуп токту курсагын,
Көтөрө албай турганын.
Подряддык ыкма деп,
Чабандар алган планын.
Тоодой болгон тоюттар,
Ашыгы менен жыйганын.
Атактуу чабан Таштанбек,
Алып терең ыкмасын.
Эт, жүн, төлүнөн,
Чабандар берип кеп-кенен.
Жайы-кышы тынбастан,
Маңдайы нымшып тердеген.
Чабандар ишиң кут болсун,
Жайыттар малга жык толсун.
Чабандар ишиң кут болсун,
Октябрга бөлөнгөн.
Эми тракторчу кыздар көп,
Рулга бекем отурган.
Тездетүү иш ыкмасы,
Өздөштүрүп алышкан.
Кара жерди каңтарып,
Боросторун салышкан.
Күнү-түнү чарчабай,
Күлкүсү менен табышкан.
Шаңкылдап жүрсө кыздары.
Шурудан мончок тагынып,
Шайыдан жоолук салынып.
Күрдөөлдүү күз келгенде,
Көйкөлгөн ошо ак дандан.
Элүүдөн центнер алышып,
Октябрь берген салымы.
Сүт көлүн суудай агызган,
Саанчылар бар дасыккан.
Каймак, май, сары быштагы,
Даамы оозго татыган.
Таргыл ала кунаажын,
Тонналап сүтү ташыган.
Эмесе ээси экен го,
Төшүнө орден тагынган.
Саанчы келин таанылар,

Депутат болуп жаңыдан,
Бергени сыймык Октябрь.

Койлорун күздө айдаган,
Суусамыр кенен жайлаган.
Тулаңын оттоп төрлөрдүн,
Козулар семиз кунандан.
Бөлүмүнө келгенде,
Жумурткадай ак козу.
Жерге батпай жайнаган,
Жүзүнө жүз кырктан деп,
Бөлгөн чабан кубанган.
Октябрга шаңданам,
Эми он экинчи беш жылдык.
Иш планын бекитип,
Бүт совет эли алдында.
Жол башчыбыз партия,
Кремлден эшиттик.
Тездетүү темп жолунда,
Бара жатат партия.
Кайра куруу жаңыча,
Карап жатат партия.
Эмгекчи совет элине,
Жаңы жашоо тынчтыкты,
Каалап жатат партия.
Бүткүл дүйнө элине,
Тынчтык жана тынчтык деп,
Самап жатат партия.

Жылдыз согуш болбосун,
Дүйнөдө тынчтык орносун.
Жерде жатсын былк этпей,
Асмандоочу коргошун.
Пролетарлары дүйнөнүн,
Ажырабастан бириксин.
Жаркыраган тынчтык деп,
Дал ортого илинсин.

Эмесе элим кут болсун,
Үйүңөргө кут консун.
Жетимиш жылдык майрамың,
Көтөрүп кызыл байрагың.
Көчөгө толсун сайраның,
Кызыл, жашыл, сары гүл.

Жыты менен буркурап,
Көчөгө төгүп шат бүрүн,
Тынчтык үнү ыр курап.
Көтөрүп тынчтык символун,
Ак кептер сызсын ободо.
Октябрда шаңкылдап,
Оболо үнүң оболо.
Кылымдан кылым жашасын,
Октябрь баскан жол.
Улуу көсөм Ленин,
Кенен кылып чапкан жол.
Октябрь берген бак менен,
Ар бир үйгө бак консун.
Күлкү чыгып кеп-кенен,
Кут болсун Октябрь жалпыга.
Кут болсун совет калкыма,
Шаңданып элим майрамда.

## 3.ТЕРМЕ

**Айтуучу:**Турдубаев Ыбрай,78 жашта.2002-жыл.
**Жазып келген:** Жакут кызы Айнура .1972-дептер.

Ат багууга келдим мен,
Атактуу Арпа талаага.
Сегиз ат тандап байладым,
Катарлап тизип сарайга.
Аттардын сырын алалбай,
Алышып жүрдүм далайга.
Аракет кылып таппасаң,
Жан багууга пул кайда.
Чымындай жанды калкалап,
Дайыма бирдей чалкалап.
Ой түбүнө чамдалып,
Ортосу жакын көрүнүп.
Жашасам дейсиң жыргалда,
Доорду кимдер сүрбөсүн.
Кезегиң келген кездерде,
Жылтылдап кимдер жүрбөсүн.
Күзүндө соолуп кызыл гүл,
Жан кирип жазда гүлдөгөн.
Көркүн ачып жайлоонун,
Көк-жашыл кылып түрдөгөн.
Жаз алды менен үн салып,
Күкүктөр сайрап үндөгөн.
Таңдайы куурап ысыкта,
Так эттим деп сүйлөгөн.

Дайыма бирдей армансыз,
Так өтсөң барбы дүйнөдөн.
Жайдыр-кыштыр кубарбай,
Карагай, арча бүрдөгөн.
Аскалуу тоонун шумкары,
Айланып конбой оттогон.
Күн талашып созулуп,
Бой тирелип көк менен,
Бир сөтүк[1] жерди ченешип.
Арчанын орду кепкенен,
Усталар курал жасашып,
Коoздоп сырдап эп менен.
Алар да куурап каржайып,
Шамалдан куурап жок болгон.
Азап менен тозокту,
Аралап кимдер өтпөгөн.
Дарактын көркү суу менен,
Көлдүн го көркү куу менен.
Топтошуп элдер чогулуп,
Аш-тойдун көркү чуу менен.
Катарлап басса түгөйлөр,
Майрамдын көркү түр менен.
Кумарын жазып теке атса,
Мергендин көркү уу менен.
Катарлап басса парадда,
Майрамдын көркү туу менен.
Адамдын көркү чүпүрөк,
Зыңгырап кийсең жарашат.
Бул кандай жакшы адам деп,
Бир көргөн элдер карашат.
Кийимге көөп мактанба,
Жүрүшүң кайсар каратат.
Ырчынын көркү обондо,
Ырдаса элдер карашат.
Обу жок көпкөн адамга,
Олутсуз кырсык жарашат.
Ичкиликке кызыксаң,
Акылынан адашат.
Айлантып башты сандалтат,
Чалыштатып бутуңду,
Жыгылтып баткак жармашат.
Айбандын көркү этинде,

Сулуунун көркү бетинде.
Көңүл коюп окусаң,
Түрткү берет сезимге.
Байлыгыңа ишенип,
Окубай калып эзилбе.

## 4. КАЙРАН СОЮЗ

**Айтуучу:** Айсабекова Кубулай, 74 жашта. Алты-уул уруусунан.
**Жазып келген:**Озонов Т. 1031-дептер.

Сүргүнгө айдап кулакты,
Никалайды кулатты.
Андан кийин жүргүздү,
Ленин атам суракты.
Жарадар болуп кыйналды,
Болгончо өлкө кубаттуу.
Кайран Ленин өткөндө,
Кайрылгыз болуп кеткенде.
Сталин жолун улады,
Отуз жыл элди сурады.
Кан күйгөн кааардуу согушта,
Кайрат кылып чыдады,
Кара мүнөз гуризин.
Жакпай калды бу дагы,
Кайра курат деп жүрүп.
Картошка кууруп жеп жүрүп,
Горбачев байкем жадады.
Карааны тоодой калдайган,
Кайран союз тарады.
Элим кайран союзду,
Эми кайдан табады?
Кыйын болду ошондо,
Кыргыз элдин абалы.
Президент кылып шайлады,
Акаев деген баланы.
Азырынча жакшы эле,
Орустардын саламы.
Үйрөтүп кетип аракка,
Эмчектеги баланы.
Көйгөйлүү жашоо башталды,
Көбөйдү балдар таштанды.
Чек ара болсо ачылды,
Кум-Төрдө алтын казылды.
Алдым-жутум ач көздөр,
Алганын бизден жашырды.
Кыргыздын биртке байлыгы,

Кытайдан ары чачылды.
Көп ойлонуп кыйналбай,
Көтөргүн кыргыз башыңды.
Түбү бирге тууган деп,
Түрктөр бизге келишти.
Сонун кооз барактан,
Сомду жазап беришти.
Ылайым эле ушинтип,
Ынтымак болсун эл ичи.
Үй сайын камок салынды,
Үйлөрдүн көбү жаңырды.
Эгемендүү Кыргызстан,
Бүт дүйнөгө тааанылды.
Өкмөттөн болсо пайда жок,
Өзүң бак эптеп жаныңды.
Айдаганга жер берди,
Багалбай өкмөт баарыңды.
Биздин үй дешти кытайлар,
Бишкек борбор шаарыңды.
Жалал-Абад, Ош турат,
Дүкөндөр болсо бош турат.
Кантип алдап алсам деп,
Комерсант деген «дос» турат.
Кантип айтпай коемун,
Кара-Суу менен Өзгөндү.
Арманын айтып кудайга,
Арал деңиз бөксөрдү.
Эми касиеттүү Талас бар,
Таласта баатыр Манас бар.
Манасын мактап ырдаса,
Кыргыз элге жарашар.
Саякбай Манас айтканда,
Каныкей Тайторуну чапканда.
Чет өлкөдө Чыңгыз бар,
Чыңгыз бар жерде кыргыз бар.
Кыргыз жерин ырдаган,
Саламат деген бир кыз бар.
Комуз үчүн жаралган,
Ысмайыл деген акын бар.
Кара-Балта, Сокулук,
Канча жер жатат созулуп.
Бир тууган болуп алышты,
Бизге бир топ эл келип кошулуп.
Сары-Өзөн кенен Чүйүң бар,

Бишкекте салган үйүң бар.
Азгырылбай аракка,
Айтаарым жаштар билим ал.
Обу жок болбой көп эле,
Ойлонуп барын билип ал.
Жумгал, Кочкор, Көлүң бар,
Жумуру башта өлүм бар.
Ажал жетип күн бүтсө,
Кара жерге коюшар.
Адамдар барып топурап,
Бир уучтап салат топурак.
Жаназа дооран окуйм деп,
Жанында молдо отурат.
Жакындарың ыйлашат,
Сөөгүңдү сыйлашат.
Кайрат айтып муңайып,
Калгандарын жыйнашат.
Мааниси жок туугандар,
Маң кылып дартың ырбатат.
Арак ичип мас болуп,
Артыңда калган мүлкүңдү,
Бөлүшө албай чырдашат.
Эстүү болсо алганың,
Ичинен айтып арманын.
Кор кылбастан өстүрөт,
Колунда калган балдарын.
Эси жок болсо эр издеп,
Жыргай турган жер издеп.
Балдары эптеп чоңоет,
Ар кимдин алып жардамын.
Ысык-Көл деген көлүң бар,
Көркөмүн көрүп сагынар.
Аман жүрсөң кыбырап,
Акча деген табылар.
Аман-эсен жүргүлө,
Агайын-тууган баарыңар.

## 5. ТЕРМЕ

**Айтуучу:** Карабаев Абдыкаар, 67 жашта. Өзгөн району, Кашка-Терек айылы.

**Жазып келген:** Абдыкадырова М . 1045-дептер. 1992-жыл.

Айтып ырдап берейин,
Акыл-насаат ырымды.
Терме кылып башынан,
Акылың болсо жаштарым.

Асырап баккан балдарың,
Акыл сөз айтып уктургун,
Акырын айтып жашынан.

Акылдуу болсо балдарың,
Бак-дөөлөт кетпейт башынан.
Атанын уулу дедирип,
Атагы чыгат жашынан.
Кайгыра бербе кеткенге,
Өкүнө бербе өткөнгө.
Кайгырсаң кайта келеби,
Өкүнсөң өзү толобу.
Азапка өзүңү салсаң да,
Айтканыңдай болобу.
Акылсызга теңелип,
Айтпагын сөздүн жалганын.
Жалганчыны билесиң,
Айылдан чыгып калганын.
Араккор болсоң жалакай,
Асыл өмүр жаштыкта.
Азапта жүрүп өтөсүң,
Ак ниет болсоң талыбас,
Арымдап алга өсөсүң.

Акылсыз адам алдастап,
Аныгыны билбестен.
Ак жерден сөздү талашат,
Акыл, насаат, кадыр-сый,
Азамат эрге жарашат.
Аталаш тууган ага-ини,
Алты жыл араз болсо да.
Бир жакшыда, бир жаман,
Акыры бир күн карашат.

Акылың менен жумуш кыл,
Азапка салбай жаныңды.
Алыш- бериш кыла жүр,
Аяба колдо барыңды.

Асыл жаның барында,
Асырай билгин өзүңдү.
Айыпка сынып калбагын,
Абайлап сүйлө сөзүңдү.
Арам ишке берилип,

Ак жериңден жан сакта.
Карызың ашса көбөйүп,
Кайрат менен жумуш кыл,
Кашайып уктап жөн жатпа.
Ак ниет болсоң талыбас,
Ар убак ишиң бат болот.
Арамза болсоң жалакай,
Аталаш тууган, ага-ини,
Алыстап сенден жат болот.
Ичкиликти көп ичсең,
Муунга түшкөн курт болот.
Азапты чегип балдарың,
Үйүңдүн ичи жут болот.
Алөпкө атка коносуң,
Апыртып жалган сүйлөсөң.
Адамдык сенде болобу,
Асыраган балдарың.
Азапты тартса билбесең,
Айып болот жаштарым.
Адам келсе үйүңө,
Балдарың сөгүп тилдесең.
Жарабас болуп каласың,
Жакын көргөн адамың,
Жакшылык кылса билбесең.
Акылың болсо жаштарым,
Адепсиз менен жүрбөгүн.
Арамдык ичке түйбөгүн,
Адамга карап күлбөгүн.
Айлыңда жүрсөң ар убак,
Абийириңди сакта ийменип.
Адамдын көңүлүн калтырба,
Ачуу сөз айтып сүйлөнүп.
Эл менен жетсең абийирге,
Элиңе чатак салбагын.
Эси жок акмак аталып,
Элиңден чыгып калбагын.
Агарып жатса жалтылдап,
Аяздын көркү бубакта.
Арам ой салбай ичиңе,
Гүлдөп өс гүлгүн убакта.
Жакындабай алыс бол,
Жаланып турган эпчилден.
Жакшылык күтпө түк эле,
Жамандык түйгөн кекчилден.

Ак ниеттүү азамат,
Адилет сүйлөп ак жүрөт.
Адамдын жакшы жаманын,
Ажырата так билет.
Арамдыктан качышып,
Акыйкат жолго бат кирет.
Алыңча кылгын жакшылык,
Адамдыктын салты ошол.
Алы жетсе өзүнө,
Адамдын анык алпы ошол.

Жалаа жаап жан сатыш,
Жамандыктын белгиси.
Жылуу сөз айтсаң кимге да,
Жаныңа келет келгиси.
Жан аманат жаштарым,
Жамандыктын белгиси.

Акылдуу адам ар дайым,
Адамды артык билишет.
Аял-эркек, кары-жаш,
Бардыгын бирдей билишип,
Сый-урмат кылып жүрүшөт.

Жакшы адамдар ар дайым,
Жалпыга бирдей тең болот.
Адамга кылбай кыянат,
Ар дайым пейли кең болот.
Өөдөсүнгөн адамдар,
Өздөрүн артык билишип.
Өзгөнү такыр каалабайт,
Кызмат кылсаң аларга,
Кыпындай дагы баалабайт.

Айландырса башыңды,
Азгырган жолго кирбегин.
Адашып жолдон капыстан,
Азабың тартып жүрбөгүн.

Асырап тургун башыңды,
Арамдык ишке барбаска.
Абийириңди сакта ар убак,
Уят болуп калбаска.

Жакшы, жаман болбосун,
Жаштардын болот өзүнөн.
Жакшы адамдын белгиси,
Байкалып турат сөзүнөн.
Бактысы артык адамдар,
Барга, жокко берилбейт.
Башкарып элди турса да,
Пас тутуп өзүн керилбейт.

Адамдын көркү багында,
Алманын көркү шагында.
Айтканыңа жетесиң,
Адилет заман барында.
Кандай айла кылганбыз,
Караңгылык маалында.
Кырдаалың келди кыргыз эл,
Кыйышпай иште, жалында.

Адамды адам таштабайт,
Адилет заман барында.
Алдейлеп сүйгөн балдарың,
Айга учуп жаткан маалында.

Адилет сүйлөп, ак жүргүн,
Алтын башың аманда.
Адамда болбос сый –урмат,
Алдыңда турат көрөсүң,
Азыркы жыргал заманда.

Ачылган бактым жаштарым,
Атабыз Ленин туулуп.
Агарып таңың атканда,
Айнектен таза жүрүп көн,
Аймагың гүлдөп жатканда.

Артыкча дагы жашайбыз,
Атабыз тарткан жол менен.
Кыйындар чыкты кыргыздан,
Адамдын жанын сала албайт,
Башкасын жасайт кол менен.

Гүлдөгүн кыргыз гүлдөп өс,
Ачылган гүлдөй бүрдөп өс.
Арыш коюп алга деп,

Жаштарыңды үндөп өс.

Айта берсем түгөнбөйт,
Аяктайм айткан ырымды.
Ала көөдөн аталып,
Айтпагын жатка сырыңды.
Абийириң сакта ар убак,
Айылга жайба чырыңды.

**6. ТЕРМЕ**

**Айтуучу:**Тагаева Айнур Ташмухамед кызы, 76 жашта,уруусу – кушчу.
**Жазып келген:** Дыйканбаева Рахима. 1990-жыл.

Керилтип келин тапкан ким?
Керилип сөзүн айткан ким?
Келинде болсо кемчилик -
Кечиримдүү жапкан ким?
Кызартып кызды баккан ким?
Кыйналып жүрүп тапкан ким?
Кызында болсо кемчилик -
Ызааттап аны жапкан ким?

Урматтап уулду тапкан ким?
Убара тартып баккан ким?
Уулунда болсо кемчилик -
Уялтпай аны жапкан ким?
Баласын алып баккан ким?
Асырап боорго тарткан ким?

Балаң бир болсо жибектей,
Келиниң болсо чүрөктөй.
Экөөнү бакчы жүдөтпөй,
Кадырыңды билбесе,
Бөлүп бир жибер түнөтпөй.

Шаарымдын ичи кара бак,
Ичинде жүрсөм аралап.
Эстүү чыкса балдарың,
Кетпептир мээнет талаалап.

Кундуздай өрүм кара чач,
Бириндеп мына ак чалды.
Жаштык кез кетип баратат,
Карылык келе баштады.
Асманда жылдыз жыбырап,

Алтын ай турат зымырап.
Арманы көп адамдын,
Дартыңы айтса ким угат?

Агарып аткан таң менен,
Акылдуу сүйгөн жар менен.
Бириңди бириң сыйласаң,
Өтөт да өмүр шаң менен.

Ар дайым бирдей таң атпайт,
Ааламды ачкан табийгат.
Адамды кайра жаратпайт,
Ар бир жан кумар таратпайт.

Жайлоонун күлүн термекке,
Жайлоонун көркүн көрмөккө.
Жайлоонун гүлү дары дейт,
Жабыккан дарттуу жүрөккө.

Түшүнсөң мунун себебин,
Адамга адам керегин.
Алдыда өткөн ушул күн,
Кайрылып келет дебегин.

Өкүнбөйм өткөн жашыма,
Ак кирсе мейли чачыма.
Өзүмдөн жакшы турмушта,
Балдарым өссүн татына.

Жайлоонун башы жайкалып,
Жаш өмүр өттү даңкталып.
Уулдун уулун асырап,
Карыя болдум балпайып.

### 7. АРАЛАШ ТЕРМЕ

**Айтуучу:**Кенжебай уулу Амат, 61 жашта.Совет району, Ульянов айылы.
**Жазып келген:**Турдуматова Г. 1763-дептер

Жаңыртып обон ырдайлы,
Жалдырап карап турбайлы.
Жакшы менен жаманды,
Ажыратып ылгайлы.
Жакшылыкка жамандык,
Каршы болот турбайбы.

Эски менен жаңынын,
Наркы болот турбайбы.
Эскиден калган артында,
Санат болот турбайбы.

Ар кимге айтат билгенин,
Акылына киргенин.
Эстен кетпейт эч качан,
Жаш кездеги күндөрүң.
Чыбык сүйрөп, ат минип,
Кубалашып жүргөнүң.
Булбулдун муңдуу үнү бар,
Жийденин жыттуу гүлү бар.
Жыргалдуу ушул заманда,
Жигиттик доорун сүрүп ал.
Эмгектин даңктуу ыры бар,
Эмгексиз жүрсөң чыры бар.
Эмгектен адам көгөрөт,
Эскертип айтам угуп ал.
Өнөрдүн ар кыл түрү бар,
Жаш кезде окуп билип ал.
Тетири жолдо жүрбөстөн,
Улуунун айткан тилин ал.
Таң атат да,  кеч кирет,
Жаш өмүрүң эскирет.
Өкүнөсүң бир күнү,
Картайып жашым кетти деп.
Тишиң барда таш чайна,
Тишиң жокто аш кайда.
Тишиң түшүп калган соң,
Талкаланбайт эч майда.
Барган сайын начарлап,
Баштагыдай күн кайда.
Көкөлөп көккө чыксаң да,
Көрө албайсың эч кайда.
Кыраңдан башын кылтыйтып,
Карап турат карылык.
Балалыкты куусам деп,
Самап турат карылык.
Эңкейип түшүп келатат,
Кеткенсип бизди сагынып.
Келбесе да мейли эле,
Кетпейт элек таарынып.
Жаркылдаган оозуңан,

Тилиңди алат карылык.
Армандуу күндү башыңа,
Матап, кысып карылык.
Ай нуруңдай жүзүңдү,
Алып бир коет карылык.
Ачылбаган кишенди,
Салып коет карылык.
Эркелеп жолдо баса албай,
Эриккен черди жаза албай.
Эки көзгө күч келет -
Көңүлүңдү ача албай.

Жаштыктын доору бир келет,
Жаш өмүрүң өткөндө.
Жалынган менен ким берет,
Күн өткөн сайын серпилет.
Өзүңдүн гүлүң өчкөн соң,
Өкүнгөн менен ким берет.

Өлбөстүн нанын жеп жүрүп,
Өткүчөктү термелеп.
Чымын жан да чыр этип,
Учуп кетсе «пыр» этип.
Кичинеңден тердегин,
Алы - күчтүн барында.
Алоолоп окшоп жалында,
Эмгегиң элге таанылсын.
Кырчындай жаштык чагыңда,
Ажал башка жеткен соң.
Жан денеден кеткен соң,
Жан күйөөрүң буркурап.
Жашык болсоң чыркырап,
Айласы жок тирүүлөр,
Жүрөгү сыздап буркурап.
Жаның барда  - жана дос,
Жан ооруса кана дос.
Билмексенге  салышаар,
Көңүлү башка ага дос.
Карылык башка келгенде,
Адамдын алы ушу  экен.
Алың-күчүң жоголуп,
Колуңдан учкан куш экен.

Ак шумкар болуп учсаң да,

Асманды көздөй сызсаң да.
Томкоруп тоону буссаң да,
Тозулган торду тытсаң да.
Алдыңдан чыккан душмандай,
Калчылдап чилде кыш келет.
Кыйын суук туш келет,
Кыш мезгили катаал иш.
Мал төлдөтүү татаал иш,
Уктабай карап чыгасың.
Тизеден кечип чыласын,
Козусун бөлүп бир башка.
Кургактап алдын кырасын,
Эринбей эмгек кылганын.
Бай, кедей алга чыгасың,
Жер чымырап  көктөмдө.
Жетилип шибер өскөндө,
Кыштактан чыгып өөдөлөп,
Жайлоону көздөй көчкөндө.
Күн чыккандай жай келет,
Саанчы, малчы катарлаш,
Калкыбызга май берет.

## 8. АРАКТЫН АЗАБЫ

**Айтуучу:**Абжамил Чормонов, 1913-жылы туулган. «Кайырма» участогу Акман  айылы.

**Жазып келген:** Ибрагимов  Кыргызбек.       1593-дептер.

Жаралганда адамзат,
Түрдүү тамак жаратты.
Аптыгып кетип адамзат,
Өзүнө кылбайт канаатты.
Суу ордуна кылт этип,
Жутуп коет аракты.
Көп ичпегин зыян – деп,
Билгендер берет насаатты.
Ичип көнгөн адамга,
Жегизбей коет тамакты.

Пахмел деп ичет кичине,
Кайта-кайта «жүздөн» деп.
Анын берекеси ичинде,
Толо берет стакан.
Кызый-кызый ичилсе,
Көбөйө берет достору.
Кызыганы билинсе,

Арак жалгыз өзү эмес,
Мунун – жан – жөөкөрү көп болот.
Көбүрөөк ичкен убакта,
Чөнтөктө пулуң сап болот.
Арактын спирт агасы,
Столичный, коняктар.
Жанаша жүргөн тагасы,
Жутмайынча буларды.
Таркабайт мээнин санаасы,
Беш жүздөн ашып кеткенде,
Жүрүүгө келбейт чамасы.
Элинен чыгып калат ко,
Үй турмушу, калаасы.
Жаткан жерден таап барат,
Дадил[2] болсо баласы.
Пайдасы ушу арактын,
Көпчүлүк муну карачы.
Ичмейинче таркабайт,
Ичкендердин санаасы.

Кагор, Бермут, Анары,
Мас кылат арак катары.
Куру койбойт алышат,
Отургандын базары.
Ошол күнү баары сап,
Билинбейт кайда жатары.
Кийин барып өтөт ко,
Бул арактын азары.
Кылт-кылт этип жутканча,
Столичный таза дейт.
Жыты жок экен байкасаң,
Иче берсең маза дейт.
Закускага тукумдан[3],
Жеп туралы кана дейт.
Бир шише алып ичели,
Тура – тургун жана дейт.
Кызып калса курган жан,
Акча көп менде сана дейт.
Апкелсең боло эки шише,
Пул алчу болсоң мына дейт.
Ошол күнү байкасаң,
Как кургатып чөнтөгүн,
Жолго түшөт салпайып.
Кроватта жаткансып,

Ылайда жатат жантайып.
Жүрүүгө кубат жетишпейт,
Мүргүп калат шалпайып.
Таңга маал болгондо,
Ордунан турат шалкайып.
Шишип чыгат балкайып,
Сыз өткөн жамбаш этине.
Басууга алы келбестен,
Айылдын жаткан четинде.
Чөнтөгүн сыйпап «аттиң!»- деп,
Пулу түшөт эсине.
Ушундай болгон адамдын,
Учурайсың кээсине.
Даки жеп[4] жүрүп көп жерден,
Ичкендер кирбейт эсине.
Башым болбой калыптыр,
Кылайын пахмел кичине.
Курушун жазып алганда,
Куйдур дос дейт бирине.
Кирбеген адам аз болду,
Бул арактын тилине.

Баатырсып ичсе аракты,
Бара-бара мас экен.
Байкасаңар даамдап,
Арак жанга кас экен...

Катуураак сүйлөп кеп айтпай,
Аялга тилиң пас экен.
Токтотпой ичсең аракты,
Көп ичпегин айбан дейт.
Жемелеп туруп алганың,
Жылаңач калды балдар дейт.
Өзүңдү өзүң токтотпой,
Жүрүшүң сенин кандай дейт.

Минген аттан ажырап,
Талаада калган көп болду.
Айыл таппай тамтаңдап,
Жатканы үймөк чөп болду.
Көбүрөөк ичкен кезекте,
Таанытпай  коет оң-солду.
Көзгө жакшы көргөзбөйт,
Үйгө барчу чоң жолду.

Кызый-кызый көп ичсе,
Билбей калат болжолду.

Оолуктуруп адамды,
Чечен кылат бу арак.
Саар5 ИЧПЕСЕ жүз грамм,
Кесел кылат бу арак.
Ку батыңды кетирип,
Бечел кылат бу арак.
Муунуңду алып, жер сүзүп
Мүдүрүлткөн бу арак.

Арактı көп ичкенден,
Иш бүтүргөн ким жарап.
Мушташа кетет кызыса,
Оозу-мурду канжалап,
Өтө берет өмүрү -
Кызмат таппай сандалат.
Иш таппайсың көп ичсең,
Баш бекитер калкалап,
Айдады арак кызматтан,
Көп жигитти талкалап.

Мүнөзүңдү айнытып,
Күлүкан[6] кылган бу арак.
Ойлогон ишти бүтүрбөй,
Алкоголь кылат бу арак.
Айнытат арак чеченди,
Көргөзөт кызга нечениди.
Арак кылып жатпайбы!
Айныткан оору-кеселди.

Дубасын берип ичпе деп,
Батасын берип чалдарың.
Эсиңди таап токтотуп,
Аракка көп барбагын.
Иче берип арактı,
Башыңа түйшүк салбагын.
Тоскоол болуп ишиңе,
Армандуу болуп калбагын.

## 9. ЭЛ, ЖЕРИМДИ САГЫНДЫМ

**Айтуучу:** Жапаров Капаркул, 53 жашта.Кочкор району, Дөң Алыш айылы. Кесиби – зоотехник.

**Жазып келген:** Түгөлбаева Айнагүл**.** 274-дептер.

Сагындым өскөн жеримди,
Санаалаш тууган көбүңдү.
Жаман эмес ахыбал,
Турган жер өтө көңүлдүү.
Сүйлөшө албай алыстан,
Кагазга жазам кебимди.
Аман көрсөм деп ойлойм,
Ала-Тоолук элимди.
Көбүнчө эстен чыгарбайм,
Көркөмдүү салкын төрүңдү.

Тоо башын ак кар каптаган,
Кайберен карын таптаган.
Ок дарысын даярдап,
Мергени тынчып жатпаган.
Камалап алып тайганга,
Кийигин атып аскадан.
Этин артып элеңдеп,
Жашыргансың башкадан.
Оюмдан чыкпай элеси,
Көрсөм дейм баарын кайтадан.
Кемпирлер үйдө олтуруп,
Кеп салган болуп ар жайдан.
Таңдайга салып шимүүчү,
Тарелкада сары майдан.
Чалдары дөңдө олтуруп,
Баатырды айтып жоо сайган.
Кезеги келе калганда,
Өчүн бир алчу кытайдан.

Тамаша баштап жигиттер,
Эркечти тартчу каркайган.
Ошондо аттар сыналчу,
Чүрөктөй сулуу заңкайган.
Жайкысын шибер чөп болгон,
«Ак-Белге» айыл көп конгон.
Шерине деп сегиз үй -
Семизин союп чоң койдон.
Каруугa илип укурук,
Жылкысын айдап жон-жондон.
Салтың артык кыргызым,
Чыгарам кантип мен ойдон.

## 10. КАЗАКБАЙДЫН ТЕРМЕСИ

**Айтуучу:** Шүкүралиев Казакбай, 57 жашта. 1990-жыл.
**Жазып келген:** Аккөзов Т.А.     211-дептер.

Калайык элде нечендер,
Өткөн адам, өскөн жер.
Акылманы, кеменгер,
Өзүнө өзү бекемдер.

Бир кудайга жалынып,
Акыретке кетем дээр.
Акылы жок пенде бар,
Ар кандай жандар элде бар.

Аста кылып турмушту,
Абайлап жигит жөндөп ал.
Ажал жетип күн бүтсө,
Бузурманда[7] келме бар.

Айтылат турмуш кербени,
Айта жүр пенде келмени[8].
Өтүп кетсе алтын баш,
Кыйын экен келмеги.

Жаралып келген адамдын,
Канчасын эми жер жеди.
Акындар элдин эрмеги,
Айтылат сөздүн бермети.
Элимде тынчтык бар болсо,
Кудайдын анда бергени.
Жаркырап жаштар ойноп күл,
Санаалуу турмуш сендеги.

Карылык сөздү баштадым,
Жакшы жүргүн жаштарым.
Ата-энеңди сыйлап ал,
Урмат кылып айтканын.

Урунуп калып каргышка,
Кийин азап тартпагын.
Ар кимдин жакшы талабы,
Сен да күтөөрсүң баланы.

Ата-энең кандай жашасын,
Күтө бергин баланы.

Ар кандай өттү бул элден,
Көргөндү айтып алалы.

Жакшы менен бир жүрсөң,
Көрөсүң өмүр бейишин.
Жаман менен бир жүрсөң,
Анда жаныңды кейиттиң...

Көргөн жокмун бүт элден,
Телегейи тегизин.
Өмүр деген өзүнчө,
Көлдөй болуп толкуган.
Ак шумкар учат айланып,
Агарган бийик тоосунан.
Насип берсе жараткан,
Эки жаш эркин кошулган.

Өткөрүп жаштык күндөрдү,
Арман кылып олтурам.
Баш кошуп ушул өмүрдө,
Бактыга жетип олтурсаң,
Баарынан сонун ынтымак.

Жакшы жакка кол сунсаң,
Өмүрдүн түрдүү жолдору.
Жакшы жүрсөң болгону,
Жаш кезиңде жаркылдап.
Тандап мингин жоргону,
Ар кимдин жакшы өмүрдө,
Тилеп жүргөн ойлору.

## 11. АЗЫРКЫ ТЕРМЕ

**Айтуучу:**Акунбаев Казак, 75 жашта. (уруусу – кушчу). Ысык-Ата району, Карагай-Булак айылы. 1999-жыл.

**Жазып келгендер:**Айтбаева Шайлоо(практиканын жетекчиси), Баякеева Назгүл.1316-дептер.

Кечээ эле көктө айланган,
Куш эмес белең кайран жан.
Тамеки таппай түн издеп,
Таштанды төккөн жайлардан.
Ташыркап барат акыл-эс,
Табаарын билбей кайдан нан.
Алмашып уйду ун, чайга,
Ажырап калдык айрандан.
Баягы май көл, сүт көлдүн,

Башаты соолуп сай калган.
Кайырчы болду майыптар,
Кан төгүп кайткан майдандан.
Байкасаң базар баасына,
Бактыңдын башы байланган.
Кыл сууруп каткан камырдан,
Кайышып турат кабыргам.
Карала каптын кагын чык,
Капкачан эле кагылган.
Түмөн ой келет башыңа,
Түңүлө жаздап жаныңдан.
Баягы бардар кез кайда,
Көрүнө бутка чалынган?
Кой үстүн торгой уялап,
Ак төөнүн карды жарылган.
Салаадан майды чубуртуп,
Томурчу элек карындан!
Байкалбайт тапкан убараң,
Канакей ак үй убадаң?...
Тагдырдын копол шатысы,
Тайпакта турат кулаган.
Бастырбай матап сүрмө топ,
Кары-жаш кайыр сураган.
Көбөйүп барат күн сайын,
Көзү ачык, бакшы, дубанаң.
Мастардан башың адашат,
Эс-учун билбей сулаган.
Устат жок азыр турмуштун,
Үзүлгөн жерин улаган.
Өчпөсүн оту очоктун,
Өлмөксөн түтүн булаган.
Каякта байлык баягы,
Кайраным союз кулаган.
Кыш мойну кыска, узунбу,
Замандын түрү бузулду.
Талкандан чалып чайыңа,
Татытып ичип тузуңду.
Эс-акыл менен иш жасап,
Кыймылдат колу-бутуңду.
Тер төкпөй текке табылган,
Текей да болот кусурлуу.
Табылбай калды ишке да,
Чоң тоют кускан кусунду.
Карайлап калдың көк тиктеп,

Качырып бакыт кушуңду.
Өзүңдө чындык турмуштун,
Өлчөп көр ушул учурду.
Көзүңдөн учуп көчкөн журт,
Көрүүчү күнүң ушулбу.
Элетти эл деп санабай,
Жогор жак калды карабай.
Телефон зымын тартууга,
Табылбай тогуз карагай.
Томсоруп турат тоолуктар,
Томолой жетим баладай.
Өкмөттү карап отуруп,
Өпкөбүз болду чарадай.
Көп чертип «Көкөй кестини»
Көксөбүз турат тарабай.
Бүтүндү тоноп бүлдүрүп,
Башталды оюн таламай.
Турмуштун жыртык, тешигин,
Тыттыкбы кайра жамабай.
Сары саамал черткен сабадай,
Май куйган алтын чарадай.
Жайлоонун эле чүрөгү,
Каркыра, Соң-Көл, Тарагай.
Кетмен жок кере чапканга,
Малың жок айдап бакканга.
Иштейин десең иш чыкпайт,
Тер төгүп тытып тапканга.
Жогортон төмөн куладык,
Жол таппай өргө басканга.
Мурунду көккө көтөрүп,
Көкүрөк болсо асманда.
Мыйзам бар жумшак кебездей,
Бөгөт жок жегич, кастарга.
Ошондон улам болбосун,
Зөөкүр көп, момун аз санда.
Эс учту жыйбай турабыз,
Жарабай этек жапканга.
Кашыктап жыйып, чөмүчтөп,
Жаралдык беле чачканга.
Союздун баркын бир билдик,
Кайышып курсак ачканда.
Байлыктын түзгөн өзөгүн,
Мал, жер, суу тапсын эсебин.
Баягы дыйкан чарбасы,

Мал тургай сатты төшөгүн.
Эт эмес, табак табалбай,
Таанылбай калды өз өңүн.
Таягын сүйрөп бош калды,
Таманын таптап көчөнүн.
Короосу жайдак куру-жалак,
Ээсине окшоп көсөнүн.
Айталат кандай көзү ачык,
Көсөөгө сакал өсөөрүн.
Ойлондук бекен бир кезде,
Очоктун оту өчөөрүн.
Тогуз ай тоңуп кыш жаткан,
Жер-көчкү деген кыштаткан.
Тургундар көчүп кетишти,
Турагын таштап туз таткан.
Көл жакка көчтү көп түтүн,
Жай издеп Кара-Кучкачтан.
Чүй жакка көбү бет алды,
Бир атка үчөө учкашкан.
Ат баспайм деген таштакты,
Аргасы кетсе үч баскан.
Шоону эшпей калды ургандар,
Шакирти өтүп «устаттан»
Өмүрүң чыттын өңүбү,
Жамаачы болуп бутташкан.
Бүктөлүп буту чалыштап,
Басалбай кенен арыштап.
Ким кайда кантип жетээрин,
Так айтуу кыйын табышмак.
Баш паанек издеп барган жер,
Кандайча кабыл алышмак.
Качкынга карап жер берээр,
Саржанын салбай карыштап.
Короо-жай калды, үй калды,
Кудайга койгон табыштап.
Арбагы ата-бабанын,
Капкайда калды алыстап.
Жашынан куран окуган,
Жан болбос эми багыштап.
Айталы кайсы арманды,
Айылда кемпир-чал калды.
Аттуу, жөө болуп жаштары,
Шаарды карай сандалды.
Жан бакпай калдык жалданбай,

Байларга берип балдарды.
Букачар моюн, буура сан,
Байларың алат балбанды.
Кан-сөлү качкан каркайып,
Актабайт чалдар жармаңды.
Таппайсың издеп дүйнөдөн,
Тоо-ташка салык салганды.
Ак мөңгү баскан аскага,
Же аштыкты айдап алганбы?
Акыйкат, чындык каякта,
Айтылган арман жалганбы?
Таалайың барда бир кезде,
Тайраңдап жүргөн күндү эсте.
Ыйлоого себеп жок болсо,
Эмне экен ырдап, күлбөскө.
Алтындан атын жаздырдык,
Арбакты сыйлап күмбөзгө.
Ал кезде аттын баасына,
Кыздарга сундук  гүлдесте.
Жан багыш үчүн жай издеп,
Жабыкты ар ким бул кезде.
Акыры арган түгөнсө,
Арган жок ыйлап билбеске.
Алкынган атың жок болсо,
Айлаң жок эшек минбеске.
Көтөрүп бааны асманга,
Ач көз маш алып сатканга.
Үй-бүлөө бүтүн үйрөнгөн,
Ар кимге аңгек казганга.
Алты бир жашар кызы да,
Айланып калган мастанга.
Арак деп сатат чалапты,
Ашкере ичкен мастарга.
Сапырып сомду самандап,
«Самашы»[9] кайнап касканда.
Жарты сом карыз сурасаң,
Жарабайт ажат ачканга.
Арбытып жазсак айланмак,
Авантюралык дастанга.
Жай-кышы бороон сыздаган,
Эзелтен эгин бышпаган.
Тоолукту тооруйт чайкоочу,
Элетте жайлап, кыштаган.
Коюңду тузга алмашкан,

Маалында турмуш кыстаган.
Айыга элек жаратты,
Кашайып кайра туздаган.
Олку-солку турмушта,
Какасаң кайра муштаган.
Жалпы эл тургай май чайнап,
Тоо-кен, газ, нефть, бай тармак.
Энергетика эң зор күч,
Телчитип алсак «тай-тайлап»
Азыркы кеткен чыгымды.
Аз жылда кайра кайтармак,
Бирок катуулук турат алдыңда.
Кетпесе болду сай-сайлап,
Азуусун айга жаныган.
Бир шумпай кетет майкандап,
Мен айтсам ойду окуучум.
Ак адил ар ким айталмак,
Кызматын эл-журт көрөрдө.
Көөкөрдөн көөрүн төгөөрдө,
Текейге, түккө турбаган.
Сатылып кетти «Ак-өргө»
Сабасыз какшып куру жалак.
Калбаптыр кашык көрөңгө,
«Миң түркүн» кетти  ит бекер
Жакшы эмес бул жөрөлгө.
Кепинсиз коюп жүрбөйлү,
Өлүктү ороп өлөңгө.
Киреше берчүү жанга жай,
Ишкана ирдүү өнөр-жай.
Кол жеткис жайлар көп кабат,
Айтылуу нечен ак сарай.
Эч кандай жөндүү себеп жок,
Сатылды наркын сактабай.
«Майлуу-Суу» мейманканасы,
Он бир сом болду акчалай.
Тооктун жетпей наркына,
Бир тыйын наркын актабай.
Ыйласаң-күлсөң өзүң бил,
Жаагымды бастым какшабай.
Кулакты түрүп жол жакка,
Байлыкты курган эл кана?.
Балбырап турат бал ачып,
Байлык бүт кетти таланып.
Ат жалын тартып минбестен,

Базарда өттү балалык.
«Карагул ботом» күүсүнүн,
Күйүттүү жерин айталык.
Беш тыйын үчүн беш жылга,
Бечара кетти камалып.
Миллион сомду жалмаган,
Жайында[10] жүрөт жаланып.
Бешикте жаткан балага,
Белдүүлөр койду там алып.
Жүргүзүп келет өкүмүн,
Ар качан жүзү каралык.
Кыйроо көп кайра кургандан,
Ыйлоо көп күлкү, жыргалдан.
Алигархия[11] деген бар,
Суусуну канбай сурданган.
Жең ичинен ичип-жеп,
Ойрондук оозун булгаган.
«Эстүүлөр» кайдан чыгышты?
Эл ичкен кара кумгандан.
Болбосо керек аларда,
«Кол кесер» албай кур калган.
Алдына алар ат салбас,
Эл мүлкүн алып-жулгандан.
Оорусу кармап ыкшыткан,
Жүргөндүр сурап гум жардам12.
Бирине бири жардамчы,
Бешөө калп, алтоо алдамчы.
Ала-Тоо жатса сатылып,
Ак үйдөн келет далдалчы.
Жете элек «мүлкфонду»
Ал эмес, кашаң сал камчы.

## 12. ӨТКӨНДҮ ЭСКЕРИП

**Айтуучу:**Ишенбаев Мукан,75 жашта. Түп району, Кең-Суу айылы, Сан-Таш совхозу.

**Жазып келген:**Мукашова Н. 79-дептер.

Биз оруска кылдык кастыкты,
Кара басып иш билбей.
Мал менен мүлктү чачтыкбы?
Ысык-Көлдөн чык деди,

Жайылмадан жык деди.
Текес самап чыкканбыз,
Текес бизге жаккан жок.
Теңир урган ит кытай,
Букара кылып баккан жок.
Жер ортосу бул чакан,
Мен качып барып кылчайбай.
Барган жерим Мундуздан,
Айрылдым далай кыргыздан.
Баскын, баскын, баскын!-деп,
Багыш, Түргөн ачкын деп.
Түргөн деп айтам жериңди,
Калдайган шапак элиңди.
Алайгыр менен Кайнарды,
Кудай билет, ким билет?
Ысык-Көл жердей жайларды…
Тоого чыксак өлөбүз,
Токойго кантип көнөбүз.
Эшегин эптеп минебиз,
Калдайдын эсебин кантип билебиз.
Төгөрөгү төгөрөк,
Ортосу тилик көзөнөк.
Жармаң деген эмнеси,
Жыйырма беши бир теңге.
Базарга алып барганда,
Келбейт экен эчтеме.
Мурунку заман бай заман,
Мал айдалган жай заман.
Эмдиги заман  зар заман?
Азылууга  - бар заман,
Азуусузга - тар заман.
Зар заманың зарланып,
Зарлап берем көп элге.
Кудайым береке берсин өмүргө,
Асыл жаным өтөөр да…

## 13. ЖЕРГЕБИЗ  КЕНЕН  МАЛГА  ЖАЙ

**Айтуучу:**1966-жылы  Өзгөн  районунан жазып келген материалдан.
**Жазып келген:**  Токтоматов Жеңишбек.   21-дептер.

Карагуз[13] болот атагым,
Калк өстүрүп жатамын.
Калтырбай айтып кетели,
Кадимки сөздүн катарын.
Канчалык өстү мал-чарба,
Кеңитип койнум ачамын.

Баш жагы «Ала-Дөбөнү»
Муну да айтып көрөлү.
Айрыты [14]менен бир баштан,
Ажырата бөлөлү.
Жандыгы барып жайлаган,
Желесин кере байлаган.
Көңүлү тынып малчылар,
Кубанып тили сайраган.
Кымызын сунуп ичишип,
Кеп жаңылайт кайрадан.
Эчкилери чубашып,
Аскасында маараган.
Кыбыла жагы «Бешикти»
Кыйла кылым эшитти.
Үйрөнүп калган илгертен,
Кыргыз эл кылат кесипти.
Этек жагы «Ийри суу»
Малчылар келип жайлаган.
Ашырып жылда пыланын,
Арбытып толук мал алган.
Ак ниеттүү малчыдан,
Активдүү пайдалан.
Өрүшү сайын дүрбөтүп,
Сандаган малын айдаган.
Оттотуп чөптүн түрлөрүн,
Саймадай төргө жайлаган.

**14. ЧАБАНГА**

**Айтуучу:**Жантай улуу Кадыр, уруусу –азык. Нарын областы, Кочкор району, Ак-Учук айылы.1985-жыл.
**Жазып келген:** Аликеева С. 155-дептер.

Кары, жашка угулсун,
Карыянын саламы.
Кабелтеңдей эмгекте,
Колхозчунун талабы.
Чабандар өзү сындасын,
Жакшы менен жаманын.
Эсиңде болсун деп айтам,
Эмдигинин чабанын.
Өлтүрбөй төлүң сактасаң,
Өз милдетиң актасаң.
Кошумча эмгек аласың,
Коюңдан уурдап сатпасаң.
Иштеген иштин негизин,
Эл көрсүн малың семизин.

Эсен сактап жакшы бак,
Эчки-койдун эгизин.
«Эптеп коюп» - жүрбөгүн,
Ичиндеги семизин.
Кутулуп кетчү куу болбо,
Көрсөтүп коюп терисин.
Курсагы тойсо койлордун,
Козусун кантип жерисин.
Эмгегинен таанылат,
Эл үчүн берген жемишиң.
Айдап ийип коюңду,
Үйдөн көздөп жатпагын.
Үч бөтөлкө аракка,
Килейген бир кой сатпагын.
Көрүнбөс жерге көрпөнүн,
Көпчүлүгүн катпагын.
Көпчүлүккө убада,
Берген антың актагын.
Шылтоо кылып өлдү деп,
Догдур өзү көрдү – деп,
Жугуш оору жебе деп,
Жерди казып көмдү деп.
Семизин тандап сойбогун,
Ара туу, суук кебеден.
Ордуна кошуп койбогун,
Ошону чабан ойлогун.
Ферма,чабан, мал доктур,
Ошондой иштен сактагын.
Эсиң болсо ар кимиң,
Эмгегиң менен мактангын.
Эгиздеп малың төлдөсө,
Эч бир баш малың өлбөсө.
Эркелеп элге шаттангын,
Өзүңө сойгон койлорду.
Өлдү деп акты жазбагын,
Кеңештин берген печетин.
Керексиз жерге баспагын,
Эмгеги элге жаккан бар.
Эки-үчтөн орден таккан бар,
Эч бир баш малын өлтүрбөй.
Эсен-аман баккан бар,
Эмгегинен таанылып.
Элине бүтүн жаккан бар,
Берүүгө чайын шашкан бар.

Беш килден[15] жүнү ашкан бар,
Берилип эмгек шаңына.
Мен менсиген жаштар бар,
Уктабай малын баккан бар.
Урматтап орден таккан бар,
Жан-дили менен берилип,
Жалпыга иши жаккан бар.
Анымда качан жалган бар,
Ар бир жүз баш тубардан.
Жүз сексен баш алган бар,
Эч убакта талыкпас.
Эмгекте баатыр балбан бар,
Жүз баштан 80 төл алып.
Жүздөгөн чабан андан бар,
Мас болбой жүргөн чабаның.
Малыңдын тиле аманын,
Айтканын алып көңүлгө.
Аксакал Кадыр абаңын,
Мал-башың менен аман бол,
Баарына айткан саламым.
Таалайлуу чалдын биримин,
Талыкпайт тилим, каламым.
Улуу-кичүү баарына,
Учурашкан саламым.
Урматтуу сөзүм уксун деп,
Ушунда менин талабым.

## 15. ТЕРМЕ

**Айтуучу:**Ош областынын Фрунзе районунан жазып келген материалдан алынды.
**Жазып келген:**Эгиналиева . 1969-жыл, июль айы.

Бир баштан айтып кетейин,
Ар түркүн сырын жеңенин.
Айтайын бетин жашырбай,
Айласы күчтүү неменин.
Көгөнгө байлап койгондой,
Көргөзүп айтып берейин.

Адамбы же айбанбы,
Мейли башка жандарды.
Төрт буту менен басканды,
Мейли асманга учканды.
Байкап көрсөң экиден,
Түгөй болуп жаралган.
Ургаачы-эркек болгондон,

Дүйнөгө жандар таралган.
Аял, турмуш жана эне,
Аялдан чыгат бүт неме.
Аял-эркек кошулбай -
Жаралыптыр ким эле?

Өмүрүңдүн ыраатыы,
Денеңдин чың кубаты.
Турмушка жетип туруучу,
Сүйүүнүн учкул канаты.
Балдарыңдын энеси,
Тарбиячыл элеси.
Жетелеп турмуш жолуна,
Өткөзүүчү кемеси.
Эң ардактуу, эң кымбат,
Чыны ушундай эмеспи.
Махабаттын даамы,
Бакыт, таалай баары.
Кош баш болуп жашоого,
Турмуштун тунук маалы.

Бирок мүчөсүнөн алганда,
Аялдын баары бир болот.
Тарбияга жараша,
Ар кандай акыл ойлонот.

Так өткөн ким бар дүйнөдө,
Рааты ойноп күлгөндө.
Таалай багың ачылаар,
Тандап жетсең сүйгөнгө.

Кезеги келди айтайын,
Келиндердин мүнөзүн.
Керексиз ойноп жүргөн көп,
Кечет да жаштык күнөөсүн.
Көрүнгөн менен сүйлөшөт,
Күйгүзүп алган күйөөсүн.

Тарбия алыш өзүндө,
Таалайга бүткөн сезимде.
Бузулгандар көп болот,
Гүлдөөчү жаштык кезинде.

Ыйманы ысык моймолжуп,

Ызаат кылат карыга.
Жаркырап ачык кабагы,
Жолобойт ушак жагына.

Жогорулайт мартабаң,
Жолукса мындай багыңа.
Жол кетсең кокус күнчүлүк,
Жолуңду карайт сагына.

Жакшы болсо сүйгөнүң,
Жыргалын көрдүң дүйнөнүн.
Бейиштей күтөт үйүңдү,
Ачкандай өмүр гүлдөрүн.

Кээ бир түрдүү көйрөңү,
Кош этек болот көйнөгү.
Кары-жаштан уялбайт,
Карабайт ылдый-өйдөнү.

Бийлик кылат эрине,
Бергенсип бардык чөйрөнү.
Төшөгү калат жыйылбай,
Төшөлгөн бойдон төрдөгү.

Эси жок болсо алганың,
Ачылбас кабак ар дайым.
Баладай көрөт өзүңдү,
Баркыңдын билбей кандайын.
Ошондуктан бир баштан,
Айтайын деп ойлодум,
Жакшы-жаман жагдайын.

Кымбат баалуу келин бар,
Кызыл алтын акчадай.
Көңүлүңдү сергитет,
Көлөкө майсаң бакчадай.

Балбылдап көзү панардай,
Бир үзүм болгон пахтадай.
Адамзат кантип тура алат,
Андайды ырдап мактабай.

Аялга жаппай күнөөнү,
Абалы өзүң жакшы бол.

Турмушту алга жүргүзчү,
Аял, эркек - эки кол.
Алганың ою түз болсо,
Ачылат аппак бакыт жол.

Бир түрү бар келиндин,
Мурдун чүйрүп турушкан.
Башкага күлүп койдуң деп,
Күйөөсү менен урушкан.
Артынан ушак ээрчитип,
Алгандын көөнүн чөктүргөн.
Айтканды жалган дебеңер,
Арабызда көп жүрөт.
Барлыгың болсо мактанбай,
Жоктугуң болсо зарланбай.
Жамандык түшсө башыңа,
Жат душманга алданбай.
Азгырган арам ойлууга,
Амалын таап кармалбайт.

Маңдайы жарык жагымдуу,
Маңкая баскан маралдай.
Дүйнөдө аял ар түрдүү,
Ушундай баары жаралбай
Жоругу башка бир тобу,
Жүдөмүш жүрөт, таранбайт.
Өмүрдүн билбейт жалганын,
Өз боюна каранбайт.

Бир тобу бар чоюлган,
Бетине упа коюнган.
Жарашып аппак алкымга,
Жылтылдайт мончок мойнунда.

Күлүмсүрөп сыланып,
Күзгүсү түшпөйт колунан.
Кечке чейин зерикпей,
Кетпеген суунун боюнан.
Чынында бар го ушундай,
Чыгарган жокмун оюмдан.
Тунук суу аккан арыктан,
Көңүлү жумшак мамыктай.
Акылдуусун тандап сүй,
Аманат жашты карытпай.

Түрмөдө жүрүп Сүйүнбай[16],
Ушул ырды ырдаган.
Акыл эстүү келиндер,
Жамандык ишти кылбаган.
Жакшы менен жаманды,
Салыштырып сындаган.

Чындыгында туугандар,
Өмүрүндө Сүйүнбай,
Мындай ишти кылбаган.
Андай жаман иштерге,
Эч качан көңүл бурбаган.
Өзгөчө барып асылат,
Өзүндө турса күнөөсү.
Эч качан мындай болбосун,
Эр жигиттин бүлөсү.

Келинде болот керме каш,
Кээ бири болот узун чач.
Дагы бирөө шаңкылдап,
Жасанып чыгат жаркылдап.
Кер ооз деген дагы бар,
Кеп жебеген шакылдап.

Жасалма сулуу деген бар,
Өзүнүн камын жеген бар.
Эп көрүнүп башкага,
Эрине болот тили заар.

Сылыгы болот келиндин,
Сен дебей эрин, Сиз деген.
Сергек болот мындайлар,
Сездирбестен шилтеген.
Аз-аздап айтып жөндөрүн,
Бир тобун мен көргөздүм

## 16. Жаш жөнүндө терме

**Айтуучу:**Үсүралиев Ыяз, 80 жашта. Түп району, Көөчү айылы.
**Жазып келген:**Дуңганова Г. 1972-жыл. 6-дептерден.

Беш жашта бешиктеги майрам күнүң,
Он жашта ойноок улак ошол күнүң.
Бир жаш бар - он үч деген ойноктогон -
Жылаңач тайга минип, жайдакталган.
Бир жаш бар - он беш деген ойной турган -
Оюнга ойноок улактай, тойбой турган.

Бир жаш бар - жыйырма деген шыңкылдаган,
Закымдай мүнөз бүтөөр кылтылдаган.
Эсирип жыйырма жашты көтөрө албай,
Муунуң жаш чыбыктай солкулдаган.
Жыйырма беш - жаштан кайтпас деген күнүң,
Ылгабай ар кыл тамак жеген күнүң.
Жан чиркин көз алдыңа элестейт го,
Жашчылык жан кадырын билгизбейт го.
Бир жаш бар – отуз деген ойной турган -
Оюнга жаш текедей тойбой турган.
Отуз беш жаш жетип толгон күнүң,
Акмак эгер сөксө акыл айтып,
Акылга абдан жетип толгон күнүң.
Бир жаш бар – кырк деген: кылыч экен,
Жылыштап ошол кыркка келгениңде,
Аллага кылган тобоң дурус экен.
Кырк беш жаш - кыйын өткөөл көңүл окшоп,
Өткөнгө өкүнбөгүн бекер жоктоп.
Ар нерсе кыска жиптин түрмөгүндөй,
Айтылып мурункудан калган токтоп.
Элүүдө - эбиң кетээр эңкейгенден,
Бийикке колуң жетпес көйкөлгөндөй.
Колуңда  ата дөөлөт, ал жок болсо,
Өз сөзүң өргө батпас сербейгенден
Элүү беш  - эбиң кетээр эскиргендей,
Бой тартып  жаман иштеп сезилгендей.
Элүү беш кийинкиге эч нерсе эмес,
Таттуу уктап, куш төшөктө түш көргөндөй.
Алтымыш  - алыс эмес аркан болоор
Өмүр сен жанжончусу салын болоор.**?**
Оуздон тишиң кетип,баары түшүп -
Жаагың ошол убакта талкан болоор.
Алтымыш беш - кыйын тоонун ашуусундай
Алыңыз эч бир кирбес жашыруундай,
Ошол күндө көрө турган ырахатың -
Болоор жетим кыздын чачучундай.
Жетимиште - жер таянбай туралбайсың,
Колуңа таяк албай жүрө албайсың.
Колуңда жакшы оокатың жок болсо,
Кооз үйдү төрдө отуруп кура албайсың.
Жетимиш беш - тушалган ат болоорсуң,
Ар нерседен ошол убакта жат болоорсуң.
Бир жаш бар – сексен деген селкилдеген,
Балага, келинге жек - кадырың кетип,

Чер бүтөөр көкүрөккө кирилдеген.
Сексен беш -уядагы балапандай,
Кең дүйнө тарыйт ко эми алакандай.
Токсондо - сен болоорсуң жумурткадай.
Сөзүңө суусун канбас мурункудай.
Балага –келиниңе кадырың кетип,
Болоорсуң жаңы туулган бөдөнөдөй,
Энеден эми гана төрөлгөндөй.
Бир жаш бар «жүз» – деген ал кылактайт го,
Кийинки асыл туулган эр азаматтар -
Сиздерден «жүз» деген жаш ыраактайт го!

## 17. ТЕРМЕ

**Айтуучу:** Үкөнбаев Советкалый, 72 жашта.
**Жазып келген**:АзарбаеваАйзада. 529-дептер.

Байдын көркү малында,
Аргымак көркү жалында.
Баланын көркү тилинде,
Айдын көркү түнүндө.
Жаны чыгаар жүлүндө
Жемиштин көркү гүлүндө,
Чөптүн көркү бүрүндө.
Шырдактын көркү түрүндө,
Бадалдын көркү түбүндө.
Жакшы аял көркү үйүндө,
Кагаздын көркү чийинде,
Чечендин көркү тилинде,
Жибектин көркү түйүндө,
Чолпондун көркү шаңында.
Очоктун көркү жалында,
Куюндун көркү чаңында.
Караңгы көркү таңында,
Тулпардын көркү табында.
Кыштактын көркү тамында.
Кандын көркү тагында,
Азамат көркү жарында.
Калтардын көркү изинде -
Камандын көркү тишинде.
Даамдын көркү жүзүмдө -
Береке көркү күзүндө.
Жоргонун көркү тайында,
Жайлоону көркү жайында,
Кыртыштын көркү майында.
Канттын көркү чайында,
Акылдын көркү башында.

Асылдын көркү ташында.
Сулуунун көркү кашында.

Жашоону көркү күн менен,
Уйкунун көркү түн менен.
Булбулдун көркү үн менен,
Тузактын көркү чил менен,
Молдонун көркү дин менен.
Бакшынын көркү жин менен,
Ушактын арты чуу менен.
Чыдамсыз өлөт уу менен,
Күлкүнүн көркү дуу менен.

Жолдун көркү жоргодо,
Жаназа көркү молдодо.
Дүрбүнүн көркү көргөндө,
Чачтын көркү өргөндө.

Азаматтын белгиси -
Атканга көңүл бөлгөндө.
Маанисиз ишке кор болбо,
Бекеринче кыйналып.
Аккан дайра суу болот.
Аскага мөңгү жыйналып,
Аламын деп суктанба.
Бирөөнүн алтын заарына
Бузуктук кылба бекерге.
Бирөөнүн сүйгөн жарына.

Эси жокко эч убак -
Жолобогун жанына.
Кесирдүү менен бир жүрсөң
Кырсыгы тиет башыңа.
Кыз кийсин деп суктанат,
Кызыл манат шайыга.
Кадыры терең жигиттин
Кадамы жетет баарына.
Азамат болсоң басмырт бол,
Анчалыкка шашпагын.
Ойлонуп туруп бир сүйлө,
Ордуңда болсун айтканың.
Элди билсең чынчыл бол,
Кадырың болсо сактагын
Алдыңа келген адамды,

Ары кет деп какпагын.
Эби жок жерден иш кылып,
Эл арасын ачпагын.
Эмгектеп тапкан дүйнөңдү,
Эсеби жок чачпагын.
Элге жакса болгону -
Эмгек кылып жазганым.
Эл менен чогуу бирдей жүр,
Бөлүнүп жалгыз баспагын.
Кыярып-карып калган чак,
Кыялымда жаштаймын.
Арзыбай  турган адамга,
Акыл-насаат айтпагын.
Аркары ойнойт асканын
Көсөл мерген түшүнөт -
Көздөгөн жерге атпагын.
Эси жок киши биле албайт,
Эмне сүйлөп жатканын.
Көрбөсө адам билеби,
Азамат эрдин азганын.
Кор кылам деген душманга,
Коркоктук кылып качпагын.
Азамат болсоң эр жигит -
Алды-артыңды карагын.
Эмгек байлык турбайбы
Өзүңкү дечү тапканың.
Жакшы-жаман болсо да,
Таалайдан көрөт жазганын.
Алтымыш жаштан  ашкан курагым,
Арышын көрдүм канчанын,
Бириңди-бириң сыйлагын,
Жамандыкка кыйбагын.
Өсөк кылба[17] туугандар,
Билгенимди ырдадым.
Жаманды жаман дебегин,
Кереги жок адамга
Убайым-кайгы,  жеменин.
Билимдүүлөр түшүнөт,
Билгизип иштин себебин.
Алың келсе арткыны -
Алдыга кошуп теңегин.
Эсиң болсо жигиттер,
Эл эмгегин жебегин.
Күнөө кылбас кишиге

Жаңылбайм такыр дебегин.
Эстүү адамдын эзелтен -
Эл көрүүчү керегиң.
Кээ бир адам билалбайт,
Өзүнүн өлчөө-ченемин.
Кадыр-көөнүн калтырба,
Ага менен жеңенин.
Кызматы күчтүү балага -
Эмчегин берген эненин.
Бала калса артыңда -
Ошол болот белегиң.
Тууралык кылаар кезиңде -
Душманыңдан тартынба.
Ойдолоп сүйлөп талпынып,
Өзүңө өзөк[17] калтырба.
Көпчүлүктү бекерге
Көңүл ийрип жандырба.
Кырдаалы жок сөз сүйлөп,
Кыйкырып бекер алдырба.
Тууганыңды жат кылып,
Душманыңа чалдырба.
Эрөөлдө эл үчүн -
Эл намысын алдырба.
Чындыкты сүйлөп түшүнсөң,
Көпчүлүктүн алдында.
Бирдиктүү болсо агайын,
Чын касиет бар мында.
Казал жаздым ылайык
Кары-жашка жараса,
Малым жок десем болобу
Албай койбойт аласа.
Орду жок сөздү көп айтат
Ооз чиркин дарбаза.
Эси жок киши курусун
Ишине болот каргаша.
Көрүнгөнгө жутунуп,
Кыла бербе далбаса.
Эч качан адам кор болбойт,
Эстүү  адамды жандаса.
Алтын сөзүң кор болбойт.
Айтса кулак салбаса,
Күлүктүн чыгатмүчөсү.
Саяпкер багып, байласа –
Муңдуунун көөнү ачылат.

Буралган кырчын чынарда
Баатыр болуп не керек
Ирмебей найза сайбаса,
Балбандыгы көрүнбөйт,
Багалектен албаса.

Жакыным деп ойлобо,
Жабыркаган кезинде.
Көзүнүн кырын салбаса,
Тууганым деп ойлобо.
Туюнтсаң тилиң албаса,
Жекжаат болуп не керек,
Бир-бирине барбаса.
Көңүлү толкуйт жигиттин
Көп биригип шайласа,
Акылдуу болчу дебегин
Абийир, атак албаса.
Коңшу кетер жанындан
Тегерегин чалбаса.
Азамат жигит сууга агат,
Жаман атты жалдаса.
Ырас көрөт кээ адам -
Жалган айтып алдаса,
Ага-ини болуп не керек.
Аза түшсө[18] башыңа -
Ажыратып албаса.
Битирден чыкпайт бир тыйын,
Канчалык айтып зарласа.
Жакшы болсо балдарың
Ага-ини көрөт жыргалын.
Урматтасаң, инилер,
Улууларды сыйлагын.
Жакшы адамдан бекерге
Жаш чагымдан көп көрүп,
Көптү баштан өткөрүп,
Далайын көрдүм кыйланын.
Азамат болсоң чын сүйлө,
Убадаңдан жылбагын.
Тууганың бар, досуң бар –
Бирдигиңди чыңдагын.

Чечende нуска кеп болот,
Жамандын оозу шок болот.
Пейли тардын куну жок

Берекеси жок болот.
Абайлабай иш кылган,
Акырында жок болот.
Пейли кенен кишинин
Берекеси мол болот.
Элдин тынчын кетирет,
Эси жок киши курусун.
Эртели - кеч козголот,
Эси начар андайлар,
Элүүсүндө токтолот.
Жакшы сүйлөп ар убак
Жарактуу сөздүн негизин,
Эстүү киши ойлонот -
Эли-журттун жеңишин.
Баатыр ойлойт душмандан
Намыс алып келишин.
Элдик ишти аткарып,
Баали, рахмат! – дегизип,
Көп түкүрсө көл деген -
Далайды көрөт өлбөгөн.
Курт-кумурска, чаяндын
Өмүрү өтөт чөл менен.
Желелеп учуп ойносо,
Өрдөктүн көркү көл менен.
Дыйканда байлык, карды ток
Эмгек кылат жер менен.
Сүйгөнүңдүн белгиси –
Бир-бирин самап дегдеген.
Мартабаң башта барында,
Канчалар сага келбеген.
Каарына калсаң кокустан
Каргап, жутат эл деген.
Араздашса ажырайт -
Ага-ининин арасы.
Ынтымак кетсе туугандан,
Душмандын канат табасы.
Бирдиги бар тууганга -
Душмандын жетпейт чамасы.
Кадыры бар, билимдүү
Калкка болот арачы.
Эс-акылдуу жигиттин,
Эл болот учаар канаты.
Туурдун көркү куш болот,
Тамактын көркү туз болот.

Кулак уккан суук сөз -
Курсакка барып муз болот.
Керкакшык айтпай жигитке
Кесирдүү жигит туш болот.
Болбос ишке күйүнбө –
Тууган жакшы түбүндө.
Жакшы адамдын артынан
Ушак айтпа, күйүнбө.
Колунда жок адамды -
Жамансың – деп, түңүлбө.
Атка минип бастырса,
Баатырдын көркү сүрүндө.
Күндө чапчаң талыбайт,
Күлүктүн көркү  күүндө.
Ага-ини менен жакшы жүр,
Алтын башың тирүүндө.
Ажык сүйлөп[19] бекерге,
Аттиң ай, деп – күйүнбө.
Ажалды берсин кечинен,
Алтын баш калат, көмүлүп -
Этектей көрдүн түбүндө.
Эстүү киши кыйналбай,
Эл-журтуна тең болот.
Жакынын жаман көргөндөр,
Жат душманга жем болот.

## 18. 70 жылдыкка карата саламдашуу

**Айтуучу:**Мукашова Шайлоо, 60 жашта,уруусу –батугур,батугурдун ичинен- манат. Тоң району, ____ айылы.
**Жазып келген:** Мурзакеримова Д.   1989-жыл.   1433-дептер.

Сайраган кызыл тилимди
Сабап жолго салайын.
Сан жыл өттү арадан,
Сахнада  ырдабай –
Сагынып калган өңдөнөм,
Саламдашып алайын.
Сабында ырдап турамын
Саламым кантип айайын.
Мага окшогон ырчынын -
Көргөнсүңөр далайын.
Салтанатуу калың эл,
Саламатсыздарбы, агайын!

Эки эли кызыл тилимди -

Ээгимде жаагым жанайын.
Эчен жылы ырдабай,
Ээлигип калган өңдөнөм,
Эсендешип алайын.
Эсиме келдим бүгүн мен
Эгимде кызыл тилимди,
Эми, эминесин айайын.
Эл ичинде ырчы көп
Эми көрүп турамын.
Эсенсиздерби, агайын,
Нечен жылдан бери карай
Эми болду келгеним.
Эл акыны Алымкул –
Шекербек, Атай, Асылбек -
Комузга колун ойноткон
Мемиреген Мейилкан -
Асылдар менен жүргөмүн.
Калк  аралап, журт көрүп –
Эчен жерде  күлгөмүн.
Эсиме түшөт кайрандар,
Өздөрү кетти дүйнөдөн,
Сөздөрүн эстеп жүрөмүн.
Чын ошол чиркин, куруп кал
Туз куйгандай ачышып,
Туталанат жүрөгүм -
Ыраазы болуп арбагы  -
Ушунун  баары түгөйүм.
Өздөрү кетсе дагы да,
Сөздөрү калды элинде.

Атабыз Манас жердеген
Айтылуу Манас эл деген.
Бир топ жыл өттү арадан
Андан бери келбегем
Аты чыккандар менен
Айылдарда далай тердегем.
Айтылуу Ысык-Көлүмдүн
Атынан салам мен берем.
Манастын уулу Семетей,
Алганжары Чачыкей
Элимди чапкан атат! - деп,
Апта келген ийилип.
Аялдык кылып Чачыкей,
Ага кылган күнүлүк.

Эжекебиз Айчүрөк –
Эмесе сага кылам деп,
Чачыкейге айткан жер.
Түн түшүрүп үч күнү -
Күн жаадырып, күн-түнү
Баатыр жигит Семеңдин
Шумкарын багып, каткан жер.
Эстүүлүк менен эжебиз -
Эр Семеңди тапкан жер.
Эркек уул төрөп Семеңден
Эл-журтуна кайткан жер.
Эч нерсе билгиспей -
Ушунун баары баткан жер.
Арбагы болсун ыраазы –
Асыл кайран өткөндөр.
Ааламга даңкы тараган.
Айтматов Чыңгыз өскөн жер.
Кыргыздын уулу дедирип,
Кылымга аты калган жер.
Алымкул өсүп, өнгөн жер –
Борборунда кыргыздын,
Өкүрүп тууган көмгөн жер.
Артынан өсүп жатпайбы
Алып келди тил билгенди -
Эстебес менен Тууганбай
Аралашып  жүргөндөр
Элиңен чыккан Чыңгызың
Сыймыктанат кыргызым.
Эл баласы - өзүңдү
Эскерип айтты бир кызың.

Азыр акындары кыргыздын
Ашыраалы, Эстебес.
Эстебести билемин,
Эзмейинче кеп жебес.
Алымкул, Калык, Осмонкул
Үйрөндүңөр термесин.
Унутуп койбой аларды
Өткөндү эстей жүр дегин.
Чымчыкейлер сөзүмдү -
«Чырга айлантпа!» - сен деген
Тууганбай, Эстебес, Ашыкем,
Чычалаба курбулар –
Ошо уулуңар Ашыраалыны

Уйпалабай, сыйлап ал.
Алымкул, Калык болушка,
Али дагы кыйла бар
Ашыраалы, Эстебес,
Замир менен Тууганбай
Төрт акын төрдө сайрасаң,
Төрлөрдүн суусун буугандай.
Эми ошолордой силер да,
Олутуңду[20] дайында.
Ажал укпайт эмеспи,
Оо дүйнө, кетсең кокустан
Ордуңду басып тургандай
Алыкемдин Замири -
Суу төгүлбөс жоргодой.
Улгайганда көп дебе,
Ошолорду ойлобой…
Оңой эмес ал бала
Түбү терең дарак го.
Акындар эрегишчил болчу эле,
Эрегишсең кокустан
Уят кылып койчу эле.
Замирбек болсо жаш бала,
Закондуу сөзгө маш бала.
Залкар сөз сүйлөйт атадай
Олутун бербей башкага.

Жаш кезимден үйрөнүп
Жанып тилди сайрадым.
Осмонкул, Калык, Алымкул
Аталардан алганмын.
Токтонаалы, Ысмайыл

Торгойлордон кармадым.

Топ жыл өтө берсе да,
Түк унута албадым.
Тоо булбулу акындар –
Торгоп ажал жалмады.
Топко ырдап жүрөмүн
Толкуткан кээ бир ырларды.
Осокемдин омогун,
Оозунан чыккан жомогун.
Алымкулдун айтканын,
Калыктын кандай чыкканын.
Токтонаалы, Ысмайыл -

Торгойдой сайрап кайтканын,
Топко ырдап жатамын.
Өзүм эле ырдап  болдум - деп,
Эч бир жерде айтпадым.
Жүзүм барса улгайып,
Жүйөөлүү сөзүм барында
Жүдөтпөйт мени заманым.
Чүрөктөй жаштар жанымда
Күндөн күнгө артылып,
Күндөрдү артка калтырып,
Күчөп барат жамагым…

## 19.Өмүр термеси (Өткөн күндөн бир элес).

**Айтуучу:** Орозбаев Токсонбай (1945   - 2011) (уругу – багыш).Жалал-Абад областы, Чаткал району, Жер-Капчыгай (Каганович) айылы.
Каныш-Кыя  сельсовети.
**Кагазга түшүргөн**: Баймырзаев Бактыбек. II курс, 1987-жыл, май айы.

Чалынса кырсык куу башка,
Чара жок моюн сунбаска.
Ааламды апат каптаса,
Айла жок чыдап турбаска.
Арманды чубап эмесе,
Айтайын курбу-курдашка.
Азапты кимдер көрбөгөн,
Кайгылар жатат жүздөгөн.
Капыстан кырсык кабылса,
Кандай куш торго түшпөгөн.
Ажалдан болсоң сырткары,
Азап жок ар бир түтпөгөн.

Тайгакты кимдер баспаган,
Таалайын табат шашпаган.
Кайратсыз жигит жигитпи,
Катарлап белес ашпаган.
Ажалы жетип күн бүтсө,
Кайберен кулайт аскадан.

Арманга жашын чөктүрүп,
Адамдар жүрөт миңдеген.
Кабагы бүркөө муңайым,
Кайгыга жүрөк зилдеген.
Оопасыз чырлуу бул турмуш,
Ойлонсоң түшкө кирбеген.

Чалкайып жаткан Чаткалды,
Мекен да кылган эл элең.
Капыстан кырсык кабылса,
Кайсы элден силер кем элең?

Айттырып келбес ажалдан
Мени да кырсык чалганда -
Кемийт да беле Сапакем[21]
Кепилге сурап алганда -
Кан жутуп байкуш апакем,
Кайгымды тартты карыганда.

Бармактай бала кезимден
Кетпеди ал күн эсимден.
Арылбай кырсык башымдан,
Алчудай өчүн жетимден.
Таарыныч кылбайм эч кимге,
Кемтик иш толду кетилген.
Жылмайып турмуш караса,
Жетимдер азыр жетилген.
Ойноок кез өтүп эчактан,
Отуздан ашты курбалым.
Ушунча жаштын ичинде
Эмине көрүп жыргадым?
Аласасы барчылап,
Карачы -
Турмуштун күлбөй турганын.
Арманга жашын чөктүрүп,
Ар жактан келет көпчүлүк.
Аксакал эчен карылар,
Араң жан жүрөт жөткүрүп.
Кырчындай жапжаш жигиттер,
Кыялын кызга өлтүрүп.
Аралаш түрдөй чубатып.
Айдаган малдай төрт түлүк.

Айылдын болгон кутманы –
Акылбек, Абас,Тоялы.[22]
Аларды кетти жетектеп,
Ажалдын жайган тузагы.
Аттанып элден кетерде,
Айылдан эч ким чыкпады.

Арылбай кырсык аягы,
Айтып да өткөн жанагы.
Айылда ырдап олтурса,
Ачылмак Токоң кабагы.
Артынан кеткен агалар,
Арбытты менин санаамы.
Өзүңдөй көрдүм таппадым,
Өчүптүр өмүр панары.

Жаркыраган да замандын,
Жолуна туура турбаймын.
Гүлдөгөн заман агымын,
Күйүттүү жакка бурбаймын.
Кемибейт тура жол кенен -
Турмушту барктап, сыйлайлы!

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр**

1.Сөтүк-сотых.
2. Дадил- тың, чыйрак.
3. Тукумдан- жумурткадан.
4. Даки жеп- кагуу жеп.
5. Саар- таң заары, эрте менен.
6. Күлүкан- хулиган.
7. Бузурманда- мусулманда.
8. Келмени- Калима (араб сөзү).
9. Самашы-самагону.
10. Жайында- ордунда, үйүндө, эркин эле.
11. Олигархия- экономикалык термин.
12. Гумжардам- кайрымдуулук жардамы.
13. Карагуз- уруунун(уруктун) аталышы.
14. Айрыты-айырмасы.
15. Килден- килограммдан.
16. Сүйүнбай- айылдык ырчы.
17. Өсөк кылба-өзүңө өзөк калтырба, өзүңө жаман сөз калтырба.
18. Аза түшсө- башына азап,кайгы түшсө.
19. Ажык сүйлөп- ажыкызданып, тетири сүйлөп.
20. Олутуңду- ордуңду деген мааниде.
21. Сапакем- Сапарбек Кубатбеков (чарба жетекчиси).
22. Айыл аксакалдары, мектепте окуткан агалары.

# Ш БӨЛҮМ

# Айтыштар

## 1. Ажыбек менен Тейтинин айтышы

**Айтуучу:** Жөргөмов Ыраш, 68 жашта. Ош областы, Сузак району
Ак-Таок айылы**.**
**Жазып келген:** Эсенбаева Айдана. 1004-дептер.

1914-жылы Күрөбөс жайлоосунда мундуз элинен Мейманкул деген киши той берип, элди конокко таратып, белгилүү Тогуз-Тородон чалараак ырчы Тейти деген бирөө 30 аттуу киши менен келип, Анжиян өрөөнүнө конок болгон экен. Азыркы Базар-Коргон районунун Ленин колхозунун Акман айылында жашаган бир Ажибек деген ырчы болгон экен. Эл чогулган ошол чоң тойдо экөөнүн айтышы.

**Ажибек:**
Тогуз-Торо элинен
Тоолуктай ашуу белинен,
Анжиянды аркалап,
Аттанып мында келсең сен,
Атагым сурап сен уксаң,
Ажибек ырчы болом мен.

Атактуу мундуз элибиз,
Белмончок ашуу белибиз.
Күрөбөс менен Бал чоку,
Атабыз конгон жерибиз,
Алыстан келген Тейти акын
Айтышаар болсоң биерге,
Бастырып жакын келиңиз.

**Тейти:**
Тогуз-Торо жеринен
Ак-Талаа деген элинен
Анжиянды аралап,
Арзылап мында келдим мен.
Айтышам деген жөнүм жок,
Конок тартып той кылган,
Тоюңарга келдим мен.
Ажибек ырчы сен болсоң,
Аркадан келген мен болсом,
Айтышкан менен пайда жок
Акындык жайым сен билсең.

Өзгөнүң жакта Анжиян,
Туурасы Туйва, Паргана
Пас жагы Кокон, Наманган

Баарына жалпы сен болсоң
20 жашка жык толгон
Балапан ырчы мен болсом
Баарына бирдей тең болсоң.

**Ажибек:** Ашуу менен бел ашкан
Кырлуу тайгак жол баскан
Капчыгай суусун өрдөгөн
Арка менен Анжиян
Арасын барбы көрбөгөн.
Ар кандай сөздү кураган
Айтышаар жөнүң жок болсо,
Балалык кылып баш тартпа
Же айталыбы термеден.

Аскага чыгып жайылса,
Аркардын чери жазылат.
Айылды тыңдап сөз укса,
Акындын чери жазылат.
Аябай сонун иштетсе,
Атындын чери жазылат.

Учурашып сыйлашса.
Жакындын чери жазылат.
Аябай канат талпынса,
Ак шумкар чери жазылат.
Айылдаш жүрүп ачылса,
Акындын чери жазылат.
Жамандык элде көп болсо,
Молдонун чери жазылат.
Жакшы жерде жол жүрсө,
Жоргонун чери жазылат.
Айтыша берсе темтеңдеп,
Акындын сөзү пас болот.
Болбогон жаман сөз айтса,
Жакының келип кас болот.

**Тейти:** Ардактуу элге той берген
Конокко тартып кой берген.
Улагын союп тарттырган
Урматын элдин арттырган,
Адамзаттын ичинен
Туулат экен ар кыл жан.

Аргымак атка жол болбой,
Алыска сапар жүрө албайт.

Акындын жайы бул болсо,
Айтаар сөзүн биле албайт.
Ынтымак болсо тууганың
Арага душман кире албайт.

Анжиян менен Аркадан
Абалтан акын көп чыккан.
Ажибек сындуу аганы,
Атагын угуп алыстан
Көрсөмбү деп мен чыккам.

Көркөмдүү кыргыз көп элим
Көргөндө бизди сыйлады.
Ардактап сонун той берип,
Ушунча элди жыйнады.
Кылым бою кыргыздын
Ушундай тойду кылганы.

Арасы алыс жол эмес
Атайы мында келдим мен.
Сыйласаң койсоң өзүң бил,
Тейти деген ырчы мен.

Жаныңа келип турамын
Жактырсаң салам кыламын.
Жаш бала деп сыйласаң
Кандай сөз айтсаң угамын.

Ошондо Ажибек айтышкан менен пайда жок, жөнөкөй тамашалашып элге эрмек бололу деп калыс ырдап турганы:

**Ажибек:** Аскадан чыгып жем алган
Арчындуу шакта дем алган.
Ак шумкар куштун баласы
Азыраак ырдап өтөлү –
Ардактуу калың эл турган,
Абайлап Тейти карачы.

Көк чырпыктан жем алган,
Көлөкө жерде дем алган.
Көк шумкар куштун баласы
Көбүрөөк ырдап көрөлү -
Көркөмдүү кыргыз тоюнан.
Көп элиң келди чогулуп,
Көз салып Тейти карачы.

Аргымак көркү жал менен,
Асканын көркү кар менен.
Адамдын көркү жан менен,
Шибердин көркү жер менен.

Күлүктүн көркү тер менен,
Жайлоону көркү мал менен.
Жигиттин көркү жар менен,
Арыктын көркү тал менен.
Тойдун көркү эл менен,
Топ элдин көркү жер менен.

Булактын көркү ат менен,
Билимдин көркү кат менен.
Сайманын көркү түр менен,
Саратан көркү күн менен.

Сайрандуу өмүр барында,
Ырчылар минтип үндөгөн.
Салт кылып элге той берген -
Кыргызды барбы билбеген.

**Тейти:** Канжыга көркү эгерде[1]
Дүнүйө жакшы кетерде.
Сүйүнөт адам бererде,
Той кылып аалам келерде.
Толкундайт элиң бул жерде
Томуктай болгон жан иниң,
Толкуп ырдайт биерде.

Арканы бүтүп өндүрлөп,
Арасын издеп көрөөрдө
Алла таала кудурет –
Аябай дүйнө берээрде -
Жабдыктап жакшы ат минген,
Жаныңа жардам боло албайт.

Жакындан чыкса бир душман
Жакшы болсо көрө албайт.
Алладан өмүр болбосо –
Адамзат өзү ала албайт.
Акылдуу жайы болбосо,

Айтканга жооп бере албайт.
Кымбаттуу кызым туулбай,
Куда болуп  сыйлашпайт.
Жакындашып сүйлөшпөйт,
Чачылганды жыйнашпайт.

Жаныңда катар турбаса,
Акындар бекер ырдашпайт.
Акырын шамал жүрбөсө,
Теректин барки [2]күүлбөйт.

Жалган  сөздү укпаса,
Адамзат жандан түңүлбөйт.
Керемети болбосо –
Келген элди сыйлабайт.

Элиңен жакшы чыкпаса,
Бөлүнгөн элди жыйнабайт.
Жанына жакшы отурбай,
Бирөөнүн сырын биле албайт.
Алкымдан жаны чыкпаса,
Адамзат бекер кыйналбайт,
Элиңден эстүү чыкпаса,
Бекерден элди жыйнабайт.
Белгилүү  ажал келбесе,
Адамды бекер кыйнабайт,
Жаныңа жардам болбосо,
Тапкан малың татыбайт.
Сыр алышып сүйлөшпөй,
Адам жакын боло албайт.
Жаман адам телпеңдеп,
Айткан менен тил албайт.
Ажибек менен Тейтинин
Айтканын эч ким билалбайт.
Ынтымактуу дос болдук.
Арага эч ким кире албайт –деп, токтошкон экен.

## 2.Нурмолдо менен кызыл аттын айтышы

**Айтуучу:**белгисиз.
**Жазып келген**:белгисиз.
 Аттын баскысы келбейт, ошондо
**Нурмолдо:** Алты кочуш жем жейсиң,
Алты баспай тердейсиң,
Жети кочуш жем жейсиң,

Жети баспай тердейсиң.

**Анда кызыл ат:**

Жетиге айгыр салбадың
Жетилтип кулун албадың.
Алтыга айгыр салбадың,
Ардактап кулун албадың.

**Нурмолдо:**

Жетиге сени салаарга
Жеткилең сыны сенде жок.
Жети байтал менде жок
Алтыга айгыр саларга
Алты байтал менде жок
Аргымак сыны сенде жок.

**Кызыл ат:**

Алты байтал таап сал,
Аргындын сырын билип ал,
Алтыдан алтоо болбосо,
Аябай башым кесип ал.

Жети байтал таап сал,
Жетишериң билип ал,
Жетиден жетөө болбосо,
Желкемдин менин кесип ал.

**Нурмолдо:**

Кылчактаган кызыл ат,
Кыйындыгың билинбейт.
Кычыштырган сөздөрүң
Кызытып канды күйгүзөт.

Сапсалгыга кыстырам,
Сатыкейге бычтырам.
Жакшы болот жолуна
Жоолук байлайм колуна.

**Кызыл ат:**

Алты күнү жол жүрүп,
Азык болом өзүңө
Акмактыгың болбосо,
Ардактай мени жүрбөдүң.
Такалатпай таш бастым,
Тапканым тийбейт өзүмө.
Талпайган биздин кожоюн,
Таап айтсам кирбейт сөзүмө.

### 3. Жумушу менен Турдукулдун айтышы

**Айтуучу:**Бегалиев Турумтай, 80 жашта.

**Жазып келген:** Ташыбеков Кудайберген. 345- дептер.

Элде бирин-экин жамактатып ыр ырдап жүргөн Жумушу менен Турдукул дегендер болгон дешет. Кээде алар аския айтышып бирин-бири сындап калышчу дейт, Турдукул кал экен. Ал эми Жумушу бети-башын жүн баскан аюуга окшоп апсайган киши болгон экен. Жумушу Турдукулга «калсың!»[3] деп тийишип:

**Жумушу:** Чык эткен ташы болбогон
Жер сулуусу Сары-Челек.
Чың эткен чымын болбогон,
Калдын жайы Сары-Челек - десе:

**Турдукул:** Кал болсом да энеден
Туулуп келдим Жумаке,
Айдың көлгө башымды
Жуунуп келдим Жумаке.

**Жумаке:** Кербенге кеттиң кубулуп,
Кер сары тартып жубулуп,
Аксыга кеттиң кубулуп.
Өлгөн сарттын кийимин,
Алкымыңдан буунуп.

**Турдукул:** Айланайын Жумаке –
Ал айтканың деги ырас,
Бул айтканың дагы ырас,
Аксыга барып туз алдым.
Кара көз тандап кыз алдым.
Чет-Көлгө барып муз алдым,
Чеберден тандап кыз алдым.
Аксыга барып жүргөмүн,
Азоону кармап мингемин.
Бел-Башат чыгып жүргөмүн,
Бедөөнү[4] кармап мингемин.

**Жумаке:** Белеске чыккан кайыңмын
Беш уруу элге дайынмын.
Беш уруу элди күлдүргөн,
Пейили кенен шайырмын.
Алты уруу элге дайынмын,
Алты уруу элди күлдүргөн,
Абадан жакшы шайырмын.

**Турдукул:** Айланайын Жумаке –
Ал айтканың деги ырас.
Алты уруу элди күлдүргөн,
Абыдан элге дайынсың.
Алты күн жатып тарп[5] жеген
Айтылуу адам аюсуң.

Белеске чыккан кайыңсың,
Беш уруу элге дайынсың.
Алты күн жатып тарп жеген,
Айтылуу адам аюсуң.

Белеске чыккан кайыңсың,
Беш уруу элге дайынсың.
Беш күнү жатып тарп жеген
Пейили жаман аюсуң.

**Жумаке:** Баралы чыгып жай алдың,
Балгазын[6] союп май алдың.
Балгазындын майына -
Мала кашка тай алдың.

Тоскоол чыгып жай алдың,
Торопой союп май алдың.
Торопойдун майына -
Тору кашка тай алдың.

**Турдукул:** Көтөрмөнүн көп суурун
Көбүн кырып түгөттүң.
Кийинки жыл болот деп,
Көңүлүң сүйөт Чүңөттү.
Чычыркайын майдалап,
Кууруп жедиң Жумаке.
Чыйылдатып ийнинен,
Сууруп жедиң Жумаке.
Омурткасын майдалап,
Жулмуңдадың Жумаке,
Оңой оокат таптым деп,
Кулжуңдадың Жумаке.
Бакалыны жердедиң,
Балгазын союп сен жедиң,
Балгазындын майына,
Балыктай болуп тердедиң.
Тоскоолду жердедиң,
Торопой союп сен жедиң,
Торопойдун майына,
Тон кийгендей тердедиң.
Торопой деген ак болот
Капканга түшпөс сак болот.
Торопойду көп жесең,
Эки дүйнөң сап[7] болот - деп, Турдукул Жумушуну жеңген дешет.

## 4. Өлөң айтыш

**Айтуучу**: Ташматов Мырзат, 1936-жылы туулган. Ош областы, Ала-Бука району, Ак-там совхозу, Кызыл-Ата айылынын тургуну.

**Жазып келген:** Жумаева Гүлгаакы.1011-дептер.

**Эркек:** Ассолому алейкум жаңы келдим,
Көргөнү көрүшкөнү салам бердим.
Көрүшсөк көрүшпөсөк көз камандан
Дал тушуңдан өлөңдү кое бердим.
Айт-айт жаным, айт жаным өлөң билсең -
Не көрбөйсүң дөйнөдө өлбөй жүрсөң.
Бул дүйнөдөн бей арман өтөөр белең,
Уугу алтын –боосу жез үйгө кирсең.

**Аял:** Айт-айт дейсиң өлөңдү мени дагы,
Мага бүтүп калганбы өлөң жагы.
Айтса айтып берейин бир азыраак,
Кулак салып уккула силер дагы.

**Эркек:** Оой, кел экөөбүз айталы бирдей болуп,
Сабагынан ачылган гүлдөй болуп,
Жалгыз айткан өлөңүм жарашпайт го,
Жалаң найза сайылган үйдөй болуп.

**Аял:** Ээй,Ала-Букадан чыккан ой күн талашты,
Курбум Сизге кулун тон куп жарашты.
Кулун тондун жеңдерин тартышалы.
Таң атмактан, күн чыксын айтышалы.

**Эркек:** Айлыбыздын аксакалы Абдырайым
Өлөңдү боз жоргодой салдырайын,
Мага берген кезегиң өлөң болсо -
Өлөң менен моокумуңду кандырайын.

**Аял:** Абада учупчыккан аңгар[8] белем,
Атып алсак баласы какшаар бекен.
Сен бирөөдүн баласы, мен бирөөдүн
Дабышына дабышың окшоор бекен.

**Эркек:** Абада учуп өткөн бостек бекен,
Атып алсам баласы бостоор бекен.
Сен бирөөдүн баласы, мен бирөөдүн
Дабышыңа дабышым окшоор бекен.

**Аял:** Ээй, өлөң айтсам өлөңчү дейт го мени,
Жалгыз жүрсөм ак бөрү жейт го мени.
Өлөңүңө туура жооп таап айтсам -
Эки акундун[9] бирөөсү дейт го мени.

**Эркек:** Оой, өлөң жанар дегенде өлөң жанар,
Өлөң десең биз жакта беш он сап бар.
Куржунуңду нары алпарып -
Кабыңды алып кел,

Жапма салып берейин айлыңа алып бар.

**Аял:** Ээй, Ала-Бука жолунда жыттуу жийде,
Эстүү кыздын колунда өткүр ийне.
Жаш жаныңдын баарында ойно да, күл -
Күлүк аттай зымылдап өтөт дүйнө.

**Эркек:** Электри май куйбай жанат экен,
Самолету адамдын канаты экен.
Баракелде советтин мылтыгына,
Кыз-келиндин кийгени манат экен.

**Аял:** Ээй, арык толо суу келет чым аралаш,
Бир топ жигит келген экен кыз аралаш.
Үйүңүзгө айылдап барып калсам,
Аялыңыз тамак берди, туз аралаш.

**Эркек:** Сараң байды дегенде, сараң байды-
Сараң байдын мингени муштай тайды,
Азыр жазып айлыңа барып калсам,
Шорпо кылып бере албадың жалаң майды.

**Аял:** Ээй, абай айлар дегенде абай, айлар -
Асмандагы булутту шамал айдаар.
Эр жигиттин алганы эстүү болсо,
Тал чыбыктай ийилип, атын байлаар.

**Эркек:** Колдон өрдөк учурдуң балкаңдаган,
Мен бир өлөң айтайын калаңдаган.
Гүл бакчада сайраган булбул куштай.
Көз канаңдан секетим жалтаңдаган.

**Аял:** Кумдакана дегенде - Кумдакана
Кумдан коен учурдум Зымданкана.
Эч нерсени билбеген жаш кыз элем,
Өзүң жаман үйрөттүң ымдап кана.

**Эркек:** Алып келдим Чаткалдын дуванынан,
Сары өтүгүм сыртында таманынан.
Аламын деп айлыңа алты бардым,
Ала албадым куугунун жалганынан.

**Аял:** Ташкаккана дегенде таштаккана,
Таштак коен кагылдым таштаккана.
Эч нерсени көрбөгөн жаш кыз элем,
Өзүң жаман үйрөттүң баштап кана.

**Эркек:** Оой, сенин айылың аягынан быягы тал,
Тар көчөңдү чаңыткан айдаган мал.
Сен көйнөкчөн болгондо, мен жектечен[10],
Кай жериңде болду экен чыкпаган жан.

## 5. Эчки менен тоо текенин айтышы

**Айтуучу:** Исабеков Садырбек. Талас шаары, Жерге-Тал совхозу. (кесиби чабан).

**Жазып келген:** Субанбекова К. 1696-дептер.

**Эчки:** Аска-Таш дайым жүргөнүң,
Куйкум сары жүндөрүң.
Короо, сарай сенде жок
Кандай жер сенин түнөгүң.
Көчө жакка келбейсиң,
Жактырбайм ошол бир жериң.

**Тоо теке:** Ал-жайымды сурабай,
Сын тагасың сен мага.
Көрө элекпиз коюнду,
Жашайбыз дайым аскада.
Баары бирдей окшошбуз,
Болбойбуз сендей ак-кара.

**Эчки:** Кара да болсом адамга,
Тыбыт берем, сүт берем.
Өзүмчө кетпей эч жакка,
Айылда жүрүп күн көрөм.
Тоодо безип жүргөндөй,
Акылсыз сендей жан белем.

**Тоо теке:** Кара эчки сен байкагын,
Акылсыз деп айтпагын.
Так эле айтып беремин,
Ага чейин шашпагын.
Жыйган чөпкө секирип,
Артыкбаш сөз айтпагын.

**Эчки:** Бир жерге тынчып токтобой,
Байыр алаар кенен оттобой.
Талаада кантип жашайсың,
Таң калам абдан ой тобоо.
Келсең боло биз жакка -
Кырга чыгып соксойбой.

**Тоо теке:** Аскага чыксак шаңданып,
Суктанасың таң калып.
Кандай сонун жарашат,
Мүйүзүм турса каркайып,
Келе албайсың биз жакка -
Курсагың чоң чардайып.

**Эчки:** Сен чыккан жарга мен чыксам,
Түшө албай кайра бакырам.
Ал жакка неге бардың деп,
Сабайт ко келип койчуман.

Чатагы жок жүрөйүн -
Келтек жебей койчудан.

**Тоо теке:** Тоонун көркүн чыгарып,
Эркин ойноп жүрөлү.
Тукабадай эң сонун -
Сары, көк, кызыл гүлдөрү.
Аска ташка туууптур,
Кайберен кылып илгери.

**Эчки:** Ал айтканың эң туура -
Тоонун көркүн чыгарган.
Жолдошусуң сен дагы,
Тоодогу аркар, кулжанын.
Эриш-аркак жашайлы,
Сен менен да тууганмын.

**Тоо теке:** Жалкы туубай эгизден -
Уругуңду көбөйткүн.
Сүткө тойгуз курсагын,
Ойноп жүргөн бөбөктүн.
Теңелбегин сен мага -
Башынан жапан бөлөкмүн.

**Эчки:** Тарап алып жазында -
Менден алат тыбытын.
Кыз, келиндер окшотуп,
Токуйт жылуу жоолукту.
Желиним ооруп баратат,
Эмисейин улакты.
Кош, аман бол, Тоо теке
Кеч болуп калды убакты,
Баланы эмиз дегениң -
Мени абдан кубантты.

**Тоо текенин акыркы сөзү:**
Биз азыраак токтойлу,
Айта турган сөзүм бар.
Айткан сөзгө түшүнүп,
Акылыма кулак сал.
Кара эчки эмес билгенге
Алтын эчки экенсиң.
Каалап барсак көсөөгө[11]
Кошуп алаар бекенсиң.
Чабанга менден салам де,
Кой, эчкини чаппасын.
Сындыра чаап буттарын,
Зыянын кийин тартпасын.
Карышкыр, ууру, башкадан

Сак болуп жакшы кайтарсын.
Жанын багып салкындап,
Көлөкөлөп жатпасын.
Сүт, май, жүн жана башканы
Ашыгы менен аткарсын.
Догдурмун өзүм билем деп,
Суук колду салбасын.
Ооруга каршы даарыны -
Арбын кылып камдасын.
Арак ичип, мас болбой,
Тийгизсин малга пайдасын.
Ферма менен бугалтер
Учетту туура жүргүзсүн.
Уй, жылкы, төө деген бар,
Буларга дагы кам көрсүн.
Ортолук мал – ыйык мал
Арамдык кылбай тим жүрсүн.
Адал кызмат аткарып,
Эмгеги менен күн көрсүн.
Зоотехниги сак болсун,
Этиет болуп чөп-чарга.
Жутап калып жүрбөсүн -
Жазгы калың көп карда,
Кыйын болот малдарга.
Кыштын камын ойлобой,
Калбасын кийин арманда.
Уят болуп (кийин) жүрбөсүн,
Аяз ата чалдарга.
Директор менен башкарма,
Көз салгыла малыңа.
Кыштын күнү малчыны,
«Үшүдүк»- деп, айттырба.
Салкын көз менен карабай,
Акыл-насаат сөз болсо,
Чабандарга айткыла.
Акыркы менин айтаарым –
Малды жакшы баккыла!

## 6. Матрайым менен Маткасымдын айтышы

**Айтуучу:**Дубана карыя, 85 жашта.Ноокат району, Калинин айылы.

**Жазып келген:**Маманов Р. 90-дептер.

Бул чыгармаларда Улуу Октябрь революциясына чейинки кыргыз элинин турмушун, эмгекчи элге бай-манаптардын кылган зордук-зомбулугу көрсөтүлгөн. Бул окуя Ноокат районундагы Чийли-Сай деген жайлоодо болгон. Ошол жайлоону жайлаган «Алашан»

деген кедей айыл болуптур. Ошол эле жайлоодо Маткасым деген ырчы алашандыктар менен бир конуп, бирге жайлачу экен. Дагы бир башка бай айлында Матрайым деген бай алашандыктар менен «Ак-Дөбө» деген жерди талашып, тартып алыптыр. Бул байды ошол өрөөндөгү эл «доңуз» деген ат менен аташчу экен. Ошол талашта Маткасым менен Матрайым айтышыптыр.

**Кара доңуз:**

Топчусу жок Алашан,
Тоодун башын талашкан,
Тоодун башын талашса,
Токтулуу байга жарашкан.

Эшеги жок Алашан,
Эгиздин[12] башын талашкан,
Эгиздин башын жайласа,
Эчкилүү байга жарашкан.

Төөсү жок Алашан,
Төрдүн башын талашкан,
Төрдүн башын жайласа,
Төөлүү байга жарашкан.

**Анда Маткасым:**

Токтусу жок Алашан
Тоодун башын талашкан,
Токтулуу байга жарашкан.
Токойдон доңуз качты деп,
Топтошуп адам карашкан.

Эшеги жок Алашан
Эгиздин башын талашкан,
Эгизден доңуз качты деп,
Эңкейип адам карашкан.
Тоосу жок Алашан
Төрдүн башын талашкан,
Төрдөн доңуз качты деп,
Төрдөгүлөр карашкан.

Адис мерген Бороончу
Токойдо жаткан доңузду,
Тоголото атпайбы,
Томугунан тартпайбы-дептир.

Мындан аркысы мага белгисиз. Дубана аксакалдын айтуусу боюнча жазып алдым. Анын эсинде калганы ушул. Бирок бул ушул бойдон калган эмес. Алар өмүрлөрүнүн акырына чейин айтышып келишиптир. Акырында Кара доңуз (Матрайым) жеңилген экен.

## 7. Алымкул менен Молдобагыштын айтышы

**Айтуучу:** Өмүрзаков Ороз. Жаңы-Жол районунун Афлатун
кыштагында жашайт. 1986-жыл.
**Жазып келген:** Рысбаева М. 148-дептер.

Афлатун кыштагында Асанбек аттуу дүңгүрөтө той берет дейт. Мына ошондо жер-жерден ырчылар чакырылып бул тойго белгилүү акын Алымкул дагы катышат. Ошондо аксылык Молдобагыштын Алымкулга карай айтып турган жери.

**Молдобагыш:**

Асманда торгой мен булбул,
Аркадан келген Алымкул.
Беш алты ооз сөз айтып -
Алдыңан чыктым мен кургур.
Жолдо торгой мен булбул,
Жогортон келдиң Алымкул.
Жолборсуңдун тоюнда -
Жолуңан чыгам мен кургур.
Беш теңгелик алекти[13]
Пейли кеткен сарт берет.
Бейкасам менин жоргому
Асанбек –
Өзүңүздөй эле март берет.
Алты сомдук алекти
Арбак курган сарт берет.
Акча менен жоргону
Асаке, өзүңүздөй март берет.

Үйрөнүпсүң үч тилди -
Үркүндө сага туш келди.
Алдырып алды Асанбек,
Ата-энеден бескенди.
Алты урууга жаккан жок,
Айтып кылык, тообаңды.
Ажырат баалап соодаңды.
Жети урууга жеткен жок,
Жетип калган тообаңды -
Жеткизе баала соодаңды.

Молдобагыш токтот ээ¸ мени тимеле чакыртыпсыңар өзүңөрдүн ырчыңар бар турбайбы – деп, айтат Алымкул.

---

Ошентип, Алымкул Молдобагыш менен айтышпай койгон экен. Бул кишиге «кайыптан» жолуккан экемин - деп.

## 8. Кулмурза менен Кайып ырчынын айтышы

**Айтуучу:** А.Дайдиева, 60 жашта. Кара-Суу району, Кыргызстан совхозунун тургуну. 1986-жыл.

**Жазып келген:**Ажыкулова Т. 171-дептер.

Илгерки убакта айрым ырчылар элге тамаша куруп берүү максатында айтыш ырларын да аткарышкан. Ошондо Кулмырза чөлдүк кыргыздардын, Кайып тоолук кыргыздардын элин, жерин мактап ырдашат. Кулмырза Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айылында жашаган.

Кайып Өзгөн районунун Жалпак-Таш совхозунун биринчи бөлүмүндө жашаган адам. Ошол мезгилде чөлдүктөр да, тоолуктар да жайлооого чыгышчу экен. Ошондо эки ырчы элге эрмек болушуп төмөнкүдөй ырдашыптыр:

**Кайып:** Товда-товда товур бар,
Товда семиз човур[14] бар.
Кымыз ичип, эт жесең,
Кыз-күйөөдөй довур[15] бар.

**Кулмырза:**

Ала-Дөбө чыңк ылдый,
Жериң менен куруп кал.
Атка шалча койбогон,
Элиң менен куруп кал.

**Кайып:**

Намаздигер болгондо,
Пашасы келет салаңдап.
Маңдайымдан чагат деп,
Балдардын көзү алаңдап,
Чымындыкка[16] жашынып,

Чындап безгек[17]ашынып.
Куршабың ыстык дэм болот,
Курулай кэсэл[18] сыл[19] болот.
Айыккыча жыл болот.

**Кулмырза:**

Дөңгө тиксе желбирейт,
Үйүң менен куруп кал.
Төрөгелди, Жаңкара
Бийиң менен куруп кал.
Ашка салса татыбас,

Тузуң менен куруп кал.
Тогуз жаштан бер жагы,
Төөматекти ойногон,
Кызың менен куруп кал.

**Кайып:**

Ала-Дөбөм болбосо,
Паша [20]чагып башыңан,
Көгөөн чагып көчүктөн,
Көрөр элең Кулмурза,
Атаңдан калган Бадикен[20],
Жөнөөр элең, Кулмурза.

**Кулмурза:**

Боолай жатып чириген,
Арпаң менен куруп кал.
Бороонбайдын сарысы,
Калпаң менен куруп кал.

**Кайып:**

Чарбадар экен кэм тааныйт,
Дос болмоктон жез болгун:
Кечээси барсаң кэм тааныйт.

**Кулмурза:**

Тейит журтум жакшы журт,
Тейит журтум келгенде,
Тейитин берген талканын.
Телпекке салып бөлөсүң,
Тейит журтум болбосо,
Тентип жүрүп өлөсүң.

**Кайып:**

Канды журтум жакшы журт,
Каңды журтум келгенде,
Каңдынын берген талканын,
Калпакка салып бөлөсүң,
Каңды журтум болбосо,
Каңгып жүрүп өлөсүң.

Урук үзбөйм буудайдан,
Үмүтүм зор кудайдан.
Таттуу жерди таска урдуң,
Пэлэктэн[21] үзүп коонду,
Пычагы жок ташка урдуң.
Карылыгым айыбым -
Кадимки табым болгондо,
Сен болоор элең зайыбым[22].

## 9. Бала менен кыздын айтышы

**Айтуучу:** Абдракманова К. Кочкор району, Фрунзе атындагы колхоз, Кара-Саз айылы.

**Жазып келген:** Аширова Замира. 139-дептер.

**Кыздын айтканы:**

Эки тоонун арасы,
Сайраган булбул баласы.
Бирдигимден табигат -
Мендеги жаштын санаасы.

Оролгон тоонун нар жагы
Оролуп коен качабы.
Оймок ооз, кара көз,
Ойносок кумар жазабы.

Айылың үстү Ала-Арча,
Алтыным жүрсө жанаша,
Алышып ойноп бир жүрсөк,
Алты жашар балача.

Оң колумда билерик
Оңдоп бир салдым имерип.
Айтчы бир жаным чыныңды,
Бололукчу түбөлүк.

Колумдагы коргошун
Жанымдай көргөн жолдошум.
Тиктеп бир койсоң бирөөнү,
Тилегиң кабыл болбосун
Капталдан тарткан зымдайсың,
Карап бир көзүң ымдайсың.
Кадырлуу элдин баласы –
Кармашкан шарттан жылбайсың.

Жарды жардай оттогон
Жашыл кийик талаасы.
Жанга салган бычактай,
Сүйгөнүң кимдин баласы?
Ак такыр менен көк такыр
Алышып ойноп кыз жатыр.
Алышып ойноп күлгөнүм,
Эсимден кетпейт таптакыр.

Кыялай басып келесиң,

Кызыл гүл колго бересиң.
Унутпай алып жүргүн деп,
Уктасам түшкө киресиң.

Ойлонсоң ойду бөлөсүң,
Ойлонуп кагаз чиерсиң.
Ойлонгонуң чын болсо,
Оюңду бурбай жүрөрсүң.

Баскан бир жериң жөлөнкө,
Башыңа майдаң көлөкө.
Астейдил ашык сен болсоң,
Көңүлүң бурба бөлөккө.

Карарган чачтар биздики,
Кайнаган жүрөк Сиздики.
Өрүлгөн чачтар биздики,
Өрттөнгөн жүрөк Сиздики.

Кызыл гүл десем барк[23] экен,
Кызыглык кыйын дарт экен.
Ак гүл десем барк экен,
Ашыктык кыйын дарт экен.

Кызыл суу толкуйт кечүү жок,
Сүйгөнүм эске түшкөндө -
Кыжаалат болом эби жок.
Кара суу толкуйт кечүү жок,
Сүйгөнүм эске түшкөндө -
Кападаар болом эби жок.

Ак боз ат минсем бели бош,
Алайга кеттиң кайыр кош.
Көк боз ат минсең бели бош,
Көрүнбөй кеттиң кайыр кош.

**Баланын айтканы:**

Жол боюнда коргонуң,
Жолукпай ашык болгонмун.
Сай  боюнда коргонуң,
Санабай ашык болгонмун.

Эки терек сайаван[24],
Жеталбадым зирегим.
Безилдетип бир дуба,

Айталбадым зирегим.
Жалгыз терек сайаван,
Жеталбадым зирегим.
Жалгыздатып бир дуба,
Айталбадым зирегим.

Саат эки болгондо -
Китебиңди колтуктап,
Кайтканыңа күйгөмүн.
Жолдо жүрсөң сыпайы
Басканыңа күйгөмүн.

Өйдө-ылдый жүрсөм да,
Ар убак өзүң ойдосуң.
Ичи-боорум: жалын-чок,
Эч ким да мендей болбосун.
Кырга чыксам курук мал,
Этегим илем зирегим.
Эригип ырдап жүргөнүм
Эгем[25] билет зирегим.

Бозоруп учкан боз торгой,
Боз талга келип конбойсуң.
Бозоруп курбуң олтурса,
Бурулуп салам бербейсиң.
Карарып учкан боз торгой,
Карарып талга конбойсуң.
Какшап бир теңиң олтурса,
Кайрылып келип койбойсуң.

Бала бир дедиң оюңда,
Балалыгым мойнумда.
Кадыр бир көңүл түз болсо,
Жетербиз бир күн максатка.

Жабылгалуу ат минип,
Ойнотосуң зирегим.
Жамалыңа күйгүзүп,
Боздотосуң зирегим.
Оромолуу ат минип,
Ойнотосуң зирегим.
Оюнуңа күйгүзүп,
Боздотосуң зирегим.

Алишер – ата,  азиз жер,
Улугуңбу зирегим.
Айттырган жерге келбеген,
Кылыгыңбы зирегим?

Жазгы буудай гөө пайа[26]
Мен амалың болоюн.
Жазында терлеп отурсаң,
Мен шамалың болоюн.

Күзгү буудай гөө пайа
Мен амалың болоюн.
Күзүндө терлеп отурсаң -
Мен шамалың болоюн.

Акчасы  барлар  пулга  алды,
Өкүрүп  бала  кур калды.
Акчасы жок шор бала –
Аңгырап туруп кур калды.

## 10. Калманбет менен Бекназардын айтышы

**Айтуучу:**Ырыскелдиев Турдуш, 86 жашта. Өзгөн району, «Красный – Маяк» айылы.

**Жазып келген:**Баймырзаев Бактыбек. 1545 - дептер.

Кыпчак уруусунан чыккан Калманбет аттуу ырчы тоолук кыргыздарга барып, бир айча жүрүп калат. Ал арык ат минип барат. Бир күнү атын күн жаандуу болгондуктан шалчажаап отко коё берет. Ал ат оттоп жүрүп башка байдын жайытына өтүп кетет. Ал байдын жигиттери аттын жабуусун сыйрып алышат. Бул ызага чыдабаган Калманбет айылга комузун чертип ырдап келет. Ал кишинин өңү сертирээк болот. Мурду бучугурак болуп, сөздү бузуп сүйлөйт.

**Калманбет:**
Ала-Дөбө суук кыр тоолук,
Жериң менен куруп кал.
Атка шалча койбогон,
Кыргызым, элиң менен куруп кал.
Ашка салса татыбайт,
Тузуң менен куруп кал.
Алты жаштан өткөн соң,
Жар көрүшмөк ойногон,
Кыргызым, кызың менен куруп кал.

**Бекназар:**
Ала-Дөбө жакшы жер,
Аштыгы бышса жатып жээр.
Акыны жок ичкилик,
Алты боо чөбүн сатып жээр.

Жедигер жерим жакшы жер,
Жерге кирген ичкилик,
Адырым оттуу болбосо,
Атың кайдан семирет.
Кырымын оттуу болбосо,
Кырчаңгың кайдан семирет.
Көк шибер оттуу болбосо,
Көтөрүм кайдан семирет.
Тоо болбосо чөлүңдү,
Көрөр элем ичкилик.
Көгөн чагып өзүңдү,
Өлөөр элең ичкилик.
Ичкиликсиң ийрисиң,
Ийрейген сарттын бирисиң.

**Калманбет:** Камыш калап үй тигип,
Жатаар элең кыргызым.
Канабатым болбосо,
Кашкулак териң каерге,
Сатаар элең кыргызым.
Суу боюна үй тигип,
Жатаар элең кыргызым.
Султанабат болбосо,
Суур териң каерге -
Сатаар элең кыргызым.

**Бекназар:** Суур бизден күнчүлүк,
Суур териң барбы деп,
Сурап келет ичкилик.
Кашкулак бизден күнчүлүк,
Кашкулак териң барбы деп,
Сурап келет ичкилик.
Бака, жылан аралаш,
Көлүң менен куруп кал.
Намаз дигер, намаз шам,
Мамагы[27] келет салаңдап.
Ал маманы көргөндө,
Ичкиликтин баарынын
Көзү кетет алаңдап.

**Калманбет:** Баргы журттун калысы,
Бардыгыңы тойгузган,
Балырлуу көлдүн шалысы.
Кыдырма журттун калысы,
Кыргызым, кыйлаңарды тойгузган
Кыл-курттуу көлдүн шалысы.

**Бекназар:** Кагазы жок адамдар,

Кан алдында тутулду.
Канабаттан келген Калманбет,
Казы болуп кутурду.
Белети жок адамдар,
Бек алдында тутулду.
Бекабаттан келген бир бузук,
Райис[28] болуп кутурду.
Эчки сойсоң эл жесин,
Калманбет, көп ушундай ырдасаң,
Как мурдуңду жел жесин.
Болуштук тоюң күз болгон,
Калманбет сенин бул мурдуң -
Качантан бери түз болгон.
Кайкая туруп жөтөлөм.
Кайкайып турган мурдуңа
Комузум салып көтөрөм, -

- деп Калманбет ырчыны Бекназар ырчы эл алдында уятка жыгып, экинчи баш көтөргүс кылып жеңип коёт.

## 11. Бурдушанын ашындагы айтыш

**Айтуучу:**Качибеков Кушубек, 44 жашта. Талас шаарында айыл-чарба адиси боюнча кызматкер. 1996-жыл.

**Жазып алган**: Аббасов Рахматулла. 1515-дептер.

Бул окуя Талас шаарындагы Шумкар-Уя деген жерде болгон. Бүргө тукумунан Кашкулак деген киши болуш болуп турганда өлтүрүп коюп (жетиген уруусу), кунуна Айнабай болуш болот. Кашкулак өлгөндө Үмөтаалы ырчы жетигендерди көтөрө чалып, каймазардын куну бүттү дегенсип ырдаган экен:

Кара-Колдун четинди,
Чет-четинен кетилди.
Каймазардан туу кетип,
Бала болуш Токтогул,
Сенин канатың жаңы жетилди,
Жетилгенден Кожош бар.
Сенин Салбарларың далай бар,
Эшигиңдин алдында -
Элүү чакты малай бар.

Муну Кашкулак өлүп, болуштукка «Токтогул болот, болот!» - деп турганда ырдаган. Бирок Каймазардан Айнабай болуш болуп калат. Ошол болуш шайлангандын келерки күзүндө, 1916-жылдары Каймазардын кадырлуу кишиси Бурдушанын ашы берилмек болот. Ашта жарчылыкка Ак-Суу дубандан ырчы алдырмак болушат. Үмөтаалыны «былтыр эле Каймазарды жыгып ырдаган, кереги жок андай ырчыны», - дешет. Сасык-Булак, Бала-Чычкан ылдый үй тигилет. «Бул ашка Аксы-Дубандан кереги жок. Өзүбүздүн кошчуда ырчы жокпу», - деп баягы Үкүбай чатак салат. Себеби, Үкүбай

Үмөтаалы менен көңүлү жакын дос экен. «Сага кол тийгизбейм, сага туугандарым тийсин, ашты бергизбейм, коркпой келе бергин» - деп, түндөп Үмөтаалыны алдырат. Үмөтаалы түнкүсүн келип Үкүбайдыкына түшөт. Үкүбай бир үй тигип, бээ союп өзүнчө күтөт. Калган аш ээлери Бурдушанын Кетмен-Төбөдөгү саяк күйөө баласы Сапарга киши жиберишет, Токтогул жана башка акындар кошо келсин дешет.

Жарчыга дешип: Кызыл жорго ат, күмүш жабдык, жашыл нооттон чепкен, бешмант, суусар тебетей, намиркен кепич-маасы даярдашат. Аңгыча Беш-Таштын оозуна коюлган чабарман чаап келип: «Сапарлар Калбага жакындап калды», - деп кабар берет. Алыстан келаткан жекжаат айтылуу акындарды отуздай адам Үч-Кечүү Ак-бейиттен тосуп чыгышат.Үмөтаалы дос тосмокко аттанат. Үмөтаалы барганча жолдон Таластын табиятын кошуп ырдап барат. Каймазарлар унчукпай, жактырбай бара беришет. Сүттүү-Булактын ылдый Чалабай булактын оозунан Сапар баштаган жүздөй атчан адамдар менен бетме-бет жолугушат. Салам-алик айтышып, коштоп жөнөшөт. Топчубаш тоосунан өткөнчө Токтогул менен Эшманбет түбүм Талас дегенсип ырдап келет.

**Эшманбет:** Токо, Сүттүү-Булак Чырканак,
Мергендер жүрөт кыркалап.
Кошулган жерин таасын айт,
Жетиген кушчу эли бар.
Бүргө баатыр чогулткан,
Дайрасындай чамынып.
Жоокер келет эри шар -
Кайыңдары Сапардын.

**Анда Токтогул:** Кашкардан ооп келгендей,
Эшмамбет тааныштырдың Таласты,
Кушчу-Саруу аралап.
Далай айткан Беш-Ташты,
Хан Бүргө элин коргогон,
Баатырлыгы талашпы?
Ак таңдай талант көп чыгат,
Араласаң Таласты.
Бүргө кызы Ак-Шербет,
Балык менен айтышкан.
Мөлтүр сөзү керемет,
Эсенаман Жеңижок,
Аларга айтышууга теңи жок.

Топчу-Баштан өткөндө кезек Үмөтаалыга келет.

**Үмөтаалы:** Эшмамбет, Токо аманбы?
Кечигип айтам саламды,
Эсенаман атакем,
Эреркеп эстеп айтты эле,
Токо Сиздин кабарды.
Айылдан алыс чыгалбай,
Айтпадым барып саламды,
Эми куш келиңиз кушчуга.

Кушчуда далай урук бар,
Кудай берген түп ата,
Сабатар элдин шогу дейт,
Хандагы ашы Каймазар.
Каймазар элдин тогу дейт,
Хан Бүргө эптеп чогулткан,
Жетиген бардын жогу дейт,
Аш берчү айыл Каймазар,
Айнабай болуш деген бар,
Эми келип калдык айылга,

Жигиттер ат алыңар – дегенде Каймазардын жигиттери: «Үмөтаалы баягысын актады эми» - дешип күлүп калышат. Ошентип, аш башталмак болуп алыстан келген меймандар үй-үйгө бөлүнө башташат. Ошол убакта бир кичине чатак боло түшөт. Үкүбай олтурган үйгө Айнабай болуштун жигити Тайтакул кирип: Сизди болуш тез келсин деп жатат», - дейт Үкүбай Айнабайга салам айтып кирип барса, үйдө жаман чокойчон Жээналы, Молдалы, Сагындык деген үч кедей ыйламсырап отурушат.

Айнабай: «Үкө, Сизди чакырганыбыз бул үч уурунун былыгы чыгып, Сизди күбө калыска сураныншты. Өзүңүз кайра сурап көрүңүзчү, аш болоордо тополоң кылбай чечели». Үкүбай: «Иш, үчөөң уурулук кылдыңарбы айткыла», - дейт. Үчөө бирин-бири түрткүлөп: сен айт! - деп, калышат. Жээналы башын көтөрүп «Биз барбайбыз десек, бала-чакаңар менен тентитебиз. Кетмен-Төбөдөн жети туу бээ уурдап келесиңер!» - деп жумшаган эле деди.

- Ким жумшады эле – деп, ачууланып Үкүбай.

- Аш ээлеринен. Барбасак, айла жок, уурдап келдик. Жетөөнү жети жерге союп кетишти.

- Ким? Ким союп алды?

- Бирин Солтонбек, бирин Малабек, Шамуратбек, Аманбек, Мамыржан, Байсейиттер союп кетишти. Анан жетиси чыгып калып, Сапар күнөөлүү болуп, уят болуп олтурабыз. Сизди тууганга деп тартпаган калысчыл киши дешет.

- Ия, силердин жумшаганыңар кана ыраспы? Деп жетөөнө сөз салат Үкүбай.

- Ырас байке, ырас.

- Сойгонуңар чынбы?

- Чын, тууган катары конок алмак элек да.

- Жок! Ой, теңир ургурлар атаңардын ашын силер уурулук менен бересиңерби? Бул үчөө силерден корккондон барышыптыр. Кокус бул үчөө саяктын колуна түшүп өлсө, кунун силер бермексиңерби я? Эми бул ишти билдирбей, Сапарга жети бээ айдаткыла. Аш бүткөнчө күйөө бала менен өзүм сүйлөшөм, кечирим сурап. Силер бошсуңар деп үч ууруну чыгарып иет. Болуш менен Үкүбай эми аш баштайлы дешип акылдашып калышат. Айнабай Үкүбайга кеңеш салат: кимди жарчы кылалы? Үмөтаалыны эле көрүп жүрөбүз, Токтогул жарчы болоор бекен, бир эл угуп калсын.

Анда мындай кылалы ушул ашка келген мен ырчымын дегенди чогултуп, анан бир катар отургузуп бир сабактан ырдаталы. Ар дубандан бир киши калыс, ошол жарчы болсун деп Үкүбай бүтүм чыгарат. Аш ээлери макул болушат. Ошентип, ашка келген ырчыларды чогултса - 76 ырчы экен. Бардыгын айыл четиндеги көк жайыкка отургузушат.

Эң аягында Секебай андан өйдө Чар салтадан Кайманбай, Кара арчалык Эркебай, төр жагында Эшмамбет, Токтогул, Үмөтаалы олтурган экен.

Калыска ар дубандан бир киши деп казактан Карабала дөө, Бердикожо кытай, Олуя Ата жактан саруу Эшенкул, Аксыдан Жолдош ж.б. болуп 7 дубан калыс болушат. Ылдыйтан өйдө Эркебай салам айтып өзүн тааныштырат. Кезек солто Найманбайга келет. Өзү чап жаак, узун киши экен.

**Найманбай:** Мен Балыктын уулу Найманбай,
Ар бир айткан сөздөрүм,
Алгыр кара тайгандай.
Айкалышып киргенде,
Адамды жамбашка сайгандай…

деп өтөт. Эшмамбет, Токтогулдар насаат ыр айтып, эми Кетмен-Төбөдөн келип жарчылык талашпайлы, калгандар өнөрүн көрсөтсүн дешет.

**Токтогул:** Өлүп калган Букемдин,
Эмнесинен козгойлу.
Элди жакшы таанибайм,

Эми бизди бош койгун - дегенде аксакалдар чуулдап, Током менен Эшмамбетти бүт кыргыз билет, андан көрө калыстарга баш болушсун дешет. Кезек Үмөталыга жетет. Эл жанатан бери Найманбайга ык берип коштоп калгандыктан аны багыттап ырдайт.

**Үмөтаалы:** Балыктын уулу Найманбай,
Тайган болсоң бок берем,
Айбан болсоң чөп берем.
Аш берген элден кабар ал,
Артыңда тукум жок дебең.
Чайбектен Жакыпбек, оо?
Бурдушадан Касымбек,
Булардын кылган иши бачым бек,
Бокмуруңдан Айнабай.
Эркечтен болгон Өскөнбай,
Эл бийлеген Үкүбай,
Бүргө атасы Итимбай,
Эл бийлеген шайма-шай -

деп жалпы аш берилүүчү каймазарлардын жети атасын, олтурган меймандардын ата-тегин сүрүп ырдап атат. Калыстардан казак Карабала: Болуш болуп көөп турган эл экенсиңер. Эми ырчыларды бүт көрдүк, Үмөтаалыдан өткөнүн көргөн жокмун дейт.

**Токтогул:** Эсенаман өлбөптүр, Үмөтаалы чоң талант турбайбы, элди-жерди араласа болмок экен деп баа берет. Ошентип, Үмөтаалы жарчы
болуп, кызыл күрөң ат минип 3-4 миң эл чогулуп калган экен. Ашты баштап жар салат. Артынан Чал – ырчы кошо жүрөт, коштоп ырдап:

Кызылды минип кылтылдап,

Үмөкө, кыздай өңүң жылтылдап.
Токтогулдай ырчы бар,
Үмөкө, токтолбогун так ырдап.

**12. Абдырайым (Абиш) менен Жапаркулдун айтышы**.

Айтуучу: Жапаркул Бексариев 1949-жылы туулган. Чаткал району, Айгыр-Жал айылы. Кесиби-гидротехник. Бул айтыштар Жапаркул Бексариевдин айтуусунда берилди.

Жазып алган: Б.Баймырзаев. 2010-жыл, июль айы.

* * * * *

1975-жылы Абдрайым акын менен кайым айтышуум кыска болгон. Мени тамашалап, күлүп сүйлөп калды, кошом деп. Анда мен: «Манасымды айтсам да, сени жеңем»-дедим. Ошондо Абдрайым (Абиш) минтип баштады:

Наспайын чеккен күйкөдөй,
Жапаркул жайып канатын.
Чабалбай жүрүп чалгысын,
Айтканы жүрөт «Манасын»-деп токтоду. Мен даярданып алган элем, баштап жибердим:

Абдрайым кандай абалың,
Мен абалың сурап алайын.
Алдыңа келип мен Сизге,
Улуу деп айткан саламым.
Жабырды көргөн эмедей,
Негедир чүрүшүп калган кабагың.
Абдырай акын аталып,
Чоң болчу сенин талабың.
Кызыл өңүң саргайып,
Кыйноону тартып калыпсың.
Алкымыңды тыя албай,
Арак деп жүрүп карыпсың.
Белгилүү жакшы ырчы элең,
Колу-башың калтырап,
Арактын түшүп артынан,
Эми алкогол болуп калыпсың.
Элге ырдап шаңкылдап,
Абдырай деп аталып,
Ак молдону койбостон,
Өзүңдөн кетти каталык.
Түшүп бердиң торуна,
Чыгалбайсың жулкунуп.
Эми аракка калдың маталып.
Алыңды билип жөн койсом,
Айтышам деп талпындың,
Аракка тойуп алган соң,

Абийирин төктүң калкымдын,
Бөтөлкөнүн ичинде,
Чыгалбастан калкыдың.
Дагы жүз грамм арак болсо деп,
Сенин былкылдап турат алкымың.

Оозу-башы бүлкүлдөп, шыбырап турган. Мен токтор замат ал ырдап коё берди:

Айтышамын деп сен калдың,
Айтышса айтышып эле көрөлү.
Алкаш деп айттың мени сен,
Атаңыз эле төрөбү.
(Ал убакта менин атам да ичүүчү)

Ошондо мен:

Кадимки багыш элденсиң,
Чоң нуска менен Таластан,
Атайлап көчүп келгенсиң.
Чоң каада күткөн адамдай,
Бирөө таңуулап кызын бергенсип.
Эжеңи мага бердиң деп,
Эки жүз грамм ичкенде,
Жаман мурдуң барбайып,
Жезде, каласың кээде эрдемсип.

Катуулап киргенде кой-койлоп ортодогулар токтотушту.

**13. Абдырайым акын менен экинчи айтышыбыз.**

1978-жылы мен кой бакчумун. Март аяктап калган. Ал ДТ-75 бульдозёр айдоочу. Түз-Ашуудагы сарайга чыгып барыптыр. Сарайдын айланасын тазалап, сүрүп келиптир. Кол бошобой 10-майда жакага түшсөм, сени Абдырайым ырына кошуп ырдап жүрөт дешти. Мен дагы анын кылган иштерин сураштыра баштадым. 1-майда Чакмак-Суу геологиялык партиясына арак жүктөп сатып барыптыр. Бул жерден 5 сомдон алып, ал жакка 10 сомдон сатыптыр. 9-майда мушташып, Осмонкул башын жарыптыр. Башын таңып жүргөн экен. Гаражка чакырышып калды. Комузу колунда экен. 20-25 чактуу адамдар турат эле, баштап жиберди:

Жапаркул чыгалбай калды сыртка деп,
Чоңдор эшигин сүр деп жиберди.
Көчкүдөй болуп үйүлүп,
Калыптыр борошо урган күрөңдү.
Кат-кат болгон муздарын,
Сүрө албай айлам түгөндү.
Бульдозер байкуш болбосо,
Жабыла барып күрө деп,
Тополоң кылмак бул элди.
Жапаркулду билемин,
Башынан эле иленди.
Ат минсе чыйрак көрүнөт,
Аялы куу чиренби.

Эл каткырып күлүп жатып калышты эле, анда мен мындай деп ырдадым:

Арактан пайда табам деп,
Артып бардың Чакмакка.
Беш сомдон алып бул жерден,
Он сомдон пайда тапмакка.
Пайдадан түшкөн сомду алып,
Эки-үч ай бекер жатмакка.
Бөтөлкө кайра ээрчитип,
Кайрадан баштап аракты.
Тогузунчу май күнү,
Аракка тоюп кутуруп,
Чекеден кара кан акты.
Согуштан чыккан жоокердей,
Эс-учтан танып сулк жатты.

Качканак абам да ошол жерде эле: «Оо, жапайы ырчылар, силерден коркуу керек»-деп, башын ийкеп күлдү. Качы абама карап ырдап жибердим:

Качы аба, жашым кичүү баламын,
Жаңыдан өсүп талабым.
Көп күндөн бери сиз менен,
Жолуксам деп самадым.
Бир аз чоркогураак сүйлөймүн,
Бул Абиштен алган сабагым.
(Баары Абиш дечү).

Качы абам Абиштин колундагы комузду алып, кулагын толгоп, Коргол ырчынын абанына салып ырдап жиберди:

Эми мен ырдап көрөйүн,
Көп эле жерде айтыштым.
Айтканыңарга көнөйүн,
Тытыштырбай экөөңдү,
Арачы болуп берейин.
Арышымды керейин,
Анда эмесе жөнөдүм.
Оолугуп ырдап олтурсам,
Ой-тоонун баарын козгогом.
Кайран отуз беш жашты мен ойлоп,
Оолугуп барып токтогом.
Өткөн өмүр кайран жаш,
Кайгырсаң кайта келе албайт.
Ошону ойлоп токтогом.
Көңүлүм бир аз бөлөйүн,
Силерге ырдап көрөйүн.
Билгенимди мен айтып,
Алдыңарга төгөйүн.

Муңдук-Зарлык ырым бар,
Мен ошону айтып көрөйүн.
Ошону айтсам болобу,
Ошого көңүл толобу.
Ошону айтсам болбосо,
Ошого көңүл толбосо,

Ойлонбой эле койоюн-деп « Муңдук-Зарлыкты» баштап бүтүрдү.

*****

1983-жылы Абиш мага азылып сүйлөп калды . Оозума келип турган экен мен ырдап кирдим:

Абиш, бул айтканың маңызсыз,
Бул сөзүң мага тең эмес.
Жөнү жок мага тийишпе,
Сенин мурдуңду жуткан мен эмес.
Кожо акеме ырахмат,
Калтырды сага бир элес.

Кожомкул деген магазинчи бар эле. Ага мас болуп азыла берген экен, ачуусу келип, мурдуна бир коюптур. Мурду жалпайып калган эле. Ошодон көп өтпөй совхозго картошка айдап, анысы курт басып болбой калды. Кийинки жылы Тургуналы деген менен куда эле, аны чакырып беде септи. Бедеси чыкпай, шоро чөп басып кетти. Ошондо мен:

Баба дыйкан болом деп,
Былтыр жериңе картошка айдадың.
Жакшылап иштеп берем деп,
Чоңдордун көөнүн жайладың.
Баарын курт бастырып жибердиң,
Кана картошкадан түшүм алганың.
Картошка болбойт экен деп,
Жериңди айдап тегиздеп,
Туту акемди чакырдың,
Жакшылап туруп себиң деп.
Бедеден такыр дайын жок,
Шоро чөп басып кетиптир,
Өзүнөн өзү эгиздеп.

*****

1983-жылы УОСто Бейсенова деген казак катчыбыз бар эле. Абиш ыр жазып таштап кетиптир. Күлүп мага берет. Окусам мындайча жазыптыр:

УОС деген мекеме,
Пайдасы тийбей чарбага.
Бүкүрү жана жикири,
Жигиттер иштейт тандама.

Жыгылып калат Жапаркул,
Бет келип калса жандама.

Аны окуп алган соң жолугуп, сага ыр токуганды көрсөтөм десем, «арагымдан башка эмнемди кошмок элең, арак ичпей койгом» дейт. Абиш болсоң эле эртең бир окуянын ичинен чыгасың дедим. Бир-эки күн өтпөй Айтымат деген урал мотоцикил утуп алган эле жолунан качпай турган экен, балону тийип кетиптир. Мушташып жатып калышты. Мен ушул ырымды арнадым:

Карысаң дагы Абдырай,
Калаабаны баштайсың.
Кыйратып койгон немедей,
Өзүңдү өзүң мактайсың.
Өкүрүк менен чатактан,
Өлсөң дагы кайтпайсың.
Кечээ Айтмат деген баланы
Жакадан алып желкелеп,
Аябай туруп тилдесең,
Ал бала турду кечирип.
Бир кезде баланын келип ачуусу,
Жакадан булкуп жиберип,
Колтуктан алды имерип.
Чыгалбай турдуң тыпырап,
Карт ингендей чиренип,
Барбайган анын муштуму,
Сенин оозуңда турду тирелип.
Байкуш тиш канап балжырап,
Ажыратып койсо деп,
Эки көзүң жалдырап.
Муунуң кетип калыптыр,
Неге тийдиң калжырап.
Чыдай албай тыбырап,
Жоомарт ажыратты шыбырап.
Оңкоңон азыр саям деп,
Оңбогон бала чыңырат.
Күчүркөндү баштанат,
Абдырай байкуш ыйынат….

Ары жагын айтууга болбойт….

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр**

1. Эгерде(диалект)-ээрде.
2. Барки- жалбырагы.
3. Кал(диалект.)- таз.
4. Бедөөнү- күлүк аргымакты.
5. Тарп- өлгөн малдын денеси, арам эт.
6. Балгазын- мамалак, аюунун баласы.

7. Сап болуу- сарып болуу, түгөнүү.
8. Аӊгар- аӊыр, өрдөктүн бир түрү.
9. Акун- уйгур тилинен кирген сөз. Биздин тилде « акын» болуп айтылат.
10. Жектечен(диалект.)- көйнөкчөн (эркек адамга таандык кийим).
11. Эгиздин(диалект.) башы- тоонун, бийик чокунун башы.
12. Алек- кайыр, садага.
13. Човур- чобур (кашаӊ) жылкы.
14. Довур- доор.
15. Чымындык- чымын-чиркейден коргонуучу буюм.
16. Безгек- оорунун бир түрү.
17. Кэсэл(диалект.)- ооруу, дарт.
18. Сыл (диалекти)- зыл, оор.
19. Паша(диалект.) - чиркей.
20. Бадикен- жердин аты.
21. Палектен- сабагынан. Коон, дарбыз, ашкабакка карата көп колдонулат.
22. Зайыбым- аялым.
23. Барк- барик, дарактын жалбырагы.
24. Саяаван- бак, көлөкөлөөчү жай.
25. Эгем-Кудайым.
26. Пайа- меке-жүгөрүнүн шагы (куурайы).
27. Мамагы- эмчеги.
28. Райис(диалект)- башкарма.

# 1У БӨЛҮМ

# Д а с т а н д а р

## 1. Жумаш менен Рангүл

Бул дастан биздеги кол жазмага караганда Теӊир-Тоо өрөөнүнүн Ак-Сай, Арпа жайлоолорунда болуп өткөн илгерки окуядан улам айтылып калган экен. Текст биринчи жолу басма жүзүндө элге тааныштырылып олтурат. Бул дастан кимдин оозунан жазылып алынганы да так көрсөтүлбөгөн.

**Жазып келген:**Кыдыров Т. 182-дептер.

Барар жерибиз алыс болгондуктан таӊ куланөөк тартып калган убакта жолго чыктык. Менин жанымдагы сары чийкил жигит биз барган айылдын зоотехниги. Жаш кезибизден бери бирге өсүп, бир партада отурганбыз. Өзгөчө бир мезгилдердеги баштан өткөн күлкүлүү окуяларды эске түшүрүп айтып берсе, бооруӊду тыткылап күлүүгө да алыӊ келбей калган учурлар болот. Мени Фрунзеден чакырткан да ошол. Багытыбыз Көк-Сай жайлоосу.

«Үӊкүр-Булактан» өтө берип бир азга аттардын демин басууну чечтик да, аттарды тушай көйкөлгөн шиберге узунубуздан түштүк. Асан экөөбүз күн батууга жакындап калганда «Күдүргү» жайлоосуна жеттик. Биз барчу үй кичинекей чуӊкурчада экен.

Келаткан атканчардын ким экенин алыстан тааныган карыя ордунан турду да утурлай басты.

- Ии, Асан балам! - айылда эмне деген жаңылыктар болууда?

Карыя бадыбодко толтура куюлган кымызды мага сунуп жатып сүйлөдү.

- Бардыгы өзүңөр көргөндөй,

- Кыркын аяктап калды,- деп улады.

- Карыя кымызды кере жута:

- Бул баланы таанибайт экемин?- дегендей карыя мага карап кымыздан ичип отуруумду өтүндү.

Асан карыянын кыймылынан баамдадыбы мени тааныштыра кетти. Журналист болсом,- дейт. Экөөбүз жолдош элек. Демек менин сөзүмдү угуп, кулак салсын дегениң го. Карыя отурган калыбын өзгөртпөй күлдү да, ордунан тура, жүктүн бурчундагы комузду колуна алып отурду. Комуз чертүүнү кичине кезимден бери жакшы көрчүмүн.

Күндөрдүн биринде энем чыкырып алды да ушул күүнү, күүнүн сырын кошо үйрөткөн эле. Эми жакшылап уккула дегенсип саал кабагын чытып, сөзүн баштады. Бул окуя биз төрөлө электе болуп өткөн. Береги «Жумаш учуп өлчүнүнүн» жогору жагында жалгыз борчук бар. Ошол бурчукта боз үйдүн жартысындай түзөң бар дешет.Ошол түзөңдө Алымбай байдын жылкы- чысынын сөөгү бар. Жылкычынын - аты Жумаш. Жумаш Алымбай байдын кызы Рангүлдү сүйүп калат.

Бул кабарды уккан бай ызаланат да, Жумаштан кутулуштун аргасын издейт. Ошол Жумаш менен Рангүлдүн окуясын раматылык апам Рангүлдүн өзүнөн уккан элем дечү. Карыя комуздун кулагын толгоп, бир топко чертти. Комуздун үнү ушунчалык муңдуу эле. Бирок, ал күүдө кандайдыр бир сыр жатканын билүү биз үчүн өтө татаал, ары табышмактуу сезилди. Карыя комузду токтото берип:

Күн бүркөлсө кан кусуп,
Карагер атты токунуп,
Деп буюруп Алымбай
Карматып ачуу оорусун -
Кыялап жолго чыккан дейт.
Кулдарын аттан жыккан дейт,
Кайгыланса карагер –
Канаттуудай сызган дейт ой.

Береги күдүр чубатма
Куш учса ташын уратма.
Кырсыкты сезбей чукулуп,
Каарына келип баратса.
Коктуда жылкы өңдөнүп,
Телчитип кулун төлдөтүп.
Акмалап жылкы имерет.
Жылкысын Жумаш миңдетип.
Алыстан көрүп карaанды
Утурлап тозуп ат алды.
Баштоочудай бир жорук

Алымбай көзү кадалды.

Салам айтып жүгүрө -
Билдирип келгенине сүйүнө.
Камчысын салып мойнуна
Бай алдында Жумаштын
Тизеси калды бүгүлө.

«Атаңдын көрү жаман кул,
Ата-баланын анты ургур.
Таңында бакта сайраган,
Рангүл кызым бар булбул.
Жактырып жүрөт»- деп уктум.

Иштин начарлап баратканын байкаган Жумаш кечирим сурайт:

Энемдин айткан кеби бар
Ак найзалуу шери бар.
Калкынын туруп кашында
Кедейдин кызын «кара көз»,
Жактырып сүйгөн жери бар.
Ошол шер менен сүйлөшөм,
Жаңдашып ичтен үндөшөм.
Оңолбосмун дүйнөдө -
Коркcондон кызды сүйбөсөм,
Бакыт өзү келбептир
Кордукту жанга үйбөсөң.

Жумаштын бул жообу Алымбай байдын намызына тийет.

Рангүл кыздын атасы -
Алпечтеп баккан апасы.
Күнүнө үч маал көрбөсө,
Басылбастыр капасы.
Береги көк жайыкты жердеген,
«Кыдык», «саяк» эл деген.
Ошол саяктан чыккан Санжыга
Кызыңды болуш бер деген.
Быйыл элүүгө чыккан курагы
Чабышып жеңген эл менен.
Кыз албай чыдап турабы,
Бактысына жаралган.
Жалгыз кызым Рангүл
Жазган буйрук бу дагы.
Баатырга кулдар тең эмес,
Чыкпасын эстен бул жагы.

Бай сөзүн бүтүрөт да, үйүн көздөй атынын башын бурат. Өзүн «кулсуң» деп кемсинткен байдын сөзү Жумаштын сай-сөөгүн сыздатат.

Көзүнүн жашын сүртө албай,
Күлүктү тартып мине албай,
Жылкычынын кементай -
Калыңдыгы бир далай,
Калдайтып тартып кеталбай,
Атасынын сыр бараң –
Коргошунун мол алып,
Азыгына эт алып,
Баштамай болду бир ишти -
Бүтөөрүн кантип биле албай.

Кечке жуук Жумаш барыптыр,
Байдын кызы Рангүл.
Рангүл жаткан өргөөгө:
Алтыным ук! - деп кеңешип,
Ойлогон оюн айтыптыр.

Кызарып күндүн батканы
Ойлобойм сенден башканы.
Жүргөн кезде жылкы айдап,
Жароокер сага атакең –
Укмуштуу жорук баштады.

Бербейм! - деп, сени мендейге,
Бердирип кабар тескейге.
Санжы баатыр келсин!-деп,
Колуктусун көрсүн - деп,
Айлымдан чыккан тентек бар
Чуу чыгарбай жеңсин - деп.

Жумаштын сөзүн угат. Күлөйүн дейт суук кабар жүрөгүн кысат. Дагынкысын дагы көрөрбүз деген ой менен Жумашка айтып турган сөзү:

Карып калган кезинде
Ата-эне сүйлөйт жаңылып,
Сыйлаган болот улууну -
Кичүүсү койсо багынып.
Кашында бир аз болбосо -
Калышаар жаман сагынып,
Кечке жуук барса жайлоого
Сагынган атам сендейди
Чаптырса адам баатырга
Бермекчи ага мендейди.
Кырктан ашып калганда
Он алтыда мен бейбак,
Керек болсо бербейби.

Күдүрдүн башы кар экен
Чубама жалгыз жар бекен
Бирге отуруп сырдашсак,
Биздейге убак тар бекен!» - деп, тамашага чалат. Рангүлдүн сөзүнө таарынган Жумаш кетейин дейт, кете албай, кетпейин- дейт намызданат.

Кичинеден бирге өскөн
Теңтуш-курбум аманбы,
Башка иш түшсө жан берген,
Жазбаган атса жаш мерген -
Кайрылып айтпай саламды.
Тымызын  сактап калыпсың,
Жакшылык элге кылбаган,
Жатып ичер атаңды -
Жүрөккө такыр сыйбаган
Кордуктап келсем жабыгып,
Жазбадың менин капамды,
Таарыныч кылып кеп айтып,
Сөздөрүн тандап төп айтып,
Кызды сынап турганда -
Атасынын жоругун
Түгөл чачпай бүт айтып,
Туйгунум!– деп, кучактап,
Өзүмдөн кымбат атамды
Койдуң дебей ушактап,
Көз жашын төкпөй көлдөтүп,
Ыйлап алды бышактап…

Арадан көп күн өтөт. «Күйөө келет!» - деген кабар айылга чагылгандай тез тарайт. Алымбай бай тойго камынып, кыз-келиндер кызды жандап, ырчы-чоорчулар: - Күйөө келе элек,сагындык - деп мактап. Айыл конок камын көрүүдө.

Жайдын толук күнүндө,
Саратан айдын түнүндө,
Ичинен сызат Рангүл -
Жеталбай сүйгөн кишиге.
Көңүлү айнып окшуса,
Аш барбай, ичке кичине
Уйкусуз таңды атырган.
Берилип жалгыз сүйүүгө
Жүргөн кезде чабарман
Сүйүнчү айтып сүйүнө
Ат оозун бура тарткан дейт.
Алымбай байдын үйүнө.
Көп узабай кадырман -
Бастырган баатыр келиптир.
Бай колунан сунулуп.

Анжияндын чоң чыны
Толтура кымыз бериптир,
Баатырдыгын билгизип,
Өзүн эл оозуна киргизип,
Таштайын деген ой менен
Жалпы урук-тууганга
Кымбат баалуу ичиктен
Бешөөнө бешти кийгизип,
Айылда той уланып,
Жатканда күйөө кубанып,
Жайлоодон түшүп келиптир,
Жаш мерген өңү кубарып,
Куру кол кайтып биринчи
Бүркөлсө булут куралып,
Багып, ишти угуптур -
Кой кайтарган койчудан.
Жаш мергендин айлында
Жанындай көргөн эркеси
Мергенден келсе кашында
Жароокер эле жеңеси
Актаңдай деген бар эле.
Улуу атасы Кубандын
Жактырып алган жары эле.
Чыкырып алып кашына -
Сурап турган жери бул:
Көңүлүң бурбай ашына
Кыйналып айткан кеби бул:
Асылкеч жеңем аманбы:
Мен ачам сага капамды.
Кайни менен жеңеси -
Сырдаш болсо жаманбы.
Рангүл жайын билерсиң,
Жашырып айтпа жалганды
Жаман көрөм башынан
Жалган айткан адамды
Кыз көңүлү бар болсо,
Күйөөлөп келген баатырга
Зордук менен баратса,
Чатакты баштайм азыр да.
Намызымды бербесмин
Күйөөлөп келген баатырга.

Астында минген карагер
Аялуу байдын күлүгү.

Жакамдагы сыр бараң
Атамдан калган куралы.
Ачууланбай кое тур,
Сөздүн башын кеңешип,
Улуулардан угалы.

Баатыр жеңил жоо эмес,
Аскалуу жансыз зоо эмес.
Акылдашып эл менен -
Анан аттын башын буралы.
Деген сөзү жеңенин -
Жумашка тийди бычактай.
Сыр бараңды колго алып,
Атына минди кучактай.
Рангүлгө кабар айт:
«Чоң бурчуктан күтөмүн» -
Чоочубасын эч качан.
Мен-менсинген баатырга
Капысынан тийемин.
Алар жүздөй, мен жалгыз
Жетише албай баратсам,
Сыр бараңды октоймун.
Оозуна барып «Буктурма»
Бурулушка токтоймун.
Алтын башым барында
Рангүлдөй сулууну -
Баатырга берип койбоймун.
Калаага белги берсин де,
«Чоң бурчуктун кыясы,
Илгери бүркүттөрдүн уясы» -
Ошол жерге келсин де.
Эгерде тилим албаса,
Жаңжалды чындап көрсүн де.

Кайнинин сөзүн кыя албай,
Мончоктоп агып тунук суу -
Көзүндө токтоп тура албай,
Болгон киймин кийинип,
Өзгөчө сулуу Актаңдай
Жөнөп калды өргөөгө.
Кыз-күйөөнүн үйүдүр
Серпилип эшик ачылып,
Көрүнбөй жаткан жашынып
Рангүл турган көшөгө.

Бир ачылып жабылып
Эчкирип ыйлап жиберди.
Жеңени турган сагынып,
Жүрөгүң «шаңдуу» сокпостур
Кыйнала турса багынып.

Оо, чырагым, сөзүм бар:
Атайлап сага айттырган
Кайним келди жайлоодон.
Кубалап кийик бастырган
Өчөшкөнсүп куткарбас,
Белгилүү сыры ант урган
Чоң бурчуктан күтөм дейт,
Кыз-күйөө жол тартканда
Капысынан тийем – дейт.
Капарсыз бара жатканда
Баратсам эгер жеңилип,
Буктурмага качсын - дейт.
Душманга такыр көргөзбөс
Чоң үңкүргө жатсын, - дейт.
Бөтөн адам көрүнсө,
Жолотпой жакын атсын, - дейт.
Эгер айла болбосо,
Ушул канжар жүрөккө
Таамайлап туруп малгын,-дейт.
Айтканымды кылбаса,
Кеңешимди укпаса,
Карарып таштай катсын,-дейт.

Тырмактайдан бирге өскөн,
Теңтуштун кеби эсинде.
Атайлашты кыз-күйөө
Күн салкында кечинде
Эчтекеден капарсыз -
Чоң бурчукка жакындап,
Жүздөй адам жанында.
Баатыр Санжы кашында
Бастырып келген кезинде
Сыр бараң үнү чыгыптыр.
Ок артынан атылып,
Баатыр минип келаткан -
Атактуу жорго Акжал мал,
Аргасыз тизе бүгүптүр.

Чакчелекей, будуң-чаң -
Баатырдын сынып акырек.
Ичинен жүрүп кочкул кан
Чаң-тополоң кезинде –
Ат башын буруп Рангүл
Жоргого камчы салгандыр.
Асылкеч мерген абайлап,
Ат тизгинин алгандыр.
Барчу жолун көрсөтүп
Атты аябай тердетип,
Жабыла чуркап алдыга
Сыр бараң сунуп «шерденген»
Аткан ок жаза кетпеген.
Жакындап келген адамы -
Шам чырактай жалп деген.

Чабарман кетип чыркырап,
Алымбай байдын айлына
«Кол салды!-деп, калың жоо:
Калганбыз качан каарына -
Жоокерлер мол келсин де,
Ардактуу менин кайнатам
Өз элинен кол курап
Кызын таап берсин де.
Жумаш – деп кабар берилип,
Жылкычы, койчу, уйчулар -
Ичтеринен сүйүнүп,
Ардактап баккан ата-эне
Алымбайдай байлардын -
Кабактары түйүлүп,
Күнү-түнү уйкусуз
Тоо-тоолорду кыдырып,
Ошол борчук башында
Рангүл Жумаш кашында
Баш кошкон дейт түбөлүк…

Калың жоо байкап кадамын
Далай атыш болуптур.
Берген дейт мерген азабын,
Жоо түрүн байкап көрмөккө
Кыраңга чыгып караган -
Коргошун уюп жүрөккө,
Рангүл чөпкө сулаган.
Көзүнүн жашы көл болуп,

Түшпөскө тирүү ант берген
Кыз сөөгүн байлап өзүнө
Кичинекей тектирге -
Көрүнүп элдин көзүнө
Аз калганда жалгыз ок
Мергенге барып кадалган:
**«Жумаш учуп өлчү!» - деп,**
Ошондон бери аталган.

## 2.Айгүл кыз менен Козулан баатыр

**Айтуучу:** Ташбүбү Карим кызы, 82 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.
**Жазып келген:**Манасова Бермет. 488-дептер. 1999-жыл.

Ай периште кыз бекен,
Айгүлүм өзү: Сиз бекен.
Күн периште кыз бекен,
Күлгүн өзү: Сиз бекен.

Айланып учкан жагалмай,
Айтаарга сөзүм табалбайм.
Күңгөйдөн учкан жагалмай,
Кантерге сөзүм табалбайм.
Багыңа кирип баралбай,
Кол жеткис болдуң аралдай.

Айгүлүм айтып сөзүмдү
Караймын күлгүн көзүңдү.
Кулпурган куштай кезиңди,
Гүлгө теңейли өзүңдү -
Сап сары гүл сайда экен,
Сагынган гүлүм мында экен.
Күн тийбес гүлүм кайда экен.
Күттүргөн гүлүм мында экен.

Арманым болбос айтаарга,
Ардагым сөзүм кайтарба.
Күйгөнүм болбос айтаарга,
Баатырдын сөзүн кайтарба.

Сүйгөн гүлүң колдо экен,
Күткөнүң дайым жолдо экен.
Айгүлүм айтчы не дейин -
Аттанып жоого жөнөйүн.
Бекем шартка көнөйүн -
Беттешип жоого жөнөйүн.

Кылычты белден чечпейин,
Убайым тартып кетпейин.
Жолуңдан кыя өтпөйүн -
Белимден кылыч чечпейин
Бекерге күйүп өтпөйүн.
Ашыктык дартка чалынып,
Айгүлүм Сизге кабылдым.
Ак барча куштай асылдым,
Айгүлүм Сизге жалындым.

Өзүмдү койдум жоготуп,
Өңүмбү азыр табылдың.
Акылым жетип жүрчү элем,
Ак туйгун куштай асындым.
Айгүлүм Сизге кабылдым,
Айланып азыр табылдың.
Сөзүңдөн күмүш чубурган
Жан экенсиң кубулган.

Кебиңден дилде чубурган,
Келишкен жансыз кубулган.
Үнүңдү азыр угайын -
Өзүмдү жыйып турайын.
Ал кулум десе кудайым
Чүрбү атаңдан сурайын –

деп, Козулан баатыр Айгүл кыздан жооп күтөт. Ошондо назданган сулуу минтип ырдап турду дейт:

Жолборстун сүрү Сизде экен,
Жароокер наздык бизде экен.
Арстан сүрү Сизде экен,
Ай чырайы бизде экен.

Алтындан ээр чаптырып,
Айталбай жүргөн жактырып,
Күмүштөн ээр чаптырып,
Күтүп да жүргөн жактырып.

Кырк нөөкөр болду эрмегим,
Күттүрүп жүрүп келбедиң.
Ай тийген багым эрмегим -
Айттырып басып келбедиң.
Сүйбөсмүн десем сүйдүрдүң,
Жасыксыз отко күйдүрдүң.
Барбайын десем бардырдың,

Ай жамал өңдөн аздырдың.

Жигитке айтуу кыйынбы,
Көрбөдүң менин сыйымды.
Баатырга келүү кыйынбы,
Бербедим жоолук сыйымды.

Паяндоз[1] төшөп күтмөкмүн,
Каныша тактан түшмөкмүн.
Чачыла төшөп күтмөкмүн,
Перизат тактан түшмөкмүн.

Кыр-кырдын башы жашыл чөп,
Кырк жылы күтсөм арман жок.
Тамыңдын башы жашыл чөп,
Так жүрүп өтсөм арман жок.

Кыз башым менен айтаарым -
Ашыктык берчи кайтарып,
Жигиттин сөзүн айтаарым -
Сүйсөң бир берчи кайтарып.

Айыкпас дартка калбайын,
Гүлүмдү Сизге арнайын.
Кейиштүү дартка калбайын,
Жүрөктү Сизге арнайын.
Көңүлгө кирди салбайын,
Антымды бекем кармайын.
Жоо колуна салбайын -
Жеңгичең сөзүн кармайын.

Таарындым көңүл албагын
Айгүлүң сенин ардагың.
Ардактап койдум ардагым -
Душманга жалгыз барбагын.
Кытайдан келген кырк кербен,
Айгүлүң күтөт бул жерден.
Алайдан келет кырк кербен,
Ай, жылдап күтөт бул жерден.

Мончоктун тандап агынан,
Сарсанаа болуп сагынган.

Атамдын булбул багынан,
Жол карап түндө сагынам.

Ашыгым келээр, күн келээр
Айгүлүң минтип гүл берээр.
Толкутуп жеңил күн келээр
Толкутуп кыздар гүл берээр.

Ак шумкар келер айланып,
Ат күлүк турар байланып,
Көк шумкар келер айланып,
Кырк чороң турар шайланып.

Душманды койбой козгогун
Гүлсана баатыр колдосун.
Кудайым өзү жолдосун.
Аман барып, жеңил кел -
Жамандык бирге болбосун.
Сүйгөнүм сени күтөмүн,
Жалыным өчпөйт, түтөмүн.

Баатыр Айгүл кыздын назданган сулуулугуна суктанган экен. Нөөкөр кыздар селкинчек тебишип, ырдашат, бийлешет. Жүздөрүндө күлкү ойноп, ашыктарга гүл чачышат. Селкинчекте экөө тең ашыктык нуру болуп төгүлүшөт,ыры болуп жаңырышат.

**Козулан баатыр минтип ырдайт:**

Бадаңзар кушу гүлдөсө,
Байрабай сулуу мен десе.
Даңгыңа жигит сүрдөсө,
Жар кыдырып билбесе -
Баатырга өмүр кызыкпы?

Өрүкзар тегиз гүлдөсө,
Өзүңдөй сулуу күйбөсө,
Гүл тергени келбесе -
Тагдырга сени бербесе,
Жөө жүргөнүм кызыкпы?

Карылар кетсе, жаш калат,
Кадырын салган кур калат.
Каркыра муңдуу үн салат,
Угулбай келет бир канат
Ушинтип өтсөк кызыкпы?

Мүнүшкөр кушу колдо экен,
Ашыгың дайым жолдо экен.

Тапкан жары ойдо экен -
Баатырың дайым жолдо экен,
Алдыңда турам кечиргин.

Кийиктер жайы зоодо экен,
Баатырдын үйү жолдо экен.
Мингени тулпар жорго экен,
Коргогону ордо экен -
Күнөөмдү анан кечиргин.

**Анда Айгүл кыз минтип жооп берет***:*
Түн кыдыраткөз менен,
Түңүлбөс жүргөн өзү экен.
Ай караган көз экен,
Айтаарга жалгыз сөз экен
Дабасын таптың ашыгым.

Бул күндөр бизге аз экен,
Теңиңди тапсаң сөз экен.
Гүлдөсө өмүр жаз экен -
Адамга бул да аз экен,
Дабасын таптың ашыгым.

## 3.Карыя эненин айтканы

Бул дастан соңку мезгилге байланыштуу айтылган. Негизинен, карыя адамдын жеке көз карашы катары берилген.

**Айтуучу:** Касымалиева Батый - апа,70 жашта, уруусу – калмак. Ысык-Ата району, Карагай-Булак айылы. 1999-жыл.

**Жазып келгендер**: Айтбаева Шайлоо (практиканын жетекчиси), практикант Баякеева Назгүл. 482-дептер.

Бир жак чети кыргыздын -
Иномарка мингени.
Көңүлдөрү шарактап,
Дубленка кийгени.
Бир жак чети кыргыздын -
Күйгүзүп күнгө кактады.
Курсагы тойбой темселеп,
Өз элине батпады.
Бир жак чети кыргыздын -
Жөө басып жолду таштады.
Өз курсагы тойгон соң,
Чет жактагы айылды -

Кароосуз кылып таштады.
Бир жак чети кыргыздын -
Топондой кылып тепседи.
Каяша айткан кишини -
Элинен кууп жектеди.
Бир жак чети кыргыздын -
Шатыра-шатман той берет.
Кошоматка чуркашып,
Токуму менен ат келет.
Бир жак чети кыргыздын -
Четтен келген помошту[2] -
Басып жатат кучактап,
Айылдагы шордуулар -
Көзүнүн жашы бурчактап.
Бир жак чети кыргыздын -
Жорго таптап ат минет.
Айылдагы шордуулар -
Курсагы тойбой ач жүрөт.
Налогдору күчөдү,
Болуштун оту түтөдү.
Ушинтип жатып калкыбыз -
Эл тукумун үзөбү?
Ак үйдөгү жигиттер,
Ойлонгула аябай –
Калк эзилип бaратат…
Турмушуна карабай.
Ак үйдөгү жигиттер -
Түлкүдөй иштейт баарысы.
Кай жерден акча чыгат деп,
Жашы менен карысы
Шеги чыкса акчанын -
Мышыктай басып жыгылат.
Комиссия текшерсе –
Ар жерге барып тыгылат.
Карга менен кузгунду[3]
Ылгабай кенен таштады.
Карга менен кузгундар -
Эркинче чокуй баштады.
Жатып алып жегенди
Чачып жаткан ал союз.
Бир семья сыяктуу -
Багып жаткан ал союз?
Балдарыбыз окубай,
Санаабыз санга бөлүндү.

Уктап жатсам түшүмө -
Жаркырап союз көрүндү.
Окуу, окуу дейсиңер -
Окууга кантип барабыз,
Төлөй турган акчаны -
Аны кайдан алабыз?
Эки аяктуу карышкыр[4],
Тоноп бүттү айылды.
Милийцага барсак да,
Чыкпайт анын дайыны.
Карышкыр менен бөрүнү5
Атууга мерген чыкпады.
Каягына барсаң да –
Дартыңды эч ким укпады.
Чыдабай барсаң доктурга,
Акчаң барбы деп сурайт.
Акчаң болсо колуңда -
Врач карайт көңүлдүү.
Кагылайын туугандар,
Бул айтканым төгүнбү?
Чек араны талтайтып,
Кенен ачып таштады.
Бөлөк элдин баарысы,
Тебелеп-тепсей баштады.
Эгемендүү заманым -
Кандай жорук баштадың?...
Шордууларды ыйлатып,
Тепсендиге таштадың.
Көчөдөгү мусурлар -
Сасып турат буркурап.
Бишкекке барсаң бастырбайт,
Кайырчылар чуркурап,
Ак жоолугун салынып,
Бүбү, бакшы андан көп.
Башкалары бүткөнсүп,
Келишиптир баары төп.
Эл кийгенди кийем деп,
Кызы кыйнайт энесин.
Тартибинен бузулуп,
Сатып ийди денесин.
Айланайын калайык -
Ушундай жорук бар беле?
Жаштарыбыз кайышып,
Турмушуна зар беле.

Союздун окуу булагы -
Күн-түнү өчпөс чырагы.
Балдарыбыз окубай,
Көчөдө калган убагы.
Ак үйдөгү жигиттер -
Күндө жыйын, күндө той -
Салгылашып айтышып,
Сөздөрүндө дайын жок.
Алтындай болгон союзум
Тартибиңди сагындык.
Ээн калдык жалдырап,
Мына ушуга таарындык.
Ак үйдөгү жигиттер –
Кабаттап үйдү салдырып,
Чет элден уста алдырып,
Чөнтөктөрү толтура -
Беттери кызыл албырып.
Денеси толук сепсемиз,
Дүнүйөсү тептегиз.
Короодо коюу бүт эгиз,
Асманга чыкты наркыбыз,
Эзилип турат калкыбыз.
Эгемендүү болдук деп,
Ар түрдүү болду салтыбыз.
Көнүп калдык бекерге -
Жалкоолор дагы күчөдү.
Бекерпоздор көп болуп,
Арактын оту түтөдү…
Арактын оту жагынан
Айыкпай оору кабылдап,
Көрүнө албай врачка
Шордуулар мында зар ыйлап,
Барбасак да доктурга,
Ренгенге тартчу эле.
Жыйып алып баарысын
Тартып алып кайтчу эле.
Атаңдын көрү союзум -
Кайрылып кайра келбейт ко,
Ширелүү суусун бербейт ко.
Дартыңды угаар эч ким жок,
Ушундай суук көрүндүк,
Ит талаган теридей,
Дал-далынан бөлүндүк.
Бөлөк динге кирди деп,

Гезиттен окуп жатабыз,
Ошондой ишке кептелбей,
Кетсек деп кыйын жатабыз.
Экранда ар түрдүү -
Сөздөрдү угуп жатабыз.
Ким билет качан оңолот,
Мына ушуга капабыз.
Иттин этин жеди деп,
Муну да угуп жатабыз.
Эгемендүү заманда -
Эшектин этин жеди дейт,
Мына ушуга капабыз…
Кишини киши жеди деп,
Гезиттен окуп жатабыз.
Карышкыр болуп калганбы
Же бул айтылгандар жалганбы?
Тынччылык эле болсо экен,
Тескери динди койсо экен.
Ушул ишке киришип,
Жым-жым кылып койсо экен.
Тескери динди жоюуга
Алыңар эмне жетпейби?
Катуулап баары киришсе,
Быт-чытынан кетпейби.
Ак үйдөгү жигиттер,
Ойлонгула, шашкыла!
Бөлөк динди күчөтпөй,
Жик-жигинен баскыла.
Эгер диндер күч алса,
Баарыңа тиет зыяны.
Ойлонгула, жигиттер!
Күч алып турган убагы –
Душманга төшүң ачпагын,
Үй салууга шашпагын.
Жетесиңер баарына -
Помощ келээр даарыга,
Азаматтар Ак Үйдө.
Ырыс алды ынтымак,
Ынтымактуу болгула.
Салгылашып, айтышпай -
Аныңарды койгула.
Эмне жетпейт силерге:
Даяр кийим кийерге,
Токулуу ат минерге,

Иномарка миндиңер -
Кооздоп кийим кийдиңер.
Салгылашып айтышып,
Мушташканга кирдиңер.
Ак Үйдөгү жигиттер -
Мушташканды койгула!
Салгылашып айтышпай,
Депутатты жойгула!
Ал союздун доорунда,
Тентиген адам жок эле.
Каалаган жерде иштешип,
Айлыктары мол эле.
Декретке чыкканга -
Тутамдап акча берчү эле.
«Роддомго жүргүн» - деп,
Скорую келчү эле.
Топ-топ болуп студент -
Кара бакта жүрчү эле,
Сабактарын даярдап.
Эркинче ойноп күлчү эле.
Алардын азыр бири жок,
Оңолор заман түрү жок.
Отургучтар бош калды,
Ичинин баары таштанды.
Балапан кезде эзилип,
Согушка дуушар келгенбиз.
Айлыгы жок, соко айдап -
Күчүбүздү бергенбиз.
Эгемендүү замандын -
Жайганы темир тор болду.
Пенсияга акыйып –
Карылар кыйын кор болду...
Арбын болсо пенсияң -
Келиниң карайт көңүлдүү.

Кагылайын туугандар,
Бул айтканым төгүнбү?
Карылык каршы келгенде
Бул турмушка кептелдик.
Эгемендүү заманда -
Бөрүлөргө тепселдик.
Айланып элди карайбыз,
Турмуштан кыйын тажайбыз.
Кудуретим тил алса -

«Кетсек! – деп, алга карайлы,
Үмүт менен кыргызым –
Тилек кылып самайлы!..

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр**.

1. Паяндос- жерге салынуучу төшөк, көлдөлөң.
2. Помошту- жардамды.
3. «Карга» менен «кузгунду»- тарп аңдыган, коомдук мүлккө суук колун салган жегичтер жөнүндө өтмө мааниде сөз болууда.
4. «Карышкыр»- эл ырыскысын талашкан жегич жетекчи маанисинде.
5. «Бөрүнү»- карышкырды.Жогоркудай эле өтмө мааниде айтылууда.

# Ү БӨЛҮМ

# Санжыралар

## 1.ТОГУЗ-БУЛАК УЧАСТКАСЫНДАГЫ УРУУЛАРДЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

**Айтуучу:**Мусаев Кудайберген, 1903-жылы туулган.Лейлек району, Исфана колхозу, № 8 бригада.

**Жазып алган:** Райымбердиев А. №349–дептер.

Мында үч уруу калк жашайт. Исфана - өзбек калкы, кыргыз-байгесек калкы, Сибирги-калкы. Кыргыз-байгесек уруусу 12 уруктан турат. Башында Тогуз-Булак сельсовети болуп аталган. Кара-Булакта жашаган эли - мөөжөт. Кыштактын аты -Тогуз-Булак, жашаган эли Бөлөк-Сары. Ак-Бийке кыштагында жашаган эли - Сарсан, Кызыл-Аяк эки урук бирге жашайт. Чимкент кыштагында жашаган эл - Калдар. Ушул уруктун баары Байгесек уруусуна карайт. Жогорку беш урук ушул аймакта жашашат. Жети урук башка жактарда жашайт. Сүлүктүдө, Кулундуда, Лейлекте ж.б. жактарда жашашат. Исфанада көбүнчө өзбек калкы жашашат. Башта бул жер орус элине караган. Бул элдер бир убакта келип туруп калган. Алар ар кандай улуттардан отурукташкан**.**

Келишинин себеби: ошол убакта кытай элинде латынч[1] болуп турган. Ошондо турган элдер ушул жерге келип отурукташкан. Бөлөк-Сары, Калдар, Мөөжөт үчөө бир энеден болгон. Тогуз-Булак, Чимкент баштагы аты (Шор-Булак) үчөөндө туруктуу отурукташып калышкан. Ошол убакта Кызыл-Аяк, Сарсан экөө бир жерден, бул жерге Николай падышанын убагында келип отурукташкан. Айдоо жерлери жана суу деген да болгон эмес. Эл келип жашагандан кийин айдоо айдап, эгин эге баштаган. Суу жок болгондуктан анычыгарууөтөкыйын болгон, 4-5 жылдан кийин суу чыгарып, жер

айдашкан. Биринчи жолу суу чыгарган киши Байыке деген болгон. Ошондон кийин үй салып, отурукташкан. Анжияндан Байназар Кожо келип үй салган. Башта камыш басып жаткан Тогуз-Булакка бак тигип, үй салып, жер айдап оңоло баштаган.

## 2.БЕШ БАЛА ЖӨНҮНДӨ БАЯН

**Айтуучу:** Урмамбетов Жакшылык, 70 жашта. Ысык-Көл облусу, Тоң району, Большевик айылы.

**Жазып алган:** Төлөмүш кызы Айжамал. 1994-жыл.№60-дептер.

Бабабыз Орозбактын беш уулунун бири-Мурзакул. Мырзанын Алсейит, Тынымсейит деген эки уулу болот. Тынымсейиттен - Кабели, Шалтак, Мортук. Кабелисинен - Токтомуш менен Отордун тукумдары тарайт. Анда эмесе ушул экөөнүн тукумдарын чечмелейли.

Байыркы жортуулчулук заманда Токтомуш тың чыгып, өз уруусуна башчы болуп, айылын калмактардын басып кирүүсүнөн коргоп, эл көзүнө көрүнөт. Өз тукумун көбөйтүү максатында көп аял алган экен. «Кабелинин балдары карды тойсо эле катын издейт» - деген тамаша сөз ошондон калган дешет. Дурбук, Үсөнай, Буурчак деген үч аялынын үстүнө коңшулаш калмак айылына жортуулга барып, Мейизкан аттуу калмак кызын колго түшүрөт да нике кыйдырып, аны төртүнчү аялдыкка алат.

Арадан көп жыл өттүбү, аз жыл өттүбү, кантсе да калмактардан элчи кишилер келип, мындан ары жоолошпоого Токтомуш менен макулдашат. Аларга ишенген Токтомуш төркүлөтүп келгиниң деп, кичи токолу Мейизканга иниси Оторду кошуп, калмактарга жиберет. Арадан бир жыл өтөт. Бирок кыздын төркүндөрү Мейизканды жибербейт. Отор кайрадан барса, калмактар төмөнкүдөй салык салат. Токтомуш кызыбызга калың бере элек. Аялын алгысы келсе Акжол деген күчүгү жана Ак ийин деген бүркүтү бар, ошол экөөнү тартууга алып келип, колуктусун алсын дешет.

Муну уккан Кебелинин айылындагы билермандар кеңешип Акжол күчүктү, Ак ийин бүркүттү берип, жанына жигитти кошуп берип, Оторду кийинки жолу Мейизканга аттандырат. Калмактар тартууга келген бүркүттү жана күчүктү алып барган эки жигитти кайра жиберет.

Токтомушка айтып баргыла:«Мейизкандын себин бүтө элекпиз. Жакында бүтүп, кайниси Оторго кошуп жеткирип беребиз. Ага чейин Отор куда биздин айылда эле жеңесинин жанында болсун”-деп айттырат.

Токтомуш бир ай күтөбү, эки ай күтөбү, бирок иниси менен аялынан кабар болбогон соң жигиттерин курап, калмактардын айлына барса, алар Нарын бетинен эчак эле ооп, Кытай чек арасынан дагы арылап кеткен болот. Калмактарга алдатып, аялы жана жалгыз бир боорлошу Отордон дагы ажыраганына ошондо гана түшүнөт.

## 3.ТОКТОМУШ УРУУСУ ЖӨНҮНДӨ

**Айтуучу:** Жакшылык Урмамбетов, 70 жашта. Ысык-Көл облусу, Тоң району, Большевик айылы.

**Жазып алган:** Төлөмүш кызы Айжамал. 1994-жыл.№60-дептер.

Токтомуш жогоруда сөз кылган Дурбук, Үсөнай жана Буурчак деген аялдарынан көп уул-кыздуу болуп, алтымыштарында дүйнөдөн кайтат. “Күнүлөрдүн күлү жоо” дегендей, эри көз жумгандан кийин улуу эки аялы- Дурбук менен Үсөнай кичүүсү Буурчакка

Токтомуштан калган мал-мүлктөн эч нерсе бербей койгон соң, Буурчак эне эң улуусу он бештеги, эң кичүүсү экидеги алты баласын ээрчитип, энчисине араң тийген сарала бээге алачыгын артып, жай мезгилдеринде күндөп-түндөп жол арытып, Анжиянда жашаган Жедигер элиндеги өз төркүндөрүнө эптеп жетет. Төркүндөрү кызы Буурчак менен жээндерине ар тараптан жардам берип турушат. Таякелери менен бирге жайлап, бирге кышташат. Күндөрдүн биринде шерине бергендер аягына чыгып, кезек Буурчактын балдарына да келет. Буурчактын агалары:

- Карындаш, сен кыйналба, шеринени биз менен иче бер. Балдарыңды бак. Сенден тамагыбызды доолабайбыз,-дешет. Бирок Буурчак анын тестиер балдары шеринеге катуу даярданышат. Бозону ороого көөмп ачытып, качан гана жетилгенде бүт таякелерин, кошуналарын чакырып, семиз жалгыз сарала бээсин союшат. Кордолгон бозодон аябай ичип, жакшы сыйлашат. Ушундан баштап Жедигерлер жээндерин катарга кошуп, өздөрүнө жакындатат.

Биз жогоруда Буурчак эненин алты баласы болгон дебедикпи. Алар:Мамат, Маркабай, Сатыке, Сарткозу, Жалгамыш, Дүйшөгул. Таякелери конокко чакырганда ортончусу Жалгамыш үйүндө калып же ойноп кетип, көп барчу эмес экен. Ал чыр жана тентек өсүптүр. Ошондуктан жээндери бирден эле жүргөндүктөн таякелери бешөөн тең эле бирге "беш бала" деп, бирден чакырып жүрбөй Бешбала аталып кетет.

Алты уулдун ичинен Дүйшөгул атасы Токтомушту тартып, кайраттуу, акылдуу жана балбан болуп өсөт. Ошол жедигер элинде, таякелеринде жүргөндө эле балбанга, ээр оодарышка түшүп, көзгө көрүнөт. Күндөрдүн биринде чоң аш берилип, эр сайыш болот. Жедигердин ичинде жашаган даңкы бийик казак балбанга эч адам чыкпай коет. Ошондо 23кө толгон Дүйшөгул таякелеринен бата сурайт. Жедигер бир тобу:

-Бул жигит казактан өлөйүн деп калган окшойт-дешсе, көпчүлүк Жедигер чурулдап ак батасын берет. Эки балбан эки-үч сапар беттешип өтүшөт. Казактын оңой балбан эместигине көзү жеткен Дүйшөгул төртүнчү ирет беттешүүдө.

-Ой-бай, казагым жалгыз мага экөөң чыгасыңбы деп кыйкырат. Казак балбан оюн бузулбасын деп, артын жалт карай бергенден пайдаланып, Дүйшөгул сайып түшүрөт. Ошондо ашка келген калың эл:

-Казак балбанды сайып түшүргөн жаш бала кайсы элден?-деп сурайт. Мурдатан беш бала деп көнүп калган таякелери аны:

-Бешбаладан! –деп жар салат. Ушундан баштап Буурчак энеден төрөлгөн алты бала тентип жүрүп эр жетилип, атасы Токтомуштун аты айтылбай таякелери атаган «Бешбала тукуму» деп аталып калат. Дүйшөгул баатыр атанып, алты бир тууган бүт үйлөнүп-жайланып, кайрадан өз жерине Нарын бетине көчүп келет. Андагы Тынымсейиттин жакшылары жаңы туугандарга Орто-Нура деген жерден конуш беришет. Ал жерге көчүп келип, аталаш туугандары Дурбук менен Үсөнайдын балдарын таап алат. Алар да 20-30 түтүнгө жетип калган кези болот. Бул эки эненин балдары да жетим жүрүп жетилгендиктен энелеринин атын атабастан жаңы туугандарына айрыкча Дүйшөгулга кошулуп, ыгымдаш-чыгымдаш болушат. "Урууң ким?» - дегенде "Бешбаладанбыз" деп жүрүп, Токтомуштун бул балдары да Бешбала аталып кетет. Кийинчерээк Тынымсейиттин Шалтак аттуу уулунун тукумдары менен тууган жеринде чатакташа кетип, Бешбаланын тукумдары Нарын бетинен Ысык-Көлгө көчүп келишет. Анда эмесе,

Көлдөгү Бешбаланын тукумдарынын т.а. Токтомуштун таралыш жагдайында сөз учугун чубайлы. Буурчак эненин 6 уулунун бири-Мамат. Маматтан - Кары, Карыдан -Эсенгул, Кийикбай, Кыштакбай, Бокчу, Кыргол ж.б. Экинчи уулу-Меркебай. Меркебайдан-Жумабай, Байыш, Талапмамбет, Бакир ж.б. Үчүнчү уулунан - Сатыке, Сатыкеден - Мурзабай. Төртүнчүсү-Жалгамыш, Жалгамыштан-Мамбет, Акмат, Чөл тарайт. Бешинчи уулу-Дүйшөгул баатыр. Андан-Айдарбек, Төлөн, Түлкү, Байтүгөл. Айдарбектен-Тынай, Бейше. Төлөндөн-Кудайменде, Какчы, Жанбала, Балбак ж.б. Түлкүдөн-Ыбырай, Турганбай, Байтүгөлдөн-Буржу, Өмүралы, Төрөгелди, Боогачы. Байсеркеден–Курман,Телтайдан-Стамбек, Төрөгелдиден-Бектен, Алишер, Бектемир. Боогачыдан-Дуулат, Саргымбай, Сарбан. Сарбандан-Узак, Өскөнбай, Дүйшө, Шабданбек. Токтомуштун Дурбук аттуу аялынан төрт уулу болот. Алар: Кайке, Карач, Карга, Чынкожо. Кайкеден-Такалы, Калчадан-Алыбай, Чыныбайдан-Байгазы, Батаалы ж.б. Чынкожодон-Байгол.

Токтомуштун Үсөнай деген аялынан 5 (беш) уул төрөлөт. Алар-Сарала, Булан, Куланбай, Абийир, Шоңко. Сараладан-Дүйшө. Буландан-Туума, Төрөгелди, Тынаалы. Бешбаланын тукумдарынын негизги (бөлүгү) айлыгы Ак-Сай, Көк-Сай, Туура-Суу айылдарында, Бөкөнбаевде, Түптүн Сары-Көлүндө, Жети-Өгүздүн Оргочорунда жашашат. Ушинтип, Токтомуштун үч аялынан төрөлгөн он беш баласынан тараган тукумдары биригип «Бешбаланын урпактарыбыз» -деп, келишкен экен.

## 4. ЧЕРИК БАЯНЫ

**Айтуучу:** Аралбаев Эсен, 62 жашта.

**Жазып алган:** Төлөмүш кызы Айжамал. №60 –дептер.

Жакшылыктын 3 уулу болуптур. Улуусу-Черикчи, ортончусу-Кожомберди, кичүүсү-Азарбек. Азарбек акылдуу, билектүү, адилеттүү эр жүрөк болгон экен. Ал элин далай тышкы душмандардан сактап турган.

Күндөрдүн биринде калмак жортуулчулары келип элине бүлүк салат. Азарбек өзү теңдеш эр жигиттерден кол курап калмак жортуулчуларын жеринен сүрүп чыгарып тим болбостон, аларды келген жагына жеткире кубалап, бир канча малын айдап астыга салып, бир кызын олжолоп келе берет. Жолдо карата кыздын өң-түсүн, акыл-эсин баамдап,өзүнө колукту кылып алайын деп ойлоп келет.

Ошол маалда Черикчинин байбичеси:

- Ой абышка,жата бербей аттанып тигил уулдун астынан чыксаң боло. Ал-абалын сурап, олжо ал десе, баш бейгеңди бер деп айт. Мен малга эмес, башка чукак эмесминби десең түшүнөөр–деп, күйөөсүн кайнисине жиберет. Ал эстүү, акылдуу, көрө билген көзү ачык аял болгон, согончогу канабайт. Черикчи тукум көрбөй жүргөн эле. Черикчи Азарбектин астынан чыгып олжосун сурайт да, кызды алат. Үйүнө алып келип, эртеси эле нике кыйдырат. Токолу ошол күндөн тартып козу кайтарып, кой артынан түшөт. Токолдун боюна бүтүп, байбичеси күн санап ичине жоолук таңып чоңойто берет. Бир күнү төрдө ийик ийрип олтурса токолу улагага бир ирооч алып келип таштайт. Башын өйдө көтөрүп, ал-эмне?-деп сураса токолу бурулбастан –улак деп жооп берет да сыртка чыгып кетет. Убагы келип калды эле, бул улак эмей эле бала болгой эле деп барып ороочту ачып жиберсе “бар” этип баланын ыйы чыгат. «Баканды кармашып, байбиче

төрөдү!»- болуп, элге кабар бердиртип, той өткөрөт. Азан чакыраарда байбиче күйөөсүнөжамандын айтканы келбесе да, сандырактаганы келет деп «Улак!» -деп ат койдургун дейт. Улак чоңоюп, бой жетип, түтүн булатып очор-бачар, 2балалуу болот. Андан: Эсенгул, Тарыхчы деген балдары болгон. Анын тукумдары азыркы Тоң районунун Ленин колхозунун бир бөлүгүн түзүп, 200 түтүнгө жакын эл жашап турат.

## 5. КЫРГЫЗ, КАЗАК БИР ТУУГАН

**Айтуучу:** Төрөбек уулу Өскөн. Талас областы, Манас району,
Кара-Ой айылы.
**Жазып келген:** Оторов С. №127-дептер.

Мухаммед 570-жылы туулган, 632-жылы дүйнөдөн кайткан. Мухаммед дүйнөдөн кайткандан кийин ордуна Осмон, Сыдык, Омор, Абубакир, Азирет Али деген адамдар бийликке келген. Ушул мезгилде ислам (мусулман) динин элдер тутушкан. Ушул динди Африканын түндүгүнө чейин тутушкан. Чыгыш элине ислам динин таратыш үчүн Кара деңиз жана Каспий деңиз аркылуу 50 кожону өткөзгөн. Ошондо түрк уруусунун тукуму болгон атасы да келген. Ал Кавказ тоолорунда жашаган. Ошол убактарга эл динге баш ийбей, дин таратуучуларга каршы көтөрүлүшкө чыгып турушкан. Ошол көтөрүлүштө Кавказ тоосунда кемпир-чал калып калышкан. Ал абышка абдан көзгө атаар мергенчи болгон. Үй-бүлөсүн мергенчилик менен багып жүрөт. Алардын жалгыз кызы болот. Ал чоңойуп атасынан да өткөн мергенчи болот. Карыган ата-энесин мергенчилик менен багат. Тоо-таштарда кадимки эркектей тың жүрөт. Кемпир-абышка жашаган тоонун жанындагы айылдан мергенчилер кызды көрүп, сөз кылып жүрүшөт. Мергенчилер өзүлөрүнүн бийи Мансурга айтышат. Бий мергенчилерге кармап келгиле дейт. Бирок кыз эч кимге алдырган да эмес, өзү да кармаган кишисин соо койгон эмес. Мансурдун айылынан чыккан мергенчилер кызды кармай албай көп убара болушат.Кыз эртең менен үңкүрдөн чыгып кетип бара жатканын көрүшөт. Мергенчилер үңкүргө киришсе карыган кемпир-абышка жаткан болот. Аларга учурашышып, ал жайын сурашат. Абышка өзүлөрүнүн дайнын айтышат. Мергенчилер алып кетели дешет, элге кошулгула, эл катары жашагыла, биз барып кошобуз деп убадаларын беришет. Кемпир-абышка макул болот. Мергенчилер кызын колго түшүрүп берүүнү сурашат ата-энесинен. Ата-энеси макул болуп, кызыбыз мергенден кечинде кайтат, ушул мезилде абдан чарчап келет уктайт, биз ошол убакта курал жарактарын бекем катып, анан силерге кабар берели дейт. Антпесе силерди майып кылып коет.

Кызы кечинде мергенден абдан чарчап кайтат. Үңкүргө келип, тырп этпей уйкуга кетет. Ушул убактан кыздын ата-энеси пайдаланып, курал- жарактарын бекем катып, мергенчилерге кабар берет. Мергенчилер куралсыз, алсыз жаткан кызды келип кармашат, айылга алып барышат. Мансур бий кызды токолдукка алат. Мансурдун үч баласы болгон биринчи аялынан, ал бул кыздан эгиз уулду болот. Биринчи аялынын кашы ак болгон себеби, кичинекейинде бешикте жатканда ак жылаан тууп кетет. Ошондуктан биринчи аялынын баласынын аты-Казак болот.Энесинин кашы ак болгондуктан “кашы ак” деген сөздөн “казак” делип кеткен. Кыргыздан алып келген кыздан эгиз уулду болот.Экөө тең окшош болгондуктан бири-биринен айырмалаш үчүн бирөөнө ак калпак, экинчисине кара калпак кийгизип коюшат. Мурунку убакта бай адамдар экиден көп аял алышкан, ошол себептен андан тараган балдар аялынын атынан аталып калышкан. Мансурдун биринчи

кашы ак аялынын баласы “Казак”, ал эми кырдан келген аялынын балдары “Кыргыз” аталып калышкан. Азыркы мезгилде “кыргыз, казак бир тууган” деген сөз бекеринен эмес. Кыргыз, казак бир атанын балдары болушкан: каны бир. Мансурдун эгиз балдарынын бири Ак калпагы абдан шок өсөт, чоңоюп кырк жигит жандап ары- бери өткөн элди тоноп, кошуна айылды чаап алып, элди бекер кыйнап жиберет. Ушул айылдын аксакалдары акыл айтып, «кой!» дешсе такыр моюн сунбай коет. Дагы эле элдин арасында тынч жүрбөй, шоктук кыла берет. Айылдын аксакалдары чогулуп келип кеңешишет: -бул баланы койдурбасак бизди уят кылат же болбосо өлтүрөбүз -дешет. Ак калпактын бир тууганы Кара калпакты да чакырышып, бул ишке сен да катышасың деп мажбурлашат. Кара калпак макул болот. Кечинде Ак калпакка барып болгон ишти болгондой айтып берет. Ак калпакты түн жамына үй жайыңды көчүрүп, 40 жигитиң менен кач дейт. Ак калпак макул болуп, түнү менен үй жайын көчүрүп, 40 чоросу менен качып жөнөйт. Жолдон көптөгөн кездешкен айылды деле чаап кете берет, дүнүйөсүнө дүнүйө кошулуп байып кетет. Эне-Сай суусун бойлой, Алтай, Саян тоолорунда баш калкалап туруп калышат. Ак калпак Ороз деген уулдуу болот. Ороздон он уул төрөлөт. Чыгыш эли Ороздун он уулунан тараган. Кыргыз эли Мансурдун Ак калпак уулунан таралган. Ошондуктан кыргыз эли ак калпактуу эл деп аталып калган.

Кара калпак элинен-кара калпак эли тараган. Ак калпак, Кара калпак, Кашы ак үчөө бир тууган, бир атанын балдары. Мына ушинтип биз кыргыз эли ушундайча тарыхта белгилүүбүз.

## 6.ЖАНБОЛОТ УРУУСУ КАЙДАН ТАРАГАН?

**Айтуучу:** Жусупбеков Шамшыбек, 1932-жылы туулган, кесиби –уста.
Бул уруунун таржымалын атасы Жусупбектен уккан.

**Жазып алган:** Султаналиева Таалайкүл. 2003-жыл. №2185-дептер.

Ак-Талааны жердеген Тоймат деген манап жашаган экен. Ал кезде колунда бар байлар ар тараптан куда күтүп, аял алышчу экен. Тоймат да үч аял алат. Үч аялын жайкысын үч жерге көчүрүп барып, ак өргөө көтөрүп берип, өзү айылчылап жүрө берет. Улуу байбичеси Коңурду Көк-Төбө аттуу жайлоого көчүрүп барат. Бул жайлоо жапжашыл болуп, төбөсү көк тиреген, чокусунан ак кар кетпеген, өзүнчө эле керемет жер. Ал эми ортончу аялынын аты Кенжеш, кичүүсүнүкү Жарач болгон экен.

Кичүү аялы өлүп, андан Жанболот, Чымынтай деген эки бала калат. Эки баланы Коңур колуна алат. Коңур байбиче өтө заар, тили ачуу, каардуу аял экен. Анын тили Жанболоттун сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетет. Ошентип, эки бала кордукту жаштайынан эле көп тартат. Тоймат: “Эй байбиче, көп эле балдарга тилиңди тийгизе бербесең, мобу Жанболоттун көзү тирүү. Чоңойсо бир ыза кылып койбосун” –деп Коңур байбичесине көп жолу эскертет. Кийин, Жанболот эр жеткенде, атасы Тоймат жылкычылар менен жүрө берсин, Коңурдун суук сөзүн укпай деп, Жанболотту жанына чакырып алып: “Ээ балам, эми сен эр жетип, ат жалын тартып минип, жигит болдуң, жылкылар менен жылкычыларга баш көз бол” – деп, жылкычыларына кошот. Жанболот жылкычылар менен жылкы кайтарып жүрө берет. Жыл сайын жаз мезгили келгенде, Соң-Көлгө эли – журту менен көчүп барып, көлдүн жээгине жайлашчу экен.

Кыш өтүп, жаз келип, эл жайлоого көчүп кетүүгө камына башташат. Тоймат малдарын айдатып, Соң–Көл тарапка көчүүгө камынат. Жанболот жылкычыларды барып кетирип жиберет. “Силер барып, эс ала бергиле, эртең менен жылкыларды өзүм айдап

барам» - дейт. Эртеси көч жөнөмөк болсо да, баягы Жанболот жок, жылкылары да жок. Бир убакта чоң шашке болгондо айдап келет. Тойматтын байбичеси Коңур минген аябай тапталган жорго тору аты бар экен. Ошону Жанболот токуп, минип алат. Жанболоттун мындай кылыгына жини келген өгөй энеси Коңур суук сөзүн агыта берет. “Карасаң тим эле хан болуп калгансып, кайкалап жоргону минип алган тура. Бул жакта биз көчкө камынып жатсак, бул жетим күн шашкеде айдап келет. Өлүгүңдү көрөйүн энесин жуткан куу жетим” – деп. Ансыз да жини кайнап турган Жанболот ушу куу кемпирдин уу сөзү өтүп кетти. Биротоло көзүнө көрүнбөй жоголоюнчу деп камчысы менен жонго бир салып, экиге бөлүп сындырып ыргытып ийип, атын теминип жөнөйт. Атасы Тоймат уулунун кеткенин билип “ай кемпир, мен сага көп жолу эскерттим эле, бир да жолу
сөзүмдү укпадың оңбогур, оңбогур” – деп ачууланат. Коңур байбиче өзүнүн күнөөсүн мойнуна алып, калат экен. Тоймат бир козуну сойдуруп, этин бышырып, чаначка кымыздан куйдуруп, уулунун аркасынан жөнөйт. Жанболот жолдо бир түп чоң арчанын түбүнө эс алайын, ат да өрүүдөн тердеп кетти деп көлөкөлөп, жамбаштап жатып калат. Тоймат жол менен уулунун артынан келатса, арчанын түбүндө уулу уктап жатат. Эки колду, эки бутту эки жакка таштап коюп, бейкапар коңурукту кош салып уйкунун кызуусуна кирип калыптыр. Тоймат “балам кызуу уйкуга кирип алыптыр, балким жакшы түш көрүп аткан чыгаар, ойготпой эле коеюнчу” – деп эт, кымызды ээрдин жанына коюп, камчысы жок эле – деп,жаңы камчыны чаначтын оозуна туура коюп, ойготпой кайра атына минип, үйүн көздөй жол тартат.

Жанболот ошо менен Кара-Көө деген ашууну ашып, түштүккө чейин ат менен барат. Түштүк тарапка өзүн өзү жар салып, шайлоо болгондо Жанболотту болуш кылып шайлагыла деп элге таратат. Ошол мезгилдерде айыл сайын түштүктө, Чүй тарапта, Кемин, Нарын тараптардан эл чогулуп, Орто – Токойдо же Кеминде жыйын болуп турчу экен. Жыйында эл арасынан аттуу-баштууларды болуш, бий кылып шайлашчу дешет.

Жанболот өзүнүн уюштуруучулук шыгы, үгүт – наасат сөзү менен эл оозуна алына баштайт. Ал түштүк тараптан мал күтүп, үйлүү – жайлуу болот. Түштүктөгү бийлик ээлери менен карым – катнашта боло баштайт. Жыл маалы келип, Кемин тарапта жыйналыш болуп, ошондон Жанболот болуш болуп шайланат. Түштүктө эл башкарып, жашап жүрө берет. Бирок, тууган-урук деген кыйын болот экен. Жанболот өз жерине көчүп келүүгө камына баштайт. Күн жылып, жаз келгенде үй-жайы, короодогу малы менен Нарын, Ак-Талаа тарабына көчүп келет. Ошентип, өз мекенине келип, Жанболот жашап калат.

Бирок Коңурдун жектегени аз болгонсуп, өз бир туугандары да өгөйлөй беришет. Энеден бир туулбаса да, атадан бир тууган болгонуна
карабастан арам ойлой башташат. Бул Жанболот бөтөн элге барса да, кадыр-баркы артып, сөзү өтүмдүү болуп келген экен. Ушундай кенен пейилдиги, колу ачыктыгы менен элди өз колуна бат эле тартып алат. Анан бизге эл баш ийбей калары толук бышык. А биз болсо бийликтен да, жерден да, элден да жок болуп кур жалак калабыз. Биздин сөзүбүз эч кимди баш ийдирбейт, андан көрө ушунчасында көзүн тазалап койбосок деп тымызын иштей башташат. Жанболот баардык туугандарынан жашы жагынан да кичүү экен. Туугандары кол көтөрүп сабаса да, жаман сөздөр менен тилдесе да агаларына унчукчу эмес. Ал аларды жашы улуу эмеспи деп сыйлап, урматтачу. Жанболот бирок агаларына

кошулуп, ак өргөөсүн тигип, жакын отурбаптыр. Дайыма өзүнчө аң уулап, өзүнчө оокат кылып жашап жүрөт. Себеби, туугандары аны өгөйлөп өзүнчө бөлчү тура.

Бир жолу Жанболот жалгыз Тоголок Молдо деген жерде Ат-Кулак деген тоолорун карай карышкыр, түлкү, кийик атып, аң уулаганга мылтыгын асынып, тайгандарын ээрчитип жөнөйт. Жанболоттун эң улуу агасы Байзак деген болуптур, Байзак өтө ачуулуу, канкор адам болот. Өз бир туугандарына да карабай сабачу экен. Өзгөчө Жанболотту көргөндө, ургусу эле келип,өч болот. Жанболот кийикке чыккан маалда Байзак да беш, алты кишиси менен аң уулаганга чыгып калат. Жанболот мергенчи, өтө шамдагай, кыйын киши экен. Коктуну бойлоп жүрүп отурат. Анткени тоого тике чыкса, кийиктер сезип калып, качып кетет. Кокту менен жүрсө көрүнбөйт – деп, тоонун башына чыгат. Тоонун башына чыкканда, жай экен. Шылдырап аккан булагы бар. Тоонун чөбү киши бойлуу болуп, араласаң белиңден өйдө көрүнүп турат. Жанболот чыгып, өңүп жатып караса бир короодой кийик текелер бейкапар оттоп жүрөт, өңүп жатып алып, мылтыгын октоп-шыкаалап туруп, атып калат. Жанболот эки чоң текени атып, эми бөктөрүп үйүн көздөй тартмак болот. Ошол убакта агасы Байзак колуна эч нерсе тийбей, кийик аталбай ыза болуп келаткан экен. Алдынан Жанболоттун эки кийик атып алып, сойгону жатканын көрөт. Байзак жигиттери менен эки кийикти тартып алат. Байзак Жанболотту жигиттери менен сабап кетерде Жанболот: "Байзак аке, урбай ал!" - дейт экен. Байзак эки кийикти союп боорун алып, иттерге ыргыткансып, Жанболотко ыргытып коет да, "Сен ушул эки боорго эле тоесуң"- дейт. Жанболот арданып, боорду да албастан шарт атына минип, камчыланып кетип калат. Ошол ТоголокМолдодо азыркы учурда да "Урбай ал!" жана "Боор өлбөс" деген жерлер бар. Бул жерлердин аты ошол Байзак менен Жанболоттун сөзүнүн негизинде коюлуп калган экен. Ошентип, Байзак Жанболотко кыр көрсөтө бергенин коймок турсун көбөйткөн. Бир жолу Чоң-Кеминде чоң жыйын болот. Ошол жыйынга Жанболот барып катышат. Кеминдик бир адам менен Жанболот кыйышпас,жакын болуп калат экен. Арадан жылдар өтүп, Жанболот Кеминге бир жолу барат. Чоң жыйналыш болуп, ошого катышуу үчүн атайын барган экен. Жанболот аттан түшсө, атын алып, атка минсе колтуктап аткарып, эмне кылса жардам бере калып 14 жашар тестиер бала жанынан чыкпай жүрөт. Жанболот кайда барса артынан калбай ээрчип жүрө берет. Бул баланын мындай ишин байкаган Жанболот "бул бала соо бала эмес" кайда барсам да артымдан калбай ээрчип жүргөнүнө караганда, бир билгени бар чыгар. Эмнеси болсо да, баланын жайын бир сурап көрөйүнчү деп ойлойт. Ошентип, ортодон оңтою келгенде Жанболот баланы жанына чакырып алып жайын сураганга киришет. "Ээ балам, сенин мага ыктап атканыңды сездим. Эмнегедир мен келгенден бери эле жанымдан чыкпай эле калдың. Деги атың ким? Кимдин баласы болосуң?"- деп сурайт. Ошондо бала менин атым - Жолдубай. Атам өлгөнүнө бир жыл болуп калды. Атам өлөөрүндө мага сырын айтып кетти эле. Жыл сайын, жыл маалында бир жыйналышка келет. Экөөбүз кыйышпас дос болгон Жанболот аттуу досум бар ошол келгенде сурамжылап таап, Жанболотту ээрчип кет. Ал сени ини кылып алаар. Антпесең, менин бул жактагы душмандарым балтыр этиң толо элек, колуңа күч кире элек сени тындым кылып койбосун - деген эле атам» - дейт. Жанболот ошондо баягы досун эстеп, өлүп калганына өтө капа болуп көңүлү чөгөт. Анан Жолдубайга: " Эмесе, андай болсо мен сени өзүм ини кылып аламын. Бирок мен сени азыр ээрчитип кетсем элге

жаман көрүндү болуп сөз болобуз. Бу калың эл “Элден элди бөлүп кетти” деп ушак кылат. Байыртадан бери элден элди бөлүп кетүү өтө уят, жаман иш болгон. Сени дагы тентип, малайлыкка ээрчип кетти деп сөз кылышпасын. Андан көрө мен азыр өзүм эле кетейин. Сен болсо кыш өтүп, калың кар кетип, жаз болуп, эл-журт тоюнганда бир жакшы атыңды минип алып мени өзүң издеп кел. Эл деген билет, сурамжылап олтурсаң эле табасың”- деп, Жанболот бала менен коштошуп,өз жерине келе берет. Жыл айланып, жаз болуп күн жылыйт. Жанболот өз жеринде жашап жүргөндө досунун баласы Жолдубай издеп келип калат. Жанболот өзүнө ини кылып алат экен.Жылкычыларына баш көз болсун деп аларга кошуп коет. Жолдубай эр жетип ким жакшы, ким жаман экенин айрып тааный баштайт. Жанболоттун бир тууган агаларынын кара ниеттигин да Жолдубай жакшы түшүнөт. Ошол кезде жайкысын жайлоого көчүшүп, кышкысын кыштоого түшүп, кышташчу экен. Жайлоого көчөөрдө Жолдубай Байзактын жылкыларын чогултуп айдап алып Ак-Теректин кыштоосуна өрдөтүп жиберет да,өзү атын тердете чаап келет. “Байзак аке, Байзак аке жылкыларды уурулар алып кетти. Эртерээк кууп жетпесек болбойт. Жумгалды көздөй кетишти”- деп, айкырып шаштырат. Байзак жигиттери менен шашып-бушуп аттарына минип кууп жөнөп калышат экен. Жолдубай андан ого бетер шаштырып, болгула эле, болгула дей берет.  Жумгалды көздөй  жөнөп калышат. Молдону эле ашып кетсе эле,колубузга эчтеке тийбейт. Молдону ашырбай кармайлы деп улам-улам бакырат. Байзак жигиттери менен аттарын чаап баратышты. Жолдубай: “Байзак аке, жок дегенде сен чапсаң боло, атың күлүк эмеспи,өзүң эле жете аласың”- деп шаштырат. Ошондо Байзак атын катуу чаап жөнөйт. Өзүнүн жигиттери артта калып, алардан аябай озуп кетет. Жолдубай да атайын күлүк ат минген

экен. Ал Байзактын артынан кууп жетет да, шалк этме чокмор менен каракушка бир салат. Килейип семирген Байзак шак эле аттан кулап түшөт. Жолдубай атынан ыргып түшүп, тургузган киши болуп, башын жөлөп калат экен. Аңгыча арттан жигиттер чаап жетип келишет. Жолдубай аларды көздөй айкырыкты салып: “Эртерээк чаап кууп жеткиле десе болбойсуңар уурулар курал-жарак менен куралданышкан экен. Байзак акени уруп кетишти. Чапкыла, эми силер ууруларды кууп жеткиле»- дейт. Жигиттер башчыбызды уруп кетти, бизди соо коюшпайт го деп, коркуп, үрөйлөрү учуп артынан кууганга жөнөшпөйт. Жигиттер коркуп, нары-бери бастырып турушканда Жолдубай: “Кууп жетпейсиңерби, андай коркуп жатсаңар Байзак акенин башын жөлөгүлө жок дегенде. Мен барып уруулар менен кармашып,  жылкыларды бошотуп келейин -дейт”. Араң турган жигиттер шарт аттан түшө калышып Байзактын  башын жөлөп калышат. Жолдубай атын камчыланып карагай аралап кетет. Андан ары шашпай бастырып, өзү жылкыларды өрдөтүп жиберген жерге барып, кийим-кечесин тытып, согушкан киши болуп, жылкыларды айдап келет.

Жигиттерге таштагыла!-деп, кыйкырдым. Эгер таштап кетпесеңер соо калбайсыңар десем кээ бир коркоктору таштай салып, качып кетишти, кээ бир эр жүрөктөрү калып калды чокмор менен ургулап эле кирсем баары качты. Ошол замат жылкыларды кайрып, бери көздөй кууп жөнөдүм”- дейт.Жигиттер буга ишенип калышат экен.  Ошентип, кара өзгөй Байзак каза табат. Эки, үч күн тилден калып атып, үзүлүп кете берет. Жолдубайдын мындай кылыгын эч ким билбей калат. Баары эле уурулар  түбүнө жетти деп ишенип

калышат экен. Чынында Жолдубай Жанболоттун түбүнө жетерине көзү чындап жеткен. Бул пейли бузук Байзак качан болсо Жанболотко тузагын салып жүргөнүн токтотпойт окшойт деп, Байзактын көзүн тазалап койгон экен. Бирок чоң бөрү жоголгону менен кичине бөрүлөр тап бергенин такыр койбоптур. Жолдубайга жер бөлүп берип, мерчемдүү жерден куда
түшүп, аял алып берет. Өзүнчө ак өргөө тиктирип, өзүнчө түтүн булатат. Атайын арык чыгартып берип, дан өстүрткөн. Азыркы учурда Ак-Теректе Жолдубай деген арык бар. Бул ошонун атынан коюлган. Ал эми Байзактын өлүмүнүн себебин жалгыз Жанболот түшүнгөн экен. Ошондо эле Жолдубай жасаган иш экендигин билиптир.

## 7.ЖЕТИГЕН УРУУСУН БИР ТАРАМЫНЫН - “ЖАЛАҢ НАЙЗА” АТАЛЫШЫ

**Айтуучу:**белгисиз.Талас өрөөнүнүн Кара-Буура районунан жазылган материалдан алынды.

**Жазып алган:**Аттокуров Эрмек. №2187-дептер. 2003-жыл.

Илгери баатырлар көчкөндө аны өзүнө тирек кылган, өздөрү ага жөлөк болгон топ кошо кеткен. Медетбек баатыр менен Жетиген уруусунун бир тарамы келип, алар азыркы Каракол (Көпүрө Базар деп аталчу) кыштагынын аймагында жашап калат. Өнүп-өсөт, күндөрдүн бир күнүндө дөңсөөдө маектешип олтурган карылар үй-жайды, өз урууларын эсептешип калат, анда бирөө:

-Оо, жатып эле көбөйүпбүз, жалаң-найзачандар 40тан ашыптырбыз, -дейт. Дагы бирөөсү:

-Ушунчалык көп болуп, эми эмнеден коркобуз. “Жыгылсаң нардан жыгыл, буйласын кармай жыгыл” дегендей Медетбекти жыгып, башынан эле таанылабыз, башкаларга сөз болот-деп калат. Кол салаар күнүнө чейин тактап тарашат. Болжогон күндө кырктан ашык адам колундагылардын баарын алып, аттанып Медетбектин айылына жөнөшөт. Күтүүсүз кол салышат. Баатырлар атын ар дайым даяр кармашчу экен, Медетбек атына ыргып минип, боз үйдүн кырчоосундагы союлду алып жоо менен беттешет. Баатыр деген баатыр да. Нечендер менен беттешкен Медетбек кол салгандардыничинен, бараандууларын, кайраттууларын, согушка
ыктууларын баамдап, топту жара алардын бир тобун атынан ажыратат. Бир топтон кийин Медетбектин иниси ишенимдүү үч жигити менен жардамга келет. Жоонун шаштысы кетип, качып жөнөйт. Медетбек баатыр алардын арты менен Талды-Булак менен Караколдун чегинде Кетик деген жерге жеткенче бардыгын атынан ажыратат. Аларды жөө айдап айылына келет.

-Аа, жалаң найза саярларыңар 40тан ашып калдыбы – деп, кекээрлейт, көрсө алардын кеп-кеңеши Медетбекке мурда эле белгилүү болгон экен. Элиң, букараң бололу!-дешип, жан соога сурагандан кийин баарын кое берет. Алар ошондон кийин “жалаң найза” деген ылакап атка ээ болуп, кийин ошол уруунун аты болуп калат.

## 8. УРУУНУН САБАТАР ДЕП АТАЛЫШЫ

**Айтуучу:**белгисиз.Талас өрөөнүнүн Кара-Буура районунан жазылган материалдан алынды.

**Жазып алган:**Аттокуров Эрмек. №2187-дептер. 2003-жыл.

-Ээ балам, деди Молдош чоң ата. Сенин атаң өзүнүн иштеген ишинен улам сыртта жашап келет. Айылга келгенде сүйлөшөбүз. Мен билгенди атаң да билет. Чоң атаңды көрбөй калдың, 57 жашында көзү өттү. Тилинде мөөрү бар, сөзмөр, чежирени чече билген адам эле. Кудайга шүгүр, чоң атаңар жалгыз болсо, эли укум-тукуму өнүп-өсүп калыптырсыңар. Кабарыңарды угам, карыганда ичте-сыртта жүргөн өзүңөр сыяктуу болгон балдарга чейин эсептеп, каниет кылып калат экен. Ээ, балам, баштан нелер өткөн жок. Эми сага айтаар улуулук сөзүм ушул, эл-жериңе тез-тез келип, көзү өткөндөргө бата кылып, көзү тирүүсүнө учурашып жүр!-деди, да көпкө тунжурап отуруп, сөзүн улады. Ата-бабаң жөнүндө биле жүр. Кушчу уруусунун бир тарамы-Сабатар. Анын аталыш жөнүн билип ал. Чоро деген чоң аталарыбыз болгон. Ал өлүмдөн кайра тартпаган баатыр болгон. Өзү энөө, чулдур, саал кекечтиги бар экен. Казактарга жортуулга чыгып, олжого түшкөн бир сулуу кыз энчисине тиет. Чоро чоң атабыз ага үйлөнөт. Аялы

колунан көөрү төгүлгөн уз болуп чыгат. Баатырдын ат жабдыктарынын азып кеткенин көрүп, өрөө кийиз менен ичтеп, сыртынан кайыштыбы же териниби жарашыктуу кылып кайып, тердик, желдиктерди жасайт. Сырты кездемеден, ичине кийиз салынган, суу өтпөгүдөй, алыс жолго кийгенге ылайыктап, чепкен тигет. Чоң энебиздин эмне кылып, эмне жасап жатканы менен Чоро чоң атабыздын иши жок. Күндүз кымыз уулап, эриксе аңчылыкка чыгып жүрө берет. Ошентип, сарамжалдууу чоң энебиз каалаганын жасап бүтөт. Чоро чоң атабыз бир жакка аттанмак. Ошондо чоң энебиз:
-Баатыр, ок өтпөс ат жабдыгыңы, алыс жолго кийсин деп чепкен даярдадым. Оңуп кеткен тердик, желдиктерин алмаштырып токун, -деп тамашалап, азил кылып, жасалганы жүктүн бурчунан алып чыгат.
-Ка-кана, кө-көрөйүнчү, -деп Чоро чоң атабыз керегеден жаасын, саадактан жебени алат. Сабага тосо берсем, атпас, -деп ойлоп, баягы тиккендерин ошо тарапка тосо берет. Баатыр энөө болот, -дегендей жебесин киречине салып, катуу керип, атып жиберген экен. Жебе тердикти, анын артындагы сабаны тешип, керегеден өтүп, эшиктеги ит аякты жарып, жерге сайылган экен. Чоро  чоң атабыз: -Са-сабага өрдөк кирип кеткенби? Чулдурт-чулдурт деп жатат. Анан аялына –ок өтпөсү ушулбу? –дептир. Анда чоң энебиз: - Алда, баатыр ай! Жакындан найзалашасыңар, кылыч менен чабышасыңар. Жаанын жебеси алыстан учуп келет эмеспи,-деп сөз таап, кутулуп кеткен экен. Чоро чоң атабыздын жоругу элге тарап кетет. Ошентип, Чоро аты өчүп, Сабатар деп аталып калат.
“Кайнененин каарынан-деп” коет кыргызда. Колунан аш да, иши да, сөз да келген келиндер биздин уруудан көп чыгат. Өзүңдүн чоң апаң да ушул айылда көзгө басаар уз болгон. Көйнөктөн тарта чепкен, ичик тигип, ала кийиз, шырдак жасалган жерде, боз үй көтөргөндө чоң апаңды чакырып, анын кеп-кеңешин угушаар эле. Угуп жүрөм балам, өзүңдүн апаң да

жеңемдей колунан көөрү төгүлгөн, матага жан  салган эң мыкты уз болду деп угам. Башка сөзгө ооп кеткен турбаймынбы. Ошол Сабатардан: Торпок, Чылпак, Базарчы, Ботура. Алар азыркы Кеңеш айылынан Талды-Булакка чейин таралды.

## 9. КАРАБОТО

**Айтуучу:** белгисиз.

**Жазып келген:** Белгисиз. **№** 227-дептерден.

Кан Каработо 11 жашка чыкканда ага Кетмен-Төбөлүк саяктардын кызын алып беришкен. Алиги кыздын аты Телегей экен. Бойго жетип карадалы болуптур. Телегей ойлойт “кантейин таалайыма ушул картаң абышка жазылган тура”- деп, аны менен жашап калат. Кийинки жылы жайлоого көчүп барып кайра жакага көчүп келатканда Телегейдин жолдо эти ооруп калып, толгоосу жеткенде, жолдо төрөп коет. Кой, эми болбойт-дешип көчтү түшүрүп, ошол жерге бир жума олтуруп калышат. Бир жумадан кийин бир мал союп балага ат коюшат. Ошондо Караболотөзү: “бул бала жолдо туулду мындан ары жолду оң кылсын”- деп, баланын атын Жолон койду. Ушуну мененКараболот дүйнөдөн өтөт. Эң улуу баласы Асан атасынын айткан кэрээз кебин аткарбады. Асан Каработонун жазетин Кара Бууранын чөккөн жерине, Ортоктун белине койбоду. Кара Бууранын көзүн чыгара чапты. Ошону менен Асан, Чарык, Чотон бул үч бир туугандын иши кыйшайды. Каработо өлгөндөн кийин кыпчак, моңолдор жерди бошот деп кытайларды куугунтукка алат. Ошондо булар ойлонуп турушуп, кой болбостур, кетели, бул жактагы Адигине балдары оңдун баласы, биз болсок солдун баласыбыз – дешип, Адигине балдарына жамынып түн ичинде көчүшүп кетишет. Каработонун кийинки токол аялы Телегейди бир кичине дорбо талкан менен колундагы эмчектеги баласы Жолон экөөнү уктаганда журтка таштап кетет. Эртең менен турса эл жок. Бардыгы көчүп кеткен “Мейли силерге кудай бардыр”- деп, Телегей кейип күнүбаччалык кылган

экенсиң. Жесирдин көңүлүн ула, жетимдин башынан сыла!”- деп, Асан Кайгы, Жеренче чечен наасат айткан экен. Ал эми бул үч агайын башынан сылабай кайра журтка таштап кетти”-деп каңырыгы түтөп баласын көтөрүп, көзүнүн жашын көл кылып, ыйлай-ыйлай жолго түшөт. Кетмен-Төбөнү бет алат Телегей. Төркүнүнө келе жатып оюна он эки санаа бир түшүп, бир аз басса арт жагынан бирдеме кыңшылайт. Карай салса бир кичинекей журтта адашып, көчтөн калган беш-алты айлык күчүк ээрчип алат. Жалгызга сенда болсоң караансың деп карала күчүктүн башынан сылап-сылап эркелетип ээрчитип алат. Нечен белди ашат, сууну кечет, ашуу ашып, таш басып бир сайды өрдөп келе жатса өзү ачка, баласы кыңырсып каруусу кеткен “Өлбөгөнгөөлүү балык” дегендей жолдун оң жак багытына сууну бойлоп жанагы күчүк жүгүрүп кетет. Бир маалда күчүк бирдемеге арсылдап үрүп калат. Бул эмне көрдү деп Телегей коркуп, ыкчамдап басып, элтеңдеп эки жагын карап баратса, баягы күчүк үргөн жерден бир чоң түп шилбинин түбүнөн бир карала барчын учуп чыгат. Бул бүркүт эмнеге учуп чыкты деп, шилбинин түбүн караса бир нерсе кызарат. Барып караса тоо эчкини жаңы эле алып келип жеген экен. Биздин да көрөр күнүбүз, ичер суубуз бар экен деп Телегей сүйүнүп барып, баласын четиндин түбүнө жаткызып чаначын чечип таштап жаман кестигин ташка кайрап, карала күчүк сен ак жолтой болдуң, муногу эчкинин эти бизге Кетмен-Төбөгө жеткенче, кудайым кааласа азык болот деп, баягы улакты суунун боюна алып келип таза кылып сыйрып, ичеги-карынын тазалап жууп өпкөсүн, аны мунусун каралага берет. Арча менен шилбинин кагынан чогултуп боорун, керчөөсүн, дагы сан эттеринен окшото шиш кебек кылып бышырып, эттен чайнап Жолонго жегизип, чарчап калган бечера ал түнү ошол четиндин

түбүнө отту чоң кылып жагып, эс алып, эртеси этти дорбого салып:«Кетмен-Дөбө кайдасың?»- деп түнөгөн жерде түнөп, конгон жерге конуп: “Элин таппас, эр болбойт” - деп, Жолонду аркалап Кетмен-Төбөдөгү саяк төркүнүнө барып

калат. Ошол жерден Жолон чоңоюп, саяктын арасында өсүп жигит болот. Кийин бала - чакалуу болуп, Чотондун баласы Көөндүнөзүнө бийлик тизгини тийгенден кийин Кетмен-Төбөдөн Таласка көчүрүп келет. Ошол Жолондон он беш-жыйырмадай түтүн бар. Корчубектен Козубай, Анатай дегендер эле. Алар кайтыш болуп кетти. Козубайдан Анарбай, Төлөгөн, Төрөкул. Ушул балдар Каработонун 110 жаштагы баласынан туулганбыз деп Козубай аксакал айтчу эле.

## 10.КАРАБОТОДОН ТАРАГАНДАР

**Айтуучу:**белгисиз.

**Жазып келген:**Белгисиз. **№227-дептер.**

Каработонун биринчи баласы– Асан. Асандан – Султан. Султандан - Сейтаалы, Малайбек; Сейтаалыдан бала жок. Малайбектен – Маалып, Самат. Калган туугандары Мискеден. Он чакты түтүн бар. Экинчи баласы Чарыктан эки бала: Жинбек – Жети ата. Жээнбайдын төрт аялы болгон. Биринчи аялынан Кышкыроодон – Чүрөк, Чүрөктөн – Асыранкул, Асыранкулдан – Ашыржан; экинчи баласы - Чаргын. Чаргындан – Сыялы – Амыра – Самса. Үчүнчү баласы Шамбетаалыдан - Чыныгаалы. Чыныгаалыдан – Аппас – Арнас. Төртүнчү улуу Абдалы. Абдалыдан – Жусуп, Жусуптан – Сагынбек – Саржан. Бешинчи уулу Сыдыгалыдан Аранбек – Дүйшөнбек. Экинчи аялы Тыныстандан төрт бала. Биринчи бала Бүркүтбайдан – Жанарбек, Жанарбектен – Рысбек – Ысманбек. Шабданбектен – Абасбек. Үчүнчү аялынан – Кемелбек. Андан Өмүрбек. Өмүрбектен Дооронбек – Дооронбектен - Өскөнбек. Төртүнчү аялынан -Касымбек . Касымбектен - төрт бала. Биринчи баласы Ниязбектен – Анарбек. Анарбектен: Тагайбек, Жаныбек, Муратбек, Каныбек. Экинчи баласы Ажыбектен: Абдылдабек, Жумабек, Эшимбек, Иманбек. Үчүнчү баласы Эркинбектен: Орозбек, Саматбек. Төртүнчү баласы Салкынбектен - Бообек. Үчүнчүаялынан

Акмелтеден – Смантай. Смантайдан - Ызак. Ызактан-Сейдасым, Сейдакпар. Төртүнчү аялынан Аталык.Андан - Алдаберген. Алдабергенден: Аман, Амангелди, Алмаз, Арзыбай.Жээнбектин кийинки аялынан –Стамбек. Стамбектен: Медетбек, Сатымкул. Стамкулдун улуу аялынан: Элүүбай, кичүү аялынан - Эсенбай, Чолпонбай, Керимбай.

Үрүстөмдөн: Абылкасым. Андан – Бешкемпир. Бешкемпирден - Адыл, Күрпөң, Атай, Акылбек.

## 11. ЧОТОНДОН ТАРАГАНДАР

(Эсирке, Чыныке - Ормотойдун балдары).

**Айтуучу:**Айтбаева Инаят, 65 жашта.Кара-Буура району, Кайнар айылы.

**Жазып келген:** Көчөрбаева Тотугүл. **№741 -** дептер.

Байбичеден - Коондук. Кийинки калмак аялынан - Олжон. Коондуктан: Канкелди. Канкелдиден - Мүсүралы, Назаргазы, Кочкор, Төлө.Мүсүралыдан – Чүмкеней. Чүмкенейден - Калайбек. Кочкордон – Жоробек. Жоробектен - Барпы. Барпыдан -

Масалбек, Макулбек, Кубанычбек. Макулбектенбала жок. Масалбектен беш бала. Төлөнүн биринчи аялынан - Нуралы, Нурманбет. Нуралыдан - Жумабек. Андан - Барпы. Барпыдан Сатымкул-Алымкул. Нурманбеттен - Жамалбек, Керимбек, Көчкөн, Турусбек, Жамал- бек, Карабек. Карабектен - Айтбек, Рысбек, Курманбек, Чолпонбай. Керимбектен - Алакай. Көчкөндөн -Токон. Экинчи аялынан Үркүнбай. Үркүнбайдан - Кудаяр. Үчүнчү аялынан - Жакыпбек. Андан Ыза. Маматбектен - Качкын, Тозок. Канкелдинин токол аялынан - Турдаалы. Турдаалыдан - Мадалбек. Мадалбектен -Раушанбек, Маткерим, Мамадрайым. Раушанбектен - Медеткан, Бакпуркан, Сейиткан.

Маматкериден - Койчукан, Аккан. Маматрайымдан -Максуткан, Мүсүркан, Малакан, Чынгызхан. Коондуктун сарт аялынан - Адыл, Дайырбек. Адылдан- Кыдыралы, Тыналы. Кыдыралыдан - Мамбет, Жалил, Эралы. Мамбеттен - Орунбек. Жалилден - Абакир, Чалдыр, Таалай. Эралыдан -Зарыл. Тыналыдан - Эгемберди. Эгембердиден -Толгонбай. Толгонбайдын улуу аялынан - Жусуп, Анар, Күрүч, Алтын, Атай. Дайырбектен - Жаманкыз. Жаманкыздан -Качканак бир койдун этин бир жеп “бөрү тоюш болдум деп”- кете берчү экен. Качканактан - Надырбек. Надырбектен - Согуш.

Чотондун кичи токолу Олжон деген аялынан -Ырыскелди, Мурадыл туулат. Кан Каработонун кара туусу үч кыз колго түшкөн. *Ал* мындайча болот. Илгери кара калмак чабуулдап кирип келет. Ошондо чоң чабыш болуп, ошол чабышта кубайлар калмакты кууп олтуруп Бото Мойнокту ашырат. Ошондо ашуунун туу белине кытай, калмактын кара туусу тигилип калат. Ал туу үч күнгө чейин алынбайт. Не бар, не жок деп өңчөй көй баатырлар биригип Сөлпү баатыр, Шекердин Кубаткул, Маани, дос уруусунан: Жагатан, Акбай баатыр, Карабетей баатыр, Болот баатыр, Тоголок баштан Аман баатыр,айтылуу Ибеш баатыр - жети уруудан, ал эми чooктон Чекир баатыр. Алактан Тойке баатыр чогулуп туу белге эркек кийим кийгизип үч кызды таштап, калган калмак бүтүн качып кеткен. Нары жагын караса калмактар жок. Ошол үч кыздын биринен Олжон деген кызды Чотон алып, андан Ырыскелди, Мурадыл туулат. Бул эки баладан тарагандар Олжон катындан деп барып Олжонаталып кетиптир. Ошол Рыскелди, Мурадылдан тарагандар: Медетбектен - Жанар, Капар, Тынаалы. Тынаалыдан - Дүйшөн, Анатай, Темиралы. Темиралыдан - Садык. Садыкдан –Төлөбай. Күкөйдөн -Камий. Таштаналыдан - Алиш. Алиштен - Черик, Акмат. Андан – Абдыкалык. Чымбектен - Нарынбек. Тыналынын кичи аялынан - Максүт. Максүттөн - Курманбай, Шерикбай, Каржообай.

## 12. ЭСИРКЕ

**Айтуучу:** Айтбаева Инаят, 65 жашта.Кара-Буура району, Кайнар айылы.

**Жазып келген:**Көчөрбаева Тотугүл. №741–дептер.

Шайбектен -Калыбай, Баймат, Сатымкул. Жандардан –Дүйшөмбү, Барпы, Жумабек, Өзүбек, Шеримби. Шеримбиден - Сүйүнбай.

## 13.ЧЫНЫКЕ

**Айтуучу:** Айтбаева Инаят, 65 жашта.Кара-Буура району, Кайнар айылы.

**Жазып алган:** Көчөрбаева Тотугүл. №741 –дептер.

Жээнтайдан: Нуралы, Барпы, Тазабек, Шабдыбек, Жумабек, Жакып. Базар ажыдан - Маңбай, Жаңыбай, Талканбай. Жакыптын бир баласы Медерден - Жүнүсалы, Ырсалы. Жүнүсалыдан - Аалы, Алыбай. Аалыдан - Шапыбек. Алыбайдан - Дайырбек, Жаныбек. Жакыптын бир баласы Беккожодон -Мураталы, Айткожо. Мураталыдан - Барпыбек, Жапарбек. Жаныбектен -Кадырбек, Батырбек, Айткожо, Тагайбек. Тагайбектен - Токон. Жанкойлудан - Жумабек. Жумабектен – Шекербай, Конокбай, Жакып туулушкан. Конокбайдан - Жамгырчы. Андан - Талканбай баатыр. Ал кумчу Ногойбай баатыр менен сайышып, жыккан.Алымкул аны мактап ардаган:

Баракелде Талканбай
Барып сайдың жалтанбай.
Кубаты мол Талканбай,
Кулата сайдың жалтанбай.
Кулактары калкандай,
Муруттары чалкандай,
Ногойбай сындуу баатырды
Куп алдың го Талканбай.

Талканбайдан - Кадыркул, Багышбек баатыр, Анарбек, Кубанычбек, Курманбектер тараган. Мамаштын бир баласы Ибраимден - Назар уста, Анатай. Назардан - Ажыкул. Ажыкулдан –Абас. Анатайдан - Ражид, Бакир, Шарип, Ала-Тоодон (саркашкадан) тарагандар ушулар.

## 14. ОРМОТОЙДУН БАЛДАРЫ

**Айтуучу:** Айтбаева Инаят, 65 жашта. Кара-Буура району, Кайнар айылы.

**Жазып алган:** Көчөрбаева Тотугүл. №741 -дептер

Тынаалыдан-Турсуналы. Турсуналыдан - Турдумамбет. Андан Көчкөнбек. Жинкулдан - Нурманбет. Калмамбеттен - Жаныш. Ниязалыдан - Мамыт, Бексултан. Мамыттан – Токобай. Бексултандан-Жетимиш. Ормотойдон-Абдылда. Тураалыдан - Ордо. Көбөйдөн-Шеринбай. Шеринбайдан-Анарбек. Жайлоодон - Тармал. Тармалдан-Темиш. Жинкыздан - Жамантай. Жамантайдан-Бактайлак. Андан-Турсунбай. Турсунбайдан - Ашырбек, Назарбек. Ашырбектен - Анарбек, Акылбек. Назарбектен - Молдош, Жолдош. Ашырбайдан - Калдыбай. Кочкор таздан - Ала-Тоо, Ормо-Тоо. Болдуке байбичеден-Байдөбөт. Бул Каработонун токолунан. Аккандын кызынан – Айтбаева Инаят.

## 15. САНЖЫРА СЫРЫ

**Айтуучу:** Мукаш Найманбаев.

**Жазып келген:** Сартмамбетова Назира ,№639 -дептер.

Уламадан уккан сөз,
Улуулардан жуккан сөз.
Калк аралап уккан сөз,
Калайыктан жуккан сөз.

Каттын сыры катылган -
Карылардан чыккан сөз.
Санжыра деп аталган -
Сары алтындай кутман сөз.
Өзөктү өрттөп кыйла жыл,
Карааны көздөн учкан сөз.
Жетимиш жыл айтылбай,
Жер алдына буккан сөз.

Кайра куруу келгенде -
Калкып сыртка чыккан сөз.
Эгемендүү өлкөдө -
Эркиндикке чыккан сөз.

Санжырасын сактаган,
Өсөөр - элдин белгиси.
Санжырасын айтпаган,
Өчөөр - элдин белгиси.

## 16.ТЫНЫМСЕИТ УРУУСУНУН НАРЫН ӨРӨӨНҮНӨ КӨЧҮП КЕЛИШИ

**Айтуучу:**Найманбай уулу Мукаш, 1923-жылы туулган.Нарын району,
Кара-Бук айылы. Кесиби – агроном. 1944-жылдан бери КПСС тараганга чейин партиянын мүчөсү. «Ардак белгиси» ордени, Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы, бир нече медалдар менен сыйланган. Азыр –пенсияда.
**Жазыпкелген:** Сартманбетова Назира.1996-жыл. №639 –дептер.
XVII кылымдарда калмактардан сүрүлүп, качкан Ала-тоолук кыргыздар Памир, Алайга багыт алып Анжиян, Ош, Жалал-Абад чөйрөлөрүнө барып жан сакташат. Ал жерлерде баш кошуп, биригип кол курап калмактар менен кайра согушуп сүрүп чыгышат. Мурдагы Атаконуш Ала-Тоосунун Ат-Башы, Нарын, Ысык-Көл, Чүй өрөөндөрүн бошотуп алышып, кайрылып көчүп келишет. Санжыраларда айтылып жүргөн Бугу уруусунан чыккан эл башчысынан Арык Мырза Ысык-Көлдүн калаасын бөлүштүргөндө баш жагынан Түптүн аймагы, жогору жагы Кызыл-Кыя, Сан-Ташка чейин төмөн жагы Кызыл-Омпол, Кой-Ташка чейин көлдүн тескейине Бугу уруусу, көлдүн күңгөйүнө Сарыбагыш, Саяк эли жайгашсын деп бүтүм чыгарганда макул болуп кабыл алышкан экен. Ошентип, Тынымсейит уруусу да, Тескей тарабынан Алсейиттин балдары менен аралаш көчүп-конуп жүрө беришет.

Тынымсейит өзү ким болгон?Укум-тукуму кимдер, кайда?
Эмне үчүн айрым адабияттарда “бугу уруусу” жана “тынымсейиттер” деп бөлүнүп айтылып жүрөт? деген суроолорду мага кээ бир кишилер берип калышат. Бугу уруусу боюнча суроону чечмелеш үчүн айтылып жүргөн санжырага бир аз кайрылсак. Орозбактынын беш мырзасы: Арык мырза, Асан мырза, Кара мырза, Мырзакул мырза, Токоч мырзалар эмеспи. Ошолордун бирөө - Мырзакул мырзадан: Алсейит, Тынымсейит

туулат. Ала-Мышык тоосунан кармалган, ыйык, кайберендин тукуму (кайып кыз) Бугу энени Алсейит аялдыкка алган. Ал окуя өзүнчөузун сабак санжыра Бугу эненин Алсейиттен төрөгөн балдары Жамангул, Бапа экөө эле болгон. Демек чыныгы тукуму Жамангул, Бападан тарагандар гана болууга тийиш эле. Бирок, Бугу эненин мүйүзү болуп өзү олуязаада, касиеттүү, өзгөчө кереметтүү белгилери болгондуктан даңазаланып, эл оозунда жалгыз эле Алсейиттин балдары эмес, чоң кайнатасы Орозбактын балдары, беш мырзанын тукумдары бүт баарысы Бугу уруусу аталып кетет. Ошондуктан, Тынымсейит Бугудан бөлүнүп, айтылаар негизи жок. Тынымсейит уруусунун таралышы боюнча өтө тереңдеп, майдаланбай билишимче айтып берейин. Анткени, жети атасын, чоң атасын, баба, жотосун кыскача 3-4 атасын билбеген кыргыз баласы жок чыгаар. Ал эми төмөнкү аталарын ар ким өзү сүрүштүрүп билип алаар деген ойдомун. Менин максатым: урпактарга түпкү чоң аталарын туюнтуу. Ошентип, Тынымсейит балдары: Кебели, Жалбек, (Жалтак) Канкортук, Жалбектин ата-энеси кичине кезинде Жалтак деп эркелетип жүрүп чоңойгондо Жалтак атка конуп кеткен экен. Мортук болсо төрөлгөндө колуна кан уучтап түшкөн дейт. Ошондуктан келечекте тукумунан кан болуучу тукум чыгаар деп Жоро молдонун айтуусунда Кан ыроолонуп Мортук аталып калыптыр. Өзү кезегинде Тынымсейиттин балдарынын бири болуп өтүптүр. Кабелден – Отунчу, Токтомуш. Ал экөөнөн тараган: Дурбук, Үсөн, Дүйшөнкул, Малдыбай, Мамай. Булар “Беш бала” деп аталып өзүнчө урук, айылдар болуп, азыркы кезде Тоң районунун Ак-Сай, Көк-Сай аймактарында жашап турушат. Жалбактан (жалтактан) – Бактыгул, Кабак. Бактыгулдун үч аялы болгондуктан алардан төрөлгөн балдары энелеринин аттарына аталып, чакырылып Чабалдай, Мендибек, Күмүш таздар аталып келе жатышат. Чабалдайдан – Кешичи, андан Дүйшөнбай, Жутабай. Дүйшөнбайдан – Элтуз. Жутабайдан – Турпан, Орус, Туралык, Тостук, Сатыбалды. Бытыйдын 7 уулу: Жаныбек, Үкү, Кашаалы, Жанузак, Жамансары, Кулунчак, Балчак баатыр. Чабалдайлар Тянь-Шань районунун “Үч Нура” колхозунун Ийри-Суусунда.Калгандары Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз айылында турушат. Мендибектен – Аким, Кулчу. Акимден - Өмүркан, Эшим. Өмүркандан – Орозаалы, Туйбас, Ийбак, Усупбек. Эшимден – Бекбоо. Бекбоодон –Ырсаалы, Казак, Шарше. Кулчудан – Канай, Жапай, Кой сары, Төлөгөн, Усуп жана башкалар. Мендибектерден калгандары Ысык-Көлдө. Чабалдайлар менен жамаатташ. Күмүштөн – үч уул: Эсенгелди, (кызыл таз), Атакозу (ак таз), Кожогелди (Каратаз). Күмүшөзү таз болгондуктан балдары “таздар” аталып калыптыр. Эсенгелдиден Бектемир, Сарт, Мөндүрчү. Бектемирден – Козубек, Шераалы, Сейит, Айдар. Сарттан- Курумшу, Кутуке. Булардын тукумдары Тянь-Шань районунун “Эмгекчил» колхозунда. Ал эми Атакозу менен Кожогелдинин тукумдары Ысык-Көлдө жашап турушат экен. Кабактын тукумдары Жети-Өгүз районундагы Чыракка жакын Кабак деген жерде турушат. Ички уруктарга бөлүнүштөрүн ажырата билбейм. Жалпысынан 200 түтүнгө жакын деп угуп жүрөм. Нарында илгери Ак-Бунууга Ийса, Итбайдын уулу, Кулумбай туугандары менен бир топ түтүн айыл болуп Токтогулдар менен бирге көчүп келишип, жашап турушуп 1916-1918-жылдарда Жети-Өгүзгө көчүп кетишиптир. Ошол кездерде чапкан арыгы эмдигиче “Кабак арык” деп аталып жүрөт. Мортуктан – Жаманак, Токтогул (эгиз). Жаманактын үч аялы: Калыбек, Тотуя, Аян. Алардын тогуз уулу болгондуктан булардын тукумдары энесинин аттары боюнча аталып

калган. Бардык Жаманак уруусунун элдери 1500 чамалуу: Тянь-Шань районунун “Он-Арча”, “Миң-Булак” колхоздорунда, 1000 түтүнчөсү Нарын шаарында турушат.

Токтогулдун Нарынкүл, Серке, Канымкүл деген үч аялынан тогуз уулу болот: Нарынкүлдөн 5 уулу: Допу, Сопу, Өкүм, Көкүм, Көөкары. Көкүмдөн -Асаке, Топу. Булардын тукумдары эки айыл болуп “Эмгекчил” колхозунда турушат. Нарынкүл эненин кулагы дүлөй болгондуктан балдары “дүлөй” уругу болуп чакырылышат. Калган Допу, Сопу, Өкүм, Көкүмдөр боюнча төмөн жактан айтабыз. Ортончу аялы Серкеден 3 уулу: Шаназар (Термечик), Дөрбөн, Чыйбыт. Шаназардан (Термечиктен) 12 аялы болгон. Алардын жетөөнөн 18 уул, 13 кыз төрөлгөн. Жалпысынан Токтогул уруусу “Үч-Нура” жана “Эмгекчил” колхоздорунда, Кара-Кужурдун “жер көчкү» бөлүмүндө 1500 түтүн чамалуу эл. Нарын шаарында 1000 түтүн бар деп эсептелет. XVII кылымдын баш жагында Көл калаасын жердеп турган Бугу уруусун жалпы жонунан Алсейиттин небереси Белек бийлеп, ич ара Тынымсейиттерди Жаманак ата башкарып туруучу экен. Жаманактын өзүнөн кичүү иниси Токтогул кайтыш болуп, сөөгү Тоңго коюлгандан кийин анын үч аялынан 9 уулу калат. Алардын көпчүлүгү үйлөнүп-жайланып, беш-алты жыл өткөн соң алды өз-өзүнчө айыл болуп, бөлүнүп конушуп калган кездери экен. Күндөрдүн биринде улуу аялы Нарынкүлдөн туулган 5 уулу өз айылына ордо салып, эки жаатка бөлүнүп алышып, мелдешип чүкө атышып ойнопжатышса атасы менен бир тууган агасы Жаманак карыя атчан келип, балдар оюнуңарды токтоткула. Текес менен Ак-Шыйракта кыштатылып жаткан Тынымсейиттердин жылкыларын анын ичинен менин жылкыларымды калмактар айдап кетиптир. Биз камынып элге кошулуп баарың куугунга аттангыла десе оюнга кызыгып алган көпкөлөң жаштар укмаксанга салышып жоготпой коюшат. Ага арданган Жаманак атчан бастырган боюнча ордону тебелетип чүкөнү черттирбей барып туруп алат. Ошондо Токтогул Өкүм деген бир уулу чуркап келип Жаманактын атын башка чаап жибергенде ат үркүп, Жаманакты ала качып короодон чыгып кетет. Жаманак кайрылбай, эч кимге да айтпай үйүнө жатып алат. Бирок жамандык жерге жатмак беле. Жаманактын балдары угушкандан кийин 2 туугандын ичинде таарыныч пайда болот. Уятына чыдабаган Токтогулдун балдары ал жылы Текеске көчүп жайлап, ошол боюнча кыштап калышат. Кийинки жайда аңдып жүргөн сөөк өчтүсү бар калмактар келип чаап, бүт айылдарын көчүрүп Эренкабыргага өткөрүп кетишет. Зордук менен көчүп барган өз айыл жыйырма чакты жылдан, балким андан дагы көбүрөөкпү так эмес калмактар менен аралаш жашап жүрүшүп балдары өнүп-өсүп, чоңоюп-жетилип калганда эл, жерди сагынышып, Ысык-Көлдү сагынышып, кайра көчүп чыгышат. Токтогулдун тукумдарынын Эренкабыргадан козголуп көчүп келе жатканын угушкан бир боордош туугандар Жаманактын балдары эки-үч күндүк алыскы жолдон утурлап барып тосуп келүүгө камынышат. Азык алышып он-он беш киши даярданышып, аттанган боз улан жаштар жол ара конушат. Алар жайкы күндүн катуу жамгырынан жазганышып бир чоң жардын түбүндөгү ыктоого түнөп жатып калышса катуу жааган жаандан жар урап беш алты кишини басып калат. Өлгөндөрдүн сөөгүн жүктөп кайра тартышат. Ошондон ушул күнгө ал жер “Жаманакты жар баскан” деп аталып калган дешет. Бир нече жыл бою калмактардын арасында жан сакташып, ысыкка күйүп, суукка тонуп дегендей кордук, зомбулук көрүп жүрүшүп кайра тарткан тогузу азып-тозот. Экөө бөлүнүп келбей калып, төртөөөлүп, кемип-кетилип бөксөрүп келишет. Тагыраак айтканда Нарынкүлдөн

төрөлгөн Допу менен Көөкара ал жакта каза болушат. Сопу менен Өкүм калмак кыздарына үйлөнүп, бала-чакалуу болушуп, эл көчкөндө азырынча силер барып отурукташа бергиле, биз кийин артыңардан көчүп барабыз деп коюшат. Ошол боюнча келбей калышат. Көкүм гана кайтат. Кыргыздын көчү бир-эки күндүк жолго узап чыккандан кийин калмактар артынан куугунчуларды тымызын уюштуруп жиберип, келин-кыздарды, мал-мүлктөрдү олжолоп карактап алууга кол салышканда беттешкен уруш болуп баш-айрылып, көз чыгып эки жактан тең чыгымдар болот. Урушта чабышып жатып Төтөнүн белинде Чыйбыт өлөт. Урууну башкарып жүргөн башчысы Акбагыш жарадар болуп калып көч үстүндө Музарттын белинде каза болот. Дөрбөн калмактардын колуна түшүп, кайра байланып кетип, ар жакка барганда калмактардын бир аймагын башкарган (болуш) катарында бир төрөсүнө тилмеч (Жайсаң) болуп жүрүп он-он беш жылдан кийин калмактарда жүргөн кезде алган аялынын төрөлгөн он эки жаштардагы баласы Быржыны ээрчитип качып келет. Токтогулдун тогузунан аман келген Шаназар менен Көкүмдү Жаманак туугандары анчалык деле кубаныч менен тосо албай калышат. Анткени жогоруда айтылгандай 5-6 кишисинен жар басып ажырап калган туугандардын мээри кайтып, көңүлдөрү чөгө түшөт. Ошондо Шаназар баштап Жалбектин (Жалтактын) Бактыгулунун балдарын баш пааналап, айылына жанаша жакын конушуп өз ара туугандык жардамдарын көп көрүшөт. Ошол ынтымактуулуктун аягы ушул күнгө чейин созулуп, кийин Бакытгулдун тукумунун көпчүлүгү Нарынга кошо көчүп келишип, азыр да Токтогул уруусунун ичинде Ийри-Суу, Ак-Булуң, “Эмгекчилде” бирге жашап турушат.

Эренкабырга жактагы өткөн окуялардан жүдөп келген туугандарынын жесир катын, жетими жана жалпы эле жаңы көчүп келгендерге орто жаштан өтүп калган Шаназар аксакал баш-көз болуп жан сакташ үчүн элин-тегин издеп, журттан жардам сурап, табылганын үлөштүрүп, баарына бөлүп берип турат. Айласы кеткенде табыптык, дарыгерлик кылып да, эл кыдырып бир эки жылы термелеп оокат өткөрүп жүргөндө Шаназар аты өзгөрүп “Термечик” атка конуп кетет. Азыркы кезде да Шаназардын тукумдары термечик уруусу аталып калды. Арадан он беш, жыйырма жылдар өткөндөн кийин XVII кылымдын экинчи жарымында ачка тоюнуп, арык семирип, эл бир аз оокаттанып, жаштар өсүп, өнүгүп Токтогулдун тукумдары баш көтөрөт. Акыл эстүү, эр жүрөк жигиттери чыгып өз уруусун өзүлөрү башкарууга жарап, кол узарып калган кезде токсон жашка таяп калган Термечик кайтыш болоор алдында Токтогулдун аттуу-баштуу эс билгилерин бүт чакырып алып, осуятын айтат. Токтогулдун өз балдарынан жалгыз мен калдым эле, эми менин кезегим жакындады окшойт. Силер мындан ары бул Ысык-Көлгө Алсейиттин балдары менен батышып тура албайсыңар, булар көптүк да, чоңдук да кылат. Эл өсөт, мал өсөт. Жер баягы эле. Ал көрөкчө чоң атаңар Тынымсейиттин конушу Нарынга көчүп кеткиле. Тынымсейиттин мүрзөсү да Миң-Булак деген жерде турат дейт. Ал мындайча болгон экен.

Тынымсейит жаш кезинде калмактардын Ыңга төрөдегендин Турга деген сулуу кызын сүйүп калат, агалары алба десе болбой ала качып, Ысык-Көлгө батынып тура албай Нарынга өтө качып кетип, ошол жакта бала-чакалуу болуп, жердеп туруп калыптыр. Тынымсейит чоң атанын көзү өткөндөн кийин Алмсейиттин балдары барып «туугандар бирге бололу»- дешип Көлгө көчүрүп кетишиптир. Ошондон бери-Көлгө туруп калыппыз. Эми Жаманактын көзү өтүп кетти. Балдарына жана Бактыгулдун балдарына ынтымак

кошуп жүрөсүңөр ошолорду кеңешиңерге алгыла, кошо көчөбүз десе милдет алып азгырбагыла, силерге Нарын түбөлүктүү ата конушуңар болот деп акыркы сөзүн айтат. Кеңешке чакырылганда Жаманактын балдары келбей коюшат. Көч башы болуп Акбагыштын балдары баштап демилге кылышып Бактыгулдун балдарынын көпчүлүгү кошулуп Нарынга келишкен экен. Ошол кезде элге төбөсү көрүнүп калган Мамаке, Шопок чоң баатырлар ээн жаткан жерлерден күн батышынан Он-арчанын суусун, күн чыгышынан Эки-Нарынга чейин Кичи-Нарындын суусун чек кылышып Нарын дайрасынын күңгөйүн бүт ээлеп алышып, ич ара ар бир урук айылдарга өрөөн-өрөөн кылып күңгөй-тескейине чейин отурукташып калышат. Ал кезде Шапак тукумдарына Он-Арча бойлору тийген экен. Ошондутан элден мурда колунда бардарлык кылышып, ал жонго, Эчки-Башынын баш жагына мечит куруп, таш салса, Боогачы, Субандар Чудуканга жай куруп, таш салышат. Азыр жулбарлары турушат. Ошентип, ээлеп алган жерлерге эгин эгүүгө да кирише башташат. Көп кечикпей эле Тескейди башынан аягына чейин Моңолдор, Он-Арчанын суусунун күн батыш жагынан тартылып Ала-Кулун, Ак-Бешимдерге чейин сарбагыштар ээлеп, Нарында бош аймак калбай калган кездерде 15-20-жылдардан кийин Көлдө калган Жаманактын балдары көлдүк туугандар менен батыша албай кайдасың Нарын, кайдасың Токтогул эгиз деп көчүп келишип, Токтогулдарга бир туугандыгын артышып эки-үч жылы аралаш эле конушуп жүрө беришет. Түбү бирге бир туугандар түтүшпөй,өткөндөрүн кечиришип, Токтогулдар “Бети каранын” мазарынын күн батыш кырын чек кылып, аягын Нарын сууга чейин “Эчки-Башы”, “Миң-Булак”, “Он-Арчанын” боюн Жаманактарга бошотуп берет. Шопок уулу өзүлөрү жогорку Төш-Булакка ооп кетишкен экен. Ошентип ушул Нарын өрөөнүндө Тынымсейиттердин ушул кезде 20 миңден кем эмес адам жашап турушат. Алар шаарыбыздагы орус, тажик жана башка ондогон улуттардын өкүлдөрү жана кыргыздын саяк, сарбагыш, моңолдор, черик уруулары менен жамаатташ болушуп, ошондой эле бир нечелеген курама-уруулар-кытай базыс, мундуздарды ичине алып, ынтымактуу жуурулушуп журт болуп, эзилишип эл болуп, кыз беришип, кыз алашып, куда сөөктөшүп, каны-жаны биригишип жашашат. Тынымсейит уруусунда- гылардан өткөн замандарда баатырлык менен колуна курал алып, элди жерди коргоогон, акылмандык менен көч баштап, эл намысы үчүн жанын да аябаган мыкты камкор. Эл өзү ардактап, баатыр атап алышкан. ошондой эле даңазалуу, сый-урматка татыктуу, эл сүйгөн акын, чечен,өнөрпоз адамдар көп болгон. Көзү өтүп кеткен андай кишилерибиздин айрымдарынын аттарын атай кетсек, арбактары ыраазы болуп биз менен жашап турган укум-тукумдарынын да көңүлдөрү көтөрүлүп калаар:

**Алар:** Чыйбыт уулу Машаке баатыр

Үркүнчү уулу Шопок баатыр.
Төлөмүш уулу Чоң баатыр,
Алыке уулу Табылды баатыр,
Боку уулу Кедей баатыр.
Сарык уулу Атабек баатыр.
Буйлаш уулу Арстанбек акын.

Жапый уулу чоң манасчы –Тыныбек. Тыныбек уулу - Актан, өнөрпоз Тотой уул Көкөтөй чечен, Аян Боккөтөн комузчу, Булан уулу Чынгыш ажы, Арзымат уулу Асы ажы, Калча уулу Анай болуш, Бактыгулдардан - Канай баатыр. Чабалдайдан - Балчак баатыр. Балчак

баатырдын 200  жылдардай мурда Жети-Өгүздүн Жуукусуна салынган көркөм чоң күмбөзү азыркы кезге чейин бузулбай, сүрөтү кыргыздын тарых китебине тарыхый эстеликтерден болуп басылып чыгып турат.

Айланып ата-конуш жерин тапкан,
Эл коргоп, эчен баатыр эрлер чыккан.
Акылга илим-билим айкалышса,
Абалтан ата-салтын ыйык туткан.
Ынтымак, ырыс-таалай элге.
Нарыным-жашап турган жерим кутман.
Жаштары канат кагып келечекке,
Кол созуп ар өнөргө умтулушкан -

дегендей кудайга шүгүр, эми да аккан арыктан суу агат болуп, өткөндөрдүн жолун жолдоп, азыркы заманыбызда илим-билимдүү академик, доктор, профессорлор, эмгек баатырлары жогорку өкмөттүн мүчөлөрү жана ар кыл өнөрдүн ээлери өсүп чыгышып, элибиздин ишенимине, сүймөнчүлүгүнө татыктуу болушуп, үзүлүү эмгектенип жатышкан жаштарыбыз жүздөп саналат.

## 17. ЧЕРИКТЕР ЖАНА ӨМҮРЗАК БААТЫР БАЯНЫ

**Айтуучу:** Эшимбаев Наамат. Ак-Талаа айылы.

**Жазып алган:** Белгисиз. №1313-дептер.

Сарбагыш эли менен черик эли Ат-Башы калаасында сарбагыштын бийлиги астында турганда жер бөлүшмөк болушат. Жерди бөлүп алуу үчүн сарыбагыш, черик жыйын курат. Чериктин Матай деген акылдуу, куу кишиси болгон. Ошол жыйында Матай ойлонуп, акылдуулук менен тескей жагы жакшы, бизге ошол жагын бер десем, баары бир сарбагыштар күчкө салып тартып алышы мүмкүн, ошон үчүн “биз өзүбүз аз эле элбиз, күңгөй тоого жаз эрте келип жылуу болот. Бизге ылайыгы келсе ошол жагын бергин» дейт. Чындыгында эле сарбагыштар күңгөй жагы жайлуу экен деп чериктерге тескей жагын берет. Чериктер ичинен “уттук” деп акыры тескей жагына кете беришет.

Көл жактан (бугу элинен) Өмүрзак баатыр Чыныбай баатыр менен бийлик талашып, жайлуу жер издеп Ат-Башы жакта черик деген эл бар деп угуп, 500 түтүн эли менен Чеч-Дөбөнүн шилисине отурукташат. Анын ою боюнча ошол жерге бийлик кылмак болот. Келгенден кийин эч кимди теңсинбей жата берет. Ошондо черик элинен бир акылман чыгып, Чеч-Дөбөнүн шилисине Өмүрзак деген баатыр келиптир, барып көрөлү, эл болом десе аны көрөлү, дешип үч-төрт жигит менен бир жылкы жетелеп жөнөйт. Аттан түшүшүп Өмүрзак баатырдын үйүнө кирип салам бергенде, баатыр тетири карап жатып алат. Акылман баатырдын байбичесинен “баатыр сыркоолоп калганбы”- дейт, ошондо ал “жок, эркелеп атат” дегенде Өмүрзак баатыр кайра карап тура калат. Акылман жигиттерге акырын жылкыны агыттырып жиберип, «Өтүп баратып учурашып өтөлү дедик эле» - деп жигиттери менен кетип калат.

Өмүрзак баатыр элден жердин кышын, жайын сурап, малын кайда багышты сурайт. Ошондо мындай деген жооп алат: “Ат-Башы каарына алса эки кышы бир келет, каарына албаса эки жайы бир келет, быйыл жыл жакшы боло турган, аба ыйрайы жакшы жашаан берип жатат”-дешет.Өмүрзак баатырдын элге үстөмдүк кылып, бийлик жүргүзөрүнө

түшүнүп, акылман Көбөн жайчы менен мындай деп кеңешет, “булутту байла чилдеге чейин кар жаадырба, чилденин учурунда пайдаңды тийгиз”. Ошентип, акылман жайчы менен сүйлөшкөндөн кийин элге бирден ат, бирден согум, жаш балалууларга бирден саан уй алып калып, калган малыңарды Ак-Сайдын Кытай чек арасындагы Тоюнга кыштаткыла дейт. Акылман жыйырма ирик алып калып, чилдеге чейин байлатат. Чилде түшкөндөн баштап Көбөн жайчы күнүгө бирден ирик союп кар жаадыра баштайт. Кар жаап бүткөндө Ат-Башынын батыш жагы аттын үзөңгүсүнөн, чыгыш жагы төөнүн чычаңынан болот.

Өмүрзак баатырдын малы кырыла баштаганда, жок дегенде жылкыларын аман сактап калуу үчүн ашуу сурайт. Чыгыш жактан Кынданы, батыш тараптан Көк-Белди, мындан чукул ашууларды жашырып коюшат. Кындадан ашууга болбойт, себеби кар ат бою жааган. Баатырдын айласы кетип, жылкыларын Көк-Белден ашырып Алай-Кууга кыштатып, кулун кара кулак болгон кезде, жылкыны Алай-Куудан айдап, Көк-Белден ашмак болгондо, жылкынын алды белден ашып, аягы белди таянганда Көбөн жайчы күндү жайлатып, үч күнү, үч түнү жамгыр жаадырып төртүнчү күнү тизеден кар түшүрөт. Ошондо Көк-Белде жылкы кырылып, кара кулак кулундан башкасы бүт кырылат. Ошол жылкынын кырылган сөөгүнөн Көк-Бел ашуусу: “Сөөк-Бел” деп аталып калат. Өмүрзак баатыр кайра элине кетээрде черик эли минерине бир байтал, жүк жүктөөрүнө эки өгүз берип көчүрүп жиберген.

## 18. ЖЕДИГЕРДИН ТАРЫХЫНАН

Баястан иниси Султандын үйүндө жетим бала Кубатбек чоңоет. Кубатбектен -Үзөн, Уултай, Адылбек. Үзөндөн-Анарбек.

Жедигердин тобу Кара-Бууранын оң жээгинде жашайт. Сол жээгинде Баястан, Султандар жашайт. Айылдан жедигерлердин ал жайын билип келиш үчүн жетим бала Кубатбекти жиберишет. Айылын билип кел дешет. Жедигерлердин айылында үйүлүш ичип[2] жаткан кези болот. “Жетим кел, кел”- дешип кымыз беришет. Тамаша кылышып, такыясынын төбөсүн кесипташташат. Бала-Кубатбек ыйлап Баястан, Султанга келет. “Кубатбектин такыясынын чокусун кесиши, менин башымды алам дегени экен го”- деп Баястан, Султан келип Жедигердин айылын чаап алат. Жалал-Абадда (Аксы) Жедигер менен Баястан, Султанга калыс тууган жарым падыша жашап турган.

**Жедигерлер:** “Баястан, Султандар бизди эч кандай күнөө жок чаап алды” деп жашырын киши жиберет. Ал убакта эл көчүп Кара-Кысмакка барып калган экен. Ошондо жарым падыша “Баястан, Султандын башын алып кел!»- деп, 40 жигитин жиберет. Кайта “Баястан, Султан Жедигерлер бир тууган болушса, менин жибергеним жаңылыш эмеспи? - деп ойлонуп, артынан ат чаптырат. Чабарман жолдо Чаначта келе жатып, атынын буту суурдун ийнине кирип кетип, аттын буту сынат. Атын жетелеп келсе жарым падыша Баястандын башын алып, Султанды колго түшүргөн экен. Ошондо эл: “Бирин өлтүрдүңүз, бирин тирүү калтырыңыз!”- деп чуулдаган экен. Жарым падыша: “Кош өгүздү кошу менен сурабайсыңарбы?”-деп Султанды кошо өлтүргөн экен.

## 19. ЧАЙКӨЗ

Рай-Баястан, Султан – Сарымсак, Шатман – Бообек – Тойчук, Жедигер. Сарымсак, Шатман, Чайкөздөн кошулат. Сарымсак, Шатмандан качып, Баястан, Султан өзүнчө коргон куруп,өзүнчө айыл болуп жашап калат. Баястан, Султан, Кесен, Ала-Буканы бийлейт. Чайкөз өлөт. Эл көп келет. Малдын башын салууга убакыт болбой калган дешет. Баястан, Султан Ала-Буканын каны менен жакшы мамиледе болушат. Сарымсак, Шатман, Ала-Букалык ханга: “Баястан, Султан акыры силерди өлтүрөт же кууп чыгып Ала-Буканы ушулар бийлеп калышы ыктымал”- деп чагым салат. Ошол себептен Баястан, Султанды бирге өлтүрүп, асканын бооруна көмүшөт. Баястан, Султандан  Аскар деген бала калат. Аскарды Кара-Буурага көчүрүп келет. Сарымсак улгайып калган мезгили экен. Абаң менен учураш дегенде Аскар учурашпай койгон экен. Топтолуп келген эл (багыштар) томсоруп атты башка чапкандай кайра тарткан дейт. Ошол мезгилде Аскар 12 жашта болот. Бир күнү Сарымсак аксакал тоого куш салыш үчүн чыгат. Аскар кунанын жайдак минип капыстан Сарымсакка жолугуп калат. Сарымсак салам берген экен,Аскар алик алат. Аскар абасы Сарымсактан кушту колго кондуруу үчүн сурайт. Сарымсак берет. Ошондо Аскар кушту колуна алып, кунандын соорусуна чапкылап, кунанды туйлатып, “мына кушуң тапка келип калды”- деп, Сарымсактын алдына кушту ыргытып жиберген экен. Анда Сарымсак: Бул баланын кеги ичинде экен. Акыры бизди жөн койбойт окшойт деп баланы өлтүрүүнүн амалын издей баштайт. Аскар ооруп калат. Табыпка көрсөтүүнү туура табышат. Ошол мезгилде Сарымсак табып менен сүйлөшүп, уу берип өлтүрөт. Аскар өлгөндөн кийин бир жыл өткөн соң анын туугандары батага келишет.

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр**

1. Латынч-саясий нараазычылык, толкундоолор.
2. Үйүлүш ичүү-чогулуп бир үйдөн тамак ичүү.

# Ү1 БӨЛҮМ

# Болумуштар

## 1. Коной, Шургуй баяны

.**Айтуучу:** Султаналиев Төлөбек (1962-жылы туулган), уруусу-чымынтай.
Ак-Талаа району, Ак-Кыя айылы.  2004-жыл.
**Жазып алган:** Султаналиева Таалайкүл.     №2184-дептер.

Теңир-Тоону жердеген кыргыз элинин саяк аттуу уруусунан чыккан Коной аттуу балбан жашаган. Өз учурунда Коной  Жумгал жериндеги Суусамыр өрөөнүндө

отурукташып калган. Коной убагында аябай акылман, сөзгө чечен, балбандык жайы бар, ошондой эле адамдар менен күрөшүп, алышып жатып эч жеңе албаган, далысы жер жыттабаган адам болот. Далай эрлер Конойду жыгабыз деп барышып, көз ачып-жумганча жерге чапкан Конойдун жеңишине ызаланышып кетишчү экен. Көкжал карышкыр колдоочусу бар Коной өзүнүн адам аттуулар жеңе албас балбандыгына сыймыктанып жүргөн учурда алыскы Куртка жергесине турмушка чыккан эжесин эстеп, бир боорун сагынып, учурашып, ал-абалын сурап, көрүп келгенге аттанып жөнөйт.

Коной Куртка жерине барып эжесине учурашып, жаңылыктарды айтышып конок болот. Ошол учурда жээни Шургуй кол арага жарап, колго суу куюп калган кези экен. Шургуйдун кебетесине караганда өзүнө окшош. Конойдун балдары өзүнө окшош баатыр, балбан чыкпаганына абдан өкүнүп жүрчү. Ушул жээнинен үмүттөнүп бир байкап көрөйүн деген ойдо сынамакка өтөт. Дасторконго тартылган тайдын эти желип бүтүп бата кылынып, колго Шургуй суу куя баштаганда, Коной Шургуйдун бутундагы булгаары өтүгү жаңы эле жасалганын байкап такадан кармап калат. Таякесинин сынап жатканын байкаган сезимтал Шургуй билмексен болуп басып өтө берет. Ошондо өтүктүн такасы таякеси Конойдун колунда калат. Бул булгаары өтүктү Шургуйдун энеси атайын баласына арнап Кашкардагы чоң устага жасатып берген. Уста өтүктү абдан бышыктап, мыгын катуулап уруп, узак мезгил кийсе да, отко, сууга салса да эч нерсе болбогудай кылып бекемдеп жасаган экен. Ошол өтүктү тартканда такасы колунда жулунуп калганынан Шургуйдун жөн бала болбостугун байкайт. Жаштайынан ушунча күчтүү экен, чоңойгондо баатыр чыгат жээним деп сүйүнөт. Анткени, «өзүмдү тарткан эч ким болбоду, жок дегенде ушул жээним өзүмдү тартса экен» -деп, тилеп жүргөн. Ошол үчүн да эжесине атайын учурашып келген эле. Кубанган Коной «Менин жолумду жолдогон, ишимди уланткан, атымды алыска чыгарган тууганым бар экен» - деп Суусамырды көздөй эжеси, жээни менен коштошуп, батасын берип жолго түшөт.

Шургуйдун бутундагы булгаары өтүктүн такасы жулунуп кеткенде айылдагы бийлер, байлар таң калышып, күбүр-шыбыр күчөй берди. «Жанагы кичине Шургуй баатыр же балээ чыгат окшойт» - деген ушак-айың желдей таркайт. Элдин көзүнөн, сөзүнөн, ичи жамандын арамдыгынан корккон энеси чыйпылыктап жүрдү. Кантсин анан эне байкуш. Эне деген бала үчүн эмнелерди гана жасабайт. Чымчыктай баласы бирдеме болуп кетпегей эле деп корккон энеси: «Аа, жанагы баламдын өтүгү эскилиги жетип, тамтыгы калбай, күнгө оңуп, күйүп бүткөн неме эле. Баскан сайын тигиштери сөгүлүп, катуураак чуркап койсо түшөйүн – деп калган болучу, таякеси кармап койсо такасы түшүп калбаспы, араң турган неменин»-деп, элди жооткотуп жатты. Кайра-кайра какшап айта берген сөзүнөн, эл бир ишенбей, бир ишенип, ичтерине тымызын катып. ой-ойлошуп кала беришти.

Арадан жылдар өтүп Конойдун жээни Шургуй эр жетти. Куртка жерин жердеп Сөң-Көлдү жайлап, өзүнө жашташ, өзү сыяктуу күчтүү жигиттерден дос, жолдош күтүп, эрдиги жетип, бийликти өз колуна алды. Далысы кең жайылып, билектери бууранын санындай болуп, мойну көк жал карышкырга окшоп түйүлүп, кабагы карыш түшүп, ар дайым сүрдүү көрүнөт. Алышып жеңе электе эле Шургуйдун сүрүнөн бир канча адамдар, мен деген эл кыйындары, мен деген эрлер коркуп сестенип турушчу. Анткени менен Шургуй өтө жылдыздуу эле. Бети ак жуумалынан тартып, кашы капкара, кирпиктери ботонукундай узун, эриндери чоктой кызарып, жанды өзүнө тартып турган. Шургуй

суйкайган Соң-Көлдүн сулууларынан тандап жүрүп Түмөнбайдын Нуркыз сулуусуна үйлөнөт.

Шургуй бир күнү Чүйдө жашаган досуна барыш үчүн ошондой эле урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай эл-жерди көрүп келгенге аттанып жөнөйт. Жанына жолдошун ээрчитип, жолуна азык алып Суусамырды айланып Чүй өрөөнү тарапка жөнөй берди. Ошол учурда таякеси Коной түш көрүп, эртең менен эрте чоочуп ойгонуп элин чакырат. «Элим, түндө түш көрдүм, жээним Шургуй келе жатыптыр, бирок, андан аркысын көрбөй чочуп ойгонуп кеттим дейт. Эч кимиси бир ооз сөз да айта албады. Коной «эмнеси болсо да жээнимдин алдынан тосуп чыгайын» - деп, жанына киши албай ашууга чыгып, кырда жайланып жатып, күтөт. Шургуй ошол учурда кырга келип калган эле. Коной жээнимдин күчтүүлүгүн бир сынап көрөйүн - деп, шымаланып билектерин түрүнүп, камчысын оозуна тиштеп Шургуйга бет алды. Жетип барып эле шап билектен кармап, ат үстүнөн эңише кетишти. Шургуй таанып «таяке бул мен жээниң эмесминби» - дегенине Коной болгон жок, кичине күчүн байкайын деген ойдо: «Жоо аяган жаралуу дейт, кана күчүң бар болду бекен!» - деп айтып ийди. Араң турган Шургуйдун намысына бул сөз октой тийип, сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетти. Ошондо Шургуй билектерин түрүнүп, чындап эңишке түштү. Эки балбан биринен-бири күчтүү көрүнүп, бирин-бири жеңе албай, күн-түн кармашты. Алты күн ат үстүнөн кармашып, жетинчи күнү дегенде жерге түшүп күрөшө баштады. Жерден да эки балбан жети күн алышып бирин-бири жеңе албай жатышты. Ошондо Шургуй карып калган чалдан жеңилеминби деп катуу намыстанып, ач айкырыкты салып, ачуусу келип, болгон күчүн бир жыйнап таякесин басып жыгылды. Эзели далысы жер жыттабаган Коной балбан ошондо жеңилди. Аябай өкүнүп: «Кайра кайрылып, келээриңде жети күндөн кийин үйүмө түшүп, даам ооз тие кет»-деп Шургуйду үйүнө чакырып коюп өз айылына бет алат. Шургуйдун эң жакын бир досу Коной жерге жыгылганда колтугунан көк жал карышкыр секирип чыкканын байкап калат. Бирок аны Шургуй байкаган жок. Көк жалдын секирип чыкканын досу да айтпады.

Шургуй барчу жерине барып, Чүй өрөөнүн айланып, кайрадан өз айылына келе жатканда баягы таякесинин сөзү боюнча анын үйүн көздөй ат башын буруп кайрылат. Кырга чыгып караса, таякесинин үйүнүн эшик алдында кара желек сайылып, ак боз үй тигилип калган экен. Ошондо досу баягы көк карышкырдын секирип кеткенин Шургуйга айтып берет. Таякесине катуу кайгырып, өкүрүп түшүп куран окутуп, кызуу кандуулук кылып койгонуна аябай өкүнүп, ичинен сызып, туура эмес иши үчүн күнөөлүү болуп кудайдан, элден, таякесинин арбагынан кечирим сурап, өз айылына жол тартат. Таякеси көк жал карышкыр колдоочусу секирип чыкканда эле оңбой калган экен. Көрсө, бактысы баштан тайыганда колдоочусу кеткен тура.

Ошентип Шургуй өз колу менен жасаган ишине, таякесине катуу тийгени үчүн кайгысы ичине батпай, бүк түшүп жатып калат. Кайраты качып, жөлөп-таянар тоосунан ажыраганы үчүн эч жакка чыкпай, баягыдай эрдигин көрсөтпөй, жарытылуу тамак ичпей, жайылып киши менен сүйлөшпөй, аза күтүп жатып калган экен.

Арадан көп убакыттан кийин жата берип бук болгон Шургуй Кашкарга жылкы чаап келиш үчүн жөнөйт. Эң мыкты тулпардан минип, жанына жолдошторун ээрчитип Кашкарга сапар алат. Кырга чыгып алыстан көз салып караса, бир ак өргөөнүн ичинен кирип-чыгып бир киши жүргөн экен. Барып билип келүүгө тыңчысын шайлап, кечти күтүп, түн киргенде жиберет. Тыңчысы көзгө көрүнбөй чуркаган, атка жеңил, тайга чак

өтө митаам, сезгич адам экен. Барып караса ак өргөөнүн ичинде чабдар кашка ат таң ашырылып, суутулуп, табында турган экен. Кайра келип тыңчы мырзасына баарын айтып берди. Шургуй жетип барып кароолчусун чаап чоң ак өргөөнүн ичиндеги Чабдар кашка атты жетелеп чыгат. Бирок, жигиттери оңдо, солдо жайылып атчан жүргөн жылкыларды айдап Куртканы көздөй жөнөшөт. Шургуй жолдоштору менен Жаман дабанды ашып, чокусуна чыгып, эс алып отурушканда кайдан-жайдан пайда болду ким билет, ак сакалы жайкалган, бою кичинекей бир абышка келип: «Балам, жалгыз ушул Чабдар кашканы мага бер калганы сеники болсун, бардык жылкыларды айдап кеткин. Ушуну калтыр?» - деп жалынып суранып, алдына чөгөөлөп туруп алат. Шургуй картаң абышка экен деп эч нерсени ойлонбой, чылбырды кармата салды. Кедейген абышка ошол замат шарт минип, сооруга камчыны бир салып, көздөн кайым болот.

Шургуй ал кетээри менен жүрөгү бир укмушту сезгенсип башкача боло түштү. Жепирейген чал Чабдар кашка менен Кашкарды бүт айланып, Кылмергенди издеп жөнөйт. Кылмерген алысты көргөн, жазбай аткан мерген экен. Жепирейген чал Нарын дарыясына жетпеген Ак-Токойдогу алп дарактын башына Кылмергенди жашынтат. Шургуй жолдоштору менен тайдын этин чокко кордоп жешип, эс алышып, уйкуларын кандырышып жолго чыкканда чал Кылмергенди жашынтып койгон болот. Абышка Кылмергенге: «Нарын дарыясын кечип, орто жерине жеткенде Шургуйду мээлеп аткын»- деп эскертет.

Ошентип Шургуй жылкыларды Нарын дарыясынан кечирип, өзү да дарыядан өтүп баратты. Эмнегедир алдын-артын кылчактап, жүрөгү бир башкача нерсени сезип тургансыды. Алыстан карап турган Кылмерген: «Ай бир азамат экен да, атпай эле койсом кантет, бирок душмандын иши душман да, жоо аяган оңбойт, баары бир бөрү баласы ит болбойт эмеспи, ай болбостур, болбостур!» - деп мээлеп турган саадагын тартып жиберди. Жаанын жебеси учуп барып Шургуйдун далысына барып сайылганда аттан ооп түштү. Бирок Нарын дарыясы агыза албай, атка сүйрөлүп жээкке чыгат. Ошентип сөөгүн туугандары алып келип Курткага коюшкан экен.

## 2. Кабатайдын төрт уулу жөнүндө баян

**Айтуучу:**белгисиз.

**Жазып келген:** Кожоева Дамира. №299-дептер.

Кабатай карыянын төрт уулу болгон экен. Эң улуусу Шүкүр, экинчиси Үмөт, үчүнчүсү Кожоберди, эң кенжеси – Бөрүбай. Бул төрт бала жетим калышат. Ата-энесинен ажырап, жокчулук, жетимчиликтин азабынан тентип жүрүп, Көлдөн Чүй тарапка барышып жан багып жүрүштү. Арадан бир топ жыл өтөт. Чоңоюшуп, эр жетип, мал курап оокат кылып жүрүшөт. Турмуштун каатчылыгын көп тартып, күйдүм-быштым болуп төртөө тең тың чыгышат.

Түн жамынып бул төрт бала ар кимдин малын союп алып өзүлөрүнүн айылындагы элди бага баштайт. Малды башка алыс жактан, байлардыкын уурдап келишчү экен. Мурунку убакта топ-топ өзүнчө айыл болуп, кыргыз эли көчүп-конуп жүрө берчү экен. Бул жигиттер колунда жок бечаралар менен биригип, өзүнчө бир айыл болуп чогуу турушуп, төрт жигит буларды багууга аракет жасашат. Балдар жакшы чыгып эл оозуна алынып калат. Алыс жактан байлардын малын уурдап келет. Түндөп алып келген малды союшуп, терисин ошол замат Шүкүр ийлеп, кайыш кылып салат. Үмөт болсо казан-аяк

кармап, уй саап бир туугандарын багат. Кожоберди коркпогон эр экен, ал уурдап келет. Бөрүбай айлакер экен, келген куугунчуга жообун берип, этти айылдаштарына теңдеп таратып турчу экен.

Байлар шек санап, уурдап келген малды кармаш үчүн аңдытып тыңчы коет да, катуу көзөмөлдөп калышат. Күндөрдүн биринде Бөрүбайлар бир байдын бээсин союп, боз үйдүн ичинде этти айылдагыларга бөлүштүрүп койгон. Ошол учурда байдын жиберген кишиси шыкаалап турган экен. Ошондо Бөрүбай: «Кожоберди аке, а дөбөгө карта сал, бу дөбөгө карта сал»- деп шашып этти бөлүштүрүп жатканда айылдаштарынын бири Кожоберди-ден бир сөз сурап калат. Анда Кожоберди ага: сөзүң болсо ага сал деген экен, шашып жатып: баягы андып турган киши баарын толук көрүп, этти бөлүп жатканын, андагы айткандарын көкүрөккө толук түйүп, Шүкүр тору бээнин терисин кармалап отурганын дагы байкайт да аттанып кетет. Ал аңгыча болбой Бөрүбай тышка эки жакты карайын деп чыга калат. Кетип бараткан кишини көрүп: «аттигиниң, тыңшап турган экен»- деп кейип калат.

Бул тыңшап турган адам эртең байга айтса, мени бай чакыртат деп амал ойлоно баштайт.

Эртеси Бөрүбайды бийге чакыртат экен. Бөрүбай барат экен да: «чакырыпсыз бийим» -деди. Кел, Бөкө, кел дейт бий. Майтандын боз жоргосундай жылжыган бийим, ал дөбөгө карта сал, бул дөбөгө карта сал, сөзүң болсо айта сал бийим, бул да болсо сөздүн салты дейт. Бий: Бөрүбай мага Майтандын боз жоргосундай мыкты жорго тартуулай турган болду деп ойлонуп калат да, Бөрүбайды актап жиберет.

Көп өтпөй экинчи бийге чакыртат. Салам айтып кире берип: Кыраан боз куштун коңгуроосундай шаңгыраган бийим: ал дөбөгө карта сал, бул дөбөгө карта сал, сөзүңүз болсо айта сал. Бийим бул да болсо сөздүн салты экен дейт. Бул бий да Бөрүбайды мага коңгуроолуу алгыр куш тартуулай турган болду- деп, бул жөн эле сөзүнүн салты турбайбы деп актап коет.

Үчүнчүсү чакыртат. Бий: кел, Бөкө дейт.Кара тондун жакасындай жайкалган бийим. Ал дөбөгө карта сал, бул дөбөгө карта сал, сөзүң болсо айта сал. Бул да болсо сөздүн салты дейт. Бий ичинен мага Бөрүбай келишкен кара тон тартуулай турган болду дейт да, аны да актап коет.

Төртүнчө бийге чакыртат. Кара атандын чуудасындай сеңселген бийим, чакыртыпсыз келдим. Ал дөбөгө карта сал, бул дөбөгө карта сал, сөзүң болсо айта сал. Бул да болсо сөздүн салты дейт. Бий ойлонуп калат да, мага кара атан төө бермек болду -дейт да, бул ак экен деп бий актап жиберет. Ошентип, бир топ күн өтөт.

Биринчи бий киши жиберет: «Бөрүбай мага бир боз жорго берет алып кел»-деп.

Экинчиси – кыраан коңгуроолуу куш, үчүнчүсү – жайкалган кара тон, төртүнчүсү чуудасы сеңселген кара атан төө берсин – деп чабарман жиберишет.

Анда Бөрүбай буларга мен берем деген эмесмин, жөн гана сөздүн салтын айтып, салыштырганмын деп жиберген кишилерин кубалап жиберет. Ошондон кийин Бөрүбайды кодулашып кубалашып, жер биздики, бошоткула дей башташат. Анда да Бөрүбай амал ойлонот: жер меники деп чатакташы- шат. Бийлер: Кандайча сеники болот дегенде Бөрүбай: бул жер меники, бул жерге менин атам бээ байлачу деп чатак салат. Эмне белгиң бар, жети күн мөөнөт беребиз, эгер ушул күндө белгиңди таап көрсөтпөсөң бул жерден көч» - дешет бий-манаптар. Ошондо Бөрүбай акыл ойлонот да жерге эски

кууратган казыкты кагып коет. Калыс адамдар алты күнү издешип, тажаганда: Бөрүбай тап белгиңди, болбосо көчөсүң дейт. Анда Бөрүбай: ушул эле жерде боло турган эле желенин казыктары деп ал жерди бир чаап, бул жерди бир чаап, баягы өзү кийиз коюп так түшүрбөй каккан куу казыкты «карс» эттире сындыра чабат. Мына, менин белгим, жер өсүп, казык көрүнбөй калган тура деп казыкты көргөзөт. Калыстар карап көрүп,чын эле эзелки эски казык экен деп таң калышат. Бөрүбай бул жер эми меники эмей кимдики деп өзүнө кестирип алган экен. Ошол жерди азыр да Бөрүбайдын сеңири дешет.

## 3.Чулум баатыр жөнүндө

**Айтып берген**: Каратаев Абике, 84 жашта. Ысык-Көл району, Чырпыкты айылы.

**Жазып келген:**Кожоева Дамира. №299-дептер.

Чулум деген баатыр жигит болгон экен. Чулум менен жогоруда сөз болгон Бөрүбайдын агасы Кожоберди теңтуш экен. Кожоберди менен Чулум жигит-жалаңы менен жортуулда жүрүп, булардын кимиси баатыр экенин сынап көрүшмөк болот. Бир жерге өргүп эс алышмак болот да, калың эски мүрзөлөрдүн жыгачтарынан алып келип тамак бышыралы дешет. Ал көрүстөндүн бирине мурда барып Чулум ак кепинге оронуп жатып алат экен. Кожоберди барып баягы эски мүрзөлөрдүн арасын аралап, жыгачтарынан алып жатса, бир эски көрүстөндөн арбак кол сунуп, Кожобердини буттан алат. Анда Кожоберди: «Өлгөн сен эмес, тирүү жүргөн биз да жан багалбай жүрөбүз» - деп кылчайып туруп башка тээп жиберип кете берген экен. Жыгачты алып келсе жолдоштору сурайт: -Эмне көрдүң?- дешет. Кожомбердинин тили чулдур экен «жыгачты алып жатсам бий айбак талашат. Өлгөн сен эмес, тийүү биз жан бага албай жүрөбүз-деп, бейбей алып келдим»-деген экен.

Күндөрдүн биринде жолборс чыкты деп, адамдардын ары-бери өтүп каттоосуна коркунуч туулат. Буга ким барып, жолборсту жок кылат дегенде Кожоберди: мен барам дейт. Эл карап турушат. Кожоберди: ошол ыйкыйаган иттен да киши койкобу?- деп колунун билегинен ийинине чейин аркан ороп алып барышат. Жолборс качырып чыкканда сол колун оозуна тозо берип оң колундагы балта менен башын жара чабат экен. Ошол кезде Чулум качырып барып найза менен сайып өтөт. Чулум мен сайдым, мен жыктым дейт. Карап турган калыстар: Кожоберди жыккандан кийин Чулум сайып кетти дешет. Кожобердиге ошол эрдигинен кийин Кандын Ак кыз деген кызын алып беришет. Ошол Кожобердинин тукуму азыр да бар.

## 4. Кабанын баласы Шыкмамат

**Айтуучу:**

**Жазып келген:**Кожоева Дамира.№299-дептерден

Кабанын эки аялы болуптур. Экөө бири-бирине аябай өч экен. Бир күнү Каба жайлоого көчөт. Өзү мурун барып, конуш камдап турайын дейт да, жигиттеринен төөлөрдү айдатып жиберет. Улуу аялы жоош төөлөргө жүктөрдү артып, кичүү аялына азоо төөлөрдү таштап кетип калат. Каба аялы барганда сурайт: Баланча кана десе бир шылтоолорду айтып коет. Каба өзү барып көчүрүп келейин десе эми ошо кедей немеге өзүң чуркап жүрөсүңбү, жигиттерди эле жибербейсиңби – дейт, улуу аялы. Жигиттер

келгенде кичүү аялы эс алып, эртең көчөлү деп тамак берип, жаткызып коет. Эртең менен жүктү жүктөп жигиттерди силер кете бергиле. Менин кичине жумуштарым барэле деп жөнөтүп жиберет да, бешиктеги Шыкмаматты эңип алып атасынын үйүнө кетип калат. Атасы Кандабас бий деген болгон. Артынан Каба да барбайт. Ошентип Шыкмамат эр жетип чоңоет. Шыкмамат барган жеринен эле олжолуу болуп келет, таякелери куру келет. Бир күнү Шыкмамат «туу»[1] жеңип алат. Ал тууну таякелери тартып алып, тентиген саяк, тентип эмне жүрөсүң деп урушушат. Ыза болгон Шыкмамат түз эле энесине келип, менин атам ким деген киши, кайсы жерден болот деп кыйнайт. Атаң жалдуу Каба шилисинен тартып куймулчагына чейин жылкыныкындай жалы бар, жоого чыгаарда ак кийинип, ак боз ат минип дайыма жигиттердин алдында жүрөт. Кашын кое берсе көзүн жаап калат, ошондуктан ак жоолук менен өйдө кылып туруп таңып алат. Ошентип, таякесине барып: «Мен атамды табышым керек, мага жигит кошуп бериңиз» - дейт. Таятасы жигит кошуп берет. Шыкмамат келип Кабанын калың жылкысына эки жолу тийет. Каба унчукпайт. Жылкычылары Кабага арызданып келишсе кийинкисинде Каба өзү жол тозуп турат. Шыкмамат караса энеси айткандай ак боз ат минип, эң алдыда күтүп туруптур. Келгенде эле: «Бу сен кандай немесиң, жылкымды бир эмес эки жолу тийдиң унчукпадым дегенде Шыкмамат: «алсам мен өз жылкымды алып жатам»- дегенде атасы анын Шыкмамат экенин билип бастырып кетейин десе атын тизгинден алып, энесине алып барып жаңыртып нике кыйдырат. Кабанын сөөгү Шыкмаматтын үйүнөн чыккан дешет.

## 5. Бердике баатыр

**Айтуучу:**Төрөбек уулу Өскөн. Тоң району, Көк-Мойнок айылы.

**Жазып келген:**Шаршеева Назгүл. №127-дептер.

Бердике баатыр 1750-жылдан 1758-жылга чейин 8 жыл аралыгында Талас менен Чүйдөн калмактар менен согушуп, өзүнүн эли-жери үчүн душмандарын сүрүп чыгарган. Ал абдан ак жүрөк, тайманбаган эр болгон.

Бердике өзүнүн жигиттери менен жоого чыкканда, өзүн душмандарга тааныттыш үчүн, жигиттеринин бардыгына бирдей ат мингизип окшош кийим кийгизип, баштарына ак кийинишсе ак, кызыл кийинишсе, кызыл жоолуктан байлатып койгон. Ошондуктан душмандар Бердике баатырды өлтүрө албай көп убара болушкан. Ар кандай амал жасашса да, Бердике колго түшкөн эмес. Бир күнү Бердике баатыр калмактардын артынан кууганда бир чепке барып жашынышат. Үч күн түнү менен согушушат. Калмактын ханы Бердике баатырды кармай албай коет. Бердике баатыр жоого чыкканда желдеттерин тизип, өзү бир күнү он биринчи болуп тизилип согушка кирсе, экинчи күнү он экинчи болуп күнүнө ордун алмаштырып турган. Бердике баатырдын от жагып, тамак жасаган адамын калмактар колго түшүрүп алып, андан Бердике баатырдын эртең кайсы сапта тизилип согушка кирерин билип алышат. Эртеси жоо Бердикени таамай далысына атат. Бирок Бердике ошол жерден жыгылып калбай өзүнүн эли-жери үчүн кечке дейре

салгылашты. Ок тийгенде Бердике баатыр өзүнүн жанындагы желдетин чакырып, өзүнүн атына чылбыры менен мойнунан баштап арчындатып байлатат да, согуштун аягына чейин салгылашат. Кечинде өзүн жаман сезип аттан араң түшүп, жигиттерин чакырып акыркы сөзүн айтат. Мен согуш талаасынан жыгылып калсам калмактар Бердике баатыр өлдү деп элибизди чаап кетет, силер мени «Кызыл чапка» алып барып коюп, түндөп качкыла деген экен. Жигиттери Бердике баатыр көз жумгандан кийин «Кызыл чапка» барып коюшуп, түндөп качып кетишет.

Бердике баатырдын мүрзөсүнүн үстүнө кийин чоң чынар терек өсүп чыккан. Азыр ошо чынар теректе эки миңдей кой жуушайт. Ал жерге азыр элдер барып Бердике баатыр эрдигине таазим этип арбагына сыйынышат. Бердике баатырдан : Сатыбек, Тойчубек, Жабагыр, Жарыке, Жаныбек деген беш уул калган. Бердике баатыр өлгөндөн кийин казактын сынчысы баатырдыгын угуп, Бердикенин балдарын көрмөккө чакыртат. Бердике баатырдын беш уулу тең келет. Ошондо казактын сынчысы Бердике баатырдын балдарын көрүп мындай деп сынаган экен.

Жарыкени – 2, 3 түтүндөн ашпайт, тукуму аз болот.

Жаныбекти – түтүнү аз болот, бирок бөтөн эл көп жүрөт.

Сатыбектин – өмүрү кыска болот.

Жабагыр – уругу көп, жакшысы да көп болот. Ушу Жабагырдан 1000 түтүн тараган азыркы убакка чейин. Ошондо айткан экен казак сынчысы: «Бердике өлбөптүр, анын беш берени калыптыр гой» - деп, Бердике баатырдын балдарын көрүп, өзүнчө суктанган экен. Булардын кыздарына да бериптир бактыны – деп, да айткан экен.

Жабагырдын Алтын деген кызы болгон. Анын күйөөсүнүн аты Бошкой. Бошкойдун 6 баласы болгон,алтоо тең алты жерде болуш, бий болуп турган. Алтын байбиче элге таанылган бийбичелерден болгон. Бир күнү ошол тегеректин бийи Байтик аялы Апарга Алтын байбичени үйүбүзгө чакыртып чай берип коелу деп кеңешет. Алтын байбичени үйүнө чакырышат. Келер күнү атайын чатыр тиктирип даярданып турушат. Апар жаңы кийимдерин кийинип Алтын байбиченин астынан тосуп чыкмак болот. Алтын байбиче алты аял менен келе жатканын көрүп Апар ат алып келгиле деп жигиттерине айтат. Жигиттер үйүнүн астында байланып турган азоо атка, шашып ээр токуп Апарга алып келишет. Апар минсе ат үркүп, эки бутун өйдө көтөрүп үркөт. Ошондо эки жигит эки жагынан кармап Алтын байбичени тосуп чыгышат. Апар байбичеге жетип колун сунса Алтын байбиче Апардын колун силкип, бастырып кетет.

Апар ичинен аябай жаман болуп калат. «Каап тосуп чыкпай эле койбой»- деп. Үйүнө киришип чай ичишип жаткан убакта Алтын байбиче Апарга мындай дейт:
«Апар, сен жана мага таарынып калдың го, мен атайын колуңду кактым, анткени эмне үчүн сен жаңы кийинип, азоо атты алкынтып эки жигитти эки жагыңан карматып тосуп чыгасың же мен сенин үйүңдө жүргөн кийимиң менен эле жөө тосуп чыксаң мени тааныбай калат дединби. Мен сенин Апар экениңди ансыз деле билем го дептир. Мына, сен гана эмес, мен деле мындай жыртык кийем деп төшүн ачып көрсөтүптүр. Алтын байбиче канчалык жакшы кездемеден көйнөк тиктирип кийсе да, бир жерин жыртып туруп башка кездемеден жамаачы салып койчу экен. Ал чындыгында эле жупуну кийинип жүрчү экен. Менин деле алты балам алты жерде бий болуп турат, мен деле көтөрүлсөм жарашмак. Бирок сен канчалык барктуу болуп, зоболоң көтөрүлсө, ошончолук өзүңдү басмырт алып жөрбөйсүңбү – деп, акылын айткан экен. Ушундан биз Алтын байбиченин

жөнөкөйлүгүн, кыраакылыгын,  ар нерсеге терең ой жүгүртө билгендигин жана баатырдыгын билебиз.

## 6.Толук айылы жөнүндө

**Айтып берген:**Моңолбаев Осоке (1984-жылы 90 жашында кайтышболгон).

**Жазып келген:**Алымбаев Болот. 1988-жыл , №1103-дептер.

Илгери бир укмуштуудай ажайып кооз жер болуптур. Туш  тарабында күмүш чалган, чокусу асман тиреген залкар тоолор менен курчалыптыр. Тоолордогу токойлордон адам аралай алчу эмес экен. Шылдыраган тунук булактары, көк кашка суулары, карагат, бүлдүркөн деген тим эле төгүлүп турчу. Мына ошол токойлорду аралап аркар, кулжа, элик-бугулар ээн эркин эле жүрө берчү экен. Ал мезгил адамдын каны суудай төгүлгөн алдууну алсызы кор кылган жоокерчилик заман болгон. Бирок, туш тарабын бийик тоолор курчап, ашуулары татаал болгондуктан Толукка эч ким өтүп келе албаптыр. Эли мурдагыдай  эле  ынтымактуу  жашай беришиптир.Уруш-талашты билишпептир. Мына ошол учурда алты кабат ааламдын сырын аңтара билген *акылман* жер кыдырып жүрүп туш болот. Жердин сулуулугуна суктанат, байлыгына баа берет. Андан кийин киши бою жер казат. Топурагын чуңкурга толтурса, топурагы ашып-ташып калат. Мына ошондон эзели  эч нерседен кем болбогон жер экен. Адамдарынын пейили ток, меймандос экен. Эч нерседен кемибеген, бардык нерсеси толук экен. Мындан ары «Толук» болсун, оомийин, бактыңар ачылсын!»-деп батасын берип кете бериптир. Ошондон ушул убакка Толук аталып калышы ушундан экен.

## 6.Жалкоо келин

**Айтып берген:** Усупбекова Шекенай, 90 жашта.  Кара-Буура району,
Шекер айылы.

**Жазып келген:** Ашыров Мырзабек.     №486-дептер.   2000-жыл.

Өткөн заманда жаңы келин жыл маалы үйдөн чыкпай, чыкса да жашырып кирип-чыгат экен. Андай жаш келиндерге убагында тамак бербей унутуп калган күндөр да болуптур.

Бул окуя илгери бир байдын айылында болгон дешет. Айылдагылар эркек-аялы, кары-жашы дебей айылчылап кетишет. Ээн үйдө калган келин курсагын бир тойгузмакчы болуп, кайын энеси олтурчу чоң үйдөн айран куюп келмекке жөнөйт. Уяла турган киши жок, ээн үйдө айранга карк болуп, көнөчөгүнө мелт-калт айран куюп, карысына илип, өзү олтурчу үйгө жөнөйт.Үйүнө келсе босогого туурасынан тайлак жатып алган экен. Тургузгандан эринген келин, тайлактын үстүнөн «аттап өтүп кетпеймби?- деп аттап өтүп бараткanda тайлак туура калып, келин үстүнө минип калат. Үстүнө чымын кондурбаган азоо тайлак алып-учуп үркүп жөнөйт. Жыгылбастын айласын кылган келин тайлактын өркөчүн бекем кучактап, көнөчөгү карысына илинген бойдон кыр ашып алыс кетет. Ошол маалда үйүнө келаткан кайната, кайнагалары астынан чыгып башынан ылдый айран болгон тайлакчан келинди учкаяк атчан немелер зорго кармап келишет. Кайнагаларын бетин ачып карабаган келин, башынан ылдый айран төгүлүп, абийири мындан төгүлүп уят болуптур.

## 7.Шопок атанын касиети

**Айтып берген:**Узакова Мария, 79 жашта. 1991-жыл.

**Жазып келген:**  Жумаева Асел. №615-дептер.

Шопок ата бир күнү талаадан куштун жумурткасын таап алып келип үйүнө коюп коет. Бир кызы келип ал жумуртканы жеп алат. Аны Шопок ата көрүп, «Каап, өз балдарым эмес, жээндерим тың чыкмак болду»-деп айткан экен. Көрсө, жумуртканы төлгө кылып үйгө алып келген экен. Айтканындай эле жээндери, балдарынын уулдарына караганда тың чыгыптыр.

Шопок ата кыш мезгилинде Эки-Нарындын башында Кара-Каман деген жайлоодо кыштап, ошондо ооруп калат. Кар жаап жолду бөгөп салат. Балдары кандай кылабыз деп турганда Шопок ата: «Мага ыйманымды окуй турган кишилерим келет, жолду карап тургула» - дейт. Уулдары жолду карайт, эч ким жок. Анда Шопок ата: «Мындай болбойт эле, жакшылап карагылачы»-дейт да, керээз сөзүн айтат: «Мени кышында эч жакка алпарбагыла убара болуп. Жол ачылып кыш чыкканча сере жасап, 4 мамы орнотуп, үстүнө карагай төшөп, ошол жерге убактылуу койгула. Ит-куш жебесин. Жаз келгенде төөгө жүктөп, Бети-Каранын талаасына алып баргыла.Төө чөккөн жерге көмгүлө. Ары-бери өткөн адам куран окуй жүрсүн -деп айтат.

Эшикке беш селде чалынган, эшек минген эшендер келет. Ыйманын окушат. Шопок ата каза табат. Жаназасын окуп, сөөгүн жууп, кепинге орошот да, көздөн кайым болушат. Балдары айтканын кылып, жазында жолго чыгышат. Жүрүп отуруп төө чөккөн жерден Шопок атанын бейити орун алат.

Азыр да ошол сере куураган абалда турат, аны эл «Куу сере» деп аташат. Бейити урап, сайган карагай мамысы азыр да бар. Ал бейит Нарынга бараткан жолдогу Тянь-Шань районуна караштуу Куйбышев колхозун көздөй бурулуштун каршысында турат. Дагы эле бар.

Бул адам касиеттүү экен. Айтканы-айткандай чыккан, өтө акылман, жаш кезинде баатыр, балбан адам болуптур.

## 8. Галий бий

**Айтуучу:** Аянбеков Рахым, 84 жашта. 1991-жыл.

**Жазып келген:** Жумаева Асел. №615-дептер.

Кыргыз жерин жердеген, атасы казак, энеси ногой, өзү өтө бай адам Галий деген болгон экен. Токмокто жашап турат. Ал жерде майда дүкөндөрү, кербен сарайы болот. Мал-жаны көп болгондуктан жылкылары, койлору Кара-Кужур өрөөнүндө, Соң-Көл жайлоолорунда жайлап, кыштачу. Жергиликтүү байларга от майын төлөп, малын өз жылкычы, малчыларына бактырган. Токмоктон Кара-Кужурга келип, малына көз салып кетүүчү. Өзү бай болгону менен өтө мээримдүү, март, боорукер адам болгон. Өз малчыларына: «Карыган жылкынын этин жебегиле, аларды тайгандарга союп бергиле, өзүңөр ачка болбогула, каалаганча пайдалангыла, конок келсе мал соймоюн жаткырбагыла, коңшунун коногун кошо чакырып коноктогула, бирок өзүңөрдүн ишиңер ак, мага кара санабагыла» - дечү экен. Эгер кой-козусу, же бир малы жоголду десе: «Барып карап кел, тери-сөөк, бир нерсенин изи бар бекен, болсо тим койгула, издебегиле, ит-кушка тим койгула, издебегеле, ошолорго жем болгон турбайбы» -деп, койчу экен.

1916-жылы тентип Турпанга барып келген Аянбек деген кишиге жолугат да, анын өз жанынын тыңдыгына ыраазы болуп, аны кол астында кызматчысы кылып алат. Аянбекке көп мал берип, үйлөнтүп, өзүнүн эсепчиси кылып коет. Ал киши кербенин Бухарага алып барып мал сатып, түшкөн акчасына оокат сатып алып келчү экен. Галий бий Аянбекке 300 кой берип: «Төлү, эти сеники, башы меники, каалагандай пайдалан» - дептир.

Кийин Совет өкмөтү 1927-29-жылдары Галий байдын мал-мүлкүн ортолукка алат. Ага эч каршылык көрсөтпөгөн. Анын малын, жылкысын жайлоолорунан айдап келип Чоң-Кара-Кужурга топтоштурат. Совхозго өз ыктыяры менен өтөт. Дүкөндөрү, кербен сарайы бүт тартылып алынат. Малы мурдагы малчылары менен кошо эле ортонун малы делип, өкмөттүн эсебинен багыла баштайт. Галий бай өзүнө «чычкак улак» алып калбайт. Ал түгүл, өз үйүн да тартып алат. Үй-бүлөсү менен бир туугандарынын үйүнө келип кирет. Галий байга кулакка тартылбаганы гана олжо болот. Анын жылкычылары: Жарты. Абдраман, Жумаалы, Үкүбаш, Сокоштор болгон. Булардын анча-мынча колунда малы бар үчүн Галий байдын куйругу деп кулакка тартышат.

Кийин Галий байдын асыл тукум жылкыларынын  негизинде Тянь-Шань №53-жылкы заводу уюшулат. Согуш убагында ушул жылкы заводу фронтко жылкы берип турушкан. Жылкычылардын эмгеги зор. Жалаң эркек адамдар согушка кетип, жылкыга жаш бала, аялдар, чал- кемпирлер калып багышкан.

Согушка чейин ушул №53 Тянь-шань жылкы заводунан да Чолпон-Ата- дагы жылкы  заводуна жылкыларды  алып келип, алар да Галий байдын жылкыларынын тукумунан таралат. Согуштан кийин Оштогу, Таластагы жылкы заводдор  уюшулуп, ал жерлерге да айдап 300-400дөн жылкыларды беришкен.  Жылкыларды  колхоздун жылкычылары айдап барышкан. Алардын бири Аянбеков Рахым болгон.

## 10. Жумаалы балбан

**Айтуучу:** Жарманалиев Абдыкожо, 62 жашта.Ала-Тоо көчөсү-28.

**Жазып келген:**Абдрасулова Эльмира Кыдырмаевна.1988-жыл.

№604-дептер.

Сөз учугун билген, көргөн жана уккан окуяларды, уламыштарды айта билген  кары адамдар  аңгемесин баштаганда эле илгери  деп башташат. Алар кайсы жылдарда болгон окуя экендигин так биле алышпайт эмеспи.  Ошондой эл ичинде сөз болуп айтылып жүргөн бир окуя эле. Илгери Жумаалы деген балбан болгон. Кыргыз элинде Кожомкулду билбеген адам болбос. Ал кишинин атагы Олуя-Ата (Жамбыл) болушундагы казак туугандарга да белгилүү чыгаар.

Ошол Кожомкулду жыккан бирден бир балбан Жумаалы Сарбагыш уулу болгон дейт. Жумаалы Сарбагыш уулу Жумгалдын көкүрөк жагындагы Курманкожо элинен, азыркы  Кызыл-Туу колхозунан болгон. Ал киши Отор, Маланке, Сагыналы деген балбандарды жыгып жүргөн киши эле.

Октябрь революциясынан мурда кыргыз элинде манап, бий-болуш жана байлардын арааны жүрүп турган мезгилде алар аталарына, жакын туугандарына өзүнүн атагын чыгарыш үчүн көптөгөн мал союшуп, уруу элдерин ашка чакырып, ага бир жыл, эки жыл камынган. Ошондой чоң ашты Суусамырда Түрүкмөн деген болуш ашты Сарыпбек деген агасына берет. Түрүкмөндүн байлыгы мол  адам эле. Ал  мурда Чүй боорунда солто жана кытай элдерин, быягы сарбагыш элин бүт ашка чакырууга аракетин кылат. Бирок ошол жылдары  Россия кыргыздардан аскерге алат экен деген каңшаар эл ичине тарап кетет. Ошондой окуядан чочулап Түрүкмөн жалаң саяк элин чакырып, ашын калтырбай өткөрүүнү чечет. Ашты Суусамырда  кеч күздө өткөрөт. Ашка чакырып Курманкожо, Кулжыгач, Боркемик ж.б. элдерине кабар бердирет. Ашка 40таган үй тигилет. Жүздөгөн бодо жана майдажандыктан эсеби жок сойдурат. Ашка ат чабышка, эр эңишке, балбан күрөшкө, аркан тартыш деген улуттук оюндарга чоң байге коет.  Ат чабышта өзүнүн Сур

кашка, Кер чабак деген аттары чыгып келип, баш байгени өзү алат. Эр эңиштен да өз жааты байгелүү болот. Балбан күрөштө ошондо Кожокеме (Кожомкулга) күрөшкө киши чыкпай турган эле. Жаш Калык ырчы элге жар салып, аты менен эл аралап ырдап турган дейт. Намысына келип, Курманкожонун манабы Көкүмбай Жумаалынычакыртат.
Жумаалы анчалык чоң эмес тегерегинен келген, мойну жоон, далысы бир кес келген сындуу киши эле. Дайыма өзүн сыпайы кармап, бешмантчан жүрөр эле дейт. Жумаалы келгенден кийин Көкүмбай: «Жумаалы, эрге намыс, коенго камыш» деген. Сенин күчүңдүн пайдасын качан көрөбүз. Намыска жарагын, биз дагы элбиз да. Сенин күчүң Кожомкулдан кем эмес. Менин угушума караганда Жылкычы- Кыядан жүгү менен учкан төөнү токтотуп турсун намыска жара» - дегенде: мейли эми, макул деген экен. Курманкожолуктар тез эле кандагайды (күрөшкө кийүүчү тери шым) алып келишти. Жумаалы кандагайды кийбестен, өзүнүн сары бешманты менен күрөшкө чыгат. Кожокем каршы күрөшүүгө келе жаткан Жумаалыны капарына алып да койгон жок. Жарданып карап турган эл бешмантчан келе жаткан Жумаалыны таң калышып карап калышат. Аңгыча Кожомкул ордунан аттай болуп туруп экөө бүт кыймылы менен күрөшкө кирет. Жумаалы шамдагайлык менен Кожомкулдун ичине кире калып, оң жамбашына салып жыгып кеткен экен. Жарданган эл дуу этип, Кожомкулду жыккан кишини көздөй агылып жөнөйт. Көргөн эл: капырай, кичине эле киши экен. Кожомкулду кантип бат эле жыгып кетти. «Колдогону бар го» - деп таң калышат. Кээ бирлери: далынын кара жалдуусу турбайбы,карылуу эле киши көрүнөт» дешет. Ошентип,Кожомкулду жыгып кеткен Жумаалы Сарбагыш улуу болгон. Кийин бир топ жылдан кийин Кочкор «Сталин» району болуп турган кезде (1935-1936-жылдары го) Кожокем партячейка болуп иштеген учурда азыркы Кызыл-Туу колхозундагы Куйручук аксакалдыкына келип конот. Ал бир топ жолдоштору менен Кочкорго бараткан болот. Эртеси Кожомкул Кукеме Жумаалыны чакыртып берүүсүн өтүнөт. Жумаалы келип, Кожомкулга учурашат. Чай ичилип бүткөндөн кийин Кожомкул күрөшсөм деген ниетин айтат: анда Жумаалы:- Кожоке, экөөбүздүн жашыбыз тең чама эле көрүнөт. Күч жагынан Сизге тең келээр адам да жок- дейт. «Сиздин жөөлүгүңүздөн пайдаланып жыгып кеткемин» - деп күнөөсүн мойнуна алат. «Мен арманда калып, намысым сынып жатпайбы» - дейт Кожомкул. Сиз менен күрөшпөймүн, күрөшсөм мени эзип коесуз, деп - болбой коет. Анда ыраматылык Кукем: «Оой, кербенчинин алдыңкы нарындай болгон арам, Жумаалыны тырпыратып кармап сойгуң барбы? - кой баатыр, күчүңдү чоң Поронсодон[2] келгендерге, күзүндө көрсөт - деген экен.

## 11. Бөлтүрүк балбан жөнүндө сөз

**Айтуучу:**Дүйшө кызы Курманбү, 79жашта. Талас району,
Кызыл-Туу айылы.
**Жазып келген:** Абдыраимова Ирина. №1323-дептер.
Кыргыз эли өз уулдарын баатырлыкка, балбандыкка үйрөтүп, бул өнөрдү туу тутушуп алдыңкы орунга коюп келишкен. Балбандарды урматтап, аларды даңаза кылып, балбан-күрөш сыяктуу оюндун түрүн аш-тойлордо өткөрүшкөн. Аш-тойлордо күрөшкө катышып, жеңип чыккан балбандардын аты дубандан дубанга тараган. Баланча жерде мындай балбан бар экен деп, ооз жүзүндө угулган. Кезинде кыргызда аты алыска угулган төө балбан, Ак балбан, Коной, Самак, Кабаа, Кожомкул, Бөлтүрүк сыяктуу балбандар

өткөнү  тууралу маалыматтар бар. Ал эми балбан Кошойдон бери кыргызда  не деген балбандар өтпөдү? Алардын даңкы ушул күнгө жетпеди. Ошол балбандардын  ичинен кийинки кезде жашаганы Кожомкул менен Бөлтүрүк. Бул экөө замандаш жашаган кийинки кездеги эле балбандар. Кожомкулду болсо даңазалап 100 жылдык тоюн өткөрдүк. Ал эми Бөлтүрүкчү?  Бөлтүрүк балбан  Кожомкул менен бирге жүргөн Кожомкулдан кийинки кыргызга белгилүү адам болсо да, азыркылар аны унутта калтырышкандай. Мен ошондуктан азыркы ачык айтуу мезгилине таянып, Бөлтүрүк тууралуу болгонун-болгондой баяндагым  келет.

Бөлтүрүк Чормон уулу азыркы Ысык-Көл областындагы «Оттук» айылында кедей-кембагалдын үйүндө туулган. Атасынан эрте айрылып, бай-манаптарга жалчы болуп жүргөн. 1916-жылы аскерге чакырууга ал да тизмеге илинип, Октябрь революциясы жеңгенден кийин кызылдардын катарында жүрөт. Граждандык согушка катышып кызыл аскерлердин отрядына командачылык да кылат. Ушул уруштарда көрсөткөн эрдиги үчүн аты  жазылган кылыч менен сыйланган деген да имиш бар.

Казак айылдарына түшүп, конок болуп, атактуу казак акыны Абай Кунанбаевдин тууганадары менен ымала түзүп кетет. Казактар Бөлтүрүк  балбанга: «**Абайдын кыргыз баласы - Муса баатыр (Бөлтүрүктү)** деп ат койгон дешет.  Семейдеги казак эли Бөлтүрүктү өз кулунундай көрүп урматташат. Бөлтүрүк казак жеринде бир топ жыл жашап калат. Ошол жерден Бөлтүрүктүн  казак туугандары  аял  алып берет. Ошондон кийин Бөлтүрүк  казак туугандары менен кош айтышып, өзү туулган жери Оттукка көчүп келген экен. Көп жыл бою казактарда  жүрүп  келген Бөлтүрүк казак тилин аралаштыра сөйлөчү дешет. Бул адатын ал өмүрүнүн акырына чейин таштабаптыр.  Абайдын ырларын  кыргыз жерине эң биринчи Бөлтүрүк алып келип, ар дайым ырдап жүрчү экен. Өз балдарым билим алса экен деп, ал  Оттукка келгенде биринчи болуп там салып, ал үйүнө Кумган үй (мончо) курган. Колхозду уюмдаштырууга каршы чыккан  бай-манаптардын тукумдарын кулакка тарттырууга катышып, совет өкмөтү үчүн эмгек сиңирген. Казак элинин белгилүү жазуучусу Мухтар Ауэзов Кыргызстанга келген сайын Бөлтүрүк балбандыкына келип аңгемелешип, көпкө дейре жатпай  отурушчу дешет. Бөлтүрүк менен Мухтар  абдан жакын достордон болушкан экен. Көргөн-билгендердин айтуусуна караганда Мухтар  өлгөндө  Бөлтүрүк да барган дешет. Мухтарды жерге койгондо  барган адамдардын сүрөтүнүн арасында Бөлтүрүк да бар экенин таанып, Бөлтүрүк өзү салган тамын  балдар билим алсын деп мектепке айландырып өкмөткө өткөзүп берген.  Мындай ишти  чанда гана адам жасайт. Ошол мектеп болгон Бөлтүрүктүн өз колу менен курган тамы азыр кароосуз, уроо алдында турат. Аны эптеп оңдоп  Бөлтүрүктүн үй-музейин ачып коюуга неге болбосун? Ал эми анын  балбандыгына келсек,  ал убагында  кишичил бууранын көтөргөнү тууралуу кыргыз карыялары азыр да айтышат. Айылдагы кээ бир адамдар: «Бөлтүрүк Сары-Ала Кыз деген жайлоого келип калды» – деп эскеришет. Ошондо Канар деген дунган балбан келип кыргыз балбаны менен күч сынашмак болот.  Адегенде Канарга кезек келип, жөн гана күрөшпөстөн күчтөрүн көргөзмөк болушат. Канар жерди муштаганда жер чуңкурайып түшөт. Ал эми Бөлтүрүк аттын такасын кадимкидей сындырып, ийип коюучу дешет. Анын дагы далай балбандыгы тууралуу эл ичинде айтылып жүрөт.

Кыргызда Кожомкул жана Бөлтүрүк аттуу эки балбаныбыз бар. Булардын атын даңазалап элге жайылтуубуз гана керек. Бөлтүрүк азыркы күндө болгондо ал дүйнөгө

белгилүү балбан болмок. Бирок, ушул убакка чейин бул жөнүндө сөз козгогон эч ким боло элек. Анын эстелигин орнотуп, ысымын мектепке же көчөгө берип, үйүн оңдотуп, үй-музейин ачып, ал жөнүндө изилдөө жүргүзсөк абдан жакшы болоор эле.

## 12. ОРУК-ТАМ КЫШТООСУ

**Айтуучу**: Алсеитов Абышка.Тянь-Шань району, Орук-Там айылы.1990-жыл.

**Жазып келген:** Аалиев М. №126-дептер.

Орук-Там кыштоосу Кичи-Нарындын баш жагы: күн чыгышы Ысык-Көлгө ашташкан Кара-Каман, Балгарт, Арчалы, Сары-Бел; түндүк жагынан Кара-Саз, Жалак-Бел, түштүгүнөн Нарындын Чоң-Айгыры, Чоң-Капчыгай жана күн батыш жагынан Сары-Күнгөй, Кум-Бел ашуусунун ортосунан орун алган.

Орук-Там малга жайлуу, кокту-колот, ашуу-бел, күнгөй жагы адыр, бөксө тоолор кыштын кайсы мезгили болсун кар жатканы менен малга жайлуу, тескей жагы карагай-чер, арча-кайың жана түрлүү бадалдар, кайберендер, ар кандай илбээсиндер: улар, кекилик, чил, коёндор, кашкулак, түлкү, карышкыр, элик, тоосунда мүйүзүн каркайткан тоо теке, эчки, бугу-маралдары менен башка жерлерден айырмаланат. Орук-Там кыштоосу жөнүндө бала кезинен жашоочу, ушул жерде ата-бабасы өнүгүп-өскөн эмгектин ардагери, "Ардак-белгиси" ордендин ээси, көп жылдар ушул жерде ар кандай кызматтарды аркалаган, көп жыл эл башкарган атабыз Алсеитов Абышка кеп кылат:

Тээ илгери баш канжыгада, кан көөкөрдө, ат жалына казан аскан жоокерчилик заманда калмак-кытайлар калың мал, алтын-күмүш, зар жана сулуу күң-кыз алыш үчүн ушул Орук-Там өрөөнүнө келип, Калмак-Ашуу менен Жалак-Белге кароол коюп, Тамыр-Суунун куюшуна сепил куруп, жай алып калышат. Алардын максаты Эки-Нарын өрөөнүн, Тянь-Шанды, Ат-Башыны, Ак-Талаа жана Тогуз-Торо элдерин чаап алуу, талап-тоноп, чоңолжого батуу болгон. Бул жөнүндө "Эр Табылды" эпосунда кеңири айтылат, аны көпчүлүк кыргыздар билишет, билбегендери жоктур. Элдин айтуусу боюнча калмакча "оорук-тыл", "таш-кыштоо" деген маанини же "тылдагы-там" - деген маанини билдирет. Өзүбүздүн эле ата-бабаларыбыздын айтуусунун себеби: ичкери Нарын өрөөнү, Кара-Саз жайлоосу жагына
канчалык кар калың жааса да, Орук-Тамга кар жаабайт. Эл оозунда "Айланайын Орук-Там ата кудай тааламдын кар түшүрбөгөн бастырмасы"-деп, бекер жеринен айтышпайт. Эчен жут болгон жылдарда Орук-Тамдагылар малын аман алып калышкан. Кар жокко эсе, жер кур чөп, күңгөй-тескейинде бирдей, жери бийик, кар жааган күндө да көчкү жүрүп, жер ачылып, мал жайылууга мүмкүнчүлүк алат.

Калмак-кытайлар бул жерге бекеринен келип отурукташпаса керек. Кыштын кандай катаал шартында да, жер кара, мал кол карабайт, зоосунда эчки-теке, адам баласы үчүн бекер тамак болуп, тескейи караган-чер, отун-суудан камсыз кылып турган. Ошондой эле душмандардан коргоонуу үчүн эки жагы бийик-зоо, кароол кароого жана коргонууга чептик милдетти аткарган экен - Орук-Там. Кийинки эле согуш мезгилинде Сары-Күңгөйдүн башы Кум-Белден Шивилит жана алтын кени чыгып, ошону иштетүүдөгү оор кырдаалда Орук-Там кенинде иштеген миңдеген адамдарга, жээрине: кийиги-тамак, кийим, чер-токоюу жашаарга-үйү, жылынаарга – отун, элди сактап калды ачарчылыктан» –дейт, Абышка аба. Ошондо мени согуштан «брон" менен калтырып, кенде иштеген элди мергенчилик кылып ар кандай кайберендердин эти менен камсыз кылып турдум.

Ушул жылдары далай кыйынчылыктарды баштан кечирдик. Эл ач-жыланач, күн суук, 40дан жогору болот, жумуш жалаң кол күчү күрөк, чукулук, лом ж.б. менен иштелет. Бир эле окуя жер бийик болгондуктан алтын чайкоочу темир ноону жана бир эски полуторка машинасын бөлүк-бөлүк кылып Кара-Кужурдун Сары-Булагынан атка, төөгө жүктөп 250-300 км жерден 10 чакты күндө жеттик. Экинчи бир жумушка барууда нечен бороон-чапкын, туман баскан кышы кыска күндө, эрте барып, кеч кайткан кезде кен чыккан жерден жашаган жерге чейин адашып, далай адам кош айтышып дүйнө менен айла кеткенде атайын киши коюлуп, ар бир кадам чырпыкты 1,2 мерт бийиктикте карга сайып, жүрүп отуруп аралыкты байланыштырып турушчу, жумушчулар сайылган белги аркылуу аралыктан адашпай байланышып турдук. Азыркыдай күчтүү техника, электр жарыгы болсо кана, бирок ошонун баарын жеңиш үчүн, келечек үчүн жасады ар бир адам. Акыры соолуган Гитлер соолуп, согуш аяктады, эл тилегенине, мүдөөсүнө жетишти. Бирок согуштан кийинки ач-жылаңач жутаган элди багууда аз да болсо, Орук-Там кыштоосу өзүнүн пейлин салды.

Эки колхоздун Жданов кийин (Үч-Нура) колхозу менен Ленин колхозунун субай бодо, уй, топоз жана жылкыларын жана миңдеген койлорун бир тоголок жем-чөпсүз эле аман-эсен кыштатып турушту кайратман малчылар. Ошолордун катарында мен да өз үлүшүмдү кошуп келдим. Адегенде ушул жердеги элди турмуш-тиричилик, соода-сатык боюнча мен тейлеп турдум.

Товарларды: ун, чай, кант ж.б. Кара-Кужурдагы соода борборунан же азыркы Ак-Кыя кыштагынан ат коштоп барып жүктөп келип таратып турдум. Машина дегенди Кочкор, Нарындан көрүп бизге келээр бекен деп кызуу кеп кылаар элек бала-чакага. Кийин Үч-Нура колхозунун Орук-Тамдагы бригадасына бригадир болуп иштей баштадым. Бул жылдарда деле көп кыйынчылыктарды көрдүк. Транспорт каттабайт, малчылар малы менен Кичи-Капчыгай аркылуу көчүп келишет, кирген суу кечишет, чер токойду аралап өтүшөт, зоодон салынган эчен татаал кыялар аркылуу келип, кеч күздө кайра эрте жазда кетишээр эле колхозго. Ар бир кыянын, ар бир кечүүнүн тарыхы жатат ушул Капчыгайда.

## 13.ПРАВИЛАНЫ БУЗДУҢ

**Айтуучу:** Алсеитов Абышка. Тяншань району, Оорук-Там айылы.1990-жыл.
**Жазып келген:** Аалиев Кадыркул. №126-дептер.

Кеч күз. Кош короо койкошулуп, чак-челекей түшүп кымгуут. Наамат койчунун жини ушунча келүүдө: бул убакта үйдө аялы, бала-чакасы же кошунасы, койчу Абдыкалый эле болчу. Баарысынан да дагы бир балээ Жумаш мастын азабы өтүүдө. Мурунку жылы туулган ала козусун доолап же ары бастырбайт, же бери бастырбайт. Жакшы эле "Жуке мышайт этпечи, эртең аласың, көрүп турасың го, азыркы абалды десе», болбоду.

- Жок мага бүгүн ушул моментте, ушул секундда керек дейт да турат, бөлүүчү козуларды үркүтүп.

- Ушунча жини келген Наамат жондонкармап туруп, күл төгүүчү короонун кашаатынан алыс итерди эле Жумаш томолонуп, жулмаланып эле кирип кетти ойго. Бир аздан кийинчыгып келип:

- Ой акмак Наамат, сенправиланы буздуң: "Атчан киши, жөө кишиге кол салабы, кыйын болсоң, түш аттан кармашып көрөлү"- десе болобу.

- Анда Наамат "атаң көрү деле ушундан күйдүм"- деп, зор Накен аттан түшө калып басып жыгылат. Жумашты издеп жүргөн аялы көрө сала:

- Өлүгүндү ит жеген Намаат, чүкөдөй немени өлтүргөнү калган го, деп ортого түшө калганда: .

- Жумаш: «Ата-бабаңдынгана оозун урайын жаман катын, сен дагы "правиланы буздуң"- деп, туруп аялын эркекмушташып жатканда аял киши кийлигишпейт"- дептуруп аялын жааккабасып алат.

- Ошондо Наамат: Ой-айланайын, Жуке, ачуулуунун алдынан чыкпа!-деген экен, мен жылыгыштуумун.Бул сенин тилиңде мөөрүң бар, намыскөй, эр экенсиң, бир эмес экижолу жыктың деп ыраазы болуп, алдына түшүптүр Наамат Жумашка.

## 14.МУҢАЙ УСТА

**Айтуучу:** Калпаков Садыр. Тоң району, Дөң-Талаа айылы.

**Жазып келген:** Белгисиз. **№**10-дептер.

Береги шар аккан суунун жээгиндеги катар айылды-Балыкчынын айылы деп коюшат. Ошол айыл жайгашкан жерде мурда эч нерсе болгон эмес экен. Илгери ошол жерде Кокон күчөгөн мезгилде устачылыгы менен атагы бүтүн кыргызга угулган Муңай уста деген жашаган. Муңай уста темирди камырдай жууруп: айбалта, чочмор согуп, мылтык жасоочу экен. Андан башка ат жабдыгын да күмүш чаап, аземдеп жабдуучу экен. Мына ошол кесиби менен бир топ жыл жашаган. Муңай менен бирге дагы эки жаш бала, Алдаберди менен Алдаке жаңы устакана куруп, ээн-эркин узанууну чечишет. Устакана бүтүп, Муңай узана баштайт. Тегерегине бирин-серин эл көчүп келишип, айылга кошула башташат. Ошентип, Муңай устага курал, ат жабдыгын жасатып кетип турушат. Алдакеси ашкан корукчу, Алдабердиси мыкты, башкача болуп өсөт. Бул эки бала жетим болгондуктан Муңай асырап алган экен.

## 15.АК-БЕЙИТ

**Айтуучу:** Орозбаков Эстебес. Тоң району, Ак-Терек айылы. 1982-жыл.

**Жазып алган:** Эстебесова Гулмира. №28-дептер.

Илгери адамдар ат үстүнөн түшпөй, колуна кылыч, жонуна мылтык асынган, алдуулар алсыздарын тоноп,чаап алып турган жоокерчилик заман болгон экен.

Ошол күндөрдүн биринде кыргыз уруулары Какшаал тарапка жортуулга чыгып, бейкапар элди кыргынга учуратат. Мал-мүлкүн олжо кылып, талап-тоноп алышат. Ошол олжонун ичинде жаңы бойго жеткен жаш сулуу кызды кошо ала кетишет. Кызды өз жерине алып келишип, уруу башчысы-аксакалга нике кыйышат. Кыз айласы жок, качайын десе жер алыс, көзүнөн жашын агызып туруп калат. Ошентип күндөр өтө берет. Кыз киндик каны тамган жерин, ата-энесин, элин, өскөн курбу-курдаштарын сагынат. Олжого түшүп туткун болгонуна ичи ачышат.

Кыз тымызын суроо салып, элинин дайынын уга баштайт. Жол бою менен өткөн кербенчилерден өзүнүн амандыгын билдирет. Өз ичинен качам деп убада кылып, ыктуу учурду күтүп жүрөт. Акыры бул учур да келет. Айылда жалаң гана аялдар менен абышка-кемпирлер калып, эркектер кезектеги жортуулга кетишет. Ушундан пайдаланып, түн ичинде колуна бир түйүнчөгүн кармап үйдөн качып чыгат. Жолу жок ээн жерлер менен эч жанга көрүнбөй бекинип жүрүп отурат. Жөө баскан адамга жол кантип арбысын. Алы

кетип, азыгы түгөнө баштайт. Оюна оор нерсе түшөт. Тилегиме жетээр бекем, же эңсеген элимди көрбөй, өлсөм өлүгүм көмүлбөй ара талаада каламбы?- деп ойлонот. Бирок максатынан кайра тартпайт. Бир аз тыныгып жүрүп олтурат. Бешим чен болгондо күн бүркөлүп, караңгы кире баштайт. Сыягы катуу жаан болчудай. Баш калкалай турган жакын арада жай жок. Алдыда "кел кучагыма" дегенсип чоң сүрдүү капчыгай. Бет маңдайдан шамал согуп коркунучтуу караңгылык улам бүт ааламды чулгап,жакындап келет. Качкын далбастап жүрүп отурат. Бир кезде алдынан боз үйдөй дөмпөйгөн караан көрүнөт. Баш калкалап, турган таң ашыраар жан болоор деп ошону көздөй жүрүп отурат. Акыры келип жетет. Келсе капчыгайдын оозуна коюлган эски бейит экен. Ичине баш бакса төбөсү жабык, жаандан калкаланса болчудай. Капчыгай жактан суук шамал согуп, жаан ура баштайт алай-дүлөй түшүп. Бир аз тамактанып алып мүрзөнүн ичине кирет. Тегерегине көз жүгүртүп, кишинин сөөктөрүн, кийимдеринин тытыктарына көзү чалдыкканда денеси дүр дей түшөт. Мүрзөнүн ортосундагы көрдүн оозу ачылып, тапталып калган. Кайдандыр сасык жыт уруп турат. Азыр эле жаанга аралжы болоор деп үмүттөнгөн жайдын мындай көрүнүштөрү кыздын жүрөгүн түшүрөт. Эшикке чыгууга болбойт эле. Күн күркүрөп, чагылган түшүп, капчыгай жаңырып, коркунучтуу. Тобокел деп отурууга жай издей баштайт. Мүрзөнүн оозунан киши батып отурчудай текче көрөт да тырмышып чыгып ошол жерге отурат. Жол жүрүп чарчагандыктан уйкусу келет. Көзүн жумса эле бир балакет болчудай болуп уктай албайт. Кайсыл убак болгонун ким билсин, бейиттин тушуна дүбүрт келип токтойт. Сырттан сөгүнүп, жаанга наaразы болгон адамдын үнү угулат. Мингени эшек "хы-хылаган" болот. Аңгыча бирөө кирип келет. Албеттүү чоң, дүгдүйгөн киши экенин караңгыга көзү үйүр алып калган кыз баамдайт. Тиги келип күңкүлдөп, аны-муну сүйлөп, көрпөчөсүн алдына салып, курун, бычагын чечип башына коюп жата кетет. Кыз унчукпай отура берет. Өзүнүн бар экендигин билдирүүдөн коркот. Бир жамандык кылбасын деп алсыздыгын ойлойт. Чарчаган неме коркурап бат эле уйкуга кетет. Бир маалда баягы көрдүн оозундагы чөптөр кыймылдап, ичинен килейген карышкыр чыгат. Эч шашылбай, маш болгон немедей, тигинин башындагы курун, анан бычагын тиштеп эшикке алып чыгып кетет. Карышкырдын алдыңкы бир колу чолок экен. Ал адамды толук куралсыздандыргандан кийин гана кекиртегине курч азуусун батырат. Кыз корккону нан үнү чыкпай калат. Андан соң карышкыр сырттан эшекти жеп тойгондон кийин ушунчалык катуу, узак улуйт. Капчыгай ичи күңгүрөп, уу-дуу болот. Аксап акырын келип кирип кетет. Таң сөгүлүп кара пардасын тарта баштайт. Жаан да токтоп, күн ачылып калган. Түндө эле жашоодон үмүт үзгөн кызга жашоо нуру жылт этет. Бирок кыз жерге түшкөндөн коркуп отура берет. Бир маалда коңгуроо шылдырап кербенчилер өтүп бара жатканын билдирет. Ошондо гана кыз жаңы тилге келгенсип үнүнүн, бардыгынча кыйкырып эшикке чыгат да, кербенчилерди көздөй жүгүрөт. Кербенчилер көрүп чаап келишет. Кыз түндө болгон ишти баяндайт. Алар келип мүрзөнү казып, карышкырды өлтүрүшөт. Карышкырды союп, терисин атка жапса, ошондо да териси жерге тийип калат. Көргөндөр карышкырдын чоңдугуна таңданышат. Өткөн-кеткен жалгыз адамды жеп, кынык алган карышкырды ушинтип өлтүрүшөт. Ал эми кыз болсо элине бара жаткан кербенчилер менен кошо элине жетет. Чоң түлөө - той беришет.

- Ишим ак, адал экен,-деп жатып калат. Ошондон кийин баягы капчыгайдын ашуусу Ак-Бейиттин калчыгайы жана Ак-Бейиттин ашуусу аталып калды. Азыр ошол бейит турган жерге малчылардын маданий борбору ачылган.

## 16.ШЫГАЙДЫН БАЯНЫ

**Айтуучу:** Жоломан уулу Кадыр,72 жашта. Нарын, Тоголок Молдо айылы.

**Жазып алган:**Мамбеталиева Айнура. 1992-жыл. №3-дептер.

Өткөн бир кылымда Шыгай деген кедей киши болгон экен. Анын ага-инилери: бий, сопу, болуш, ыстарчын ж.б. болгон экен.

Күндөрдүн биринде Шыгай ага-инилери менен болуш шайлоочу жерге, жыйынга барат. Аны ага-инилери жинди Шыгай деп аташчу экен. Ал жерге ар уруунун көптөгөн бай-манаптары келип, уй мүйүз тарта отуруп калышат. Аларга Шыгай баш болгон ага-туугандары кошулуп отурушат. Бир убакта Шыгай жинди тура калып, отурган бай-манаптардын үстүнөн мазасын алат. Шыгайга ага-инилеринин жини келип, аны үйлөрүнө барышканда өлтүрүшмөк болушат. Ошентип, жыйын бүтүп, калганда элдер үйлөрүнө тарашат. Анын ага-туугандары чогулуп: биздин эл караган бетибизди жер каратып, башка уруулардын өкүлдөрүнө күлкү кылды –деп, аны өлтүрүшмөк болушуп, өздөрүнчө бүтүм чыгарышып, анын үйүнө келишет. Алардын чогулуп келе жатканын көргөн Шыгай колуна кумганын алып: балдардын жүрөгүн түшүрүп, аларды ызы-чуу кылбай арыраак барып кылчуусун кылсын – деп, аларды утурлай басат. Алар келишип, аны өлтүрмөкчү болгонун айтышат. Анда Шыгай менин эң акыркы айтаар өтүнүч суроом бар-дейт. Туугандары: «айт,айт!» - дешип уруксаат беришет.

-Эми силер мени терегете отургула, анткени жан чыкмак оңой эмес, кокус мен качып кетип жүрбөйүн дептир. Бирөөңөн болуш, экинчиңен бий, үчүнчүңөр сопу, төртүнчүңөр ыстарчындык артпады. "Күрүчтүнаркасы менен күрмөк суу ичет" дегендей, мен силерге эркелеп, силердин аркаңардан башка бай-манаптардын башынан: «куту кетсин, бактысы тайсын!» - деп силерге таянып, жиндилик кылып секирдим эле, эгерде мага жиндиликти да ыраа көрбөсөңөр аны да өзүңөр алгыла да, жеткениңер кезек менен жетпегениңер тезек менен уруп, өлтүргүлө, мен даярмын -дейт. Туугандары анын айткандарын угушуп, ага жооп таба алышпай сөзгө сынып жыгылыштуу болушуп, үйлөрүнө тарап кетишет. Ошентип, Шыгай сөзмөр, жөн билгич жана акылдуулугунан ажалдан аман-эсен калган экен.

## 17.КАРАКОЛ

**Айтуучу:**Жоломан уулу Кадыр,72 жашта. Нарын, Тоголок Молдо айылы.

**Жазып алган:** Мамбеталиева Айнура. 1992-жыл. №3-дептер.

Каракол тоолорунун батыш кыркалары Казакстандын Мерке жана Луговой райондору менен чектешет. Каракол тоолору менен тутумдаш Тегерек, Кууганды, Чанар тоолору ҮЧ миң метрден ашуун бийиктигинин чокусунда радио-лейная станциясы орношкон. Ушул станциянын жардамы менен эки республиканын коңшулаш райондорунун эмгекчилери телекөрсөтүү жана радио берүүлөр менен тыгыз байланышкан. Азыркы кезде Чанар тоосун ашып өтөтурган жаңы жол курулуп жатат. Бул жолТалас өрөөнү менен борборубуз Бишкектин ортосун түздөн-түз байланыштырып турат.

Каракол тоолору кең байланыштарга мол. Кийинки жылдары бул жагынан эң көп геологиялык изилдөө жумуштары жүргүзүлүүдө.

Өндүрдүн аба-ырайы Кыргызстандын башка жерлериндегидей эле континенталдуу. Бирок, Каракол жайлоолорунун бир өзгөчөлүгү кар жатпайт. Бул жагынан ал Кочкор өрөөнүнө окшошот. Ошол үчүн эки колхоздун койлорунун көпчүлүгү, айрыкча субайлары колхоздо кыштташат.

Каракол жайлоолорунун малга ыңгайлуу экенин элестетүү үчүн бир мисал келтирип көрөйүн: "Караколдо" да 50 миң кой бар, "Коммунизмде" да 50 миң кой бар. Ушу экиколхоздун 100 миң коюна жакыны жайында да, кышында да Караколдо багылат экен. Каракол өндүрүнүн, жер шартынын негизги белгилери ушундай.

## 18.Менин апам

**Айтуучу:**Жоломан уулу Кадыр,72 жашта. Нарын, Тоголок Молдо айылы.

**Жазып алган**: Мамбеталиева Айнура. 1992-жыл. №3-дептер.

Менин апам(Акмат кызы Калича) өзүн "Көкчө көз" тукумунан болом деп айтуучу эле.Бул тукумдун аталышына кызыгып суроо салганыбызда апам мындайча баяндаар эле. Илгери бабаларыбыз айт, той, аш күндөрү бириникине бири кирип,ак ниет, жакшы каалоолорун айтып, ошол тойго арналган тамакты ичишет экен. Мына ушундай улук күндөрдүн биринде кыдырып, тамак ооз тийипжүрүшүп, бир адам тамакка абыдан тойгон экен. Ал кезде кыргыздарда "көжө» дегенсүттөн акталып жазалган тамак өтө даамдуу болчу дейт. Ушул жармага абыдан тойгондуктан, ал адамдын ичиооруп жарылмакчы болот. Ошондо: "Оо кудай жармаңды ал да, жанымды кой!"- деп, жалбарыптыр. Ал бечаранын үнүкудайга жетпей калганбы, айтоор ал бечара, бул жарык дүйнө менен кош айтыша берген экен. Мына ушул баян эл ичинде күлкү болуп, азыркыга чейин айтылып жүрөт.

## 19.Жаман эчки

**Айтуучу:**Жунушов Азиз. Кочкор району, Орток айылы.

**Жазып алган**: Жусупов Нарынбек. 1991-жыл. №3-дептер.

Биз жогоруда айткан жайлоолордун арасында Жаман-Эчки деген жайлоо бар экен, малга жайлуу жакшы жер. Бирок төр жагы жалама зоо. Мына ошол жерди Турдубай мерген жашап турганына бир топ күндөр өтүп калганда ошол жалама зоолордон жүнү жыдыган бир эчки көрүнүптүр. Карпа-курп чыга калган калган мерген тарс бир коюптур. Эчкиге тийбей калган ок ташка жаңылып, капчыгай ичин жаңыртат. А эчки болсо таштан ташка секирип, алыстап кете берет. Атканы ката кетпеген мерген ызага буулугуп үйүнө кайтат. Эки, үч күн өтүп мерген кайрадан аңдыйт. Алыстан эле улактуу ошол эчкини көрөт. Өңүттөп барган мерген улагын атып алат. Эчки улам кылчактап алыстап кетет. Ошол эле түнү улактын жаш этин жеп жатышкан мергенчинин үйүнө баягы эчки келиптир. Боз үйгө кирип келген эчки улага тарапка чөгөлөй калып, маарай баштады дейт. Аялы боорукер адам окшойт, жеп жаткан тамагы өтпөй буркурап ыйлаган дейт. Ошентип эчкини үйүр алдырып жем-чөп берсе да, жаман бойдон калып 5 күн өткөндөн кийин мойнуна тагылган коңгуроо боюнча качып чыккан экен. Жылдар өтүп бир күнү аңчылыкка барса жакын эле жерден таш кулап качууга үлгүрбөстөн мергенчиге тийиптир. Ошол эле убакта эчки чыга калып эси оогон мергенди сүзгүлөп отуруп үйүнүн астына өлүгүн таштап, үстүнө баягы коңгуроону таштап кетиптир дейт. Азыр да ошол эчки, бийик зоодон улагын ээрчитип түшүп, чабандарга жакынырактан суу ичип кайтат дейт. Ошондон кийин улагын эч ким атпас болуптур.

## 20.Эки баланын бейити

**Айтуучу:**Жунушов Азиз. Кочкор району, Орток айылы.

**Жазып алган**: Жусупов Нарынбек. 1991-жыл. №3-дептер.

Азыр эки баланын бейити Тяншань районунда Көк-Торпок деген жерде. Илгери абышка-кемпир көп кыйналып жашынан бала көрүшпөйт. Эптеп-септеп малын багып, өздөрүнүн күнүн көрүп жүрүшөт. Ошол убакта ушул аралда анча чоң эмес көл болгон экен. Ошол жылы кыш катуу болуп суукболо баштаптыр. Ошентип кемпири карыганда боюна бүтүп калат. Абышка да кемпирине карап жер которуп көчпөй калышат. Кемпир-абышка карып калганда эки эгиз балалуу болот. Абышка ушул көлдүн жээгиндеги жайыт жайлуу болгондуктан эч жакка көчпөй, жайлап тура берет. Көлдөн кийин көк жайык кетип тулаң чөп менен жайкалып, андан ары адыр тоо уланып, күңгөйүндө калың карагай токой уланып кетүүчү экен. Бөпөлөп кемпир-чал балдарын багып, арадан жылдар өтөт, балдарынын тили чыгып, тамтуң туруп баса баштайт. Кемпир-чалдын бул коёндой эгиз балдары абдан ак чыгышат. Атасы малга кеткенде, биркүнү энеси эки эгизди «Тезек терип келгиле»- деп жумшайт. Керели кечке жүрүп экөө эки капты толтуруп келе жатып көлдүн жээгине ойномокчу болушат. Ошентип көлдүн чекесиндеги суу жеп кеткен аңдарда ойноп жүрүшүп бирөө сууга түшүп кетет. Экинчиси ага жардам берем – деп, кошо түшүп экөө тең көлгө чөгүп кетип өлгөн имиш. Жээкте калган тезек толтурулган эки бирдей кап калган. Ошондон кийин абышка-кемпир өмүрлөрүнүн аягында тапкан зор табылгаларын, өзүлөрүнүн келечегин ушул көлгө тарттырып ийгендигин арман кылып аз убактан кийин зар-муңдун айынан каза болгон экен. Элдин айтуусуна **к**карагандаар убакта ушул кичинекей көлмөнүн жээгинде ар дайым түн киргендеэки кичинекей эгиз бала жылаңач бойдон жетелешип алып көл бойлопчуркашат имиш. Көлдүн жээгинде күндүз болгон адамдар ташка айланганэки окшош тезек капты көрдүк дешет.

## 21.Саркалдай жөнүндө

**Айтуучу:**Жунушов Азиз. Кочкор району, Орток айылы.

**Жазып алган**: Жусупов Нарынбек. 1991-жыл. №3-дептер.

Саркалдай ушул эле Азиз карыя менен кошуна коюу короолош, айылы аралаш турчу экен. Алкезде айыл мындай чогулуп отурукташпай, ар кайсы жерде төрт-бештен отурушчу. Саркалдай өзү аябай коркок адам болгондуктан кишилер аны мыскылдашып "Саркалдай баатыр" дешчү турбайбы. Кыш убагы болсо керек. Айылдан 4-5 чакырым алысыраак бир туугандары кышкы согумдун этинен тамак жеп кет-деп, Саркалдайды конокко чакырып калат. Кыш күнү кыска эмеспи тамак жешип болгончо күн батып,караңгы кирип кетет. Тамак жеп болуп үй ээси:

-Ээ, Саркалдай эми конуп алып эле эртең кетсенчи, өзүң да коркок жан элең, караңгы да кирип калды-десе эмнеден коркмок элем, мени жечү ажыдаар болсо аны да көрөмүн- деп, болбой коёт. Ошентип, токулуу турган байталын минип, союлун ийнине салып жөнөп калат. Аңгыча ай да жаркырап чыга келет. Эки айылдын ортосунда чоң калың чий болоор эле. Ошол жерге келгенде ар кайсыны ойлоп деле коркуп келе жаткан Саркалдай: "Чапчу киши болсо ушул жерден чабат го" деп, кылчайып артын караса аргымакты минген, сакалчан бирөө союлун комдоп эми чаба турган болуп калган экен дейт. Байталын камчыланып Саркалдай качып жөнөптүр. Тээ алыс барган соң алдыда бир ороого жакындаптыр. Ошондо Саркалдай: -"Ээ ууру баатыр, сен да өлдүң, мен да өлдүм, алдыда терең ороо!"- деп, атын секиртет, жыгылып, ороого түшүп, акыры темтеңдеп туруп, таң агарганда араң үйүнө экөө барыптыр.

Эртеси айылда Саркалдайды ууру чаап, атын жыгып кетиптир деп түлөө бериптир. Ошол эле күнү кечинде эшикке чыкса, аты жем жеген акырында турат дейт. Көрсө, эч ууру жок

эле өзүнүн көлөкөсүнөн өзү коркуп качкан тура. Ачыгып калган байталы Саркалдай жыгылганда тегереккеоттоп кетип, курсагы тойгондон кийин үйүнө кетиптир.

## 22.САРКАЛДАЙДЫН ИТКЕ САЛАМ АЙТКАНЫ

**Айтуучу:**Жунушов Азиз. Кочкор району, Орток айылы.
**Жазып алган**: Жусупов Нарынбек. 1991-жыл.№3-дептер.

Саркалдай бир күнө чарбачылык жумуштары боюнча аттанып Чүйгө жөнөйт. Кыш күндөрү, ызгаар бети-башты каарыйт. Ичигине бетин тумчулаган Саркалдай Шамшынын белине жакындап калганда башына ак селде чалынган алдынан бирөө көрүндү дейт. Саркалдай коркконунан алдын карабай, ат жалын карап, эмне болсоң ошол бол, деп - бастыра бериптир. Бир маалда баягы ак селдечен жандап өтө бергенде, ылдый карап бара жаткан Саркалдай:

"Ассоламу алейкум!" - десе, алиги унчукпай өтө берди дейт. Тээ алысыраак узагандан кийин артын кылчайып караса салам айтканы ала–мойнок ит экен дейт. Көрсө Саркалдай баатырга ала-мойнок ит, ак селдечен адам көрүнгөн тура.

Согуш маалы бардык элдерге каатчылык алып келди го. Ошондой каатчылык мезгилде, элден чыккан ээнбаштар айылдагы анча-мынча малды уурдап, союп, уурулук менен жан баккан учурлары болгон. Ошондой күндөрдө айылдан окчунураак Саркалдайдын үйүнө да ууру кириптир. Саркалдайдын коркоктугун билген шылуундар шыр эле короого тарса-турс бастырып барышып, малын ноктолоп жатат дейт. Саркалдай үйүндө олтуруп сезсе да, батынып эшикке чыга албаптыр. Үй ичинде отуруп:

- "Ой, сен кимсиң?"- деп коёт анда-санда. Кайда таң үрүл-бүрүл атканда үйүнүн жанындагы дөңсөөгө чыгып:

- "Оо, эл-журт, менин малымды уурдап баратат!"- деген экен. Малын көп уурдата берип жалгыз улактуу эчкиси калган Саркалдайды: "Эркек болбой куруп кал, элдин эркектериндей кичине айбат бере да албайсың. Эмесе менин жоолугуму салынып үйдө казан-аяк карма, мен кайтарайын"- деп, кемпири уруша бергенине намыстанган Саркалдай эшикке төшөк салдырып жатчу болуптур. Бир күну күн бүркөлүп турганынан кемпири бүгүн үйгө эле жатып ал – деп, үйгө жаткырыптыр, эртең менен турса эшикке олчойгон кар жаап калыптыр. Үйүнө чуркап кирген Саркалдай кемпирине жалынат дейт. "Акылындан айланайын Канышай түндө үйгө жат дебесең кар басып калмак турбайбы"- дептир.

Өзөндөгү аркырап аккан Сөөк суусун бойлоп жүрүп отурсаң алыстагы мал киндиктүү Сөөк, андан ары Ит-Үрдү, Жаман-Эчки деген жайлоолорго алып барат. Мына ушул аталган жайлоолор деги эле ушул өзөн капчыгай ичинен өзүнчө толгон касиет тарыхы бар. Шоронун сазынан өтө бергенде оң тарабындагы зоону карасаң кылда учунда чоң таш эми кулап кете тургансып салаңдайт. Жол ошонун так түбүнөн өтөт. Бул ташты ал жердегилер "Саркалдайдын ташы" дешип айтат. Башка кишилер бул ташты байкайбы же жокпу билбейм. Айтор коркок киши жалгыз жол жүрүп баратканда элеңдеп эки жакты көп карайт эмеспи. Мына ушул ташты Саркалдай биринчи көрүптүр. Байталын минип жайлоого бара жаткан Саркалдай ушул ташка келгенде калпагын баса кийип көзүн жуумп алып чаап жөнөптүр. Улам эле жайлатайын десе баягы таш элестей бергенби 40 чакырымдай жерге тынбай чапкан байталы жинигип өлүптүр.

- «Айланайын жаныбарым, мени өлүмдөн куткардың, сен болбосоң эмне болоор элем!» - деп байталынын башынан кучактап ыйлап отурган Саркалдайды өтүп бараткан жолоочулар таап алыптыр. Ошондон кийин ушул жер **Саркалдайдын ташы** деп аталып калган экен.

## 23.ЫСА АКЫЛМАН ЖӨНҮНДӨ

**Айтуучу:**Арыков Абдыкерим. Ат-Башы району, Кошой (Кара-Суу) айылы.**Жазып алган:** Мажикеева Аида, Батырова Дарыгүл. 1991-жыл. №349 –дептер.

Илгери эл бири-бири менен чабышып, алдуусу алсызын басып алып жаткан учурда Тяншань өрөөнүнөн Тынымсейит деген уруудан Ыса деген киши чыгыптыр. Ал өзү акылга бай, жоомарт адам болгон экен. Турмушу деле жоомарт адам болгон экен. Турмушу деле элдикиндей орточо кедейирээк жашаган экен. Жарды-жалчылардан да, бай-манаптардан да нан албаган адам болот, Өзү боорукер келип, кедейлерге эби келген жерде байларга да караштуу болуп, колунан келген жардамын кылып турат. Ошол убакта андай акылман-билерман адамдарды калк кадырлап, ошондуктан аны эл жогору баалаган. Ошентип, ал элдин билерманы катары урууллардын чабышын басып ынтымакташтырып, элдештирип жолго салып турган. Анын Рыскул деген уулу да, кичинесинен чыйрак тың чыгат. Ошентип, ал өзүнүн өрөөнүн бийлеген убакта Байзакка каршы чыгып, аны элинен эки жолу айдатат. Биринчисинде, оруктарга чейин айдатып барып кайтып келет. Экинчисинде, болсо Кара-Көлгө айдатат. Бир күнү тамак үстүндө олтуруп Ыса уулуна:

- Сен Байзак менен жоолашпа:«түбү жүрүп ал экөөң бир туугансың, учу бирге айрылат, түбү бирге биригет» деген – деп, экөөнү жараштырууга аракет кылат. Бирок, ошол убакта Байзак көл тарапка Кара-Көлгө аттанып калат. Жашкы унааны элден суранат. Аны уккан Ыса,өзүнүн күлүгү Карагер атын бердирет. Күндөп-түндөп жол жүрүп көлгө жетсе, ал жактан Бугудан чыккан Балтабай деген баатыр киши жолугуп Байзактан суратат.

Сен Байзак, мындай ат минчи эмес элең го, бул кимдин аты дегенде Байзак: мен Көлгө жөнөйм деп ат таппай жүргөндө ат суратып жүрсөм, Ыса деген акылман өзүнүн күлүгүн бердирип жибериптир-дейт, анда:

Балтабай: Байзак, сен өз ырысыңа жоо болбо, сенин ырысың ошол Ыса. Андан сен ошонун баласы Ыса менен кастыгынды коюп дос бол дейт. Бул сөзгө Байзак макул болот, бирок тилекке каршы Рыскул катуу ооруп калат. Муну угаары менен Байзак шашып аттантат. Эптеп жетип келсе, Рыскул өлүп калган экен.

Ошондон көп жылдар өтпөй дагы бир окуя болот. Тынымсейит уруусунан да бир атка минери Машыр деген киши Көлдөн келин алмак болуп куда түшөт. Кудасына калыңды өткөрүп берип, келинди алып келгени барат. Барса кудасы Машырга Мамыр куда мага дагы калыңга кошумча кылып Ысанын Карагер күлүгүн берсин, болбосо кызымды бербейм - дейт. Эгер Карагерди бербесең өткөзгөн калыңды Ыса менен кошо келип, толугу менен алып кет дейт. Айласы түгөнгөн Машыр кайра тартат. Ысанын үйүнө келип түшсө, Карагер мамыда байланып турат. Ошол күнү чоң той болуп, Карагер биринчи чыгып, миң кой, тогуз кара мал байгени утуп, Ысалар жаңыдан гана тойдон кетиптир. Мамырды көрүп Ыса акылман чоочуп кетет да, Мамырга сөз салат.

- Мамыр сага эмне болду? Мынча шашып кайдан келе жатасың, шашып кайдан келе жатасың дейт.

- Ысаке, ушинтип кызды алганы барасам, Ысанын күлүгүн кошумча калыңга алып келип берип, анан кызды алгын деп жатышат. Же күлүктү бербесеңер Ысаны ээрчите келип берген калыңды алып кеткиниң дейт, ушинтип эки ортодо калдым ар жагын өзүңүз билиңиз - дейт.

- Ээ Мамыр сен дагы кызык киши экенсиң, мал ээрчитеби, баш ээрчитеби Карагердин үртүгүн чечпестен алып барып берип, кызды алып кел деген экен.

Ошондо Көлдөгү Бугунун каны сынчы Чыныбай баатыр Ысанын акылмандыгына жана намыстуулугуна көл толкуса, кудай токтотоор- деп ойлойм, эл толкуса Ыса токтотоор деп ойлойм!- деп, баа берген экен.

## 24. Эки достун түштөнүшү

**Айтуучу:** Кадыр уулу Баймырза,71 жашта. Ак-Талаа району,
Коңорчок айылы.

**Жазып алган:** Мажикеева Аида, Батырова Дарыгүл. 1991-жыл.

Бир досу өзүнүн жакын жолдошун үйүнөн түштөнүп кетүүгө чакырат.Үйдүн ээсинин аялы өз айылы боюнча пловду укмуштуудай даамдуу бышыргандыгы үчүн оозго алынып жүрчу экен. Ошентип ушул түштө ал өзүнүн даамдуу пловун абдан майлуу да, жегиликтүү да кылып бышырат, плов бышып чоң подноско салынат, ортого коюлат. Ошондо баягы конок кашыгын колуна алып, үй ээсине:

- Ай сен билесиңби, баягында кудага бapарда бир пловдун үстүн кашык менен тартканда кылкылдаган сары май өзүн көздөй куюла баштайт. Конок шашпай күрүчтү майлап оозуна толтурат да, дагы бир жылкы деп, дагы күрүчтү жеп салат дагы баягинтип жейт. Алты кой алпаргам – деп, дагы майды билгизбей өзүн көздөй куюлтат. Күрүчтү жеп жатып:

- Аа алар мага - бир да бир, чекем жылыгандай эч нерсе берген жок, өзүмдүкүн өзүмө кайтарышты – деп, да бир жолу пловдогу майды өзү тарапка бүт буруп алып жей баштаганда майлап, аны байкап отурган досу:

-Ээ койчу, досум ошого да киши таарынабы, менин каалаганым ушу сен экөөбүз мына ушундай болуп жүрөлү – деп, кашыгы менен падностогу күрүчтү бүт аралаштырып-чогултуп, «мына ушундай жүрөлүчү» - деп, коюптур.

## 25.«Кыз-Күйөө»

**(1-варианты)**

**Айтуучу:**белгисиз.

**Жазып келген:** Абдыгулова К.№ 881-дептер.

Биздин ата-баба жашап келген көчмөн кыргыз жергесинин аттары ар кандай болот. Кээси чындык менен байланышса, кээси ошол аймактын жаратылыш ордуна, кээси табихатына, же болбосо кандайдыр бир окуяга байланыштуу болот. Негизи кыргыз жергеси ар түрдүү аттарга бай келет.

Кыргыз эли илгертен көчмөн калк болгону белгилүү, ошол себептен, ар бир жайлоо, кыштоо, жада калса кокту-колот, суу, булак саздарына да ат коюшкан. Ар бири өзүнчө ылайыкталган атка ээ.

Кемин өрөөнүндө «Кыз-Күйөө» деп аталган кыштоо орун алган. Аскалуу, кызыл капчыгайлуу, өзүнүн ичине көп сыр камтыган бул кыштоо илгертен эле: "Кыз-Күйөө» - деп, бекеринен аталбаса керек.

Бир көргөн адам, бул тоолордун көрүнүшүнөн аскалуу, коркунучтуу кокту-колотунан үрөйү учса, бара-бара коктуну өрдөп басканда, жылуу жел бет алдыңан жумшак аймалап, ар түркүн куштар сайрап, коркунучтуу, кээде таттуу кыялдарга бөлөйт. Себеби коктунун ичинде эң сонун шаркыратма бар. Бул жердин кооздугу керемет болгондуктан "Шаркыратма» фильми бекеринен тартылбаса керек. Андан өйдө "Кыз-Күйөө" кыштоосу бар. Бир көргөн адамга сүрдүү көрүнгөн бул кокту, ичине эки жаштын тунук сүйүүсү менен көз жашын камтып, сырдуу тургандай сезилет.

Элдин айтымына караганда, илгерки бай-манаптын убагында, кыргыз эли тоодон-тоого көчүп, көчмөн калк учурунда бул окуя болгон экен. Ал кезде үйүр-үйүр мал айдап, бай-манаптар кул кармап, кыргыз эли эзүүнүн астында, байдын малын багып, бири күлүн чыгарып, малы жоктор малдууга көз каранды болуп, малайчылык менен өздөрунун турмушун, күнүмдүк нанын таап, көз каранды болуп өткөргөн кез болгон.

Ошол кезде бир атактуу байдын сулуу кызы болот. Байдын жылкысын баккан жылкычы жигитке байдын чырайлуу кызы ашык болот. Ошондой эле жигит кызга көзү түшөт, бирок кызга жетүү кайда? Берейин десе малы жок, кыздын карааныла зар болуп жүрө берет. Эки жаш бири-бирине ашык болгон менен бактысына илгертен сакталып калган кыргыз элинин салты тоскоол болуп, эки жаштын мөлтүр тунук сүйүүсүнө каргаша болот. Жигит калыңга берер малы жок, кедейликтин, жокчулуктун айынан зарлап жүрсө, кыз ашыктыктын азабынан зарлайт. Атасы бойго жеткен кызын куда түшкөн жерине берер убагы да келет. Аны уккан кыз капа болуп, бүк түшүп, зар какшап күн өткөрөт. Кол алышып куда болгон эки бай болоор тойду да белгилешет. Кыздын тоюна камданышып, ак өргөө тигилет. Жеңелери кызды тегеректеп, узатуу боюнча кырк күндүк тойдун камын көрүшөт. Күлкү- оюн коштолуп, мал союлуп, тойдун камы улантылат. Кыз бүктүшүп, ашыктыктын убайымын жеп, жигитти бир көргөнгө зар болот. Жеңеси менен кеңешип, жигитке кездештирүүсүн өтүнөт. Жеңеси кызга боору ооруп, ички сырын, күйүтүн түшүнүп, жолуктурмакчы болот. Кыз турмуш жолун аттаарда, өз сүйгөнү эмес бөлөк адамга бараарын түшүнөт да, бир болсо да эң алгач тунук сүйүүсү менен коштошуп, ички сырын төгүп, жигиттин элесин самап, көргүсү келет. Жеңеси кыздын тунук сүйүүсүн, жигитке болгон арзуусун сезип, сырын төгүп кездешип кетсин деген ой менен жолугушуусуна шарт түзүп берет. Экөө бирин-бири көрүп, көз жаштарын төгүшөт. Турмуштун калыс болбогонуна наалат айтышат. Жигит жокчулуктун азабын бир тартса, ашыктыктын азабын дагы тартат. Кыз ашык болгон жигитине жетпегенине ыза болуп, бүктүшүп ыйлайт. Бул жолугушуу экөөнү тең терең кайгыга салат. Бири-бири менен коштошо албай, колго конгон бакытты учуруп ийчүүдөй болуп кыйылышат. Эңсөө, жолугушуу, коштошуу менен аяктаганына ичтери ачышып, таңдын атпасын, күндүн чыкпасын, ушул экөө бирге турган убакыт үзүлбөсүн тилешет. Бирок табихат өзүнүн милдетин аткарат. Ай чыгып, асманда жылдыздар жымыңдашып, эки жаштын сүйүүсүнө күбө болушат. Ажырашуу туздан ачуу болуп, экөө коштошуп, бири-бирин кыйып

кеткенге даабай, кол кармашып, мындан кийинки өмүрлөрүн бир өткөрүүгө бел байлашат. Эки жаш ашыктыктын айынан, туулуп өскөн жерин, элин таштап жолго чыгышат.

Салтка баш ийбей, атасынын сөзүн укпай качып кеткен кызды кармоого буюрушат. Жигиттерди куугунга жиберишет. Күн-түн жигит менен кызды издеп куугандар тоо, бел ашышат. Эки ашык үзүлбөгөн үмүт менен узак жол жүрүшүп, эң акыры махабаттын жалындаган жаш убактысынын сонун учурун бир өткөрүшөт, бирок бул көпкө созулбайт. Азып-тоңуп, ач болуп жол жүрсө да, жашоодогу эң жакшы тилек менен алга карай бакыт издеп, турмуштун ачуу - таттуусуна бел байлашат. Сүйүүнүн деми менен бир топ жол жүрүшөт.

Кууган куугунчулар таппай коймокчу беле. Байдын жигиттери издеп, табышып жигитти сабашат. Кыздын атасы үйүнө келүүсүн өтүнгөнүн айтып, алсыз жаткан жигитти кучактап, ыйлап баш көтөрбөйт. Жигиттер байга чабарман жиберип айттырышат. Атасы:

«Жалгыз кызым акыл-эстен ажырады, илгертен калган салтты бузду, мени эл алдында уят кылды. Кудай алдында күнөө кылды»-деп, экөөнү эки коктунун башына муздоого буюрат. Көпкөн жигиттер экөөнүн тунук сүйүүсүн ойлоп да, эстерине алып да коюшпайт. Эки ашык күйүттөрүн ичке катып, эң акыркы чогуу өткөргөн бактылуу күндөрүнө ыраазы болушуп, өлүмгө баш байлашат. Бири-биринен көз албай, көз ирмебей, жүрөктөрү токтоп калганча тиктешип, башка түшкөн оор тагдырга наалат айтып, бири-бири менен көздөр аркылуу сүйлөшүп: «өлсөк да чогуу болобуз, бул жашоодо бирге сүрбөгөн өмүрдү биз жер алдында кездешип, жолугушуп, өмүр сүрөбүз!"- деген ой менен кош айтышат.

Экөөнү эки коктунун башына муздоо үчүн алып чыккан күндө да, эки ашык бир тилек, бир үмүт менен өмүрдүн кайрылбас жолуна кетишет. Экөөнү эки коктунун башына көмүшөт. Тилеген тилегине, ойлогон оюна жетпей, эки жаш гүлгүн курагында соолушат.

Сүйүүнү сезип, туюп, экөө көмүлгөн эки коктудан булак болуп агып чыгып, тоо ылдый агып келип кошулушат. Эки ашыктын сүйүүсү тунук булакка айланып, акыры бир ой, тилек, максаттары ишке ашат. Ал булак азыр «Кыз-күйөө» деп аталып калган. Эки ашыктын сүйүүсү ушул күнгө чейин унутулбай, эл оозунда айтылып келет. «Кыз-күйөөнү» көргөндөр эки жаштын керемettүү сүйүүсү жөнүндө уламышты элден элге айтып, эскеришет.

## 26.«Кыз-күйөө»

**(2-варианты)**

**Айтуучу:**белгисиз.

**Жазып келген**: Байтаева Жаңыл. №1730-дептер.

Илгери өткөн заманда бир кемпир-чалдын жалгыз сулуу, эстуу кызы болгон экен. Ал кызын өздөрү теңдүү эле бир бей-бечаранын жалгыз уулуна берип, бакыр-тукур болгулары келишет. Ошентип, бала менен кызды кудалап коюшат. Ошол эле айылдын байы кыздын сулуулугуна кызыгып алмак болот.

Кызга күйөө болчу жигит муну угуп, кызды мөөнөтүнөн мурда алып качып, алыс бир тоого жөнөйт. Аны байкап калган бай артынан куугун салып, жетишип жигитти өлтүрүп, кызды алып жөнөшөт. Кыз катуу каршылыгын көрсөтүп, өзү да ошол жерде өлүп тынат. Ошентип, ал жер - «Кыз-Күйөө» аталып калыптыр.

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр**

1. «Туу жеңүү»- тууну атайын сынакта жеңген адамга көтөргөн.
2. Поронсодон- Фрунзеден (шаар).

# ҮП БӨЛҮМ
# КАЗАЛДАР

## 1. Ак-Чий баяны

**Айтуучу:** Урманов Эргеш, 1933-жылы туулган.Уруусу – ават, кесиби – мугалим.Ташкент областы, Паркент району.

**Жазып алган:** Тантарова Гүлзира. №1643-дептер.

Өзбекстандагы кыргыз боордошторубуздун элдик оозеки чыгармачылыгы бүгүнкү күндө бизди кайдыгер калтырбайт. Аларды көбүрөөк чогултуп, элибизге тааныштыруубуз зарыл. Ошондуктан, «Ак-Чий баяны» казалдарга киргизилди**.**

Жүргүнчү өтсө билинбей -
Жүктүү төө кирсе илинбей,
Жүргөндө шамал ыргалып,
Жүгүнүп турчу келиндей.

Түндүк бою калың чий
Түнөрүп турчу арасы.
Түнү-күнү бирдей иңирдей.
Калдайган топоз, жылкысы
Каптап кетсе калчу экен,
Кайда экени билинбей.

Ордолуу Ак-Чий мекеним
Ойлоймун пириң тирүүдөй,
Түнөрүп Ак-Чий жатчу экен,
Түн катпай кербен шашчу экен.

Түшкө маал жолоочу -
Тинтүүдөн үйдү тапчу экен.
Түз жолдон калса адашып,
Түндөп-күндөп калчу экен.

Кара саздагы камышты
Камандар ээлеп жатчу экен.
Ак-Чий деп кийин атыккан -
Абалкы аты – Ит - (Чет) Аткан.

Аяк башы ат чабыш -
Арбын жер экен Ит-Аткан.
Калыңын Чийдин карачы,
Каратып туруп чак түштө -
Карышкыр дешип ит аткан,
Унутулбаган сөз экен.

Ак-Чий ай, көркүң башкача
Апыртат дебе мактаса.
Адамдын көөнүн сергитет,
Айлуу түн салкын таптаза.

Аскарлуу тоолор заңкайган
Ай, жылдыз менен жанаша.
Айдарым салкын абасы –
Ак мөңгү, шар суу карачы,
Арпанын кенен талаасы.
Жүрүштүү, мыкты ат менен
Түш жарым жүрөт чамасы.
Дартыма бүткөн дабабы -
Дарыдай мага жагабы.
Кызартат кымыз ичкендей,
Кызарттын бороон, шамалы.
Кан менен кошо жүгүрүп,
Кан тамырга тарады.

Баш жагы бийик Баба-Ата,
Башкача көрктүү караса –
Бапайат аппак сакалы,
Байыркы Бакай бабача.

Улукман табып баласы,
Агып өлүп суусунан.
Калган экен каргышка.
Миң бир жашка жашаган.

Касиеттүү Улукман -
Муңайып минтип каргаган:
«Башыңдан мөңгү кетпесин,
Сууң аягыңа жетпесин».
Каткасып[1] келген мал-жандар,
Кандырып сууңдан кетпеген.

Касиеттүүгө не дейсиң -
Илгертен бул төр ушундай.
Ишенбесең кел, көргүн,
Каргышы ката кетпеген.

Ойнобойт кайра жаралып,
Ойноо кез - кайран балалык.
Ой-тоодо жүрөт жыңайлак,
Озондоп ойлоп, муңканып.

Өксүбөй бери  келсеңчи,
Өбөйүн беттен жалбарып.
Чертилип жүрөк кылдары –
Чечилет жаштык сырлары.

Ашыктык менен сүйүүнүн
Алтындай кымбат жылдары.
Ак-Чийде калган өмүрдүн -
Ачылган гүлдөй убагы.

Шар суусу тунук мөлтүрөп,
Шампандай көбүк чертилет.
Шаттанып сергип көңүлүм -
Шапата бойду сергитет.

Кылт этип койсоң кичине,
Кымыздай кубат дем берет.
Кыдырып ойноп аралап,
Кызыгып тердик карагат.

Балапан кармап кубалап,
Балжууран тердик жыңайлак.
Кып-кырда жүрөт карасак,
Кымбаттуу алтын балачак.
Көрүндү суусу таптаза,
Коштошкон мүрөк башкача.
Дартыңа даба кашка суу -
Дарыдан артык мактаса.

Арашан менен Кавказдан
Кемибейт баркы ашпаса.
Толготуп апам тапкан жер,
Тоюма малын чачкан жер.

Тай, торпок минип жарышып,
Топ ойноп, чүкө аткан жер.
Көк бөрү ойноп, жоро ичип
Көп кызыкка баткан жер.

Аюу менен күрөшкөн
Акырektешип тирешкен.
Ары - бери сүйрөшүп,
Арадан күнү-түнү өткөн.

Алышып жүрөт акыры
Айласын жыгып түгөткөн.
Ат көтөрбөй жөө өткөн -
Атактуу ушул Ак-Чийден.

Дарысын ичкен айыккан
Даныйдай барбы табыптан.
Дубанга аты таралып,
Даарыгер болуп атыккан.
Күлапса, куяң, кан желди -
Аттанып түшсө айыккан.
Аңтарып адам жүрөгүн,
Алда качан машыккан.

Капкагын мээнин ачаарда
Капилет ажал туш келип,
Кыямат сапар жол тарткан.
Таптакыр сабат жогунда,
Ташкенден барып окуган.
Так сүйлөөчү орусча -
Тамшанышкан кемпир-чал.

Таңыркаган, чоочуган
Кара тумоо, чечекти -
Кайткыс, каксыз жок кылган.
Айнегин аябай күнү-түн -
Академиктей олтурган.
Артык болчу Молдаалы -
Азыркы профессор, доктурдан.

Куланды кууса жандаган
Кутулуп анын колунан,
Куштан башка калбаган.
Жайдак кеткен жылкыны

Кубалап жөө кармаган.

Тубаса бүткөн чабандес,
Туулгандай  ат жалынан.
Куштай учкан жөө күлүк,
Курман да өткөн жалгандан.

Атабек  балбан,  Буудайчы
Адам  айтса мындайды -
Чөгөрбөй төөгө артчу экен,
Чоң жайма кап буудайды.

Аттуу,  жөө турушуп,
Ала качып келаткан,
Алты кар баскан эркечти
Айра тарткан турбайбы.
Анык балбан алп экен,
Аларды даңктап ырдайлы.

Тең санап ачык сүйлөгөн,
Теңдикти жатка бербеген.
Терең калыс, жүйөө-чечен
Тентек жок ага көнбөгөн.

Шолоктоп башка азыктар[2],
Тең ата болгон ким экен.
Теңдешсиз дыйкан акылга
Тезекбай өткөн дүйнөдөн.

Түн катып элин жаткырып
Түндүктү чүмкөй тарттырып,
Түн бою көөрүк бастырып -
Түн караңгысын шерт кылып,
Каректин курчун түгөткөн.
Караңгыда кылычты -
Чапташтырып ширеткен.
Казак, кыргыз, орустан -
Кай жарак кылыч сынганын,
Карап, таппай коюшкан.

Бургулап чулу темирден,
Барденке мылтык согушкан.
Ушундай жалган дүйнөдө
Укмуштуу уста болушкан.

Арпачы, Кадыр ырчы экен,
Айткан сөзү курч экен.
Алардын жүргөн жерлери
Ар качан топтун, жыйындын
Ажарын ачып турчу экен.
Ат чабыш, ашта-тойлордо
Жар чакырып жүрчү экен.
Жактырып Калык экөөнү -
«Жакшы ырчы»- деп, билчү экен.

Чокойдун кара баласы,
Чоңойсоң ишке жарайсың.
«Кара кунаным»-деп, күлчү экен.
«Алла үй!»- деп бакырган,
Алланын атын чакырган.
Шарыяттан жар салган
Дин мусулман атынан.
Мазарга түнөп жумада
Зыярат кылган кудайга.
Баабедин айтып буга да,
Кыяматтын элчиси –
Кыдыр колдогон думана.

Бисмилла түшпөй оозунан
Беш убак намаз, орозо -
Ката кылбай окуган.
Адырашман түтөткөн -
Аластап элди түнөткөн.
Аса-муса колунда -
Тесмеси анын мойнунда.

Шайтан турбас жолунда
Шаа Машүрүптүн[3] колунда.
Кысыр чалган Аалыбай
Кырк чилтендин соңунда.

Кыямат сапар жол тарткан
Кең Ак-Чийдин ойунда.
Мамбетаалы, Байкүчүк
Балбан экен, алп экен
Аларды мактап апыртып,
Айта бериш калп бекен.
Аксакал менен беттешип,

Тиштээктен байге алчу экен.
Көтөрүп урса аюуну
Көрүп турган көпчүлүк,
Тамашага канчу экен.
Ак балбан дешип ал кезде
Атагы дубан жарчу экен.
Алп катары эрсиңер,
Акмат, Шөкө, Тентилер.
Тай тайлакты, торпокту
Тамаша кылып эңчүлөр.
Тал-терек жулуп мелдешип,
Тарткан чийдей көрчүлөр,
Талашып намыс элине -
Таш жара чайнап ийчүлөр.

Териңер тирүү бабалар
Бизге арка-медер элеңер.
Конок келсе сандаган
Кой сойгондон тайбаган.
Тойбой калчу немедей,
Томуктай эт албаган.
Шеринеге тай союп,
Желелеп бээ байлаган.
Жеңкетай деген жеңеге -
Жүз ирик бөлүп айдаган.
Эртең менен бээ сойсо,
Эртеси ошол маалда -
Куш чалаар эт калбаган,
Атантай жоомарт атанган.
Самсаалы өткөн жалгандан.

## 2. Өткөндөр жөнүндө

**Айтуучу**: Жакыпбек уулу Жумамидин. Кемин району.Уругу – моңолдор.
**Жазып келген:** Мусаева Айгүл. 1979-жыл. №500-дептер.

Падышалык Россия убагында капиталисттик доордо жашаган кыргыз элинин жашоо турмуш шарты жана дүйнөдөн өткөн белгилүү адамдар жөнүндө баяндалат.

Жаздым казал жаңыдан
Шум дүйнөнүн айынан.
Нуска калаар артында,
Касиеттүү карыдан.
Насия алган сарт өөдө,
Бул замандын байынан.
Талкан чалган жарма өөдө,
Катыгы жок чайынан.

Өлбөй адам калабы
Атага бала карабай,
Азыркынын заманы.
Эки тууган кас болсо,
Бирөөнө жабат жалааны.
Пайдасы жок аманат,
Барбай тирүү ким калат.
Өлүм келсе пендеге -
Ыйманы болсун саламат.
Баяны жок шум жалган,
Барбай тирүү ким калган.
Байгамбар өткөн баласыз,
Бардык жанда көп арман.
Кудайдын досу Мухамбет
Үммөтүм деп зарлаган.
Атасы менен апасын
Тозоктон сурап калбаган.
Тилебеди атасын -
Кечиргин деп зар ыйлап.
Үммөтүнүн катасын
Каапырга казат кылам деп,
Кытайдын баарын кырам - деп,
Дин мусулман чогулуп,
Коңурбайча кырам деп.
Бакай, Кошой карысы
Байыркы дөөнүн баарысы,
Алмамбет менен Чубак бар,
Серек, Сыргак чунакдар.
Дин баласы өлмөккө -
Өлсө бейиш көрмөккө.
Байкачы жалган аманат,
Манастар өткөн ким калат?.

Кең Кашкарды сураган,
Кемерлүү белин бураган.
Саркашка атын мингизген,
Сарпайы тонун кийгизген.
Кытайга салып кыргынды,
Падышалыгын билгизген.
Маргалаңдык сөөгү -
Бакдөөлөт өткөн дүйнөдөн.
Бала Карач, чоң Карач
Баарын жуткан кара жер.
Сарыпбек, Султан, Чыныбай

Ошолор өткөн кайран эл.
Кара келте октоткон -
Калың  колду токтоткон.
Аалыкенин Табылды -
Ошолор өткөн дүйнөдөн.

Адамдын көркү мал болот,
Алла сүйгөн хан болот.
Ак калпактуу кыргыздан,
Артыла чыккан Жанболот.
Артын карап иш кылбай,
Акылсыз адам кор болот.
Андан чыкан эр Тайлак,
Кокондун баарын айдаган.
Душмандын баарын жайлаган.
Кокондон келген элчини -
Курткада кармап байлаган.
Ошолордой эрлерди -
Шум кара жер жайлаган.

Төрөгелди, Чоң Ормон -
Бул кыргыздан чоң болгон.
Беттешип келген душманы,
Безилдеп качып жок болгон.

Ормон, Субан чоң өткөн
Ажыбек баатыр эр өткөн,
Нечен түркүн эл өткөн.
Чогулуп моңол эл калган
Чоң-Дөбөнү жер кылган.
Кичи атадан чоң болгон,
Каалаган иши оң болгон.
Акылман журтун жайлаткан
Кызыл тилин сайраткан.
Ак жамбы пулун катпаган,
Адырга малы батпаган.
Тагдыры жетип алладан,
Жакыпбек өткөн шум жалган.
Өлүм жанды кейиткен -
Тагай, Болот, Асанбек
Жанаша чыккан чериктен,
Байкачы, жандын баары өткөн,
Базар, Матай бай өткөн.
Матайдын уулу Базаркул

Жалпы элин сураган.
Жалгандан кетип кулаган.
Тарткандыр тууган дартыңды,
Куржунга салып арттырган.
Урпуя[4] теңге, алтынды.
Алладан ажал келгенде,
Алтының айла кылабы?
Аманат жаның өткөндө
Адамдын баары ыйлады.
Борукчунун эр Шамен
Болгон экен кыргыздан
Ушул орус чыкканы -
Кетпептир болуш колунан.
Шамендин уулу Балбакка
Жашында берген ооматты.
Кыргыз турмак сураган -
Токмок, Бишкек, Чарбакты.
Жантайдын уулу эр Шабдан
Ташкенди бузган талкалап,
Дин мусулман сыйынган.
Атасындай аркалап.
Жалпы кыргыз баласын,
Жамандыкка кыйбаган.
Жарым пааша улуктар
Чакырып алып сыйлаган.

Ак калпактуу кыргызды -
Артыкча кыдыр колдогон.
Ар кыялы – мүнөзү
Адамда мындай болбогон.
«Ак!» - деп барган дубана
Кол кайыр алган жоргодон.

Баатыр экен эр Шабдан,
Бараар  акыр күнүнө
Барып келип улукка -
Падышадан чен алган.
Сегизбектин кенжеси,
Бир кудайдын пендеси.
Кайдуунун уулу эр Чоко,
Чеч-Дөбөнү жердеген.
Чексиз мыкты байкачы.
Бул жалганга келбеген.
Укумунан – тукуму:

Бирөөгө сурак бербеген.
Буйрукта кудай жазганда
Букарадан жем жеген,
Бу дагы өткөн дүйнөдөн.
Токсонго чыгып чал өткөн,
Толукшуп ыйлап бала өткөн.
Мекчейип бели - чал өткөн,
Бешиктен чыкпай - бала өткөн.
Бай да өткөн чалкалап,
Байкуштар да өткөн дүйнөдөн.
Кап-куржунун аркалап,
Келиндер өткөн тастайып,
Жигиттер өткөн кашкайып.
Жардылар өткөн пулу жок,
Жамандар өткөн куну жок,
Зарлап өткөн дүйнөдөн.
Кээ бир адамдын уулу жок -
Бечара өткөн малы жок.
Беш тыйындык алы жок.
Зарлап өткөн дүйнөдөн.
Кээ адамдын - жары жок,
Бий-болушу пара жеп,
Акты коюп, «кара» деп,
Акыретке балаа жеп,
Залимдер өткөн дүйнөдөн.
Ысыкегин[5] салынып,
«Ырабат»[6] - деп камынып,
Ызырынып чамынып,
Ыстарчын өткөн дүйнөдөн.
Сөзүнүн турбай ордуна,
Теңге тийсе колуна -
Кайыр кылып момунга
Жакшылар  өткөн дүйнөдөн.
Кара  жинин чакырып,
Кайыбым деп бакырып.
Өңгөчүн тартып кыйкылдап,
Өз көзүн өзү аңтарып,
«Басылды дарты өлбөйт» - деп,
Бакшылар өткөн дүйнөдөн.

Келе-мулла[7]  колунда -
Келме, шарият оозунда.
«Жаа, аллалап!» чарк уруп,
Такыбалар өткөн дүйнөдөн.

Дооран[8] бер деп жулунуп,
Дооран алса кутуруп,
Акыретке барганда –
Мойнуна түшөөр укурук.
Теспесин алып өткөрбөй,
Дооран тийсе колуна -
Барбай кылып күнөөнү,
Молдолор өткөн дүйнөдөн.
Бакырга жүргүн кайрылып,
Бай болдум деп желденбе.
Арстанбек айткан заманды
Ал ыраатып менен сөз айткан.
Акын, Кылыч аманбы?
Белги болсун артымда.
Беш ооз жаздым заманды
Артында нуска сөз калса,
Мен Жумашка жаманбы?

Ай-ай дүйнө, ай дүйнө
Ысабы жок пендени -
Тамагыңа кел дебе.
Өзүңдөн улуу адамды,
«Сиз!»- деп айткын, сен дебе.
Баркы бар ысык досуңду
Алса алсын, бер дебе!

Астыңа туура келбесе,
Атыңды жолдон жемдебе.
Алганы жакшы жигиттин
Оокаты кетер куралып,
Алганы жаман жолукса,
Оокатың калаар чубалып.
Үшкүрөсүң дартың жок -
Жүрөгүң башын буу алып,
Алганың жаман жолукса,
Чыктычыйканчекеңе,
Күндө урушуп жүргөнчө -
Эртелеп кеткин Мекеге.
Экөөнө бергиз, бирөө бар,
Өгөөгө бергиз, бүлөө бар,
Иниге бергиз, күйөө бар
Пилге бергиз, төө бар,
Атка бергиз, кунан бар.

Кызга бергиз, жубан бар.

Жыргалдуу заман келгенде,
Жыргалын көрбөй дүйнөнүн
Кеткенине капам бар.

## 3.Казыбектин казалдарынан

**Айтуучу:**Казыбектин казалдарынан үзүндүнүСыдыбай уулу Керим айтып берген. 80 жашта. Кочкор району,Кара-Күңгөй айылы. 1990-жыл.
**Жазып келген:**Осмоналиева Жаркын . №205-дептер.

Жайдын күнү болгондо,
Эл жайлоого конгондо.
Түштө туруп ыргалып,
Көйнөкчөн басып желбегей.
Көлөчтү салып бутуна
Ичкени кымыз, жегени эт
Ыраазы болбой ушуга.
Арак издеп чапкылап,
Өткөн эл да текебер.
Алымсынбай ушуга,
Мас болуп жүргөн экенбиз.
Ошол кезде –
Бактынын тийген буусуна.
xx xx
Жайдын күнү болгондо,
Эл жайлоого конгондо.
Карыялар чогулуп,
Кыркалекей тартышып,
Кызык сөздөн айтышып,
Кымызды чайкап ичишип,
Кеч киргенде түгөнгөн.
Үйүнө –
Кызымтал болуп кайтышып.
xx xx
Жайдын күнү болгондо,
Дагы эле жайлоого конгондо.
Күңгөйүң араң жалтылдап,
Тескейиңди оттогон.
Төрт түлүк малы кылкылдап,
Кыбыладан жел соксо,
Ыраңың жашыл көк болгон.
Жерде турган адамдын -
Жегендей көөнү ток болгон.
Байкасаң кана кечээги,

Басылып жүргөн коштолгон,
Азаматтар жок болгон.
Баркын билбей: эл жердеген.
Кара-Кочкор, Кош-Дөбө
Кара-Кужур, Аңыртык –
Кадыры бүгүн жоктолгон.
хх хх
Жайдын күнү болгондо,
Эл жайлоого конгондо.
Төр-төргө чыгып эл конот.
Төгүлүп гүлдөр буралган.
Адырында карасаң,
Эчки-теке чубаган.
Агытып алга тайганын,
Адис мерген уулаган.
Алдынан чыгып кеч болуп,
Ажалдуу кийик сулаган.
Ал кезде турмуш ошондой,
Аял, эркек жөө баспай,
Ат менен айыл кыдырган,
Азаматтар дуулаган .
хх хх
Жайдын күнү болгондо,
Эл жайлоого конгондо.
Көчмөндүү кыргыз калкы бар,
Көрүүгө сонун салты бар,
Көч үстүндө жабылып,
Килем-кече жаркыраар.
Айта берсе түгөнбөйт,
Кыргызымдын –
Алда нече наркы бар.

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр**

1. Каткасып- канны катып, суусап деген мааниде.
2. Азык- уруунун аты.
3. Маашүрүп дубана-Биздеги сопучулуктун (суфизм) активдүү өкүлү. Белгидүү шейх-дубана.
4. Урпуя- рупий (Индия мамлекетинин улуттук валютасы)
5. Ысыкегин- списогун (тизмесин).
6. Ырабат- рапорт.
7. Келе мулла- диний китеп.
8. Дооран- диний салт. Адам өлгөндө молдого берилүүчү саадака.

# ҮШ БӨЛҮМ

## 1.МАКАЛДАР

### А

1. Абысын – бычакташат,
күндөш – кучакташат.
2. Абысын ыраак болсо,
Жаты момун болот.
3. Агайын менен араз болгондун,
Акыры түбү оң болбойт.
4. Агаң менен чырлашсаң, өзгөчө мазак
Аялың менен чырлашсаң, өзүңө тозок.
5. Адам болсоң акыл айтса көнөөрсүң,
Акмак болсоң чыдабастан өлөөрсүң.
6. Адамды алдайсың,
Турмушту алдай албайсың.
7. Адамга ашың менен жакпа,
Ишиң менен жак.
8. Адамдын сулуулугу – мүнөзүндө.
9. Айбандан түңүлсөң түңүл,
Адамдан түңүлбө.
10. Азаптын азабы - жумушу жоктук.
11. Аз ичсең – адал, көп ичсең залал.
12. Айыбын жашыруу – наадандыктын белгиси.
13. Айылдын токтугу түтүнүнөн билинет.
14. Айран агартат, кымыз кызартат.
15. Аксакалдан күдөрүңдү үзбө,
Арактын артынан түшпө.
16. Акылдуу карыя –агып жаткан дарыя.
17. Акылдууну оор көргөн,
Акмакты боор көрөт.
18. Акылдуу адам сыйга тең,
Акылсыз адам ыйга тең.
19. Акылдуунун сөзү – ашка катык,
Мүнөзү – элге жатык.
20. Акылга баш ийген азаптан кутулат,
Атасына кеңешкен алдыга умтулат.
21. Акылсызга айткан сөз – учуп кеткен желге тең.
22. Аким болуш оңой, адам болуш кыйын.
23. Ак тилектен калба, жаманга назар салба.
24. Алыстан арбалаганча, жакындан дорболо[1].

25. Алаарына келгенде асты-үстүнө жыгылат,
Берерине келгенде кудайга үнү угулат.
26. Алтындан атка така болбойт,
Ак куунун жүнү жака болбойт.
Айнек менен күзгүдөн чака болбойт.
Ак жибектен бөзгө окшоп мата болбойт.
Акылдуунун айтканы ката болбойт.
27. Алганың жакшы болсо, баарын издеп табат,
Алганың жаман болсо итче үрүп кабат.
28. Апаң болсо жетиммин дебе,
Атасыз эле жетилдим дебе.
29.Аракеч болсо жолдошуң,
Ойлой бер иштин оңбосун.
30.Арам көңүлдүүгө ат токутпа,
Ак көңүлдүн көңүлүн оорутпа.
31.Арыктан аттаарда «оп» дешиңди бил.
32.Асыл таштан чыгат,
Акыл жаштан чыгат.
Андан санааң тынат.
33.Асмандагы булут - көчүп жүргөн кербен,
Булуттай болсоң чыгасың эрден.
34.Ата-эненин тилин албаган бала – айбандан жаман,
Аял алып никеленбеген адам – тайгандан жаман.
35.Атасы жакшынын аттан түшүшүн кара.
36. Атасыз жетим сый жетим,
Энесиз жетим шум жетим.
37.Атам укса мүшкүл иш,
Энем укса өз башынан өткөн иш.
38.Ата байлыгы жерге сиңээр,
Мээнет байлыгы элге сиңээр.
39. Атаң акмак болсо да, сөзүн ук.
40. Атанын сөзүн таштасаң,
Акмак болуп каласың.
Эгер өтсө дүйнөдөн,
Издеп кайдан табасың?..
41.Ат жакшысын минип билет,
Дос жакшысын кирип билет.
42.Ач болбосоң – нан кадырын билбейсиң.
43.Ачык тийген күн кышта сүйкүм,
Жарык тийген ай жайда сүйкүм.
44. Аштан кийин айылчы.
45.Аш сунгандын баары дос эмес,
Таш ыргыткандын баары кас эмес.
46. Аш кыла албаган аял – айыл кыдырууга даяр.

47.Аюу аманды билбейт,
Акмак жаманды билбейт.
48.Аялы жакшынын үйү – бейиш.
49.Аял үйгө тартылган желек,
Бала элге калтырган белек.
50. Аягын көр да, ашын ич.
51. Ач көз карынын өзү тойсо да, көзү тойбос.
52. Ата-энеңдин ак сөзүн кулагыңдан учурба,
Акыл тапсаң өзүңчө шылдыңга калып кутурба.
53. Азуулуулар алышса, бечаралар бөлүнөт.
54. Акыл , илим- тирүүлүктө урмат, өлгөндө даңк.
55. Адамдын кийимин караба, сөзүнө кара.
56. Адамдын өзү карыса да, сөзү карыбайт.
57. Алдыңда бирөөнүн алтыны жатса да алба,
Жаман ишке чалынып, жалаага калба.
58. Адамдын көркү мал болот,
Алтымыш жаш чал болот,
Ынтымак болсо үй болот,
Кайгысыз ичкен кара суу,
Кадимки ширин бал болот.
59. Алкын бузган жем издейт,
Атасы жакшы кеп издейт.

**Б**

60. Баатырдын сөзү элде калсын,
Душмандын сөзү жерде калсын.
61.Базары табылса бакырдын байымагы бат.
62. Баарын көргөн эки көз,
Жаманга айткан кайран сөз.
63. Балаң жакшы болсо – эл башы,
Балаң жаман болсо – эл душманы.
64. Балаң жакшы болсо -
Эшиктен башың төргө жетет.
Балаң жаман болсо -
Төрдөгү башың эшикке жетет.
65. Бай карасын сатаар,
Байкуш баласын сатаар.
66.Белен жаткан байге жок,
Даярдалган даңк жок.
67. Беттин кызылы - дөөлөт,
Колдун узуну – перзент.
68. Бирөөнүн колунан май ичкенче,
Өз энеңдин колунан суу ичкениң артык.
69. Билбегенге кадам сайын табышмак,
Билбегенин сурабаган – билимсиздик.

70. Бейбаш үйдү көсөөсүнөн тааны,
Тектүүнү тери тондун ичинен тааны.
71.Билим – өлбөйт,
Талант – өчпөйт.
72.Бирдин иши – нөл,
Миңдин иши – көл.
73. Бир жакшы кыз эки жаман уулга татыйт.
74. Бир китеп миң китепти окутат.
75. Башым бар деп мактанба,
Сыйды төрдөн албаса,
Аялым бар деп мактанба,
Артыңдан издеп барбаса.
76. Билимдүү, акылдуунун сөзү накыл,
Аңдай билип, аларды сен жүзөгө ашыр.
77. Билимдүүнүн сөзү өткүр,
Мергенчинин көзү өткүр.
78.Байлык өтөт, кедейлик кетет.
79. Баатырды көзүнөн тааныйт,
Чеченди сөзүнөн тааныйт.
80. Болбосо акыл кенедей,
Тапканын ичет ченебей,
Эстүү аялга ыракмат -
Коргойт эрин энедей.

**Д**

81. Дартын жашырганга дары табылбайт,
Ууруну ит капса эч кимге айтпайт.
82. Доолуу элде «жакшы» семирет,
Оорулуу элде бакшы семирет.
83. Дудуктун душманы жок.
84. Дудук сүйлөсө,
Дүлөйдүн укпаска айласы жок.
85. Досуңдун сүйгөнүн сураба.
86. Дос адамдын күзгүсү.
87. Достуктун түбү, илимдин чеги жок.
88. Досуңдан айрылганча кошуңдан айрыл.
89. Досуңдан айрылганың абдан жаман,
Досуңа ишенбесең андан жаман.
90.Денеге дем берген эмгек.
Демдүүнүн көңүлү сергек.
91. Дөөлөт консо бир чымындын башына,
Зымырык куш салам берээр ашыга.

**Ж**

92. Жакшыга барган жарыйт,
Жаманга барган карыйт.

93. Жакшыга жалынсаң жаның калат,
Жаманга жалынсаң малыңды алат.
94. Жакшы адам белгиси -
Кылым ишин тындырат.
Жаман адам белгиси -
Кылбай өзүн сындырат.
95. Жакшы билет салмакты,
Жаман кайдан билсин
Арзан менен кымбатты.
96. Жакшы жаркырап күлөт,
Адамдын ичин айттырбай билет.
Акыл айтса көңүлгө илет.
97. Жакшы болсоң баарын жеңип чыгасың,
Жаман болсоң кандай айла кыласың.
98. Жаман катын, жаш бала,
Экөөлөдү кантейин.
Жардылык менен жокчулук,
Төртөөлөдү кантейин.
99. Жаман адам таарынам деп,
Өз шыбагасынан куру калат.
100. Жаманды жайына кой, тынчыбайт,
Жашыкты бүлөсөң да курчубайт.
Жакшыны тилдесең да тырчыбайт.
101. Жамандыкты көрбөгөн,
Жакшылыкты баалабайт.
102. Жамандыктан көңүл калса,
Жакшылыктан үмүтүңдү үзбө.
103. Жаман аял үй тиксе жалпайтат,
Жаман жигит жабыр көрсө жалына ант айтат.
104. Жазалоо оңой, тарбиялоо кыйын.
105. Жаз – жардыныкы,
Кыш – алдуунуку.
106. Жалкоо карап олтуруп чарчайт.
107. Жалкоонун жаны таттуу,
Эмгектин наны таттуу.
108. Жалгыз жаныңды бакпа,
Жалпы элди бак.
109. Жалгыз жүрбөй жар тап.
110. Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коебу?
Жаласа канга тоебу?..
111. Жерге менчик эткен ээ эмес,
Айдап аштык эккен ээ.
112. Жердин көркү күн менен,

Адамдын көркү эмгек менен.

113. Жердин тамырын - элдин тамырынан тааны.

114. Жардынын катыны айранга тойсо, аксап басат.

115. Жолдошу жакшынын – олжосу жакшы.

116. Жаштын акылы кишен,
Кишенделбес үчүн өзүңө ишен.

117. Жашоо – үмүт менен,
Картайуу – санаа менен.

118. Жолдошуң ит болсо, жоого алдырат.

119. Жоргонун басыгын мингенде билесиң,
Жаштыктын кадырын өткөндө билесиң.

120. Жылан ийреңдеп туруп, сүйрөңдөп күлөт.

121. Жылан айды көксөп тилин сунат.

122. Жукпаса, куя берсе такыр болбойт,
Кайнар булак, кара суу кышта тоңбойт.
Ууру кылган адамдын түбү оңбойт,
Кыдыр даарыбай жигитке бакыт конбойт.

123. Жинди аялдан да, жибектей кыз туулат.

124. Жөтөл – картаңдын күлкүсү.

125. Жүз адам мактаган киши,
Жүз адамга татыйт.

126. Жүгүрт үп жүрүп, мүдүрүлтүп алсын.

127. Жүрөккө жүрөк кол салат.

128. Жакшы ургаачы элге жагат,
Эркелетип эрин багат.
Жаманы жыландай чагат.
Эл көзүнчө эрин кагат,
Ызаланып көзүңдөнжашың тамат.

129. Жакшы ургаачы оокат кылат, өзүңдү кыйбайт,
Өлгөнчө сыйлайт, өлсөң өкүрүп ыйлайт.
Жаманы жанды кыйнайт,
Идиш-аягын эркеги жыйнайт.
Элден уялып ичиң кайнайт,
Эси жоктун маңдайына ошол жыргал сыйбайт.

130. Жакшы жалтырап жүрөт, жаркырап күлөт.
Ичиңде эмне бар айттырбай билет.

131. Жакшы колуңа кол, бутуңа бут.
Үйүңдө береке, түгөнбөс кут.

132. Жаман болсо балдарың
Багууга бир күн жарабайт,
Канчалык тилдеп жатса да,
Катындан башка карабайт.
Жашоосу жалгыз өмүрдүн
Эч качан бөлөк санабайт,

Кастарлайт кемпир болгончо,
Анын ысыктыгы тарабайт.

## З

133. Зордук зомбулугу бар жетекчи шылтоо табат,
Жинине тийсең, бир күнү жилигиңди чагат.

## И

134. Илим – акылдын чырагы,
Өнөр – көңүлдүн жамалы.
135. Ишмердин иши көп,
Жалкоонун эрмеги көп.
136. Иштүүгө убакыт жетпейт,
Ишсизге убакыт өтпөйт.
137. Иштеп тапканыңды итиңе сүйрөтпө,
Ичи жаманга отуңду үйлөтпө.

## К

138. Каардуу адам бат карыйт,
Ичи жаман бат сасыйт.
139. Качайган жыгач ийилбей сынат.
140. Карынын арак ичкени,
Кадырын кошо ичкени.
141. Кары өлсө – казан толо аш,
Жаш өлсө – бийик тоолор пас.
142. Карынын сөзү – дары.
143. Карыдан алкыш алсаң – озосуң,
Карыдан каргыш алсаң – тозосуң.
144. Карынын сөзү – жамак,
Жамак – жашоого сабак.
145. Кажагайды калк бийлейт,
Каткан терини каруу ийлейт.
146. Карышкыр менен каракчы жарыктан коркпойт.
147. Кар көп болсо, дан көп.
148. Катуу үндөн – жаңырык,
Асыл сөздөн – жаңылык.
149. Карыясы бар үй – казынасы бар үй.
150. Кылыксыз кызга, кымбат баа кийим жарашпайт.
151. Кылыч сынаарында катуу,
Кыш чыгаарында катуу.
152. Кымыз адамдын каны,
От адамдын жаны.
153. Кыздын даңкын чыгармак,
Кайындап келген конуштан.
154. Кынтыксыз кыз издеген - бойдок калат.
155. Кыргыз кымызды кыдырып ичет.

156. Кыздуумун деп сүйүнбө,
Талашкан күйөө болбосо,
Келиндүүмүн деп сүйүнбө,
Ээрчиген бала болбосо.
157. Катын карыбайбы?
Каны коюлбайбы?..
158. Кыз жалаасы көп болот,
Айта келсе жок болот.
159. Капталдан чалган каманга,
Эрдик кылам дебегин.
Капталы жаман жоор атка,
Тердик салам дебегин.
160. Кебетени кудай берсе,
Тебетейин өзү таап алат.
161. Кеңешпесе акыл чыкпайт,
Мактабаса баатыр чыкпайт.
162. Кирсиз жүрсөң – ооруусуз болорсуң.
163. Келинди келген жылы эмес,
Кийинки жылы сына.
164. Койчу куйрук кулгуйт.
165. Кул кетем деп коркутат,
Күң каламын деп коркутат.
166. Курсагы ачтын кулагы укпайт.
167. Көйнөк жеңинен жыртылат.
168. Көздөн мурда көңүл көрөт.
169. Көтөрүп урба сандыкты,
Көп эле кылба тардыкты.
170. Көтөрүп урсаң сандыкты,
Бир көрөрсүң зардыкты.
171. Келинге келин каргаша,
Келиндин багы ачылбайт,
Кемпирди кудай албаса.
172. Куу алдап сүйлөйт,
Акылдуу талдап сүйлөйт.
173. Конок кирсе эшиктен,
Ырыскы кирет тешиктен.
174. Кийик ата электе эт бөлүшпө.
175. Күн абаны ысытса,
Достук көңүлдү ысытат.
176. Кулаалы кутурса туйгун менен туурдаш болгусу келет.
177. Кедейдин эти болсо – оту жок,
Оту болсо – эти жок.
178. Күчүңө жараша жер айда,
Жер айдасаң суу байла.

179. Күйгөнгө күйбөй – достук жок,
Сүйгөндү сүйбөй – бакыт жок.
180. Көлөкөдө жаткан ит, күндү көрүп үрөт.
181. Күнөөлүнүн отуна күнөөсүз да күйөт.
182. Көзүндү ачканга көр казба.
183. Көздүн көргөнү -
Кулактын укканы көп.
184. Күмөн ишке, түмөн ой.
185. Көл адам көйрөңгө теңелбейт.
Көлгө дайра куйса кебелбейт.
186. Кээде тил менен тиш да чырдашат.
187. Коңуздан корккон коркоктун иши,
Иш билбеген чоркоктун иши,
Билип турат баарысын билимдүү киши.
188. Көргөндү уккан жеңет,
Көйрөңгө күлкүң келет.
189. Койду кош деп,
Уйду өш деп,
Эчкини чек деп,
Төөнү чөк деп,
Жылкыныайт деп,
Ким ынтымакта жашаса -
Ошону айтабыз бай деп.

## М

190. Маңыз киши кеби менен мээни эзет,
Тили менен зоо тешет.
191. Мастын кыялы балага да жакпайт,
Үй-бүлөөсүн тирүүлөй чокко кактайт.
192. Мансапкордун баласы зөөкүр,
Аялы паракорлорго өткүр.
193. Мал азабына чыдасаң, май чайнайсың.
194. Мээр сөз мээни сергитет,
Эмгек көңүлдү сергитет.
Өнөр өмүрдү эргитет,
Көр сөз жанды кейитет.
195. Максатсыз киши канатсыз куш.
196. Музоону бир жыл баксаң -торпок болот ,
Кыз балага жарашкан – мончок болот.
197. Малды мал өзү багат -
Баарын адам табат.
Азыркы шартта, иштеген эле жагат.

## Н

198. Наадандын иши бүтпөс,

Жаз келсе да киши түтпөс.

## О

199. \Оорунун келиши тез, кетиши кеч.
200. Орой кыял - оңдурбас дарт.
201. Он акмак бириксе,
Бир акылдууну жемелейт.
Он акылдуу бириксе,
Миң адамды жетелейт.
202. Отко түшкөн күл болот,
Жерге түшкөн гүл болот.
203. Ордун таппаган орунсуз калат.
204. Орунсуз сөздө оомат жок.
205. Окуудан – илим алат.
Китептен - билим алат.
Билимди билгендин тилин алат.
Чычалак чырды салат,
Чындыктан моокуң канат,
Өлөрман кылмышын өлөөрчө танат,
Акылдуу кылмыш кылса мойнуна алат.
206. От түтүнсүз болбос,
Жигит жараксыз болбос.
207. Оорудум деп оокат кылбайт,
Отурган жеринен бир да жылбайт.
Тамак бер десең таап кел деп кыйнайт,
Анын кайда жүргөнүн адам туйбайт.
Көзүнө көрүнгөндү алып бер деп ыйлайт.

## Ө

208. Өзүң кылчу ишиңди башкаларга жүктөбө.

## П

209. Пайдасыз малдан тоо кайберени жакшы.
210. Пайдасыз жашоо - мезгилсиз өлүмгө тете.
211. Пейли кең жигит элинен береке табат.
212. Пейлиң жумшак болсо, берешен болосуң.

## С

213. Санаага башыңды алдырба,
Душманга бутуңду чалдырба.
214. Сөздөн сөз жаралат,
Кептен кеп чыгат.
215. Сөздү көп тыңшаган чечен болот,
Сөздү укпаган бечел болот.
216. Сөөк-тамырдын экөө тең болбой,
Бири-бирине катыша албайт.
217. «Сиз» деп сыздаткандан көрө,

«Сен» деп жыргаткан жакшы.

218. Сүйүү оттон да опурталдуу.

219. Сүйдүргөн да тил,
Күйдүргөн да тил.

220. Сүт жок жерде мышык сопу.

221. Соодагердин тыйыны,
Күн өткөн сайын эгиздейт.
Ысапсыздан кой алба,
Быйыл туумак эгиздейт.

**Т**

222. Талаага чыкса бий болуп,
Үйгө келсе кул болгон,
Жигит кайдан табылат?

223. Таттуунун таттуусу – бала,
Ачуунун ачуусу – ажал.

224. Талашпаса так жок,
Күтүнбөсө бак жок.

225. Тамагы сыйлуунун казаны майлуу.

226. Таап айткан сөз таасирлүү,
Тантыган сөз кесирлүү.

227. Топонду жыйсаң тоо болбойт,
Тулпардын сөөгү жоголбойт.
Канчалык жакшы болсо да,
Эшектин сөөгү оңолбойт.

228. Таякчан чабандын талыганы – тоо, бийик.
Учкан бүркүттүн коноор жери – зоо.

229. Тектүүнү терип алганча,
Нарктууну сурап ал.

230. Теменедей теректе темирдин күчү бар,
Жашооңо керек болсо өгүз күтүп ал.

231. Туруксуздун турмушу – туман,
Жалкоонун жашоосу - жаман.

232. Тогуз толгонуп, он жолу ойлонуу –
Жакшы сөзгө жарамдуу жооп.

233. Туугандын жаманы - айыкпас түпөйүл дарт,
Туугандын жакшысы - түгөнбөс бакыт.

234. Туруктуулук турмушту үйрөтөт,
Эзме киши эшекти да жүдөтөт.

235. Тили узундун тилеги кыска,
Ою узундун кеби нуска.

236. Түстүүдөн түңүлбө,
Түз конуштан айрылба.

237. Түйтөңдөгөн тез карыйт.

238. Тиштээк иттин тиши тез сынат.

239. Токой өрттөнсө дүмүрү калат.

240. Таштак жерде от болбос,
Арсыз башта уят болбос.

241. Тууганды тууган кыйбайт,
Өлсө өкүрүп ыйлайт.

**У**

242. Устаранын мизи - курч,
Чечендин тили - курч.

243. Убайым болсо, уйку жок.

244. Уулуң жакшы чыкса - узардың,
Жаман чыкса - кызардың.

245. Учурунда эгилген –
Учурунда көктөйт.

246. Уккан- улама, көргөн –көсөм.

247. Уул менен келинди урматтаса,
Атадан калган там кызык.
Байкабаган балдарга -
Атадан калган мал кызык.

**Ч**

248. Чапса күлүк, минсе барк,
Күлүк кайдан табылат?..

249. Чаалыкканга чаң да жүк.

250. Чымынга өчөшүп чырагыңды өчүрбө.

251. Чоңойдум деп чоектоп,
Басып кеткен кыз азбы?
Ууру кирсе үйүнө,
Үрбөй жаткан ит азбы?..

252. Чебердин колу жыгачтан да түймөк түйөт.

253. Чебер уста кумурсканы да такалайт.

254. Чегүүсүз тегирмен болбойт,
Себепсиз теминген болбойт.

255. Чоркоктун чолоосу жок -
Өтүктү коңултак кийет, ороосу жок.

**Ш**

256. Шайыр адам нур сыяктуу,
Келген жерин нурдантат.

257. Шашылган кыз эрге жарыбайт.

258. Шар акпаган суудан түңүл.

**Ө**

259. Өрнөгүмө келбесе, өлгөнүмө келбесин.

260. Өлгөндөн – өксүп, кеткенден – кемсип.

261. Өлгөн карышкырдын терисин -
Тирүү ит аттап өтө албайт.

262. Өлгөн буураның башынан -
Тирүү атан төө коркот.
263. Өзүнүн очогуна от жакпаган,
Бирөөнү жылыта албайт.
264. Өнөрү бар: кум үстүнөн кеме жүргүзөт.
265. Өнөрсүз адам – көзгө түшкөн чөңөр.
266. Өктөм ат – өткүр бычак.
267. Өз акылың – өзөктөгү тамыр,
Жат акылы - жаныңа жабыр.
268. Өлгөнгө асылган өспөйт,
Өрнөктүүнүн изи өчпөйт.
269. Өмүрү жамандын, өлүмү да жаман.
270. Өзүңдү сыйлаганды сыйла,
Жакшыны жамандыкка кыйба.
Жамандан тарт, тизгиниңди жыйна.

**О**

271. Ордун таппаган орунсуз калат.

**Э**

272. Эненин сүйүүсүн эч кимдин сүйүүсүнө алмашпа.
273. Эрдик эмгектен жаралат.
274. Элимкулдан Темиркул эпчилсинбей нары тур.
275. Эң жаман кедейлик – акылдын кемдиги.
276. Энесин укпаган –
Башканы тоотпойт.
277. Эшек барга саналса да, малга саналбайт.
278. Эстүүнүн айтканы эм болот,
Өз жаныңа дем болот.
279. Эринчээк этегине аарчынат.
280. Эринчээктин эрдин ит жалайт.
281. Эмгек кылбай эр оңбойт,
Бириндеген эл болбойт.
282. Энеден эгиз туулсаң да, энчиң башка.
283. Эч кемибес март барбы?
Мүдүрүлбөс ат барбы?..
284. Эки жакшы баш кошсо -
Бирин-бири кыйышпас,
Эки жаман баш кошсо -
Кең дүйнөгө сыйышпас.
285. Эстүү эмгекти сүйөт,
Эринчээк эрмекти сүйөт.
286. Эл мүдөөсүн эр жигит чечет,
Эрегишкендер эки тарапты эзет.
287. Эгин экмейинче курсак тойбойт,
Жеңдирген жерде өкмөт болбойт.

## 2. ТААМАЙ СӨЗДӨР

**Айтып берген адам** – белгисиз

**Жазып келген:** Абдылдаев Абазбек. Ош шаары, Жим көчөсү-5, 85-кв.

№380-дептер.

1.Агар алтын, ак күмүш.

2.Агымдан кир, ашымдан кыл таптыңбы?

3.Адашса жолго салаар,
Алданса жөнгө салаар.

4. Айтса айыптуу түн,
Айтпаса айыптуу күн.

5. Алдымдан бууп, артымдан кууп жүрсө.

6. Алты ай бою от болуп,
Ажырашаар күнү жат болуп.

7. Атын айтып, айдарын тагып бер.

8. Аштан ачка, аттан жөө болбойт.

9. Айтаарга сөзүн, берерге ашын таппай.

10. Аларга бар, берерге жок.

11. Акылы алтоо болбогон,
Берип бешөө болбойт.

12. Ак койдон аңкоо,
Боз койдон момун.

13. Арка эти арча,
Борбуй эти борчо болуп.

14. Ачык ооз, жумшак көз.

15. Ак дегени алкыш,
Кара дегени каргыш болгон.

16. Акырын айтса билбей,
Катуу айтса кадыры калган.

17. Асманды аңтарып, көктү көңтөрүп.

18. Арыктан аттабасын, мага каттабасын.

19. Аты арып, өзү карып болуп.

20. Ачына айланып, тогуна толгонуп.

21. Аттай арка, тоодой бел болгон.

22. Аягынан азып, томугунан тозуп.

23. Ат аздырып, тон тоздуруп.

24. Аягы атка жетпей,
Ээрди ашка жетпей.

25. Балам, балам, башың жаш,
Башыңа тиер муштай таш.

26. Бооору бүтүн, башы эсен.

27. Булут ала, жер чолодо.

28. Барса – базар, келсе – кербен болуп.

29. Башы - токмок, каруу- казык болгуча.
30. Бөз кошпосо да, сөз кошоор.
31. Бөдөнөнү – бөлө,
Таранчыны – таяке кылып.
32.Тартарды –таята, эчки маарактыы –эже,
Бабырганды – бажа кылган.
33. Бөксөдөн бөрү алган,
Түздөн түлкү алган.
34. Белин басып, тишин ачып.
35. Баш да, төш да сеники.
36. Бооркол жүнү боорунда.
Чырымтал жүнү соорунда кези.
37. Бетимдин сулуусунда -
Этимдин жылуусунда.
38. Жалгыз бала берип,
Жарым жанын ала берип.
39. Жашынарга кабак жок,
Жалмаларга тамак жок.
40. Жылан жыттабай,
Бака маңдабай калган.
41. Жетпегениңе жең,
Болбогонуңа боо кыл.
42. Жеткени кезек менен,
Жетпегени тезек менен.
43. Жоон сүзүлүп,
Ичке үзүлүп турган кез.
44. Жоонду жонуп алган,
Ичкени созуп алган.
45. Жайкысын ак таталап,
Кышкысын сөөк кажалап.
46. Жая ордуна жал берген,
Май ордуна бал берген.
47. Жакасы жаңы болбой,
Этеги эки болбойт.
48. Ит көйнөгүн ийнине иле түшкөн,
Аруу тонун аркасына сала түшкөн.
49. Ийлеп-ийлеп итке салып,
Оңдоп-оңдоп отко салган.
50. Карыга - курдаш,
Жашка – сырдаш.
51. Кайнаса каны кошулбаган,
Жыйнаса сөөгү кошулбаган.

52. Казаны асылбай,
Көрү казылбай калган.
53. Калка кылар ногой жок,
Качып кирер токой жок.
54. Кой башындай жүрөк,
Кол башындай болуп.
55. Этегин – элек,
Жеңин – желек кылып.
56. Эрегүлдүн эрге тийгени,
Карагулдун катын алганы.
57. Төбөсү - жайлоо, төшү - кыштоо.
58. Тайдай туйлап, улактай ойноп.
59. Төөнү жүгү менен,
Уйду түгү менен жуткан.

## 1Х БӨЛҮМ

**Табышмактар**

Бул табышмактар Имаш Мергенбаевден жазылып алынган. Ысык-Ата району, Сан-Таш совхозу. Жазып алган:Орозакунова.Ч. 1972-ж.№531-дептер.

1. Жем берсе оозун тозот,
Кекиртегин созот.
Сүйлөй турган тили жок,
Мунсуз адамдын күнү жок.
( Меш)
2. Жаны жок жатат,
Күн тийсе катат.
Белин кырчоолоп бууйт,
Суу тийсе тууйт.
(Үлүл)
3. Кыя-кыя кыялар,
Кайынга куш уялар.
Эти-арам, сорпосу-адал,
Муну тапчы балалар.
(Аары)
4. Башы балпак,
Маңдайы жалпак.
Түбү түптүү,
Түрткөнү күчтүү.
(Музоо)
5. Кулактан көтөрүп сылап-сыйпайт,
Бетин тытып ыйлайт.
Мунун жашын алган адам жыргайт.

(Апийим)

*****

Айтуучу: Айдаров Стамбек, жашы 65те, кольхозчу болгон. Аксы району. Крупская айылы. №247-дептер.

6. Жарган жыгач, жаткан коён.
Эки бөлтөк азыгы,
Артында бар казыгы.
(Бешик, бала, эмчеги, шимеги)

7. Эртең менен турат, эки жагынан урат.
(Өтүк)

8. Жер түбүндө алтын казык.
(Сабиз)

9. Он эки бээ, бир айгыр ( мал мүчөсү)
Алтоо анык бооз (алты жиликтеги чучук)
Төртөө туура кызыр (төрт жилик чучуксуз)
Экөө арсар (күмөн) ( кары жилик).

10. Алтымыш жалбырак, отуз шак,
Жарымы кара, жарымы ак.
Бүгүн ойлоп, эртең тап.
(Айдын жарымы жарык, жарымы караңгы)

*****

Айтуучу: Калмурзаев Гази. Жаңы-Жол району. Крупская айылы, Фрунзе кольхозу, 40 жашта.

11. Кырк-кырк кылдырык,
Отуз ооз булдурук.
Беш безбелдек.
(Отуз күн орозо, кырк күн чилде, беш убак намаз)

12. Тап-тап-тап жорго,
Жаманы жок боз жорго.
Жерге түшсө табылбас.
Желип кетсе жеткирбес.
(Ок)

13. Көк көйнөккө косек жайдык.
(Жылдыз)

14. Ийри талга кар жукпас.
(Мүйүз)

15. Ундун ичинде устун.
(Жийде)

*****

Айтуучу: Тултемиров Ибрай. Кочкор району. Москва кольхозу.
Жазып келген: Кулматова.А. 1966-67-окуу жылы. №254-дептер.

16. Бир үйдө жети кан бар.
(Жууркан, аркан, капкан, чычкан, талкан, ала бакан, кумган)

17. Он эки төө, он жылкы, сегиз сыйыр, беш эчки, жарым коён, үч түлкү. Табалбасаң сен күлкү.

(Ар бир малдын бала көтөргөн мезгилдери)

*****

Айтуучу: Райхан Калмурзаева. Ош облусу, Өзгөн району, «Кара-Таш» поссовети. Жазып келген: Кулматова.А. 1966-67-окуу жылы.№254-дептер.

18. Буттарында жапагы,
Бийик жерде жатагы.
Көзүнө топу кийбесе,
Көбөйөт экен чатагы.

(Бүркүт)

19. Күү-күү-күү этет,
Көмүрлөрү жарк этет.

(Көөрүк)

20. Үйгө кирет,
Ачуума тийет.
Урайын десем,
Таягыма тийбейт.

(Шамал)

*****

Айтуучу: Кемел . Ысык-Көл району. Балыкчы шаары, Ысык-Көл көчөсү. Жазып келген: Кулматова.А. №254-дептер.

21. Өмүр, өмүр, өмүрдөн,
Жаккан отуң көмүрдөн.
Шаарда бир куш бар дейт,
Жумурткасы темирден.

(Мылтык)

22. Базардан алып келген сары сандык,
Кулпусун он кишилеп араң салдык.
Чамынды чайнап, күл чычкан,
Мунусуна айраң калдык.

(Самоор)

23. Каралыгы кара сайдын ташындай,
Катуулугу как атаңдын башындай.

(Шакар самын)

24. Кула бээм кудукка түштү,
Куйругу сорок дей түштү.

(Сузгу)

25. Сагызганым шак этет,
Шагы менин колумда.
Узун чыбык солк этет,
Учу менин колумда.

(Кол машина)

26. Караңгы токойду желмогуз тырмалайт.
(Тарак)

27. Котур төөм күлгө оонайт. (Көмөч)

28. Аркы элдин жылкысы кайчы кулак,
Берки элдин жылкысы топчу кулак.
(Керегe, көгү)

*****

Айтуучусу: Белгисиз.

Жазып келген: Темирова Батма Токтоназаровна. Ак-Талаа району, Баетов айылы, №374-дептер.

29. Көзү бар, кулагы жок,
Оозу бар, мурду жок,
Тили бар, буту жок.
( Жылаан)

30. Биз, биз, биз элек,
бир топ кыз элек,
жипке тизилдик,
шыпка илиндик. (Калемпир)

31. Балдан таттуу, пахтадан жумшак.
Сагаалап жаныңдан чыкпайт.
Сатсаң тыйынга өтпөйт.
(Уйку)

32. Эки бычак, эки көз,
Бир уюкка бекиген.
Качан буюм кесерде,
Ортон менен баш бармак,
Өтүп кетет көзүнөн.
(Кайчы)

## X бөлүм

## Тарыхый сөздөр

### 1. Мадаалы эшен баяны

**Айтуучу:** Белгисиз.

Жазып келген: Бекназарова Касиет. II курс, Анжиян облусу, Жалал-Кудук району, №206-дептер.

Эзилип Кудаяр хан кол алдында,
Көкүрөк муң-кайгыга, жашка толгон.
Күрөшүп далай жолу теңдик үчүн,
Жеңилип далай эрлер курман болгон.

Учкундар жалбырттанып тутана албай,
Үмүттөр гүл сыяктуу кайра соолгон.
Тумчугуп теңсиздикке жжем болоордо,
Орус эли бууган болуп, алган колдон.
Толуктап мен айтууга жетпес үнүм,
Бирок да, айткым келет ошолордон.

*****

Абал баар[1] жазында
Амал айы[2] өткөндө
Сабыр* айы киргенде
Мындан бардым аякка.
Жедигер менен саякка.
Андан ары мен бардым
Коргон-Төбө тарапка.

Коргон-Төбө жеримде,
Алымкул бектин баласын,
Шераалы мырза дейт экен.
Салганы аппак жай экен.
Казы, болуш жыйналып,
Он бир чоңу бар экен.

Бектер менен бир жаттым,
Шырбаздын[3] этин жеп жаттым.
Атканага ат багып,
Былкылдабай шүк жаттым.
Жатаар мезгил болгондо
Бир дүбүрөп ат барды.
Шераалыдай мырзага
Бир шумдуктуу кат барды.

*****

Анжияндан нары Миң-Дөбө деген жерден Маадалы эшен чыккан экен.Ошол мезгилде Кыргызстан бүт бойдон орус падышачылыгына баш ийип турган мезгили. Ошондо Маадалы эшен Анжиянды орустардан бошотуп, ислам байрагын көтөрүп, мусулман өлкөсүнө айлантып, өзүнчө мамлекет кылам деп аттанаарда Коргон-Төбө деген жерде Алымкул бектин баласы Шераалы мырзага, өзүнүн Анжиянды алууга бараткандыгы жөнүндө билдирип, аны да (Шераалыны) ошол көтөрүлүшкө чакырып кат жиберет. Ошондо Шераалынын катты окуп турган кези:

Кийгени күла топу[4] экен,
Кат алпарган кишиси
Селдеси катта[5] сопу экен.

Катты алып Шераалы,
Күлүк атын токуду.
Чыракка салып Шераалы
Күндүзгүдөй окуду.
Катты окуп Шераалы
Оң бармагын тиштеди.
Алтынга күмүш чайпады,
Катты окуп Шераалы
Аттиң- деп, башын чайкады.
- Сопум, келдиң бир сапар,
Өтүп кеткен хан, бектер.
Мен сага, айтып өтөм бир катар
Дастаны анын бир кыйла,
Өтүп кеткен хан, бектер.
Эми мен, айтып өтсөм бир сыйра
Көкүрөк жарып жар[6] өткөн.
Анжияндын өзүндө
Жыйырма эки хан өткөн.
Бул хандар далай урушкан
Булардын алы жетпеген,
Мында да орус кетпеген.

Кыйылуу саат бураган,
Үчү кем кырк жыл сураган.
Кудаяркан хан өткөн.
Бул да кыйла согушкан,
Мунун да алы жетпеген,
Мында да орус кетпеген.
Алтымыш миң кол кылып,
Чымкентти тосуп жол кылып,
Алымкул бир жыл сураган,
Орус менен согушуп,
Анын да алы жетпеген,
Анда да орус кетпеген.
Кокондо жаткан бала хан
Аптабачы[7] Малахан
Бул да бир согушкан
Мунун да алы жетпеген,
Мында да орус кетпеген.
Хан көтөргөн Шоорукту,
Ошондо кыргыз оолукту.
Бул да бир жыл согушкан.
Мунун да күчү жетпеген,

Мында да орус кетпеген.
Мамыр да чыккан кол курап,
Кең-Колдун ичин жол кылып,
Мамыр чыккан шаңданып,
Масынын[8] үстү чаңданып.
Бул да бир жыл урушкан.
Мунун алы жетпеген,
Мында да орус кетпеген.
Шераалы шондо сүйлөнүп:
Сабыр кылып тек жатсын,
Сарттарын уулап жеп жатсын.
Кыйналбай эшен тек жатсын,
Кыргызды уулап жеп жатсын.
Ашыкпай эшен тек жатсын,
Арканы уулап жеп жатсын.

Сопум жатпай кайт- деди,
Менин айткан сөзүмдү-
Эшениңе айт!- деди.
Катын отко күйгүздү,
Шераалыдай мырзага
Жакпаганын билгизди.
Кат алып келген сопуга
Заргап[9] тонун кийгизди.
Сопу жатпай кайтты дейт,
Уккан-көргөн кептерин,
Маадалыга айтты дейт,
Бирок эшен көнбөдү,
Оолугуп алган ал эшен
Кара койду сойгузуп,
Калпаларды тойгузуп,
Он эки калпа, бир эшен
Убаданы бир кылып,
Селделерин кир кылып,
Жөнөп калды селпилдеп,
Селделери желпилдеп.

Миң-Төбөдөн чыкканда,
Жаңы чекке киргенде
Абайлап токтоп бир паска
Ат үстүндө түш көрдү,
Ысмайыл аттуу түрк калпа.

Бул жактан барды Сыр-Дарыя

Ал жактан келди бир дайра
Кан аралаш суу акты.
Чоочуп кетип ойгонду,
Элестетип Ысмайыл
Көргөн түшүн ойлонду…
Эшенине бул калпа
Түшүн айтып турганы:
Кайтсаңчы эшен, кайтсаңчы
Кылыч кетти кылооңдон.
Аты кыдыр Илияс
Оң жылооңо кирди эле,
Оң жылооңду кармабай
Кызыр кетти жылооңдон.
Кайтсаңчы эшен, кайтсаңчы
Сөздүн чынын айтсаңчы!
Бул жолуңда пайда жок
Бирибизде жарак жок,
Кошунуңда балак жок.
Сыйпаланып карасаң,
Наштардан[10] башка жарак жок.
Мындан нары барарсың
Анжиянды аларсың
Беш солдаты мас болуп
Чартак палван[11] баш болуп
Көчөнүн оң жак бетинде
Беш солдаты жаткандыр
Ошолорду аларсың
Бекер майып кыларсың
Казармага кирерсиң,
Туюнуп калып көп солдат
Ортого алып калганда
Батыратып атканда
Эшеним мында шашарсың,
Каякка көздөй качарсың?
Түрк калпанын сөзүнө
Жооп берди анда эшен:
- Андай дебе, түрк калпа
Көргүлүгүң көрөрсүң
Каргап ийсем өлөсүң
Аярдабай барабыз
Нажаат[12] берсе кудайым
Аса менен алабыз!

*****                                   ,

Таңга маал барабыз
Нажаат берсе кудайым
Теспе менен алабыз!
Анда туруп түрк калпа:
- Айланайын эшеним,
Ал эмне дегениң?
Асаңдын огу бар болсо,
Орусту коюп мени аткын
Асаңдын огу жок болсо,
Ашыкпай эшен тек жаткын.
Теспеңдин огу бар болсо,
Орусту коюп мени аткын.
Насиретиң[13] минбедим.
Мала тонуң кийбедим.
Жети жыл болду эшеним
Кереметиң билбедим.
Калпалыктан чыктым- деп,
Кайтып калды түрк калпа
Балдарын атка мингизип,
Жылуулап кийим кийгизип,
Кетип калды карабай,
Эшенине кайрылып,
Коштошууга жарабай,
Оолугуп эшен толду дейт.
Айтканындай болду дейт.
Анжиянга кирди дейт,
Беш солдатты өлтүрүп,
Казармага кирди дейт.
Туюнуп калган көп солдат,
Ортого алып калды дейт,
Батыратып атты дейт.
Эшени мында шашты дейт.
Асасын алып жүгүндү,
Асадан ок чыкпады,
Теспесин алып жүгүрдү,
Теспеден ок чыкпады.
Даарат алып суу деди,
Олтура калып үү деди….
Айласы кетип эшендин
Анжиянды аралап
Качып калды бул эшен.
Эртең менен болгондо
Анжиянда орустар:

«Анжияндай шаарда
Калба[15] чыгып калды» - деп,
Урган экен телеграмм
Губернатор паашага
Барган экен зыңгырап,
Сүйлөп берди чулдурап.
Телеграмма жетти дейт,
Губернатор ак паша
Эси чыгып кетти дейт.
- Алтымыш вагон ал-деди,
Маргалаңга жат- деди,
Калба чыккан Анжиян
Бир кечеден чыгарбай,
Мейкин кылып ат!-деди.

Солдаттар Анжиянды талкалап, элдерди атып, түптүз жер кылып, шаарды талаага айландырмакчы болгондо:

Анжияндык эшендер
Буга даба тапты чечендер.
Букараң мындан элпек-деп,
Бул кылганы тентек-деп,
Падышага душман деп,
Бул ишти кылган Маадалы
Миң-Төбөдөн чыккан деп.
Арыз берди ошолор-
Ушул келген көп солдат
Анжиянга жатса экен.
Калба чыккан Миң-Дөбө
Мейкин кылып атса экен.
Арызын кабыл алды дейт,
Ошондо келген солдаттар,
Анжиянда жатты дейт.
Миң-Төбөдөй айылды,
Мейкин кылып атты дейт….
…Араң-араң күз болду,
Миң-Төбөдөй зор кыштак
Ошентип-
Бир кечеде түз болду.
Эшен чыкты дегенде
Элеңдеген көп болду.
Калпа чыкты дегенде
Качып жүргөн көп болду.
Карагандын түбүндө
Жатып жүргөн көп болду.

Эшенге мурут болуп, кол берип жүргөн кишилер кийин мындай деп ырдашчу болушуптур:

Газават[16] кымбат, акык-деп,
Күлө топу, мала тон,
Кийгендерге такык деп.
Орус кармап жүрөргө
Таяк боло жаздадык.
Мурутмун деп эшенге,
Аяк[17] боло жаздадык.
Элге-журтка сөз болуп,
Күбүр боло жаздадык.
Мурутмун деп эшенге,
Шибер[18] кете жаздадык.
Тешик тоодон нары жакка,
Өтүп кете жаздадык.
Туткундар казчу күмүш кен,
Иштеп кала жаздадык.
Туткундар жечү топон нан,
Тиштеп кала жаздадык.

## *2. Кокон ордосунун түзүлүшүнө Чаткалдыктардын катышы.*

***Айтуучу: Бексариев Жапаркул 1949-жылы Чаткал өрөөнүндө төрөлгөн. Кесиби – гидротехник. 1991-жылдан бери Чаткал райондук суу тармактар башкармалыгында инженер, башкы инженер болуп иштеген. Бул тарыхый маалыматтарды атасы Бейшенден, айыл аксакалдары Иманалиев Масалбек, Нурдин абалардан уккан.***
***Жазып алган: КУУнун доценти Б.А.Баймырзаев. 2010-жыл.***

1801-жылы Нарбото бий эки-үч жылдан берки кылган ишинин жыйынтыгына чыгып, Кокон шаарын ордо атандырып, уулу Алимди кан көтөрдү. Фергана өөрөнү, казактар, түндүк кыргыздар, кара калпактар толук бойдон чектери Кокон ордосуна карады. Алим кан «согушчан хан » болуп чыкты. Ташкент шаарын, ары жагы Байкал көлүнө чейинки чектерин кеңейти. Көп өтпөй Нарбото бий ааламдан өттү. Ажыбек (Хажи) Нарботодон кичүү болгон. Нарботого таарынып Ажибек Чаткалдык тагаларын жамынып, көбүнчө Чаткалда жүргөн. Таякелери кытай уурусунан чыккан актонду кытайлар болгон. Нарбото бий өткөндөн кийин Ажибек бий Ордодо калып калган эле. Көп өтпөй Ордо «оюну» башталып, Алим хан Ажыбек бийдин башын алдырды.Түн жамынып Чаткалдык Жайлоо бий Эралы менен Шералыны (Ажыбек (Хажи) бийдин балдары) Кокондун ордосунан алып чыгып кетет. Бул иштер эсеп менен алганда 1808-жылдардын мезгилине таандык болгон. Эралы алты жашта, Шералы төрт жашта болгон. Эралыны 1810-жылы жазга маал дубал кулап кетип басып өлөт.1822-жылдары Карабай Миңбай жана Шералы Чаткалда жылкы кайтарат. Үчөө ынак достор. Көбүнчө Шералы жомоктотуп сүйлөөчү.

-Ээ, Карабай, Миңбай мен жөнөкөй адамдардын урпактарынан эмесмин.Түп атам Фергана өрөөнүнүн ханы Бабур. Эсимде атам Ажыбек (Хажи) бий так талашуудан набыт

болду. Мен жыйырма экиге таяп калдым, Аала Таала жар болсо, Ордо «оюнуна» катышсам деген тилегим бар.

-Кана, Аллах жар болуп Чаткал, Таластын жакшылары колдосо,-деп сөзгө Миңбай кошулду.

-Аа, Шералы, сен хан болсоң мени унутпассың.

Миңбай датка деген наам берерсиң,-деп күлдү.

Шералы Карабайга карап:

-Сен ким болушту калаар элең?- деди жер карап, чыбык менен жер чукуп олтуруп.

Карабай:

- Мага бийликтин кереги жок. Күтүүсүз жерден эле башың кетет экен. Мен Алладан чоң бай болсом деп тилеп жүрөм. Душманың аз болот, бир сайды жайлап, тынч жатканды каалайм.

Үчөөсү ойлорун ортого салып олтуруп, таңдын кандай атканын да билишпей калды. Күн чыгып калганда айылдан чабаган келип, Шералыны Жайлоо бий чакырып жаткандыгын айтты. Келгенде Чаткалдын жакшылары чогулуп, Жайлоо бийдин үйүндө экен. Эшиктен кирип Шералы кымырла салам берди. Жабыла алик алышып, төрдөн орун беришти. Кеч күз болгондуктан боз үйдүн ортосунда чоң от жагылуу эле.Тарткынчыктап төргө өттү.

Жайлоо бий сөз баштады:

-Шералы, өзүңдүн да кабарың бар, сен жөнөкөй адамдын урпагы эмессиң. Сен кандын тукумусуң, ошондуктан уругуң бачикиленип кетпесин деп, Таластын бийи Бекботонун кызын алып берүүнү чечтик,-деп суроолуу карады. Шералы сөз жок, жер карап үндүбөдү. Сексенден ашып калган Карбос үн кошуп:

-Туура кыласың, балам, ошондой кыл,-деп башын ийкегиледи.

Чаткал багытынын бийи Жайлоо отуздарга жаңы барган, келишкен кең далылуу жигит эле. Таластын бийи Молдо Асан жана багыш бийи Бекбото менен жакын үзөңгүлөш жолдош болгон. Көп өтпөй Бекботонун кызы Сонону Шералыга алып берип, Чаткалга көчүрүп келет. Соно айымдан Малакан, Сопубек деген уулдар төрөлөт.

1822-жылдары Мадалы хан такка келет. Суроо таштап Шералыны таап, катташып, Коконго алдырып, арапча окута баштайт. Шералы беш жыл Кокондо туруп билим алган. 1828-жылы Кокондон кайра келет. Экинчи аялы Жаркын айым, аксылык, саруу уруусунун бийи Токтоназардын кызы болот. Эсеп менен 1825-26 жылы кайра Чаткалга келгенде Жаркын айымдан бир балалуу болот, атын Абдрахман деп койот. Ошол мезгилден тарта Шералы Кокон ордосу менен катташа баштайт.

1828-жылы Нүзүп аскер башы Чаткалга келет. Шералы менен Кокондо жүргөндө эле таанышып, экөө ынак болушкан. Нүзүп бий бир-эки жума жүрүп Шералы менен пикир алмашып кенен-кесир сүйлөшөт.1829-жылы Жайлоо бий көз жумат, эч жери оорубай эле 39 жашында дүйнөдөн өтөт. Ошондо балдарынын уулусу Ибрагим 7 жашта, кичүүсү Курманбай 5 жашта болгон. Көп өтпөй Шералы таластык Молдо Асанды, Бекботону жамынат.

1842-жылы Букара эмири Насурулла батырхан Кокон ордосуна каршы согуш ачат. Себеби, Нүзүп Кокон ордосунун негизги күчүн алып, Кашкарда Жаангер Кожого жардам берип кытайлар менен урушуп жаткан. Кокондун негизги күчү жок болгондуктан, ал Коконду оңой эле каратат. Надира бегим (Омор кандын аялы) Мадалыны дарга асып,

Кокондо өзүнүн адамы Ибрагимди бек деп шайлап жиберет. Кокондон чабаган Кашкардан Нүзүпкө барган кезде кеч болуп калган эле. Нүзүп келгенде Кокон ордосу толук бойдон Букара эмиринин карамагына өткөн. Нүзүп аскерлери менен тоого келип, элди көтөрөт. Көпчүлүктүн шарына кыпчактарды, курамаларды кошуп, Таластан Шералыны алып келип, Аксы багытына караштуу Кара-Суу айылында ак кийизге салып, Шералыны кан көтөрөт. Кыпчак беги Мусулманкул, курама элинин башчысы Абдымомун баш болгон көпчүлүк Коконго чабуул коюп,  Коконду ээлейт. 1842-жылдын күзү Нүзүп башкы аскер башы болуп, Шералы Кокондун тагына олтурат.

## ***КОКОНГО БАРУУ***

1843-жылдын жайы Карабай Ибрагимге ат чаптырып, адам жөнөттү. Келген адам эшиктен үн берип, Ибрагим кымызга ныксырап уйку-соонун арасында эле эшикке чыккан. Ал салам берип Ибрагимдин келүүсүн сурангандыгын айтты.

-Бай абам тынчы кетип,отура албай күтүп турат.

Эшикке чыккан адам кирип Ибрагимди Карабай абасы чакырып жаткандыгын кошумчалады. Ибрагим 19 жашка жаңы караган, узун бойлуу, буудай ирендүү, бүркүт кабагы өзүнө жарашып, жигиттик сымбатын ачып турчу.

-Саркашканы току, абам бейчеки чакырчу эмес эле. Өтө зарыл иши болсо керек, бара көрөбүз. Аттанышып келгенде Карабай өзүнүн он эки канат үйүндө үч-төрт аксакал менен баарлашып олтурган экен. Эшигинде жүрүшкөн эки-үч жигит Ибрагимдин атын алып мамыга байлап,  үйгө кириშти. Карабай:

-Мына өзүңдүн да кабарың бардыр. Биз Шералы экөөбүз ушул Чаткалда бирге жүрүп, бир канча жыл жылкы кайтардык. Сырдаш дос болуп калганбыз, былтыр күздө Коконду ээлеп, кан болуптур, куттук айтып барып келсек кандай болот?-деп Ибрагимге суроолуу карады.

- Өтө жакшы болмок аба, баралы. Эки жакты карап, кем - карчты бүтөп жөнөйлү. Эки-үч күндү болжолдошуп, оокат жегенден кийин Ибрагим үйүнө кайтты. Ибрагимди ой басты, эмне тартуу менен барышат?  Бир убакта Ибрагимдин эсине  Жайлоодон эстеликке алып жүрчү тайтуяк алтын эсине келди. Мыйыгынан жылмайды, ошол тайтуяк алтын сарттарга бир канча жылкыдан өйдө турарын ойлоп жылмайган эле.

1843-жылдын июнь айында канча тартуу алышып, куттук айтып келиши үчүн Ибрагим менен Карабай жигит-жалаңы менен жолго түштү. Жолго түнөшүп, эки күн өтүп, кеч бешимде Кокон ордосуна жетти. Сарбаздар Кокондун дарбазасынан тосуп алышты. Канга учурашууга келгендигин уккан дарбаза башчысы буларды эшик агасына ээрчитип барды. Эшик ага Чаткалдан Карабай менен Ибрагим келгендигин кабарлады. Шералы бат эле эшик агага алып кирүүнү буйруду. Карабай диванханага киргенде саламды унутуп таң калгандай:

-Оо! Шералы, сен баягы Шералы болбой калыпсың го!,-деп занк этти. Уялып кеткен Ибрагим:

-Ассалоому аллейкум каным,-деп колун бооруна алып салам берди. Саламын алик албай Шералы саамга үн катпай туруп калды. Ордодо тик көздүү чап жаак, кызыл жүздүү адам ортого аралашып,
-Эч нерсе эмес, кан менен жаш кезде бир жүргөн курдашы экен.-деп сөз улады. Ал кандан да жогору турган, таасирдүү Нүзүп аталык эле. Ибрагим уялып:
-Кечирип коюнуздар,-деп колун бооруна алып, абасы үчүн кечирим сурады.
-Кана, биз чыга туралык, кан туугандары менен кенен-кесир сүйлөшүп алсын,-деп Нүзүп ордо адамдарын ээрчитип эшикке жөнөдү.
-Келгиле, отургула. Кандай жатасыңар?-деп Шералы жайчылык сурады.
-Карабай, мен баягы Шералы эмесмин. Бир мамлекет жумсам чеңгелимде, ачсам алаканымда. Сенден башка адам ушул сөздү айтканда, башын алдырмакмын, мунуңду эми кечирейин,- деп эшик агасын чакырып мейманканага алып барып жайлаштыруусун буйруду. Калган сөздү эртеге улайлы деген мааниде узатып койду.
Эшик ага мейманканага алып барып, өздөрүнчө калганда Ибрагим абасынын кополдугун айтып наарызычылыгын билдирип, эми жолукканда этият болуусун дайындады. Кечки тамак жээлип, жатууга кам урулду.
Ошентип ордонун шаан-шөкөтү толук адамды ыңгайсыз абалга калтырды. Эрте менен канга чакырышты. Салам алик алгандан кийин Ибрагим алып келген тартууларын Шералыга ыйгарды. Илбирстин терисинен жасалган жээги кундуздун териси менен чеберчилик менен жээктелген ичикти канга жабышты. Кан ыраазы болгондой жылмайды.
-Кана айт, Карабай, кайсыл аймактын бийлигин сага ыйгарайын?
-Мага бийликтин кереги жок, өзүм эңсегендей бай болгом. Эгер көңүлүңө туура келсе, жакшы чыкма иним бар. Ибрагимге Чаткал багытынын бийлигин берсең, -деп Шералыга карады. Нүзүп аталык да Карабайдын сөзүн коштоп башын ийкеди. Нүзүп аймактык бийлерге өткүр, оттон, суудан кайра тартпаган кыргыздын азаматтары келишин каалар эле. Өзү да ошол багытта бийлерди, бектерди жайгаштырып жаткан. Кандын буйругун жаздырып Жойбелент, Кара-Үңкүр, Көк-Таш, Чуска чейинки аймакты Чаткал багытына кошуп, бий деген титулду берип, көк туу менен узатты.
Ибрагим үйлөнгөнүнө бир жыл толуп аялы төрөдү, атын Бабаларым колдоп жүрсүн деп Бабаназар койду. Улак тартып той берди. Бул жагы Талас, нары жагы Аксы, Касанга чейинки адамдар чакырылды. Көпчүлүк бата берип тарады.
Ибрагим он тогуздан,жыйырмага караган учуру. Көп өтпөй Аксы багытындагы бир чоң тойдо Нүзүптүн атасы Эсенбай бийдин карыганда алган аялынан төрөлгөн Зейнепти көрүп калып, сүйүү ышкысы козголду. Эсенбай бий өтүп кеткен. Нүзүп Кокондо, Карабай абасы менен Нурунбет баатырды кыздын агасы Кожомураттын алдына жиберди. Нурунбет баатыр Ибрагим менен жашташ, Жайлоо менен бир тууган, Эсенбайдын баласы. Келишкен келбеттүү, оттон-суудан кайра тартпаган узун бойлуу, кен далылуу, чап жаак, кара сур жигит эле. Экөөсү бир топ жылкы айдап келип, куда түшүштү. Кожомурат дагы жок дебеди. Ал атасынын ордуна аксы багытынын бийи эле. Тоюн берип Ибрагим күйөөлөп көчүрүп кетти.
Касан беги Өмүтбек Кара-Үңкүр жакка көз тиге баштады. Себеби, кышкы жайытка Кара-Үнкүр жайлуу жер эле. Көк-Таш аймагынын билерманы Шамурза Ибрагимге ат чаптырып, кат жөнөттү. Кеч күз мезгили эле. 1843-жылы Ибрагим Чаткалдан 300 кошуун

менен келип, Өмүтбектин жигиттери менен Касанга кире бериш жерде беттешти. Жекеге баатырлар ортого чыгып, Касан жактан көп жолу найзага түшүп, өтө маш болгон, бир канча найзакердин түбүнө жеткен, жаркабак, кашынан көзү көрүнбөгөн, тоодой болгон Машрап чыкты. Эл түйшөлүп кетти. Ибрагим :
–Кандайсың Нурунбет ? - деп занк этти. Нурунбет Саркашканын белин тарттырып, аттанууга камынып жаткан. Атка минип, көпчүлүктү карап бата тиледи. Көпчүлүк ата арбагы жар болуп, Аллах колдосун,-деп, жабыла бата беришти. Ак боз атты камчылап, секиртип, Машрап буурадай бакырып, барабандар дүңкүлдөп, Нурунбетти качырды. Нурунбет Машраптын найзасын кагып жиберди. Мындайды күтпөгөн Машрап алдастай түштү. Мурун элеттин бир боз баш баласындай көрүп, бир качыруу менен жок кылам деген эрдемсинүү жоголо түштү. Алдында боз баш эмес жанын ала турган адам турганын түшүндү. Жүзү кубарып коркуп, үшү кете баштады. Үчүнчү жолку беттешүүдө жалп этип ак боздун үстүнөн кулады. Өмүтбек: «Ат койгула!»деп буйрук берди. Эки жоо аралашып кетти, канчалык көп болгону менен Өмүтбек тараптын ындыны куруп баратты. Кечке жуук аркасына чегинди, эрте менен таң таштаар замат Ибрагимдин жигиттери чабуулга камынып барышып, Өмүтбектин аскерин таппай калышты. Өмүтбектин жигиттери Касанга кире качкан эле. Дарбазалар жабылып, чеп курчоого алынды. Эки күндүк камоодон кийин Өмүтбек багынып берүү жөнүндө Абдуллажан деген өзүнүн жан жигиттин элчиликке жөнөттү. Элчи келип, Ибрагим бийге ийлип салам берип, Өмүтбектин дарбазаны ачып, жеңилип берүү жөнүндөгү арапча жазылган салам катын тапшырды.

Ибрагимдин агасы Карабайдын баласы Бердикожо Кокондон окуп, кат-сабаты жоюлуп, курандын кыраатына түшүп калган. Түркчө жазылган катты тез эле түшүндүрүп окуп берди. Жашы он бештен он алтыга караган кези. Ибрагимди Өмүтбек Касан дарбазасынын алдынан керней-сурнайлар менен тосуп алды. Бир канча кымбат баа тартуу менен кошо жан жигити болгон Салижандын кызы Мухрамды жасалгасы менен алдынан алып чыккан эле. «Барды көрүп пайгамбар жолдон чыгыптыр» дегендей Өмүтбектин мындай ийилишине Ибрагимдин көңүлү ачылып, ачуусу анча тарап калган эле. Үч-төрт күн кыз оюнун өткөзүп, Мухрамды Ибрагим менен узатты. Ибрагим ошол жылкы кышты (Кара-Үңкүр) Кытай-Сайда мал-жаны менен өткөздү. 1844-жылы мал-жанын Чаткалга көчүрүп барды. Эки жагын жыйып, жаз камын көрө баштады. Жаз өтүп бат эле жай мезгили келип жетти. 1844-жылдын жай айы Кокондо өзгөрүү болуп, Нүзүп аскер башынын башы алынгандыгын чабагандар желдей таратты. Мындай күтүүсүз кабар Ибрагимди да нестейтти. Эмне кылганда дагы Нүзүп кыргыздын бели, тоолуктар үчүн арка-жөлөк, аскар-тоодой бел, бир жагы Ибрагимдин кайнагасы, ошого ишенип былтыр күздө Касанды чапкан. Эмне кылышын билбей Ибрагим отуруп калды. Тоолуктарды көтөрүү үчүн убакыт керек. Таласка Молдо Асанга чабаган жөнөттү. Аксыга көз көрсөтүп келүү үчүн жигит жалаңдары менен аттанды. Бир түнөп, Аксыга эртеси жетти. Ошол кезде Султанмуратка датка деген наамды берүүгө Шералы кандын мөөрү басылган буйрук келген эле.

Эки-үч күн сүйлөшкөндөн кийин «эки жакты карайлы»,-деп Султанмурат ыргылжың болду. Ибрагим Чаткалга кайтты. Таластык Молдо Асандан кабар болбой Ибрагим

тынчып калды. Көп өтпөй өзбектерден Шады бий миң башы болду. Ордодо дагы эле тынччылык болгон жок. 1845-жылы Мусулманкул кыпчак баш көтөрүп, козголоң чыгарды. Шералынын мөөрү басылган жарлыкты Мусулманкул башкарып жаткан Маргалаңга жашыруун түрдө жөнөттү. Сезип калган Мусулманкул Эки-Суу ортосуна качып кетишке үлгүрдү. Шады ынак ордонун негизги күчүн баштап, Эки-Суу ортосуна жүрүш кылды. Эки жоо беттешип, Мусулманкул аламан чапмайлыгын баштап, жангерлигине сыйынып, чабуулду биринчи баштады. Уруштун экинчи күнү Шадынын колу талкаланып, башы алынды. Ордону Мусулманкул кыпчак беги ээлегендиги жөнүндө кабар келди. Кымырыла сылтып баскан, эч кимге сырын айтпаган адамдын алдында Шералы былк этпей отуруп калды.

Кокон ордосу да тынчыбады, оош-кыйыш болуп жатты. Көп өтпөй Шералы хан дагы набыт болгондугу элге тарады. Ибрагим бий да жигиттери менен эмне болот, эмне жок деп камдуу турду. Мусулманкул аталык вазипасын алып, эрезеге жетип калган Шералынын балдарын карабай, али көөдөк, он төрт жашар Кудаярды кан көтөрдү. Эрезеге жетип, Нүзүп миң башы менен дайыма бирге жүрчү улуу уулу Малахан Бухарага качып кетти. 1847-жылы Касандын беги Өмүтбек Мусурманкулга чабаган жөнөтүп кат жиберди. Катында өзү кыпчакка жээн болорун эскертип, Чаткал бийи Ибрагим салыгын алып тургандыгын, ошол салыкты кошумча кылып, ордого төлөөгө макул экендигин билдирген, ордо өз бооруна алуусун өттүнгөн. 1847-жылдын ноябрь айында Кокон ордосунун негизги күчүн баштап барып чечерин айтып, чабагандан кат жөнөткөн. Ошол күндөн баштап Өмүтбек мойнун толгой баштады. Ибрагим эки жолу Шамырзаны жиберип салыгын берип туруу боюнча эскеретти. Өмүтбек төлөөдөн баш тартып, Касандын үстүндөгү эки-үч кыштакты кайрып берүүсүн айтып салам жиберди. Өмүтбектин бул жолку каяшасы Ибрагимдин жанына батты. Артын ордого таяп турганын түшүнүп, Таласка Молдо Асанга, Аксыга чабаган жөнөттү.

Өзү Чаткалдан 3500 жигит курап түштү. Көк-Таш, Көк-Серектен жана Коовадан Шамырза баш болгон 500 жигит кошулду, 4000 ашык жигиттери менен Касанга бет алды. Жойбеленттен, Ала-Букадан дагы Эралы баш болгон жигиттер кошулган эле. Мусулманкул аталык ордонун негизги күчүн баштап жолго чыккан. Он миң ашуун кошуун менен 1847-жылдын ноябрь айында Төрө-Коргонду басып өтүп Касанга бет алган. Ибрагимге Аксыдан дагы Суйлайманкул баштаган 1000 чамалуу жигиттер келип кошулду, алты миңге жакын кошуун менен Касанга чабуулга өттү. Экинчи күнү Өмүтбек Төрө-Коргон тарапка качып, Касан багынып берди. Эртеси эки жоо Касандын этегиндеги Так-Жар деген кыштакта жолукту. Биринин сырын бири билбеген жоо тирешип турду. Ордо тараптан Ташбалбан атыккан кыпчак жигити элинен бата алып, атылып чыкты. Мингени кара чаар аргымак «Яа алла» деп оозунан кара буу чыгып, жаналгычтай көрүнүп турду. Ибрагим тараптан Нурунбет баатырды аттандырып жатты. Нурунбет узун бойлуу, кең далылуу, чап жаак, бүркүт кабак, көп сүйлөй бербеген, буудай өңдүү адам эле. Өзүнүн минип жүрүүчү сары тору аты менен чыкты. Элди айланып алакан жайып бата тилеп турду. Калың эл бир оздон «Оомийин! Ата арбагы колдосун, Алаа таала өзүң жар бол!»,-деп жабыла батасын берди. Эки баатыр элди айланып чыгып качырышты. Ташбалбан жин чыгаргандай кара чаар аргымактын оозун коюп жиберип катуу качырды.

Эки тараптын найзасы тең тийип чагылышып өттү. Катуу чуркаган аттардын оозун буруп кайрадан беттешти. Ушундай беттешүү эки-үч кайталанды. Нурунбет баатыр түнөрүп алган, акыркы беттешүүдө бирөөсү аттан жалп кулады да, ат үркүп чуркап кетти. Нурунбет деген ураан чакырылып, кыйкырык сүрөөн басып турду. Мусулманкул өзүнүн жангерлигине жана көптүгүнө ишенип, чабуулга биринчи болуп кирди. Эки жоо бирин-бири тиши менен чайнашчудай аёну да, аянууну да билбей карсылдап жатты. Көз байланып, беттешкендер өздөрү тарапка кайтышты. Эсептей келгенде өлгөндөр, жарадар болгондор болуп бир топ жоготуу болгон экен. Ибрагим бий эртенки беттешүүнү ортого салды. Душман сан жагынан үстөм экендигин эске алып:

-Таластан жардам келдиби, эми Чөкөбай баш болгон жүз мергенди ишке салбасак болбойт. Эртең Чөкөбай баш болгон жүз мерген камыш баскан жарга жашынышсын. Биз бир аз беттешип, ошол жакка көздөй чегинебиз. Ошол мезгилде мергендер жабыла ок атышып, андан сырткары Качыбек баштаган миң жигит чабуулга даяр турсун. Мергендер ок чыгарганда жабыла ат койсун. Качыбек түпкү Таластан, баатыр атанган, жашы 30-35терде. Тараза бойлуу, кең далылуу жигит эле, негизи, уруш ыкмасын жакшы өздөштүргөн, жашынан урушка машыккан, эр көкүрөк жигит. Ибрагим бийдин сөзүн эч кимиси бузбай баш ийүү менен макулдугун беришти. Кароолду мыктап коюшуп, дем алып уйкуга киришти. Ибрагим Нурунбетти чакырып, кароолду катуу теске алууну, камдуу турууну буйруду. Нурунбет баатыр баарын тескеп жүрдү. Таң жаңыдан жарыгын чачкан кезде, Мусулманкулдун жигиттери чабуулга өттү. Ибрагимдин жигиттери биринчи кол салууда алдастай түштү. Ибрагим өзү уруштун башына келип, кошуунга дем берип жүрдү. Нурунбет баатыр Жар-Камышка мергендер менен Качыбектин миң жигитин жайгаштырып бүткөн. Ибрагим кошуунду аркага чегинүүгө буйрук берип, анын колу аркага чегинди. Ордонун сарбаздары ороп алууга аракет жасап, чабуулга өттү. Чаткалдын колу Жар-Камыштан өткөндөн кийин мергендер жабыла ок жаадырышты. Алдыңкы аттууларга ок тийип, аттар жалт берип чыга баштады. Мусулманкул негизги күчүн Жар-Камышта ок чыгарып жаткан мергендерге бурду. Бекинип жаткан Качыбектин колу бетме-бет чабуулга чыкты. Чөкөбай мерген баш болгон мергендер жабыла ок атуу менен чабуулду токтотту. Ошол кезде чегинип бара жаткан Ибрагимдин жигиттери өзүнө келип алышка мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мусулманкул аркага чегинүүгө аргасыз болду. Ордонун сыналган жигиттери биринчи жолу сокку жеп, талкаланышы болуучу. Көп согуштарда Мусулманкул өзүнүн жангерлиги менен жеңишке жетишкен эле. Ибрагимдин колу өрөпкүп маанайлары көтөрүлүп, бирин-бири куттуктап жатты. Мусулманкул Төрө-Коргонго жана Наманган бектерине чабаган жөнөттү. Бектер өз жигиттерин алып, тез жетип келүүсүн буйруду. Касан толугу менен Ибрагимдин колуна өттү. Мусулманкул коргонууга даярданып, кытайча замбиректерин орнотуп жатты. Кеч кирип, Чаткалдыктар өз кошунуна келип, кеңеш курду. Урушта бир топ жоготуу болгон эле, кээ бири эрте менен чабуулга өтүүнү сунуш кылышса, Нурунбет баш болгон тарап:

-Касанды чеп кылып коргонууда бололу, чабуулга алсызбыз-дешти. Ибрагим бий эки жагын өлчөп, Наманган менен Төрө-Коргондон жардам келгенче чабуулга өтүп, Мусулманкулдун колун толук талкалайлы деген чечимин ортого салды. Эрте таңдан чабуулга өтүүгө тынышты. Чаткалдыктардын чабуулу таң ирең-бараңда башталды.

Кокондуктар да катуу коргонууга өттү. Эки тараптан тең жоготуулар болду. Кеч кирип кошуундар өз турган жерине кайтты. Үчүнчү күнү да ошол эле согуш кайталанды. Төрө-Коргондон эки миң чамалуу кол үчүнчү күнкү согуштун сонунда жетип келип калды. Мусулманкул колун чактап, ачык талаадан бетешүүгө кам көрдү. Төртүнчү күнү эрте менен Мусулманкулдун колу жайнап чыкты, эки тарап аёону да, аянууну да билбей кырчылдашты. Ибрагимдин колу алсырай баштады. Мусулманкул улам көптүгүнө таянып, аянбай сарбаздарын урушка киригизип турду. Кеч курун ага үч миң чамалуу Наманган бегинин саркерлери келип кошулду. Көз байланып, чаткалдыктар Касанга кайтты, кеңеш курушуп Касан чебинде коргонууну туура көрүштү. Эрте менен Мусулманкул Касанга чабуулун баштады. Ибрагимдин жигиттери толук коргонууга өтүшкөн эле. Он беш миң чамалуу кошуун менен Мусулманкул Касанды камады. Чаткалдыктар да катуу коргонушту. Алтынчы күнкү урушта күтүлбөгөн жерден алдоого киришип, Нурунбет менен Чөкөбай колго түштү. Нурунбеттин бир кыпчак досу да Мусулманкулга алданган эле. Мусулманкул экөөнүн кармалганын угуп тез арада өлтүрүүнү буйруган. Кайтарып турган сарбаздарга келип Нурунбетти Мусулманкулга алып барам деп чыгарып, өз атын мингизип качырды. Нурунбет да аман-эсен келип, чаткалдыктарга кошулду. Ибрагим Касандын дубалдары сактап калбастыгына көзү жетип, душмандын кошунуна жаңы күчтөр кошулгандыгын көрүп, усталарга мык жасоого буйрук берди. Күн жамгыр аралаш шыбат жаап турганына экинчи күн болгон. Уруштун сегизинчи күнү усталар мыктын даяр болгондугун Ибрагим бийге келип айтты. Уруштун тогузунчу күнү Чаткал багытынын колу курчоодо калган. Касан чебинин беш дарбазасын Мусулманкулдун жигиттери курчап алаган эле.Түн жамынып Ала-Букага кетүүчү дарбазаны беттеп келди. Күтүүсүздөн дарбазаны ачышып, курчап тургандарга катуу чабуулга өттү. Дарбазаны кайтарып тургандарга жардамга жетип келгенче курчоону бузушуп, Ала-Букага кетүүчү жолго чыгышты. Аркадагы куугун куйрук улай куушуп жөнөдү. Мусулманкул бардык аскерлерине тез кууп жетип Ибрагимди тирүү колго алуу жөнүндө өзгөчө катуу буйрук берген эле. Усталар жасаган мыкты ушул жерде колдонду, мыктын ар бирин билгизбей жолго коюшуп койду. Мусулманкулдун кошууну мыкка туш келип, аттары аксап, мык бутуна сайылып чуркай албай калды. Ибрагим ошол жерден куугундан кутулду. Кызыл-Токойго келишип, өргүү алып жатты. Экинчи күнү Кең-Колго койгон кароол көп аскер Ала-Букадан бери жайнап түшкөнүн айтып келген. Ибрагимдин колу аттанып, Кочкор-Сыйбас менен өтүп, Чаткалга бет алды. Мусулманкул ошол жерден кошуунун буйрук берип кайтарды.

1848-жылдын жайында Таласка барып, Молдо Асанга жолукту. Негизги жолугуу эртеңки Мусулманкулдун чабуулунан чочуу болгон. Эгер Чаткалга Мусулманкул басым көрсөтсө, Талас эли да карап турбай, жардамга барууга убада берип көңүлүн көтөрдү. Ошол мезгилдеги Таялмыштык мыкты чыкма бийи Муратбек дагы катышты. Кызы Чынар эки жашка толгон, улуу уулу Бабаназарга куда болуп кайтты. Муратбек менен Ибрагим куда болушту. Ордонун белдүү бектери Өтөнбай кыпчак менен Кедейбай датка Аксыга келген. Кедейбай кандын бир тууган тагасы Ибрагимди Кожомурат датканын он эки канат өргөөсүндө баш кошуу үчүн чогулушту. Чечендер ортого түштү. Ибрагим менен

Өмүтбекти жараштырып, Көк-Таш, Кара-Үңкүр, Жойбеленттен тарта Чаткал бийлигине таандык деп белгилешти. Ибрагимди кандын бийлигине баш ийдирип кайтышты.

### *Момун менен Айдараалы*

1850-жылдын жай айында Айдараалы бий Ибрагимге арызга келди. Айдааралы Кетмен-Төбөдөн Ырыстуу бек менен батышпай, эки-үч жыл мурун Чаткалга өз тууганы менен көчүп келген, уруусу- саруу. Кара-Суудан орун - очок алган эле, бирок жакынкы күндөрдө жылкысына тийип, Момун тынчын алды. Момун өзү багыш уруусунан чыккан кырк жигити менен көбүнчө каракчылык кылганга маш болгон. Айдараалынын тынчын ала баштагандан кийин аттанып, арызданып Ибрагим бийге келген. Ибрагим Момунду кармап келүү үчүн жүздөн ашык жигит менен Нурунбет баатырды аткарды. Айдараалы кошо кетти, караңгы тарта Кара-Сууга жетти. Эрте менен Аюу-Чачыдан жай алган Момундун айлына бет алды. Узактан кароолчулары көрүп, аттуулар келе жаткандыгын кабарлашты. Момун да даярдык көрө баштады. Нурунбетке Айдаралынын айлындагы жигиттерден 50 чакты кошулушкан. Жалпы саны 150дөн ашыгыраак. Нурунбеттин колу жеткенче Момун дагы алтымыштан ашуун жигитин уруштун ыгына жараша жайгаштырып бүткөн эле.

### *Кокон ордосунун түзүлүшүнө Чаткалдыктардын катышы.*

Жоробай каттын жообун алып, жолго түштү. Нурунбет кеңешип олтуруп Айдараалыга:
- Баралы, тагдырдын буйругун бара көрөбүз, ноктолуу башта бир өлүм. Кутуга жашынып бекинип алсаң дагы Алла таала буйруган ажал келсе ,алып кетет. Алланын буйруганын көрөбүз, баралы –деп, көшөрдү. Айдараалыда коркуу сезими бар:
-Баатыр, кандай болот, жанкечти неменин колуна түшүп бериш өтө опурталдуу. Момун жанкечти аёну-аянууну да билбейт. Нурунбет «Барып көрөбүз!» - деп кесе айтты. Күн чыга аттанышып, Аюу-Чачыдан түш оой Момун турган Афлатунга жетишти. Жоробай менен кошулуп келген Нурунбетти Момундун алдына алып келди. Момун жигит-жалаңы жок экөөсүнүн келишине көп ишене бербей турган. Аттан түшүшүп четте тигилип турган боз үйгө киргизишти, жигиттеринен сурады:
-Артында бекинип турган колу жок бекен? Жигити Кубат:

-Бегим, баардык жагын карадык. Бул үчөөнөн башка жан жок, артын карагандан кийин алып келдик. Кооптонууга негиз жок-деп жооп берди. Ошондо гана жанына Кубатты ээрчитип Нурунбет менен Айдаралы отурган үйгө салам айтып кирди. Нурунбет менен Айдараалы туруп кол берип, алик алышты. Нурунбеттин келбети Момунду таң калтырды. Момун дагы узун бойлуу, кең далылуу, адамдын чоңу болгон. Нурунбетке караганда чакан көрүнүп калды, кол бергенде колу алаканынын жарымында турду.

-Элдин алача баатыр деп атаганынча бар экен, атаңдын көрү мындай адамдын алпы болбос, -деп таң калгандай карады. Жайгашып отурушту. Алдыга кымыз келип, сөз уланды. Сөз баштаган Айдараалы бий:

-Ушул мезгилде ордо тынчыбай турганын, бийлик кыпчактардын колуна толук өткөндүгүн, Мусулманкулдун Чаткалдыктарга кекенип отургандыгын, кыябын тапса, шылтоо таап Чаткал элин чабышы да мүмкүн экендигин, ошондуктан бөлүнбөй, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу оң экендигин айтты. Жанатан сөзгө аралашпай отурган Жоробай да сөзгө аралашты.

-Туура айтып жатат бий, негизи бөлүнгөндү бөрү жейт. Жалпы Чаткал элин бириктирип, келе жаткан балакетке камдуу туралы. Сөз маанисин билген Момун менен Кубат дагы баш ийкеп калды. Сөз учугу уланып отуруп түн бир оокум болуп калган экен, жатууга кам урушту. Жай салып берип, Момун менен Кубат чыгып кетти. Айдараалынын ичин мите жей баштады: Эмне болот, ким көрдү кылып жибербесе эле… Бийдин уйкусу качты. Түйшөлүп уктай албай жатып Нурунбетти караса, уйкуга кетиптир. Шырп эткен добуштан чочуп, таң атканча көзү илинбеди. Нурунбет ойгонуп, Айдараалынын оюн окугандай, көрүп тургандай:

-Неге уктаган жоксуң бий? Оюунун үстүнөн чыкканына Айдараалы таң калды. Көрсө, Нурунбет көзүн гана жумуп жаткан экен. Туруп даарат алып, багымдат окушту. Кайрадан чайга отуруп, сөз учугу уланды. Момун жанына Кубат баштаган он жигитин алып Ибрагим бийге жолугууга Нурунбеттер менен кошо аттанды. Келип жатып калышты. Багымдат намазы окулгандан кийин Момунду Ибрагим бийге алып кирди. Эшиктен киргенде:

-Ассалоому аллейкум, - деп салам берди. Бий жеңил кийимчен отурган экен. Саламын алик алып, жанынан орун берди. Бий менен кошо кушчулардан Качыбек отуруптур, дагы эки-үч аксакал бар экен Момун таанабаган. Жай сурашып болуп, сөздөр ортого ташталды. Ибрагим:

-Момунбек!, - деп сөз баштады. Заман тынчыбай чалкеш болуп турганда, биримдик керек, биригүү зарыл. Ошондуктан элдин тагдырын ойлогон азаматтар керек. Биз биригип элибизди коргобосок, анда ким коргойт? Бул жагы Талас менен тигил жагы Аксы менен байланышып даяр туруубуз зарыл. Ордо да тынчыбай турат, анын үстүнө Мусулманкул миң башы дагы Чаткалга, ал эмес жалпы кыргыздарга көзү түз эмес. Ошондуктан азамат жигиттерден, аргымак атттардан чогултуп, кандай балакет болсо дагы даяр туруу зарыл. Отургандардын баары макул экендигин билгизип, баш ийкешти.Эртеси Жойбелент, Көк-Таштан бери чабаган жиберип, элдин жакшыларына чакыруу кетти. Чаткалдын баш-аягы да чогулду. Ибрагим сөз баштады:

-Силерди чогултуп чакыруумдун себеби өлкөдө тынчтык болбой турат. Ошондуктан биримдик керек, биригүү зарыл. Аксы, Талас менен байланышып, камдуу туруу керек. Кандай болгон күндө дагы абал оор, ошондуктан Момун сен Талас менен байланышып кабарлашып тур, жигитиңер даяр турсун. -Шамурза,-деп карасур тик көздүү кишиге кайрылды. Кова,Көк-Таш тараптан ,кол башчысы Өмүтбектен көз алба .Купшуңдаган

кызыталак ,дагы бир жанжалдын үстүнөн чыкпасын. Отургандар баардыгы бирдей макул болушту, Чаткалдын билермандары даяр турууга убада беришти.

Ибрагим кышкысын Кара-Үнкүрдө (Кытай-Сайында)кыштап, жайкысын Чаткалга көчүп келип турган. 1852-жылдын жазында Ибрагим бий Чаткалга көчүп келди. Ибрагимдин биринчи аялынан Бабаназар, Жуманазар, экинчи аялы Зейнептен Семетей, үчүнчү аялы Зыйнаттан Абдираим жана төртүнчү тажик аялынан Исмаил, Сарымсак болушкан. Балдары ар башка аялынан болгондуктан, тең курдай эле өсүп келе жаткан. Ибрагим Чаткалга көчүп келип жайгашкандан кийин, майдын этеги июндун башында Бабаназарды жанына алып, иниси Курманбайды кошуп Таласка жөнөдү. Бабаназар тогуз жашка чыккан эле,максаты Таялмыштардын бийи Муратбекке барып, кудалашууда турган. Ал кезде кыргыздын билермандары жакшы жерден куда күтүп, адам алууну салтка айландырышкан. Таласка Бакайырга барып Муратбектин үйүнө түшүштү. Муратбек бийдин кызы Чынар алты жаштан жетиге караган мезгили эле. Чынардан башка үч уулу: Эгемберди, Чынаалы, Амангелди бар экен. Бир-эки күн өргүү кылып, Молдо Асанга жолугуп, Муратбек менен кудалашып кайтты. Жай мезгили эле .Кокондон кабар келди. Кудаяркан менен Мусулманкул миң башынын ортосунда согуш чыгып, эки жактан тең жигиттер набыт болушту. Мусулманкул миң башы колго түшүрүлүп өлгөндүгү, бийлик өзбектер тарапка өткөндүгү, Касым миң башы болгондугу айтылды. Кандай болот, кандай жок, эми дагы эмне деген нерселер болот, кооптонуулар күч алды. Ибрагим Нурунбет баатырды атттандырып ,Кытай-Сай жана Көк-Таштан кабар алып келүүгө жөнөттү. Элдин ичи тынчыбады. Жыл айланып кыргыз-кыпчактар баш көтөрдү. Башында Алымбек датка, Молдо Алымкул турган жаат бийликти алышты. Бул иш белгилеп айтканда 1854-жылга таандык. Кудаяр кан Букарага качууга аргасыз болду, Касым миң башы өлтүрүлдү. Бийликке Букарада качып жүргөн Шералынын улуу баласы, Соно айымдан төрөлгөн Малабекти Алымбек, Алымкулдар баш болгон кыргыздын мыктылары такка алып келди. Ошол мезгилде Россия менен Англия Фергана кандыгына, Кокон кандыгына көз артып турган. Кокон кандыгынын оюш-кыйышы аны бир топ алсыраткан. Ошол мезгилдеги улуу жүз, орто жүз казактары да Коконго баш ийбей, Абылай кандын неберелери Кененсары, Ноорузбай өзүнчө бийлик түзө баштаган. Россия да казактардын чегине басып кирген эле. Мала кан Канатшааны негизги кол башчы кылып орустарга каршы жөнөткөн. Түндүк кыргыздардан минүүгө ат, жигиттерине тамак-аш жана курал сатып алууга алтын жыйноо боюнча кандын буйругу бар эле. Түндүк кыргыздарды Канат шаадан коргоо үчүн Анжияндан Алымбек 12миң кошуун менен барып кыргыздарды талоого карандай каршы турган. Уруш жүрүп, Канат шаа бир топ жоготууга учурап, орустар Үч-Алматыдан чегинди.

Өтө куу, амалдуу Мала кан дагы өлкөнүн бүтүндүгүн сактап тура албады. 1858-жылы диванканасында уктап жаткан учурунда тумчуктуруп өлтүрүлдү. Эми өлкөдө бийлик талашуу Алымбек менен Алымкулдун ортосунда жүрдү, аягы Алымбектин башы кетти. Ортодо Абдрахман бектин уулу Шамурза бийликке келди, такка отурду. Кайрадан Кудаяркан 1861-жылдын аягында такка келди. Ошол учурда Соно айымдын бир тууганы Сарымсак датка эшик агасы даражасында болгон. Аны карматып, орго салдырды. Ашпозчу Абдукерим жана тажик аялынан туулган Шатмандын жардамы менен ал ордон качып, артынан кармап келүү үчүн кол аттанткан.

Чаначты ашып, Чаткалга түшкөндө угуп калып, Ибрагим бий эки жарым миң кошуун менен Нурунбет менен Момунду жардамга жөнөтөт. Арпа-Төктүнүн ичинде кан жиберген кошуун жетип курчоого алып, беттеше баштаганда Нурунбет, Момун баш болгон Ибрагимдин жигиттери жардамга жетет. Эки кол катуу кармашууга өтүп, эки тараптан тең жоготуу болот. Кокондуктардан Жорокул деген баатыр жекеге чыгат.

-Сарымсак өзү чыксын, болбосо тууганДарынан чыксын!, - дейт. Ошондо Сарымсак ал - күчтөн тайып калган, жашы да алтымыштан ашып калган мезгили болот. Атасы Бекбото менен бир тууган Сарыбай деген агасы даярданып калат. Жашы 72де болгон. Аксакалдын кайратын көргөн Байтерек баатыр намыстанып:

- Коюң аба, мен чыгам - деп чыгып, Жорокулду өлтүрөт. Чаткалдыктар жана Сарыбайдын жигиттери ордонун колунан аз болсо да, экинчи күнкү согушта өтө жогорку шык менен урушка киришет. Ордонун аскери шалдырай түшкөн эле, үчүнчү күнкү согушта таң куланөөк салганда Нурунбет, Момун, Сарымсак баш болгон жигиттер чабуулга чыгат. Ордонун колу чегинүүгө аргасыз болот. Кыргызды жеңе албасын билип, ордонун көп кошууну чоң жоготууга учурап, качып кетет. Нурунбет менен Момун Сарыбайды бел ашырып жиберет. Сарыбай Кара-Буурадан орун алат. 1863-жылдын жайында Ибрагим бий Таласка барып Муратбектин кызы Чынарды көчүрүп келет. Бабаназардын нике тоюн берет. Ошол мезгилде жайкысын Чаткалда жайлап, кышкысын Кытай-Сайды кыштоого ылайыкташтырып тажик, өзбек усталарына кыштоо, мал короолорду салдырган. 1863-жылдын декабрь айында көчүп барып, жайгашып калган. Эрте мененки тамак учурунда күтүүсүздөн Ибрагим бий көз жумду. Бийдин күтүүсүз өлүмү бир туугандарын алдастатып койду. Чаткалга жол жок болуп калган, каттоо үзүлгөн эле. Ибрагим бийдин сөөгү Кытай-Сайга коюлду. Чаткал эли чоң жоготууга учурады. Ибрагимден коркуп турган Өмүтбек абдан сүйүндү. Ордодо дагы деле тынчуу болбоду. Ошол 1863-жылында Молдо Алымкул баш болгон кыргыздар Кудаярды экинчи жолу качууга аргасыз кылды. Кандык тактыга Малакандын баласы 14 жаштагы Султансейитти отургузушуп, Молдо Алымкул аталык милдетин алды. Молдо Алымкул ордонун бүтүндүгүнө кам көрүп, Түндүк кыргыздардын мыктылары, казактын бийлери менен жолугушту. Сайрамдан, Чымкентен орустарды сүрүп чыкты.

Генерал Черняев менен Ташкенттеги беттешүүдө 1865-жылы өзүн кайтарып жүргөн жигитинин колунан өлүм тапты. Алымкул аталык болгону 34 жашта гана болгон. Алымкул аталык өлгөндөн кийин 1865-жылдын аягында Кудаяр үчүнчү жолу такка отурду. Султансейиттин башы кетти. 1866-жылдын жай айында барып Кудаярды куттуктап Чаткалдык чоодан кытайлардан Кыдыралы көп тартуу менен Чаткал эли амириңизди тутат деп элдин атынан бийлик титулун алып келген. Ал кезде Нурунбет баатыр дагы өлүп, бийлик Курманбайда калган эле. 1866-жылы генерал Черняев майор Левехти 500 солдаты менен Кара-Буура аркылуу Чаткалга жөнөтөт, Бул жактан Курманбай, Момун баш болгон 1500 кошуун Левех менен беттешүүгө барат. Сарымсак даткага кабар жиберген эле, Сарымсак датка да 2000 жигити менен келген. Эки жоо биринин сырын, бири билбеген бойдон бетттешет. Орустардын курал жарагы мыкты, бат атар мылтыктары болгондуктан, Чаткал, Таластын жигиттери көп жоготууга учураган, жеңилүүгө дуушар болушат. Левех Чаткалды ашып келип туруп калат, бирок октябрдын

аягы ,ноябрдын башында Чаткал суусун бойлоп, Ташкентке түшүп кеткен Чернявке ал жерге турууга мүмкүн эместигин айткан. Көп өтпөй чоодандардын бийи Кыдыралы менен Момундун арасын кара мышык аралап, ортодон ырк кетет. Курманбай менен Айдараалыны болбой жараштырса да, экөө жуурулушуп кетпей, ара ачык бойдон калат. Кудаяр бардык кыргыздар жашаган өрөөндөргө бийлигин орнотуу үчүн өз адамдарын дайындап , бийлиги өткөндөрүнө бийлик титулун берген.

### 3. Полот хан жана анын Чаткалга келиши.

1874-жылдын жазы. Ордодо дагы тынчтык жок. Кудаяр өлкөнү каттуу кармайм деп өтө жаңылды. Күндөн күнгө өлкө ичинде башаламандык күч алып, нараазычылык өкүм сүрдү. Бир жагынан орустар Ташкенттен бери жылып келе жаткан. Түндүк кыргыздар, казактар орустарга толук каратылган эле, Кутуксейит Шер датка менен курама Абдымомун бек Ибрагим бектен туулган Алимкандын небереси Полотбекти издеп, Ташкентке келишкен. Ташкенттен табышып:

-Бизге кан болуп бергин, такты толугу менен сага алып берели дешет.

- Силер адам жегичсиңер, сөзүңөрдү укпайм- деп башын чапанына катат. Ибрагимдин бир кызын Аркар кожо деген кожо алган эле. Күндүр-түндүр зикир чалгызып, кыргыздар жапайы, адам жегичтер деп кулагына куя берип, өтө коркутуп коюптур.

-Сенин чон атаң Алим канды, өз атаң Ибрагимди да ошол жапайы кыргыздар өлтүргөн - деп өтө жек көргөзүп койгон. Канчалык какшанышып түшүндүрүшсө да башын катып кулак төшөбөдү, экөөбү айласы кетип Абдымомун бектин чарпаясына келген эле. Ичкилик бостон уруусунан чыккан Молдо Асандын уулу Искак ошол жерде чай ташып Абдымомун бектин кызматын кылып жүргөн. Шер датка сөз баштады:

-Ээ, бек, издеген эмгегибиз кайтпады, дубанага айланып калыптыр - деп кейиди. Ангыча бир жигит патунуске жүзүм көтөрүп чай алып кирди. Шер датканын көзү чекчейди, оозу жарым ачылып, жигити карап отуруп калды. Кудайга ичинен тооба келтирип «ушунчалык да окшоштук болобу» - деп, ичинен күбүрөнүп алды. Жигит патнус менен чайды датка менен бектин алдына коюп, чыга жөнөдү.

- Аа, бек, бул эмне болгон жигит. Жанагы дубанага куюп койгондой окшош экен - деп Абдымомун бекти карады.

-Эмне, датка, жигит менен сүйлөшүп көрсөкбү? Жанагы жаман дубана чыгып калса эмне болот?

Сүйлөшүп көрөлү, чакырчы - деди Шер. Жигитти чакыртышты. Кирип келип туруп калган жигитке жандарынан орун беришип, аң-таң болгон жигит келип датка менен бектин жанына отурду. Экөөбү тен кел-кел деп, жылуу ырай менен карады. Шер датка тамагын кыра жөтөлүп сөз баштады.

-Кан элге катаал болуп, элдин башына кыйынчылык түшүп жатканын билерсиң жигит? Ибрагимдин баласы Полтко окшош экенсиң - деп суроолу карады. Искак тартынбай:

- Бек, мен көтөргөн тууңар болуп берейин - деп, көздөрүнө тике карады. Экөө тең үн-сөз жок баштарын ийкегилеп отуруп калды. Эшикке чыгышкандан кийин Шер датка Абдымомун бекке карап:

-Атаңдын көрү жамандан жаан, жакшыдан мөөн деген сөз туура айтылган экен. Кайран Алим кандан туулган жанагы жаман дубанага мылжык Молдо Асандан туулган бул азамат союп каптагандай окшоштугун карачы. Эми мындан ары жагы кандай болот дегенсип Абдумомун Шер даткага карады. Шер датка:

-Бек, эми токтоп туруу жок - деп Ташкенттен аттанып Аксыга келишкен Шер датка менен Абдымомун бек ар жакка ат чаптырып, аскер жыйнай баштады. Тоодон агылып алкынган аргымактарды минген азаматтар түшүп, кол жыйылды. Чаткал багытынын колун Момун баштап келген 500 жигити менен. Полот кандар Касанга чабуул коюшуп, тез эле алышты. Алайдан Алымбектин уулу Абдылда бек 1000ден ашуун жигити менен кошулду. Төрө-Коргон, Чустту алышты. Кудаяр кан өтө дасыккан Нооман паңсатты ордонун негизги күчүн берип жөнөттү. Нооман дасыккан аскер башчы эле, катуу салгылашып, көтөрүшчүлөрдү Төрө-Коргон,Чуст, Касандан кууп чыкты. Полоткан (Искак) көп жабыр тартып жигиттеринен айрылды. Кенешчилери менен сүйлөшүп отуруп, Чаткал багытына чегинүүнү эп көргөн эле. Кеч күз болуп калган. Кочкор-Сыйбастан өтүп Чапчыма аркылуу Чаткалга 5000 ашуун жигиттери менен чегинип кетти. Абдылдабек Ош тараптан аракет кылууга макулдашып, жашыруун жолдор менен жүрүп, Ошко келди. Көтөрүлүш талкаланып, басылып калгандай болду. Полот кан Чапчыма менен Чаткал багытына түштү. Эл: «эмне болот, эмне жок бир топ жигиттери менен Полот кан келе жаткан имиш» деген сөздү угуп Чаткалдын эли Таласты көздөй дүрбөп жөнөдү. Эл ичиндеги ушактар ашыра айтылып, Полотту баскынчы катары көрсөткөн. Момун Курманбай менен Айдаралыны кошуп алып, элди токтотту. Эч кандай андай эмес, бийликке наараазы болуп, эл үчүн күрөшкөн азамат экенин элге жеткизишти, түшүндүрүп элди кайтарышты.

1874-жылы жазда Койош (өзү кытайлардан, карамыкчы кытай болгон) Түз-Ашуунун суусун буруп, туугандары жана балдары менен арык чыгарып, буудай айдаган эле. Буудайы кудай буйруп жакшы болуп, эгинди толук жыйнап алган. Сатууга мүмкүнчүлүгү жок, же сатып алуучу кардар жок турган. Жаш аялмет, балдары көп болгон. Көр турмуштун айынан буудай эгип, тиричилик кылуу үчүн Карабай байдан көтөрмөгө акча алган да, ага 4 баласын жалданып иштөөгө берген. Койоштун көктөн издегени жерден табылып буудайы жакшы болуп, эми сатууга адам таба албай турганда, Полот канды Алла өзү жиберди. Көп кошуунга жеш үчүн тамак керек эле, эт үчүн аскерлерге жылкы жыйналды. Койош менен сүйлөшүп, буудайын алып, ордуна алтын берди. Койош абдан кубанды, ошол эле күнү Карабайдан алган көтөрмөгө акчасын төлөп балдарын алып келди.

Суран уста деген катуу уста болгон. Мылтыкка сай түшүрүп, кылыч, найза, зоот, чоюн баштарды жасаган. Суран токойдо отуруп узанчу экен. Ошол жерди эл кийинчирек «Сурандын токою» деп атап коюшкан. Кар калыңдап түшө электе устаканасы менен көчүрүп келип жайгаштырып, адамдарды кошуп берип, курал-жарак жасатып, катуу даярдыкка өтүштү. Узун-Булактын этегинде көмүр бар экендигин аныкташып, көмүр

казып алып, курал-жарак камдап жатышты. Аскерлер дагы жөн жатпай, күнүгө уруш өнөрүнө машыгып турушту. Антип–минтип кар 1875-жылы майда кетти. Полот кандын жигиттери кирген буурадай Чаткалдан агылып түштү. Буларга Ала-Бука , Аксы эли кошулду. Аргымак аттарды минишкен тоонун азаматтары, Касан, Чуст, Төрө-Коргонду басып өтүп, Наманган шаарын камады. Наманган дагы эки күн туруштук бере албады. Балыкчыны, Асакени басып өтүп, Анжиян шаарын камоого алды. Ошол жерге келгенде Алай, Оштон Абдылдабек, Жаркынбай баш болгон бир топ жигиттер кошулду. Кокондун акыркы аскер башчысы Абдуланын кошунун талкалап, Коконду ээледи. Полот кан Коконду ээлегенден кийин Момунга датка чинин ыйгарды. Кудаяр дагы Букарага качты, орустардын жардамы менен кутулуп кетти. Момун июль айларында Суран устага жолугуп кара мылтыкка сай түшүртүп алуу үчүн 150 жигит менен Чаткалга келген эле. Ошол жерде Терстин ичинде Кыдыраалыны карматып, бир топ туугандары менен чоодан кытайларды оп майда кылып, оп майдага кошот. Кыпчак Орозбай 18дердеги жаш жигит экен. Атасы бир иш менен Терске жиберген. Оп майдага кошулуп жаткан адамдарды көрүп, таң калып туруп калат. Ошондо Момун Орозбайды да чоодан кытайлардан экен деп:

- Кош тиги торпогунду түбүнө - деп занк этти. Орозбай да оп майданын түбүнө кошулган, ошондон «торпок» ат ээрчип калат. Полот кан дагы Коконду сактап тура албады. Орустар Ташкентти, Кожентти, Оро-Төбөнү алып, Маргаланга чабуул койду. Кокон аскерлери туруштук бере алган жок. Көп өтпөй Анжиян шаарын камады да, толук Анжиянды алды. Полоттун колу талкаланып, Кокон ордосуна эмес, тоого чегинди. Полот кан кармалып дарга асылды. Момунду кармап аттырышты. Кокон кандыгы орустардын карамагына өттү.

### 4. Семетей булак баяны.

Семетей Ибрагим бийдин экинчи аялы Зейнептен төрөлгөн. Бийдин көзү өткөндө 1863-жылы алты жашта эле. Эркерээк чонойгон, атанын таасирин көрүп калган , оттон-суудан кайра тартпаган , курч мүнөзү бар. Аксыга келип таякелеринин үйүндө туруп калат . Эсеп менен алганда 1871-72-жылдарга таандык. Таежеси Бегайымды жактырып калат , экөөсүнүн мамилеси улам тереңдеп, ажырагыс жакка айланат. Ошол мезгилде Кожомурат датка Бегайымды башка жакка күйөөгө берип жиберет. Семетейдин ызаасы ичинде кайнап:

- Мени Кожомурат датка теңине албай жетимсиретти! – деп көп өтпөй таякесинин (Кожомураттын) баласы Бекболсундун аялын түн катып Чаткалга ала качып баса берет. Аркасынан Кожомурат саруулардан жигит курап жиберет. «Марал-Кечит» деп аталган жыш токой бар. Ошол жерге Ыманалы барак Семетейди бекитет. Аксылык саруулар кетпей, Чаткал элин жадатып жатып алат. Ыманалы барак Семетейди жыйырма төрт күн бекитет, бирок саруулар дагы эле кетпейт.

-Эгерде Семетейди кармап бербесеңер, Чаткал элин тыптыйпыл кылып чабабыз. Болбосо сары таман ат баш болгон беш жүз жылкы бергиле –деп Ибрагим бийдин иниси Курманбайга доо коёт. Чаткал эли кытай, кушчу , багыш болуп Ыдырыстын күмбөзүнө чогулат. Ыманалы баракты көпчүлүк сыйлаган өтө чечен киши болгон.

- Калың элим ! Көп түкүрсө «көл болот», «Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт». Мына кайран Ибрагим бийдин баласы экен, кармап бер десеңер менин колумда Коргон-Төбөнүн Марал -Кечитине жалгыз булактын жанына бекиткем. Кыргыйдан качкан чымчык деле караганды далда кылып корголойт экен. Ошол караганча жокпузбу, элдин намысы, журттун намысы үчүн бул дүйнө кимдерден калбаган. Сураган беш жүз жылкысын жыйнап берели –деп, элге карайт. Ыдырыстын күмбөзүнө 350дөн ашык адам чогулган эле, Ибрагим менен бирге жүргөн Момун, Айдаралы сыяктуу мыктылары бар. Ошондо Момун жыйырма жылкы кошот. Турган эл эки - үчтөн кошуп отуруп, эки күндүн ичинде 500 жылкы чогулат. Саруулардын алдына салып берип, Семетейди куткарып калат. Ошондон үч жыл өтүп Полот кан Чаткалга келген. Семетей бир жыл өткөзүп таежесин жеткизип берген. Коргон-Төбөдөгү жаман жолдун бүтүшүндөгү «Семетей булак» Семетейдин атынан калган экен. Аксыдан келип үйлөнүп, Акмат деген уулдуу болгон , уулу бир жашка толгондо жыйырма беш жашында дүйнөдөн кайтат. Көпчүлүк эл каргышка калган го дейт, себеби онтоп төшөктө жатпай эч нерсе болбой бир түндүн ичинде өтүп кеткен экен.

## 5. Стам таап.

Сары кытайлар 1870-73ж.ж Кара-Тоону мекендеп турушкан. Түп аталарынан бери таап Акыл таап , Көкүм таaптын баласы Стам таап өтө каттуу таап болуп чыккан. Көп жерлерге барып жаш болсо дагы адамдарды ажалдан алып калып турган. Ошол мезгилде Төрө-Коргондун төрөсүнүн кызы ооруп, төшөктө жатып калганына көп болгон. Кокон, Ташкенттен берки таaптарды алдыртып көрсөттү, бирок кызы жакшы болбоду. Ошол кезде Төрө-Коргондон Кара-Тоого келип соодагерчилик кылып жүргөн Кашымкан деген соодагер боло турган. Ал келгенде Стам таап адамдарды көрүп айыктырып жүргөндүгүн байкачу. Атагы чыгып, жакынкы эмес узакки айылдарга дагы алып кетип, ооруларды көрүп, көбүн эсе айыктырып кетип жаткан. Кашымкан ошол таапты төрөсүнө мактап айтып келди. Төрө жакшы аттардан камдап , Кашымканга жигиттерин кошуп жөнөттү. Кара-Тоого келип, төрөнүн жигиттери Кашымканды ортого салып, Стам таап менен сүйлөшүштү. Стам таапты көндүрүп, Төрө-Коргонго алып жөнөштү. Стам таап барганда төрөнүн кызы жөөлүп, эти от менен жалын болуп жаткан. Таапты көрүп төрө сүйүнүп кетти. Аттан түшүрүп , үйгө киргизип чай койду . Чайды ичип болуп Стам таап кыздын үстүнө кирди. Тамырын кармап көрүп, кыздын дарты ото оор экендигин баамдады. Төрө-Коргондун төрөсү:

-Эгерде кызымды ушул оорудан айыктырсаң, кызымды сага беремин – деп жиберди. Ошол кездеги төрөлөр кыздарын кыргыз эмес өзүндөгү жүргөн өзбек, тажиктерге да бербеген. Өздөрүн ак уруктанбыз деп эсептешкен. Төрөнүн кызын өзүнө окшогон төрөнүн гана баласы алууга акылуу болгон. Стам таап дарылоого киришти. Өзү алып келген чөптөрдүн аралашмасынан, апийимдин кырындысынан аралаштырып дары жасап ичире баштады. Күндөн күнгө кыз өзүнө келе баштады. Көрүп турган төрөнүн кубанычы койнуна батпай сүйүнүп, Стам таапка алкышын жаадырды . Ошентип бир ай дарылагандан кийин кыз эшикке кирип-чыгып калды, күндөн-күнгө көркүнө көрк

кошулуп, сулуулугу да билине баштады. Даарыларын ичиргенден кийин Стам таап көпкө карап отураар эле. Күндөн-күнгө экөөбү бири-бирине жакын болушуп, көрүшпөсө эңсечү болду. Стам тааптын атасы өтүп кетип, энеси бар эле.

-Мен эми төрөм, энем менен кеңешип келейин, кызыныз күндөн күнгө жакшы болуп оңолуп бара жатат?- деп суроолу карады. Төрө дагы жигиттин акылдуу сөзүнө көнүп башын ийкеди. Стам таап келип энеси, туугандары менен кеңешип, төрөнүн кызын төрөлөрдүн салты менен алып келет. Ошол төрөнүн кызынан Султан, Мизир , Казыбек, Ырысаалы туулган экен. Стам таап өтө элге алымдуу боло баштайт.  Көп ооруларды айыктырат.

Кокон кандыгы жоюлуп, орустарга карагандан кийин 1876-жылга жакын сары кытайлар Чаткалга көчүп келип отурукташат. Кээ бирлери Таласка көчүп кетип ошол жактан орун алышат. Стам таап менен төрөнүн кызынан тараган сары кытайлар «төрөлөр»  деп аталып калган. Стам таап Чаткалдын эли үчүн көп эмгек жасап , оорулуу адамдарды айыктырган. Дарыны көбүнчө түрдүү чөптөрдөн жана апийимден жасаган. Алгыны да көп колдонгон . Таапчылык боюнча ошол мезгилде ага эч ким тең келе алган эмес, өтө билги таап болгон.

**6. Казтору**

Сары кытай, актондуу кытайлар Коргон-Төбөгө көчүп барып , Тегирмен-Сай суусунун наркы бетине актондуу кытайлар, берки бетине сары кытайлар жайланышат. Мал көбөйүп Кайың-Суунун башынын төмөн жагынан кытайлар арык каза башташат. Кушчулар да жер өздөштүрүү үчүн Балыктуу-Сайга келип, кытайлардын үстүнөн арык казат. Кытайлар казган арыктан суу чыкпай калып, кушчулар каскан арыктан суу чыгат. Ошондо кытайдын жакшылары намыстанып, жер биздики деп чатак чыгарат. Эки эл чатакташып, чабышууга жакын калат. Ыманалы барактын энеси Казтору  жетимиш таяп калган эле. Өзү кушчу кызы болгон. Көп жерге таанылган Нурбайдын жубайы болуп, кытайларга турмушка чыккан. Ортого адамдар түшкөнүнө карабай кушчу , кытай чабышууга даярданып калат. Ыманалы келип энесине айтат. Себеби Ыманалы да аларды көндүрө албаган эле. Чатакташкан элге Ыманалы эки жигити, анын энесин алып жөнөйт. Жеткенде эки элдин алды чабуулга жол коюп калган , кээ бир ала көөдөн адамдар:

-Эки жактан тең өлтүрүп жибербей эмне- дешип жулунуп, ортодо от жаккандар жөн эле күйгөн болушуп,  «ушундай да болобу,  жөн эле бизди тебелеп жатышат» дешип кыйкырышты. Казтору ак байракты жогору көтөрүп,  узактан белги берип келе жатты. Ат коюшуп калган эки жак токтоп, ак байрак көтөрүп келе жаткан тарапты жапырт карашып калды. Чабышууга даярданып калган эле. Элдин ортосуна келип токтоду. Казтору көрүшүп,  кытай,  кушчунун жакшыларын  элден бөлүнүп,  ортого келишин өтүндү.

« -Элим !- деп баштады Казтору. Мен кушчунун кызымын,  кытайга келин болгонмун. Эки жагың тең мага теңсиң. Кытай , кушчунун  түбү бир баш. Атасы Каратал. Ошондуктан кушчу,  кытай жакшылыкта , жамандыкта да «Кара тал» деп ураан чакырып келген .  Түбү бирге биригет. Ошол жагын ойлогула. Кокон кандыгыңарды дагы талкалап, орус босогобузда турат. Кандай заман, кандай күн болот, ошол жагын ойлонгула. Орустар бизге кандай күндү алып келет, азыр эч ким билбейт. Ошондуктан ынтымакта болуп,  келе жаткан балээден сактаналы, жамандыкты жашырып , жакшыбызды ашырып , бир жакадан

баш, бир жеңден кол чыгаралы. Бул арыктын эч кимге кереги жок. Көмдүрүп салгыла» – деп өзүнүн акылын айтат. Кытай, кушчу макул болушуп,  арыкты көмдүрүп салат. Бул окуя 1878-79-жылдары болгон .

**7. Кочкораалы бий.**

Эшалы-болуш, Курманбай бий экен. Белек уулу Кочкораалы каттуу чыгат. Сүйлөгөндө оозунан сөз чууруган адамдын чечени экен. Кочкораалы сүйлөп жатканда бир дагы адам үн  чыгарбай отурчу дешет. Бул  мезгил 1881-82-ж.ж. болот.

Таластын  эли менен Чаткалдын элинин жанжалдашуусу күч алат. Ошол  мезгилде Талас Олуя Ата УЕЗине,  Чаткал Наманган УЭЗине карап турган. Чаткал менен Таластын жерин бөлүп, чектерин ажыратып берүү үчүн эки тараптын акимдери келип, Төрө-Талга кырк үй тигилди . Эки тараптан калыстык менен чечүү үчүн бийлер дайындалып, Таластан Бейшенбай манап,  Чаткалдан Кочкораалы бий көрсөтүлөт. Бейшенбай өзүнүн мансабына манчыркаган,  анча-мынча адамды теңине албаган , мүнөзү корсураак адам болот. Кочкораалы болсо жанда жок чечен, оттон-суудан кайра тартпаган , сөзгө уста, кемчиликти бетке айткан адам болгон. Бейшенбай мурдараак келип жайгашат. Кочкораалы бир аз кечигип келет.

-Атандын көрү, Таластан Бейшенбай деген манап келди эле. Зыңгырап эч кимди тоготпой, жамбаштаган ордунан кыймылдап да койбойт экен дешип эл таң калат. Бейшенбай отурган үйгө Кочкораалы кирип:

-Ассалоому алейкум!- деп салам айтат. Ошондо Кочкораалыны тааныганы да , таанybаганы да бир ооздон алик алып, ордуларынан туруп калышат. Он эки канат ак үйдүн  төрүндө калыңдап төшөк салдырып,  бийик жаздыкта жаткан бир гана Бейшенбай манап кыймылдабайт. Кочкораалы  катары менен учурашып келе жатып Бейшенбай манапка жеткенде «тур, чочко» деп көчүккө бир тебет. Экөөбү  урушканы калганда көпчүлүк араң зорго ажыратып калат. Бейшенбай арызга акимдер отурган үйгө барат, ал жерге Кочкораалыны чакыртат.  Эмне болду деп акимдер териштирет. Бейшенбай эч кандай кепке, сөзгө келбейт .

- Эмнеге ал мени чочко деп бир тебет!- дейт . Акимдер да «Эмнеге андай дедиң, сөзүңө жараша жооп бересиң», дешет.

-Акимдерим – деп сөз баштады Кочкораалы. Биздин айбандан айырмабыз  акыл менен иш жүргүзүп, тилибиз менен түшүндүрөбүз. Мен баары менен алик алыштым, бирок төрдө жаткан неме үн катып да  койгон жок.  Мен аны чочко го деп, артына бир тептим. Тепкендигим чын. Үн-сөзү болбосо чочко экен деген ойго кеттим. Котормочулар сөзмө-сөз  которуп турду. Эки жактын дагы акимдери туура сөзгө баа берип , күлүп  жиберишти. Бейшенбай манаптын шагы  сынып, эмне дээрин билбей жүзү кызарып кетти. Эртеси жер талаш боюнча экөөбү элдин ортосуна чыкты.

–Кана,  Таластыгым сөз кезегин сага  бердим. Чаткалдын жайлоолору силердики болсо, бирден атап чыкчы? Бейшенбай билгенин айтты, билбегенин  айта албай токтоду. Кезек Кочкораалыга жетти. Күмүш -Тактан баштап Чандалаштын ичин , Таялмыштан бери айтып отуруп,  Чаткалдын сырты Кырчынга  чейин айтып чыгып кетти.  Эл ыраазы болду.

Чекти бөлүп, Талас менен Чаткалды ажыратты. Ошол Кочкоралынын айтуусу боюнча чектер бөлүнүп , эки жак чечишип кайтты. Кочкоралынын мартабасы көтөрүлдү. Элден чыккан мөөрү жок бий аталды. Бир нерсени чечерде Эшалы болуш менен Курманбай бийди каратып туруп эле:

-Менин чечимим менен болот , Эшалыга бир баштык буудай илдим, Курманбайга бир баштык арпа илдим, алар эч нерсе дебейт дечү экен. Ошол мезгилде Кочкоралы 25-26 жашта болгон. Өтө курч жана эч нерседен кайра тартпаган Кочкоралы Ыманбек болуш той кылып, Таласка барышат. Ошол жерде мындай окуя болгон. Бир эчки уурдалып, ууру кармалат. Алышып келип ортого салат. Ошондо анын тагдыры Кочкоралы менен Чемирчек молдого тапшырылат. Анткени, Ыманбек болуш өзүнүн тоюнда кийлигишпейин дейт. Чемирчек молдо өтө шашкалак экен.

«-Кочу аке жүрүң, бул уурунун тагдыры бизге берилди. Эшикке чыгып сүйлөшүп, өзүбүз чечели»-дейт.

Анда Кочкоралы:

-Ээ, Чемирчек, бул бир эчкини эшикке чыгып чечкидей ошончо куну кымбат бекен. Менин атам кул эмес, энем тул эмес, ушул жерде эле чечебиз. Туура сөзгө Ыманбек болуш баш болгон мыктылар жыгылышат. Бул бечараны да карайлы, оңуп кеткенден эчки уурдап жүрүптүрбү. Ошондуктан эчкинин акысына иштеп берип кутулсун деди. Туура чечимге эч ким унчуга алган жок.

Кочкоралы Жарты-Суудагы Ак-Булакка кыштоо салып жайгашты. Чаткалда дагы кыштоолор салынып, мал көбөйдү. Көп байлар Аксы , Таласка кыштабастан ушул жерге отурукташа баштады. Ибрагим бийдин баласы Исмаил бийликке кызыкпады, Коргон-Төбөнү кыштоо кылып, усталык жана мергенчилик менен алек болгон, керегe, уук чапкан. Ошол мезгилде жолборс пайда болуп эки айгырды ыргытып жиберип, Чандалаштын ичин эч ким аралай албай калган. Исмаил 23-24 жаштардагы жаш курагы . Ибрагим бийдин жигити болуп жүргөн Чөкөбай мерген менен ата-бала эле. Чөкөбайды чакыртып, адам жиберет. Ошол мезгилде Чөкөбай алтымыштан ашып калган мезгили, кантсе да чоң мерген карып калса дагы уунун ыгын билет, жол көрсөтөт деп ойлойт. Чөкөбай кечке келет. Көрүнүшү дагы деле жигиттей чапчаң, карылыкка алдырбаган , чарчы бойлуу, тоголок адам . Атка минип, түшүшү чыйрак. Исмаил өзү чыгып тосуп алды. Ал күнү кой союп жаткызды. Эртеси сөз кезеги уланды. Мусулманкул миң башы менен Ибрагим бий чабышканда 21 жашта , өтө бардык жакка шыктуу болгондугун, мергенчиликке 14 -15 жашынан баштап кызыккандыгын, Нурумбеттин майтарылгыс баатыр экендигин айтып отуруп түн бир убак болгондо жатты. Эртеси таң жаңы ата баштаганда туруп жөнөштү. Чандалаштын суусун өрдөп отуруп, Кара-Жаңырыктын ичине чоң шашкеде келип жетти. Камыштын калыңдыгынан адам аралай албай турган жерге келип, жолборстун изин көрүшүп, Чөкөбай жаңы из экендигин айтып, жолборс ушул калың камыштын ичинде экендигин эскертти .

-Исмаил, сен арт жагымдан акмалап жүр. Мен алдыга басам. Жолборс өтө сезгич жаныбар , жыт алып калса, бир секирик менен экөөбүздү тең майып кылат. Ошондуктан этият болуу керек . Чөкөбай алдыга түшүп, абдан жапыс болуп, камышты аралап жөнөдү. Ага караганда жаш болсо дагы Исмаил бир топ кыйынчылык менен кетип жатты.

Чөкөбай шылдыраган булактын үнүн укту. Барса булакта жолборс ары-бери оонап жаткан экен. Ошол жерден Исмаилди күтүп турду. Ал келгенде:

-Сен эми ушул жерде кал, мен бара берейин. Менимче жолборс алыска кеткен эмес – деп алдыга жылды.

- Исмаил болуп туруп Чөкө сизди кантип жалгыз жиберейин, мен да барамын – деп ал да кошо жөнөдү. Ошондо Чөкөбай:

-Өлсөк бирибиз өлөлү , сен жашсың. Али алдыда көп нерселер бар – деп жылмайып, каруун сыга кармады. Картая баштаса да күчтөн тайбагандыгы байкалып турду. Исмаил сарсана тартып булактын жанында калды. Чөкөбайдын карааны узаганча карап турду. Эмне болор экен? Исмаилге убакыт өтпөйт. Чөкөбай жетип, уктап жаткан жолборстун үстүнөн чыкты. Антип-минтип кара мылтыктын милтесине от койгончо жолборс да кыймылга келди. Комдонуп секиргенде, маңдайга мээлеп атып жиберди. Жолборс секирип барып бүк түштү. Комдонгон сыяктанып жатып калды. Чөкөбай эки жагын карап, Исмаилди чакырды . Исмаил келгенде Чөкөбайдын мандайынан тер шорголоп агып жаткан экен. Күз мезгили болсо да ошончо тер агып жатканын Исмаил карап турду. Жолборс так мандайга тийген октон жантаслим болгон экен. Калган эки жолдошун чакырып, жолборстун жанына басып келишти. Өзү да абдан чоң экен, терисин араң сыйрууга киришишти. Ал күнү Кара-Жаңырыкта жатып калышты. Эртеси аман калгандарына аксарбашыл айтышып кайтты. Чөкөбай алтымыш жети жашында жолборс аткандыгын эл аныз кылып, карыса да көзү курч экендигине таң калып жатышты. Эртеси Коргон-Төбөгө келишип, кудайы өткөзүп , көпчүлүк чогулуп, жолборстун терисин кызыгып көрүп жатты. Чөкөбай менен Ибрагимдин экинчи баласы Жуманазар жаштары өйдө-ылдый болгону менен теңтуш эле . Жуманазар үйлөп жаткан чаначы менен торсукту жыга коеюн деп уруп калды, экөөбү тамашалашып мелдеше түштү . Отуз бештеги Жуманазарды жамбашка алып бир чапты. Жуманазар да өтө чоң киши болгон, суналып устун кулагандай болуп жатып калды. Колунан тартып ойдо тургузуп:

-Оо! Атандын көрү ! Кайран жаштык. Карасаң, алтымыш ашкан чалча карууң жок , жолуң болгур. Ушул дагы Ибрагим бийдин баласы имиш, көрсө бир казан аталанын ээси турбайсынбы-деп тамашалап күлдү.

Исмаил өзүнүн марттыгы жана берекелүүлүгү менен эл оозуна алына баштаган. Аялы Бурма да аял заттын сулуусу. Жаңы баш кошушкан. Ал Көк-Серек элинин кызы эле. Жашы он сегизге жаңы толуп келе жаткан мезгили. Тараза бойлуу, ак жүздүү, күлгөндө көркүнө көрк кошулуп туруучу. Дайыма конок күткөндө кабагы ачык , конокту жадырап тосуп алуучу. Жаш болсо дагы конок күтүү жагынан андай аял заты кем болгон. Чайын коюп, жупуну дасторкону болсо да жадырап тосуп алган. Исмаил ошол дасторкондон байыган.

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр:**

1.Абал баар- эрте жаз мезгили

2. Амал айы- жерге дем келип, урук өнгөн ай (март)

3. Шырбаздын эти- козунун эти
4. Күла топу- молдолор кийчү топу(баш кийим)
5. Катта-чоң деген мааниде.
6. Жар- эл көп чогулган жыйын. Бакшынын жары салынат.
7. Мала тон- кызыл тон.
8. Аптабачы-Хандын колуна суу куйуучу адам. Ордо кызматчысы.
9. Масы- Жердин аты.
10. Заргап чапан- сыйлуу тон.
11. Наттар(наштар)- канжар, курч бычак.
12. Чартак палван- Чартактан чыккан белгилүү палван .
13. Нажаат берсе- ишимди оңунан берсе(мүмкүнчүлүк берсе).
14. Назиретиң-учкаяк жылкы, күлүк ат.
15. Калба- чатак, ызы-чуу.
16. Газават- ислам дини үчүн болгон согуш.
17. Аяк- өзбекче бут маанисинде. Бут алдында калуу, тебеленүү.
18. Шибер- Сибирь.

## XI Бөлүм

## Өлөңдөр

Айтуучу: Кубатова Айымкан. 68 жашта. Аксы району, Крупская айылы.
Жазып келген: Анатай Өмүрканов. №247-дептер.

Кел экөөбүз айталы бирдей болуп,
Сабагынан ачылган гүлдөй болуп.
Жалгыз айткан өлөңүм жарашпайбы
Жалаң найза сүйөлгөн үйдөй болуп.

Дайра төмөн суу агат каштай болуп,
Суу кирүүдөн таш качат маштай болуп,
Жарым жаман болсо да өзүм жакшы,
Билинбейди катыктуу аштай болуп.

Майда бетти дегенде майда бетти,
Майда беттин булбулу сайрап өттү.
Таң атканча сайраган күйөө булбул,
Ашыктыктын отуна канбай өттү.

Буудай пая дегенде, буудай пая.
Сизди бизге кошподу Кудай таала.
Сизди бизге кошкондо Кудай таала,
Жол боюна салар элем мейманкана.

Абалайлар дегенде абалайлар,
Жокчулук жоомарттыктын колун байлар.
Эр жигиттин алганы жакшы болсо,
Ал алдынан тосуп чыгып атын байлар.

*****

Жазып алган: Байзакова Анара. 1967-жыл. №846-дептер.

Кыздар начар дегенде кыздар начар,
Кыздар өлсө бейиштин төрүн ачаар.
Атасынын төрүнөн базар кылып,
Тоту куштай таранып бир күн учаар.

Кайым айтаар дегенде кайым айтаар,
Кайым акең өлөңдү дайым айтаар.
Жаман кыздын жанына басып барса,
Энесинин көпсөдө* майын айтаар.

Кайым айтаар дегенде, кайым айтаар,
Кайым акең өлөңдү дайым айтаар.
Жакшы кыздын жанына басып барса,
Теги жакшы эл бар деп, дайым айтаар.

Кызыл аттын балдары кыз койнундай,
Кыздын бели мынтыктын кундагындай.
Кызга келген жакшылык кубандырат,
Кумдак жерге бир кумган суу куйгандай.

Кызыл-Ата таруусу кызылдаган.
Кош-Теректин шамалы зырылдаган.
Айтаар болсоң өлөңдү көтөрүп айт,
Дабышыңдан айланайын кыңылдаган.
Бош пиалар дегенде бош пиалар,
Боз пиалар башында карга уялар.
Жакшысы бар өлөңдүн, жаманы бар,
Кайсынысын айталы карыялар.

Айт, айт жаным өлөңдү өлөң билсең,
Не көрбөйсүң дүйнөдө өлбөй жүрсөң.
Бул дүйнөдөн армансыз өтөөр элең,
Уук боосу жибектен үйгө кирсең.

Бир өлөңүм дегенде бир өлөңүм,
Бир бирден оозума кир өлөңүм.
Бир бирден оозума кирбей калсаң,
Тойкананы аралап жүр өлөңүм.

*****

Айтуучу: Ысмайылов Бөрүбек. Чаткал району. Каныш-Кыя айылы. Уругу- багыш. Жазып келген: Шамшиев Бекташ. 1975-жыл, 15-июль,№1694-дептер.

Ассалому алейкум, салам бердик,
Көрүшкөнү, көргөнү жөө келдик.
Көрүшпөсөк, көрбөсөк карагер кыз,
Так тушуңдан өлөңдү коё бердик.

Өлөң жапар келгенде өлөң жапар,
Өлөң десең биздерде сексен ганар[1].
Куржунуңду, куруңду, кабыңды апар,
Жапма салып беремин обулга* апар.

Айта-айта өлөңүм ада болду,
Эми айтпасам жүрөгүм заада болду.
Өлөңүмдү дегенде өлөңүмдү,
Билбеймин кайсы ажалдан өлөөрүмдү.

Көтөрмө арык дегенде көтөрмө арык,
Көтөрмө арык сууңдан өтө албадык.
Эргенчегиң[2] байлоодо, энең ойгоо,
Болуп куштай талпындык жете албадык.

Көтөрүп айт дегенде көтөрүп айт,
Таанабай дабышыңдан жөтөлүп айт.
Жалгыз айткан өлөңүң жарашпады,
Жолдошуңду чакыргын экөөлөп айт.

Жийде катты дегенде жийде катты,
Жийденин мөмөлөрү балдан таттуу.
Ата-эненин мээрими малдан катуу,
Тилеп алган баласын малга сатты.

Э, кызым, кый короз кырман чачаар,
Кыз албаган жигиттер теңге чачаар.
Теңгеси тешиктен ыргый качаар,
Аты жакшы басаган алып качаар,
Аты жаман боз балдар кайта качаар.

Кый-кый короз, кый короз канатын көр,
Аздыр-көптүр малыңдын санатын көр.
Кый-кый короз, кый короз канатын көр,
Аздыр-көптүр малыңдын ыраатын көр.
*****

Айтуучу: Шаадиев Атанбек. Тажик ССРи, Жерге-Тал району, «Коммуна» колхозу. Жазып келген: Зуурбеков Макабай. I курс (сырттан окуу бөлүмү) , №1243-дептер.

Өлөң-өлөң айтканың өзү эмеспи,
Кош оромол салганың бөз эмеспи.
Мен бир өлөң айтамын мындай кылып,
Тегирменден чыгарган ундай кылып.

Кара зоону айланып көч келеди,
Кара жоргом булкунуп бош келеди.
Карындаштан айрылган мүшкүл экен,
Кара көздөн мөлтүлдөп жаш келеди.
*****

Айтуучу: Бекмуратов Мусабек. Ала-Бука району, Терек-Сай айылы, 77 жашта, уруусу-багыш. Жазып алган: Нусупов. Д. 1975-ж. 11-июль, №1131-дептер.

Менин атым Токтомат бир билип кой,
Төрдө жаткан жез камчы өйдө илип кой.
Ар көчкөндө көчүңө көп жандаймын,
Көңүл үчүн кашкайып бир күлүп кой.

Кыз экениң тааныймын кыргагыңдан,
Кына койсо кетпеген тырмагыңдан.
Айт, айт десе өлөңдүн башы менде,
Балтыркандай солкулдак жашы менде.

Кара булут калдайып кар жаадырган,
Чыбырала жайчынын ташы менде.
Аткан айдын жарыгы кең жайылар,
Жүрө берсең кара жол тарс жарылар.

Майда бетте дегенде майда бетте,
Майда беттин булбулу сайрап өттү.
Тел козудай теңешип жүрчү элеңер,
Жаныңдагы жолдошуң кайда кетти.

Биздин айыл Терек-Сай паанайында,
От болуп жан жагыңдан жанайын да.

Ай сары кыз дегенде ай сары кыз,
Ашкабактын гүлүндөй сапсары кыз.
Эки кыздын калыңын бирдей жеген,
Кимге дары болду экен сапсары кыз.

Кара тоонун боорунда калды кайрак,
Токум салбай тору атка миндим жайдак.
Жаман кызга мал берип жалынгыча,
Такыяңа тес коюп жүргүн бойдок.

*****

Айтуучу: Хамитов Киёш. Колхозчу. Тажикстан. Душанбе обл., Жерге-Тал району. Кошой колхозу. Жазып келген: Назаров Исмаил.№1126-дептер.

Жылкым айдап барамын желе түзгө,
Жылкым жетип барыптыр жети жүзгө.
Байлар кызын бербейди тай туйлакка,
Келер күздө алармын дейди[3] улакка.

Базар барып алганың кара манат,
Айдап жүргөн жылкыңдын баары аманат.
Айдап жүргөн жылкыңды ээси алса,
Атаң менен энеңди базарга сат.

Дайым менин мингеним тору тайым,
Тору тайым камчысы сабы кайың.
Оң жагымда олтурган кандай айым,
Өлөң айтып өзүңө таанышайын.

Мен жогортон келемин эвилемин*,
Атым арып калыптыр не минемин?
Койнуң ач да колумдан тартып алгын,
Өзүм боз көз баламын не билемин?

Дайым менин мингеним ала шыдыр,
Ак калпагым башыма жарашадыр.
Өсбөгүрдүн кыздары кайдан өстү,
Бир башымды эки кыз талашадыр.

Мен жогортон келемин дуулай-дуулай,
Оң колумда кара мылтык коён уулай.
Атып алган коёнумду алар бекен,
Он бешинде ойношкон бала бекен.
Биздин элдин жайлоосу дооронум,
Кыздар атка тагышат коңгуроосун.
Кыз он бешке киргенде сары коон,
Кучактасам ошол кыздын омуроосун.

Алты кыздын ичинде атың Анар,
Албыраган бетиңден каның тамар.
Албыраган бетиңден бир өптүрсөң,
Кымыз, бозо ичкендей суусун канар.

**Ташкент өлөң**

Ташкент деген бир базар алма базар,
Алма сатып отурган Алданазар.
Жакшы менен бир жүрсөң күндө базар,
Жаман менен бир жүрсөң күндө азар[4].

Дайым менин мингеним боз болсочу,
Жолдошумдун бирөөсү кыз болсочу.
Жүргөн жүрүш сезилбейт боз болбосо,
Ойноп ойнуң канбайды кыз болбосо.

Жаан жаап келет экен муз аралаш,
Бир топ жубан келет экен кыз аралаш.
Кыз экени билинбейт кыргагынан,
Кына койсо чыкпаган тырмагыдан.

Сайдан коён качыптыр сөөгү жок,
Кыздар көйнөк кият го жээги жок.
Жээги жок көйнөккө колуң салсаң,
Кош алмалар былкылдайт сөөгү жок.

Айлыңызды аралап коён качты,
Коёнуңду кубалап кардым ачты.
Ач калганда тойгузган койдун эти,
Суусаганда кандырган кыздын бети.

Кыя-кыя жолдордо кыргыз үй бар,
Курмушунун үйүндө бир кызы бар.
Өткөн-кеткен жолоочу көзү шондо,

Маңдайында сары алтын жылдызы бар.

Мен жогортон келемин ат ойнотуп,
Алтын мылтык мүрүмдө бат октолуп.
Мен жогортон келемин итим байлап,
Ат араба атындай кошоктолуп.

Кара зоонун боорунда кийик жатар,
Төрт аягын бооруна жыйып жатар.
Сендей- сендей кыздарды көп көргөнмүн,
Күйөөсүнүн койнуна сыйып жатар.

**Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр:**

1. Ганар- атайын тигилген чоң кап.
2. Эргенчек- жыгачтан жасалган эшиктин тосмосу.
3. Дейди- үйгө токтобогон, ар кайда жүргөн.
4. Азар- азап, мүшкүл.

**XII бөлүм**

# Анегдоттор жана куудулдук өнөр

## 1. Апендинин жоруктарынан

**Айтуучу:**Аманбаев Шаршен, 63 жашта. Кара-Буура району. 1974-жыл.
**Жазып келген:**Акматалиев Абдылдажан. № 67-дептер.

Күндөрдүн биринде Апенди үч шабдаалы үзүп алып, аны табакка салып, дасторкон менен жаап, башына коюп падышага тартуу кылганы жөнөптүр. Табактагы шабдаалылар «урушуп жатышат» - деп, бирөөнү алып жеп коет. Калган эки шабдаалы нары-бери кыймылдагандыктан «Экөө да урушуп жатат» - деп ойлоп, экинчисин да жеп коет. Үчүнчү шабдаалы тим турбагандыктан үчүнчүсүн жеп коет да, кур табакты башына коюп падышанын алдына келип:

-Улуу урматтуу падышам,  Сизге тартуу кылып бир нерсемди алып келдим - дейт Апенди.

Падыша табакты караса эч нерсе жок.

- Сен мени маскара кылдың – деп падыша Апендини жазалоого кам көрөт. Апенди падышадан анын нөөкөрлөрү менен бир жазалаңыз – деп, суранат. Падыша макул болот. Ар бир нөөкөрүнө бирден жумуртка берип, көлгө ээрчитип барат. Кырк нөөкөрдүн ичинде Апенди да бар.

- Кимде ким көлдөн жумуртка тапса, ошол киши аман калат-дейт падыша. Бардыгы сууга кирип кетишет. Көп убакыт өтпөй падышанын желдеттери падыша берген жумуртканы кармап чыгышат. Апенди гана жумуртка таппайт.

- Эй! Апенди суудан чыга бергин. Мен эми сени жазалайм – дейт падыша. Анда Апенди суунун ортосуна тура калып корозчо: Ку-ку-ку-ку-ку-ка-ра кук! - деп кыйкырат да, ушунча тооктун ичинде бир короз болбойбу-деп жооп берип, кутулуп кетиптир.

*****

Дагы бир күндөрү Апенди падышага барыптыр да:

- Ээ! Падышам, сенин вазириң куп акмак – дейт.

- Ал мага акыл үйрөтөт, даанышман деди падыша.

- Падышам эртең мага жибериңиз- деп Апенди кетип калат.

Эртеси падыша чакырып кел- деп, вазирин Апендиге жиберет.

Келсе үй караңгы.

- Ээ, Апенди барсыңбы, чык бери! – деген үн чыгат.

- Улуу урматтуу падышам чакырып жатат.

- Убактым жок жумуртка басып жатам. Эгер туруп кетсем сасып калат- дейт.

- Андан көрө үйгө кир да жумурткаларды басып тур. Мен падышага барып келейин - деп жүрүп кетет.

Апенди падышаны ээрчитип келип: «вазириң акмак» десем ишенбейсиң –дептир.

xxx XXX xxx

Бир күнү Апенди падыша менен кошо ууга чыкмак болот. Апендиге бир кашаң атты кармап беришет. Түшкө маал жамгыр жаай баштайт. Падыша жигиттери менен учкан куштай чапкан бойдон Апендини карабай кетишет. Апенди бастырайын десе ат баспайт. Кийимдерин чечип ээрге токуп, жүрүп отурат. Кеч болуп калганда падышаныкына келет. Падышанын, желдеттеринин кийимдери суу болуп жайылып тургандыгын көрөт.

- Эй, Апендим, сен эмне үчүн суу болгон жоксуң – деп сураптыр падыша.

- Падышам Сиздер кетериңиздер менен алдымдагы атым асманга алып учту. Булуттун үстүндө жүрүп, күн тийгенде жерге түштүм –дейт Апенди.

Эртеси күнү да ууга чыгышмак болушат. Күн жаап кирет. Падыша Апендинин атын «бербейм» дегенине болбой тартып минип алат. Апенди падышанын атын минип, кырк жигитти ээрчитип жөнөп кетет.

- Мына учам, мына учам – деп жүрүп отуруп суу болуп үйүнө падыша келет.

- Ээ, Апенди эмне алдадың? - дейт.

Анда Апенди: кийимиңди чечип албаптырсың го – дептир.

xxx XXX xxx

Апенди жаңы эле жаткан мезгилде ууру келип, тамын ое баштайт.

- Менин кайсы буюмумду алат. Көрпөчөлөрүм алдымда – деп ойлоп жерге жатып калат. Бир убакта ууру үйгө кирип, буюмдарды көтөрүп кетет. Апенди туруп караса бир жаман кийизи калган экен. Муну да ууруларга жеткирип берейин деп жөнөп калат. Эс алып отурган ууруларга жетип келет.

- Ээ, Апенди биякта эмне кылып жүрөсүң – деп, корккон бир ууру сураптыр.

Анда Апенди:

- Силер мени көчүрүп келатпайсыңарбы – дептир.

xxx XXX xxx

Күндөрдүн биринде Апенди эшегин минип келе жатып:

- Мен өмүр бою намаз окубапмын. Кудайга бир намаз окуюн - деп ойлоп түшө калат. Намаз окуп отурган Апендини көргөн үч бала таң калышат. Байланып турган эшегин

көргөн балдар «сатып арак ичели» - деп ойлошот. Эки бала эшекти чечип жөнөп кетишет. Ал эми үчүнчү бала жүгөнүн башына кийип Апендини күтүп калат. Апенди намаз окуп бүтүп артын караса, эшектин ордунда бала турганын көрүп чочуп кетет:

- Ээ, кудая тобо? – деди таң калып.

Бала түшүндүрө баштайт:

- Бир кездерде мен адам элем. Арак ичип жүрүп эшек болуп калдым. Мени үч жыл миндиң. Эми мен адамга айландым - дейт.

Эртеси Апенди эшек сатып алганы базарга барат да, өз эшегин көрөт. Аны балдар сатканы турган эле. Апенди эшекке жакындап келип:

- Арак ичпе дебедим беле, кайра эшекке айланып кеттиңби? Мен сени экинчи албайм - дептир.

## 2. Апендинин жоруктары

**Айтуучу:**Марайимов Мадырайым, 92 жашта. Манас району. 1974-жыл.

**Жазып келген:**Акматалиев Абдылдажан. №67-дептер.

Апенди төлгөчүгө барып, өзүнүн өлүмү жөнүндө сурайт. Төлгөчү ага:

- Качан көйнөгүң эшикке жайылып калган күнү өлөсүң - дейт.

Күндөрдүн биринде Апендинин аялы Апендинин көйнөгүн жууп, эшикке жайып коет. Муну билбеген Апенди түн ичинде туруп эшикке чыкса, бирөө маңдайында карап тургансыйт. Ууру экен деп ойлоп, Апенди мылтыгын алып чыгып, тарс эттирип атып жиберет.

- Ууруну өлтүрдүм деп ойлогон Апенди коңшуларын дүрбөтүп, «ууру, ууру кармалды!»-дейт. Коңшулары чогулуп келип караса, Апенди өз көйнөгүн атыптыр.

- Ой, бул өз көйнөгүң го?- дешет алар.

Анда Апенди өзүнчө:

- Кудая тобо, төлгөчү туура айтыптыр, түндө көйнөгүмдү кийип турсам, мен да өлмөк экенмин – дептир.

## 3.Апендинин жоруктары

**Айтуучу:**белгисиз.Аламүдүн району, Арчалы айылы. 1989-жыл.

**Жазып келген:** Абдырасулова Динара. №1498-дептер.

Апенди бир күнү базарга барып, анын кире беришине эшегин байлап коюп, базар аралап кетет. Бир топтон кийин чыгып караса эшеги жок. Нары издеп, бери издеп таппай коет.

- Мен минтсем жүрө берет окшоймун, таппаймын. Андан көрө жарыя кылайын деп кыйкыра баштайт:

- Ой, калың журт эшегим жоголду, эгерде аны кимде-ким таап берсе, сүйүнчүсүнө ошол табылган эшегимди кайра таап берген адамга берем –деп айгай салып кыйкырат экен. Анда ошол жерде Апендини карап турган бирөө:

- Эй, Апенди эшегиңди бере турган болсоң, аны издеп эмине кыласың десе.

- Эй, бурадар. Ойлогон оюң ишке ашып калса, бул ыракат эмей эмине - деп жооп берген экен Апенди.

## 4.Апендинин жоруктары

**Айтуучу:** белгисиз. Аламүдүн району, Арчалы айылы. 1989-жыл.

**Жазып келген:**Абасова Ж.№1918-дептер.

Апенди уй соет, анын этин базарга алып барып сатып келейин –деп, келип базарда олтурса, анын этин эч ким деле таңазар албай, жада калса сурап да койбойт. Бир маалда эле бир ит келип шыйпаңдап калат, аны көргөн Апенди:

«Эт аласыңбы, алсаң ме, акчасын эмки базарда» - деп, кичине үзүп ыргытат. Аны жеп алып ит дагы эле шыйпаңдап кетпей коет, эмне дагы аласыңбы десе, шыйпаңдайт, ошентип отуруп болгон этин итке жедирип салып.

- Болуптур эми, болгонун чогуу эле берерсиң- деп алып кетип калат. Үйүнө барып байбичесине айтып, кийинки базарда кайра келет. Келсе баягы Апендиден эт алып жеген ит Апендини таанып, адатынча шыйпаңдайт. Аны көрүп Апенди:

- Оо, кандай, жакшыбы:«Ии, эттин акчасы кана, өткөндө эмки базарда дебедиң беле?» - дейт. Ит дагы эле эч нерсе дебей шыйпаңдайт.

Жини келген Апенди: «Бол, тап эттин акчасын»- деп, итти болушунча сабап, кубалап жөнөйт. Иттин жаны кейип кетип бир жардын боорун тырмалап жиберет. Апенди ошол замат токтой калып:

- Ой атаңдын көрү, бая эле айтпайсыңбы, акчамды ушул жерге каткам деп, мынчалык таяк жебейт элең- дейт да, ошол жерди каза баштайт. Кудай Таалам берейин десе керек Апендиге, жардын баары бүт эле алтын болуп чыгат. Апенди нысапсыздык кылбай, уйдун этине ченеп алып, калганын көөмп коет, өзүң оокат кыл!- деп. Үйүнө келип болгон окуяны кемпирине төкпөй-чачпай айтып берет.

«Менин да аласам бар эле ал итте, кантип алсам болот?» - деп кемпири калп эле Апендиден сурайт.

Анда Апенди: - «Аласаң болсо жүрү мени менен, көрсөтүп берейин»-дейт. Апендинин кемпири макул болуп, боорсоктон аябай көп кылып бышырып алып, Апендинин эшеги менен базарга барышат. Кемпир болгон алтынды Апендинин эшегине артып, бас эми кеттик» - дейт.

Аны көрүп Апенди: -Оп-пей, сенин аласаң ушунчалык көп беле?» -десе: - Ооба эзелтеден берки аласам»-дейт. Апендинин артынан түшүп алып, анда-санда боорсоктон Апендиге көрсөтпөй ыргытып коюп жүрүп олтурат. Апенди жерге түшкөн боорсокторду алып жеп кете берип, кемпиринен:

- «Бул эмнеси ыя, байбиче?» -деп сураса, кемпири Апендиге бүгүн кудайдын күнү боорсок жаап жаткан турбайбы» -деп коет.

Апенди: -«Ээ, кудая тобоо»- деп боорсок жеп келе берет. Ошентип, тапканын алып келип кемпири тоюнуп,байып олтуруп калган экен.

Ичине эч нерсе сактабаган Апенди эртеси эле болгон көргөн-бакканын төкпөй-чачпай айта баштайт: -Ой, Апенди качан десе?

- «Ой, кечээ боорсок жааган күнүчү» - деп эле безеленет, алтындан аябай алып келдик -дейт Апенди.

Элдер кемпирине келип, ой кемпир Апенди айтып атпайбы, алтыныңдан бөлүш дешкенде:

- «Оой качан?» - деп кемпир сураса, боорсок жааган күнү алып келген турбайсыңарбы дегенде.

- Кудайдын күнү да боорсок жаачу беле, Апенди айта бербейби, башты оорутпагылачы, же кудайдын күнү да боорсок жааганын көрдүңөр беле? -дептир кемпири.

xxx xxx xxx

Бир күнү Апенди талдын башына олтуруп алып өзү олтурган бутакты кыйып аткан болот. Аңгыча жерде бир киши кетип бара жатып:

-Ой Апенди, сен азыр жыгылып кулап түшөсүң, өзүң олтурган бутакты кыйганың кандай. Түш тизирээк. Азыр жыгыласың- десе болбой Апенди улантып кыя берет.

-Мейлиң жыгылбасаң мага кел!» - деп коюп ал киши басып кетет. Айтканындай эле берки киши узай электе эле Апенди жерге кулап түшөт. Апенди тура калып баягы кишиге чуркап жетип:

-Ой сенин көзүң ачык экен, менин жыгылаарымды билсең, өлөөрүмдү да билээрсиң, айтып койчу**.** Качан өлөм?! -деп сурайт.

- «Менин көзүм ачык эмес, жөн эле адаммын, сен туура түшүнчү, качан өлөөрүңдү билбейм»-деп болбой коет. Канчалык түшүндүрүп айтса да Апенди болбой, ал кишинин жанын койбойт. Ошентип тажаганда:«Эшегиң үч оосурганда өлөсүң!» - бар деп коет.

Апенди мен ушунчалык эле эрте өлүп каламбы, мейли эми өлсөм өлөйүн, олуя киши окшойт, баятан бери айтпай жаткан башкача тура, деп кетип баратса, эшеги бир осурат.

–Ой,кокуй! Башым,- деп апенди башын мыкчыйт. Экинчи жолу оосурганда:

–Ий, кокуй, кабыргаларым!» - деп ичин басат, үчүнчү жолу оосурганда. Мына эми өлдүм»-деп жерге жатып калыптыр.

## 5.Апендинин жоруктары

**Айтуучу:**Кадырова Айжамал, 72 жашта. Кара-Буура району, Бакайыр айылы. 1974-жыл.

**Жазып келген:**Көкүлов Калчоро.№1498-дептер.

### Кудуктагы уулуна айтканы:

Уулу кудукка түшүп кетсе Апенди кудукка эңкейип алып кыйкырат дейт:

- Кагылайын уулум, мен жүгүрүп барып, аркан алып келип, сени тартып алгыча кыймылдабай жата тур!-дейт.

### Түнкү ыр

Апендинин уулу түн кирсе эле ырдап, калчу экен. Кошунасы анын ырынан тажап, бир күнү кыйкырат дейт:

- Эй, Апенди уктабайсыңбы, жапчы ары жаагыңды какшанбай! - дейт.

Анда Апенди:

- Силердин ит күн-түн үрсө да унчукпайбыз. Биздин баланын ырына силер да чыдап койгула! - деген экен.

### Куймак

Сөздөн өз чыгып отуруп, куймак жөнүндө кеп козголуп калат.

Анда Апенди: - Куймак куйдурсак дегениме көп жыл болду, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңип дегендей: унун тапсаң, майы жок, майын тапсаң уну жок болуп, эмдигиче куймак куйдура албай келатам - деп сөзгө аралашат.

- Кантип эле ошончо жылдан бери май, ун бирге табылбайт? - деп беркилер талап жиберишет.

Анда Апенди: -Май да, ун да табылган кезде мен өзүм үйдө жок болуп калып жүрөм- деп, жооп берген экен.

### 6.Апендинин жоруктары

**Айтуучу:**белгисиз.

**Жазып келген:**Маткабылов Абдыразак. 1987-жыл.№620-дептер.

Апенди бир күнү чачын алдырганы чачтарачка кирет. Апендинин чачын алып жатып бир канча жерин кесип коет да, кескен жерине пахтадан жармаштырып коет. Апенди өзүн күзгүдөн көрүп: башымдын жарымына пахта эгипсиз, ырахмат, калганына өзүм таруу эгип аламын - деп чыгып кетиптир.

*****

Апендинин эшеги бир күнү жоголуп кетет да, Апенди: «кудаага шүгүр» - дей берет. Аны уккан достору:

- Эй, Апенди эшегиң жоголсо да «кудаага шүгүр» - дей бересиңби дешсе, анда Апенди минтип жооп берет:

- Эгер мен эшектин үстүндө болгонумда мен да жоголуп кетет элем- дептир.

ххх ххх ххх

Апенди бир күнү көчөдө адашып жүргөн койду үйүнө алып кирип союп алат. Бул сырын бир досуна айтат , досу болсо мындай суроо берет:

- Кыямат күнү кудайга кантип жооп бересиң - десе:

- Танып кетемин!- дептир. А эгер койдун өзү келип күбөлүк кылсачы десе:

Андай болсо оңой эле, койду тутуп ээсине берип коемун –дептир.

ххх ххх ххх

Апенди кечкисин суу алганы кудукка келет. Караса кудуктагы суудан айды көрөт да: «Кудайдын айы кудукка түшүп калыптыр» - деп ойлойт да, кудукка илгич таштайт. Илгич бир нерсеге илинип калат.

Ошондо Апенди: «Илгич айга илинди!» - деп, арканды катуу тартканда жип үзүлүп, өзү чалкасынан жыгылып калат.

Ошондо Апендинин көзү асмандагы айды көрүп: кудайга шүгүр, мээнетим текке кетпептир, өзүм жыгылсам да, айды чыгарып койдум – деп, сүйүнгөн экен.

ххх ххх ххх

Бир күнү Апенди көчөдө олтурган экен. Мечиттин молдосу окуткан балдарын ээрчитип өтүп калат. Ошондо Апенди молдодон сурап калыптыр:

- Балдарды каякка алып жөнөдүңүз? - десе. Молдо Кудайдан жамгыр сураганы, балдардын дубасы, айтканы келет дейт.

Анда Апенди: эгер балдардын дубасы, айтканы келгенде бир дагы мечитте молдо тирүү калмак эмес дептир.

ххх ххх ххх

Апенди медреседе арабча окуп калат. Бир күнү молдо Апендиден экзамен алмакчы болуп сурап калат.

Молдо: - Арабдар торпокту эмне дейт. Анда Апенди: Торпокту уй болгуча сабыр кылып турушат, уй болгондон кийин «бакар» дешет - деп жооп бериптир.

ххх ХХХ ххх

Апенди жүзүмдөр өтө бышкан кезде бир күнү бир кишинин жүзүм багына кирип жүзүмдөрдү үзүп себеттерге сала берди. Ошол убакта бактын ээси келип кармап алат да:

- Сен кимсиң, эмнеге менин багыма сурабастан кирдиң?-дейт.

Анда Апенди: Мен сенин багыңа өзүмчө киргеним жок. Кечээги катуу шамалда учуруп алып келип койду дептир.

- Болуптур, андай болсо жүзүмдөрдү ким үздү? Шамал үздү дептир.

- Куп бул сөзүңө да ишенсем болот. Ал себеттин ичине ким салды?- деп сураптыр. Анда Апенди: Мен дагы ушуга айран таң болуп турам, жакшы өзүңүз келип калдыңыз - дептир.

ххх ХХХ ххх

Бир күнү Апенди курсагы ачып келип аялынан: кемпир, нан менен бир кичине сүзмө алып келчи. Бул сүзмөнү ичсем суусунумду кандырат, өзү жакшы нерсе дептир. Сүзмө кечээ түгөнүп калган деп жооп бериптир. Жакшы болуптур, анда бул сүзмө тишке жана курсакка зыян болот дептир.

Анда кемпири: Бу Сиздин сөздөрүңүздүн кайсынысына ишенсе болот? -десе анда Апенди: ишенсең биринчисине ишен, ишенбесең экинчисине -деп жооп бериптир.

*****

Апенди жарым түндө ойгонуп, кемпирин түрттү: - Кемпир тур менин көз айнегимди таап бер!- дептир.

- Жарым түндө эмне кыласың? – деп сурады кемпири.

- Түшүмө ушундай майда нерселер кирип жатат, көз айнексиз көргөнгө болбой жатат- дептир.

ххх ХХХ ххх

Апенди бир күнү нан сатканы базарга чыкты. Апендинин нанын көргөн сатып алуучулар: Сиздин наныңыз камыр эле го! –десе.

Анда Апенди: нан камырдан болбой, анан эмнеден болот эле – дептир.

Апендиден элдер сураптыр:

- Сиз өмүрүңүздө чын сүйлөгөнсүзбү?
- Ооба дептир.
- Качан жана каерде?

-Жалганчылар арасында, жалган сөз табылбай калганда –деп жооп бериптир.

ххх ХХХ ххх

Апендиге бир күнү элүү башы келип:

- Кыштакка бир мечит салалык –деп жатабыз. Ошого Сизди ашарга чакырып келдим. Мечит кудайдын үйү, «барыңыз, сооп болот» - дептир.

Анда Апенди: карыз эки колдон чыгат, мен үй курганымда кудай бир дагы кишини ашарга жиберген эмес, ошон үчүн мен дагы барбайм –деп, жооп бериптир.

ххх ХХХ ххх

Бир күнү Апенди коюн сатканы базарга алып барды. Кардарлар коюунун баасын он теңгеден эч ашырбады. Акыры далдалчы колун катуу силкип мындай деди:

- Мейли дегин, болбосо ушу акчадан куру каласың - деди.

Анда Апенди: Ошончо акчага саткандан көрө, үйгө алып барып минип жүргөнүм жакшы - деди. Койду дагы минеби, анда каапыр болбойсуңбу десе:

- Козу чагынан бери минип каапыр болбогон, эми кантип каапыр болоюн - дептир, ачуусу келген Апенди.

xxx xxx xxx

Апенди кечинде үйүнө келсе аялы минтип айтты:

- Паланча байда карызың бар экен, ал кыстап келиптир.

Азырынча акчабыз жок, топтой элекпиз, бир жылдан кийин келиң дедим, жакшы жооп бериптирминби? – десе.

- Анда Апенди: Базар күнү келиң дебейсиңби – дептир.

- Эмнеге, бүрсүгүнү базар эмеспи?

- Эй, наадан, базар күндөн көбү жок, күндө базар дептир Апенди.

xxx xxx xxx

Апенди бир молдо менен дос болот. Бир күнү ошол молдо досунун үйүнө мейманчылыкка барат. Молдо досу болсо Апендинин алдына бир кичинекей тарелкага күрүч салып келип, эки сөзүнүн бири эле «бисмилла, деп жесең тоесуң» – дей берди. Бул сөздөр Апендиге аябай катуу тийди.

Бир күнү Апенди ошол молдо досун мейманга чакырып, досунун алдына чоң табакка күрүч салып келип:

- Кана, алың таксыр, күрүч көп, «бисмилла» - дебесеңиз деле тоесуз- дептир.

xxx xxx xxx

Күндөрдүн биринде Апендинин аялы кызына минтип айтты:

- Кызым, эми сен чоңоюп калдың, сени эми күйөөгө беребиз - дептир.

- Мен таанымбаган, билбеген жат адамга чыкпаймын – дептир кызы.

-Тийген күйөөң жат көрүнсө кийин үйрөнүп кетесиң. - Мен дагы жат адамга тийген болчумун. Акыры бара-бара таанып, көнүп кеттим - дептир.

Анда кызы: -Ха, ха! Сиз жат адамга чыгыпсызбы, өзүмдүн эле атама чыккансыз – дептир.

xxx xxx xxx

Апендинин үйүнө бир ууру кирет. Уурудан корккон Апенди кийизинин ичине кирип кетет. Ууру болсо кийизди уурдап чыгып туура базарга барат.

- Кийизиң канча пул?- деп сурады уурудан.

- Беш теңге бересиз.

- Үч теңге беремин деди - кардар.

Ошондо кийиздин ичинде турган Апенди: дагы 2 теңге кошуп бересиз, себеби ичинде мен дагы бармын – дептир.

xxx XXX xxx

Апендинин кожоюуну ооруп калат да, Апендиге баланча табыпка барып дары-дармек алып кел-дептир. Кежирлик кыла баштады. Эгерде табып үйүндө болбосочу?

- Болот бара бербейсиңби.

- Мейли үйүндө болсун, бирок дарысы жок болуп калсачы?-дептир. Албетте болот, дарыны да берет. Мейли дары берди дейли , ошол дары пайда кылбасачы?

- Бетбак экенсиң, барасыңбы, жокпу?

- Эй, кожоюн, дары пайда берди, демек: кош, андан эмне пайда болот. Акыры ар бир адамдын башында бир өлүм бар. Азыр өлдүңүз эмне, кийин өлдүңүз эмне? - дептир.

*****

Апендинин аялы көз айнек тагынып иштеп жатса, Апенди сурап калыптыр:

- Бул көз айнектин эмне пайдасы бар?- десе. Аялы кичине нерселерди чоң кылып көрсөтөт - дептир. Апенди бир күнү базарга жөнөп калат. Аялы ага коон алып келүүсүн суранат. Бирок, Апенди базардан кичине-кичине анделек алып келет. Аялы ага мен Сизге коон алып кел дебедимби – десе.

Анда Апенди: көзүңө көз айнек тагып карасаң, булар да көзүңө коон болуп көрүнөт - дептир.

xxx XXX xxx

Апендиге үч киши келип: - бизге жардам кылчы дешти. Алар үч бир тууган болушчу. Биздин төрт теңге акчабыз бар, ушуну тең бөлө албай жатабыз дешти. Анда Апенди: эгер ушул теңгеге дагы 2 теңге кошкула ошондо ар бириңе 2 теңгеден тийет. Эгер ушул теңгелерди бөлсөм, ар бириңе 1 теңгеден тийет, калганы мага калат дептир.

xxx XXX xxx

Апенди жылдык аштан келе жатып:

- Кызык бүгүн бардык жылдыздар асманга чыгып алышыптыр десе. Анда арабакеч тамашалап: - Бүгүн асманда да жылдык аш бар окшойт десе, анда Апенди: арабаны тез асманга бур, болбосо кечигип калабыз – дептир.

xxx XXX xxx

Апенди тез-тез аялы менен араздашып турчу. Араздашкан сайын ал таарынып кетип калчү. Аны уулу же кызы издеп, таап жалынып-жалбарып алып келчи. Бир күнү араздашып калат. Бирок анын артынан эч ким издеп келбеди. Ал кечке олтурду бактын ичинде, бирок эч ким келбеди. Акыры анын курсагы ачып олтурса, уйу талаадан кайтып калат. Ошондо уйунун куйругунан кармап үйүнө келет. Ошондо аялын: - Сиз араздашып кеттиңиз го, эмнеге келдиңиз дегенде:

- Мен: өзүм келгеним жок. Уй жетелеп келди дептир.

xxx XXX xxx

Апендинин түрү суук эрке кызы бар болучу. Ошону күйөөгө узатып калат. Аны өзүнүн душмандарынын бир уулуна узатмакчы. Той башталып, достору келип, Апендиге кейий баштайт.

- Апенди неге кызыңызды өзүңүздүн эң жаман душмандарыңызга узатып жатасыз? Душман менен кудачылык кылып болобу? Анда Апенди:

- Эгер кызымды көрсөңүздөр бул сөздү айтпаган болоор элеңиздер. Мен андан өч алыш үчүн берип жатамын - дептир.

xxx xxx xxx

Бир киши Апендиден сурайт:

- Кандай жаңылыктар бар? Мен бүгүн түшүмдө бышырылган шалгам көрдүм, башка жаңылык жок - деп жооп бериптир. Мен абдан тапкычмын, эгер Сиз мага акча берсеңиз түшүңүздү таап берем.

Анда Апенди: Атаңа ыракмат. Эгер акчам болгондо кой майына плов кылып жээр элем, бышырылган шалгам түшүмө кирбейт болучу - деп жооп бериптир.

xxx xxx xxx

Апенди эшегин жоготуп кечке издеп, таба албай коюп үйүнө кайтып келе жатып бир кишиге жолугат. Ал кишиден: - Кандай сөз бар, коңшу кыштакта деп сурайт.

- Айтарлык эч сөз жок, эмне болду? Менин эшегимди жоготконумду эч ким сүйлөбөдүбү?

- Жок, бул жөнүндө эч ким сүйлөбөдү. Анда менин эшек жоготконум жалган экен да, эгер чын болгондо кыштакта сөз болуп кетет болучу дептир.

xxx xxx xxx

Апендинин үйүнө бир азилкеч досторунун бири мейман болуп келип калат. Апенди аны абдан меймандап, ага чайды кесеге куюп узатты.

Досу: Апенди мага аркан бер.

- Ха, эмне кыласың арканды? Өзүмдү байлап коеюн, болбосо кесеге түшүп кетпейин – деди. Арадан бир канча күн өткөндөн кийин Апенди досунун үйүнө меймандап барып калат. Досу ага кичине пиалага сунат чайды. Апенди дагы аркан сурайт. Досу эмне кыласың? Өзүңдү байлайсыңбы?- десе:

- Жок пиаланы байлайм, дагы ичиме кирип кетпесин деген экен.

xxx xxx xxx

Апенди базарга бир күнү кара кийинип барды. Аны көргөн адамдар Апенди кимиңиз өлдү, кара кийип алыпсыз дешсе, анда

Апенди: - пендечилик экен, уулумдун атасы өлдү – дептир.

## Сартбайдын жоруктарынан

**Айтуучу:**Эл оозунан жыйнаган Үсөнов Кадыракун.

**Жазып келген**: Осмонова М. № 216(б)-дептер.

Бир отурушта маркум Сартбай Аалы деген жигит менен акыйлашып калат. Алдыга эт тартылып, артынан шарап сунулат. Аалы текеберленип сунулган шарапты «ичпейм» деп узата берет. Сартбай жолдошунун мурун ичип эле жүргөнүн билчү экен, куйкум сөз узатат.

- Аалыке, кудай таалам Кулкожо Акматка тозоктун отунан өткөнгө бекем көпүрө салдыр - деп, көп акча бериптир. Аны кулкуну чоң Кожо-Акмат жеп коюп ордуна кыл тарттырыптыр - дейт. Ал кыл көпүрөдөн ичкен мен, ичпеген сен өтсөң да тозоктун отуна топ этерибиз бышык. Деги эле аркы өйүздө сайылуу багыбыз, салынуу тамыбыз болбогондон кийин өтүп эмне кылабыз. Берки өйүздө жургап-куунап жүрө берели - дейт. Эл кыраан- каткы тамашага батышыптыр.

**Көрсөтмө курал**

Сартбай мектепте мугалим болуп иштеп жүрөт. Күндөрдүн биринде мектепке комиссия келип калат. Анда өзүнүн бир жаңы бүтүп келген окуучусу Сартбайга келип:

- Агай, көрсөтмө куралдарыңызды даярдаңыз – дейт, завуч болгон окуучусу.

Анда Сартбай: – ой менин көрсөтмө куралым сен эмессиңби - дептир.

## Өтө акенин жоруктарынан

**Айтуучу:** Эл оозунан жыйнаган Үсөнов Кадыракун.

**Жазып келген:** Осмонова М. № 216 (б) - дептер.

Өтө Аке чукугандай сөз тапкан, отурган элдин жарпын жазган адам болгон. Ал азыркы Кочкор районуна караштуу «Сөң-Көл» совхозунда эмгектенип жүрүп кайтыш болгон.

Эмесе Ото Акенин айрым жоруктарынан үзүндү жазып алынган эле.

### Жоон-Арыктын суусу айгыр агызып жатпайбы

Өтө Аке жайкысын жайлоого чыкчы экен. Бир күнү байбичеси казанга бир чака ынак сүт куюп, үстүнө жарым чака суу куюп, бышыра баштайт. Аны көрүп турган Өтө Аке кемпирине собол салат.

- Ыя, байбиче, сүткө сууну мынча эмне көп коштуң?

- Жатактагы балдарга берип жиберем. Айраны азыраак болуп калбасын - деди.

Өтө Аке борс-борс күлүп мындай дептир:

- Атка жүк кылбай ынак уютуп берсең болмок. Айранды суюлтуу эле зарыл болсо, өздөрү жер сугарып жаткан Жоон-Арыктын суусу айгыр агызып жатпайбы.

Өтө Акенин бул сөзүнөн кийин байбичеси бул жоругун коюптур.

**Сары ат кулундап калса**

Өтө Аке жайлоого чыкканы менен бээ байлап, кымыз ичпептир. Жалгыз сары аты, биртике майда жандыгы гана бар экен. Бир күнү кыштактан тоого келе жаткан 2-3 айылдаш азамат Өтө Акеникине түшүп калышат. Кемпири айран куйса,алардын ичинен бирөө кымыз жокпу?- дептир. Анда Өтө Аке айтыптыр:

- Эй, мырзалар быйыл эшиктеги байлануу турган сары ат кызыр калыптыр. Келерки жылы кулундаса, кымыз да болуп калаар.

Өтө Акенин бээси жок экенин унутуп калган жигиттер унчукпай биринин артынан бири эшикке жылып жөнөшүптүр.

**Ошол карышкыр сен турбайсыңбы**

Өтө Акенин башы коо-коо болуп бырыш экен. Үйүнө келген Сырдыбайга: - Чачымды ала кой десе, кызыл-жаян кылып кесе бериптир. Өтө Аке чыдап, чачы алынып бүткөндөн кийин башын таңдырып, Сырдыбайга айтыптыр:

Түшүмдө көргөнүм өңүмдө туш болгонун кара. Ушул түндө уктап жатсам бир кызыл ооз карышкыр качырат. Жыгылып калсам башымды тиштегилеп кан агызат. Көрсө, ошол кызыл ооз карышкыр сен турбайсыңбы!

- Ой тобоо, түштүн туура келгенин карачы - дептир.

## Осмонаалынын айткандарынан

Осмонаалынын атасы Кожомберди балбан киши болгон экен. Бир тайдын этин жеп койчу экен. Койдун этин эт дечү эмес экен. Наспай атаар экен, чакчасы 12 карыш текенин мүйүзүнөн жасалган. Олуя-Атадан наспайды чакчага шыкап келе жатса, Жоон-Төбөнүн дөңдөрүнөн 7 каракчы жолугуп калат. Канжыгасында наспайга шыкап толтурулган чакчасын алып алтоосун аттан жыга чаап түшүргөн, жетинчиси аттан жыгылбай кетип калган, караса чакчасы жарым болуп калган экен.

Бир жолу келе жатканда Молдо Асан жолдон мейманчылыкка түшүрөт. Кожоке, териден, тасма, жүгөндөн курумай болдук. Ушуга жардам бериңиз - деген экен. Өгүздүн терисинин жүнүн дароо шыпыртып, Кожомбердиге берип жиберет. Күрөөнүн үстүнө жете бергенде алдынан киши жолугат.

«Кайда барасың?» - Асан молдонун айлына барам. Анда муногу терини ала бар деген» - экен.

### Осмонаалынын айткандарынан

**Айтуучу**: Жээнбаев Акбар, 51 жашта. Киров району, Кара-Сай орто мектебинде мугалим.

**Жазып келген:** Көкүлов Калчоро. №1448-дептер.

Уулуң жаман болсо - убайым басат,
Келиниң жаман болсо - кейиш басат.
Кызың жаман болсо - кыйноо басат.
Атың жаман болсо - арман басат.
Катының жаман болсо - мейман качат.

«Катын алсаң - кыргыздан,
Жылда тууйт бир кыздан.
Катын алсаң - казактан
Кутуласың азаптан.
Катын алсаң - татардан
Чыгасың – элден, катардан.
Катын алсаң – башкырдан,
Айрыласың – пашпурттан» деген экен.

### Осмонаалы эки акмак бар деди:

Бирөө - төө деди,
Чөк десең, чөгөт деди.

Бири - куш деди,
Кетсе кетип калат -
Келсе колуңа келип,
конуп калат - деди.

## Жээренче чечендин айткандарынан

**Айтуучу:** Мамытова Алмаш, 87 жашта. Кочкор району, Семиз-Бел айылы.
**Жазып келген:**Сагидаева Салтанат.№205-дептер.

Кушбеги карыянын 2 баласы окко учуп өлөт. Назармат, Токсобазы деген 2 баласы бирдей окко учат. Эки эл беттешип сайышкан мүрзөгө коюлат. Кушбек карыя мүрзөнү кучактап жатып алат. Эл үч-төрт күн жатып калат, көңүл айта албай. Эл чогулуп акыл кылат.

- Муну ким тургузат?
- Жээренче чечен тургузат. Жээренче чеченге киши жиберип алдырышат.

Жээренче чечен мүрзөнүн башына келип отуруп айтат:

«Кушбеги, досум ай,
Көтөр, көр башыңан ай,
Кой көтөрөт өлүмдү,
Дос көтөрөт көңүлдү.
Назармат, Токсоба
Туурдан учту.

Көтөрүңүз мойнуңуз күчтүү» - дегенде: «Аа, аллага кара азылык кылып жаткан экем» -деп Кушбеги ыргып турду. Жек-жаат, урук-тууганы Кушбекти айлына алып барышты.

### Өлгөнгө көңүл айтмак:

«Атасы өлбөгөн - ааламда жок,
Энеси өлбөгөн - элде жок,
Уулу өлбөгөн - урууда жок,
Кызы өлбөгөн - кылымда жок,
Катыны өлбөгөн - калкта жок,
Өлбөй калыш - наркта жок,
Өлүм ак» - дептир.

## Исаалынын айткандарынан

**Айтуучу:** Мамытова Алмаш,87 жашта. Кочкор району, Семиз-Бел айылы.
**Жазып келген:**Сагидаева Салтанат.№205-дептер.

1.Исаалы жайлоого чыгып кымыз уулап жүрүп Асанкожо деген жылкычынын үйүнө түшөт. Кымыз ичкиси келип турган Исаалыга Асанкожо:

- Буюрбасын кымыз жок. Болсо эле арам болсун! - деп, жооп берет. Анда Исаалы: Арам болсун, бок болсун,

Түшкө жетпей жок болсун.
Шыпырып ийип ноктосун.

Карабай келип топтосун! - деп сөз менен уялтыптыр.
Карабай деген ал кезде башкарма экен.

Чаки деген адам бригадир болуп кырмандагы эгинди алдым «Ак-Кула»-деп, алып алчу экен. Анда кырманда кызыл сузуп жүргөн Исаалы Чакини карап минткен экен:

Чакем? Ак-Кула деп мурда алып,
Аялдарга сурданып.
Аӊырайып мен турам,
Авансыдан кур калып.

*****

Исалы районго төөгө эгин жүктөп барып төкчү экен.Ошондо алып барган эгинин таразачы жигит дайыма кем тарта берет. Ошондо Исаалы мындай дейт:

Кара-Буура оӊой буура эмес,
Же калкыбыздын таразасы туура эмес - деген экен.

******

Бир айылда Баялы деген киши көп сүйлөөчү экен. Ал Исаалынын жанына олтуруп алып сүйлөй берип тажатып жиберет:

Баялы деген бабырган,
Бул мага кайдан кабылган.
Бабырап сүйлөй бергенде
Кулак-мээм кагылган.

XXX XXX XXX

Кылычбек, Токтобай деген жылкычылардан Исаалы барып кымыз ичип жүрөт. Бир күнү алар дагы чогулушуп кымыз ичип отурушканда:

Кыйгыл кымыз Кылычбек,
Кыйнай берет ичкин деп.
Тоӊгон кымыз Токтобай,
Тойгузбай коет окшоду ай – деп ошол жерден эле сөз таап элдерди күлкүгө салчу экен.

******

Исаалы огородуна арпа айдап аны көрүп жүрсө, Казак дегендин аты күндө арпага кире берет. «Атыӊды ал!» - десе, Казак уруша кетет: ошондо Исаалы ага кайрылып:

Арпа айдадым соколоп,
Арпасы чыкты коколоп,
Атыӊды алгын деп айтсам,
Алактадыӊ Казагым -
Көк кагазга жазамын –
Өттү го сенин азабыӊ! –деген экен.

XXX XXX XXX

Чаки бригадир болуп, ал өзүнө Исаалыны сугатчы кылып алат. Ошол кезде кечинде Чаки көп айран алып барып берет. Ачка болгон Исаалы Чакиге:

Таякем келет кара тумшукту айланып,
Көк айранды байланып.
Төрт сугатчы бөлөбүз,
Айласыздан көнөбүз.
Какым менен текейге
Канагат кылып жүрөбүз – деп, Чакини уялтып ысык тамак алдырган экен.

XXX XXX XXX

Баймырза деген адам Садыр аттуу башкарманын «Победа» аттуу машинасын айдачу экен. Ал кезде Фрунзе колхозунунун эли районго Кызыл-Дөбө менен каттоочу экен. Ошол Баймырзаны эл Тоголок деп коюучу экен. Ал машинасын өчүрүп алып от алдыра албай турганда Исаалы келип калат. Ал учурда Исаалы араба менен районго көп сүт тартчу экен. Ошондо Баймырзага айтып турган жери:

Оңолбогон Тоголок,
Машинаң качан оңолот,
Араба менен сүйрөтүп,
Абыдан жаман үйрөтүп,
Оңдотуп алсаң болбойбу,
МТС менен сүйлөшүп.

Исаалы ушундай таамай сөздөр менен дайыма кишилерди уятка калтыра турган эле - дешет.

## Бозгунчунун жоруктарынан

**Айтуучу:** Сулайманов Бейше, 56 жашта.
**Жазып келген:**белгисиз. -дептер.

Тяншандагы Миң-Булак айылында жашаган Бозгунчу Жумагул уулу (1829-жылы туулган 1905-жылы кайтыш болгон). Айылдаштары Боз аба дешчү экен.

Өзү сөзгө чечен, айтканы айткандай так келген, элдин айтымында тилинде мөөрү бар, алдын ала окуяны байкап билген, айыл аксакалы, ката кетирбеген, так жүргөн адам болуптур.

Чечендигинен улам башка уруулардан доо жандырганга жаш кезинен аралашып, дайыма эл керегине жарачу экен. Ал тынымсейит уруусунун Жаманак уругунан, Ырыс айылынан болот.

## Окуялары

Айылга түшкөн Жумгал уулунун чыгымын төлөбөй койгон. Айыл аксакалдары: Жумабай, Атакан, Акматтар, Токтогул, жаманак уруусунун аксакалы, Чынгыс ажыга чыгымды бербей жатат - деп арызданышат.

Күндөрдүн биринде Тынымсейиттердин тобу болот. Боз аба (Бозгунчу) балдарына кымыз арттырып, тай жетелеп топко барат. Топко саламдашып түшөт.

Чыңгыс ажы: «балдардын тилин неге албай жүрөсүз?- деп сөз баштаарда

Боз аба: «Азайып, көп күнөөм болсо кечир, ажым! – Айыпка тултук дебесең- Жумабайды, тырык дебесең – Актанды, маңка дебесең - Атаканды тартайын» -деген экен. Анда Чыңгыс ажы: «Кой дебедим беле, ушул сөздү укмаксыңар» - деп сөзгө жыгылган

экен. Көрсө, Жумабай - тултук, Актандын – тырыгы бар, Атакан – бучук мурун киши экен. Сөзгө жыгылышат. Ырыс айылын ошентип чыгымдан сактап калат.

XXX XXX XXX

Сарбагыш уруусунун жесир доосун алууга Бозгунчуну Шаменге жиберишет. Деркембай-Төр деген жайлоодо жайлаган эле, 4-5 жигити менен Шаменге саламдашып түшөт да, келген жайын түшүндүрөт. Сүйлөшүп олтуруп Байтерек деген инисине мөөрүн басып, кат жазып берет. Шамен байбичесине кымыз алып чык дейт . Байбичеси кичине көөкөргө куюп алып чыгат. Суусаган жигиттерге бир чыныдан эле жетип, суусундары канбай калат. Жигиттер аттарын сугарып алалы деп Боз абадан сурашат. Анда Боз аба: «Сугара бергиле, ал кудайдын суусу, Шамендин кымызы эмес» - дейт. Шамен ошондо кек сактап калат. Шамен жигиттерин жолго коюп, кайра өтүп бараткданда Бозгунчуну чаап, тоноп алып келгиле - деп, буюрат. Бозгунчу келе жатып кайрылып Шаменге тиет. «Жумушуң бүттүбү?» - деп сурайт Шамен: «Ыракмат, төө төрөнүкү - дейт, төөсүн Сизге алып келдим» - деп Бозгунчу төөсүн берет. Шамен Бозгунчунун сөзүнө сынып, кондуруп конок кылат да, жигиттерин жолдон алдыртат.

Эртеси Бозгунчу аман-эсен жесир акынежеткирген экен.

XXX XXX XXX

Сарбагышта Тынымсейиттин доосу бар экен. Сарбагыштын беги Бекчоро (Шамендин иниси) Нарындан атчан кетип баратыптыр, ошондо 30га чыкпаган жаш жигит экен. Жолдон Бозгунчу жолугуп, ага Бекчоро:

- Ээ, какбаш, сага малдын кереги эмне? - дейт. Бозгунчу ошол жерден кыбыланы карап, алакан жайып: «Жаратканым: мени чын жараткан болсоң Бекчорону үйүнө не жеткир, не жеткирбе! – деп бата кылат. Ага көңүл кош караган Бекчоро бастырып кетет. Үйүнө жеткенде «ичим» - деп жыгылат. Айылдаштарына: «Боз абанын каргышына калдым окшойт. Ат чаптыргыла, сөзүн кайра алсын! - дейт. Артынан ат чаптырат. Анда Бозгунчу чабарманга: «Аткан ок кайра кайтпайт» - деп сөзүн албай коет.

Бекчоро ошол эле күнү каргыштан жан берген экен.

XXX XXX XXX

Бозгунчу кедей-кембагалдарга мингич аттарын берип турчу экен. Аларга: «Оорутпагыла, жоорутпагыла, жакшы мингиле!» -деп гана койчу экен. Токтосун деген бир кишиге атын берет. Аныкына барса мамыга арткы толорсугунан байлатып, астында тумшугуна жетээр жетпес чөп салынуу экен. Бозгунчу бул көрүнүшкө наразы болуп, бул эмне кылганың? - деп сурайт.

Токтосун: Ченеп жесин! - деп ошенткем дейт. Малга кылган кордугуң үчүн сен да ченем менен жүр, чемемден ашпа! - деп, ага да колун жайып кыбылыга карап бата кылат.

Токтосун өмүрүнүн аягына чейин ченем менен, жарды жашап өткөн. Ал сөз анын тукумдарына да тиешелүү деп айткан экен.

## Кочкорбайдын жоруктарынан

**Айтуучу:** Жусуева Кимия, 72 жашта. Совет районунун тургуну. 1985-жыл. **Жазып келген**: Ибраев Сейтек. №1631-дептер.

Маат бий, Карыбек миң башы жана бир топ адамдар менен кедей Кочкорбай Өзгөндү көздөй бир жактан келе жатышкан болот. Аттары арып-ачып кыйналышат.

Кочкорбай: - Туугандар, мен жооп берем, атыңарды ушул бедеге кое бергиле дейт. Алардын аттары тоюп калганда ары жактан сөгүнүп келе жаткан өзбекти көргөн Кочкорбай Маат бийдин белиндеги курун чечтирип алып, башына селде кылып оройт да, чөнтөгүнөн жаман бычагын суруп чыгып асманга ыргытып чөгөлөй калып кармап, сөгүнүп келген кишиге көңүл бурбастан өзүнчө «Аллалай!»берет.

Кочкорбайдын шериктери: бул бал ачкан олуя экен, ошого карап аттарыбыз сенин бедеңе кантип кирип кеткенин билбей калыптырбыз дешет. Ошондо өзбектин жини тарап: «Олуям, мага да бал ачып бер!» - деп суранат.

Кочкорбай ага карап: Сенин анда-санда башың ооруйт экен. Анан сен чүчөк болот экенсиң - дейт. Ошондо: Айланайын! Сиз кыргыздын чыныгы олуясы болот экенсиз, ар дайым ошондой болом! - деп ага ыраазы болуп, Кочкорбайды шериктери менен өз үйүнө мейманга чакырат. Үйүнө барганда эчки союп меймандайт. Эт бышкыча Кочкорбай дагы бакшы болуп, жар салат:

Мааттан алган селдени алла ай,
Эч кай жерден көрбөдүм алла ай.
Маңыроо сендей пендени алла ай,
Чүчөк бир болгон сарт экен алла ай.
Өзгөнү билбес март экен алла ай! –деп жарына кошуп кетет. Кочкорбай өзүнүн шериктеринин күлкүдөн чыдай албай турганын байкап, ушул жерде отургандардын бардыгы бир саат күлсүн, антпесе менин жиним тарабайт - дейт. Отургандар кумардан кана каткырып алышкан экен.

XXX XXX XXX

Дагы бир жолу Кочкорбай беш алты кийиктин терисин таап, ийне жип алып, бир ээн, эч ким көрбөй турган жерге барып, атына жана өзүнө каптап тигип алып, айылды көздөй жөнөйт.

Ошол күнү Кочкорбайдын бир тууган агасы айылдын чоң молдосу экен, ошол айылдын кыз-келиндерин чогултуп, жип ийритип жаткан. Кочкорбай ошолордун жанынан атын жай бастырып өтөт.

Шумдукту көргөн молдо даарат алып жаткан жеринен богуна тайгаланып чалкасынан жыгылып, аны көргөн кыз-келиндер боз үйдүн ичине качып киришип чыгдандын ичиндеги сүттү төгүшүп, боз үйдүн ичи тос-тополоң. Уй саап жаткан молдонун кемпири: «Сага эмне болду, молдом?»-деп кыйкырганда уй тээп, сүтү төгүлүп, эси оойт. Айылдын иттери арсылдап үрүшүп, коркпогон эл жок.

Кечинде эч нерсени билбеген киши болуп Кочкорбай айылга келет. Айыл ичи дагы эле тоз-тополоң. Кочкорбай түз эле молдо агасыныкына келип түшөт. Үйгө кирсе жүрөгү түшкөн молдо калчылдап, титиреп төрдө отурат. Эч нерсени билбемиш болуп Кочкорбай агасынан:

-Эмне болду?- деп сурайт.

Анда агасы: мен даарат алып жатсам ботом, айылды аралап бир шумдук өттү, өз көзүм менен көрдүм. Адам десе, адам түрү жок, айбан десе андай түрү жок. Кыскасы бир

шумдуктун өзү, үрбөгөн ит, качпаган адам жок элдин баары азыр кудайы өткөрүп жатат.Мен эмне кылышты билбей отурамын дейт.

Кочкорбай анда: - Оо ага, мындай шумдук өтүп жатса, болгондо да Сиздин жаныңыздан өтсө, Сиз аны биринчи көрсөңүз, анда Сиз бодо мал союшуңуз керек деди.

-Ооба бодо мал – деп, сөзүн кайталайт.

- Туура, туура айтасың, Кочкорбай деп агасы: - Бир кысыр кунаажыным бар, ошону соем дейт.

Ошентип, Кочкорбай ач көз агасын бир жагынан маскара кылса, бир жагынан зыкымдын кунаажынын сойдурган экен.

******

Кочкорбай бир күнү мен паланча байдын кызын өөп келем –деп, өзүнүн теңтуштары менен мелдешип калат. Теңтуштары ага: сага байдын кызы өптүрмөк турсун жанына жакын жолотпойт - деп, шылдыңдап күлүшөт.

Кочкорбай кийимдин кийимин кийип,уйдун жампаларынан нанга окшотуп бир түйүнчөккө түйүп алып байдын айылын көздөй жөнөйт.

Тээ алыстан келинди көргөн байдын кемпири кызына алыстан бир татынакай келин биздин айылды көздөй келе жатат барып, кыз-келиндер менен утурлап кел! -деп, жиберет. Кочкорбай жанына келип, кыз-келиндерге шек билдирбей аларды бир сыйра өөп чыгат.

- «Аман турасыңарбы, айланайындар?-деп байдын кызын болсо беш-алты жолу өөп: - «Айланайындар, эсен болгула мен башка айылга бара жаттым эле!»-деп алар менен коштошуп жатып байдын кызын дагы өөп артын көздөй жөнөйт. Ошентип, Кочкорбай теңтуштарын утуп алган дешет.

## Кочкорбайдын өзү жөнүндө

**Айтуучу**: Жамансариев . Жумгал району, Беш-Терек айылынын тургуну. **Жазып келген:**Шамсиева Жамал. 1985-жыл

Кочкорбай азыркы Ош областынын Совет районундагы «Ленинчил жаш» колхозу же Чалма айылында туулган. Өзү кедей жашаганы менен атагы алыска кеткен куудул адам болгон. Анын туугандары айылда эмгектенишет. Менин оюмча Кочкорбай менен Куйручук бир мезгилде чыккан бир доордун адамы. Мен жазып алгандар бир гана адамдан уккандарым.

Эгер анын туугандарына жана жердештерине жолугуп, сурамжылап жаза турган болсо, бир китеп чыга турган материал чогула тургандыгына ишенем.

### Кочкорбайдын жоруктарынан

**Айтуучу**: Жамансариев . Жумгал району, Беш-Терек айылынын тургуну. **Жазып келген:** Шамсиева Жамал. 1985-жыл.

Жайдын күнү. Эл жайлоодо болот. Кочкорбайдын коңшусунун бири Анжиянга чейин барып мал сатып, базарлап келет.

Байдын балдары өрүк, мейиз жеп чыгышат. Кочкорбайдын балдары да: «Өрүк, мейиз!» - деп ыйлашат. Сурап барса, байдын байбичеси бербей коет. Байдын байбичесине кекенип калат (өзү аялга окшогон сулуу киши болот). Күн кеч кирип,

кулундарды агытаар маал болот. Байбиче келини менен бээлердин акыркы саанына барса, желеге жакын жерде, ай-күнүнө жеткен чоочун жаш келин ыйлап отурат. Териштирип сураса түркүнүнөн качып келе жаткан, байга кабырга тууган кыз болуп чыгат. Боору ооруган байбиче келинди:

- Түнөп кет! - деп үйүнө алып келет. Тамак желип бүткөндөн кийин келин толгото башбайт. Байбиче келини экөө тигини төрөтүүгө кам көрүшөт. Байдын байбичеси тигини келинине дайындап коюп, өзү баланы ороп алууга кездеме издеп, жүгүн бузуп калат. Ошол кезде келини чочуп кетет:

- Айланайын эне:«эркек экен» - дейт.

Анда кемпир: Айланайын эркек болсо, кудай бериптир, тарт. Айланайын, тарт!» - деп шашат. Эсине келген келини:

-«Жо-ок эне, өзү эркек экен!-деп бетин чымчыган экен.

# Мазмуну

**Эл сөзү – элге (кириш сөз ордуна) 3-21**

## 1 бөлүм:

### 1.Санат-насыяттар

1) Кыргыздын уулдары укса 22
2) Таштандыга таштабагын баланы 25
3) Санат ыр . . . . . . . . . . 26
4) Санат ыры . . . . . . . . . . 26
5) Не пайда . . . . . . . . . . . . 35
6) Санат ыры . . . . . . . . . . 37
7) Санат-насыят ырлары . . . . . . 39
8) Баялынын сөзү . . . . . . . . . 42
9) Насыят ыры . . . . . . . . . . 45
10) Жигиттин жети түрү бар . . . . . 52
11) Насыят . . . . . . . . . . . 53
12) Эркектер тууралуу эки ооз сөз . . 54
13) Арактын тартпа азабын . . . . 56
14) Адамга эмне керек? . . . . . 57
15) Санаттар . . . . . . . . . . . 60
16) Санат ыры . . . . . . . . . 64
17) Ушакчы . . . . . . . . . 65
18) Санат ыры . . . . . . . . . . 68
19) Насаат ыры . . . . . . . . . 70
20) Эмне жок . . . . . . . . . . 70
21) Насыят ыры . . . . . . . . . . 72
22) Сонун да . . . . . . . . . . 73

23) Насаат ыры . . . . . . . . . . . 74
24) Санат ыры . . . . . . . . . . 80
25) Насаат ыры . . . . . . . . . . . 85
26) Каалоо ыры. . . . . . . . . . . 86
27) Санат ыры . . . . . . . . . . . . 88
28) Насаат ыры . . . . . . . . . 90
29) Санат ыры . . . . . . . . . . . 91
30) Дүнүйө . . . . . . . . . . . 93
31) Санат . . . . . . . . . . . . . 94
32) Санат ыры . . . . . . . . . . . . 95
33) Насыят ыры . . . . . . . . . . 98
34) Санат ыры . . . . . . . . . . 104
35) Санат ыры . . . . . . . . . . 105
36) Санат ыры. . . . . . . . . . . 108
37) Насыят . . . . . . . . . . . . .108
38) Санат ыры . . . . . . . . . . 112
39) Чоң атанын айтканы . . . . . . . 113
40) Санат ыры . . . . . . . . . . 114
41) Санат ыры . . . . . . . . . . . 115
42) Санат ыры . . . . . . . . . . . .117
43) Санат ыры . . . . . . . . . . 118
44) Насыят ыры . . . . . . . . . 121
45) Санат ыры. . . . . . . . . . .124
46) Жигиттердин жакшысы . . . . . . 128
47) Насаат ыры . . . . . . . . . . 131
48) Жаштарга насаат . . . . . . . . . 133
49) Казакбай карыянын сөздөрү . . . .140
50) Жумамүдүндүн насыяты . . . . . 143
51) Санат ыры . . . . . . . . . . 145
52) Санат ыры . . . . . . . . . . 149
53) Адамдын мүнөзү . . . . . . . 150-153
54) Карылык…………………………
55) Карылык ыры………………………..

## П. Аялдардын адеби жөнүндө

56 Жашоодон зээни кейиген . . . . . 153
57. Жакшы аял. . . . . . . . . 154
58. Аялдар . . . . . . . . . . . . 159
59. Айтайын сырын жеңенин . . . . . 161
60. Аялдар тууралуу азыраак сөз . . . 168
61. Аялдар жөнүндө. . . . . . . . . 170
62.Аялдарга акыл сөз. . . . . . . . 172
63.Аялдарын санаты. . . . . . . . . 175
64.Аялдар санаты. . . . . . . . . . 176
65.Жаман кыздын белгиси . . . . . . . 179

66.Кыз бала . . . . . . . . . . . .179
67.Аялдарга сын . . . . . . . . . 181
68.Насыят . . . . . . . . . . . 182
69.Санат ыры . . . . . . . . . . 184
70.Санат ыры . . . . . . . . . . 186
71.Байбачанын айтканы . . . . . . . 188
72. Жамакташтырылган санат ыр……….
73. Аялдар жөнүндө……………………..
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр

**П БӨЛҮМ**
**ТЕРМЕЛЕР**

1) Чүйүбүз – куттуу үйүбүз. . . . . . . .190
2) Терме . . . . . . . . . . . . . . .196
3)Терме . . . . . . . . . . . . . . 208
4)Кайран Союз . . . . . . . . . . 211
5) Терме . . . . . . . . . . . . . . 215
6) Терме . . . . . . . . . . . . . . 221
7) Аралаш терме . . . . . . . . . . 224
8) Арактын азабы . . . . . . . . . . 228
9)Эл, жеримди сагындым . . . . . . . 233
10) Казакбайдын термеси . . . . . . . . 235
11) Азыркы терме . . . . . . . . . . 237
12) Өткөндү эскерип . . . . . . . . . . 247
13) Жергебиз кенен малга жай . . . . . . 248
14) Чабанга . . . . . . . . . . . . . 249
15) Терме . . . . . . . . . . . . . 252
16) Жаш жөнүндө терме . . . . . . . . 259
17) Терме . . . . . . . . . . . . . 261
18) 70 жылдыкка карата саламдашуу . . . . .271
19) Өмүр термеси (Өткөн күндөн бир элес) . . 276
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр…………

**Ш БӨЛҮМ**
**АЙТЫШТАР**

1) Ажыбек менен Тейтинин айтышы . . . . . .280
2) Нурмолдо менен кызыл аттын айтышы. . . .287
3)Курмушу менен Турдукулдун айтышы . . . 289
4) Өлөң айтыш . . . . . . . . . . . . .292
5) Эчки менен тоо текенин айтышы . . . . . 295
6)Матрайым менен Маткасымдын айтышы . . 299
7)Алымкул менен Молдобагыштын айтышы . . 301
8)Кулмурза менен Кайып ырчынын айтышы . 303
9)Бала менен кыздын айтышы . . . . . . . 306
10) Калманбет менен Бекназардын айтышы . . 311

11) Бурдушанын ашындагы айтыш . . . . . . . 314
12) Абдырайым (Абиш) менен Жапаркулдун айтышы….
13) Абдырайым акын менен экинчи айтышыбыз……..
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр…………………


**IV БӨЛҮМ**

**ДАСТАНДАР**

1) Жумаш менен Рангүл. . . . . . . . . . 321
2) Айгүл кыз менен Козулан баатыр. . . . . 334
3) Карыя эненин айтканы . . . . . . . . . . 341
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр………….


**V БӨЛҮМ**

**САНЖЫРАЛАР**

1) Тогуз-Булак участкасындагы урууларлын келип чыгышы - 350
2) Беш бала жөнүндө баян . . . . . . . . . . . . . . 351
3) Токтомуш уруусу жөнүндө . . . . . . . . . . . . . 352
4)Черик баяны . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 355
5) Кыргыз, казак бир тууган . . . . . . . . . . . . .356
6) Жанболот уруусу кайдан тараган? . . . . . . . . . . 358
7) Жетиген уруусунун бир тарамынын «жалаң найза» аталышы 365
8) Уруунун Сабатар деп аталышы . . . . . . . . . . . 366
9)Каработо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 368
10)Каработодон тарагандар . . . . . . . . . . . . . . 370
11) Чотондон тарагандар . . . . . . . . . . . . . . . 371
12) Эсирке . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 373
13) Чыныке . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 373
14) Ормотойдун балдары . . . . . . . . . . . . . . 374
15) Санжыра сыры . . . . . . . . . . . . . . . . . 374
16) Тынымсейит уруусунун Нарын өрөөнүнө көчүп келиши . . 375
17) Чериктер жана Өмүрзак баатыр баяны. . . . . . . 384
18) Жедигердин тарыхынан. . . . . . . . . . . . . . 386
19) Чайкөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 386
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр……………………


**VI БӨЛҮМ**

**БОЛУМУШТАР**

1) Коной, Шургуй баяны . . . . . . . . . . . . . 388
2) Кабатайдын төрт уулу жөнүндө баян . . . . . . . . 393
3) Чулум баатыр жөнүндө . . . . . . . . . . . . . 395
4)Кабанын баласы Шыкмамат . . . . . . . . . . . 396
5) Бердике баатыр . . . . . . . . . . . . . . . . 398
6) Толук айылы жөнүндө . . . . . . . . . . . . . 400
7) Жалкоо келин . . . . . . . . . . . . . . . 401
8) Шопок атанын касиети . . . . . . . . . . . . . 402
9) Галий бий. . . . . . . . . . . . . . . . . 403
10) Жумаалы балбан . . . . . . . . . . . . . . . 404

11) Бөлтүрүк балбан жөнүндө сөз . . . . . . . . . . . 407
12) Орук-Там кыштоосу . . . . . . . . . . . . . . 409
13) Правиланы буздуӊ . . . . . . . . . . . . . . 412
14) Муӊай уста . . . . . . . . . . . . . . . . 413
15) Ак-Бейит . . . . . . . . . . . . . . . . . 413
16) Шыгайдын баяны . . . . . . . . . . . . . 416
17)Каракол . . . . . . . . . . . . . . . . . 417
18) Менин апам . . . . . . . . . . . . . . . 418
19) Жаман эчки . . . . . . . . . . . . . . . . 418
20) Эки баланын бейити . . . . . . . . . . . . . 419
21) Саркалдай жөнүндө . . . . . . 420
22) Саркалдайдын итке салам айтканы . . . . . . . . 421
23) Ыса акылман жөнүндө . . . . . . . . . . . . . 423
24) Эки достун түштөнүшү . . . . . . . . . . . . 423
25) «Кыз-күйөө» (1-варианты) . . . . . . . . . . . 426
26) «Кыз-күйөө» (2-варианты) . . . . . . . . . . . 429
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр………………….

**VП БӨЛҮМ**

**КАЗАЛДАР**

1) Ак-Чий баяны . . . . . . . . . . . . . . . 430
2) Өткөндөр жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . 440
3) Казыбектин казалдарынан . . . . . . . . . . . 448
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр………………..

**VШ БӨЛҮМ**

**МАКАЛДАР**

1. Макалдар (А) . . . . . . . . . . . . . 451
2. Макалдар(Б) . . . . . . . . . . . . . . 454
3. Макалдар (Д) . . . . . . . . . . . . . 456
4. Макалдар (Ж) . . . . . . . . . . . . . . . 456
5. Макалдар( З,И ). . . . . . . . . . . . 460
6. Макалдар (К) . . . . . . . . . . . . . 460
7. Макалдар (М) . . . . . . . . . . . . . . 463
8. Макалдар (Н) . . . . . . . . . . . . . . 464
9. Макалдар (О) . . . . . . . . . . . . . . . 464
10. Макалдар ( Ө,П ) . . . . . . . . . . . . . 465 .
11. Макалдар (С) . . . . . . . . . . . . . 465
12. Макалдар (Т) . . . . . . . . . . . . . . 466
13. Макалдар (У) . . . . . . . . . . . . . . 467
14.Макалдар ( Ч,Ш ) . . . . . . . . . . . . 468
15. Макалдар ( Ө ) . . . . . . . . . . . . . 468
16. Макалдар ( Э ) . . . . . . . . . . . . . 469

**ТААМАЙ СӨЗДӨР**

1) Тамаай сөздөр . . . . . . . . . . . . . . . . 470-473

**1Х БӨЛҮМ**
**Табышмактар………………………………..**
**Х бөлүм**
**Тарыхый сөздөр**
**1. Мадаалы эшен баяны……………………………**
**2. Кокон** ордосунун түзүлүшүнө чаткалдыктардын катышы……..
3. Коконго бару……………………………………………….
4. Момун менен Айдараалы…………………………………….
5. Полот хан жана анын Чаткалга келиши…………………..
6. Семетей булак баяны………………………………..
7. Стам таап…………………………………………………
8. Казтору эне……………………………………………….
9. Кочкораалы бий……………………………………………..
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр……………………….
**XI бөлүм**
**Өлөндөр……………………………………......349-355**
**XIIбөлүм АНЕГДОТТОР ЖАНА КУУДУЛДУК ӨНӨР**
**1. Апендинин жоруктарынан……………………………..**
2. Апендинин жоруктары . . . . . . . . . . . . 474
3.Апендинин жоруктары . . . . . . . . . . . . 477
4.Апендинин жоруктары . . . . . . . . . . . . . 477
5. Апендинин жоруктары . . . . . . . . . . . . . 478
6. Апендинин жоруктары . . . . . . . . . . . . . 481
7. Сартбайдын жоруктарынан . . . . . . . . . . . . 490
8. Ото акенин жоруктарынан . . . . . . . . . . . 491
9. Осмонаалынын айткандарынан . . . . . . . . . . 492
10. Жээренче чечендин айткандарынан . . . . . . . . 494
11. Исаалынын айткандарынан . . . . . . . . . . . . 495
12. Бозгунчунун жоруктарынан . . . . . . . . . . . . 497
13. Кочкорбайдын жоруктарынан . . . . . . . . . . 499
14. Кочкорбайдын өзү жөнүндө . . . . . . . . . . 502
15. Кочкорбайдын жоруктарынан . . . . . . . . . . 503

Кыргыз эл оозеки чыгармалары
(1950-2010-жж.)
Санат-насыяттар, термелер, айтыштар, дастандар, санжыралар, болумуштар, казалдар, макалдар, таамай сөздөр, тарыхый сөздөр, табышмактар, өлөңдөр, анегдоттор, куудулдук өнөр
Хрестоматия
II том
Жооптуу редактор: профессор Курманбек Абакиров
Түзгөн жана басмага даярдаган: доцент Бактыбек Баймырзаев.
Тексттерди компютерге терген: Шайлоо Айтбаева.
Корректор: Бактыбек Баймырзаев.
Компютердик калыпка салган: Панасюк Эрнст

Форматы 62x88 Көлөмү 26,75 басма табак
Офсет кагазы. Нускасы 150 даана

ОсОО UColor , Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., Исанов көч., 20